# КЫРГЫЗ КҮҮЛӨРҮ

ЭКИНЧИ КИТЕП



АСАН КАЙБЫЛДА УУЛУ

БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

**Асан Кайбылда уулу**

# КЫРГЫЗ КҮҮЛӨРҮ

ИЛИКТӨӨЛӨР, ОЙЛОР, ПИКИРЛЕР

**2-китеп**

2011

*Бул эмгекти жүрөк хирургиясы жана адам мүчөлөрүн алмаштыруу илим-изилдөө институтунун директору, КР эмгек сиңирген врачы, медицина илиминин доктору, профессор Калдарбек Алишерович Абдрамановго жана өмүрлүк жарым Тотуга, балдарыма арнайм.*

# Автордон ыраазычылык

Менин кыргыз музыкасына, тактап айтканда, комуз күүлөрүнө арналган көп жылдык эмгегимди баалап, бул эки томдук китебимдин чыгышына марттык менен демөөрчүлүк кылган, «Борбордук Азиянын тоолуу аймактарынын социалдык жана экономикалык абалын жакшыртуу менен бирге, анда жашаган элдердин маданий мурастарын сактап, кийинки урпактарга өткөрүп берүү» деген өзгөчө миссияны аркалаган – Борбордук Азия Университетине жана анын жетекчилигине терең ыраазычылыгымды билдирем. Университеттин алдыга койгон зор максаттары ишке ашып, келечекте эли-жери үчүн ак кызмат кылган, өз өлкөсүнүн өсүп-өнүгүшүнө чоң салым кошкон билимдүү, мыкты жаш адистерди даярдап чыгарарына толук ишенем.

Экинчиден, бул долбоордун демилгечиси жана жетекчиси, кол жазманы басмага даярдоодо баштан аягына чейин талыкпай эмгектенип, китептин илимий жактан редакторлук ишин өз мойнуна алып, анын илимий баалуулугун арттырган, кыргыздын илимпоз, таланттуу ырчы жана обончу кызы, философия илимдеринин доктору – Элмира Көчүмкуловага жеке өзүмдүн жана үй-бүлөмдүн атынан тоодой болгон алкыш айтам! Айланайын Элмира кызым! Сага чың ден-соолук, узун өмүр, зор илимий-чыгармачылык ийгилик жана үй-бүлөлүк бакыт-таалай каалайм!

Ошондой эле, китептин эң жоопкерчиликтүү редакторлук ишин аткарган, ден-соолугуна карабай, күндүр-түндүр отуруп иштеп, китепке маани-мазмундук жана стилистикалык жактан оңдоп-түзөөлөрдү киргизип, баалуу кеп-кеңештерин айтып, акындык эргүү менен баш сөз жазып берген Кыргыз эл акыны – Эрнис Турсунов иниме да абдан ыраазымын. Байбичеси Жамила экөөсү бекем ден-соолукта болуп, дөөлөттүү жана бакубат карылык доорду сүрүшүнө тилектешмин!

Андан тышкары, майда жана машакат иштерди аткарган, 1500 беттен турган кол жазмамды компьютерде эрикпей терип чыккан эже-сиңди кыздар – Бактыгүл жана Алтын Капаловаларга, китептин «Көрсөткүчү» менен «Библиографиясын» түзүүгө көмөктөшкөн – Элмира Дүйшеевага, жана да китепти версткалап, сырткы келбетин кооздоп-көркөмдөп берген таланттуу дизайнер – Аида Тостокова деген кыздарыма чын дилимден ыраазымын!

*Асан Кайбылда уулу*
*Бишкек, 2010*

УДК 78
ББК 85.313(2Ки)
К 15

**Асан Кайбылда уулу**
К 15 Кыргыз күүлөрү: Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер: 2-китеп / Долбоордун жетекчиси, илимий ред. Э. Көчүмкулова; Борбордук Азия Университети. – Б.: 2011. – 656 б.

ISBN 978-9967-26-377-2

Китепте кыргыз музыкасынын башаты жана туу чокусу болгон, нечен кылымдардын жана доорлордун тарыхын, маданиятын кыл кайрыктарында сактап келген комуз күүлөрүнүн тарых-таржымалы иликтенип, баяндалат. Китеп жалпы окурмандарга арналат.
Бул эки томдук – Асан Кайбылда уулунун үч томго эсептелген 2000-жылы «Күү баяны» (508 бет) деген аталышта кыскартылып чыккан китебинин толукталган илимий-популярдуу басылмасы болуп эсептелет.
Китепке тиркелген компакт дисктеги күүлөр автордун жеке архивинен алынды.

**2011-жылы басылды**
**Борбордук Азия Университети**
Токтогул көчөсү, 138, Бишкек ш.,
720001, Кыргыз Республикасы.
*www.ucentralasia.org*

К 4905000000-11

УДК 78
ББК 85.313(2Ки)

ISBN 978-9967-26-377-2

© Борбордук Азия Университети, 2011.

## МАЗМУНУ

ЭЛДИК КҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ЭҢ СОНУН БАЯН (Баш сөз ордуна).. 1
КҮҮ – ТАРЫХТЫН КҮБӨСҮ (Кириш сөз) ................................ 4
«КЫРГЫЗ-АТА», «МАНАС-АТА» ................................ 6
УЛУУ КӨЧ ................................ 9
МАНАС КҮҮЛӨР ................................ 12
КҮҮНҮН БАШЫ – КАМБАРКАН ................................ 56
ТУРАН КҮҮ ................................ 66
ЖУСУП МЕНЕН ЗУЛАЙКА ................................ 69
КЫЗ ДАРЫЙКА ................................ 78
ШҮДҮҢГҮТ ................................ 89
КУЛТЕГИН ................................ 94
БАРСБЕК ................................ 100
МЕНДИРМАН ................................ 104
ЭКИ НОГОЙ АЙРЫЛЫШ ................................ 111
УЛУКМАН АКЕНИН АРМАНЫ ................................ 117
КЕТ БУКА (АЙХАН КҮҮ) ................................ 121
АСАН КАЙГЫ ................................ 133
НАЙМАН-ЭНЕ ................................ 141
КОЖОЖАШ ................................ 146
ЭР ТӨШТҮК ................................ 155
ЖООДАРБЕШИМ ................................ 159
КҮЛБӨС КАН ................................ 161
МУҢДУК-ЗАРЛЫК ................................ 164
БЕКАРСТАН ТАЙЧЫ ................................ 170
АК МАКТЫМ ................................ 175
ЖАНЫШ-БАЙЫШ ................................ 183
КУРМАНБЕК ................................ 192
КЕДЕЙКАН ................................ 201
САРИНЖИ-БӨКӨЙ ................................ 207
ЭР ТАБЫЛДЫ ЖАЛГЫЗЫМ ................................ 213
ОЛЖОБАЙ МЕНЕН КИШИМЖАН ................................ 221
ГҮЛГААКЫ ................................ 225
ШЫРДАКБЕКТИН БОЗ ЖОРГО ................................ 235
АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМЫРЗА ................................ 247

ЖАҢЫЛ МЫРЗА ........ 254
ҮЧҮКӨ, ТҮЛКҮ ........ 263
АККОЧКОР КАҢКЫ ........ 268
АЮУКЕ-МАЙТЫК ........ 272
БУРГУЙ ........ 275
КАРАГУЛ БОТОМ ........ 279
АКБАРАК, БОТОМ ........ 287
МОҢОЛБАЙ ........ 291
АСКАЗАНДЫН ЖЕБЕСИ ........ 294
ЖАЛАЙЫР ЖАЛГЫЗ ........ 299
КАНЫШБЕК ........ 306
БЕКТАШ ........ 309
ТАЙЛАК БААТЫР ........ 316
КЫЗАЙ КҮҮ ........ 322
АЙГҮЛ КЫЗ МЕНЕН КОЗУЛАН ........ 326
ЖҮЗ ЖИГИТ ........ 329
АНЖЫЯН КАЛКЫ ........ 335
ЖОРТУУЛ КҮҮЛӨР ........ 340
БААТЫРЛАРДЫН БЕТТЕШИ ........ 350
АРСТАНБЕК КОМУЗЧУ ........ 355
ОРМОНДУН КАРА ӨЗГӨЙ ........ 375
БАЛБАЙ БААТЫР ........ 384
КҮЛОЙРОН ........ 396
КӨКӨЙ КЕСТИ ........ 407
АК МӨӨР ........ 411
СЫНГАН БУГУ ........ 417
КЕРИМБАЙ КУЛУНУМ ........ 422
КЫДЫР АКЕ ........ 425
ТӨӨГӨЧҮ ........ 430
ЖӨӨ ТЫНАЙ ........ 436
МАМЫРДЫН КҮҮСҮ ........ 448
АБАКТЫН КҮҮЛӨРҮ ........ 452
БАТЫРКАНДЫН САЛБАРЫНЫН КОШОГУ ........ 460
ТӨРӨТАЙ ........ 467
КУРМАНЖАНДЫН КӨЗ ЖАШЫ ........ 473
МУЗООКЕНИН МУҢДУУ КҮҮ ........ 482

АЙКҮМҮШТҮН ТАКИЛЕТ ........................................ 486
КҮҢӨТАЙ ........................................ 492
БУРУЛЧАНЫН СЕЛКИНЧЕК ........................................ 498
ЧОЛПОНБАЙДЫН ҮЧ-КООСУ ........................................ 508
КАЧКАН КЫЗ ........................................ 510
КӨК СУЛУУ ........................................ 516
НАРКҮЛ КҮҮ ........................................ 519
АТАНЫ КОКУЙ, 80 СОМ! ........................................ 523
АЛТЫБАСАР ТОРГОЙ ........................................ 526
ҮРКҮН КҮҮЛӨР ........................................ 531
ЖАҢЫ ЗАМАН КАЙРЫКТАРЫ ........................................ 559
КИТЕПТИН АВТОРУНА АРНООЛОР ........................................ 594
ХРОНОЛОГИЯ ........................................ 601
КЫРГЫЗ РАДИОСУНУН МУЗЫКАЛЫК
«АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДА» САКТАЛГАН «КҮҮ БАЯНЫ»
МУЗЫКАЛЫК БЕРҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ ........................................ 620
КОЛДОНУЛГАН ЖАНА КОШУМЧА АДАБИЯТТАР ........................................ 624
ЫСЫМ, ТЕРМИН ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨРДҮН КӨРСӨТКҮЧҮ....... 637

# ЭЛДИК КҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ЭҢ СОНУН БАЯН

## БАШ СӨЗ ОРДУНА

«Асан Кайбылдаевди мурда мугалим-педагог катары билсем, кийинки кездерде мен аны музыка изилдөөчү катары таанып билип отурамын. Андан сырткары, Асан менен элге билим берүү жаатында эриш-аркак бир жайда иштеп, бирибирибизди жакындан жакшы билип калган жайыбыз да бар.

Музыка изилдөөчү демекчи, ырас, А. Кайбылдаев бул багытта атайын билим алып чыккан адис, профессионал музыка таануучу эмес. Деген менен, кыргыз искусствосунун ушул салаасында, тагыраак айтканда, комуз күүлөрү боюнча мынчалык кара жанын карч уруп, иликтеп, изилдеп чыккан кишини мен ушул кезге чейин көрө элекмин. А балким... кимдир бирөөлөр Б. Алагушев менен Б. Сабыр уулунун аттарын аташса аташаар чыгар. Аны да кулак төшөп угууга туура келет. Бирок алар А. Кайбылдаевге окшоп кыргыз күүлөрүнүн жаралыш тарыхын ар тараптан казып изилдеп көргөн жок да? Бар болгону, ал экөө эл арасында эч ким билбеген, а түгүл эстен чыгып улам унутулуп бараткан комузчуларды издеп таап, колунан жетелеп келип, элдик жана өздүк күүлөрдү Кыргыз радиосунун алтын казынасына учурунда жаздырып калышкан. Бул жагынан алганда алардын да айтаарлык салымы бар экендигин моюнга алууга тийишпиз. Ага караганда А. Кайбылдаевдин эмгеги ат көтөргүс зор болуп атпайбы. Аны кантип танабыз.

Мына, Асан Кайбылдаевдин «Күү баяны» (2000-жыл, 508-бет) деген көлөмдүү китеби колубузда турат. Мурдараакта кыргыз күүлөрү тууралуу баяндаган ушундай китеп бар беле бизде? Менимче, жок эле. Салыштырмалуу алганда, Константин Юдахиндин «Орусча-кыргызча сөздүгү», Жээнбай Мукамбаевдин «Кыргыз диалектологиясы» сөздүгү менен бир катарда кыргыз элинин кеңири катмарына эң керектүү китеп болуп каларына шек жок. Анда эл оозеки чыгармачылыгынан иргелип алынган

баалуу жана табылгыс материалдар топтолгон. «Күү» деген бир эле сөзгө кыргыздын сан кылымдык санжырасы, тарыхы, адабияты, музыкасы сыйып келген. Ушунун баарын жазуу-сызуусу жок кезде эле элибиз комуз күүлөрүндө сактап калган. Комуз күүлөрүн изилдөө адабий изилдөөлөргө караганда алдаканча татаал, алдаканча машакаттуу иш. Айталык, азыркы кезде адабий изилдөө иши анчалык деле кыйынга турбайт, анткени ага таяныч болуп бере турган илимий материалдар арбын. Ал эми кыргыз күүлөрүн изилдөөдө андай материалдар эч жерде жок. Аны күүлөрдүн өзүнөн гана изилдеп таба аласың. Бирок, анын баары тең күүлөрдө кашкайып жазылып калган эмес да?! Күүнүн «тил-оозу» жок. Аны сүйлөтө билүү керек. Ал үчүн жеке комузчулук өнөрдүн өзү да жетишсиздик кылат. Кыргыз тарыхы менен кыргыз санжырасынын түпкү байланышын чечмелей билүү, ошону менен бирге эле, элдик оозеки чыгармачылыкты жан-жактуу жеткилең талдап берүү жагы талап кылынат. Бул жагынан А. Кайбылдаевде кудайым сүйүп берген тубаса талант бар экендиги кимге болбосун көзгө сайгандай көрүнүп турат. Китепти окуган киши аны жаземдебей таанып билет.

Бул китеп негизинен элдик эски күүлөр жөнүндө баяндайт. Ар бир күүнүн жаралуу тарыхына кыскача токтолот жана аны илимий көз караштa чечмелеп берүүгө аракет жасайт. А болбосо карапайым адамдар кайсы күүнүн кандайча жаралганын кайдан билмек. Эл-журтка керектүү ушул нерсенин эми гана булак-көзү ачылып отурат. Кайбылдаевди калк үчүн кара башын сайып койгон киши десем жаңылышпас элем. Ал үч жолу инфаркт болуп, азыр да анын жүрөгү денесинде кошо жүргөн аппараттын жардамы менен согуп турат. Бирок ошого карабай ушунчалык оор жумушту аркалап келүүдө. Бул жөн эле очерк түрүндөгү макала эмес, илимий көркөм изилдөөгө кирет. Маселен, «Саринжи-Бөкөй» күүсүн алалы. Ал жөнүндө анча-мынча гана жазылган макалалар болбосо, атайын изилденген илимий эмгек жок. Башка эпостук күүлөр деле ошондой. Ал үчүн ошол доорду жакшы билүү, эпос менен кеңири тааныш болуу, санжырачылардын, комузчулардын ой-жоромолдоруна талдоо жүргүзүү, кайсы комузчу кандай аткарат — ага кылдат, так баа берүү сыяктуу толгон-токой нерселерди бир нукка келтирип кыргыз журтчулугунун алдына алып чыгуу маселеси азыркы тапта комузчу жана комуз күүлөрүн изилдөөчү Асан Кайбылдаевдин үлүшүнө тийип отургандыгы ар бир кыргыз

баласы үчүн кубанарлык жана сыймыктуу көрүнүш. Мунун өзү профессордук деңгээлдеги эң зор эмгек. Эми экинчи китеби да жазылып бүтүп, басууга даяр болуп турат. Атаганат, ушундай китепке сүрөөнчү болуп берген киши бүткүл кыргыз калкынын алкышына калар эле. Дастан Сарыгулов, Жамин Акималиев, Болотбек Шерниязов сыяктуу кыргыз күүсү десе атынан кулап түшүп уккан намыскөй, нарктуу атуулдарыбыздын кудай жалгап кулагына жетип калгысы бардыр.

Автордун айтуусуна караганда, азыркы биздин колубузда турган «Күү баяны» Асан Кайбылдаевдин үч томго эсептелген үлкөн чыгармачылык эмгегинин биринчи гана тому болуп саналат. Кудай өмүр берсе, жетимиштен ары карай 3-4 кадам аттап калган Асакең али да албан чыгармачылык менен алп урушуп турган чагында калкыбыздын рухий көркөм казынасына калган дагы эки китебин өз колу менен кошоруна үмүтүбүз чоң. Биринчи китеп – бул элдик күүлөр жөнүндө эң сонун баян.»[1]

1 Салибай Шатманов. Менин өмүр баяным. Б., 2003. 236-238-беттер.

# КҮҮ – ТАРЫХТЫН КҮБӨСҮ

КИРИШ СӨЗ

Күү кереметине күймөлбөгөн, эл тарыхына элес бурбаган кыргыз баласы ата-журт жүгүн аркалашы деле күмөндүү. Колуңуздардагы «Кыргыз күүлөрү» аттуу эмгекти окурмандар жамаатына тегиз жеткире алсак, чети оюлбай жаткан байыркы бабалардын тарыхый даректеринен аз да болсо (арбын болсо андан жакшы) кабардар болорубуз анык. Андай десек, аспаптык күүлөрдөгү ата-журтубуздун тарыхый баяны жалпысынан мектеп окуучуларына, жогорку окуу жайынын студенттерине, агартуу-маданий мекемелердин адистерине, музыка иликтөөчүлөргө... гуманитардык багыттагы окуу китеби болору күмөн туудура койбос. Улуттук музыкалык маданиятыбызда кыл кыякчылык, чоорчулук, темир жыгач ооз комузчулук... сыяктуу аспаптык күүлөр да комуз өнөрчүлүгү менен коюндаша «Кыргыз күүлөрү» үчүн орток материалдар катары пайдаланыларын кошумчалай кетели.

Күү жолу узак. Учу-кыйырсыз ошол узак сапарында жаңылары жарала берип, кай бири такыр караанын үзүп, бүлбүл күүгүм тартып калгандары канча?.. Тилекке жараша, түп орду менен такыр жоголуп кетпей, өзөгүн сактай, улам кийинки урпактарга аралаша дирилдеп, кайрыгынан жанбай катарга кошулуп келаткан күүлөрүбүз аз эмес. Учу-кыйырсыз мезгилдер агымында жаратмандык инерциясынан жанбай жадыбызда сакталып турушу, кылым кырдаалдарына кыналышы «Кыргыз күүсү» аталып, элине эрмек болуп бериши – ал жагдай, албетте, улуттук рухий дөөлөттөрүбүздүн жеңиши!

Окумуштуу-илимпоздордун жоромолуна таянсак, мындан миңдеген жылдар мурун байыркы бабаларыбыз Эне-Сай, Алтай, Кангай, Хакасия, Ала-Тоо аймактарын мекендеп, Кытай, Калмак, Манжу, Инди, Моңголдор... менен болгон мамилеси көз алдыга тартылат.

Ырас, түрк элдеринин ичинде эң байыркылардан деп эсептелген кыргыздардын тарыхы такталуунун-тастыкталуунун кырдаалында. Канча кылымдар жазуу-сызуусунан ажырап, көчмөн турмушка көнүп калган калкыбыздын качанкы мурастарын изилдөө ыкмаларын эске алганыбызда:

а) Аска-таштарда, күмбөздөрдө жазылган маалыматтарга;

б) Улама-аңыздарда, санжыра-санаттарда, дастан-айтымдарда калган оозеки баяндарга;

в) Улуттук музыкалык аспаптарда (комуз, кыл кыяк, чоор) ойнолгон кайрыктар баяндарына кайрылабыз.

Манасчылар «Манасты» карт тарыхтын башатына такаса, күү залкарлары «Камбаркандар» кабарын козгоп, заманалар жарнамасын жакшылыкка жолдоп келишет. Ырас, бирде байманасы ташыган, бирде арман ызасы ашынган… «бүгүн көргөн эртең жок»… замандардын канчасын мезгил артка серппеди. Азыркыларын эле аңдообузга алсак: моңголдор менен моюндаша, коюндаша, союлдаша жашадык; канча ирет калмактар менен тиш кайраштык; анда «казактар кайың саады, кыргыздар кысарга кире качты»; кокондуктарга кол көтөрдүк, бийлик тизгинин талаштык. Орустар келди, ордобузду басты, үркүп Кытайга качтык. Өктөбүрдүн таңы атты, өзгөлөргө кор болгон журт өз мекенине кайра кайтты; кеңеш өкмөтүн курабыз деп, большевиктер менен кол кармаштык; эми мына «эгемендик, эркиндик» деген эңсеп күткөн эл тилеги ишке ашты…

Алмуздактан азап-тозокторго толгон калкыбыздын тарыхынан кабарлаган, рухий дөөлөттөрүбүздүн уюткусу катары улуттук идеология деңгээлине көтөрүлгөн күүлөрүбүз күчүнөн тайбай адабий-музыкалык-маданий майдандардын башында турат. Бул маселе — карапайым калктын каалоо-тилеги.

# «КЫРГЫЗ-АТА», «МАНАС-АТА»

Комузчу Кенжебек Алдаяр «Кыргыз рухун» даңазалоо максатында 42 күүнүн компакт дискасын чыгаргандыгы чыгармачыл адамдар үчүн кызыгууну туудурбай койгон жок. Алардын катарында акын Шайлообек Дүйшеев: «кыргыз комузунун керемет сырларына анча маани бербегендер Кенжебектин «Каардуу күүлөр – жандуу күүлөр» аттуу китепчеси менен таанышса көп маселеге жооп таба алар эле» – деген сунушун ортого салса, журналист Мамат Солтон: «Кенжебек күүлөрдүн өзгөчөлүгү Теңирий даарууга ээ болуп, угармандарын экстаз менен элөөрүтүп, түбөлүктүү чын дүйнөгө карай жетелеп кеткендигинде» – дегендей бүтүмгө келген.

Ал эми автордун оюна ортоктошууну көңүлгө алсак: «Бул күү Кыргыз-Атанын жер планетасына түшүп, кыргыздарга жол көрсөткөн жарым кудайлык миссия – милдети жөнүндө баяндайт... Бул күү Манас-Атанын кудайдын бир көз ирмем убактысында кыргызга баатыр колбашчы, хан катары келип кетишиндеги Жер кишисине таандык сапаттары, согуш окуялары, кубаныч-кайгысы, айкөлдүгү, каардуулугу, баатырдыгы баяндалат. Бул күүдө Манас согуштук баатыр гана эмес, кол башчы, хан гана эмес – кыргызды колдоочу, коргоочу, сүйүүчү, кам көрүүчү, кыргыздын Теңири-Кудайына айлангандыгы баяндалат» – дейт күү жаратманы.[2] Ырас, бул айтылгандарды музыка адиси (күү авторунун) ой-пикири деп коёлу.

Жылдар жылышаар, кылымдар артка серпилээр, замандар оошоор, коом өзгөрүлөөр... тарых дөңгөлөгү болсо алга карай чимирилгени чимирилген. Ошол миң жылдык тогошууларга күбө болуп, аалам алкагында өз ордун сактап, өмүр өтөп келаткан байыркы калктардын бири – кыргыздар.

Кыргыз-Ата дарегин тарыхчы Орозбек Айтымбетов мындан 8 миң жыл мурунку Угузхан өкүмдарлыгынан улантууну

---

2 Кенжебек Алдаяр. Каардуу күүлөр жана жандуу күүлөр. – Б., 2003.

эп көрөт. Ырасында Угуз-кандын түпкү теги Кыргыз-Ата экендигин грек тарыхчылары Птолемей, Геродот да эскергени бар. Айтылуу санжырачы-акын Тоголок Молдо: «Кыргыз Огуз-кандын тогузунчу муундагы каны, мындан 5000 жыл нарыда жашагандыгын» болжолдойт.

Мынча болду санжыра санатына да сары эсеп сала кетсек ашык болбос. Кеп кезеги санжырачы Үсөйүн-ажыда: Нух пайгамбардын мезгилинде дүйнө жүзүн топон суу каптаган экен. Бул алааматтан пайгамбардын 3 уулу: Хам, Сам, Яфаз аман калат. Яфаздын 8 уулунун улуусу – Түрк. Түрктөн – Түтөк, Түтөктөн – Бакуйчан, андан – Күйүкхан, Күйүктөн – Аланчахан, андан – Муңгулхан, Муңгулдан – Карахан, Карахандан – Огуз (өгүз)хан. Өгүз-хан тукуму калкка алымдуу, кайрымдуу болуп, 120 жыл анын бийлиги өкүм сүргөн. Өгүз-хандын 24 небересинин бири кыргыз – дейт Үсөйүн-ажы.

Кыргыздар ушул узак өмүр тарыхында нечен калаба-кагылыштарды, кызылдай кыргын-сүргүндөрдү баштан кечирип, ошол азаптуу алаамат күндөрдө аалам мейкинине жылдыздай тарап кеткендигине да тарых күбө. Айрымдарын мисалга тартсак: миллиондой кыргыз Индия, Кашмир, Тибетте, 240 миңге чукулу Кытайда, 30 миңдейи Иорданияда, 5700дөйү Түркияда, 42 миңдейи Орусияда, 100 миңдейи Тажикстанда, 20 миңдейи Сауд Аравияда, 2 миңдейи Ооганстанда, 3 миңдейи Украинада… ошолор ушул күндө да ошол жактарда жашоосун өткөрүп келүүдө». Ата-Журт үчүн эл-жер үчүн, эртеңки келечек үчүн акыл-эмгегин сарптап, ар намысты туу туткан атуулдардын канчалары карт тарыхка алтын тамгалар менен жазылып, муундарга акылмандыктын, эрдиктин үлгүсүн калтырып келатышы калкыбызга канчалык сыймык.

«Бир учу жерде жаткан, бир учу көккө төнгөн, анын бийигине өнгөн, бир тамчысына Күн баткан, миң тамчысында да Күн жаткан, түбөлүктүн түбүнө арылдаган, Түбү ансайын аңылдаган, баш аяксыз оо жалган, одарылган Дао – Дүйнө – Теңир ушул эмеспи. Эми эпос деп муну кантип атайсың? Эми элиңдин генийин тааныбаска айлаң барбы, генетик?!

Жерди Көккө жалгаган Жасат, Учтан Түпкө зыргыган Рух. Манас да, манасчылык да ушул үч ыйыктын тутумунда каралууга тийиш. Аны Теңирчиликти көздөй кеңитип тааныганда гана чын маанисине өсөт, ал эми Манас – «Асман уулу» маңызына ээ болот.

«Манас», «Манс», «Менс» деген сөздөр байыркы Тибет, Индус элинде «жогорку деңгээлдеги ой» же «олуя» деген түшүнүктү берет. Демек, кыргыздын «Манасы» бир же эки автордун ойлоп тапкан чыгармасы эмес, Көк Теңири насиптеген Космос дүйнөсүнөн алынган баалуу маалыматтардын топтому десек ылайык келер» – дейт Чоюн Өмүралиев. Мынча болду «Манас» иликтөөчү окумуштуу Төрөбек Оторбаевдин оюна да ортоктошо кетели. «Табыят мыйзамыбы, философия мыйзамыбы жоктон бар болбосуна, бардан жок болбосуна күбө өтөрү бышык. Дүйнөдө теңдеши жок «Манас» өңдүү зор эпостун жаралышына кандайдыр тарыхый окуя башат болгондугу талашсыз. Мен ошол улуу окуяны тарыхтан таап чыктым, – дейт иликтөөчү, – менин далилдерим боюнча Манас доору Карахан заманынан башталат. Карахандан биздин түпкү атабыз Өгүз-хан. Кытай тарыхында бул улуу инсандардын туулган жылынан өлгөн күнүнө чейин жазылып калган. Ага карап, биздин эрага чейин Түрк ата 31-жылы каза болуп, аялы Шаканды Жакыпка алып бергендигин билебиз. Демек, Манас б. з. ч. 29-жылы төрөлүп, 52 жашында каза болгон.

Айта кетейин, тарыхчыларыбыз Манасты биздин замандын 860-жылдарына такашып, Яглакар хандын прототиби катары таанышат, бул жаңылыштык» – дейт окумуштуу.

Тарыхчы илимпоздордун дагы бири Кожош Мусаевдин: «Кыргыздын эл катары таанылышын Манастан издесе болчудай. Анда адамзаттын түп атасы Ману жөнүндө улама айтылат. Бул б. з. ч. XV-XIII к. Индиялык арийлерге таандык. Эгерде Ману маалыматын эпоско айлантып, бүгүнкү күнгө жеткирген эл кыргыздар болуп жатса кантмекпиз...

«Манас», «Кан Кошой», «Эр Төштүк», «Жоодар бешим» ж. б. дастандарды жомок катары эмес, тарыхый булактар катары изилдеп элге жеткиришибиз керек. Кыргыз элинин башын Улуу тарых гана бириктирет» – дейт.

Таңдайынан чаң чыккан ырчылар, жыгачка жан киргизген күүчүлөр Кыргыз-Ата, Манас-Ата ураанын жамы журтка жарыя кылып, бул Улуу жолго карай багыт берип келет.

# УЛУУ КӨЧ

Менин колумда тарыхчы Орозбек Айтымбетовдун «Америка менен Месейилди мекендеген байыркы кыргыздар» аттуу макалалар топтому жатат. Анын далилдөөсүндө байыркы Кыргыз элинин тарыхы мындан 8000 жыл илгери Угуз-хандан башталат экен. «А бирөө түшүп кетти тереңге» деген саптын түп-тамыры деле тээ байыркы замандарда жаткандай.

«Илгерки замандарда түп-орду менен жоголуп кеткен журттар көп болгон. Береги эле «Сол канаттын» эли Алтайдан Муз деңизге сүрүлүп, кээ бири кайдадыр баш калкалап, кээси кайдадыр житип да кетишкен» деген карыялардын сөзү азыр көп нерселерди ойго салат. Ал Америкадагы индеецтер жөнүндөгү аңгеме.

Али эсимде, мындан 20 жылдай мурун теледидардан «кино саякат» клубун карап отуруп, оозкомуз кагып отурган Канадалык индеецти көрүп, аябай таң калгам. Индеецтин кереге менен каланган үйү да карегимде. Андагы индеецтер бизге тектеш эл экендиги үч уктасам түшүмө кирген эмес. Ошондон кийин индеецтер жөнүндөгү кабарды издеп окуй турган болдум. «Ооз комуз кагып отурган индеец кыргыз болуп жүрбөсүн?» деген ой келе калат...

Тарыхка үңүлсөк эштектер Түндүк Америкадан азыркы Мексикага XII кылымда көчүп келген экен. Кайдан көчүп келди? Кеп ошондо» – дейт О. Айтымбетов. Жогоруда, жазуучуну ойго салган байыркы калктардын тагдыры, алардын ичинде бүт өмүрүн көчмөн турмушта өткөн элдердин бири кыргыз тарыхы болбосун?

Кытай жазма эстеликтерине таянсак, байыркы кыргыздар түндүк Моңголияда жашаган. Бул аймакта көчмөн алтайлыктар, кытайчасынан айтканда гундар (скифтер) орун алган. Гундардын бирикме күчүнөн чочулап III кылымда «Улуу кытай сепили» курулгандыгы тарыхта белгилүү. Бирок ичара ыркы келишпей гундар мамлекети түндүк-түштүккө бөлүнүп, кайсы бир уруулар түштүк Казакстанга ооп кетишсе, түндүктөгү гундардын бир тобу

б. з. I кылымында батышка карай көчкөн. Азыр болсо түрк менен индеец маданиятынын окшоштугу жөнүндө айтыла баштады. Ал эми эштектер менен тили тектеш сию, мая, аймара, кечуа, апачи, ацтек (эштек) уруулары Түндүк Америкага кайдан көчүп келди? Бүт жашоо-тирлиги көчмөн турмушта өткөн кыргыз калкы континент аралык, мамлекет масштабында, деңиз бойлой, мухит жээктей, улуу тоолорду кыялай убай-чубай өмүр көчүн өтөп келишкен.

«Улуу көчтүн» убайым-убарасы жетишерлик. Ал эми артына канча кандуу издерди калтырбады.

1. Ат ойнотуп эрендер, төө жетелеп энелер, бешик өңөргөн жеңелер, төрт түлүгүн айдаган берендер, көч башында көсөмдөр санжыргалуу салтанатта журт жаңырткан «Кыргыз көчү».

2. Күчтүү жоодон көз жазгырып, ашуу ашып, таш басып, агыны катуу суу кечип, аска-зоо койнуна сиңип кеткен «Кыргыз көчү».

3. Ажалы жеткендерге аза күтүп, катындары кара кийип, кайгылуу кошоктордун коштоосунда өткөн «Кыргыз көчү». Мына, ушул көп баскычтуу «Кыргыз көчү» заманында кыргызды кыйсыпыр кылуудан, жоголуп кетүүдөн сактап келген, өмүр тепкичтерин аттап келген.

«Улуу көчтүн» тарыхтагы издери:

1. Б. з. ч. 1000 жылдар мурун кыргыздар Кыргыз-Нор көлүнө, Эне-Сай бойлорунда журт которуп жашашкан.
2. Б. з. ч. III-б. з. V кылымдары аралыгында көч түштүк Сибирь, Алтай, Теңир-Тоо аймактарында жүргөн.
3. Б. з. X-XII к. кыргыздардын бир бөлүгү Алтай, Эне-Сайдан Борбордук Азияга көчүп келишкен.
4. Б. з. X-XI к. Алтай, Памир, Жуңгар тоолоруна карай көчүүлөр жүргөн.
5. Б. з. X-XIII к. Эне-Сай кыргыздары Үч Турпан, Кашкар, Талас, Ысык-Көл тарапка журт которушкан.
6. 1408-жылы Ойрот калкы менен кошо оошуп, кыргыздар Орто Азияга келишкен.
7. 1635-1636-жылдары кыргыздардын бир бөлүгү Каратегинден Кысар аймагына көчүшкөн.
8. 1700-жылы Алтайлык кыргыздардын бир даарын калмактар Орто Азияга айдап келишкен.

9. 1733-1744-жылдары Анжыянга качкан кыргыздар кайтып Ала-Тоого келишкен.

Элибиздин жашоо-турмушуна сиңише келген «Улуу көч» узурпаты, «Майда көч» масылааты бүгүнкү тарых таржымалында «байыркынын жомогунан» кабар берүүдө. Ал жолдомо Ата-Журтубузду аздектеп сүйө билүүгө, Эне-мекенибизди ээнсиретип таштабай ээлик болууга үндөйт. Киндик каныбыз тамган жер-суубузду сасык буттарга тебелетпей, эненин эмчек сүтү сыңары таза сактай алсак, карыш жерибизди каранийеттерге кармата бербей кадырын баалай алсак, ал саясатты аспаптык күүлөр жар салмак.

Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган «Улуу көч» күүлөрү:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Улуу көч» | 3874 | 1'25 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 2 | «Жортуулдагы көч» | 1163 | 1'40 | Жумаш Саркөбөнова |
| 3 | «Төөчөн көч» | 7838 | 1'36 | Бабажан Токтогулов |
| 4 | «Көч жандар» | 8195 | 1'09 | Эркесары Бекбасаров |

# МАНАС КҮҮЛӨР

Манастай улуу чыгарманы жараткан, Манастай айкөл уулду берген кызыр даарыган, ааламды солкулдаткан бир кездеги улуу эл алакан отундай азайып, бирок алмадай башка рух дүйнөсүн сактап, «кыргыз» деген атын өчүрбөй, сыры кетсе да сыны менен келет. Мына, ошол бир ууч азгантай эл «Теңири Манасын жаратып», «Теңири Манасы» кыргызды кыргыз кылып сактап келет.

Апталап, айлап айтылчу чексиз көлөмдөгү «Манас» башаты кайда? Анын жаралышына себепкер болгон жагдайлар кайсы? Бул суроого көптөгөн окумуштуу-илимпоздор, манасчылар, адабиятчылар, санжырачылар, этнографтар баш катырган. Биз да ушул маселелер жаатында учкай ойлорду жолдой барсак, ашык кетпес.

Түрк элдеринин байыркы баатырдык эпостору (мунун ичинде «Манас» эпосу да бар) изилдеген окумуштуулардын бири академик В. М. Жирмунский «Тюркский героический эпос» (Ленинград 1974) деген эмгегинде түрк элдери байыркы убакта ырчы-комузчуларды «узан» деп айтканын эскерет. «Узандар» (ырчылар) комуз чертип, ыр ырдап, элдерден элдерди, бектерден бектерди кыдырып баатырлар баянын даңазалаган. «Узан» деген термин бара бара колдонулуудан калып, анын ордуна өзбектер «бакшы», азербайжандар «ашут», кыргыздар «акын-ырчы» деген сөздү кабыл алганын эскерген. Мына ошол «узандар» (ырчылар) өнөрү Манас заманында «айрыкча» өркүндөп өскөндүгү байкалат:

Ырамандын ырчысы
Ырдап карап турчусу,
Жанында бар жаш Айдар,
Жалпы журтка кеп айтар.
Акылга дыйкан жатык сөз,
Ажыбай баатыр жанында
Күлдүрдүн уулу Чалыбай

Күлдүргүчү Алыбай...
Жалаң үйдүн порумун,
Жарым күнү ырдаган,
Жайсан ырчы дагы бар...

деген саптарга караганда, элибизде күнү бүгүн сакталып келаткан акындык өнөрдөгү нускоочу, жамакчы, жомокчу, жарчылар, куудулдар төркүнү тээ Манас кылымындагы «узандар» өнөрүндө жатпасын деген ой туулат. Алар найза сунуп, кылыч шилтеп, жеке кирип душманга кол салбайт, баатырларды жандай жүрүп, Манасты рух жагынан тейлегендей.

Казаттарга аттанганда, уруш майданында Манастын колун аскерлер оркестри баштап жүргөн. Бейпил мезгилде үлпөт, жыйындарды, той-аштарды Ырамандын ырчы уулу баштап элдик шайырлар тейлеген. Мисалы: Манас Каныкейге кайындап барганда «айчыгы, алтын найы жез сурнайчыдан алтымыш төрттү, сыбызгы менен чоорчудан отуз жетини, кош ооздуу кернейден кол ичинде үчтөн алып дутар менен комуз чертишип, сурнайын суулап тартышып, ырчылар ырын айтышып...» той шаанисин арттырат эмеспи.

Андай десек, жоокерчилик турмушта өткөн Манастын өмүрү жана трагедиялык тагдыры, Бакай, Кошойдой акылман карыялардын калтырган издери, Алмамбеттин окуясы, Каныкейдин асылзаада аруулук касиети, Чубак, Сыргактай чоролордун эрдиги, Манастын уулу Семетей, айдай сулуу Айчүрөк... мына ушулар тууралуу күнү бүгүн чертилип келаткан күүлөр башаты Манас заманына такалат.

Кытай санжырасында Кыргыз-ата дареги 3-4 миң жыл нарыдан чубалат. Ал эми комузубуз мезгил түпкүрүндө эле калыптанып, калкы менен кандаш, эли менен жашташ өмүр сүрүп келген. Үч кыл комузу менен айкөлүңдүн да катыштыгы бар. Көзкамандар Манаска алдап уу берип, Ат-Башыда жарадар болуп жаткан жеринен Сыргак, Серек издеп келип, «нур-шемил» деген дарыны сыйпап айыктырышып, кетип жатканда «Ак талдан комуз чаап бергиле, эрмек кылайын, жети айда келип менден кабар алгыла» — деп узатат. (Сагынбайдын «Манасы», кол жазмалар. 10 т. 327-бет).

Жомокчу, ырчылар эпостун сюжетин баштан аяк ыраакты менен баяндап айтышса, аспапчылар анын урунттуу бөлүгүнө (эпизодуна) гана кайрылып, ошол темада күүлөр жаратышкан.

Андай күүлөрдүн бир даары: «Чоң кошуун», «Чоң Казат», «Манастын кошогу», «Каныкейдин арманы», «Алмамбет менен Чубактын жол талашы», «Алмамбеттин арманы», «Чубактын арманы», «Семетей күү», «Ак Инектин белеси», «Айчүрөктүн Ак шумкарды ала качканы» кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында» сакталып турат.

Бул ыйык темага күү атасы Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, Шекербек, Асылбек, Мейилкан, Бектур Осмон уулу, Самсалы Алике уулу, Асаналы Кыштообай уулу, Усуп Ороз уулу, Бейшен Бакы уулу, Асылбек Дуйшө уулу, Абдыкадыр Жаналы уулу, Өзбек Рыспек уулу, сыяктуу залкар комузчулардын кайрылышы – Манас темасына болгон жакшы жышаана.

Манас кайсы мезгилде жашаган, тек-жайы ким? Бул суроо көпчүлүктүн бүйүрүн кызытары шексиз. Аны чечмелөөдө тарыхчылар, илимпоздор, адабиятчылар, санжырачылар, манасчылар, активдүү катышууда, бирок жалпы пикирге келүү азырынча эртелик кылчудай, коңшулаш тажик, казак, өзбек элдеринде XVI кылымдарда Сайф-ад-дин ибн-дамулла-шах Аббас Аксикент тарабынан тажик тилинде жазылган «Маджму ат таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу эмгекте Манас мезгилин Токтомуш кан жашаган учурга (XVI) байланыштырганы бар. Окумуштуулардын бир даары (А. Бернштам, М. Ауэзов жана башка) байыркы таш эстеликтериндеги жазуулардан, аты аталган Яглакар хан аттуу баатыр (IX-X) Манастын прототиби болуш керек деген божомолду ортого салышкан. Кезегинде Белек Солтоной уулу да: «Манасты балан заманда өткөн деп бир заманды талдап айтуу азырынча мүмкүн эмес... Эне-Сайлык кыргыздар Түштүк Сибирде Борбордук Азиянын көп жерлерин жеңгенде уйгурлар Кашкар, Кокон, Турпан, Аксуу, Кумулга качышкан. Бул жерде Огуз түрктөрү Сатык, Бугра хан IX кылымда жашаган жана анын, династиясы Кара-кан аталган. Балким, Манас ушул доордо Угуз түрктөрүнөн чыккан баатыр болор», – деп божомолдойт.

1000 жылдыктан арылап, Манас дооруна 2000-жылдыкты сунуштаган окумуштуулар: В. В. Радлов, С. М. Абрамзон, Абылгази, жазуучу Түгөлбай Сыдыкбек уулу, Манас иликтөөчү Орозбек Айтымбет уулу, Төрөбек Оторбай уулу ж. б. Манасты Угуз хан мезгилине (б. з. ч. 100-жылдар) жакындаштыра карашат. Булардын ичинде Орозбек Айтымбет уулунун далилдөөсү – Манасты тарыхый

инсан катары таанып, кытай санжыраларына шилтеме салуу менен б. з. ч. 234-жылы туулгандыгын, 24 жашында оӊ менен солго хан шайланып, 36 жыл бийлик жүргүзүп, алтымыштан ашык жашап, дүйнөдөн кайтканы белгилейт. («КМ», №27, 1990) «Манас б. з. ч. 29-жылы төрөлүп, биздин эранын 23-жылы 52 жашында каза болгон. Манастын туулган күнү азырынча 21-мартка Нооруз майрамына туура келет», деген Манас изилдөөчү Төрөбек Оторбай уулунун иликтөөсү да өзүнчө кызык.

Манастын тек-жайы жөнүндөгү маалыматтарга алп манасчылар Сагымбай, Саякбайлар да кайдыгер калмак бекен? Сагымбайдан «Манас баатырдын түпкү аталары Карахан, Угуз-хандан бери таратылса, Саякбайда Карахан алтынчы ата (Түбөйкан – Бөйөнкан – Ногойкан – Балакандан кийин) катары таанылып, Каракандан Жакып, Жакыптан Манас туулат. Кытай кыргыздарынын «Манасында» да жогоруда аталган тупкү аталардын (Бөйөнкан, Чаянкан, Каракандардын) аты аталып, аларга өзүнчө дастан катары баян берилет.

Көрүнүп тургандай окумуштуу тарыхчылардын оюу менен манасчылардын, санжырачылардын айтымдарына көӊүл оодарсак, Манас менен Угуз кан дареги чиелинише барып, бир жерден жана түшкөнсүйт. Ал б. з. ч. же 2000-жылдан мурун өмүр кечирген Огуз-баба менен Манас-атанын бир өзөктөн бутактаган тек-жайы.

Ырчы («узандар») кайсы учурда, кандай шартта болбосун жоокерлер менен аралаш жүрүп (өздөрү да жоокерлер экендигин эстеп коюӊуздар), уруш окуяларын байкоого алышып, көзү менен көргөндөрүн ырга айландырып, күүгө салышып, баатырлар баянын даӊазалашкан. Демек, элдик көркөм дөөлөттүн бул эки түрү кыттай ширелише кызмат өтөшүп, акын-ырчылар бир мезгилде ар кандай аспаптарда ойной алышкан, же чыгармаларын ошол аспаптын коштоосунда аткарышкан. Миӊ жылдап айтылып келаткан «Манас» эпопеясы Манастын көзүнүн тирүүсөндө эле Ырамандын уулу баштаган, узандар түптөгөн, ошондой эле, күнү бүгүн комузда чертилип келаткан «Манас күүлөрүнүн» башаты да ошол узан ырчылардын чыгармачылык демөөрүнө такалат.

### Манастын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү

Эне-Сайды мекендеген байыркы кыргыздар көптөгөӊ куугун-сүргүн, алаамат согуштарды баштан өткөрүшкөн. Акыры Теӊир-

Тоого көчүүнү чечишти. Жол алыс жана татаал эле. Касташкан уруулар кыргыз көчүнө кол салуу коркунучун элес албай коюу мүмкүн эмес.

Акбалтанын кеңеши менен Манас 40 үйлүү кыргызды көчүрүп, Ала-Тоого бет алышты. Бул кабарды угары менен калмактын каны Эсенкан көчтүн артынан куугун жиберди. Манас көчү катар-катар ашууларды ашып Иленин башындагы Үч-Аралга жетип өргүмөк болушту. Эсенкан жиберген куугунчулар ушул жерден жетип, кызыл кыргын уруш башталды. Манас 40 жолдошунан, минип жүргөн атынан ажырады. Ошол учурда Кошой көп кол менен уруштун үстүнөн чыгып, Манасты курчоодон куткарды.

Көч эми согуштук ыкмада «Оң канат», «Сол канатка» бөлүнүп, ортоңку бөлүктө мал-жанды кайтарууга алып жүрүп отурушту. Казак урууларынан турган көч Каркыра, Иле, Көөгөн өрөөнүнө келишти. Кыпчак урууларын баштаган Эр Үрбүнүн көчү Жылдыз өрөөнү аркылуу Ак-Ыязды басып өтүп, Көтмалдыдан (Ысык-Көл) Чүй өрөөнүнө келишти. Кыргыз көчүнүн оор оң сапары Манастын мойнуна жүктөлгөн. Булар Алтайдан Музарт аркылуу Сары-Жаз, Көйкапка түшүп, Какшаал Турпанда 8 ай тыныгуу жасап калышты. Бул чөлкөмдөн Таласка жетиш үчүн дагы 500-600 чакырым аралык турган эле. Үйүрмөнүн сазында үч күн жыйын куруп, акылман Кошой сөз баштады:

– Алышаар душман, басташаар жоо көп. Азган-тозгон кыргызга Манасты хан көтөрүп алалы. Кабыланым, Манас! Кырк уруу кыргызыңды кас душмандардан сакта. Ажалым жетип өлбөсөм, туу түбүндө мен деле туруп берем. Ушу Сары-Өзөндүн аягы Кең-Кол, чоң Талас. Таласты жердеп чек кылып, душмандын жолун өткүс бек кылып, эл журутңду кастарлап күтүп ал!

Коштошуп Кошой Ат-Башыга жол тартты.

Манастын Теңир-Тоого карай көч сапарын баяндаган манасчы Саякбайдын айтымынан:

«Капканы баары чечилип,
Кырсыктын баары кесилип,
Кырк үйлүүнүн баарысын,
Кыркаар тартып көчүрүп.
Агала желек кызыл туу,
Ыргап көчүп келатат.
Башчы болуп кан Манас,
Баарынын чери жазылып,

Жыргап көчүп келатат.
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз,
Катар ашып көчтү эми,
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу,
Аларды ашып келди эми.
Өлгөндөрдөн калгандар,
Аман жетти Таласка.
Эли-журту чогулуп,
Бирдигин берди Манаска.
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Кырк үйлүүнүн башчысы,
Кызыр чалган эр Манас.
Кең Талас конуш жер болду,
Келберсиген эр болду.
Арстандарды бир бөлүп,
Калканы бар колунда,
Кайраттууну бир бөлүп.
Кан агызган майданда,
Айбаттууну бир бөлүп.
Он эки кандын калың кол
Сап-сап кылып чубатып,
Алып жүрдү Алманбет,
Ар топко желек карматып.
Арстан Манас көк жалың,
Буйрук айтып турганы:
Ушу келген калың кол,
Атышка киер тонуңду ал.
Он кан он бөлөк,
Санаттагы колуңду ал.
Пилге жүктөп огуңду ал.
Тулпардын башын бурбай жүр,
Ат сергитип турбай жүр!
Муну айтып турганда,
Калың колдун баарысы,
Калбай жүрдү дүркүрөп.
Кайраттууну карасаң,
Камандай болуп күркүрөп.

Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап.
Туусу тууга урунуп,
Чоӊ обого бурулуп...»

алыс сапар жол алган Манастын колу комузда «Чоӊ кошуун» аталып, чертилип келет.

Кадыралы Кайназар уулунун (Ала-Бука району) айтуусунан:

Алтайдан көчүп тоо басып,
Ала-Тоо көздөй жол тартып,
Таӊ аткандан күн бата,
Талыкпастан мол басып.
Айдыӊ түстө каалгып,
Адыр-мадыр жол ашып,
Ата-журтун көрүүгө,
Арзыган калыӊ эл шашып.
Топоздо жүгү кылкылдап,
Тоодой жүгү калкылдап,
Өгүздө жүгү өпөӊдөп,
Бугуда жүгү тепеӊдеп,
Багышта жүгү барпайып,
Куланда жүгү даӊкайып.
Өтөк, өзөн, талаадан,
Өтүп келе жатыры.
Таӊ аткандан күүгүмгө,
Көчүп келе жатыры.
Алты айлык жолду арытып,
Аябай сапар карытып,
Жети айлык жолду арытып,
Жеткире сапар карытып,
Көктөмдө көчкөн Алтайдан,
Зеригип келе жатыры.
Кайлыгы бар жигиттер,
Эригип келе жатыры.
«Качан жетер экем» деп,
Кусадар болуп көп кыздар,
Желигип келе жатыры.
Жаан чачын күндөрдө,

Бөгүп келе жатыры.
Сарамжалсыз жүдөөлөр,
Чөгүп келе жатыры.
Көчтүн алды көрүнбөй,
Төнүп келе жатыры.
Коркоктор жандан түңүлүп,
Жөөлүп келе жатыры.
Абышка кемпир мээнетке,
Көнүп келе жатыры.
Акылдуулар, чечендер,
Аңгеме дүкөн дегенди,
Төгүп келе жатыры.

Кырк Гуздун ташып бактысы,
Көрүндү көзгө акыры,
Ала-Тоонун карааны.
Караанына кагылып,
Калың эл түштү атынан.

Тобо кылып жүгүнүп,
Күнгө бата тартышып,
Ак сарбашыл айтышып.
Колдой көр деп жалынып,
Токтоп өргүү болушту.
Ар кай жерди тандашып,
Айылма-айыл конушту.
Алладан жардам сурашып,
Ак боз бээни союшту.
Сагынып келген жергесин,
Салтанат менен көрүштү.
Курбулар менен теңтуштар,
Кучакташып өбүштү.
Чай-суусуна жетишти,
Чогулуп тооп этишти.
Чаңкап калган эмедей,
Чаначтап сузуп ичишти.
Чалпылдта кечишти.

Өтүктөрүн чечишти,
Өзөнду бойлоп кечишти.
Чарыктарын чечишти,

Чалпылдатпай кечишти.
Чөлдөп калган эмедей,
Чөйчөктөп суудан ичишти.
Чапандарын чечишти,
Чаңкап калган эмедей,
Чакалап суудан ичишти.
Келди кутуу Күн! — дешти,
Кебелбей тиккин үй! — дешти.
Баатырың Манас кеп айтат:
— Баарыңар уккун, — деп айтат.
— Келдик мына, жерге, — дейт.
Кут тийди биздин элге, — дейт,-
Аралап өттүк Таласты,
Ашып ашуу Чаначты.
Ала-Тоо менен Аксыны,
Ата конуш жердеңер.
Пари кана, Сары-Арка,
Тоом жолу жергеңер.

Алтымыш айлап таппайсың,
Ааламда мындай жер кана?
Коосунда толо кайберен,
Өрөөнү аштык, май белен.
Жердегендер тунбайбы.
Алактап качпа Алтайга,
Аталар ырксыз турбайбы.
Ардайым муну эстеңер.
Айланадан дос күтүп
Ала-Тоодон кетпеңер.
*(Кыскартылып алынды)*

## Чоң кошуун

Окумуштуу тарыхчы, кезегинде Кытай кыргыздарында болуп келген, география илиминин кандидаты Курманалы Матикеевдин «Манас кошуундарынын жолу» аттуу макаласын негиз кылдык. Көкөтөй баатыр кошуун курап:

Бээжинге карай кол жүрүп,
Беш айчылык жол жүрүп...

Чоӊ казатка аттанмак болду. Ээн талаа, эрме чөл, бийик тоолуу ашуулар аркылуу кошуун Бээжинге чейин 5-6 миӊ чакырым жолду басмак. Эскерте кетели: эл оозунда «Түп Бээжин» аталыптыр. Пекин эмес, азыркы Синин, Ланжоу шаарлары болсо керек. Алманбеттин атасы Эсенкан Пекинде эмес Көкө-Нор көлүнүн айланасында жашаган.

Тээтиги көрүнгөндөн көрүнгөн,
Көрүнбөсө тим эле,
Көк түтүн болуп бөлүнгөн.
Чет Бээжин деген жер ошол.
Каспандын кара тоосу ошол.
Капкалуу Бээжин оозу ошол –

деп, Алманбет Манаска Көкө-Нордун чыгышындагы Синин шаарын Чет Бээжин деп көрсөткөн. Синин (Чет Бээжин) шаары Көкө-Нордон 100 чакырымдай алыстыкта. Бул шаар менен Тал-Чокунун аралыгы 300 чакырымдай келгендиктен, шаар көк түтүн сымал мунарыктап көрүнөт.

«Манас кошууну» жүргүзгөн «Чоӊ казат» урушу Кытай менен эмес, Борбордук Азия аймагындагы тибеттиктер, уйгурлар, калмактар, кыдаӊдар, жужаӊдар, каӊгайлар менен болгон. Айрым учурда гана кыргыз-кытай урушу Хейке дарыясынын чөлкөмүндөгү Кытай урууларын кучагына алат. Чет Бээжин, Орто Бээжин «Улуу Кытай сепилинин сыртында Хейке дарыясынын боюнда жайгашканын эскертүү менен «Чоӊ казат» урушу ушул аймакты камтыган.

Манас кошууну 3 багытта Орто Азиядан чыгып Борбордук Азияга бет алган. Кошуундун ортосунда Манас, Кошой, Анжыяндык Санжабек баштаган күч Оӊ канатта, Көкчө башындагы күч Сол канатта жүргөн. Бакай, Алманбет, Чубак, Сыргак алдыда чалгын чалып, уруш талаасын аныктап, кошуун конуучу жайды тактаган. Негизги күч Торугарттын белин ашып, Такла-Макан чөлү аркылуу, Кашкар, Кучадан Баграш көлүнө жетип токтогон. Сол канат Иле өрөөнүнөн өтүп, Үрүмчү, Турпан шаарларына жетип Баграш-Көлүндөгү негизги күчкө келип кошулган. Оӊ канат жети шаарды (Ташкен, Кожент, Маргалаӊ, Наманган, Кокон, Ош, Өзгөн) жердеген Санжыбектин жетекчилигинде Алай, Гүлчө, Эркечтамдан өтүп, Кашкардагы негизги күчкө кошулган. Бардык күч (кошуун) Каспандын Кара Тоосун ашып, «Бээжинге» чабуул жасаган. Ошол тоодогу Тал-Чокудан Алманбет атасы мекендеген

Көкө-Нор көлүн, Кан-Жайлак жайлоосун Манаска көрсөткөн,» – дейт изилдөөчү.

Чоң кошуундан кабар берүү кезегин манасчы Саякбайга өткөрөлү:

Аттанып чыкты кан Манас
Кырк чоросу кашында
Бээжинге казат кылам деп
Элүү эки жашында.
Ажыбай, Бакай, эр Чубак,
Алманбет баатыр шер Сыргак,
Асылзаада кан Манас,
Астыда барат зыңгырап.

Кайран жеңе Каныкей,
Ар жабдыктын баарысын,
Камдап жүргөн эмеспи.
Атышка кийсе ок өтпөс,
Ар кийимдин баарысын,
Шайлап жүргөн эмеспи.
Кол баштаган алдында,
Кары Кошой кан болуп.
Аскерлери кылкылдап,
Ай-ааламга даң болуп.
Эштектердин Жамгырчы,
Артынан жүрдү жол менен,
Эсеби бир сан кол менен.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
А да жүрдү жол менен,
Санаты сан кол менен.
Текечинин Ормонбек,
Чамбыл белди жердеген,
Баарынан кыйын эр деген,
Бу да жүрдү жол менен,
Санаты канча кол менен.
Аргымагын кекейткен,
Көк кепичин тепейткен,
Жоон өчпө күрсүлдөк,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек

Бу да жүрдү кол менен.
Кокондун каны Козубек,
Качыра жүгүн арттырган,
Капасын калың элге тарттырган.
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кылагар көзүн кылайтып,
Бу да жүрдү кол менен.
Маргаландан Малабек,
Белине кетмендей токоч байланган,
Өңкөй кызыл ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Бу да бир сан кол менен,
Жүрүп кетти жол менен.
Эки келин жердеген,
Эбегейсиз эр деген.
Эгиз кара ат байлаган,
Кара тилин кайраган,
Кыргыздардын эр Үрбү,
Бу да жүрдү жол менен,
Санжыргалуу кол менен.
Чалкуйрук атын байлаган,
Чабышка колун шайлаган,
Элемандын эр Төштүк,
Бу да жүрдү кол менен
Чоң-Алайды жердеген,
Чоочубаган эр деген.
Тели куш багып куш кылган,
Алтайда жаткан Шыгай кан,
А дагы жүрдү кол менен
Аз эмес, түмөн кол менен.
Көк тулпарын коштотуп,
Көптөгөн атка кош тартып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Төрөлүгү билинип.
Төптүгү артык Бакай кан,
Кан каарына калба деп,
Бирин койбой айда деп,
Бакай келет артынан.

Аттанып чыкты кан Манас
Кырк чоросу кашында
Бээжинге казат кылам деп
Элүү эки жашында.
Ажыбай, Бакай, эр Чубак,
Алманбет баатыр шер Сыргак.
Найзанын учу кылкылдап,
Кылычтары кыңгырап.
Аалам жеңбес көй кашка,
Арстан туулган кырк чоро,
Жүрүп кетти шартылдап.
Асыл заада кан Манас,
Алдыда барат зыңгырап...

## Чоң казат

Манасчылардын айтымына таянсак «Чоң казат» кытайларга каршы Бээжин (Пекин) шаарына карай багытталат. Тарыхчылардын кийинки далилдөөлөрүндө бул Чоң согуш Кытайларга эмес, Уйгурларга каршы, Пекинге карай эмес, Бешбалыкка аттангандай. Мисал келтирели: «Пекин – Кытайдын Түндүк борбору 1325-жылдан бери гана белгилүү. Ал эми 840-жылдан баштап Чыгыш Тяншанда Бешбалык тарапта Уйгур менен кыргыздар ортосунда ири кагылыштар болгон. Демек «Манас» эпосундагы Бээжинди Бейтин (Бешбалык) менен окшоштурууга болот» – дейт Өмүрбек Карагулов.

Тарыхчы-адабиятчы Турдубай Абдракунов ушул ойду андан ары улап, «Чоң казатты» Пекинге эмес, батышка – Сыр Дария чөлкөмүнө багыттайт, ага да мисал тарта кетели: «Бээжин» Кытай өлкөсүнүн борбор шаары Пекиндин аты эмес «Бэжэнэк» деген Сыр-Дарыялык печенектердин жерин туюнтуп тургансыйт. «Печенектер» кытай тарыхында «бейжу» деп аталган. Эпостун тили менен айтканда «Бейжин» же «Бээжин» болгон өңдөнөт. Эпикалык «Чет Бээжин», «Орто Бээжин» деп аталышы – Сыр-Дарыя чөлкөмүндө жашаган печенектердин 948-952-жылдардагы маалыматтар боюнча, ичара үч чоң бөлүктөн – округдан турганы биздин ушул божомолдун тууралыгын ырастайт.[3] «Манас» изилдөөчүлөрдүн ичинде Орозбек Айтымбетов эпосто

3 Т. Абдыракунов. Бабалардан калган сөз. – Ф., 1990. 92-93-беттер.

айтылгандарды төгүнү жок чындыкка чыгарып, ага бир катар аргумент – далилдерди сунуштаган. «Чоӊ казат» окуясы кайсы жерде өткөндүгүн, «Манаста» сүрөттөлгөн Тал-Чокунун кайда жайгашканын Айтымбетов Орозбек кененирээк айткан. «Хунн шанюйлары Чоӊ Ордодон (Таластан) Бээжинге Чон казатка аттанат... Эпосто Манас Тал-Чокуга 40 күндө жетип чокудан Бээжинди карайт...

Айбанбоз минип астына
Тал-Чокуну бет алды,
Тоосунда калыӊ кары бар,
Этек жагы өтөктө,
Бийик чыккан талы бар.
Таралган булак суусу бар.
Тегереги бек экен.
Ойлоп турсаӊ Тал-Чоку,
Оорукта калар жер экен» – деп сыпатталган.

Ал жерде Хуанхе дарыясы ийрилип агат. Тал-Чокудан Каспандын Кара-Тоосу алаканга салгандай көрүнөт. Б. з. ч. 214-жылы Мынь Тянь Хуанхе суусунун ийрилип аккан жерлеринин бир бөлүгүн басып алып 44 калаа салганда ушул чоку хунндардын кароол карай турган жери болгон. Ал жердин бойлорунда жаткан Кытай кошуундары көрүнүп турган. Манастагы «Чоӊ казат» жөнүндөгү аӊыз Манастын көзүнүн тирүүсүндө эле ырдала баштагандыктан Кытай жериндеги жер-суу аттары так-таасын сүрөттөлгөн.

«Манас» окуяларына байланыштуу тарыхый аспектеги илимий аныктамалар, далилдер, гипотезалар аз эмес. Аларды кеӊири сунуштоого чактыбыз аз, жогоруда айтылгандар менен чектеле турганыбыз оӊ. Илим илим жолу менен. Эми кылымдардан уга келген, көкүрөккө кыттай куя келген «Манас» дастанында айтылгандарга көӊүл буралы: Көкөтөйдүн ашы болуп, кеп жыйындын башы болуп, көкжал Манас анда жакшы болуп, теӊ ата хандар сөзгө алынбай, кээси Манастан келтек жеп, ич күптү тарашкан. Булар Төштүктүн тоюна чогулуп, Кошойдун акылына көнбөй Манаска каршы кол курап, «урушаар жериӊди айт», деп элчи жиберишет. Элчилерди кырк чоро тосуп алып, Манаска алып келет. Манастын сүрүнөн сүрдүгүп, каарынан калтыраган элчилер не кыларын билбей калат. Бирок, Манас элчилерди жакшы кабыл алып:

Тилимди билген хандарың
Тили менен келсин деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин деп,
Так кырк күндө келгин деп,
Ал кырк күндөн калганың,
Талкаландың билгин –

деп, кат жазып хандарын кайтарат. Бул кабарды алган хандар Манастын жаалынан чочулап, кырк күн дегенде жоокерлерин баштап, Манастын ордосуна түшөт. Манас 6 ханды урмат-сый менен тосуп алып меймандап, күнөөлөрүн кечирип, Бээжинге казат салаарын айтып, «менин колума кошуласыңарбы?» дейт. Хандардын эч кимиси каяша кылбай Манастын айтканына көнүшөт.

Алдыга түшсө акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуулга чыкса ак жолтой,
Жоого кирсе сан колдой.
Ак сакал Бакай кол баштап...

Бээжин жүрүшүнө өтө тыкат даярдык көрүлө баштады. Он жоокерге бир башчы – он башы, жүзүнө – жүз башы, миңине – миң башы, он миңине – түмөн башы, жүз миңине – аскердин беги шайланды. Миң башынын өз желеги, түмөн башынын өз байрагы, өз тамгалары белгиленди. Топ-тобу менен өткөн жоокерлердин кароосун кандардын каны Манас, колбашчы Бакай, туу түбүндө туруп кабыл алды. Кароо аяктап, колдун сан-өлчөмү: үч миң желек, үч жүз байрак, отуз тууга бөлүндү.

Каныкей кырк чорого өзү даярдаган жоо кийимин, курал жарактарды таратып берди. Карыя Кошой Каныкейдин акылмандыгына ыраазы болуп жаңы төрөгөн баласы Семетейге ак батасын берди:

Кабылан Манас баш болуп,
Бээжинди көздөп бет алып...
Айчыгы алтын кызыл туу,
Астына салып көтөрүп.
Баарысынын кийгени,
Темирден соккон текши бөрк.
Бүткөн бойдо жылчык жок,
Баары текши кара көк.

Кырк күндүк кыйын жолду басып өтүп, өргүү алат. Сыргакты жолдош кылып Алманбет чалгынга жөнөйт. Жылкычылардын башчысы Карагулга жолугушат. Карагулдан кабар алган Коңурбай Алманбет менен Сыргактын артынан көп кол алып, куугун салат. Түшүндө аян берген Манас алдан билип, Чубак менен жардамга келет. Уруш улам күч алат. Жаралуу Сыргак кыргыз колуна кабар берип, 12 кандын жоокерлери согушка кирет. Кытай кандарынын бири Нескара колго түшөт. Эсенкан (Кытай каны) багынып, Манасты кандыкка көтөрүшөт. Кыргыздын колу жер жерлерине кайтышат. Саякбай вариантында «Чоң казат» ушундайча аяктайт.

### «Жол талаш»

Алты ай жол жүрүп, аябагандай мол жүрүп, чаалыккан кошуун Чоң Бээжинге жакын Күрпүлдөктүн Сары-Суу деген жерде өрүүн болду. Сырттан туулган Сыргакты жолдош кылып, акылман Бакайдан бата алып, Алманбет баатыр чалгынга аттанды.

Кырктын башы Кыргыл чал оёндорду баштап ордо салып, оюн куруп жаткан. Айкөл Манас, акылман Бакай кароолдо, Чубак кошуунда. Ажыбай менен Кыргылчал эки жааттын башчылары. Оюндан от чыгып, Бозуул Ырчуулга атырылды: Ой, аңылдаган ит кул. Алманбет, Сыргак чалгында жүрөт. Каның Чубак экөөң коңулда калганыңарга мактанасыңарбы?!

Ырчуул ыза болуп, аралда жаткан Чубакка чапты.

– Нойгуттан эрен сен болсоң, ойрон Тейит мен болом, Алманбет кытай бир ооз кеп кеңешке келбей Сыргакты алып чалгынга кеткенин билесиңби? Чалгынды бирге чалышпай баатырлар катарынан чыгып калдың беле? Бул сөздү угуп-укпай көзүнөн от чачырап, оозунан жалын шыркырап, ачуусуна чыдабай күрөктөй болгон кашка тишти жара-жара чайнап, «сабыр кыла тур» дегендердин айтканына көнбөй:

– Нойгуттун кошуунуна жапырт аттангыла! – деп добулбасты дүңгүрөтүп, чуулгандуу Чубак кул Алманбеттин артынан чапты. Кароолдо жүргөн Бакай этектеги кошуундун дүрбөшүнөн шек алып, Уларбозду зыргытып, Манаска келди. Бул кабарды укканда ноюбаган айкөлүң да шашып калды:

– Бакай аба, чуулгандуу Чубак менен кенедейден бирге өстүм эле. Аккуламды коштоп барып алдына тартып, чуусун токтотуңуз, – дейт.

Боз жоргосун теңселтип, ак сакалын сеңселтип, Аккуланы коштоп абаң Бакай Чубактын алдын тосо чыкты.

– Чубак балам, арзыбаган иштен чуу салып, кошуундун ыркын кетирбе. Кытай да болсо Алманбет кыргыздын кызматын аткарып жүрөт. Алманбетти чабам дегениң – Манасты чабам дегениң! Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүндү болду кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет. Манаска өөдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болчу силерсиңер. Манас сага Аккуласын тартууга жиберди – деп, Чубакты жоошутмакчы болду. Бакайдын акылына ичтен муюганы менен тырпы тышына чыккан Чубак оолуга берди:

– Ногойдон Манас, Нойгуттан мен. Атабыз бир. Жотобуз бир. Ойрон Манаска он үчүмдө кошулгам. Чубак барбай чалгынга кайдагы эл безери качкын кытай чалгын чалабы?! Өз кишисин оорукка таштап, өзгөгө жол берет деген эмине?! Коё бер аба, колумду, тоспогун аба, жолумду!

Арстандай айкырып келаткан чуулгандуу Чубактын түрүн байкаган Алманбет артына кылчая берип, бура тартып тура калды. Жетип-жетпей эр Чубак Алманбетке айкырды:

Кызыталак калмагым,
Он эки түмөн кол баштап,
Чалгын чалар сенсиңби?!
Кеңеште жок, кепте жок,
Оорукта калар менминби?!

Алманбет трагедиялуу адам. Анын трагедиясы эл-жеринен бөлүнүп калган аянычтуу тагдырында. Айкөл Манас Алманбеттин бул трагедиясын алдан түшүнүп, эмчектеш бир тууганы катары мамиле жасап, жортуулда эң жогорку ишенимди берген. Чубактын чукул кыялы Алманбеттин жүрөктөгү жарасын карты менен чукуп алгандай болду. Баарыдан да артында дүңгүрөгөн нойгут элине куйругун такап, элинен азып ээнсиреген баатырды ого бетер басмырлап, үстөмөндөткүсү бар. «Сабырдын түбү сары алтын. Сол колуңдун ачуусун он колуң менен бас» дегенди ойлоп, Алманбет Чубакка жайынча жооп кайтаргысы келди:

Уругум кыргыз – нойгут деп,
Улуксунуш кандай кеп.
Айылым кыргыз – нойгут деп,
Акимсиниш кандай кеп?!
Кырк урук кытай калың эл,

Барсам капыр болоюн.
Бээжиндин жолу беш бөлөк,
Чалсам капыр болоюн!
Бээжиндин жолу беш анжы,
Берейин Чубак алагой.
Безилдеп «кытай» дей бербе,
Береним, Чубак, барагой.
Анда Чубак:
Бээжин сенин белиңби?
Бегирээк мактап отурган.
Калча сенин шериңби?
Кызы талак кытай кул,
Бузайынбы чебиңди.
Жарайынбы кытай кул,
Ичиңдеги чериңди, –

деп, ээ жаа бербей демитет. Кара күчү, акылы, аскерий билими башка чоролордон кем эмес, айрым сапаттары Айкөлүнөн ашып турса да, тентип кунга келген кул эмес, тектүү хан тукумунан экендигине карабастан, азыркысын Чубак баатырдын алдында таяныч такоотунан ажыраган жалгыз жарым жанбакты кейиптенип, ушул абалына арданып, ызага муунуп, бир демге дабдырап калды эр Алман.

Карап турсам дүнүйө,
Кангыган эрдин шору экен....
Кытай да болсо, зор экен.
Кыйырынан азган кор экен...
Элдүүнүн баары эр тура!?
Эли жок баатыр кор тура!? –

деп, күңгүрөнүп, чуулгандуу Чубак кулду дагы сөз жүйөсүнө чакырат:

Безилдеп «калмак» дей берип,
Кетирбе, Чубак, шайымды,
Кейитпегин жанымды!
Бузбачы менин канымды!
Кылымды чалсам чаламбы,
Качан болсо эр Чубак,
Менин «калмак» атым калабы?!

Ачууга алдырган Чубак баатыр Көкчебичти дыргытып, кылычын сууруп, «Соёмун эле соёмун, жайлап салам кытай кулду!» — деп, демите берди эле, Алманбеттин сабыры чегине жетип:

«Кан кылгын» дедим киминди?
Канын экөөн бир келчи.
Каардансам бул жерде,
Калабалуу Чубагым,
Кагайынбы жининди?!
«Бек кылгын» дедим киминди?
Бел байлашкан эр Чубак,
Билипсин кытай зилимди.
Кезегин келди бул күндө,
Кесейинби тилинди?!
Урматтап келдим дининди.
Улугун экөөн бирикчи.
Урайынбы жининди?
Мен бузайынбы динимди?!
Кызыталак, Чубак, билипсин,
Кытайдан болгон зилимди! —

деп, Саралага камчы уруп, сурдана качырып, Чубактын алдын тороду. Ошол кезде жетип келген эр Манас тирешип калган эки шердин ортосуна түшө калып, Сараланы он колу менен, Көкаланы сол колу менен тизгиндеп:

Атандын көрү, эки арам!
Куралып келген колумду,
Чачайын деген экенсин!
Кубалашып шылтоолоп,
Куруп кеткен эки шер,
Качайын деген экенсин!
Ушул турган Кытайга,
Жеке өзүм барып өлөйүн,
Анылдаган эки акмак!
Кана, өлүшүп кетчи көрөйүн?! —

деп, эки баатырдын аттарын эки жакка силкип ажыратып, Кара-Талаа кыранга жалгыз барып тескери карап отуруп алды. Чубактын турум-турпаты ички дүйнөсү он жана терс жактуулугу

менен өтө эле карама-каршылыктуу. Алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн, көйкашка баатырдыгына жараша, ошол карандай кара күчтү, кайра тартпас кайратты акылга салып башкарууга келгенде жан дүйнөсү жармач. Ачуусу чукул, кырс кыял албуут мүнөзүн беш колдой билген кытмырлар алакөөдөн Чубакты тозок отуна оңой-олтоң эле түртө салышмак. Бирок, алабармандыктын, оройлуктун ары жагында кири жок ак көңүлдүүлүк, айкөлдүк асыл сапаттар булуттан чыккан күн сымал терс мүнөзү менен тентектикти жууп кетчү жагдайы да бар.

Айкөл абаң айкөлдүгүн карматып, жаалданган эки арамды өз жайына калтырып, тигил кыраңга барып болкоюп, тескери карап зоңкоюп отуруп албадыбы. Кырчылдашкан эргулдар бири-бирин кыя албай, кылыч кармаган колдору шалдайып, Алманбети аңкайып, эр Чубагы эңкейип турган жерде катты да калды.

Эмелеки жаалданган эр Чубак жини кагылган бакшыдай жумшарып, бүт күнөөнү мойнуна алып, Көкаланы жетелеп, чылбырын мойнуна салынып, Алманбеттин алдында чөгөлөдү эле камчысын мойнуна илип, Чубактын маңдайына шер Алман да сыңар тизеледи. «Касиеттүү айкөлгө каяша айтып койдук» деп, аянышпай элдешкен эки шер ак бөкөндүн кылындай суурулушуп, ак буудайдын унундай жуурулушуп, арбагы күчтүү айкөлдүн астына барып кулдук урушту.

Жеткилең Бээжин калаага,
Жетип чалгын чаларда,
Жете келип урушкан.
Жетесиз, Чубак, сизге уят!
Караңгы эмес түн бол деп,
Каның экөөң бир бол деп,
Карачы сөзүң сизге уят, Алмам.
Капалуу сөзүң бизге уят, Алмам, –

деп, каалгадай кашка тишин кашкайтып, каткырып күлгөн кан Манас чоролорун ээрчитип, Тал-Чокуга бет алды.

«Алманбет менен Чубактын чатагы» же «Жол талаш» аттуу күү мына ушул окуядан улам жаралган. Бул күүнү Ыбырай Туман уулу, Асаналы Кыштообай уулу кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырып кетишкен.

## Алманбеттин жомогу

Эркиндик менен эрдиктин, ар намыс менен актыктын ыйык жолун талашып, чымындай жанын аябай чын өлөм деп санабай, кырчылдаша кылыч суурушкан эки шердин чатагын жайгаштырып, Тал-Чокунун үстүндө айкөл Манас дүрбү салып карап турду.

Бекитилген бел көрдүм, Алман,
Бендеден бөлөк эл көрдүм, Алман,
Адамдан башка жан көрдүм, Алман.
Качыры жок, аты жок
Кайнаган калың жоо көрдүм, Алман,
Кыясы кымбат жол көрдүм, Алман,
Кумурскадай жайнаган,
Кыйла кыйын кол көрдүм, Алман.
Бул эмне жер, кайсыл эл? –

деп сурап калды.

– Мен Көкчөдөн келгенде Бакайга, акылман Каныкейге Кара Кытай Манжуу жеринин, Бээжин элинин кабарын айтып берген элем.

– Бул сырды Көкжалга ача көрбө. Эгер айтсаң, алты хан элин жыйып, Бээжинге казат ачып, алакандай элин кырып алат – дешкен эле. Ошондо Бээжиндин сырын чыгарбаска ант бергем. Эми айтпаска болбой калды, угуп тургун айкөлүм:

– Тээтиги мунарыктап көрүнгөн, көрүнбөсө көлөкө түшүп бөлүнгөн – Чоң Бээжин деген жер ошол. Анын күн чыгыш жаккы бетинде алтын казып алчу Кара Тоо деген кен ошол. Анын туурасында Каспандын Кара Тоосу бар. Күн Батыш жаккы бетинде Коң-Төрөнүн кароолу Аккулжа жаткан бели бар. Жетиген тарабында катындан чыккан Оронгунун жери бар. Андан бери Нескара сурак сураган Манжуулардын эли бар. Анын колтугунда Солондорду сураган Борончу деген ханы бар. Андан бери Тыргоот менен Шибээ бар, анын хандары – Ороккыр менен Бозкертик, Каспандын Кара-Тоосунун артында кадимки Жолой дөөнүн эли бар. Көкө-Нордон ары түптүү кытай калкы жатат. Бээжиндин жайы ушундай. Ажалым жетсе өлөрмүн, азабым болсо көрөрмүн. Кокус көзүм жумулса, ак кепиндеп аруу жууп, сөөгүмдү Ала-Тоого алып барып көмгүлө. Алган жарым Аруукенин боюнда алты айлык шек калды эле. Эркек тууса атын Күлчоро койгула – деп, Бээжиндин жомогун айтып арстан Манас, эр Чубак менен

коштошуп, сырттан Сыргакты коштоп алып, Алманбет баатыр Бээжинге карай бет алганы «жомоктолуп» чертилет комузда.

## Алманбеттин Манаска келиши

«Манас» эпосундагы башкы каармандардын бири – Алманбет баатыр. Анын ысымына байланыштуу көптөгөн комуз күүлөрү бар. Бул күүлөр каармандын башынан өткөргөн айрым урунттуу окуяларга арналган. Мисалы: Чоң Казат сапарында «чалгынга албай кеттиң» деп Чубактын салган чуусунан улам «Жол талаш», «Алманбет менен Чубак» (Ыбырай Туман уулу, Асаналы Кыштообай уулу), Тал-Чокудан дүрбү салып кан Манаска Бээжин жайын жомоктоп тургандагы «Алманбеттин жомогу» (Актан Тыныбек уулу), киндик каны тамган ата-журтун көргөндө сай сөөгү сыздап, чалгындаш жолдошу Сыргакка айтып турган «Алманбеттин арманы» (Мурсалы Турсунбай уулу, Бексултан Бакы уулу) чертилип келет. «Манас» эпосунун бардык варианттарында «Алманбеттин окуясы» аттуу традициялык эпизод сакталган. Мында мифтик апыртуулар кеңири чагылдырылгандыгына карабастан, Алманбеттин тагдырына байланышкан тарыхый даректердин булбул карааны баамга урунбай койбойт. Ошол тарыхый даректерге иликтөө салып келаткан окумуштуулар да аз эмес.

Алманбеттин Огуз хан, Багры хандын насилине такашкан окумуштуулар Радлов, Жирмунскийге кошулуу менен Белек Солтоной уулу: «Алманбеттин атасы Угуз хан – Уз хан, дегени бар. «Угуз хан биздин эрадан III кылым мурун көп мамлекетти караткан Гунн түркүнүн каны болуп, балким Алманбет анын насилинен чыгар. Жаки Алманбеттин өзү келип мусулман болгонуна караганда динсиз Угуздун дилине кирбестен мурунку чекене динине киргендир» – дейт[4].

Енисейлик кыргыздардын жыйырма жылга созулган катуу кармаштарынан кийин, 840-жылкы уйгурлар мамлекетин жеңиште уйгур полководеци Гюйлу Мохе уйгур ханы Чжан Синге каршы 839-жылы көтөрүлүш чыгарып, кыргыздар тарапка өтөт. Гюйлу Мохе «Манас» эпосундагы Алманбеттин образындагы прототиби болушу мүмкүн – деген, – Бернштамдын пикирин манасовед Р. Сарыпбек уулу кубаттайт[5]. Алманбет ойрот, жунгарлардын (калмактардын) баатыры болуш керек – деген божомолду жактоочу

4 Б. Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхынан. //Ала-Too. 1988. № 11.
5 О. Айтымбетов. Улуу баатыр баяны. //Ала-Too. 1990. № 5. 139-бет.

окумуштуулар Маргулан, Эсеналы Абдылда уулу. Кытайдын байыркы санжыраларында айтылгандарга таянуу менен «Манас» эпосундагы каармандарды, анын ичинде Алманбет баатырды тарыхый адамдар катары карап, алардын жашаган мезгилине чейин так эсебин сүрүштүргөндөрдүн бири – Орозбек Айтымбет уулу: «Манас б. з. ч. 200-200 – жылдарда Кытайга чоң чабуул жасаганда кыргыздар менен бирге Чылаба (Шунь-Вей) тукумдары кырк эки түмөн колго жол баштаган. Алманбет да Манас аскерине жол көрсөтүп, Кытайга баштап барат. Бирок эпостогу Чылаба башка – Алманбет башка. Алманбеттин прототиби – Ли Гуань. Алманбет да ар бир ээликтин ханы. Байыркы кытай санжырасындагы Ли Гуань да Янь княжествосунун ээси. Эпосто Алманбет Эсен канга каршы көтөрүлөт, Ли Гуань кытай императору Гаодиге каршы козголоң баштайт. Ал эми Гаоди – тарыхый Манастын эң башкы душманы, Эсен-кан эпостогу Манастын башкы душманы. Эпосто Алманбет Манас баатырга келип кошулат, а байыркы кытай санжырасындагы Лу Гуань да тарыхый Маодунга (Манаска) келип кошулат. Эпосто Алманбет Манас аскерин кытайга баштап барып согушса, байыркы кытай санжырасындагы Лу Гуань да бүтүндөй Чыгыш Кытайга (Ордостун чыгышына) жойкун жорутуулдарын жасайт. Ал эпостогу кадимки Чоң Казат өткөн жерлер. Алманбет Сыргак менен чалгынга келип өз жерин көрүп, көзүнүн жашы он талаа болуп көлдөп, арман кылган жер. Кытай тилиндеги «лу» «ли» биздин тилге «ал» болуп өтө берет. Бул жерде Лу Гуань деген аттын ордуна биздин тидде «Алманбет» деген ат берилген[6].

«Манас» изилдөөчү Турдубай Абдракун уулу Алманбеттин кейипкерин чыгышта Чин кытайынан, уйгурдан, карлуктан, ойрот, жунгарлардан эмес, батыштан б. а. Сыр-Дарыялык печенек-огуздар чөйрөсүнөн издейт. Тагыраак айтканда, анын теги 40 уруу огуздардын ичиндеги «түркмөн», «салар», «берен» деп аталган урууларга таандык деген ойдо. Окумуштуу Алманбет деген аттын келип чыгышына да мүнөздөмө берүүгө аракет жасаган: «1050-1051-жылдары Огуз державасын кулатып, элдин көпчүлүгүн качырып, калгандарын өздөрүнө баш ийдирген кимак-кыпчактар (манастар) болгон.

Огуз уламышында жана Түркмөн сажырасында айтылган огуздардын ханы Алихан – Алманбет болуп айтылышы ыктымал. Али Мукамбет – Алманбет. «Мамбет» дегени «Мухаммед динин

6 Алманбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү – Ф., 1977. 138-бет.

колдоочу» деген ылакап аты. Али деген чыныгы өз аты. Али хан (Алманбет) кимак кыпчактарынын колдоосу менен шайланган эң акыркы огуз хандарынын бири болгон өңдөнөт.»[7]

Алманбеттин тек-жайы жагдайында айрым окумуштуулардын көз караштарына учкай болсо да ортоктош болдук көрүнөт. Эмки сөз «Манас» эпосундагы Алманбет баянында:

Кытайдын атактуу хандарынын бири Соорондук эркек бала көрбөй жүрүп, 54 жашында уулдуу болду. Балага чоң той берип, көп уруу элди чакырат. Наристеге ат коёрдо ак сакалы жайкалган дубана: «хандын карыганда көргөн баласынын аты Алманбет болсун, О-мийин!» деп бата кылып, көздөн кайым болот. Алманбет 14 жашында атасынын ордун басып, хандыкка көтөрүлөт.

Арк атасы Чылаба,
Өз атасы Соорондук
Өкмөттүн башында.
Өңкөй Бээжин аскери,
Кызмат кылган кашында,
Согуш кылган кытайга.

Так он сегиз жаштагы Алманбет-хан элге алымдуулугу, калкка кайрымдуулугу жана адилет сурагы менен бат эле көпчүлүккө алынат, кадыр баркы артат. Алманбеттин бул артыкчылыгы башка хандарга жага бербейт, алдыртан көрө албастык башталат. Кытайлардын улуу падышасы Эсенкан да «бул бала түбү бизге жакшылык кылбайт, эмитен көзүн тазалаш керек» деген ойго келет.

Күндөрдүн биринде Алманбет ууга чыгып, Алтайдын жолун чалып, казак ханы эр Көкчөгө жолугат. Көкчөдөн мусулманчылыктын жол жобосун угуп, ислам динине кирүүгө шерт кылат. Бул оюн атасы Соорондукка айтып кеңеш салганда ал безге сайгандай каршы болот. Ата-бала ортосундагы келишпөөчүлүк курчуй берип, акыры Алманбет ата журтунан, хандыгынан кечип, качып чыгат. Кытай хандары менен болгон чоң салгылашуудан кийин Көкчө баатырга келет да ага жигит болуп туруп калат. Көкчөнүн аялы акылы артык Акеркеч сулуу элинен азган баатырды урматтап кабыл алып, Алманбетке жакшы мамиле жасоосун күйөөсү Көкчөдөн өтүнөт. Бирок, Алманбет үчүн окуя тескери багытта өнүгө берет. Көрө албас душмандардын «Алманбет менен Акеркеч соо эмес» деген

7 Т. Абдыракунов. Бабалардан калган сөз. – Ф., 1990. 117, 153-154-беттер.

чагымына ишенген ала көөдөн эр Көкчө алдыртан Алманбеттин көзүн тазаламакчы болот.

Окуяны алдын ала баамдаган Акеркеч Манас баатырдын кабарын билдирип, Алманбеттин кыргыздарга барышын өтүнөт... Манас Алманбетти чоң салтанат урмат менен тосуп алып, аны менен акыреттик дос болот.

## Манастын кошогу

Берендин баары кырылып, Чон Казаттан жолу болбой Коңурбайдан алган жарааты ырбап, тилден кетип, атка жүрө албаган Манаска арчадан табыт жасашып, астына суп төшөк салып, Тайбуурулга жүктөп, табытына үптөп, каралуу кошуун Таласка карай жол тартты. «Бул кейпибиз менен барсак элдин үрөйү учуп кетер. Ичи жамандар таба кылышпасын» деп кеңешип: «Бээжинди алып көп олжо менен келатабыз. Чоң той берилет. Кең Таластын боюна Жылгындуунун оюна Алманбет, Чубактын Ак ордосу жанаша тигилсин, күтүп тургула» деп алакандай кат жазып, алты күлүк ат менен Ырамандын ырчы уулун алдыга чаптырышты.

Алты айчылык азапты билген акылман Каныкей катка ишене бербеди. Башына алтымыш санаа бир келип, олоң чачын төбөгө түйүп, балтыр бешик Семетейин Кара-кашка аргымакка өңөрүп айкөлүнүн астынан утурлады. Эзели ноюбаган эр Манас кең Таластын чети көрүнгөндө бар кайратын боюна жыйып, ок өтпөс ак олпогун кийип, наркескенди белге курчанып, нарбуудан минип болкоюп, кошуундун алдына түшкөн. Айкөлүнүн абалын көргөн Каныкей: «Барса келбес Бээжинден, падышам, аман-эсен келипсиң, берениңдин бардыгын Бээжинге белек берипсиң, баатыр, ушундай экен дүйнө бок, эми өлгөнгө өкүнгөн менен пайда жок» деп кайрат айтып, Алманбет, Чубак эгиз эрдин ордосуна баштады.

Ителгидей кайран көздөн ирмебестен жаш алып, каңырыгы түтөп, алтын жаак айбалтаны бөйрөгүнө житире такап, Алманбет менен Чубактын ак өргөсүнө кошок айтып өксөп, өкүрүк салып түштү жаралуу кабылан:

> Аккула окко учурдум, аяш!
> Алтын айдар чок белбоо,
> Азизкандын жалгызы,
> Алманбет шейит кечирдим, аяш!

Канатымдан кайрылдым, аяш!
Караан кылып отурган,
Кан Чубактан айрылдым, аяш!
Бээжинди чаптым, кек алдым, аяш!
Бээлесе жанга табылбас,
Бек Сыргакты жеп алдым, аяш!
Мен Бээжинге кирип кайрылдым, аяш!
Берендерден айрылдым, аяш!
Канатым өрткө чалдырдым, аяш!
Кабыландардын баарысын,
Мен Каканчынга алдырдым, аяш!

Алманбет, Чубак эки шер,
Эгиз козу түгөйүм,
Экөөнү катар жеп алып,
Элебей кантип жүрөмүн, аяш!..

Айкөл Манастын кошогун Алманбеттин зайыбы Аруукe коштоду:

Тоодогу жылкы тогуз сан,
Тобурчак буудан аралаш,
Тосуп алар жаман ат.
Томсортуп мени таштабай,
Тоодоюм төрөм, ала жат!
Падышам, канжыгага чала кет,
Караандаша жүргөнгө
Падышам, мен бейбакты ала кет!..

Карагаттай көзүнөн камчы бою жаш кетип, бөдөнөдөй көзүнөн бөлөк-бөлөк жаш кетип Чубактын зайыбы Бирмыскал кошуп жатыры:

Отуз дайра бириксе,
Шар жериндей, падышам.
Отуз тоо бириксе,
Тар жериндей, падышам!
Падышам, ар уруудан көйнөгүм,
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай бейбакты
Падышам, тарта кетчи койнуңа!
Аяшжан, кыйналбай эсен келдиңби?
Кызырдуу шердин баарысын,

Аяшжан, Кытайга белек бердиңби?
Аяш ай, сак-саламат келдиңби?
Бел тутуп жүргөн көзөлдү,
Баатыр ай, белекке кармап бердиңби?

Каралуу зайыптар кан жутуп карайлап буркурап, айдай беттен кан аралаш жаш агып чыркырап, эстен танып эңгиреп жатышты. Калың топтон кой деп коёр бирөө чыкпай, каңырыгы түтөгөн кан Манас ого бетер өкүрүк салып, өксөп жатат:

Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Жаяны кесип жечү элем.
Жанаша жүрсө Алманбет,
Жажунду бузам дечү элем,
Мен казыны кесип жечү элем.
Кан Чубак турса жанымда,
Каканчын турмак Кытайды,
Кайтарып алам дечү элем.
Ок өтпөгөн суп көйнөк,
Кийишермин дечү элем.
Ойронум Сыргак барында
Он сегиз миң ааламга
Мен тийишермин дечү элем.
Кара болот зулпукор,
Көөлөшөрмүн дечү элем.
Кан Чубак менен Алманбет,
Караан болсо жанымда,
Он сегиз миң ааламга,
Жөөлөшөрмүн дечү элем.
Кармаган туум сындыбы?
Адам эй, касташкан жандар тындыбы?
Чалкар көл баткак болдубу?
Алманбет менен Чубагым,
Атаганат Сыргагым,
Силерди шум кара жер сордубу?!

Алманбет менен Чубактын азабын, Сыргактын күйүтүн тартып, берендерин жоктоп, өкүрүгү таш жарып, боздоп жатыры баатырың... Же чогулган эли тарабайт, чоңдугун көр Манастын, бир да бирөө жанына басып келип, кайрат айтканга жарабайт. Ошондо да кайран долу Каныкей баатырынын алдына келип сумсайып: «Айта

берсе арман арылбайт, кайгыра бербе, султаным, кайрандар эми табылбайт, өткөнгө өксөгөн менен айла жок, кеткенге кейигенден пайда жок...» деп, колтуктап аттан түшүрүп, дарбазалуу коргондо кан Манастын ордого айкөлүңдү алып жөнөгөн экен.

«Манастын кошогу» – аттуу бабалардан келаткан арман күүнү «Манас – 1000» маарекеге белек катары комузчу Асан Кайбылда уулу иштеп чыккан.

## Каныкей

Каныкей баяны Алманбет баатыр окуяларына удаалаш «Манас» үчилтигинде («Манас», «Семетей», «Сейтек») бирдей катышат. Эл милдетин аркалаган азаматтар ар качандан бир качан өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк ишенимдүү жардамчыларга муктаж. Айкөл Манас да карандай кайрат күчүнө таянбай, айланасына кан-жаны менен берилген чоролорду жыйнаган. Бирок баатырдын кемтигин бүтөп, бөксөсүн толтура турган жакын адамы – өмүрлүк жары болушу зарыл эле. Арийне, «жакшы аял-эрдин жарым ырысы», «Катын жакшы – эр жакшы» деген акылман ой ушул максаттан улам айтылган сыңары. Айкөл Манастын Акылай, Карабөрк аттуу ай чырайлуу аялдары болгондугу ырас. «Шооруктун кызы Акылай, жоодураган капырай» деген сынаакы сөз эпосто бекеринен айтылыппы? Бирок, Алманбет баатыр айкөл Манасты байырлаган алгачкы мезгилде эле:

> Баатырдык менен байкабай,
> Эрдигиң менен элебей,
> Карабөрк менен Акылай,
> Катыным деп ойлопсуз.
> Карап турсам, кан Манас,
> Кадимкидей бойдоксуз –

деп, намысына тие, өзүнө теңдеш жар издөөгө кеңеш берет.

Эрдигине эп келбес ала көөдөндүк, ишенчээктик, кенебестик сыяктуу айкөлдүк дүйнөсүндөгү боштукту акылга дыйкан асылкеч жар гана толтурмак. Ансыз да олжо катындарына ичи толбой жүргөн айкөлүн Алманбеттин сунушун эп көрүп, «акылы менен эр баккан айласы менен элине жаккандай» кыз таап келүүгө атасы Жакыпты жуучулукка аттандырат. Жакып көп эл кыдырып, акыры Темиркандын кызы Санрабигага токтолот да, ага куда

түшөт. Салт боюнча калың төлөнүп, Манас Санрабигага, кырк чоро анын кырк нөкөр кыздарына үйлөнөт. Эрине ишенимдүү жар болгон, айкаштарда айкөлү менен катар турган

Кара сурдун сулуусу,
Аял заттын нурдуусу.
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктысы –

Кайран энең Каныкей да комуз күүсүндө калган чертилип. «Каныкейдин арманы» (Карамолдо, Ыбырай, Усуп Ороз уулу ж. б.) «Каныкей күү», «Каныкейдин каалгыма» (Мейилкан Козубек кызы, Асылбек Эшманбет уулу), «Каныкей» (Бексултан Бакы уулу) ж. б. кара күү түрүндө, айрым учурда ыр менен коштоп, радионун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырышкан.

## Каныкейдин арманы

Айкөлдүн көзү өткөндөн кийин Каныкейдин кылган зыйнаты артыкча көрүндү. Манастын сөөгүн Кошой, Төштүк баатырга жуудуруп, супка салып оротуп, табытына салдырып, 40 эшенге жөө көтөртүп, кабырына түнү менен жеткирткен. Көрүстөндүн оозуна жалгыз киши баткандай, ар жагына 6 миң кой жаткандай, айланасына жакут, каухар жаптырып, үстүнө алтындан түркүк орнотуп, 6 бучман жеринен жарык чыгарып, астынан мөлтүр кашка суу жүргүзүп, табыттын алдына арчанын күлүн төкүртүп, чирибестин камын көрдү. Шайма-шай даярдыкты баамдан өткөргөн Кошой абаң Каныкейге ыраазы болуп: «Балам, сени ургаачы деген оңбосун, «катынсың» деген эркектер эгерим эки болбосун» – деп, батасын берген.

Манастын сөөгүн Эчкиликтин тоосуна жашырып коюлгандыгы жөнүндө кийин Каныкейдин Семетейге айтканы бар:

Эчкиликтин Кара-Тоо,
Мелмилдеген кызыл зоо,
Таластын бери бетинде,
Кенколдун кыйгач четинде,
Кара зоо бетин ойдурдум.
Атактуу уста алдыргам,
Атаңдын жатар сарайын
Кымбаттап жатып салдыргам.

О дүйнө салган Манаска жыл маалы болгондо:

Кеңешин угуп келиндин,
Көбүнө жаккан кебинин
Бакай Жакып баш болуп,
Масылаат кеңеш токтолуп.

Катагандын кан Кошоюна, Элемандын эр Төштүгүнө, Таздын уулу эр Үрбүгө, жедигердин Агышына, эштектердин Жамгырчыга, өзүбектин Санжыбегине, казактын хандарына, Самаркан менен Букарга, Анжыян менен Ташкенге, Маргалаң менен Коконго, Наманган менен Кожентке... кабар кетип, 30 күнгө созулган аш берилет. Ашта Каныкей узун сабак кошок кошкон деген сөз бар.

Мына, ушул расмий окуялардан кийин «ат өлгөндө соору керек, ага өлгөндө иниге жеңе керек» деген салтты жолдоп, Жакыптын кичи аялынын балдары Абыке, Көбөш Манастын жесирлерине сөз айттыра баштады. Шооруктун кызы Акылай буйдалбастан макул болуп, Көбөш канга көңүлү менен тийип алды.

Каныкей бул сунушту жосунсуз жорук катары баалап, жуучуга келген Кыргылчал менен Тазбайматты үйдөн кууп чыкты. Семетейди кайненеси Чыйырдынын койнуна салып берип, бешикке кара күндүн баласы Жообузарды бөлөп, өзү окуя кандай нукта өнүгөөрүнө байкоо салып Ак Ордодо турду. Көп өтпөй, Манастын 40 чоросун ала-деңгил мас кылып, Абыке, Көбөш арамдар ордого ат коюшуп, дүнүйө-мүлктү камчыга ченеп бөлүп талап киришти. Семетей деп Жообузарды бешиги менен алты бөлүп салышты. Кую бузук арамдардан жакшылык болбостугуна эми чындап көзү жеткен Каныкей качып кутулуудан башка арга жок экенин түшүнгөн. Ошондогу ашуу ашып, таш басып, агыны катуу суу кечип, арып, ачып, чаалыгып бараткандагы кайран энең Каныкейдин абалын:

Сексендеги Чыйырды,
Айдалыга мингизип,
Бешиктеги Семетей,
Бооруна катып жүргүзүп,
Эки адам кошуп көтөрүп,
Эненин көңүлү жаман бөлүнүп.
Кең-Колду кечип чыга албай,
Энеге дүйнө жүзү тар болуп.
Энекең Чачпактын белин ашалбай,

Чаалыгып чарчап басалбай,
Куйуктун белин аша албай,
Энекең куйугуп чарчап басалбай,
Жоргонун белин ашалбай,
Энекең жобоп бир ыйлап басалбай,
Тулкулөр жүрбөс түшүндө,
Түндө бир басып оолугуп.
Түгөнгөн дүйнө оңбой кал,
Ушундай дүмөктүү күнгө жолугуп,
Кең дүйнүйө тар болуп,
Букарга жетпей зар болгонун —

«Каныкейдин арманы» деп, комузчулар күүгө салып чертип келишет. Күү муңдуу да, муңайымдуу да. Көкөйдү кескен өксүк, ичти сыздаткан муң, боконо сөөгүңдү болкулдаткан кайгы, муун-жуунду бошоткон капалык кыл ыргагында дирил кагат. Бирок ошол өкүнүч, өксүк армандын соңунда эртеңкиге болгон ишенимди, тобокелге бел байлаган кайрат күчтү да элебей коюу мүмкүн эмес. Каныкейдей артыкча туулган ургаачы гана жамандык менен жакшылыктын, кайгы менен кубанычтын тараза-ташын салмактоо алдыртадан өзүн даярдай алмак. Демек, Каныкей көзүнөн гана күчүн чыгарып, мөгдөп калчу жүүнү бош аялдардан беле? Өзөктөгү өрттүн дартынан ашуу ашып, таш басып, Чоң Букарга сапар алган билекте күчү бар, жүрөктө кайраты мол аялзатынын арстаны Каныкей. Кечээ шер Манас күйөөлөп барып, колтукка кол артканда жалтанбай канжар шилтегенде калтаарыбаган, алышса адамдын алы жетпеген чуулгандуу Чубакты Көкчебичтин үстүнөн көмөлөтө сайганда шашпаган, Көзкамандар көкбөрү тартканда айбыкпаган, Абыке, Көбөш менен алышканда акылынан адашпаган жолборс мүнөз жоон билек Каныкей долу аял. Ошол кайран долу Каныкей басайын десе ал кетип, балтырдан кара кан кетип, жиликтин башы зыркырап, таманы ташка былчырап, эки бирдей адамды аркасына көтөрүп баратканына арман кылып бышактабастан:

Күркүрөгөн жалкы шер,
Манасынан айрылган,
Киндик кескен сонун жер,
Таласынан айрылган,
Абасынан айрылган —

Ошолорду кыя албай туттугуп, жалгыз башынын камы эмес, жамы журттун келечеги үчүн азап-тозокко башын байлабадыбы. Антпегенде, Абыке, Көбөштүн ак сарайында алчаңдап жата берсе болмок. Андай бейнамыс жыргалдан кечип койгон. Анткени, айкөл Манастын арбагын сыйлачу, анткени эркин элдин келечегин ойлочу. Ал үчүн ата жолун жолдоочу мураскердин өмүрү бар. Мына, ошол улуу максатка, улуу ишке бел байлаган кайран энең Каныкей ашуунун белинде алдан күчтөн тайып, кыйналганына кайыл:

Бөдөнө деген кайран куш,
Бөлүнүп учат талаа үчүн.
Бөөдөсүнөн кор болдум,
Береки төрөмдөн калган бала үчүн.
Көөлдөгөн көр Көбөш,
Кең-Колдон чапты көчүмдү.
Жаш жетимди калкалап,
Энекемди аркалап,
Алалбай кеттим өчүмдү, —

деген кейиште калат.

## Семетей күү

Канкор Манас кабылан,
Ошонун уулу Семетей,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Дүмпөкүнүн тукуму.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Кара суугa кан куйган,
Кабыландын так өзү. —

деген ыр саптарындагы Манастын уулу Семетейге ыроолонгон туруктуу эпитеттер, айкөл Манастан кийин Семетей ысымынын эл жүрөгүндө өчпөс тамга болуп сакталышынын айкын күбөсү дээр элек. «Манастын» үчилтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек») бүтүндөй айткандар да, атайылап «Семетейди» айтууну кесип кылып алган ырчылар да аз эмес.

Манас өлөөрүндө Каныкейге керээзин калтырды: «Айым, көзүмдүн тирүүсүндө айтып коёр сөзүм бар, угуп ал. Абыке,

Көбөш, Чыйбыт, Чочмор, Ажыбай, Келбай арамдардын ичи жаман: чалгырты жүрчү көзүндө, чамасы келсе чочколор чалганы жүрчү өзүмдү. Кыйшыгы жүрчү сөзүндө кыябын тапса алты кул кылганы жүрчү өзүмө. Ажалым жетип мен өлсөм артымдагы туягым Семетейди мерт кылса өрт өчкөндөй болбосун. Менин көзүм өтүп кетсе, Талас сага жер болбойт, алты арам сага эл болбойт. Каны өлгөндө катынга төркүнү жакын болуучу, жыйылуу мүлкүн чачып кет да, Букарды көздөй качып кет. Кыркып берип чыбыгын, кылып берип ырымын Семетейди атаң Темирканга табышта. Эр жетип бой тартканда кең Таласты көргөзсүн...» Манастын айтканындай болду. Баатырдын кабырдагы сөөгү сууй электе Абыке, Көбөштөй арамза туугандардын көрсөткөн кордугуна, көрүнөө кылган зордугуна кабылган Каныкей балтыр бешик Семетейди ала качып барып, атасы Темирканга табыштады.

Семетей он экиге келгенде алоолоп күйгөн өрт болуп, ачуусуна тийгендер аянбастан мерт болуп, ит агытып куш салып, мылтык атып, жаа тартып, жол күзөтүп жоо чалып, жигит-жалаң кошчу алып, өз билгенин жасап, тентектиги ашынып, бөлөк-бөтөн жерде эр жетип чоңоюп жатты.

Таятасы Темиркан бир чети Манастын ашы деп, Семетейдин эр жеткенине арнап ат чаап, чоң той берди. Атасы Темиркандай, иниси Ысмайылдай хандардын башын аттап, аял башы менен «ат чабам» деп ээлигиши өөн-өрөзгөй сезилсе да, акылы артык Каныкей Тайторудай күлүктү төлгөгө чаап, «кыргыздап» ураан чакырып, Манастын арбагын козгоп Семетейдин сезимин ойготууну чечкен.

«Каныкейдин Тайторуну чабышы» алп манасчы Саякбайдын өзгөчө эргүү менен айткан эпизоддорунун бири болсо, аны комузчулар да күүгө салып, берилүү менен аткарышкан. (Тилекке каршы, радионун музыкалык «Алтын казнасында» бул күүнүн орду бош калган).

Ушундан көп узабай Семетей Сарытаздан ата-тегинин кабарын угуп, энеси Каныкейден сурап, чын-төгүнүнө көзү жетет. Каныкей Семетейге Таласка кандай жол менен барарын, аякта кимдерге жолугарын, андан ары Манастан калган Бадана, Соот, Аккелте, Сырнайза, Аколпок, Айбалта, Ачалбарс, Кандагай, Акшумкар сыяктуу 8 мүлктүн кимдердин колунда калгандыгын, аны кантип табуу керектигин түшүндүрөт. Эпостогу «Каныкейдин жомогу» аталган бул окуя комузда «Каныкейдин каалгыма» деп чертилет.

Семетей таята, таякелеринен, чоң энеси Чыйырдыдан, энеси Каныкейден бата алып,

Тулпарды минген турчу эмес,
Тууганга жетпей тынчу эмес.
Кош апаке, берекем,
Манасты тапкан энекем.
Ала-Тоолук элимден,
Адашып келген мен экем –

деп, Таласты издеп, букардан Сыр-дарыяга өтүп, андан Олуя-Атаны басып, Таласка түшөт. Баатырды эл карысы Бакай тосуп алып, атасы Манастан калган Кумайык, Акшумкар, Желмаяндар менен кездештирип айкөлдүн жарактарын колуна тапшырды. Семетей кайта Букарга келгенде Темиркан мал көзүнө карабай, дүнүйө мүлкүн аябай кызы менен жээнине энчи бөлүп узатты.

Жалгызым сенин бардыгың –
Таласты кашкөй көргөнүм.
Аман жеттим бу жайга;
Арманым жок кудайга –

деп, кайрылып Таласты көргөнүнө жетине албай Каныкей энең баабедин айтып, бата кылып, керилип жаткан Кең-Колго көчүн түшүргөн дейт.

Тегиз туулган Семетей чоң атасы Жакыпты, агалары Абыке, Көбөштү, Манастан калган кырк чорону, кырктын башы Кыргыл чалды өз тууганым деп эсептеп, башка иш түшсө арка-бел кылууну ойлоду. Бирок ичи бузуктар мансап бийликтен ажырап калуудан чочулашып, Семетей күткөн жакшылыкка жамандык менен жооп берүүгө, керек болсо, элди-жерди сатып жиберүүгө, Манастан калган туякты тындым кылып коюга да даяр турушту. Семетейдин баатырдык аракеттериндеги алгачкы кадамдар сырттан келген душмандарга эмес, өз туугандарына болгон кармаштар менен башталды. Манас тушундагы уруулар биримдиги ыдырап, өз ара ыйкы-тыйкы мамилелер курчуп, кан төгүшкөн күрөштөргө көбүрөөк ыкыс берип баратты.

Кыргыл чал баштаган кырк чоро Семетейден чочулап, «баары бир мында калсак өлөбүз, өлбөсөк Семетей чунактан көргүлүктү көрөбүз андан көрө калмакты көздөй качалык, кармаша чыкса Семетейдин канын суудай чачалык» деп кеңеш курушту. Муну

уккан Семетей чоролордун артынан жетип, жалынып-жалбарганына карабай, көөнү бузулган көөдөктөр кайта Семетейди тегеректеп, кылычтарын алышып, чоюнбашын камдашып, найзаларын сунушуп, чындап уруш баштайт. Кочкордун төмөн жагында Семетей чоролорду түгөл кырып, кыркына кырк бейит-күмбөз салдырып, кайта Таласына ат тизгинин тарткан экен. Атасынан калган чоролордон медер кылып, эки баланы асырап багып алат. Булар Алманбеттин туягы Күлчоро, Чубактан калган Канчоро, кийин Семетейге жан шерик болуп кызмат кылышкан.

Семетей кайрат-күч эрдик жагынан атасынан кем түшпөсө да урууу бытырандылыгын бириктирип, бир күчкө айландырууга чамасы жете албады. Айчүрөктүн айынан жедигердин Толтоюнун көзүн тазалап, андан кийин атасынын кунун кууп, Коңурбайга аттанды. Эсепсиз уруштардан кийин Коңурбай менен Нескараны өлтүрүп, эми бейкут турмуш башталарда Көкчөнүн уулу Үмөтөй: «Атамды атасы зордоп алпарып кытайларга өлтүрткөн» деген ич күптү доо коюп, согуш ачам дегенде Тайбуурулду тартууга берип кутулду. Семетейдин атсыз калгандыгынан пайдаланып, Кыязга алдыртан кат жиберип, Толтойдун өчүн алууга тукурушту. Кыяз катты алгандан кийин кол курап келип, жашырынып жатты. Алдыртан душмандар тарабына өтүп кеткен Канчоро «Манастын күмбөзүнө тайынып келели» деп, Семетейди көндүрүп, курал жараксыз талаага алып чыкмак болду. Каныкей менен Айчүрөк жаманчылык болоорун сезип, «бүгүн эч жакка барбагыла» деп айтканына карабай атасын тарткан алакөөдөк эр Семен өзөктөгү өрттүн азгырыгына көнүп, Кыяз менен Канчоронун колунан каза тапты.

Кайран энең Каныкейдин айтканы айткандай болду. Шай колдогон Күлчорону камалап жатып колго түшүрүп, оң далысын оюп, оң колунун кечирин такыр сөгүп, тирүү бойдон тул кылып, жылкычылардын башчысы Карагулга кул кылып беришти. Жедигер эли чогулуп Канчорону кан көтөрүп, Семетейдин чоң ордосун жедигерге бастырып, кожо молдолорду жыйып келип Чачыкейди Канчорого нике кыйдырышты. Олуя чалыш Бакайды сексен балбанга өлтүрбөстөн көкбөрү тарттырып, картайганда Каныкейди, Күлчоронун зайыбы Акбаланы күң кылып, айдай болгон Чүрөктү жедигердин Кыязы олжо катын кылып аялдыкка алып, Көкжалдан калган, көп дүйнөнү камчыга ченеп бөлүшүп, буттап алтын зер алып, дүнүйөнү көп алып, жерине кайтышкан.

Мына ушул окуялардан улам эл башына түшкөн мүшкүл тыштан кирген душмандар колдуу эмес, ички ириткен феодалдык уруу бытырандылыгынын кесепетинен келип чыкканын угарман чертилген күүдөн баамдай алат.

## Айчүрөктүн Акшумкарды ала качканы

Манас көзүнүн тирүүсүндө Оогандын Акунканы менен белкуда болуп, баталашып койгон. Манастан уул – Семетей, Акундан кыз – Айчүрөк төрөлөт. Семетей бешиктеги кезинде Манас о дүйнө тартып, кийин Акункан менен байланыш үзүлүп калган. Семетейдин балалык чагы Букарда таятасыныкында өтүп, 12 жашка толгондо жери Таласка келет. Бу кезде Чынкожо, Толтой биригип: «Айчүрөктү Семетей жетимге бербей биз алабыз» – деп, кол курап келип, Акункандын шаарын камайт. «Олжо катын аталгыча баталашкан жарым Семетейди издеп табайын» деп, Акундун кызы Айчүрөк аккуу кебин кийип, асман менен сызып Таласка келип, амал менен «Семетейдин Акшумкарын ала качкандагы» окуя комуз күүсүнө салынган. Бул күүнү радионун музыкалык «Алтын казынасына» Ыбырай Туман уулу жана Асаналы Кыштообай уулу тапшырышкан.

Эл-жерин таап, орун очок алган Семетей: «Кытайдан атасы Манастын кунун куусак кантет» деп, Чынкожого кеңеш салат. Тең туугандык кылып, Семетейдин кеңешине Чынкожо кулак кагыш кылбайт. Мындай оройкөйлүккө Күлчоронун ачуусу келип, Чынкожонун жылкыларына ногойдун тамгасын бастырып, айдаттырып алган. Шылтоо таппай турган Чынкожо Жедигердин эр Толтою тарапка көчө качат. Ал жерде да жөн жатпай, «Букардан тентип келген жетимдин үчүн алып койсом» деген ниетте:

Буурул атты берсин, де
Бул сөзүмө көнсүн, де,
Бул сөзүмө көнбөсө,
Көргүлүктү көргүн, де.

Тайбуурулду суратып, эки жигитти чаптырат. Семетей Чынкожонун чокчоңдогон эки жигитин Күлчоро менен Канчорого сабатып, желин чыгарып айдап жиберет. Чынкожо ЖедигердинТолтоюна барып: «Атаң Багышты өлтүрткөн канкор Манас эмес беле, эми өч ала турган кез келди.

Орундуу айткан сөзү бар,
Олуя Чүрөк өзү бар.
Канга ылайык каныштты,

Семетей жетимге жеткирбей тартып алалы, каршы чыкса канын суудай чачалы,» – дейт. Бул акылды эп көрүп, эр Толтой кошуун жыйнайт. Акункандын жерине көчө келип, капканы камалап, «Айчүрөктү берсин» деп, кайта-кайта элчи салышат. Чынкожо менен Толтойдон келген «жуучуларга» Акункан:

Айчүрөктү бербеймин,
Менин чамам келбесе,
Издеп алар шери бар,
Эр Семетей баатырдын
Колуктусу болучу.
Кайтып кеткин үйүңө –

деп, кесе жооп кайтарат. Айчүрөк баскынчылардын оңой жоо эмес экендигин акылында туюп, ак батаны медер тутуп, Семетейди издеп табууга бел байлайт да «40 күндөн кийин жооп берейин» деп, Чынкожо, Толтойго тил эмизип аккуу кебин кийип, канатын күнгө каккылап, куйругун кумга чапкылап, ак куурай башын сыдырып, ай-ааламды кыдырып, «Талас кайдасың?» деп алыскы сапарга учуп чыгат. Оогандан чыгып закымдап учуп келаткан Айчүрөк Кашкардын каны Каншыбекти көрүп:

Түпөк сакал түксүйгөн,
Түгөнгүрдүн бири экен.
Кербендерди башкарып,
Жолдо жүрчү неме экен – деп сынап өттү.

Андан Эркеч-Тамды ашып, Анжыянга түшкөндө:

Көк кепичин тепейтип,
Аргымагын кекейтип,
Козу кара кочкордой,
Корчоңдогон кул экен,

кокус Толтой менен беттеше кетсе, айбат күчү чай кайнамга татыбас, – деп, Санжыбекти сынап өттү. Маргалаңдын Малабегин көргөндө, «Кокон, Ташкен, Маргалаңдын эли да, жери да коёндой окшош экен, анын несин айтайын. Мынча болду, Айкожонун

Билеригин да бир имерип көрөйүнчү» — деп, Кетмен-Төбөгө бурулду.

Жол жороголуу кылтылдак,
Жорго чалыш киши экен.
Олтурса турса жуунган,
Молдо чалыш киши экен.

Селдеси башынан түшпөгөн зайып чалыш мындай жанга кантип тием да, ала шайы көйнөгүн кантип кием? — деп, аны да артка таштады. Месеилди басып, Кеӊ-Какшаалды ашып келип, Элемандын эр Төштүгүн көргөндө:

Жаш кезинде Төштүк дөө,
Кыйла эрдин берени экен.
Бирок жигиттик доору өтүптүр,
Абышкалыкка жетиптир, —

деп кейиди. Андан ары Ат-Башыга ооп, Чеч-Дөбөгө келди.

Калыйпадан кат алган
Канзаададан бата алган
Он эки пирге кол берип,
Зайыпбуруш атанган.
Батасы журтту байыткан,
Өмүрдү кудай бериптир.
Жашы жүзгө келиптир.

Кайран абам, кан Кошой от башына бөгүп, өөдө боло албай чөгүп калган экен го, — деп, боору ачып, аяп кетти.

Чөлдөн чөлдү кыдырып, Илени бойлоп келатып, Сары-Аркадагы Көкчөнүн уулу Үмөтөйгө кезикти.

Дүмбүл кыял торпок чалыш,
Жоого кирсе коркок чалыш неме экен.
Белге таӊуу кыларга жарабас —

деп, көп токтобой учуп жөнөдү.

Андан өтүп Тоо-Челекти ашып, Ысык-Көлдү кыркалап, Кызыл-Кыяга келди. Келди да Кырымдын уулу Мурадилди сыртынан акмалап, ички сырын тартып: «Баатырлыгы бар экен, бирок манжуу менен солондорго алынып кетиптир. Ак калпак кыргыз элине аркасы тие койбос, кызыл киндик калмактын кай кылыгын айтамын?» — деп көӊүлү чөгүӊкү ары узады.

Айланып учуп отуруп, Чет-Бээжиндин оюнан Жекендүү-белдин боюнан Коңурбайды тааныды:

Каардуу калмак башы бар,
Калпакта шуру ташы бар.
Айдалысы кең экен,
Адамдан чыккан эр экен.
Оң далысы кең экен,
Ойроттон чыккан эр экен.
Далай жашка толбосо,
Калкыма душман болбосо,
Тийип алчу неме экен!
Бирок, муруту буурул болуптур,
Далай жашка толуптур.
Адырайган баатырдын,
Абыдан бою соолуптур, —

деп аялдабай учуп өттү. Чоң Ополдун оюна, Сары-Көлдүн боюна барганда сакалы бир кучак, Буудайык кандын Музбурчакты көрүп:

Сакалынын агы экен
Сапар кеткен чагы экен —

деп, аны да артка калтырды. Алайды басып, Анжыян менен Ташкенди аралап, Кара-Буура Чаткалды айланып өтүп, Кең-Колдун маңдай жагындагы Манастын күмбөзүн таанып, «Кайнатамдын үстүнөн учуп өтсөм кесир болоор» — деп кыйгап өтүп, Төрт-Күлдүн төмөн жагындагы Семетейдин айлына жакын Боз-Секиге келип конду. Ал аңгыча болбой, эрке катын Чачыкей Ордодон чыга келип, кашкар уста курган көлчөгө колун чайып турганда алдын тосуп чыгып:

Эжеке, кулак сал мага,
Айта турган арзым бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жедигердин Толтою,
Шаарымды басып камады.
Антташкан жары Чүрөктү,
Эр Семетей баатырын,
Талашып барып алабы?
Атабыз Манас арбагын.

Атап туруп ант берем:
Өрүүдө үйүң оңдоюн,
Көчкөндө төөң комдоюн.
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн... —

деп жалынып жалбарат. Айчүрөктүн кылыгына Чачыкей чок баскандай секирип:

Суудан чыккан суксуңбу,
Жерден чыккан жексиңби?
Же жез тумшук деген сенсиңби?
Шайтан сүрөт карабет,
Шакылдабай ары кет! —

деп жаа бою качып жакындатпайт.

Эрке айымдын кыял-жоругуна теңелбей, дагы бир ирет алдынан өтүп: «эже-сиңди болуп, тамаша менен таңды атыралы, күлкү менен күндү батыралы. Алты күнү саа жатсын, акыркы күнү маа жатсын, жети күнү саа жатсын, жетпеген күнү маа жатсын, ага ичтардык кылбайын, эжеке» — деп, эки колун ооруна алып, жооп күтөт. Эрке айымдын ачуу тили Айчүрөктүн денесин суу бүркөндөй ичиркентти. Айласы куруган Айчүрөк ак була болуп жолдон жолугаарын, ак балык болуп көлдөн көрүнөөрүн, аккуу болуп көлдө сүзүп, акшумкарды амал менен алып качаарын эскертти да, көздөн кайым болду.

Акырын басып шаңкылдап, айнектей көзү жаркылдап, Шаатемир кызы Чачыкей чоролорун ээрчитип ууга чыкмак болгон төрөсүнүн жолун утурлап: «Бүгүн шаршемби оор күндө сапарга чыкпай эле койгулачы, төрөм» — деп өтүндү. Аялдын сөзүн элебес, эр Семен колго камына берди, Айласы куруган Чачыкей: «Ак була жатса алдырба кайним, ак кууга кушун салдырба кайним, ак чабак көрсөңөр ага да буйдала көрбөгүлө, кагылайын кайним», — деп Кулчоро кайнисине эскертип кала берди.

Оң жагында Кулчоросу жандап, сол жагында Канчоросу коштоп, ит агытып, куш салып келаткан санжыргалуу баатырды көрүп көөнүнө толтуруп:

Качырганы жолборстой,
Кармаганы илбирстей,
Курчтугун көрсөӊ албарстай,
Кеӊдигин көрсөӊ Таластай.
Эрдигине карасаӊ,
Атасы өлгөн Манастай.
Мандайыӊа карасаӊ,
Кара кашка тынардай.
Тулку боюн карасаӊ,
Сайга чыккан чынардай.
Эр Семетей баатырга,
Тиер күнүм бар бекен? –

деп, Акундун кызы Айчүрөк ашык болуп, Айдыӊ көлдүн боюнда астыртан карап турду. Баатырлар шайбыр жүрүшкө салып, эӊкейиштеп келген жолдун айрылышында булайып жаткан таӊгак кебезди көрүштү.

– Кербендерден түшүп калгандыр, барып алып кел, – дейт абасы.

– Ой аба, талаада жаткан буланы алып, олжо кылганыбыз уят ко? – дейт чоросу.

Кара суунун көлчүгүнөн туура кечип баратып, суудан чыгып жылтылдап, кайта сууга кирип кылкылдап ойноп жаткан балыкты көрүштү – «Кармап алалы» – дейт абасы.

– Бу да бир макулук, жайына эле коёлучу, – дейт чоросу.

Акшумкарга өрдөк, каздарды илдиртип, тайганга кыргоол тиштетип, тамашага батып, кечки салкын бешимде кайтып келе жатканда, балырлуу көлдүн боюнан мойнун койкойтуп, кукулуктап сууда сүзүп жүргөн аккууну көрүштү.

– Агыт шумкарды! – дейт абасы.

– Карып калган куу окшойт, абаке, убалына калбайлычы, ак шумкарга салбайлычы, – дейт чоросу. Ачуусу келген Семетей, ак шумкарды кууга шилтеп калды. Аккуу шумкардын чагарактуу боосун жыя кармап, бооруна кысып, ак канатын калкактатып, асманга карай сызды.

– Күйдүргү чунак Күлчоро, ушу бүгүн үч жолу шектүү иш жасадыӊ. Ак буланы албадыӊ, балыкка баспай койдуӊ, аккуута кушту салдырбадыӊ. Сенин билгениӊ бар, ачыгын айт, – деп кыстай баштаганда,

– Аба, ак шумкар жайын бир билсе Чачыкей жеңем билет, уруксат бериңиз сурап келели, – дейт.

– Баргыла, – деди да Семетей ээрин жазданып, ак олпокту жамынып камыштуу көлдүн боюнда жатып калды. Эки чоро эңтеңдеп, Кең-Колго чаап келишип, Чачыкейди өргөсүнөн таап, Ак шумкар жайын сураштты.

Чачыкей айласы кетип, кечээги Айчүрөк менен болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди. Эки чоро кайта чаап келип, абасына сүйүнчүлөйт:

Абаке, сага сүйүнчү.
Душманга болсун күйүнчү!
Ак шумкарды Акундун кызы Айчүрөк алыптыр.

Ак шумкардын жайын уккан эр Семен абасы Бакайды чакыртып, батасын алып, Акункандын шаарын бет алып, ашып-шашып чоролору менен жөнөп кеткен экен.

## Ак-Инектин белеси

Алтымыш күн жол жүрүп, Үргөнчкө жакын келгенде «ат өргүтүп» алалы бүткөн бойду жазалы, Акункандын шаарына анан кирип баралы», деп баатырлар чатырып тигип, өрүүн алып жатып калышты. Таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда төрөнүн уулу Семетей кермеден атты алдырып, Ак-Инектин башына чыгып көмүркөйдөй ташка көчүк басып, алты муунак чоң дүрбүнү алты бурап жеткирип, кынабына келтирип Ополду көздөй жиберип карап турду. Чоролорун чакырып алып:

Карарган калың калаадан
Бер жагында талаадан,
Бөлүнүп чыкты бир топ жан.
Тааный албай болдум таң.
Жолоочу болсо, жолго сал
Жортуулчу болсо, башын ал.
Кимиң барсаң аның бар.
Ар кимиңдик боюнда,
Адам түткүс алың бар!

– дегенде, тили чечен өзү шок, тирүүдөн мындай адам жок Күлчоро барууга шайланып: «Айланайын, абаке, чалгынды өзүм чалайын, чалбай кантип калайын, алдымда минген атымдын

аягы мукур ит эле, агыны катуу Үргөнч дарыя бар, айкалышкан жоо чыгып калышы да ажеп эмес. Буурулду бериңиз минейин, буулумду бериңиз кийейин, күркүрөп аккан дайрага күүлөнүп барып кирейин, тосуп жаткан жоо болсо, ылаачындай тийейин, шойкомдуу жеңем Чүрөккө олжолуу болуп барайын» – деди. Баланын сөзүн кайтарбай башкача кылып айталбай абасы макул болду. Күлүстөн туулган Күлчоро үзөңгүгө бут коюп, булдурсунду имерип, тоодой болгон Буурулду томукка тартып жиберип Ак-Инектин белесине чыга берип, абакесине кол булгап, Айчүрөк жеңе кайдасын? – деп жүрүп берди. Тизгинде колу карышып, ооздук менен алышып, учуп кетчү немедей зыркырап бараткан Чоросунун карааны үзүлгөнчө Ак-Инектин белесинен көз албай карап турган эр Семеңдин элеси да комуз күүсүндө (Асаналы Кыштообаев) «Ак-Инектин белеси» деп чертилип келет.

«Манас» күүлөр радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Манас күү» | 7756 | 1'09 | Өзбек Рысбеков |
| 2 | «Чоң казат» | 9060 | 2'44 | Ыбырай Туманов |
| 3 | «Чоң казат» | 3881 | 2'05 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 4 | «Чоң казат» | 2925 | 1'22 | Бектур Осмонов |
| 5 | «Каныкейдин арманы» | 9092 | 2'30 | Ыбырай Туманов |
| 6 | «Каныкейдин арманы» | 2608 | 3'06 | Асаналы Кыштообаев |
| 7 | «Каныкейдин арманы» | 9461 | 2'36 | Усуп Орозов |
| 8 | «Каныкейдин арманы» | 2415 | 4'00 | Акысбек Дүйшеев |
| 9 | «Каныкейдин арманы» | 1720 | 3'22 | Карамолдо Орозов |
| 10 | «Каныкейдин арманы» | 2147 | 3'50 | Кеңеш Сулайманов |
| 11 | «Каныкейдин арманы» | 3702 | 5'32 | Асылбек Эшманбетов |
| 12 | «Каныкейдин күүсү» | 3001 | 2'15 | Мейилкан Козубекова |
| 13 | «Каныкейдин каалгыма» | 2663 | 1'47 | Асылбек Эшманбетов |
| 14 | «Каныкей күү» | М.58 | 2'55 | Асылбек Эшманбетов |
| 15 | «Алманбет менен Чубак» | 9730 | 4'08 | Асаналы Кыштообаев |
| 16 | «Жол талаш» | 9679 | 4'08 | Ыбырай Туманов |
| 17 | «Алманбеттин арманы» | 6 | 2'33 | Ыбырай Туманов |
| 18 | «Айчүрөктүн Семетейдин Акшумкарын ала качканы» | 3008 | 2'09 | Ыбырай Туманов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 19 | «Семетейдин Айчүрөктү кекетип турушу» | 2924 | 2’22 | Бектур Осмонов |
| 20 | «Семетейдин чоң кошуун» | 2317 | 0’52 | Бейшен Бакыев |
| 21 | «Ак-Инектин белеси» | 2611 | 2’19 | Асаналы Кыштообаев |

# КҮҮНҮН БАШЫ – КАМБАРКАН

«Камбаркан» – күү атасы, күүнүн башы,
Кайруусу: өмүр кышы, өмүр жазы.
Анда бар азап тарткан элдин зары,
Анда бар азап таркан элдин жашы»
*(Жалил Садыков)*

Бай тарыхы жана маданий салты бар элдин мурастык музыкаларынын да бай казынасы болот. Музыкалык ой жүгүртүүсүн, учкул фантазиясын аса таяк, жылаажын, чымылдак, зуулдак, чогойно чоор, чопо чоор, сыбызгы, добулбас, доол, дап, кыл кыяк, сурнай, кернай, жыгач ооз комуз, темир ооз комуз, үч ичек кылдуу өрүк комуз... сыяктуу ондогон музыкалык аспаптарда өнүктүрүп, аларды жашоо тиричилигинде кеңири пайдаланып келишкен музыкалык мурасы бай элдердин бири – кыргыздар.

Аспаптардын кайсы бир түрлөрү таш кылымында эле жасала баштап, жыгачтарды кагыштыруу, таштарды ургулоо аркылуу «тарсылдак», «калдырак», «шаңгырак», «шылдырак» сымал добуштарды алып, жыгачтын сөңгөктөрүн көңдөйлөп, кыйгак өсүмдүктөрдүн жалбырактарын үйлөө менен «чыңылдаган», «ызылдаган» ышкырык үндөрдү таап, бул эң жөнөкөй жана жапайы музыкалык үндөштүктөрдү жашоо муктаждыктары үчүн пайдаланууну эртелеп колго алган элдердин бири да – кыргыздар.

Өндүрүш куралдары өсүп, коомдук жылыштар башталганы ошол адепки үндүштүктөрдү жаңыча сапатка өтүп, эстетика талабына ылайык жаңы типтеги музыкалык системанын жаралышын шарттады. Натыйжада, өсүмдүктөр менен жыгачтардын сөңгөгү күмүш, жез металлдары менен коооздолуп, же чылгый металлдарды иштетүү менен – жезнай, сурнай, чоор... сыяктуу; жаргак, терилерден доол, добулбас, дап дагырага окшогон; жаныбарлардын мүйүзүнөн – «кернай» дечү музыкалык аспаптардын өркүндөтүлгөн түрлөрү эл турмушуна сиңише берди.

Улуттук музыкалык аспаптарыбнздын байыркы үлгүлөрү качан жаралган, кайсы устанын колунан чыккан?.. сыяктуу суроолор ар качандан бир качан көңүлүбүздү кытыгылап келет. Мындай суроо үч ичек кылдуу комузубузга, «күүнүн башы Камбаркан» үчүн да тийиштиги бар эмеспи.

Даанышман жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун: «Күүнүн башы Камбаркан» дешет. Байыртан келаткан күүлөрдүн аксакалы же атасы экендигине менин деле шегим жок. «Камбаркандарды» Карамолдо менен Муратаалы чыгарган дей берсек, анын байыркылыгына шек келтирип алабызбы деймм. Кандай да болбосун «Камбаркан – күүнүн башы» деп көөнө тарыхта айтылып калгандан кийин, анын статусун аныктап, сан кубалабай, сапатын ачып, байыркы мурас катары тарыхка тартуулашыбыз керек (радио маектен),» – деген насаат жолдомосунан улам, илимий фактылардын, аныктамалардын жармачтыгына карабастан, эзелтеден айтылып келаткан элдик улама-аңыздарга, жомокторго, жаки болбосо, үлкөн элдердин байыркы жазмаларына, тарых булактарына шилтеме берип, ой жорупту ортого салууну эп көрүп турабыз.

Дили бирге тили жакын казак калкында эки кылдуу «кобуз» аспабын жасап, ага өзүнүн арман күүлөрүн чалган Коркут баба жөнүндө айтылат. Бул аспапты (кыл кыякты) X кылымда атактуу илимпоз Абу-Али-Ибн-Сина (Авицена) ойлоп тапкан деген да айыңдар бар. Ал эми моңголдордун кыл кыягын болсо, казатта окко учкан күлүк атынын күйүтүнө чыдабай жал, куйругун кесип алып, бир баатыр жигит жасаган сыңары..

Кыргыз комузунун алгачкы жаратманы Камбар деп таанылып, комуз күүлөрүнүн башаты анын ысмында «Камбаркан» аталып калгандай. Мына ошол кыргыз комузу кандай шартта качан жаралды? Бул жөнүндө узун сабак уламалардын учугу чубала бермек.

Капыстан качырган душманынан ойт берген бечара маймыл бутакка калпыс секирип, карды жарылып, ичегиси жаракага илинген боюнча таза кургап, жорткон жел терметкен сайын жагымдуу коңур добуш чыга берген. Жаратылыштын ушул жандуу кубулушуна таасирленген Камбар устанын учкул кыялы алгач комуз кылын, соңунан комуз аспабын жаратууга мажбурлаган экен деп айтылат.

Адетте, кыргыз комузунун кылы колдо багылган койдун ичегисинен жасалат эмеспи. Ал эми Камбар уста ысык алкактын жаныбары — маймыл ичегисине кайдан туш келип отурат? Бул олуттуу суроонун оролу да кызыгууну арттырары шексиз.

Миң жылдан нарыга кылчайсак «Манас» баяны келет дилибизге. Аны баштаар алдында «ээ-эй, байыркынын жомогу баштаса келер оролу!» — деп кыраатын келтире созуп алмай жайыбыз бар. «Күүнүн башы Камбаркан» баянын баштаар алдында да «илгери-илгери» деген мезгил тактоочту сөз башына орой чалма адатыбызды айтсаң. Көрсө бул айтымдардын артында мезгил туңгуюгуна сөөмөй кезеген ишарат кылтыйып жатат белем? Ал кайсы мезгил туңгуюгу? Ушул багытта санжыра, тарых маалыматтарына учкай болсо да саякат жасап көрөлүчү: тарыхчы Белек Солтоноев Кытайдын көөнө тарыхына шилтеме салып, биздин эрадан 500 жыл мурунку түндүк Кытайдан келген «Динлин» урууларын кыргыздарга жакындаштырса, жазуучу Орозбек Айтымбетов: «Байыркы Кытай жазма эстеликтеринде («Цицзиде») хундардын (кара кыргыздардын) түпкү бабалары б.з.ч. 6000-3000 жылдарда эле белгилуу болгон» («Эзелки кытайлар менен байыркы кыргыздар» макаласынан) — деп, кыргыз дар дарегин андан аркы мезгилдер түпкүрүнөн боолголойт. Чоң манасчы, санжырачы Балык Кумар уулу бул маалыматка үндөш 3000 жылдар мурун жашаган Угуз-Уйгур мамлекетинин мураскору Угуз хандын небереси Оторкандын тушунда өлкөнүн чеги Эдил, Каспий, Ооган, Индустан, Алтай, Наймандарга чейин жеткендиги жөнүндө (С. Закиров «Кыргыз санжырасы» 1994) кабарласа «мындан 4800 жыл мурун жашаган Угуз хандын небереси Кыргыз болгон» (ушул китепте) деген кабарды санжырачы Талип Молдо маалымдайт. Ушул тарыхый-санжыра даректерине көңүл муютсак байыркы кыргыз уруулары Манас атадан миң жылдар мурун өмүр кечирип келаткандыгы жарк этип чыга келет. Жанагы Камбар тапкан комузуна таккан маймыл ичегиси — кыргыз уруулары кытай, индустар менен жамаатташ жаткан мезгилдеги ошол чер токойлуу ысык алкакка карай жетелеп жөнөгөнсүйт.

«Манас» эпосунда:

Бөрсө деген бир жан бар,  
Курсагынан бөжөндөп,  
Чыгып турат баласы,

Киши кийи, төө кийик
Адырында көп экен...

деген ыр саптар учурайт.

Эпостогу аталган бу жаныбарлар бөрсө, кенгуру, (киши кийик) азыркы мезгилде экватордун айланасында кездешет. Демек, эпос жаралган доордо эле Алтайдын климаттык шарты азыркы тропикалык өлкөлөрдүн климатына туура келбесе да, ага жакын болгон окшобойбу. (Курманалы Матикеев. «КМ», 17-август, 1989-ж.) Бул божомол пикирдин комуз кылынын жаралышына себепчи болгон маймыл ичегиси жөнүндөгү уламыштын чындыгына кандайдыр даражада катыштыгы бар сыяктуу. Эмки сөздү комуз аспабынын байыркылыгына оошталы.

«Кыргыз рухунун туу чокусу» аталган «Манас» дастанында кабарлагандай комуз өнөрчүлүгү ошол учурда эле эл турмушуна терең сиңип калгандыгы байкалат:

«Карагай капкак жаптырган
Комузчудан жүздү алып... »

Каныкейдин тоюн өткөрсө, айкөл Манас ооруп жатканда кайыңдан чаптырган комузун чертип эрмек кылгандыгы жөнүндө да кабар бар эмеспи. (Сагымбай «Манасынан»)

Ханзу тарыхый маалыматтарына таянып, кытай тарыхчысы Анвар Байтур мындай деп жазат: «Энесай кыргыздары түрк тайпаларынын ичинде көркөм өнөргө өтө бай эл болгон. Алардын сыбызгы, зынгырама (зын), бандууду, доолбас, шыңгыроо деген элдик музыкалары жана коомдук турмушунда өтө чоң маныга ээ комуз өнөрү саналган. Бул музыканы эр-аял, кыз-жигит жана кары-жаш дебей күүгө келтиришкен. Ошондуктан комуз адегенде «коом-ооз», «кооз-ооз» деп да аталган.

Комуз музыкасы жаңы эрадан илгери I кылымдарда ата мекенибиздин ички райондорунда таркаган. Жаңы эрага чейин 33-жылы хан империянын падышасы Хань Юалдий ордо кенезектеринин бири болгон Ван Хавчун деген кызды Уннулардын теңири кутуна (падышасына) узаткан. Бир канча жылдан кийин Ван Хавчун өз мекени Чоң-Аит шаарына кайтканда бир музыка ала келген. Конок ашында отурган бир аалымы:

Бул музыканын аты эмне? – деп сураган.

Бул «кобус» деген музыка болот, – деп жооп берген Ван Хавчун. «Кобус» кыргыздардын «комуз» деген сөзүнөн чыккан болсо керек... »

Ошондой эле Жапандык атактуу музыка адиси Аясы Кенту (Ли Чан Сан) деген адамдын «Чыгыш музыкаларын изилдөө» деген эмгегинде Жунгонун (Кытайдын) Тан империясы тушунда кыргыз комузу Ханзу (кытай) музыкалары менен бирге Жапанияга барып калган. Жапандыктар бул музыкага өтө көңүл буруп, кыргыз комузун негизинде «КЬОТО» деген музыканы ойлоп табышкан. «КЬОТО» – кылдуу музыка дегенди билдирет».[8]

Кытайдагы кыргыз боорубуз Амантур Абдрасул да «Кызыл-Суу» гезитине ушул мазмундагы макаланы жарыялап: «Турпан шаарынын чет жакасынан архитекторлор тапкан кыргыз комузун 1000 жыл илгери жасалса керек деп болжолдойт да, балким, Манас доорунда Манас менен бирге жер айдап Турпанга барган кыргыздардан калган баалуу мурас болгондур» деген кызыктай ой-жоромолду кошумчалаганы бар.

Кыскартып айтканда, үч кыл комуздун байыркылыгы, алмуздактан дүйнө элдерине таанымалдыгы, тарых булактарында калган издери тууралуу аз да болсо кабарлар болгонсудук окшоду. Эмки сөздү Камбар деген ким болгон, комуз кантип жаралты, «Камбаркан» күү аталышы жагдайда болмокчу.

Байыркы замандагы Коркут ата 18 миң ааламга кулак төшөгөн, табияттын миң кырлуу сырларын туя билген, бир эле тыбыштан 28 үн алып, үндөк системасын түзгөн, аларды өзү чаап жасаган «кобуз» аркылуу угармандарга жеткирген касиеттүү адам болгондугу айтылат.

Кыргыз музыкасынын өзөгү – комузчулук өнөргө негиз салган Камбар баба да Коркут ата сыяктуу турмуш ыргагын, табият кубулуштарын ой элегинен өткөрө билген, дүйнө таанымы терең, музыкалык жөндөмү артык адамдардан экендиги талашсыз. Улама-аңыздарда айтылгандай Камбар баба Кайберен артынан сая түшкөн кадыресе мергенге окшобойт, дагы бирөөлөрдү туурап, каары күч зулум хандардын катарына койгон болсок, ченемден четтеп кетчүдөйбүз...

Тек, Камбар баба хан да эмес, кангып жүргөн мерген да эмес. Хандын эң жакын жана ишенимдүү увазирлеринин бири, же акын, музыкант, философ катары мамлекеттин ишиндеги

8 Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. I-китеп. – Б., 1992. 114-115-беттер.

маданий тармагын жетектеген хан сарайындагы мартабалуу аалымдардын бири болсо керек деп болжолдогубуз бар. Демек, бутакта кургап калган маймыл ичегисинен уланган окуя мергендин жаман алачыгында эмес, хан сарайында өткөн сыягы. Сыйкырдуу ичеги кылдан, кандай да болбосун, жаңы сапаттагы музыкалык аспап жаратуу Камбардын да, хандын да кызыгуусун арттырган, анткени хан да, Камбар да музыкалык аспаптарда ойной билген, эстетикалык табити күч адамдардан деп болжогубуз бар. Натыйжада, эң мыкты усталарга буйрук берилип, Камбар алар менен иш жүргүзсө, хан иштин жөн жайын көзөмөлгө алып турган.

Чымырканган чыгармачылык изденүүлөрдүн соңунда маймыл ичеги кой ичегисине алмаштырылып, аны таза кырдырып, чийге салып сыдырып, ийине жеткире ийрип кургатып, аспап үчүн атайын кыл даярдалат. Эми жалпак жыгачты жылмакай тегиздеп, ага бир нече кылды катар кердирип, астынан тээкке тиретип, тизеге коюп, кылдарды сөөмөй менен иле тартып, же жумшак черткилөөдөн улам түрдүү бийиктикте ыргактарды жараткан жаңы аспап даяр болот. Изденүү ушуну менен токтоп калбай, тынымсыз улана берген. Акыры төрт бурчтуу жалпак аспаптын бир бөлүгү манжага баткыдай ичкертилип, аягы көңдөй оюлуп, аны капкак менен бекитип, аспапка алгач «кобуз» сынарындагы эки кыл, бара-бара үч кылга көбөйтүп, мандаш ура отуруп, эки колдоп ойноого ылайыкташкан кадимки биз чертип жүргөн комуз түспөлүнө келтирилгендиги да талашсыз.

Бул жаны моделдеги музыкалык аспап муруңку аспаптардан айырмаланып, ооз менен үлөбөй, таякча менен ургулабай кол аракетинде тилсиз жыгачка жан киргизгендиги үчүн «кол музасы» аталып, кийин бул термин бир сөз тутумуна биригип «комуз» дегенге өттү бекен?

Таланттуу акын Алыкулдун:

> Үч буроо жалгыз тээк, үч кыл комуз,
> Чертилбейт күүгө келбей, чебер колсуз.
> Оп оңой, көргөн кезге жөн-жөнөкөй,
> Бирок да өнөрү бар айтып болгус, —

деген эң таамай сүрөттөмөсү али эсибизден чыга элек. Ошентип, толгоосуна келтире аткарылып, аспаптык музыкалык чыгарма деңгээлине көтөрүлгөн жагымдуу добуш ыргактары «комуз күүсү» деп атала баштайт. Үч кылды белгилүү ыргак өлчөмүнө келтирүү

«толгоолор» же «буроолор» деп айтыла баштады. Аспаптын сырт түзүлүшүнө ылайык: комуздун башы, мойну, кулагы, чарасы, тепкеси, куткуну деген атоолор келип чыкты.

Комуз күүлөрү улуттук музыкалык кенчке айланып, элге кеңири тараганы кийинки муундун күүчүлөрү алгачкы жаратманын эскерүү урматында «күүнүн башы – Камбаркан» деген айтымды сыймыктануу менен кабылдашты. Бирок, байыркы Камбар кайрыктарын бүгүнкү Карамолдо «Камбаркандары» менен өлчөп бычуудан этият болгонубуз дурус.

Арийне, комуз тарыхындагы бул эки ысымды өз орду, өз жолу менен таанып билүүгө тийишпиз: таш кылымдын тамтан урган жапайы аспаптарын аттап өтүп, жаңы музыкалык системага (комуз өнөрчүлүгүнө) негиз салган байыркынын күү пайгамбары Камбар деп элестетсек, ошол карт «Камбаркандарды» XX кылымдын талабына шайкеш кайрадан иштеп чыгып, багын ачкан биздин күндүн күү пайгамбары Карамолдо деп билишибиз абзел. Тек, Камбар менен Карамолдо аралыгында сапырылган сансыз жылдар, кыр ашкан кылымдар, учу-түбү мелжегис мезгил агымы жатса, байыркыны бүгүнкүгө байлаштырып, өтмүштү келечекке жалгаштырып, эскини жаңыга данакерлеп, узун жолду төтөлөп, кыска жолду бөпөлөп, кадам сайын жашарып, каныртыланбай тазарып; канча «Камбаркандар» кайрыгынан жаңылбай, касиетинен айныбай, элине эрмек, калкына караан болуп, өмүр өтөп келет.

Эбин таап черткенге,
Элүү эки «Камбаркан».
Акылын таап черткенге,
Алтымыш эки «Камбаркан».
Жүйөөсүн таап черткенге,
Жүз бир эки «Камбаркан» –

деген накыл бекеринен айтылыппы?

Арийне, комуз өнөрүндө чоң комузчу «Камбарканчылар» замана, өмүр, турмуш көйгөйлөрүн өз «Камбаркандарына» салышып, эски «Камбаркандар» тобун жаңылашкан, байытышкан.

Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында» 50дөн ашык ар кыл темадагы «Камбаркан» күүлөрү сакталып турат. Буга чейин А. Затаевич, В. Виноградов сыяктуу орустун музыка иликтөөчүлөрү күүнүн пирлери, Токтогул, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырайдын аткаруусунда «Камбаркандын» бир канча үлгүлөрүн нотага түшүрүп алышкандыгынан кабардарбыз.

«Эл камбарканы», «Эски камбаркан», «Туңгуч камбаркан», «Чоң камбаркан», «Көөнө камбаркандар» байыркынын жаңырыгынан шоола чачса, ага сыпатташ «Өрнөк камбаркан», «Терме камбаркан», «Кеңеш камбаркан», «Кирки камбаркан», «Казак камбаркан», «Айдама камбаркандар» тобу эртегини эске салууда.

Авторунун ысмын алып жүргөн «Камбаркандар» да аз эмес. Айта кетерибиз бул «Камбаркандардын» ээлери небак көз жумса да, ысымдары өлбөс-өчпөс болуп, күүлөрүндө кала берген. Алардын бизге белгилүүлөрү: «Тайтекенин камбаркан», «Арстанбектин камбаркан», «Асанбайдын камбаркан», «Сейилкандын камбаркан», «Муратаалынын камбаркан», «Күрөңкөйдүн камбаркан», «Токтогулдун камбаркан», «Байгазынын камбаркан», «Сыртбайдын камбарканы», «Даныярдын камбарканы», «Кененбайдын камбарканы» ж.б, өлкөдө жүрүп жаткан тарыхый окуялар жаңы турмуш жаныргы да «Камбаркандарды» жаңыча буроого келтире баштаган. «Колхоз камбарканы» (Карамолдо Орозов), «Ооган камбаркан» (Ыбырай Туманов), «Малчынын камбарканы» (Бектур Осмонов, Эркесары Бекбасаров) ж.б.

Совет бийлиги мезгилиндеги кубаттуу коммунисттик идеология, саясат талабы дээринде сабырдуу, салмактуу «Камбаркандар» мүнөзүн салтанаттуу «ураа!» чакырыгына азгырып кеткен жагдайлар да болбой койгон жок: «Марш камбаркан» (Атай), «Шайыр камбаркан» (Карамолдо), «Салтанат камбаркан» (Эркесары) ж.б.

Кийинки кезде «Камбарканчы» комузчулардын катары суюлуп бараткансыган абал байкалууда. Ошондой болсо да, өз чыйырын улоо үчүн жан үрөгөн жаш комузчулардын ичинен Кенжебек Алдаярдын чыгармачылык демөөрү ичти жылытпай койбойт. Жаш күүчүнүн жан дүйнөсүнөн жалбырттап чыккан «Кенжебек» кайрыктар кыргыз комуз өнөрчүлүгүндө жаңы темада жаңыча мазмун менен жаңыра баштагандыгын көрүп жатабыз. Алардын бири дымып бараткан «Камбаркандар» билигине тамызгы болчу «Жашоо Камбаркан» аттуу күүсү.

Торгой безек, булбул сайрак күү чалган Ныязаалы, Карамолдо, Ыбырайлар жок арабызда, бирок аталардан калган күүлөрүбүз го мында, ошол аталар асылдыгын ардактап, тыңдай билер жаштарыбыз кайда?...

«Камбаркан» күүлөрү радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Камбаркан | М. 191 | 2'10 | Карамолдо Орозов |
| 2 | Камбаркан | 9085 | 3'20 | Ыбырай Туманов |
| 3 | Камбаркан | 700 | 2'02 | Чалагыз Иманкулов |
| 4 | Камбаркан | 9620 | 4'26 | Асаналы Кыштообаев |
| 5 | Камбаркан | 7992 | 0'58 | Самсалы Аликеев |
| 6 | Камбаркан | 5081 | 3'17 | Акысбек Дүйшеев |
| 7 | Камбаркан | 550 | 2'1 | Кана Базаркулов |
| 8 | Камбаркан | 2327 | 1'56 | Бейшен Бакиев |
| 9 | Камбаркан | 3470 | 2'39 | Жаналы Корочиев |
| 10 | Камбаркан | 3989 | 2'39 | Абдракман Кыдырбаев |
| 11 | Камбаркан | 5720 | 1'32 | Кудаяр Матаев |
| 12 | Камбаркан | 2543 | 2'15 | Абдыкерим Мокоев |
| 13 | Камбаркан | 1674 | 1'55 | Акматалы Моңолдоров |
| 14 | Камбаркан | М.823 | 2'30 | Самара Токтакунова |
| 15 | Камбаркан | 8849 | 2'23 | Намазбек Уралиев |
| 16 | Терме камбаркан | 5442 | 2'13 | Нурак Абдракманов |
| 17 | Терме камбаркан | 2076 | 3'25 | Мукул Абылов |
| 18 | Терме камбаркан | 8053 | 3'06 | Мекиш Баатаев |
| 19 | Терме камбаркан | 1680 | 3'15 | Сапарбек Карымшаков |
| 20 | Терме камбаркан | 8955 | 3'26 | Усуп Орозов |
| 21 | Терме камбаркан | 9087 | 4'13 | Ыбырай Туманов |
| 22 | Эски камбаркан | 3290 | 1'00 | Жали Алиев |
| 23 | Эски камбаркан | 7822 | 2'53 | Шекербек Шеркулов |
| 24 | Марш камбаркан | 2068 | 2'30 | Мукул Абылов |
| 25 | Марш камбаркан | 6539 | 3'20 | Сексенбай Айманбетов |
| 26 | Марш камбаркан | 6853 | 2'57 | Эсенбек Акайбаев |
| 27 | Марш камбаркан | М.686 | 2'24 | Бейшеке Жандаров |
| 28 | Марш камбаркан | 3015 | 3'04 | Шайдылда Исаков |
| 29 | Марш камбаркан | 2368 | 2'55 | Сапарбек Карымшаков |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 30 | Марш камбаркан | М.582 | 2’46 | Бейшеналы Кулболдиев |
| 31 | Марш камбаркан | 8937 | 2’23 | Акимкан Сыдыков |
| 32 | Марш камбаркан | 3750 | 3’00 | Самара Токтакунова |
| 33 | Марш камбаркан | 4389 | 2’50 | Турсун Карымшаков |
| 34 | Айдама камбаркан | 8054 | 2’58 | Мекиш Баатаев |
| 35 | Кирки камбаркан | 1792 | 1’25 | Эркесары Бекбасаров |
| 36 | Кирки камбаркан | 9109 | 3’24 | Ыбырай Туманов |
| 37 | Кирки камбаркан | 7829 | 1’50 | Асылбек Эшманбетов |
| 38 | Салтанат камбаркан | 1789 | 2’02 | Эркесары Бекбасаров |
| 39 | Өрнөк камбаркан | 825 | 2’35 | Чалагыз Иманкулов |
| 40 | Казак камбарканы | 9640 | 1’34 | Асаналы Кыштообаев |
| 41 | Казак камбарканы | 9777 | 3’05 | Жусуп Самаков |
| 42 | Шайыр камбаркан | 689 | 2’47 | Карамолдо Орозов |
| 43 | Жашоо камбаркан | 6832 | 4’10 | Кенжебек Садырбеков |
| 44 | Чоң камбаркан | 8035 | 2’09 | Барпы Сапеков |
| 45 | Бала сооротчу камбаркан | 3066 | 2’33 | Ыбырай Туманов |
| 46 | Кеңеш камбаркан | 3583 | 2’50 | Жөлөгөн Чымырбаев |

# ТУРАН КҮҮ

Азыркы мезгилдин атактуу комузчусу Нурак Абракмановдун чыгармачылык демөөрүнөн жаралган «Туран күү» деген байыркы кыргыз тарыхын ташпиштөөгө жарамдуу күүсү радионун «Алтын тасмасына» алынып, ар кайсы мезгилде угармандарга сунуш кылынган. Нурак менен чыгармачылык байланыш үзүлүп калбай уланып келет. Күү баяны тууралуу суроо узатканымда төмөндөгү маалыматты берди:

«Тыяктан-быяктан иликтеп, түрк элдеринин тарыхын тастыктай коймой адатым бар. Атуулдук сезимим козголуп, байыркы өзөктөн бүрдөп-шактаган Өгүз кагандын элеси көз алдымдан кетпейт. «Имиш» эмес, бул тарыхый чындык болуп жатса, кантип урпактарга жарыя салбаска. Өгүз кагандыгы бир учурда жер дүңгүрөтүп турган экен. Ирандыктар Өгүздү Тур дешкен. Ошол себептүүбү, тарыхта «Туран» падышалыгы аталып кеткен. Кийин-кийин Туран даңазасы басаңдай берип, акыры бөлүнүп-жарылуунун кесепетинен аяк-асты болуп тынган. Тили, дини, маданияты майдаланып, жиктелип чар-тарапка чачырап, өзөккө өктөм доо кетирген. Мисалы, азербайжан маданияты араб музыкасына үндөшүп, өзбектер Индияга ыкташып, татарлардын обону тектоникалык жактан монгол кытайлыктарга кыналышып жашоосун улап келет.

Таза түрк маданияты казак, кыргызда гана сакталып кала берген. Эне-Сайлык туугандарыбызда деле салттуулук-нарктуулук алыстай берип, бир аз натыйжа бергени «Чатыган» деген аспабы калган. «Чатыганды» – кыргызчалатсак, «чатышкан» жипти чапкылап ойношот. Биз азыр «кселофон» атап, балка менен чапкылап ыргак чыгарып жүрбөйбүзбү. Казактар музыкалык аспаптын бул түрүн «жетикан» дешет. Туран мамлекетинин аты да унутулуп, «Манаста» айтылгандай, «бөлүнгөндү бөрү жеди». Менин жүрөгүмдү өйүгөн ушул маселени үч кыл комуздун кылында

сүйлөтүп, «Туран күү» кайрыктарын калкыбызга кайтаргым келди» — дейт Нурак Абдракманов.

Тарыхчылардын, сөзбилги санжырачылардын эскерүүлөрүнө таянсак Туран байыркы көчмөн элдердин мекени экени ырасталат. Бир мезгилдеги Туран империясынын ээлеген аймагы: чыгышы — Хуанке дарыясы, түндүгү — Шибер түздүгү, түштүгү — Кытай, Индия, батышы — Кара деңизге созулган. Болжолдо, б. з. ч. VIII — VII кылымдарда Туран бийлиги өгүздөрдөн сактарга оошкон. Б. з. ч. IV кылымдарда сактар бийликти усундарга тарттырып жиберген. Б. з. ч. VI кылымдарда бийлик түрктөргө өткөн. Мына ушул мезгилдерден баштап, Түркстан мамлекети түзүлгөн. Мынча болду улама аңыздарда калган маалыматтарга да ой оодара кетели. Санжырачы Жапар Кенчиевдин айтканында да негиз бар сыңары: «Чыгыш илимпоздору Теңир-Ата Таритондун Кур, Тур, Саран деген балдары болгондугун кабарлайт. Таритондун теги байыркы скифтер экендиги айтылат. Таритон-атанын тукумдары Азия чөлкөмүндө үч мамлекетти негиздешкен.

Курдун тукумдары — Перстер, Арабдар, Гректер. Булардын ичинен Перстер азыркы Иран мамлекети. Легенда боюнча Турдун 8 баласы болгон. Булар да өз ичинен Арийлер, Туранийлер болуп экиге бөлүнөт. Ким билет, ушул жагын салыштырып отуруп Нух пайгамбар менен Таритон бир кишиби деген ойго да келесиң. Турдун тукумдары көчмөн скифтерден куралган уруу тайпаларын бириктирип, түпкү аталарынын урматына өлкөсүн «Туран мамлекети» деп аташкан. Ал мамлекеттин орду төрт «Алтын казыктын» ордосунда жайгашкан. Алтай, Памир, Бугда (азыркы Тяншан тоолору), Орол тоолору экендиги аныкталат».

— Байыркы Туран мамлекети жөнүндө түрк тарыхчысы Амантур Баяс макала жазып, ага Туран мамлекетинин картасын кошо тиркептир, байкап көрөлүчү — деп Жапар аксакал картаны алдыга тартты.

Унутулуп бараткан «Улуу Туран биримдиги» тууралуу карама-каршы көз караштар да өкүм сүрүп келген. Ушул ой алкагында жазуучу Көчкөн Сактановдун калыс пикирин «Кеңеш бийлиги орногондон кийин троцкийчилерге каршы репрессия уюштурулган. Анын соңунан Социал-Туран партиясынын ишмерлери куугунтукталды. Бул партиянын максаты бүткүл түрк улутташтарын: кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, азербайжан, татар, башкыр сыяктуу калктардын башын бириктирип, түштүк Кытайдагы Синьцзянь

провинциясын жана Англиянын Кашкардагы консулун арка тутуп, куралдуу күч менен Кремлден кол үзүп, Туран мамлекетин куруу идеясын тараткан. Ага жеткирбей ОГПУ чекисттери партиянын жетекчилеринин бири Ж. Абдракмановду баш кылып кармап кетишкен». Бул пикирге ишенүүгө болобу? Аргументсиз болгон соң арсар.

Суроо туулат: Туран партиясынын мүчөлөрү эл душманы болду беле? Алар жаратылыш алдында ыйманы жок социализмди эмес, кудайы бар, жерге, сууга, отко – жаратылышка сыйынган пантүрктүк, панисламдык багыттагы социализмди кургусу келген. Биздин ата-баба жөн эле курман болгон эмес. Мезгилдин, өз элинин патриоту катары курман болгон. Сталиндин ордунда ким болсо да, кан-жаны менен курган социализмге каршы чыккандарды сөзсүз жок кылмак. Бирок алар социализмге каршы чыккан эмес. Ошол үчүн анысын да, мунусун да калыс кароо зарыл. Улуу Туран темасы комузчу Н. Абдракманов жараткан күү кайрыктарында да жаңыра баштаганы бул жакшылыктын жөрөлгөсү.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Туран күү» | – | – | Нурак Абдракманов |

# ЖУСУП МЕНЕН ЗУЛАЙКА

Бул кысса «Тооратттын» 37-бабында, «Куран-Каримдин» 12-сүрөөсүндө чагылдырылган. Чыгыштын Фирдоуси, Дүрбек, Жамми сыяктуу акындары тарабынан поэма-дастан үлгүсүндө иштелип чыгып, дүйнөлүк адабиятта өмүрдүн азап-тозогуна кайыл, түбөлүктүү сүйүүнүн үлгүсү катары белгилүү. Бул махабат-дастаны кыргыз элинде такыба-молдолордун шарыятында, акындардын ырында, аспапчылардын күүлөрүндө баяндалып, оозеки фольклордо жашап келген. «Азирети Жусуп, Айдай сулуу Зулайка баяндары» адабий-музыкалык дөөлөтүбүздө аз да болсо өз ордун сактай алган. Буга мисал: «Жусуп менен Зулайка» күүсүн Мураталы аксакал кыякта кандайча аткаргандыгын жана ал баянды элге кандайча тартуулагандыгын айта кетели: «Мураталы кыягын санына жөлөгөн калыбында «Жусуп менен Зулайканы» тартып, бул арман күүнүн мазмунун түшүндүрдү. Жаш курбулар Жусуп менен Зулайка бири-бирин сүйүп, өмүрлүк кол кармашууга макул болуп, убадалашат, бирок ата-энеси куда-сөөгүнө бермекчи болуп, эркин сүйүүгө каршы чыгышат. Эки жаштын жүрөгү сыздап «бу көрөкчө өлөлү» дешип, түн ичинде асканын башына чыгып, бири-бирин кыса кучактап өбүшүп ыйлап турушкан бойдон, өздөрүн аскадан ылдый таштап жиберишет... Бул күүнү илгери атам Күрөңкөй да кыякта тарткан деп айтчу эле Мураталы» («КМ» 1987, 29-август).

«Жусуп менен Зулайка» баянын ыр түрүндөгү вариантын Кайым Муптак уулу 1923-жылы нарындык жана таластык комузчулардан жазып алган. Саид Бекмуратов, Датка Шаакеев сыяктуу залкар кыякчылар «Жусуп менен Зулайка» күүлөрүн радионун музыкалык казынасына жаздырып калтырышкан.

Азирети Ыбырайым пайгамбардан – Ыскак, андан – Жакып пайгамбар, Жакып пайгамбардын алты аялынан он эки уулу болуп, алардын эң кенжеси – Жусуп пайгамбар. Алла Таала Жусупка өзгөчө жышаналуу касиеттерди насиптеген: биринчиси – ашкан

сулуулугу, экинчиси – сүннөттөлүп туулгандыгы, үчүнчүсү – жанылыштык кетиргени, төртүнчүсү – түш жорумагылыгы, бешинчиси – санаа басып, запкы тартмагылыгы, алтынчысы – пайгамбарчылыгы, жетинчиси – падышачылыгы, сегизинчиси – кайраттуулугу, тогузунчусу – айкөлдүгү, онунчусу – аруулук, кайрымдуулук белгилери.

Жакып Жусупту баарынан артык көрүп, жанынан карыш жылдырбаган. Бир сапар Жакып пайгамбар түш көрөт. Түшүндө Жусупту он бир карышкыр талайт. Бир маалда жер жарылып, Жусуп жаракага түшүп кетет. Түшүнөн чочуп ойгонгон Жакып Жусупту бооруна бекем кысып, буркурап ыйлап, тынчы кетип уйкудан безет.

Бир сапар Жусуп түш көрөт. Түшүндө асмандын жетинчи кабатынан түшкөн падышанын тактысына барып отурат, башка тарабынан Ай менен он бир Жылдыз бөлүнүп түшүп, Жусупка кулдук урушат.

Атасы менен баласы түштөрүн айтып, жатканын Шамундун энеси угуп, берки балдарга жеткирет. Алар Жусупка ичи тарып, көзүн тазаламакка талаага алып чыгып, колу бутун байлап, Нуктун кудугуна сүйрөп келип, жылаңачтап ыргытаарда:

– Жан боорлорум, тирүү болсом көйнөгүм денемди жапсын, өлсөм кепин болсун, кийимимди чечпегиле, – деп, жалдырап жан соогалаганына карабай көйнөгүн сыйрып алып, колун кайрып, кудукка ыргытып салышат. Алла Тааладан Жебрейилге буйрук болот. Жебреил асмандан учуп келип, Жусупту сууга жеткирбей кармайт. Суудагы ташты буладан жумшак кылып, анын үстүнө отургузат. Алла Тааланын амири менен бейиштен бир көйнөк алып келип, Жусупка кийгизет:

– Эй Жусуп, Алла Таала сага салам айтты, сени пайгамбар кылды. Улук Теңири: «менин өкүмүмө ыраазы болуп, сыноолоруму сабыр кылсын, аны, ызаттуу, азиз касиеттерге эгедер кылып, Мисирге падыша коемун, жана атасына кошомун» – дейт.

Жебреил кудуктун ичин гүлзарга айланат. Ал кудук Иордан жеринде, Медина менен Мисирдин ортосунда, Ханаанга үч күнчүлүк жолдо. Жусуптун бир туугандары анын көйнөгүн коёндун канына боёп:

– Жусупту карышкыр жеп кетти – деп, атасына айтып келишет. Жакып баласынын күйүтүн тартып, буркурап ыйлап чөгүп калат. Ушул учурда Мисир шаарында жашаган Малий Заир

деген көпөс түшүндө аян берген касиеттүү кулду сатып алуу үчүн Ханаанга жөнөйт. Кербендер жолдогу кудуктан ай десе аркы, күн десе көркү артык он төрт жашар жигитти тартып алышат, анын сулуулугунан эстери ооп жыгылашат. Сыртынан байкоо салып жүргөн Жусуптун бир туугандары окуянын үстүнөн чыгып: «Бул биздин кулубуз болчу», деп он сегиз сомго пулдап соодагерлерге сатып жиберишет.

Кербендер Мисир шаарына киришет. Көпөс Малик Зайирдин кулун көрүү үчүн шаар эли аянтка чогулушат. Алардын арасында Зулайка сулуу да бар эле. Окуянын ушул жерин кураний икаяда айтылган боюнча уланталы: «Зулайка Азиз Мисирдин аялы эле. Атасы Йемен падышасы. Жети жашында Зулайка түш көргөн. Түшүндө Жусуптун сулуу жамалын ушул кейпинде көрүп, жан дили менен ашык болуп, ышкы отуна күйүп, сүйүү сезими ойгонот, сүйүү сезимине чыдабай үстүңкү кийимдерин тытып жыртат. Атасы менен энеси айраң-таң калышат. Зулайкадан бөлөк перзенттери жок эле. Даанышмандарды жыйып тамырын карматат, бирок оорунун эч бир белгисин табышпайт. Кийинки жылы Зулайка жана түш көрөт. Түшүндө:

– Сизди кайдан табам? – дегенде Жусуп:

– Мени Мисирдеги Азиздин үйүнөн табасың, – дейт. Зулайка ойгонуп, энесине мурунку жана кийинки көргөн түштөрүн айтып берет. Бул сырды энеси атасына жеткирет. Атасы Азиз Мисирди күйөө бала кылмакка кызыгып, ага кат жиберет. Азиз Мисир сунушту кабыл тутуп, Зулайканы Мисирге алып барат. Зулайканы тактынын үстүнө отургузуп, жанынан Азиз Мисир орун алат. Зулайка бир кенизектен:

– Бул ким? – деп сурайт. Кенизек:

– Азиз Мисир деген ушул, – дейт.

– Зулайка «ах!» деп, эстен танып жыгылат. Бир аздан соң эсине келип:

– Мен жаңылыпмын, түшүмдө көргөн бул эмес, – дейт. Азиз Мисир Зулайканы бир мертебе көрүп, миң мертебе ашык болуп калат. Бирок азирети Алла Таала Зулайканы Азиз Мисирге насип кылбайт. Ар күнү бир жин periштени Зулайканын кейпинде жиберип, ал Жин Азиз Мисир менен жатар эле. Зулайканын кыздык белгиси бүтүн боюнча жүрө берет. Алла Таала анын кыздык белгисин Жусупка сактаган.

Мисир мамлекетинин бардык эмирлери, бектери, увазирлери, улуктары, эркек-ургаачылары шаар аянтынан Жусупту көрүп: «Бул адам перзенти эмес, periште» — дешет. Зулайка: «Түшүмдө көргөн ушул киши» — деп таанып, эсинен танат. Зулайканын талабы боюнча падыша Азиз Мисир Жусупту өз салмагындай алтынга сатып алып, жети күн, жети түн той өткөрүп, Зулайканын гаремине кул жумшап берет.

Казыначылар: «казынаны бүт бир кулдун баасына бердиңиз! — деп, падышага даттанышкан. Эртеси казынаны карашса, эч бир байлык кемибей өз ордунда турганына таң калып, кулду андан бетер жакшы көрүп калышат.

Зулайка Жусупту, күн сайын үч түрдүү шах сыпатында кийиндирип, жасап-түзөп туруучу. Ар биринде өзгөчө өнөр бар жетимиш кызматкер Жусупка кызмат кылып, кол куушуруп алдынан тосуп туруучу. Жусуп башын жуумак болсо, тамак берсе Зулайка өзү жанында болуучу. Бир күнү Зулайка:

— Эй Жусуп, эчен жылдан бери өзүңдү эңсеп, өтө жаман абалда жүрөм, мендеги көйгөйдү билесиңби?

— Сенин көңүлүңдөгү максатыңды кайдан билейин?

Зулайка айтты:

— Менде сени сүйгөндөн бөлөк эч нерсе жок. Жети жашыңда түшүмө кирдиң. Ошондон бери сенин ышкы отуңа күйдүм — деп, эки сабак ыр окуду:

Жалгыз сага, оо жарым, куштар болдум,
Ошол күнү мен сага көңүл койдум.
Бүт дүйнөдөн кечкенсип, сарсан болдум,
Элден-журттан бөлүндүм, жандан тойдум...
Көйгөйүңдө көп болдум, тарттым сана,
Кара башым, чымын жан жалгыз сага.
Жүз жаным болсо да сага курман —
Чапмакмын, айрылдым эс-акылдан,
Дүйнөдө каалаганым жалгыз өзүң,
Ах! — деп аңкап жетпедим, темселедим.
Шаң сыяктуу бийиксиң, эңсегеним...
Көңүлүмдү куш кылчы, пирим менин!

Жусуп айтты:

— Зулайка, менден андай жорукту талап кылба. Андай иш менин колуман келбейт, үмүтүңдү үз...

Зулайка ордого жети ак сарай салдырып, кире беришке Жусуп экөөнүн сүрөтүн тарттырды. Сүрөт илинген гүлзарга кирип, эркектин кумар отун жандыргандай ажайып көйнөгүн кийип, көйнөктөн адам жутуп жибере тургандай татынакай денесин көрсөтүп, Жусупту сарайга чакыртты. Зулайка: «Менин денемдин керемет күчүн сезсе жүрөгү жибиир» деп, Жусупту кучактамакчы болду. Жусуп эшикти көздөй качты.

Бул окуя Курандын 25-аятында мындайча берилген: «Алар бири-бирин кубалашты. Жусуп эшикке умтулду, айпери артынан жетти да көйнөгүнүн артын айрып калды. Эшик алдынан аларга мырза жолукту. Айпери айтты: «Сенин үйүңө жамандык ойлогонго кандай жаза болот, мырза? Зынданга салдырасыңбы же?...Кулуң көрөр көз жубайыңа куштар экен?

26-аят: Жигит айтты:

– Мени азгырган өзү.

Мырзада чындыкты далилдей турган күбө бар эле: «Эгер жигиттин көйнөгү алдынан айрылса, анда жигит алдамчы, аялдыкы туура. Эгер жигиттин көйнөгү артынан айрылса, анда аялы алдамчы, жигиттики туура!»

28-аят: Жигиттин көйнөгү артынан айрылганын көрүп мырза:

«Бул силердин амалыңар», – деди.

29-аят: «Жусуп, бул жолдон кайт, аял – шайтан. А сен, эркем, баланы азгырган айыбың үчүн кечирим сура».

Падышанын жан жөкөрлөрүнүн аялдары «Зулайка кулуна ашык болуптур» деп ушак айың таратышып, шаарда күбүр-шыбыр күч алды. Ошол аялдардын бир тобун Зулайка конокко чакырып, тамактын алдында Жусупту киргизип, колдоруна суу куйгузду. Жусуптун ажарына сугун арткан айымдар эстери ооп, этти кесип жештин ордуна бычак менен манжаларын шылый берип, дасторкон үстү канга боёлду. Зулайка жыпар гүлдүн суусун беттерине септирип аялдарды эстерине келтирип:

– Оо, кагылайындар, дал ушул от канча жылдан бери менин жүрөгүмдү күйгүзүп келет. Силер анын бир мүнөтүнө чыдай албай койдуңар го?! – деди.

Ошондо аялдар:

– Оо, Зулайка, биз бекеринен күнөөгө батып жүрүппүз, бизди кечиргин, – деп чуруулдашты.

Аялдар Жусупка: «Эч кимге билдирбей Зулайканын тилегин кабыл кылууну, анын сообуна калып боорукер болууну» өтүнүшөт.

«Сулуулукту кудай экөөнө бирдей ыроологон экен, силер бири-бириңе ылайыксыңар. Эгер бул сунушту четке каксаң, зынданга салып чиритет» деп, коркутуп да көрүштү. Буларга Жусуптун берген жообу Куранда мындайча айтылат:

33-аят: «Кудайы жолдо» Шайтан азгыргандан көрө зынданда чириген артык. Эгер Алла, булардын азгырыгынан куткарбасаң, мен арбалып калам. Анда акылдан ажырап, абжиптер арасында калганым».

Зулайканын буйругу боюнча Жусуп зынданга салынды. Зулайка күнү түнү ботодой боздоп жаны жай албай падышанын кийимин кийип барып, зындандан Жусупту көрүп турган. Жусуп зынданда алты жыл жатып, бир күнү Кудайга мунажат кылды:

– Эй, Кудай, эми менин чыдамым калбады, мага эркиндик бергейсиң. Ушул тапта Жебирейил келип: «Эй Жусуп, сабыр кылгын. Бир учур келер, бардык Мисир калкы сага кызматкер болушар. Мисирге падыша болосуң. Мен сага түш табирин жорушту үйрөтөйүн», – деп, оозуна чымчым майда күбүнчөктү салып жиберди эле, ал бүткүл тамырына таркап жайылды. Бул илим – хикат же илим – табир болучу.

Бир күнү периште Жусупка айтты: «Эй, Жусуп, Риян Малак түш көрөр, сен анын табирин айтарсың, анын себебинен зындандан калас болгойсуң. Ошол учурда күн сайын Зулайка зынданга келип, бир тешиктен Жусупту карап отурар эле. Зулайка менен иши жок, Жусуп ибадат кылар эле, таң атканда гана Зулайка үйгө кетер эле.

Күндөрдүн биринде падыша Риян Малик түш көрдү. Эч ким түштү туура жоруй албады. Падышанын түшүн зынданда жаткан Жусуп гана туура жоруп, кандай кылышты, падышага кабар кылды. Падыша Жусупту зындандан чыгартып, Мисир мамлекетин азирети Жусупка багыштамак болду. Жебреил келип: «Эй Жусуп, падышачылыкты кабыл алгын. Алла Тааланын буйругу ушундай», – деди. Жусуп бийликти кабыл кылды. Азиз Мисир өлдү. Зулайка бардык мал мүлкүн Жусуптун жолуна сарп кылып, кембагал болду. Жусуптун күйүтүн тартып, ыйлап жүрүп көзү соолуп калды.

Күндөрдүн биринде Жусуп ууга аттанды. Зулайка анын дабышын эшитти. Бир гана канизеги калган. Канизегин колтуктап экөө Жусуптун келчү жолуна барып турушту.

– Сен кимсиң? Сени зар какшаткан ким? – деди Жусуп.

– Мен Зулайкамын.

– Эй Зулайка күлгүн жаштыгың, жамалың кана?

Сенин ышкы күйүтүңдө жүрүп жок кылдым.

– Малың кана, байлыгың кана?

– Сенин кабарыңды жеткирген адамдарга берип жүрүп байлыгымдан, малымдан да кол жуудум.

– Көрө турган көзүң кана?

– Сенин күйүтүңдөн сокур болдум.

– Азыр тилегиң эмне?

– Сенин жамалың!

– Эй, Зулайка, ажатың барбы?

– Төрт ажатым бар: биринчиси – жаштыгымды, экинчиси – көрөр көзүмдү, үчүнчүсү – чырайымды кайырып берсе, кийинки ажатымды дагы айтамын.

Буларды Жакып угуп отурган, ал «омийин» деп дуба кылды, Зулайканын ажаты кабыл болду: айчырайлуу жаштыгына келди, көзү көрө баштады.

Жусуп айтты:

Жана бир ажатыңды айткын.

– Мени өз никеңе алгын.

Ошол тапта Жебрейил келип:

– Зулайканын ажаты кабыл кылынсын! – деп, сүйүүдөн жабыр тарткандардын никесин кыйды.

Алла Таала Зулайканын көңүлүндөгү ышкыны Жусуптун жүрөгүнө салды. Зулайка өзүнүн махабатын кайтарып алды.

Зулайка таат ибадат менен алек болду. Жусупту унутту, андан кача баштады. Жусуп кууп журуп кармады. Зулайканын жакасы жыртылды. Ошондо периште келип айтты:

– Эй Жусуп, эми бири-бириңерде акыңар калган жок. Сенин дарты күйүтүңдөн Зулайка жакаңды жыртты эле, эми сен күйүтүңдөн жакасын айырдың.

Зулайка айтты:

– Ал кезде сулуу элем, ашыгымды көрдүм, ышкы отуна күйдүм, ага көзүмдү, байлыгымды бердим, акыры Жараткандын даргөйүнө жандым. Алхамдулилла, муратыма жеттим. Эми Кудайымдын таат-ибадаты менен алек болоюн.

Зулайка менен Жусуп он сегиз жыл өмүр сүрдү. Беш уул, эки кыз төрөдү. Анан жарык дүйнөдөн өттү.

– Мен өлсөм таштан табыт кылгын, Нил дарыясына салгын. Биздин уругубуздан Муса аттуу пайгамбар чыгат. Мени дарыядан алып, ата-бабаларга ошол кошкой, – деди Жусуп.

Үч күн тамам болду. Жан алгыч келип денесинен рухун чыгарды. Яхуза таштан табып жасап, денесин Нил дарыясына таштап жиберди.

Тоорат жана Куранда айтылгандай, Жамминин дагы бир вариантында баяндалган окуяга окурмандардын көңүлүн бура кетели: «Азиз өлүп, түш жоруган Жусупту өкүмдар Мисирге эл башы кылып дайындады. Күйүттөн күл болуп, кусалыктан кууруган Зулайка эми жалгыздыктан кыйналды. Ай чырайына бырыш кирип, кара чачын ак чалды. Ашыгы Жусуп өтө турган жол боюна камыштан кепе жаптырып, ошондо жападан жалгыз жашап турду. Жусуп чавендес жигиттери менен ошол жолдон өтүп бараткандa кемпир Зулайка кепеден чыга калып, ат туягы калтырган тоскок издерди өптү.

Ошондо шумдуктуу бир керемет окуя болуп өттү. Зулайка ай десе аркы, күн десе көркү жок супсулуу чагына келди. Жаштыгы кайталанды. Жусуптун жүрөгүнө махабат оту тутанды. Ал Зулайкага үйлөнмөк болду. Көп өтпөй алардын үйлөнүү тою да салтанат менен өттү. Жусуп менен Зулайканын денеси-денесине, дили-дилине түбөлүк кошулду. Алардын ак никелешкен алгачкы түнүн акын Жамми мындай сүрөттөгөн:

Күйөөнү ал төшөктөн күтүп жатты,
Жүрөгү аста гана илкип какты:
«Бул эмне? Кексеп сууда сүздүм бекен?
Кудай ай, өңүм бекен, түшүм бекен?»
Ал көрөт шарт ачылып эшик парда
Ай кирет, оттон жарык алда канча.
Алдына ай жарыгы жайнап чыгып,
Ачылды көкүрөктөн караңгылык.
Селкинин селт-селт эткен кумарына,
Тартылып кирген күйөө кулады да,
Бүт бойдон эрип кетти бойду таштап,
Көздөрү селкинин да ала чакмак.
Ал мурда элес албай койгон сулуу,
Алдында титиретип салды муну.
Кылгырган ай чырайлуу жүздү көрдү,
Кытайдын шайысындай түстү көрдү.

Сонун го: аял дили, делебеси,
Жылаңач ачык жатса бүт денеси.
Адашып башка жолго түшкөн сымал,
Аялдын кучагы бар, өбүүсү бар.
Төшүнө тийген кезде эриндери,
Мөмөдөн былкылдата соруп кирди...

Жусупка ашык болгон Зулайканын азаптуу окуясы менен аруу сүйүүсү – жер үстүндөгү асыл махабаттын алтындай үлгүсү. Турмушта кандай болсо, дастанда да ошондой: бузукулук менен жүзүкаралык, караңгы менен жарык, кубаныч менен өкүнүч, сарсанаа менен кусалык, айрылуу менен жолугуу, жан менен дене, ак менен кара жарышып, дайыма кошо жүрөт.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жусуп менен Зулайка» | 9152 | 140 | Датка Шаакеев |
| 2. | «Жусуп менен Зулайка» | 9039 | 135 | Саид Бекмуратов |

# КЫЗ ДАРЫЙКА

Өткөндөгү тыюуларга карабастан, диний маанидеги кысса, дастандар, «пайгамбарлар баяны» эл оозунда дайыма жашап келе берген. Бул баяндар улуттук аспаптарда да кеңири ойнолгон. «Жусуп менен Зулайка», «Кыз Дарыйка» кайрыктары атам Кайбылданын, агам Абдылданын чертиминде жаңырып, балтыркан сезимди кытыгылап, кийин-кийин Ыбырайдай залкарлардан эчен курдай эшиткен жайым бар.

Жазуучу Кемел Белеков Карамолдонун айтуусундагы «Кыз Дарыйка» баянын басма бетине жарыялоо менен мурасттык баалуулукту ачыла элек сандыктан сууруп чыгып, адөөлөт иш жасаган. «Кыз Дарыйканы» Чалагыз Ыйманкулов да ыр менен жогорку көркөмдүктө чертчү. Мураталы болсо, бул күүнү кыякта, комузда бирдей аткарган. Чыгаан аспапчылардан «Кыз Дарыйкага» кайрылбагандарды табуу кыйын. «Кыз Дарыйканын» өзөгүндө Азирети Мукамбет, анын чаарыярларынын бири Азирети Аалы, аялы Хадича, Мукамбет пайгамбардын кызы Бүбү Батма, балдары Асан, Үсөн, (Хасан, Хусейин), сыяктуу исламды даңазалаган инсандар тургандыктан, ким болбосун алардын атын атоодон айбыгышкан же коммунисттик тескөөдөн улам, ооздорун бекем кымтып келишкен. Бул жөнүндө Кемел Белеков минтип жазат: «30-жылдары ак жеринен күйгөндөрдүн арасы арбыйт. Жакшы санаалаш жолдоштору: «Молдоке, заман зардабы жаман, заарын чачып турат. «Дарыйкаңды» азырынча коё тур. Анын үстүнө медресе бүтүргөн молдо болсоң, тегиңди териштергендер четтен чыгат» – деп кеңеш берет. Аны менен «Дарыйканы» Карамолдо эле эмес, Чалагыз кошо токтотот».

«Өтүптүр Катыраң деген бир падыша,
Айтайын бул кыссаны эл тыңдаса.
Бул өзү өлөң болгон китеп сөзү,
Шаары Самарканда болот өзү.
Бек балбан сулуулугу туулган айдай,
Бар экен Дарыйка аттуу жалгыз кызы...»

Карамолдо, Чалагыз «Кыз Дарыйка» дастанын ушул саптар менен баштачу. Түрк элине мусулман динин кабылдаганга чейин эле Самаркан, Бухара сыяктуу саясий-экономикалык зор мүмкүндүгү бар шаарлардын таасири артыкча болгон.

«Кыз Дарыйка» мекендеген Самаркан шаарынын түрк санжырасында орду өзгөчө. «Мындан үч миң жыл мурда Орто Азияда Угуз – Уйгур мамлекети жашап, алардын негизги дини буддага табынуу болуп, Самара суусунун башына көк таш орнотуп сыйынышкан. Ал жер акырындап кентке (шаарга) айланып, негизги калкы түрктөр менен кыргыздар чоң уруу биримдигин түзүп турган. Кийин Уйгур мамлекети Угуз мамлекети аталып калган. Угуз мамлекетинен Отор хандыгы бөлүнүп чыгып, ага Самаркан шаары караган.

Отор хандыгында Белеке өкүмдар болуп турган мезгилде арабдар Орто Азияга жүрүш жасап, ислам динин негиздей баштаган. Мукамбет ибн Аалы Иран, Ооган, Курдстан, Селжук, Түркмөн, Кавказ, Каспийди ээлейт. Самаркандды алууга Мукамбеттин атасы менен туушкан Аббас уулу жөнөтүлөт. Үргөнчтү коргогон он тогуз уруу Коңурат талкаланат. Урушпай, каршылык кылбай арабдарга караган сарттардын кандыгы болгон. Ошондон улам «Азирети Аалынын кылычынан коркуп сарттар мусулман болгон» деген сөз калган. Оторго Аалынын он сегиз баласынан Мусалам деген арабдарды баштап кирген. Бул окуя кийин өтө эле укмуштуу, кереметтүү аңгемелерге айланып кеткен. Самаркан шаарына арабдар киргенде аны коргоочулар менен кандуу күрөш жүрөт. Хусам менен Апас өлтүрүлүп, арабдар жеңиле баштайт. Ошондо Мекеден учуп келген Опол Самаркандды коргоочулардын 40 миң колун басып калган. Алар кийин акыр кыяматта Имаммадий менен бирге чыгып, каапырлар менен согушат, имиш...»

Тарыхый булактарга караганда, өзүнүн кыска өмүрүндө Азирети Аалы Орто Азияга (Самарканга) жортуул жасоого үлгүргөн эмес. Анын учурунда ислам дини Батыш Азияда гана кулач жайып, Орто Азия элдеринде эскиче 46-96-жылдарда (666-714-ж.) арымдай баштаган. Азирети Мукамбет буга чейин эле 633-жылы, Азирети Аалы болсо 656-жылы дүйнө салган.

«Кыз Дарыйка» дастанында баяндалгандай Самаркан шаарынын тургундарына ислам дининин таралышы үчүн Аалы имамдын түздөн-түз катыштыгы болгондугуна (Аалы менен

күрөшүп, жеңилген Дарыйка ислам динине өтөт эмеспи) тарыхый фактылар анча келише албай жаткансыйт.

Мажар (венгер-хунгар) аалымы Герман Вамбери «Бухара же Мавароннагар тарыхы» аттуу эмгегинде жазгандай 670-жылдары араб колбашчысы Убайдулла ибн Зияд чыгыш Ирандан Балхка, андан Сыр-Дарыяга өтүп, Байкан шаарын каратып, Бухарага кирет. Бухара падышасы Хатун өлкөсүн сактап калыш үчүн Убайдулла менен келишим түзүп, ага жыл сайын миллион дирхамдан салык төлөп туруучуга убада берген. Бул 672-жылдардын акырында болгон. Мындан кийин Саид ибн Осмон Хатун (Катын) падышага экинчи жолу согуш баштайт. Арабдар Бухара астанасына келгенде согуша албасына көзү жеткен Хатун келишим түзүүгө аргасыз болот. Келишимди бузбас үчүн ант беришип, араб колбашчысы Саид ибн Хатун падышаны конокко чакырат. Абдан зыйнат менен кымбат баа кийим кийип, шаан шөкөттө кирип барган Хатун падышаны көрүп, арабдын жүрөгү махабат сезимине бөлөнөт, экөөнүн ортосунда ашыктык мамиле пайда болот. Бул окуя ырларда макталып, аны Бухара эли эчен кылымдар аңыз кылат. Букара алынган соң Саид чыгышка – Согдия, Самаркан шаарларына чабуул коёт. Ал кезде Самаркан падышасы жок болчу[9]. Ошентип тарыхта арабдардын аскерий колун Бухара менен Самарканга Саид колбашчы баштап барып, Бухаранын падышасы Хатун-айым менен ашыктык мамиле кылып, исламダининин таралышына өбөлгө түзүлгөн. «Кыз Дарыйка» дастанында мындай мамилелер Азирети Аалы шер менен кыз Дарыйканын ортосунда өнүгүп, окуя Букарада эмес Самаркан шаарында өтөт.

Ырас, тарыхый булактар менен оозеки дастандардын ортосунда окшоштуктар да (сюжеттик жалпылыктар), айырмачылыктар да болушу мүмкүн. Дастанда Орто Азия элдерине арабдардын чабуулуна Аалынын катыштыгы бар сыяктуу, тарыхта бул чабуул Аалы эмес Саид тарабынан башталгандыгы сыяктуу көрүнүштөр коштоло жүрүшү мыйзам ченемдүү.

Аалынын тек-жайы Мукамбет пайгамбардын тек-жайына танапташ, ал пайгамбардын жолун жолдоочу мураскору катары таанылган. Аалынын бийлиги учурунда (632-661) араб империясы зор күч-кубатка ээ болуп анын зоболосун сөзсүз бийиктеткен, аны пайгамбардан кийинки адам катары таанытканд. Аалынын ысымы эр жүрөктүүлүктүн, баатырдыктын, ченемсиз күч кубатка эгедер

9 Вамбери Г. Бухара же Мавароннагар тарыхы // Мурас. 1992. Кулжа айы. №3-4.

балбандыктын символу катары кабылданган. Мына, ушул образ араб мусулмандары менен түрк мусулмандардын ортосундагы ымаланын көпүрөсү катары кызмат өтөп, ислам дининин таралышына шарт түзгөн. «Кыз Дарыйка» сыяктуу диний идеядагы дастандарга бул тарыхый окуялардын киргизилиши аба менен суудай зарыл болгон.

«Кыз Дарыйка» дастанындагы каармандар: Мукамбет пайгамбардын, анын аялдары менен балдарынын «Дарыйка» окуясына тикелей катыштыгы болгондуктан, алар жөнүндө кыскача маалымат бере кетүү зарылдыгы туулушу ыктымал: Мукамбет пайгамбар 570-жылы төрөлүп, 633-жылы дүйнөдөн кайткан. Атасы Абдаллах Мукамбеттин төрөлүшүн көрбөй каза тапкан, энеси Амина алты жашында көз жумган. Эки жашында чоң атасы Абдал-Муталиб өлгөн. Томолой жетим Мукамбетти аталаш тууганы Абу Талиб багып алган. Мукамбет ислам динин 610-жылы Арабстандын Мекке деген шаарында жарыялаган. Бул дин Орто Азия элдерине VII кылымдын 70-жылдарында тарай баштаган. Бүгүнкү күндө ислам динин туткан калктардын саны 1 миллиард 200 млн.

Мукамбет пайгамбар дуйнөдөн кайткандан кийин экинчи Халифа Омор алты адамдан шайлоочу бийлик түзүп, үчүнчү халифалыкка Осмонду шайлашкан. Осмон өлгөндөн кийин 657-жылы төртүнчү халифа болуп Аалы көрсөтүлгөн. Аалы душмандар колдуу өлтүрүлгөндө (661) аскер күчү менен Магавия деген халифалыкты колго алып, шайлоо түзүмү жокко чыгарылат. Азирети Аалы Иракта Куфа шаарын борбор кылып турган. Ордунда калган баласы Хасан көп узабай чыккынчылар тарабынан өлтүрүлөт. Экинчи уулу имам Хусейин Куфа шаарынын түндүгүндө Кербала чөлүндө 680-жылы шейит кетет.

Хадичага Мукамбет 595-жылы 25 жашында үйлөнгөн. Хадича 40 жашта болгон. Алар 25 жыл өмүр сүрүп, Зайнаб, Рукайи, Күлсүн жана Фатима аттуу кыздуу болушкан. Кадичаны кыргыздар Бүбү Калыйча дешет. Фатима (Бүбү Батма) – Азирети Аалынын аялы, Мукамбет пайгамбардын тукумун улантуучу. Аалынын атасы Абу Талиб-Мукамбет пайгамбардын аталаш тууганы.

Аалы такыба халифалардын акыркысы, абалкы исламдын эң кайгылуу инсаны катары тарыхка кирген. Ал ислам аңыздарында эпикалык баатырлар сыпатында сүрөттөлөт. Ошонусу менен мусулман калктарында Азирети Аалы шер деп аталып келет.

Азирети Аалы шер зулпукор кылычы менен чапканда эки миң адам кырылат, чокмору менен кара зоону быркырата урат, Дулдулу бир айлык жолду бир күндө басып өтөт дегендей укмуштар бар. Арабдар дулдул деп качырдын күчтүүсүн, күлүгүн айтышкан. Аалыга дулдулду Искандария падышасы тартуу кылган экен.

«Кыз Дарыйка» дастанынан икая. Алыскы Самаркан падышасы Катрандын Дарыйка деген кызы бой жетип: «Мени күрөшүп ким жыкса, алышып ким жеңсе ошого тиемин, жеңилгенинин башы алынат» деген жардык салат. Жарлыкты угуп, ар тараптан балбандар келип, бирок кыздан жыгылып өлүм табат. Тоодой болуп занги да келди пилге минип, аягы пил үстүндө сүйрөтүлүп, Дарыйка каарданып ыргытканда шордуунун сөөгү сөпөт болгон жерге тийет.

Дарыйканын кабары Мекке менен Мединага да жетти. Аалы шердин кызга ыкласы артып, Мукамбеттен бата сурады.

– О Али балам, бара турганың оңой жоо эмес. Бөөдөсүнөн зыян тартып калба, – деди пайгамбар.

Аалынын айтканынан кайтпай тургандыгына көзү жеткен азирети пайгамбар күйөө баласына бата берүүгө аргасыз болду. Азирети Аалы Бүбү Батмадай жары, Асейин, Үсөйүндөй балдары, эли-журту менен коштошуп Дулдулун минип, жалгыз өзү алыс жолго чыкты. Самаркан шаарынын сыртында чепти кайтарган кароолчудан кыз Дарыйкага кабар айттырды. Сакчынын бири Аалы шердин сүрүнөн жүрөгү жарылып өлдү, экинчиси калтырап-титиреп Дарыйкадан кабар алып келди. Азирети Аалы шаар капкасынан ичкериге кирип, калаанын ортосуна келип турганда Дарыйка кыз мунарадан чыгып келип:

> Сен кимсиң, күрөшүүгө келген балбан?
> Атың ким, ата -бабаң... келдиң кайдан?
> Бул элде түрү суук Аалысыңбы?
> Көрбөдүм кебетеси сендей адам –

деп, суроо салды. Аалы шер келген жайын баяндады «Сени ырас, Кудай айдап келген экен, анча болбосо өзүм издеп бармак элем» – деп, Дарыйка Тулпарын минип, Аалы Дулдулуна камчы басып, жарданып турган элдердин ортосуна чыгышты. Алты күнү алышты, алыша албады, жети күнү эңишти, жеңише албады. Эки шердин күчүнөн жер майышып, топурак оюлуп жар болуп, замана куурлуп тар болуп баратты.

Күрөштөн, Дарыйка кыз, колуңду жаз,
Келейин милдет өтөп, окуп намаз,
Намазым каза болгон себебинен,
Жыгууга эми сени болбос мажас –

деп, Азирети шер беш убак намазы каза болуп жатканын эскертип, Дарыйкадан бир саамга тыныгуу сурады. Дарыйка бул сунушту кабыл тутту. Эки дөө алышканды токтотуп, эки тарапка кетти. Аалы шер тоого барып, Дулдулунан түшүп, даарат ушатып, он беш күндүк каза намазын окуп бүтүп, Аллага мунажат кылып зар ыйлады:

Атыңдан айланайын Зулажалым,
Өзүң жардам бербесең барбы амалым?
«Адамдын арстаны» деп атадыңар,
Бир кызга не себептен келбеди алым?...

Алладан Жебрейил аркылуу: «Эми сен күрөштөн Дарыйканы жеңесиң. Көтөрүп балбан кызды асманга ыргытасың. Бирок, аны өлтүрбөй тосуп алып, нике кыйдырып аялдыкка аласың» – деген кабар жетти.

Азирети Аалы майдан талаасына келсе, Дарыйка небак күтүп калган.

– Аалы шер, тамак ичтиңби? – деп сурады Дарыйка.

– Каза намазымды кайтарып, тоюп турам, – дейт Аалы.

Бул жолу алар жөө күрөштү. Бир кезде Дарыйканы кара жерден жулуп алып, Азирети Аалы асманга ыргытып жиберди. Кайра түшүп келатканда колу менен тосуп алып, аягы менен жумшак жерге койду. Дарыйка бул кереметке айраң калып, Алланын буйругуна чындап берилип:

«Муназа йа, Кудая шүгүр» деди,
Мусулман болмогуна сөзүн берди.
«Кудай бир, кураның чын, пайгамбар ак», –

деди да Дарыйка кыз динге кирди.

Азирет Аалы Дарыйкага үйлөнүп, алты ай болгондо:

Ээ балам, Мединаны унуттуңбу?
Көөнүңдү Фатимадан сууттуңбу?
Асейин, Үсөйүндөй балдарыңды,
Тирүүлөй жетим кылып куруттуңбу? –

деген пайгамбардан аян келди. Азирети Аалы алты айлык боюнда калган аялы Дарыйка менен коштошуп: «Эркек төрөсөң атын Имамадий кой, эр жетип бой тартканда мени өзү табар» деп, курсактагы балага белек-белги кылып, шакегин жана белиндеги курун калтырып жүрүп кетти. Дарыйка эркек төрөп атын Имамадий койду. Бала алтыга келгенде ашкан балбан чыгып, ойноп жатып чертип койгон балдар өлө берет. Имамадий колунан дагы бир жесир кемпирдин баласы набыт болду.

Бечара кемпир:

– Атадан тирүүлөй калган куу жетим!.. Бөтөн жерге чаң салбай, өз эли-жериңди таап, жоголсоң боло!.. – деп ботодой боздоп, зар какшап ыйлайт. Бала кемпирдин каргышына чыдабай үйүнө чуркап келип:

– Атам ким? Эли-жерим кайда? – деп сурай берди энесинен. Дарыйка айласы кетип акырында:

Бабаң сенин Мухаммед – ак пайгамбар,
Жолдошу – дубакөйү чаарыярлар.
Турган жери Медина-Мунабара,
Атаңдын аты болот Аалы-айдар, –

деп, болгон ишти төкпөй чачпай айтып берет.

Уруксат бериңизчи мен тиленем,
Атасыз Самарканда кантип жүрөм?
Атама учурашып элди көрүп,
Ишенгин, жаным апа, кайта келем –

деп, энесинен бата алып, «Алла» деп, жолго чыкты. Алты ай жол басып, арып ачып, бөлөк эл, бөтөн жерде келе жатып, бир дөбөдө жыйылган топко кайрылды. Бул жерде Азирети Аалы шер балдарын күрөштүрүп жаткан эле.

– Ата, мени да күрөштүрөсүзбү балдарыңыз менен? – дейт жолоочу бала. Азирет Аалы уруксат берип:

– Балдарымдын эң кичүүсү менен күрөш, – дейт.

– Эң кичүүсү менен эмес, эн күчтүүсү менен күч сынашайын – дейт бала.

Күрөшкө Аалы уулу Үсөн чыгат,
Үсөнду так көтөрүп бала жыгат.

«Кел бери, андай эле мыкты болсоң» — деп эрдемсип чыга калган Асандын да жели чыгып, боз бала болуп туруп келатканда каарданган ата жолоочу баланы эрөөлгө чакырат. Аалы шердин каарына чыдабай асман алай-дүлөй болуп, чагылган чартылдап, күн күркүрөп, аалам өрттөй кызарып, калт-калт этип жер чайпала түшөт.

Келатам атамды издеп Самаркандан,
Атымды сурасаңыз Имаммадий,
Мен өзүм төрөлгөнмүн Дарыйкадан.
Ак пайгамбар Мукамбет менин бабам.
Асейин, Үсөн деген агаларым,
Атамдын аты экен Аалы айдар.

Бала кемер менен шакек белек-белгилерди көрсөтөт. Азирети Аалы шер баланы бек кучактап: «Жетимчем кагылайын Иймаммадий, Сен айткан атаң Аалы мен боломун! — деди. «Эки агам анан сизге колум тийди, эми кантип караймын жүзүңөрдү?! — деп, бала атасынын кучагынан суурулуп чыгып, белгисиз тарапка качып жөнөдү. Аалы балбан Дулдулун минип кубалап, жетерде аска таш жарыла берип, жаракага бала кирип кетти, Азирети Аалы аска ташты бөлө-бөлө чаба берди.

Ошол учурда Акрасул пайгамбардан аян келди: «Бул иш Мафузада жазылган кеп, таңда машкар кыяматта Имамадий чыгат. Ага чейин убара болбо». Жебрейилден бул кабарды эшиткен Аалы ачуусун басып, астафрылда келтирип, кайтып кеткен экен. Ошол күндөн ушул күн жер астында ок жонуп отурган Имамадий таңда Машкар күнүндө гана алдыңкы кулагы менен жер шыпырган, үстүңкү кулагы менен көк шыпырган коңгуроолуу, көк эшекти ээрчиген кара күчтөр менен атыша Жер үстүнө чыгат дешет.

**Карамолдонун «Кыз Дарыйка» дастанынан:**

Болуптур Катран аттуу бир падыша,
Айтайын бул кысаны эл тыңдаса.
Бек балбан сулуулугу тууган айдай,
Бар экен Дарыйка аттуу жалгыз кызы.

«Бир ишке жазган чыгар Эгем» деди,
Уялып кыз атадан ийменбеди.
«Теңин тапкан азбас» элде сөз бар,
Өзүмдөй балбан болсо тийем» деди.

Бир күнү каза жетип атасы өлдү,
Дарыйка такка отурду падыша болду.

Оо, бул кыз балээ болду балбандарга,
Күрөшүүгө кумар болуп баргандарга.
Дарыйканын ушунда шарапаты,
Эшилди Меке менен Мединага.

Аалы айтты: «Көрөйүнчү кыздын күчүн,
Өрттөндү эшиткен соң ичи тышым.
Эч кандай сабыр такаат кыла албаймын,
Бабажан, батаңды бер Кудай үчүн...

Пайгамбар коop санап балбан кыздан,
Мафузда не иш болсо тагдыр жазган.
Аалынын токтобосун билгенден соң,
Акыры бата берди амалсыздан.

Аалы шер бабасынан бата алды,
Жол экен алты айчылык эл арасы,
Дулдулчан алты күндө жетип барды.

*Дарыйка:*

Сен Аалы келгенсиңби эми деди,
Жараткан тилегимди берди деди.
Өзүм издеп барсам деп жүрүүчү элем,
Өзүңдү Кудай айдап келди деди.

Аалы шер Дарыйкага айтат анан:
Сен мени аябагын, келсе чамаң.
Жыкпай туруп кур бекер мактанасың,
Маган күчүң жетерин билдиң кайдан?

Бир сөз айтам сен макул көрөсүңбү?
Эрегишпей жөнүң менен жүрөсүңбү?
Мен жыгылсам өзүң бил не кыласың,
Сен жыгылсаң диниме киресиңби?

Аалы минди Дулдулга, кыз Керикке,
Алышты эки шериң жекеме-жеке.
Келишкен шаар калкы бири калбай,
Экөөнүн тамашасын көрүшмөккө.

Эки шер ат үстүндө тартышканы,
Чеңгелин бир-бирине салышканы.
Бирок да күч-кубаты бирдей болуп,
Аттары кадам баспай турушканы.

Токтобой бул кармаштар күнү-түнү,
Калайык аң-таң калып көрүп муну.
Эки шер тамак ичпей, эс алышпай,
Алышты бир тынымсыз он беш күнү.

Дүйнөдө көрдүк беле мындай ишти,
Ким чыгат, адамзатта кыздан күчтүү?
Намазы каза болгон он беш күнү,
Оюна шер Аалынын шондо түштү.

Күрөшкөн Дарыйка кыз, колуңду жаз,
Келейин окуп-өтөп каза намаз.
Намазым каза болгон себебинен,
Жыгууга эми болбос сени мажас.

Мен дагы барып келем тамактанып,
Уктабадым он беш күн мээрим канып.
Оку да намазыңды ылдам келгин,
Коркуп качып кетпегин сөздү таныш...

Пайгамбарга абаздан кабар келди,
Аалы азыр Миданга барсын деди.
Эми барса жыгады Дарыйканы,
Өлтүрбөй нике кыйып алсын деди.

Эки шер ат үстүндө алышпады,
Бирине-бири чеңгел салышпады.
«Кел эми жөө күрөшүн салабыз» деп,
Экөө тең аттарынан түшө калды.

Алланын бергенинен канаат алып,
Бул кызды топ сыяктуу жулуп алып.
Каарданып Азирет Аалы айландырып,
Жиберди Дарыйканы асманга атып.

Аалы шер пайгамбардын эсине алды,
Түшүнө баян кылган кабарлады.
Жерге түшсө сөөгү күл болот го деп,
Кол менен Дарыйканы тосуп алды.

«Муназа, йа кудая, шүгүр» деди,
Мусулман болоюн деп жооп берди.
Кудай бир, Куран чындык, Пайгамбар ак»,
Деди да Дарыйка кыз динге кирди.

Тамам калк эр Аалыга моюн сунуп,
Турушту так алдында кызмат кылып.
Капарсыз уктап жаткан мезгилинде,
Пайгамбар кабар кылды түшүндө уюп.

Ээ балам, Мединаңды унуттуңбу,
Көөнүңдү Фатимадан сууттуңбу?
Асейин, Үсөйүндөй балдарыңды,
Тирүүлөй жетим кылып куруттуңбу?

Барганың алты ай болду Самарканга,
Кечикпей тезирээк кел, балам, мында.

Түшүмдө бабам мага кабар берди,
Чакырды Мединага кетем деди.

Кайгырба, Дарыйка сен кылгын сабыр,
Алланын жазганына барбы чара,
Өлбөсөк көрүшөбүз «заман акыр».

Аманат. Бир Кудайга. Калгын мында.
Көп ыйлап мен карыпты кылба капа.
Алты айлык боюңда бар эркек бала,
Атын кой төрөлгөндө Шайыкзада…

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кыз Дарыйка» | 3565 | 340 | Абдракман Кыдырбаев |
| 2. | «Кыз Дарыйка» | 3591 | 226 | Жөлөгөн Чымырбаев |

# ШҮДҮҢГҮТ

Биз кеп кыла турган элдик күү «Шүдүңгүт» баяны байыркы бабаларыбыз Адыл (Атыла) хан, Төлгөчү Кара Төлөк ысымы менен тикелей катыштыгы болгондуктан сөздү ошол ысымдагы адамдар дарегинен баштоону ылайык көрдүк. Тарыхий булактарда айтылып келаткан Атилла түрк тилдерде Атыла, кыргызчалатканда Адыл баатыр Европа, Римге чейин жортуулдаган байыркы хундардын (гунн) уруу союзунун колбашчысы катары таанылган. Атилла V кылымдарда (434-452) Чыгыш Рим империясына кол салып, Галияны талкалап, Түндүк Италияга жүрүш жасаган тарыхый инсан.

Батыштын жүрөк үшүн алып, Чыгыш Рим менен Батыш Рим империясын алдына чөгөлөткөн, өз мезгилинде «Теңирдин кылычы» (камчысы) деген атакка ээ болгон Гунн мамлекетинин улуу колбашчысы Атилла 395-жылы туулган, 453-жылы 58 жашында курман болгон.

Даңазасы жер дүңгүрөткөн бул адамдын келбет-түрүнө чейин сүрөттөлгөн учурлар бар. Тарыхчы Белек Солтоной уулу: «Атилланын мойну жоон, башы чоң, эки ийни кең, көзү кичине, жүзү кара тору, сакалы кичине, буту кыска...» деп көрүп келгендей мүнөздөйт.

Кай бир тарыхчылар Атиллага «аалам үстөмдүгүн самаган улуу император» деген баа беришсе, батыштагылар «варвар» деген доомат койгон. Белек Солтоной уулу Атилланын жүрүш-турушундагы чыгыш элдерине мүнөздүү: «аны скиф кыздары скифче ырдап коштоп жүрүшкөн, ырчылар (байыркы «узандар»), эрдигин даңазалап ырдап, ар дайым жанында болгон» – деп, өзгөчө белгилерин дааналап жазган.

Тарых тастыктагандай, Атилла маданиятка зор маани берген. Айланасына грек, латын ойчулдарын, адабиятчыларды ала жүргөн. Ушундан улам, санжыра сабактарында сакталып калган Төлгөөчү Кара Төлөк сыяктуу акылман адам анын жакын вазири, жортуулда

жолдошу, кубаныч кайгысын тең бөлүшкөн курбалдашы. Атилла Бургундия королунун кызы Индийкага үйлөнүп жаткан кечте белгисиз себептер менен күтүүсүздөн өлгөн деп айтылат.

Адыл-хан тууралуу манасчы Балыкооз Кумар уулу кеңири сөз кылчу. Балыкооздун санжырасындагы Адыл-хан баяны тууралуу адабиятчы Шаршенбек Үмөталы уулунун, санжырачы Сапарбек Закир уулунун, жазуучу Орозбек Айтымбет уулунун маалыматтары өзүнчө кызык. Ылайыгына жараша Балык Кумар уулунун санжырасында айтылгандарга учкай токтололу:

Үч миң жыл мурун Орто Азияда Угуз мамлекети жашаган. Мамлекеттин негизги калкын түрктөр түзүп, кыргыздар чоң уруу катары таанылган. Ошол кезде дүйнөгө белгилүү Самаркан шаары өсүп чыккан. Угуз мамлекети батышы Аму дарыя, Каспий деңизи, түндүгү Эдил, Жайык, чыгышы Котон, Үрүмчү, Манас шаары, Алтай тоосуна чейин созулган. Кыргыз, казак, кыпчак, курама, башкырт, жедигер, калча, кытай, он тогуз уруу коңурат, он эки уруу тайчык, жети уруу желдең, кара калпак, ногой, түркмөн, эштек, кыят кошкуртту бириктирип, Угуз мамлекетинин башында Отор кан турган, Отордон кийин Барак кан, Барак кандын уулу ааламды бузган Аланча кан, Аланча кандан Боруке, Боруке кандан кийин – аты чуулу Атыла кан. Ошентип, канча мезгил өтүп, канча хандыктар алмашып, бийлик чуулуу Атыла канга оошту. Анын өмүрү ат үстүндө жортуул менен өттү. Кытайдын түндүгүн талкалап, Монголияны багындырып, Ирандын көп жерин басып алып, Балкан тарапка жылды. «Менин тулпарым баспаган жер, кылычым тийбеген эл калган жок» дечү Атыла хан.

Атыла-хан элине алымдуу, акылман адам болгон. Ал Балканда өлгөн. Вазири Төлгөөчү Кара Төлөктү чакырып алып, өлөөрүндө:

– Өсөр элдин баатыры миң, бийи бирөө болот. Бийи миң болуп, баатыры бирөө болсо, элден ырк кетет, ынтымак кетет, эл бузулат. Мына, ушуну унутпагыла... Дагы айтаарым, силер түбөлүккө Балканда кала албайсыңар. Мекенинер Теңир Тоодо. Колуңарда ар уруу калк бар. Аларды өз элине кошкула – деп, керээзин калтырган.

Балкан тоосуна чыгып, айланасына көз чаптырып, алыста калган Ала-Тоосу элестеп, Кара Төлөктүн арман кылып айтканы эл оозунда, комуз күүсүндө калган.

Балкан, Балкан, Балкан тоо,
Балкан тоого мен чыксам,

Башында бар айры зоо.
Көлдө жаткан көп өрдөк,
Ылаачын тийсе бөлүнбөйт.
Ылаачындай шумкарым,
Атыла хандан айрылып,
Элди кайдан табамын?
Эл караны көрүнбөйт.

Кара Төлөк элин жыйып жасак баштап, Ала-Тоого карай чыгышка сапар алат. Канча мезгил жол арытып, аттары болуп ыргайдай, өздөрү болуп кыурайдай өлдүм-талдым дегенде ата-журтуна келип, мекендештери менен жүз көрүшүп, чоң той өткөрүшөт. Ошол жыйында Төлгөөчү Кара Төлөк комузун колуна алып, муңдуу күү чертип, «бири кем дүйнөнү» айта отуруп, Атыла хандын өлгөнүн угузган дешет. Атыла хандай уулунан ажыраган калайык калк 60 күнү аза күтүп, катындар кара кийип, акындар кошок кошуп, аспапчылар күңгүрөнгөн күү менен жоктошкон...

Балыкооз «Манас» айтуу менен гана чектелбестен, акындык, төкмөлүк, ырчылык, комузчулук шыгы да күчтүү өнүккөн. Бууракандап «Манасын» айтса, кезеги менен кара күү кайрып, аны санжыра коштоп (санжыраны обондуу ыр менен айткан), көркөм адабий-музыкалык дөөлөткө өзгөчө көңүл бөлгөн. Ал «Оп, майда», «Карача торгой», «Эки ногой айрылыш», «Балкан тоо», «Ак мактым» («Баласагын»), «Элкин тоо», «Шүдүңгүт» ж. б. күүлөрдүн жаралыш башаттарын «Отор кан» аттуу санжыра бутактарынан чубаган.

Булардын ичинде «Шүдүңгүт» күүсүнүн жаралыш тарыхы Атыла хандын акылчысы, баш вазири Төлгөөчү Кара Төлөктүн ысымына байланышат. Төлгөөчү Кара Төлөк ханына кадырлуу, калкына алымдуу, караңгыда жол тапкан көсөм, капилеттен сөз тапкан чечен, үч кыл комузун таңшыта черткен өнөрпоз, ары акын, ары ырчы болгон. Айтмакчы, Төлгөчү Кара Төлөктүн ысымы элдик оозеки адабияттарда, «Манас» эпосунда, «Буудайык» аттуу дастанда кезигет. «Манаста» келер окуяны алдын ала айтып берүүчү олуя катары мүнөздөлсө, «Буудайыкта»:

«Илгери өткөн заманда,
Абалкан аттуу кан болгон,
Абалкандын тушунда,
Кара Төлөк саятчы,
Кушка тилмеч жан болгон»...

деген сыңары мүнүкөр адамдын бейнесин чагылдырган. Биз сөз кылып жаткан Кара Төлөк жана тигил Төлөктөр ар мезгилдин Төлөктөрү болду бекен, же адабий булактарда кабылданган бир адамдын прототиби – Кара Төлөк болду бекен? Азырынча, бул ой жоромол, так кесе чечмелениши кыйын.

Балканиядан Теңир-Тоого Кара Төлөк уй күлүгү «Шүдүңгүт» менен түшкөн. Зенги баба тукуму – Шүдүңгүттүн жүрүшү (ташыркабас, чаалыгып-чарчабас касиети, ой-кырды, карагай черди тандабай чуркаган күлүктүгү) күүгө салынып, ырга кошулуп, биздин күнгө жеткен.

Уй тукумунун түпкү теги – «Тур» деп аталчу. Кыргыздар аны «Зенги баба» дешет. Турду алгач (б. з. ч. 4000-жылдар) уй айбандары катары Нил, Ефрат, Инди, Ганга, Янцзы бойлорундагы элдер колго үйрөтө баштаган. Крит аралдарында букага минип оюн көрсөтүшсө, Римдиктер менен Испандыктар аларды коррида тамашасында пайдаланышкан. Уй тукумуна өтө алыстан кошулган жаныбарлар – бизондор менен зубрлар, койбука менен топоздор. Буйволду Азия менен Африкада Индия менен Месопатанияда, Мисир менен Эфиопияда унаа-көлүк катары урунушат.

Уйдун этин жана сүтүн тамак-ашка пайдалануу байыртан колго алынган. Петр I кезинде жылына 4000 литр сүт берүүчү голландиялык «холмогор» уюн өстүргөн. Түрк элдеринде (анын ичинде кыргыздарда) уй жаныбарды «сасык мурун» атап, эти менен сүтүн анча кадырлашкан эмес. Индия менен Мисирде унаа катары пайдаланышкан. Андай уйлардын мүйүзү ичке жана кыска келип, желини эчкиникиндей кичине. Көчүп конгондо жүк артышкан, төрт түлүк малды уй минип кайтарышкан. Ача туягы жерге мылгып, мүдүрүлбөй, тайгылбай тоо-ташты, чер токойду тандабай чуркаган, желгенине жел жетпес, басканына мал жетпес уй күлүгүн кыргыздар «Шүдүңгүт» аташкан.

«Шүдүңгүт» темасы комузда жаңы мазмунда жаңыча түрдө жарала бере тургандыгына күбө болгон жайыбыз бар. 1990-жылы Таластын Калба айылынан комузчу Алыбай уулу Өмүрбектин айтуусунда күү баяны мындайча: «Зенги-баба тукуму Шүдүңгүт менен Ойсул-ата тукуму, жаныбар Желмаян кимибиз күлүкпүз деп мелдешип жарышка чыкмак болушат. Топонго ашык тоюп алган Шүдүңгүт уктап калып, чогойно башын жалмаган Желмаян маалында жүрүп кетет. Чоң шашкеде ойгонгон Шүдүңгүт Желмаяндын соңунан түшөт. Талаа, түз, адырга салып өңкүлдөк

атып кууп келатып, токойлуу черге киргенде Желмаян буйдала түшөт. Ошол учурда Шүдүңгүт куйругун чычаңдатып, сайгак тийгендей өкүрөңдөп таскак атып сырактап, Желмаянды такымдап жетип келет. Бадалдуу токойдон өткөндө Желмаян арышын керип, кайрадан алга озот. Ошол учурда жамгыр дыбыратып төгүп жиберет. Топонго тойгон Шүдүңгүт ичи тартылып, табына келип, ача туягы менен жерди оё басып, куюн менен кубалашып, шамал менен жарышып, улам кызый чуркап, Желмаяндан ашып, марага эт бышым мурда жетип, мелдеште жеңип чыккан экен».

Кайсы бир комузчулар «Желмаян менен Шүдүңгүттүн» жарышын тамашага чалып, угармандарга күлкү тартуулоо максатында кол ойнотуп, туурай чертишип, артта калган Желмаянды шылдыңга алса, кайсы бири жүрбөй калган Шүдүңгүттүн кебетесин мыскылдашкан.

Кыргыз радиосунун магнит тасмасында жана Композиторлор бирлигинин элдик чыгармалар бөлүмүндө «Шүдүңгүт» күүсүнүн бир нече түрлөрү ар мезгилдин комузчулары тарабынан жазылып калган. Алардын ичинде: Абдракман Кыдырбаев, Назар Шишбаев, Муса Молдоканов, Мурсалы Турсунбаев бар. Алардын аттарын ыраазы болуу менен эскеребиз. Бейиши болгурлар, булардын бардыгы бүгүн арабызда жок. Бирок кийинки муундун күү чеберлеринде бабалардын байыркы мурастары чертилип жүрөт.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Шүдүңгүт» | 3982 | 2’55 | Абдракман Кыдырбаев |

# КУЛТЕГИН

«Таш бетине тамгаланган жазмаларды, калк өмүрүнө тийиштүү кай бир кабарларды эске албаганда, жазма тарых маалыматтарына жарды экенибиз чындык. Ошентсе да, элибиздин рухий казынасында калк катмарынан чыккан акылмандар, чеберлер, уздар калтырган даректүү маалыматтарга кыйла эле бар. Ал эми комуз жана кыяк күүлөрүнө себепкер болгон жагдайлар: окуялар, тагдырлар, болмуштар, уламалар кыялдан жаралбаптыр. «Күнгүрөнгөн кара күүлөрдү, боздогон, сыздаган армандарды баян эткен бай кайрыктардын мазмуну калк өмүрүн курган тарыхтын жайык дарыясына куюлат» – дейт кеменгер жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков.

Арийне, тарыхты эл жаратат. Элден чыккан атактуу адамдар мезгил агымында тарыхый инсан катары эскерилет. Кыргыздын Бойла Кутлуг Ярган, Махмуд Кашкарлык, Жусуп Баласагын, Мукамбет Кыргыз, Жаңыл Мырза, Ормон хан, Балбай баатыр, Тайлак баатыр, Алымбек датка, Курманжан датка... жана башкалар тарых барагында калган ысымдар. Ошондой эле көөнө түрк, кыргыз тарыхында даназалуу кол-башчы Култегиндин, каган Барсбектин (VIII к.) да өлбөс-өчпөс ысымдары бар. Булардын баян-дареги өз мезгилинде «Таш китепте» жазылып калган.

«Таш китеп» жазмалары Орхон-Енисей жазмалары аталган. Кыйын кезең замандарда жазмасынан ажыраган элибиз тарых-таржымалын алтын башка батырып келе берген. Күүчүлдүк өнөргө баш-оту менен берилген жаңы муундун ичинде байыркылардын темасына кайрылгандарды кезиктирүү аз да болсо аралжы. Андай комузчулардын бири Кенжебек Садырбеков. Кенжебек элдик күүлөрдү эргүү менен аткарат, күү жаратууга да ынтызар. Анын күүлөрүнүн арасында ысмы таш жазмаларда калган байыркы «Култегин» баяны бар.

> Ташта жазуу, бирок окуй албадым,
> Ой чабыттап, өз алдымча талдадым...

Биз окуй албаган, талдай албаган таштагы тарыхый сырлар окумуштуулар В. В. Радлов, Н. Ядринцев, В. Томсен тарабынан ачылган. Монголиядан 400 чакырым батышта, Улан-Батордон 36 чакырым түштүк-чыгыш тарабында, Миң-Сууда табылган таш жазмалар баяны Түрк каганы Билге кагандын (716-734-ж.). Түрк колбашчысы Төнүкөктүн (646-734), Култегиндин (684-731), Кыргыз каганы Барсбектин (711-ж. өлгөн) арбагына багышталгандыгы белгилүү болду.

Бир карасаң таш жазмалар маркумдун артына калтырган аманат керээзи, бир жагынан жакынын жоктогон арман-кошогу таризде жаңырыктаган таштагы даректерде, өз мезгилиндеги окумуштуу, аалым бабабыз Йоллыг Тегин жазып калтырган көркөм чыгармадагы поэзиянын нукура өзөгү жатат.

Түркиянын мектептеринде «Култегин» баяны тууралуу төмөндөгү маалымат берилет экен: Тарыхта «Көктүрк» аталган мамлекет 552-жылы негизделген. Анын башында Бумын каган турган. Өлкөнүн батыш тарабына Истемини бийлөөчү кылып дайындайт. Бумын кагандан кийин анын ордун Мукан каган ээлеп, мамлекетти Истеми менен бирдикте башкарып турду.

Булардан кийин башкаруучулардын ортосунда келишпесттик жүрүп, аны кытайлар билгичтик менен пайдаланган. 582-жылы Көк түрк мамлекети Чыгыш жана Батыш түрктөр болуп экиге бөлүндү да, кытайлардын кол алдында кала беришти. 682-жылы Кутлук баатырдын башчылыгы астында түрктөр көтөрүлүп, Көктүрк мамлекетин кайра орнотту. Кутлукка «элтериш» (мамлекетти бириктирүүчү) деген наам берилди. Элтериш – Кутлуктун эң жакын жардамчысы Тонүкөк болду. Мамлекеттин башына эр жүрөк колбашчы Култегин агасы Билге каганды алып келди. Көктүрк мамлекетинин гүлдөгөн доору, Төнүкөк Билге каган, Култегиндин биргелешкен күч аракетинин натыйжасы катары тарыхта сакталып келет. Култегин, Тонукөк өлүп, 734-жылы Билге каган көз жумган. Билге кагандын уулдары келише албагай Түрк мамлекетинен оомат кетип, кийин 745-жылдары уйгурлар менен карлуктар тымтыракайын чыгара талкалашкан.

Түрк каганаты 703-жылы кыргыздар менен ымалалаш Чик, Аз урууларын талкалап, Төбөйдү (Туба) басып алып, кыргыздарга ыкыс берип калган. Кыргыздар да карап жатпай, Эне-Сай бойлоп кеткен капчыгайга душмандар өткүс жал куруп, Саяндын ашуу белдерин бөгөт коюп тосот.

Түрктөр 711-жылы кыш чилдеде кыргыздарга каршы жортуулга аттанышты. Бул катуу багыт жортуулду көптү көргөн көсөм Тонукөк, колбашчы Култегин баатыр баштаган. Түрктөрдүн жортуулу кийин Тонукөк менен Култегинге арналган таш жазмада мындайча эскерилет: «Мен жоокерлерди жортуулга айдадым. Ат алмаштырып, карды жиретип, жол салдырдым. Өзүм башкалардай эле шыргый таяк таянып жүрүп отурдум. Аябагандай азап менен токойлуу туу чокуну ашып, этекке түштүк. Он күн дегенде тоо бооруна таяндык. Азапка салган жол көрсөткүчтүн башын алдырдым... Биз кыргыздарды уктап жатканда чаптык...»

Жан аябаган бул салгылашта Култегиндин көрсөткөн эрдиги таш жазмада өзгөчө белгиленген: «Култегин Байыркунун Акбоз айгырын минип чабуулга кирди. Бир эрди жаа менен жыга атты. Эки эрди найзалап сулатты. Биринин артынан бирин сойду. Ушу чабуулда Акбоз айгырдын буту сынып жыгылды. Кыргыз каганын өлтүрдүк, элин багынттык...»

Култегин Чыгыш каганатындагы ири колбашчылардын бири эле. Атасы Элтерес каган (682-691), энеси Эбилге катын, бир тууганы Билге (716-734) такка отурган маалда Култегин талантуу колбашчы катары ири ийгиликтерге жетишет. Ал Он ок элине (Түргөш каганатына), кытайларга (Табгачтарга) жана кыргыздарга каршы урушат. Култегин кыргыз журтуна кол салып, каганы Барсбекти өлтүргөндө 26 жашта болот. Ошол эле жылы түргөштөрдү талкалайт. 47 жашында кой жылында (731-жылы) өлгөн.

Монголиянын түндүгүндөгү Орхон дарыясынын жээгиндеги Кошо-Цайдам деген жерде Култегинге арнап күмбөз курулган. Күмбөздүн кире беришинде мармардан чегилген эки кочкордун бедизи, ичинде мармар ташка орнотулган ыйык коломто бар. Күмбөздө Култегин менен аялынын бедизи да болгон экен, бүгүнкү күндө алар жоголгон.

Күмбөздүн сыртында таш мамыга тарыхый баян жазып калтырылган. Мына, ушул уруштан 5 жыл өткөндөн кийин 716-жылы Түрк каганынын бейит башындагы таш эстеликтердин катарына кыргыз каганы Барсбекке арнап таш белги коюлган. Бул жөнүндө «Тонукөк» эстелигинде мындайча кабарлайт: «Кыргыздын чабылган эли кул, күӊ болду. Көчмөн жери ээсиз калбасын деп, кыргыз журтун курадык, элин кайра бердик, (Кан

таякеме багыштап) кыргыз канына баш кылып кыркалап балбал койдум...».

Оозеки айтымда күүгүмдөп, тарыхый булактардан оолактап калган, бирок таш жазмаларда нукуралыгын миң жылдар бою сактап келаткан «Култегин» баяны байыркы тилден бүгүнкү урпактар тилине оодарыла баштаган. Кара сөз түрүндөгү абалкы котормолорду поэзия тилине салуу ишин москвалык окумуштуу И. Стеблева алгачкылардан болуп колго алды. Аны казак акыны Кадыр Мырзалиев ыр түрүндө дастанга айландырды! Ошол эле дастандын кыргызчалаткан вариантын акын Төлөн Насирдин тегин ишке ашырса, «Култегин» эстелигиндеги көлөмдүү жазууну ырга салып, көркөм чыгарма таризде иштеп чыккан Сүйөркул Тургунбаев болду.

«Култегин» дастанынын ушул эки варианттагы кыргызча котормосунан үзүндү:

**«Култегин эстелиги» ыр түрүндө**

1

Үстүндө Көк Теңири,
Астында Кара Жер жаралганда,
Экөөнүн ортосунда адам уулу жаралган.
Адамдарга менин бабам Бумын каган
Истеми менен кандыкка отурган.
Түрк журтунун мыйзамын тутуп,
Бийлигин кураган.

2

Өздөрү каза болушту
Чыгыштан Бөклү чөлүндөгү эл
Табгач, Түбүт, Кыргыз Татабы, Үч Курыкан,
Отуз татар, Апар, Пурум
Ушунча эл аларды жоктоп ыйлашты.

3

Кийин инилери, уулдары кан болушту.
Иниси агасындай
Баласы атасындай болбоду.
Бектеринин түз эместигинен,
Табгачтардын бузукулугунан.

Түрк калкынын биримдиги учуп кетти.
Түрк эли жок болбосун деп Каган атамды,
Умай энемди Теңир колдоду
Теңир өзүмдү кандыкка отургузду.
Ичи ашсыз,
Тышы тонсуз,
Басынган элге отурдум.
Иним Култегин экөөбүз сүйлөштүк.
Түрк эли үчүн түнү уктабадым.
Күндүз тынч албадым.
Азгандарды жыйнап курадым,
Оңдогу өгүз элине,
Кара кытай, Татабы элине
Солдогу Табгач элине
Он эки кол курап салгылаштым.

**«Култегин» эстелиги дастан түрүндө:**

1

Обол баштан, о баштан,
Бир-бирине жарашкан.
Жаралганы кара Жер,
Жаралганы Көк Асман.
Истеми менен Бумындын
Адамзаттан багы ашкан.
Бүткүл Түркий тукуму,
Ал экөөнө карашкан.
Кол астынан тарашкан.
Найзаларын учтаган,
Экөө бирдей уста-хан.

2

Бир күнү ажал келиптир,
Ошентип алар өлүптүр.
Чар тараптан жан-жактан,
Жоктоочулар келиптир.
Кытай, татар, кыргыз бар,
Римдик бар, Атар бар.
Ыйлап-сыктап тагдырдын,
Дегенине көнүптүр.

Бош калган хан тагына,
Мураскорлор өнүптүр.

3

Агасындай иниси,
Боло албады, арийне.
Атасындай баласы,
Боло албады, арийне.
Бүткүл Түркү акыры,
Зарлап калды, арийне.
Табгачтын ала сөзүнөн,
Агаиндер көкүптүр.
Бекем тизгин бошоңдоп,
О, жоонуку бекиптир.
Кайран Түркү тукуму,
Тоз-тоз болуп кетиптир.

4

Ирегелүү эл элек,
Эми мына кандайбыз?
Неге биздер тизгинди,
Колубузга албайбыз?
Ушинтип алар күйүндү,
Зоотторун кийинди.
Кара Жерге кагылып,
Көк Асманга сыйынды.
Шонтип жоого каршы бир
Аттануута жыйылды...

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Култегин» | 6833 | 5’18 | Кенжебек Садырбеков |

# БАРСБЕК

Кыргыз каганы Барсбек тууралуу кеп төркүнү Култегин менен тикелей байланышта. Түрк каганы Тонукөктүн жолбашчылыгы менен огуздарды, андан соң түргөштөрдү талкалайт. Таш китепте жазылгандай «Түрктөрдүн эң күчтүү душманы кыргыздар болгон». Кыргыз мамлекетинин Борбордук Азияда салмагы арта баштап, анын каганы Барсбек – Ынанчы алп Билги аталат. Түрктөр Барсбектин кагандык титулун (даражасын) кабыл тутуп, ага карындашын катындыкка берип, ынтымакташуута кадамдар жасайт. Бирок 707-709-жылдардагы кытай-түрк согушунда кыргыздардын бейтарап мамилеси Түрк каганынын кооптонуусун туудурбай койгон эмес. Ал гана турсун, кыргыз каганынын Кытай менен жакындашууга кылган аракети түрк-кыргыз биримдигине доо кетирген.

Миң-Сууда табылган көр башындагы эки таш жазма кыргыз каганы Барсбекке тиешелүү экендигин окумуштуулар далилдеди. Баарынан кызыгы, таш жазмада баяндалгандар Барсбекке кошкон кошоктордун үлгүсү болуп жаткандыгында.

«О, Барс, бизди таштап кеттиңби? Атаганат!
Алты эрди кошо ала жатпадың!
Тулпарыңды жаныңа сойдура жатпадың!
Үч аялыңды ала жатпадың! О, кымбатым,
О, кенчим, бизди таштап кетпесеңчи!..
Сен барда кубанычыбыз бааланат эле...
Менин Барсым атын да, букасын да албастан
Өтүп кетти бул дүйнөдөн. Атаганат!..»

Өлөр алдындагы Барсбектин арман-керээзи да кызыгуу туудурбай койбос:

«Он ай боюна көтөргөн эле мени энем.
Элиме мени тууп берген эле энем.
Жериме мен эрдигим менен бек болдум.

Сансыз жоо менен салгылаштым,
Эми элимди кайгыга салып кете бердим.
Атаганат!.. Ажал өзүң жок болгун тукумуң менен!..

Жогоруда карт тарых баяндагандай, кыргыздар менен түрктөрдү, Култегин менен Барсбекти кайнаса каны кошулбас душман катары кабылдоо чындыктан алыс. Булардын ортосундагы ырк келишпестикти тектеш элдин ичара уруу кагылыштары десек чындыкка төп келер.

Ал кезде түрк элдери Кытай (табгач) мамлекетине багынычтуу эле. Бара-бара эркиндик үчүн баш көтөрүп, эгемендүү мамлекет куруу далбасы күч алып, күрөш жүрүп турган. Натыйжада, Түрк каганаты түптөлүп, ага түркий тектеш элдерди бириктирүү милдети коюлган. Кыргыздар Түрк каганатына баш калкалоодон мурун, өз алдынчалыгын бекемдөөгө көбүрөөк кызыкдар болгондуктан, өздөрүнчө каганат куруп, такка Барсбекти отургузушту. Түрк каганаты үчүн Барсбектин тоң моюндугу анча жагымдуу эмес эле. Кеч болуп кала электе баш бербеген Барсбектин мойнун толгоп коюну эп көрүшүп, кышкы жортуулду уюштурушкан. Бул жөнүндө таш эстеликте чагылдырылган.

Арийне, уруучул-феодалдык кызыкчылыктын акыры кечээ XIX кылымдын кыйын-кыстоо мезгилинде Кыргыз-ата урпактары боло туруп, кыргыз ичинде Кылжырдын балдары боло туруп, сокур намыска ууккан эрендер бири-бирине союл көтөрүп, тулпар ойнотуп, найза сунуп, катуудан казаны, жумшактан күлү калганча кармашканына тарых күбө. Өтөр иш өттү. Өткөнгө бүгүнкү күндүн көзү менен кароого болбойт, өткөн иш келечек үчүн сабак.

VI-VII кылымдарда Эне-Сайдын ортоңку агымындагы Миң-Суу ойдуңунда Кыргыз мамлекети түптөлө баштаган. Мамлекетти башкарган адам «ажо» аталып, мамлекеттин курамындагы уруу башчыларына «элтебер» наамы ыйгарылган. Кыргыз мамлекетиндеги калктын саны жүз миңге жеткен. Жоокерлер эр жүрөк баатырлыкка тарбияланган, коркоктордун башын кесип жазалашкан.

Кыргыздарда мал чарбачылык, устачылык жогору өнүккөн себептүү «Улуу Жибек Жолу» өлкөнү басып өткөн, айрым элдер «Кыргыз жолу» деп коюшкан. Кытай, Чыгыш Түрк, Согда мамлекетинен келген кербендер «Кыргыз Жолу» менен үзбөй каттап тургандыктан, кыргыз мамлекети дүйнө эддерине тез эле таанып башталган. Гректердин маалыматында кыргыздар

«херкис», «хирхиз» деп аталганы бар. Араб, Персилерде «хырхыз» же «хырхыр» болуп айтылса, кытай дарегинде «сяңзасы», «цилиңисы» деп жазыла баштайт. Түркий тектеш элдер болсо, тыбыштык өзгөрүүлөрсүз «кыргыз» деп туурасын айтышкан.

Кытай тарыхында кыргыздар европалыктар түспөлүндө «саргыч чач, өңдөрү кызыл чийкил, көздөрү көгүлтүр» деп сүрөттөлүп, сырттан келгендер баш кийимине карап «ак калпак кыргыз» дегенге окшоштурушкан.

Барсбектин бабалары эл бийлеген адамдардан болгон. Ата жолун жолдоп, Барсбек да VIII кылымдын башында бийлик туткасын кармайт. Барсбектин укум-тукумун колдогон Умай-Эне деген да сөз бар.

VII кылымдын акырында Ынанчу Алп Билге каган деген наам алып тактыга отурат. 709-жылы Тан империясы түргөштөр менен аскерий биримдик түзүп, түрктөргө каршы согуш ачмакчы болгон. Бул кабардан улам, Түрк каганаты озунуп, 711-жылы кышында кыргыздарды капыстан басат. Түн ичиндеги алгачкы салгылашта бейкут жаткан кыргыздардын ишенимдүү күчү талкаланып, бели мертине түшөт. Калган-каткан жоокерлерин жыйнап алып, экинчи салгылашка бет бурушат, бирок күч тең эмес эле. Кыргыздар жеңилүүгө учурайт. Кан майданда Култегиндин карааны Акбоз аргымагы менен алда кайдан көрүнүп, жоокерлерин жеңишке сүрөгөн күркүрөгөн үнү угулуп турат. Бирок, Барсбектин карааны анча дааналанбай, жоокерлеринин жоон тобунан бөлүнбөй, кырчылдашкан кыргындын сабында жүрөт.

Суңга токоюндагы кандуу кармаш 3 күнгө созулуп, 4-күнү таңзаарда дымып калат. Жеңишке жетишкен Култегин баатыр коштоочулары менен майдан талаасына чыкканда кызыл канга боёлгон ак карды гана көрөт.

Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү зоо болгон.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо болгон,

уруш майданын гана көрөт. Боо түшүп кырылып жаткан кыргыздарды көрөт. Кыргыздын кыраан уулу Барсбек баатырды таппайт. Кыргыздар жеңилген, ажосу шейит кеткен...

Ушул уруштан 21 жыл өткөндө Култегин о дүйнө салды. Култегиндин бейитине удаалаш Барсбекке да эстелик орнотулуп,

баатырлар баяны таш жазмага катталды. Ошентип, оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө опол тоодой көрүнгөн эрлердин аска ташка чиймеленген ысмы гана кала берди. Эл оозунда баатырларын эскерген кошоктору калды. Кошокторду комуз күүлөрү коштоду...

Миң жылдар ала салып, байыркы бабабыз Барсбектин арбагы бүгүн кайрадан козголду. Кылым арыткан Кыргыздын карт тарыхында Барсбек-баба ысымы катталды. «Барсбек-баба ыргактары» кайрадан жаңырды. Таасын комузчу Табылды Актан уулунун урпактарга багыштаган табериги «Барсбек» күүсү болду.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Барсбек» | – | – | Табылды Актанов |

# МЕНДИРМАН

Өмүрү кылым арыткан карт комузчу күү чалат. Кыл тербейт... Күү күңгүрөнөт... Алда неден кабар бергенсийт. Бирок күү сыры күңүрт да, күдүк да, күүгүмдөгү шоокум сыңары элес-булас. Ошол шоокум өмүр сереси күңүрттөнүп, жаңырыктап жаткандай комузчуга күү дареги үзүл-кесил. Арийне, бул шоокум бир өмүрдүн эмес, ондогон өмүрдүн түпкүрүндө кабатталып, карт комузчунун десине түпкү жаңырыктын бир үлүшү илинип калган. Кыл кайрыгында кыпындай баяны менен жеткен, эзелки тарых шоокумун чагылдырган күүлөрдүн бири «Мендирман».

Бул күүнү 1928-жылы музыковед А. Затаевич Мураталыдан жазып алган. Эркесары, Чалагыз, Шекербек сыяктуу таасын комузчулардын аткаруусунда 1960-жылдары радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган. Музыковед В. Виноградов Мураталыдан жазып алган «Мендирман» күү баянына шилтеме берип: «Мураталы бул күүнү айта отуруп чертчү. Анда Мендирман менен Култепер аттуу эки бир туугандын мүнөздөрү, бой турпаты чагылдырылып чертилген...» деп эскерет.[10] Молдобасандын айтымында күү баян каарманы персонаж – Култегин менен толукталганы болбосо, Мураталы берген маалыматка сюжеттик жактан өзөктөш. Култегин турмушта жашап өткөн адам болгондуктан, күү баяны тарыхый тургуда чечмелениши зарыл. Бирок оозеки айтымдарга ык алгандыктан, уламага көбүрөөк оошо берип, акырында жомок жанрына чүмбөттөлүп калган.

«Илгери өткөн заманда Култегин деген эр жүрөк бир азамат жашаптыр. Ал күндөрдүн биринде айыл аралап сейилдеп жүрүп, Култепер атуу аялдын кичүү баласынын келинчегин көрүп калат. Култегин анын сулуулугуна айраң-таң калып, ашык болот. Бир күнү Култегин көзү түшүп, көңүлү сүйүп калган келинди тартып алгысы келет. Ошондо Мендирман намыстана комуз күүлөп:

10 В. Виноградов. Мураталы Куренкеев. – Ф., 1962, 166-бет.

Мен, мен Мендирман,
Мен өзүңдөй эрдирман.
Тоголок башым тирүүмдө,
Мен келинди бербесман! –

деп, Култегинге жаш келинди бербей, анын кебете-кешпирин шылдыңдап, күүгө салыптыр. Мына ошондон «Култегиндин күүсү» деп чертилип калыптыр».[11]

Бул учкай маалыматта ысымы таш жазмада калган Култегин баатыр жөнүндө кабардар болгон менен ага түздөн түз байланышы бар Мендирман, Култепер сыяктуу каармандардын тарыхый дарегинен караманча алыспыз. Белек Солтоноев «Мендирман» күүсү тууралуу айтканы мына ушул оюбузга дал келет: «Доңуз жылы 70-жылында Култегин менен Билге кагандын кыргыздарга каршы аңдоосуз согушка аттанган коогалуу окуяга байланыштуу кыргыз комузчулары эң эски күүнү «Култепер», «Култепердин күүсү», «Мендирман» деп чертишет. Илгери Култепер деген хандын кичи энесинин баласынын катыны сулуу болуп, Култегин аны тартып аламын деп Култегин келгенде иниси Мендирман комузга черткен экен...»

Комуз кылы жөндөн-жөн дирилдебейт. Ар кайрыкта чети оюлбас сырлар жаткандыгын, замандар көйгөйүн, бабалар баянын «уккула» деп, кулагыбызга алтын сырга такканын, аңдашыбыз абзел.

Үч кылда уюп жаткан сырлардын бир учугу «Мен Мендирманмын» деп, биз сөз кылып жаткан күүнүн өзүндө жатат. Арийне, Култегин, Култепер, Мендирмандын ортосундагы чиеленишкен чатактын түйүнү талашка түшкөн айдай сулуу келиндин айынан болуп жаткандыгында (күү баянынын бардык варианттарынын сюжеттик өзөгү ушундай) тарыхый чындыктын үлүшү бар. Култегинге арналган таш жазма эстеликте: «... Өзү Барсбек эле. Каган атка кондурган биз элек. Зайыптыгына менин карындашым Баянды бердим эле. Бирок, ал биздин тилди албай безери болду. Ошон үчүн каганды өлтүрдүк. Элин кул менен күң кылдык...» деп жазылган.

Күлүк ат, сулуу кыз, алгыр куш эки элдин ынтымагына, ыдырашына данакер. Түрк каганаты өз кызын кыргыздарга берүүдө ушул максатты көздөгөнү байкалат. Бирок «безери» болуп, ыркка көнбөгөн тентек күйөөнү «теске» салуу аракетинде барымтада жүргөн кыздын башына түшчү мүшкүл бар.

---

11 Б. Алагушев. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Ф., 1985, 53-54-беттер.

Эки уруу элден ырк кетсе, эчен үй бузулган, коломто өчүп, жубайлар ажырашкан. Бул трагедиядан Култегиндин карындашы Баян сулуу да (балким башкасы болор) айланып өтө албагандыр. «Мендирман» күүсү дал ошол итарка тартыштардан улам жаралгандай.

Дагы бир жагдай: кыйын-кыстоо кырдаалда Мендирмандын колундагы комузу күү менен күйүтүн чыгарат, күү менен душманынын жүрөк үшүн алат. Бул кыргыз баласына мүнөздүү көрүнүш.

Мендирман ким? Балким, кыргыз кагады Барсбектин өзүдүр, же кагандын колбашчыларынын бири болор? Күү баяндагы турмуш карама-каршылыгы Мендирман менен Култепердин ортосунда өнүгөт. Култепер ким? Анын жөн-жайы да кызыгууну туудурбай койбос.

Тарых дарегине сүңгүсөк Култепер деген ысымга уйкаш Элтебер дегенди жолуктурабыз. Тарыхчы В. Мокрыниндин макаласын барактайлы:

«VI-VII кылымдарда Кыргыздар түштүк Сибирь менен Борбордук Азияда зор роль ойногон. Мал баккан, жер айдаган, аңчылык кылган. Темир узануу өнөрү күчтүү өнүккөн, чапса таш кескен кылычтарды жасаган. Кыргыздар уруу-уруу жашап, көп аял алуу салт катары кабылданган. Күчтүү душмандарга каршы дайыма көз каранды эместик үчүн күрөшүп келишкен.

630-жылы Түрк каганаты кулап, анын ордун кыпчактар – сирлер ээлейт. Сир каганы Йенчу – билги Чыгыш түрктөрдү басып алып, Эне-Сай кыргыздарына да ыдык көрсөтүп турган мезгилде бийликке Элтебер келген. 646-жылы сирлерди Уйгурлар талкалагандан баштап, Эне-Сай кыргыздарынын мамлекетинин күч алышы башталат»... Көрүнүп тургандай, Элтебер да тарыхый инсан. Балким күү баяндагы Култебер-Элтебер болушу да ыктымал. Анткени, Түрк каганаты кайта көтөрүлгөн учурда Култегин баатыр кыргыздарга элчиликке келип, аларга кыр көрсөтүп: «Силердин башчыңар (Барсбек) «элтебер» деген наамга гана татыктуу, элтеберлер болсо Истеми-кагандын тактысынын сол тарабында обочодо олтурууга тийиш» дегени бар.[12]

«Мендирман» оозеки айтылып, күү болуп чертилип келаткан адабий-музыкалык мурас.

12 Барсбек. Кыргыздардын каганы / Түз. Т. Насырдинтегин. – Бишкек, 1993, 18-бет.

Акын, мүнүшкөр, уста, комузчу Чалагыз Ыйманкулов «Мендирман» окуясын ыраат менен баяндап, күүсүн таңшыта чертип, радио тасмасына жаздырып кеткен. Эл жазуучусу Касымаалы Жантөшов 1957 -жылы «Мендирман» жомогун поэмага иштеп чыгып, өзүнчө китеп кылып бастырган. Ушул булактардын негизинде «Мендирман» күү баянына токтололу:

«Илгери-илгери Чыңгыш аттуу хан болуп, анын акылга дыйкан Адыл аттуу жигити бар экен. Ар ишти жөн-жөнү менен бүтүрүп, айтканы баарына эм болгондуктанбы, эл аны «Адыл-ойчул» атап алышкан.Чыңгыштын эки аялы болуп, алардан 10 уул көргөн.

Чоң байбиче катындан,
Тогуз уулу бар экен.
Эң улуусу Култепер,
Акылга сараң жан экен.
Токолдон жалгыз Мендирман.
Багалегин талдырган.
Кыргагына калпактын
Ноколоп сайма сайдырган.
Жүйөөлөп сөз айтканда,
Чеченди сөздөн тандырган.
Өзүндөгү баатырлык,
Кытаттуу кисе чалдырган.
Сүйгүнчүктүү эр экен,
Мөрөйүн жоодон жандырган.

Чыңгыш баатыр 80 жашка келгенде айыкпас дартка чалдыгып, өлөрүндө байбичелерин, балдарын жанына чакырып алып, керээзин айтат:

– Байбичелерим, азбы-көппү бирге жашадык. Силер менен түбөлүккө коштошуп, барчу жерге бет алып калдым окшойт. Ынтымагыңарды бузбай, балдарга баш-көз болгула. Мендирман бой жеткенде кайындап койгон Канышын алып бергиле:

Аксымдыгың бар эле.
Акка өзүң тийбей жүр.
Аксакал болуп балдарга,
Арамдык жолго кирбей жүр.
Токолдон жалгыз Мендирман
Байбичеден тогузсуң.

Мендирманды жалгыздап,
Кордосоңор доңузсуң... –

деп, Култеперге да кулак кагыш кылат.

Мендирман бешиктеги кезинде Чыңгыш каза болуп, ордун тун уулу Култепер ээлейт. Култепер ата жолунан тайып, алангазарлык иштерди жасай берет. Адыл ойчунун акыл-кенешине да кулак тоспойт. Адыл ойчу Култеперден түңүлүп, өз жерине кетет.

Мендирман чоңоюп, ат жалын тартып мингенден жортуулчул баатыр болот. Атасынын айткан керээзи боюнча айдай сулуу Канышка үйлөнөт. Мендирман жортуулдап кеткен күндөрдүн биринде Култепер жигиттери менен келатып, кир жууп отурган келинди көрүп, сулуулугуна суктанып, акылдан тая баштайт.

– Келин ханга – мага ылайык турбайбы – деп, чоролору менен кеңеш куруп: «Мен сени алам» деп, Канышка сөз айттырат. Бул кабарды уккан келин санаага батып, бушайманга түшүп, өңүнөн азып, арыктай баштайт.

Мендирман жортуулдан чоң олжо менен келет. Келинчегинен агасы Култепердин жосунсуз жоруктарын угат да, каны кайнап, ачууга уугуп, жарак-жабдыгын шайланып, хан сарайына жөнөйт.

Култепер шерине баштап, кымыздан арак тарттырып, чоролору менен дуулдап отурганда Мендирман кирип келет. Кайчы тулга үстүндө 8 кулак казан толо бозо буураакандап кайнап асылып турган.

Жортуулдан жолум болуп, сан жылкы айдап келдим, бөлүшүп алгыла деп, чоң аяк бозону бир дем менен тартып жиберип, көөкөрдөгү аракты кесеге куюп, аны жутуп, керегеде илинген комузду алып, чөк түшө отура калып, шартылдата күү чалып, Мендирмандын айтып турганы:

Корчоңдогон агалар,
Колуңа түшпөйт Мендирман.
Койгулашып көрөлү
Колум сынбай жеңдирман.
Талаадан торгой учурбас,
Турумтай тууган эрдирман.
Качырганды куткарбас,
Кара кулак шердирман.
Кара жаным тирүүмдө,
Катыным сага бердирбейм.

Эрдик намыс турганда,
Эч бирине жеӊдирбейм.
Мен Мендирман, Мендирман,
Мелдеште уткан эрдирман.
Тарамыштай үзүлбөс,
Талга талаша чыккан кендирман.
Алмадай башым тирүүдө.
Аялымды бердирман.
Атадан жалгыз болду деп,
Арамдык кылдыӊ ар кандай.
Айыптап мени ал үчүн,
Аялымды алгандай.
Асманга күлүӊ сапырам,
Чагылган оту жангандай.
Көрсөтөйүн кызыкты
Көөдөгүм, сага ар кандай.
Чоролор менен төрөӊдүн,
Акылынан тангандай! –

деп, дагы экинчи күүнү чертип, ордунан туруп обдулуп, комузду ордуна коюп, Култепердин маӊдайына басып келип, кылычын сууруп алып, кайчы тулганы бөлө чабат. Казандагы бозо төгүлүп, очоктогу күл бырыксып, асманга көтөрүлүп, эч нерсе көрүнбөй, будуӊ-чаӊ түшөт. Мендирман кылычын булгалаган боюнча эшикке чыгып, тулпарына ыргып минип, Каныштты билектен эӊип алып, белгисиз тарапка жүрүп кетет.

Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү Адыл деген хандын элине келет. Мендирман Адыл-ойчул атасы Чыӊгышка жигит болуп жүргөнүн билет, бирок ал сырды ичине бекем сактайт. Мендирман кырк чорого башчы болуп, Адыл ханга кызмат кылат. Адыл менен отурган отуруштарда комузун колго алып:

«Чором» десеӊ чороӊмун,
«Төрөм» десеӊ төрөӊмүн, –

деп, дайыма бир кайрык күүнү черте берет. Күүдө бир сыр катылып жаткандыгын Адыл-ойчул да акылга чайкап күдүктөп сезет. Ошондон улам, ар отурушта ушу күүнү Мендирманга черттирип, угуудан тажабай, күү сырына канбай көөлгүп, ой толкунунда чабак уруу адетке айланат.

Күндөрдүн биринде Адыл-ойчулга өзүнүн ким экендигин таанытмакка, Култеперден өч алуунун да удулу жакындап

калгандыгын сезип, даги бир шаан-шөкөттүү отуруш жыйында Мендирман комузун күүлөп, баягы бир кайрыкка дагы бир кайрыкты улап, күңгүрөнгөн күүнүн аягын күрсүлдөтө таңшытып барып:

Ой, Адыл хан, сен болсоң,
«Чором» десең чороңмун.
Адыл-ойчул сен болсоң
«Төрөм» десең төрөңмүн.
Адыл-ойчул сен болсоң,
Алдыңда турат Мендирман.
Вазиримсиң дебесең,
Баарынан ашкан шердирман.
Адыл-ойчул сен болсоң,
Атам Чыңгыш кадырман.
Атадан эрте айрылган,
Алдыңда турат Мендирман.
Берен Адыл сен болсоң,
Бегиң Чыңгыш кадырман.
«Бегим» десең бегиңмин,
Бет алдыңда Мендирман –

деп, токтойт. Адыл-хан өткөн өмүрүн эске салып: илгери Чыңгыш ханга увазир болгондугун, токолдон туулган Мендирманды баласындай көтөрүп эркелеткенин, Култепер иттин каабынан кетип, ушул жерлик кыргыздарга хан болгондугун айтып, сен ошол Мендирман болбо? – дейт. Мендирман менен Адыл-ойчул табышып, Култеперден өч алмакка сөз токтотушат. Алты миң кол курап келип, Култеперди өлтүрүп, ордуна хан болуп, адил сурак сурап, эли-журтуна куйумдуулугу, ага-туугандарга алымдуулугу менен атагы чыгып, комузун колдон түшүрбөй күү таңшытып, уккандын черин жазган өнөрү менен кыргыздын кыйырына таанымал Мендирман – Мендирман болуп жашап өткөн экен.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Мендирман» | 3361 | 1’41 | Эркесары Бекбасаров |
| 2. | «Мендирман» | 9547 | 15’00 | Чалагыз Иманкулов |
| 3. | «Мендирман» | 7811 | 2’31 | Шекербек Шеркулов |

# ЭКИ НОГОЙ АЙРЫЛЫШ

Байыркы кыргыз тарыхы – Байыркы Гунн империясынын, Байыркы Угуз империясынын тарыхы. Гунндардын да, Угуздардын да зор империясынын бүгүн аты-жыты жок. Арийне, бул империялардын бир салаасын түзгөн, бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен эгемен Кыргыз мамлекети бар. Жазылып ташта, айтылып башта калган кылымдар окуясынын күбөсү – Кыргызстандын тарыхы бар.

Жазылбай калгандар канча, айтылбай калгандар канча? Ошол жазылып-жазылбай калгандардын, айтылып-айтылбай калгандардын бөксөсүн толтуруп, аласын тегиздеп, чаласын толуктап, актай жерин аныктап, арабөк калса тактап, алмуздактан берки тарыхты сактап келаткан комуз күүлөрү бар. Ошол ата-бабалардын арман-муңун аспапта калтырган «Эки Ногой айрылыш» күүсү. Муундан-муунга эскерме кылып, урпактан-урпакка кулак кагыш кылып, күңгүрөнгөн күүлөрдүн сыздаган ыргактарына кулак түрөлү.

Орто кылымдардын ойчулдары уруулар биримдигине зак келтирип, бөлүнүп-жарылуудан азап чеккен ногой боордошторубуздун арман-күйүтүн абалтадан эле аспаптар кайрыгына салып келген. Байыркы күүлөрдүн тобунда чертилип келаткан «Эки Ногой айрылышты» улуу муундагы аспапчылардын (кыякчылар, комузчулар) жана алардын шакирттеринин репертуарынан көбүрөөк кездештиребиз.

Бизге жеткен маалыматтарга караганда, XIX кылымдын ойчул акындары Арстанбек Буйлаш уулунун, Балык Кумар уулунун адабий-музыкалык мурастарында «Эки Ногой айрылыш» санжыра-уламыш катары айтылып, дастан түрүндө ырдалып, комузда күү болуп чертилип келет. Арстанбектин «Эки Ногой айрылыш» күүсүнүн ыр текстин 1922-жылы Бабакан уулу Саадабай фольклор изилдөөчү Кайым Мунтак уулуна айтып берген:

Керме, керме, керме тоо,
Керме тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн.
Оту, чөбү жок туруп,
Малы семиз Керме-Тоо,
Жылтырканы, шыбагы,
Жылкы баккан бубагы.
Шаркырап аккан булагы,
Саамалынын ыңагы.
Үч-Каркыра, Көк-Дөбө,
Эми бизге жок дөбө!
Арта салып кеткенге,
Аргамжы болуп калсаңчы!
Жая салып кеткенге,
Жамынчы болуп калсаңчы!..
Үч-Алматы жерим ай,
Кайран менин элим ай!..
Кош аман бол кетейин.
Ак-Суунун башы дарыя,
Сени колдосун Жапар олуя.
Көк-Суунун башы дарыя,
Сени колдосун Жапар олуя.

Илимпоз Сапарбек Закиров Балыкооз санжырасынан «Эки Ногой айрылыш» улама учугун мындайча чубайт: «Угуз Түрк урууларынын Оторкан бийлиги курамындагы 9 хандыктын бири – «Он сан Ногой» аталып, аны Көкчө башкарып, Сарайчыкка (Эдил, Волга бою) калаа куруп, ордо күткөн. Бул Барак-кандын мезгили экен. Андан – Аланча хан, андан – Боруке хан, андан – Атыла хан, андан – Карач хан болуп, Карач хандын убагында аталар кураган зор мамлекет ташка тийген айнектей быркырап, Кыргыз, Кыпчак бир ата, Курама Мангыт бир ата, Казак Каракалпак бир ата, Катаган Кытай бир ата, Жедигер, Калча бир ата, Коңурат Тайчык бир ата, Түркмөндөр өзүнчө ата, Ногой, Башкырт бир ата, Татар, Чубаш бир ата болуп чилче тарайт. Алар менен кошо Он сан Ногой бузулат. Хандык Көкчөнүн тукуму Алоокеге өтүп, Алооке Он сан ногойду зордоп ээрчитип, Оторго келет. Ошондо ногойлор «Эдил кайда, эл кайда?» деп, Эдил-Жайык жерин сагынып арман кылганы комузда «Эки Ногой айрылыш» деп чертилип калган.

Сөз ирети менен болсун үчүн илимпоз Шаршенбек Уметаалиевге да кезек берели: «Алтын Ордо хандыгындагы бийлик талашуу ырбай берип, Эдил-Жайык боюндагы урушта Эдиге менен Токтомуштун башын жутуп, Ногой ордосундагы элди экиге бөлүп ажыратып тынды. Бул тарыхый окуяны ошол мезгилдин ойчулдары: Асан кайгы, Токтогул ырчы:

> Эдил кайда, эл кайда?
> Жайык кайда, эл кайда?
> Карача Торгой суу кайда,
> Эртиш кайда, эл кайда?
> Элге жетер күн кайда? –

деп, тентип тербиген элдин атынан: «айтып жүрөм мен карып, аӊгеме кылып ар кимге» деп, дастан-санатта эскерип, комуз күүсүндө чагылдырган».[13]

«Эки Ногой арманы» Алике уулу Самсалы, Чымырбай уулу Жөлөгөн, Шааке уулу Датка, Жаналы уулу Абдыкадыр, Кыдырбай уулу Абдракман, Бекмурат уулу Саит, Куттубай уулу Жумаш, булардан кийин кыякчылар Мураталы уулу Толтойдун, Чытырбай уулу Бактыбектин аткаруусунда радио тасмасына алынып, байыркы музыкалык мурастардын сабын толуктап, улуттук руханий дөөлөтүбүзгө айланган.

Арачолодо тилибизде сейрек учурай калып жүргөн «Ногой» деген терминдин тарыхый семантикалык жөн жайын кабарлай кетели. XII кылымдарда Түрк тектүү Хунндар бутагынын курамында Крым хандыгы Татар жана Ногой компоненттеринде калыптана баштаган. XV-XVI кылымдарда көчмөн түрк урууларынан кошулган Ногой ордосу Чыӊгыз хандын тукумдары башкарган Алтын Ордодон биротоло бөлүнүп чыгып, бир даары Крымга карай агылып, аяктагы ногойлор менен жуурулуша берди да, бир даары Казан хандыгын негиздөөгө себеп болду. Белек Солтоной уулунун «Эки Ногой айрылыш» күү баяны жагдайлуу пикири да тарыхтын ошол ооштуу-кыйыштуу окуяларына далма-дал келген. «Сары ногой-Кара ногойдун айрылышы» деп кыргыздар күү черткен казандык, кырымдык ногойлор деп экиге бөлүнөт. Чыӊгыз хандын уулу Жоочунун небереси Ногой да атактуу хандардан болгон. Ушул Ногой хандын кол алдындагы элдер

13 Ш. Үмөталиев. Турмуш ашуусу. – Ф., 1983, 88-89-беттер.

«ногой» аталган. Ногойдун турган жери Волга (Эдил), алар XV кылымдарда Орто Азияга ооп келген».[14]

«Алтын Ордо» хандыгы – Ногой улусуна кирген ар кандай түрк жана моңгол урууларынын тукумдары. Алар түрк тилинде сүйлөгөн кыпчактар менен аралашып кеткен. Ногой ордосу Каспийдин түндүгү менен Арал боюнан Турага, Камага, Волгадан Иртышка чейинки аймакты ээлеген. Эдигейдин баласы Нураддиндин тушунда (1426-1440) Алтын Ордодон бөлүнүп чыгып, өзүнчө мамлекет курган. Бул мамлекетти «ногой» деп аталган мангыт, коңурат жана түрк тилдүү башка уруулар мекендеген. Ордонун борбору Сарайчук шаары Кара деңиз жээги менен Орто Азия жолундагы соода түйүнү болгон. Казан, Астрахан хандыктары Россияга кошулгандан кийин XVI кылымдарда Кичи Ногой, Чоң Ногой, Алты Улус Ордо деген мамлекеттерге бөлүнүп кеткен. Калмактардын чабуулунан кийинки 1634-жылы Волганын оң жагына көчүп, Кичи Ногой ордосу Крым хандыгына кошулган. Ногой ордолору ортосундагы күрөштүн негизинде ушул окуяны баяндаган «Эдигей» эпосу жаралган. Ногой тили Сары ногой (Ставропол крайы), Кара ногой (Дагстан), Ак ногой (Карачай, Черкес) деген үч диалектиден турат (Кыргыз Совет энциклопедиясы, 1979, 429-бет). Түркий тектеш элдерде ногойлорду татар деп да коюшат. «Култегин» таш эстелигинде (VII к.) Чыгыш Түрк кагандыгына алакалаш жашаган уруулардын бирин «отуз татар» деп эскергени бар.

Кытай жылнаамаларында орто кылымдагы татарларды «дадань» деп атап, аларды «ак татарлар» жана «кара татарлар» деп экиге бөлгөн. Булар түрк тилинде сүйлөшкөндүктөн «ак татарлар», Чыңгыз хан доорунда Кичи Азияга ооп кеткендерди «кара татарлар» дешкен. Чыңгыз хандын жер жайнаган колунун авангарддык бөлүгүн татарлар түзгөн. Татарларды согуштун мизине салып, көп кыргынга учураткандыктан, алар 1236-жылы моңголдорго каршы көтөрүлүүгө мажбур болушкан, бирок жеңилүүгө учурап, Алтын Ордого баш-оту менен көз каранды абалда кала берген.

«Сары ногой-Кара ногой айрылыш» күүсү не башка элдерде эмес, не ногойлордун (татарлардын) адабий-музыкалык мурастарында эмес, кыргыздын элдик ыр-күүсүндө сакталып калышы өзүнчө табышмак. Дагы бир ирет түп тарыхыбызга кайрылууга туура келет. Жогоруда айтылгандай, күч-кубаттуу Угуз мамлекетинин

14 Б. Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б., 1993, 147-бет.

түзүлүшүнө, түптөлүшүнө жалпы түрк уруулары бирдей катышкан, анын талкаланышына да ошол эле уруулардын жеке кызыкчылыгы (бытырандылыгы) себепкер болгон.

Көрүнүктүү түркпөз Иштван Коңур Мандокинин: «Европага чейин жеткен көчмөндөр улуу кудуретке эгедер болгон соң, дайыма бөлүнүп-жарыла баштаган. Тескерисинче, Индоевропа элдери өркөнү өскөн сайын бirimдигин сактоого умтулушкан. Бизде бир хандын канча баласы болсо, энчисине эл, жер бөлдүрүп алып, «өз мамлекетин курайм» менен тигишинен сөгүлүп ыдырай берген» деп айтканы эсибизде.

Байыркы Угуз мамлекети да каничме Карач кандын учурунда майда хандыктарга бөлүнүп, ыдырап жок болсо, кийин Чыңгыз хан кураган улуу империя Чыңгыз хандын балдарынын колуна өткөндө Алтын Ордонун аягы асманга чыкканы тарыхта белгилүү.

Көчмөндөр биримдигинин бузулуулары жалпы түрк урууларына, алардын ичинде кыргыздар менен ногойлорго да терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Монгол-татар империясын курган Ногой ордосу Алтын Ордодон бөлүнүп чыгып, Крымга, Казанга карай агылганда, алардын ичинде кыргыздар да аз эмес эле. Ал эми Крым менен Казандан Борбордук Азияга оошкондордун ичинде ногойлору канча?

Өрөөндү каптаган сел жолундагынын баарын шыпырып кете берген сыңары, жер оодарган эл агымында, азчылык көпчүлүккө сиңише берип, ассимиляциялашуу мыйзамы өз ишин өктөм жасай берген. Түбү бирге кыргыз, казак, ногойлордун аралашуусу мына ушул санатты көрсөтөт.

Дал ошондуктан, ногой окумуштуусу А. Секалиев ногойлор менен кыргыздардын маданий жана этникалык байланышын түпкү ата-бабалардын этникалык жалпылыгынан байкаштырат да, бул пикирин ырасташ үчүн Талас өрөөнүндөгү уруулар байланышын күбө кармап, ногойлордун ичинде «бугу», «коңурат», «кыпчак» аталган уруулардын учурашын мисалга келтирген.[15]

Апаат күндөрдө атпай кыргыздын акыл кошчусу, мүңкүрөп турганда муң-зарын бөлүшүүчүсү үч кыл комуз болгон. Алаамат мезгилдин ары сүргүн, бери сүргүндөгү «Эки ногой айрылыштын» азап-тозогун тең көрүшкөн, тең бөлүшкөн уруулаш элдердин тилектештик ыкылас-ынтымагын унут калтырбай, урпактарга жеткирген аспаптык мурастарыбыздын баркы-баасына чен-өлчөм

15 Сикалиев А. Древнетюркские письменные памятники и ногайцы // Советская тюркология. – Баку, 1970. №4, 133-бет.

жетпес. Ошол баага татыктуу мурас күүлөрдүн бири – «Эки ногой айрылыш».

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Эки ногой айрылыш» | 3572 | 2'35 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 2. | «Эки ногой айрылыш» | 3430 | 4'09 | Датка Шаакеев |
| 3. | «Эки ногой айрылыш» | 8917 | 3'15 | Бактыбек Чытырбаев |

# УЛУКМАН АКЕНИН АРМАНЫ

Намазбек Ураалы уулунун күүлөр тизмесинде «Улукман акенин арманы» аттуу сейрек чертилген эзелки кайруулар бар. «Бул кайрыктар чоң атам Ураалыдан мураска калган» дейт комузчу. Күүгө баам сала билген зирек угарман аталышы белгисиз мурдагылардан келаткан обондуу кайрыктарды гана байкай алары шексиз. Намазбек комузчу болсо, аларды композициялык курумга бириктирип, аталышын тастыктап, радио тасмасына жаздыруу менен күү ынтызарларына эң баалуу белек сунуштаган.

Баяндын башталышы: «илгери бир заманда атактуу аалым, чоң табып, ички ооруларды, азыркыча айтканда операция (союу) жолу менен дарылоону алгачкылардан баштаган Улукман аке аттуу адам болуптур.

Күндөрдүн биринде жалгыз баласы бейтап болуп, оорусу күчөй берет. Канча сыркоолорду дарылап айыктырган атактуу табып, дарттын дабасын таппай айласы куруйт, аргасы түгөнөт. Акыры, асылган оору баланы алып тынат. Шагы сынып, шаабайы сууган дарыгер өлгөн баланын денесин ачып (операция жасап) оорунун себебин аныктамакчы болот. Көрсө, өттөгү корголдой гана таш өз билгенин жасаган тура. Ташты макиси менен кошо ороп жан калтасына салып койгон. Чарчап-чаалыккан табып суу жээгине барып, чыйрыккан денесин жазып ээн-эркин дем алгысы келди. Улукман аке эч качан тамактануу тартибин бузган эмес. Кызматкери маалында табыпка оокат алып келип, астына дасторкон жаят. Табактагы табы менен бышырылган аштардан даам татып, жилик этин таза мүлжүп, макисин чөптүн үстүнө коюп, арыктагы сууга колун чайкайт. Караса, чөп үстүндөгү макиге кошо оролгон өттүн ташы килкилдеп эрип бараткан. «Аттиң ай! Айыгар оорунун шыбаасы ушул жалбыз чөптө (Аса Муса деп да жүрүшөт) турбайбы?.. Э, Кудай, айланайын, ушунча билимге ээ кылып, жалгыз дарттын дабасын менден жашырганың кандай?..» – деп

эки көздөн жашын куюлтуп, жаратканга жалбарып ыйлаган экен. Улукман акенин дарыгерчилигине байланыштуу дагы бир улама:

Улукман 3000 жашка чыгат. Дагы өмүрүн узартуу үчүн 3 идишке дары жасап куюп, шакиртине айтат дейт: «Идиштердеги дарыны 3 жолу денеме сыйпагын». 1-идиштеги дарыны сыйпаганда 50 жаш курагына кайтып келет. 2-идишти сыйпаса 30 жашка жашара түшөт. 3-идиштеги дарыны сыйпарда шакирттин колундагы идиш түшүп кетип, дары жерге жайнап төгүлөт. Улукман аке бул кырсыктан улам улгайган кейпине кайтып, көп өтпөй көз жумган дешет...

Улукман аке жөнүндөгү икаялар кыргыз комуз кылында дирилдеп, кылымдардан кылымдарга урпактар дилинде сакталып келет. Улукман аке уламасы ушундай. Ал эми тарыхый таржымалы каякта?

Бул адамдын толук атын Абу Али Хусейн ибн Абдаллах ибн Сина дешет. Ал арабчасынан Абу Али Хусейндин уулу, Абдаллахтын небереси, Синанын чөбөрөсү дегенди билдирет. Европада Авиценна деп аташса, Борбордук Азия элдери – кыргыздар Улукман аке деп, даанышман илимпоз, ойчул, дарыгер, көзү ачык-табып катары баамдашат. Ибн Сина 980-жылы туулган. 1037-жылы кайтыш болгон. 17 жашында илимпоз аалым катары таанылган.

Ибн Синанын өзгөчө зээндүүлүгүн өзү жазып калтырган өмүр баянынан андасак болот: «5-7 жашымда атам кайра Бухарага келди. Баштапкы билимди Бухарадан алдым, – деп жазган Ибн Сина, – 10 жашымда куранды жатка билип калгам. Бул убактарда Бухарага Абдулла Натили деген аалым келип калды. Атам ал кишини конокко чакырды. Андан философия менен логикага үйрөндүм. Ага чейин Аристотелдин белгилүү чыгармасы «Эль-Мижистага» келип калган элем.

«...Ооруларды дарылап жүрүп жетишкен ийгилигим дарылоонун чоӊ дарбазасын ачып берди дейсиӊ, аны сүрөттөп жазууга мүмкүн эмес... Бул мезгилде мен болгону 16 жашта элем... Бир күнү китеп сатуучулардын бири Фарабинин эмгегин сунуш кылды. «Мага пайдасы тийбейт» деп алгым келбеди. Бирок, сатуучу акчага муктаж экендигин айтып, китептин баасын арзандатты. Акыры китепти сатып алып, үйгө келерим менен окууга чөмүлдүм. Мурда түшүнө албай жүргөн метафизикага толук берилип кеттим. Бул мени абдан сүйүндүрдү. Алла Таалага шүгүрчүлүк кылып, намазга жыгылдым,

кембагалдарга садага тараттым...» Ибн Сина 1002-1012-жылдары Хорезмде, Иранда шахтын дарыгери жана вазири кызматын өтөгөн. Ал бар болгону 57 жыл жашаган. Бирок, дүйнө элдери сүйүктүү адамдын ысымын түбөлүккө калтыргысы келген, ага өлбөс өмүр ыроолошуп, миң жыл жашагандыгы жөнүндө улама-аңыздарды жаратышкан. Андыктан, аны Миңжашар дешет.

Ар тараптуу илимий ишкердигинен улам Ибн Синаны энциклопедист катары таанышат. Медицина, философия, физика, химия, математика, укук, геология, минералогия, астрономия, ботаника боюнча жазылган эмгектери буга күбө. Ал байыркы философ окумуштуулар: Аристотель, Сократ, Гиппократ, Галенден тартып, Борбордук Азия окумуштуулары Фергани, Хорезми, Фараби, Беруни ж. б. эмгектерин окуп үйрөнүп, аларды чыгармачылык менен иштеп чыгып, «Даниш нааме» («Билимдер китеби»), «Аш шифа» («Айыктыруучу китеп»), «Алканун» («Догдурлар илиминин закондору»), «Аннанджат» («Аман алып калуучу китеп») ж. б. ондогон чыгармаларды жазып калтырган. Ибн Синанын 450дөн ашык көп томдон турган эмгегинен бизге жеткени 250 тому гана.

Дүйнө коомчулугу Гиппократ сыяктуу эле Ибн Синаны да «дарыгерлердин атасы» деп билишет, анткени Ибн Синанын догдурлук-дарыгерлик мектебинен дүйнөлүк медицинанын миллиондогон окуулдөрү тарбияланып, анын илим изилдөө ыкмалары, тажрыйбалары кийинки муундар үчүн үлгү катары кызмат өтөөдө.

Улуу дарыгер Ибн Синанын дүйнөгө даңкы чыккан «Догдурлар илиминин закондору» аттуу көлөмдүү эмгеги көп өлкөлөрдүн тилдерине которулган. Өзбек тилине оодаруу да колго алынып, 1961-жылы 6 томдугу жарык көргөн.

Улукман акенин ысымы, көөнөрбөс мурастары кыргыз элинин үрп-адатына, салт-санаасына терең сиңип, күндөлүк турмушунда кеңири орун алган, ал жөнүндө эң кызык улама аңыздар, окумуштуу аалымдын насыйкаттары күнү бүгүн сакталып келет. Бир-эки мисал келтире кетели: «Эй атанын уулу, абал атаң Кудайын экенин тааны», «Жоро-жолдошуңду пайда, зыян тартканда сына», «Изги ишке чының менен кириш, ага туруктуу бол», «Досуңа да, касыңа да кашыңы ачык тут», «Устатыңды атаңдай сыйла», «Киши үйүнө киргенде көзүң менен тилиңди тый», «Калкың менен катарлаш жүр», «Оң буттан кийип сол аяктап чеч», «Түндө сүйлөсөң

акырын жана жумшак сүйлө, күндүз сүйлөсөң жан-жагыңа карап бак», «Аз жеп, аз уктап, азыраак сүйлөгөндү адат кыл», «өзүңдөн улууну шакаба чекпе», «Билимсиз топко бийлик бербе», «Жеке камыңды жей бербе», «Калкың түшкөн багыттан калба...»

Улукман акенин ысымын, эл үчүн жасаган ишин урпактар дилине сиңирүүгө комуз өнөрчүлүгүнүн үлүшү да аз эмес. Күүлөнө бер Намазбектин таңшык комузу!

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Улукман акенин арманы» | – | – | Намазбек Уралиев |

# КЕТ БУКА (АЙХАН КҮҮ)

«Кетбука» – үч ичеги өрүк комузубузда гана чертилбестен, кыл кыякта тартылып, ооз комузда кеңири ойнолгон мукам, кооз ыргактуу күүлөрдөн. Кыргыз радиосунун музыкалык казнасында ондогон комузчулардын аткаруусунда бир нече варианттагы «Кетбука» күүлөрү сакталып турат. «Кетбука» байыркынын мурасы. Жаралыш мезгили XIII кылымга б. а., Чынгыз хан заманына таандык. Бизге жеткен маалыматтарга караганда, XIX кылымдын чыгаан күүчүлөрү Арстанбек, Музооке, Акбала... «Кетбуканы» «Айхан» деп атап, черткендиги жөнүндө Мураталы аксакалдын музыковед В. Виноградовго кабарлаганы бар.[16] «Кетбуканын» күү өнөрүндөгү орошон орду анын тарыхый баян дарегинин олуттуулугун айгинелебей койбойт.

Байыркы түркий тектеш элдерде өлгөн адамды угузуу расмий аземи драмалык диалогдук (суроо-жооп) мүнөздө болгон. Адетте, о дүйнө салган маркумду жакын адамдарына атайылап чогулган көпчүлүктүн көз алдында угузушкан. Угузуу милдети ой калчаган сөзбилги карыя адамдарда же акын-ырчыларда болгон. Алар сөздү тике маанисинде баштабастан, ой оромолун алыстан толгой келип, сөз жүйөөсүн ыр же насааттар менен кынаштыра табышмактуу суроолорду алдыртан жылдырып, угузуу кимге же кайсы дарекке багышталып жаткандыгын каймана билдиришкен. Элдик оозеки чыгармаларда угузуунун мындай түрлөрү аз эмес. Мисалы: «Токтогул Сибирден келгенде баласы Топчубайдын өлгөнүн Коргоол ырчынын угузганы». Турмуштук кырдаалдарга жараша комузда карандай чертилген арман күүлөр аркылуу угузуу расми да ишке ашырылган. Ага мисал: Кыдырдын «Төгөчү» күүсү. «Кетбука» да ушул тариздe: бир тараптан Бука аттуу ырчы табышмактуу суроо жылдырса, экинчи тараптан Чыңгыз хандын жандырмак жооптору ортого коюлат. XIII кылымды оздуктаган бул тарыхый угузуу окуясы кыргыз, казак, ногой

16 В. Виноградов. Мураталы Күренкеев. – Ф., 1962, 170-171 беттер.

элдеринин оозеки чыгармачылыгында, санжыра-уламыштарында, күү таржымалы катары 7 кылым жашап келет. Поэтикалык баа жеткис бул материал белгисиз фарс автору тарабынан XIII кылымда жазылып калган. Аны араб тарыхчысы Ибн Ал Асир өзүнүн Летописине киргизген. Сейрек кездешүүчү бул чыгарманы кийин В. Г. Тисенгаузен деген окумуштуу таап, 1884-жылы «Түрктөрдүн ата-теги» деген жыйнагына жарыялаган.

Түрк тилдүү тектеш элдерде кара сөз жана ыр түрүндө тараган бул тарыхый чыгарманын Тисенгаузен тапкан тексти кыргыз, казак диалектерине өтө жакын экени аныкталды. Анын жөнү бар. Чыңгыз-хандын уулу Жуучунун өлгөнүн угузган – Бука-ырчы найман уруусунан болгондуктан, угузуу монгол тилинде эмес, түрк тилинде жүргөн. Тарых сабактарына кайрылсак: Чыңгыз хан басып алган аймактарда Ыртыштан Оролго чейин, Жети-Суу, Кыпчак-талаа, Каспий, Хорезм… кыскасы Алтай тоолорунан Дунайга чейинки зор аймакты бириктирген «Алтын Ордо» мамлекетинин гүлдөгөн маданиятынын өнүгүп-өсүшүндө түрк тилдүү Борбордук Азия калкы чон роль ойногон. Мамлекеттик иш кагаздары найман, уйгур, түрк тилинде жүргүзүлгөн, тарыхый маанидеги көркөм эстелик-мурастар түрк тилинде жазылган. Булардын ичине кыргыз-казак адабий-музыкалык дөөлөттөрү – «Айхан» («Кетбука») же «Аксак Кулан» аттуу комуз, домбра күүлөрүнүн тексттерин кошууга болот.

Монголдор басып алган элдердин ичинде айрым уруулар азчылыкты түзүп чоң уруулар менен аралашып, акыр-аягы аларга сиңип кеткен. Ошондой кырдаалдан улам найман, ногой уруулары кыргыз, казак этникалык элдин составына кирип калган Кыпчак талаасына аттын кашкасындай таанымал бул тарыхый угузуу кийин кыргыз, казакка гана таандык болуп, «Айхан» («Кет бука»), «Аксак кулан» деген ат менен адабий-музыкалык мурастардын шарданында биздин күндөргө жеткен.

Тарыхый чыгарма канчалык чындыкка негизделбесин оозеки айтымында, сөзсүз, өзгөрүүлөргө учурап, көп варианттуулукка тушугары шексиз, бирок «Кетбука» алгачкы нускасынан (XII кылымда кагазга түшүрүлгөн нускасы) айныбай, тарыхый «угузуу» өзөгүн сактап калган.

«Кетбука» окуясы Чынгыз хан, анын өлгөн уулу Жуучу хан, Бука комузчу айланасында өнүгөт. Ошондой болсо да, угузуу

расмисин ушул үчилтик каармандар менен чектеп коюуга болбос. «Угузуунун» фонунда улуу кагандын жан-жөкөрлөрү: аксакалдар, акылчы-кеңешчилер, нойондор баш кошкон отурушту көз алдыга келтирели.

Топтун ортосунда төрдөгү такта кагандардын каганы Чыңгыз хан, бет алдында мандаш ура, комузун күүгө келтирип, муң кайрыктуу күү термеп, ыраатты менен сөз баштап, кыраатты менен обон коштоп, түрк-моңгол элдеринин салтында угузуу расмисинен жазбаган ырчы Бука туурга конгон кыргыйдай талпынат:

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айханым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айханым.
Деңиз толук чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айханым.
Терек түптөн жыгылып,
Жер бөксөрдү, Айханым.
Ала-Тоо кулап, бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айханым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айханым.
Кара жандан тап-татты,
Ынак өчтү, Айханым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айханым.

Угузуунун дагы бир вариантында Бука ырчы комузду муңканта черте отуруп, Чыңгыз ханга табышмактуу суроо менен кайрылганы да бар:

Туу, туу, туу куйрук,
Тулпар качты, Айханым.
О не болот, Айханым?
Туурунан ажырап,
Шумкар качты, Айханым.
О не болот, Айханым?
Алтын боолуу акшумкар,
Алтын боосун тытыптыр,
Айды көздөй сызыптыр.
Ал эмнеси, Айханым?

Агала булут сөгүлөт,
Аяктап жамгыр төгүлөт,
Ал не болот, Айханым?
Көгала булут сөгүлөт,
Көнөктөп жамгыр төгүлөт,
Бул не болот, Айханым?

Акыл калчап, боолголоп отурган улуу каган күңгүрөнүп, өзү менен өзү сүйлөнүп, табышмактаткан суроого татыктуу жооп издеп, бир саамга буйдала тушөт да, бир оокумда тилге келип, жылдуу ойондун каймана суроосуна жооп кайтарат:

Туу, туу, туу куйрук,
Тулпар качса карматпай –
Менин туйгунум өлгөн турбайбы!..
Ошондо шорум курбайбы?!
Алтын боолуу Акшумкар,
Айды көздөй ал сызса –
Менин арстаным өлгөн турбайбы!..
Анда эле шорум курбайбы?!
Көктөн көгала булут сөгүлсө,
Көнөктөн жамгыр төгүлсө –
Көзүмдүн жашы турбайбы!..
Анда эле шорум курбайбы?!

Суук кабар кимди болсо бир «селт» эттирип, ичиркентип же чочутуп коёру белгилүү. Чынгыз хан да уулунун өлүмүн жаймажай отурган калыбында кабыл албады.

Кет, кет, кет Бука!
Кеби жаман, ит Бука!
Комузуңду колго алып,
Сүйлөткөнү келдиңби?
Бүгүн Айхан пашааңды,
Ыйлатканы келдиңби?!
Бу күүңдү ким уксун?!
Боору калың жер уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Асмандагы күн уксун,
Жаркырап тийген ай уксун! –

деп, асылкөй нойонун бир каарып алып, кагынып, силкинип туруп кетти. Казак домбрасында чертилген «Аксак кулан» күүсүнүн баяны да кыргыз комузундагы «Кетбука» («Айхан») күү баяны менен мазмундук, ыр куруму жагынан огеле окшош да, үндөш да.

Эмесе, «Аксак кулан» күү баяны тууралуу Илья Жахановдун «Аккуулар конгон айдың көл» китебинен мисал келтире кетели. «Найман элинин улуу ырчысы Кетбуканын Чыңгыз ханга уулу Жуучунун өлгөнүн угузганы:

Уа иемиз, Шыңгыз хан,
Домбра не деп жырлайды.
Сарнап бир даусын кырнайды.
Кулагың сал осуган...
Аксак кулан, ку кулан,
Кияннан кашкан ту кулан.
Киырсыз куба далада,
Анда жүргөн балада,
Кез болуп бир кашыпты,
Белден белге асыпты.
Куып белге куланды
Мингени тулпар кунанды.
Кунан мен тулпар еликкен,
Жесыган кулан желиккен.
Баланды шайнап өлтирип,
Жулмалап жалмап кетишти.
Сөздү айтып жылап зарлаган,
Дембранын баланды
Естирткени осы хан!
Өзгеге артпа жаланды…

Улуу жыршы Кетбуга мен Шыңгыс хан ортосундагы катал аңгиме де жер кестесине түсип, ел ишине алги толгау мен бирге аян болгондай.

Кетбука: Теңиз бастан былганды,
Ким тундырар, ей ханым?
Терек түштөн жыгылды,
Ким тургызар, ой ханым?

Чынгыз хан: Теңиз түптөп булганса,
Тундырар улым Жушыдыр.

Терек түптөн жыгылса,
Тургызар улым Жушыдыр –

деп жооп кайтарат да, ырчыга кайра суроо ыргытат:

Кезин жасын жүгиртед,
Кеңилиң тулды болмай ма?!
Жырын көңүл үркитед,
Жешы энди болмай ма?!

Кетбука: Сойлемекке ерким жок,
Сен сойледиң, ей ханым!
Өз жарлыгын өзине ок,
Не ойладың, ей ханым?![17]

Ырдагы образдуу (элестүү) сөздөргө, салыштырууларга караганда айтышып жаткандар ырчылык кудуретке эгедер өнөр адамдары экендиги талашсыз. Анткени, Бука катардагы жоокер эмес – кадик ырчы, калбаат комузчу, өнөр адамы. Ал эми Чыңгыз болсо, кагандардын каганы, казат адамы, колбашчы боло туруп, калк алдында сайраган кара жаак ырчы нойонунун ыр менен табышмактаткан суроосуна ыр менен жооп кайтарышы окурмандар үчүн күмөн туудурбай койбос. Бул ойго эки божомолду сунуштай туралы: биринчиси, улуу кагандын айткандары, алгачкысы, кара сөздө же жорго сөздө болгондур. Аны кийинки акын, ырчы, аспапчылар нечен ирет ийине келтире иштеп чыгып, Бука-ырчынын табышмактуу суроолоруна теңдеш жооптор деңгээлине жеткиргендир. Экинчиси – Чыңгыз хан ой жоруму кең, акылы тунук, сөзү курч, маселдетип сүйлөгөн адам болгон дешет. Демек, «Кетбука» угузуу текстинде улуу каган тарабынан айтылгандар эч кошмосу жок, баштапкы варианттын таза нускасы деп болжоого да негиз бар.

«Кетбука» баянынын каармандары турмушта жашап өткөн тарыхый инсандар болгондуктан, алардын дареги жагдайында учкай да болсо сөз козгой кетпесек, чала уюган айрандай күү баяндын татымы кемип калар.

17 И. Жаханов. Ак-куулар конгон айдың көл. Алматы, 1988, 81-82 беттер.

## Чыңгыз хан баяны

Бука ырчы Жоочунун өлгөнүн угузганда Чыңгыз ханга «Айханым» деп кайрылат: «Туу куйругу бир кучак тулпар качты, Айханым!». Комуз күүсү да алгачкысын «Айхан» деп чертилген. Анын жөнү бар. Айхан – түрк уруулары тарабынан Чыңгыз ханга берилген ылакап ысым. Ал Чыңгыз «Ай шооласынан, нурдан бойго бүткөн» деген мифологиялык түшүнүктөн улам келип чыккан.

IX кылымдын артында Аргундун чатында Амурдун баш жагында Чоң Хингандын жанында жашаган моңгол уруулары батышка ооп, түрктөр, анын ичинде кыргыздар менен аралаша баштаган. Чыңгыз хандын түпкү энеси Алангоа беш баласынын экөөнү моңголдон, үчөөнү түн ичинде түндүктөн жарыктын шооласы менен түшүп келген көзү көк, чачы сары кишиден төрөгөнү жөнүндө улама сөз бар. Чыңгыз хан (Темучин) ошол сары кишиден төрөгөн балдардын кичүүсү Бодончардын урпактарынан. Чыңгыз хан да укум-тукумдарына, бабаларына түспөлдөш көзү көк, чачы сары, сакалы кызыл түстө болгон экен.

Алангоа кийинки үч баласын кыргыздан төрөгөн деген божомолду окумуштуу Березин өткөн кылымда эле сунуш кылган. Бул пикирди моңгол-кытай тарыхын жакшы билген немис илимпозу П. Рачневскийдин да ырастаганы бар. Кытай тарыхчысы Ху Чжен Хуа «Хейлунцзянь провинциясындагы кыргыздар» деген макаласында: «моңголдошуп кеткен Фуюй Уэдинде кыргыздар жашай тургандыгын, алардын ичинде чачы сары, көзү көк кишилер аз эмес экендигин – бул байыркы кыргыздардын белгиси экендигин» тактаган көрсөтмөсү (Үрүмчү. «Шиңжан кыргыз адабияты», 1981 № 1) жогоруда айтылгандарга канчалык айкалышып тургандыгын кошумчалай кетели.

Алангоа жөнүндөгү уламыш байыркы Түштүк Сибирде жашаган түрк шамандары менен да үндөшүп турат. Анда адамдын өмүрү Көктөн башталат деп айтылат. Көктөн Жерге жылдыз болуп учуп түшүп, кээде Күн нуру болуп төгүлөт имиш. Булар боз үйдүн түндүгүнөн очокко, андан төшөккө ооп, ошол себептүү аялдын боюна бүтөт. Чынгыз хандын бабалары Бодончардын төрөлүшүн ушул уламышка байланышта жорушкан, же Алангоанын үйүндөгү Малык Баюдес деген түрк Бодончардын атасы болгон дешет. Мына, ушул маалыматтардан кийин Чыңгыз хандын ата-тегине, өмүрүнө жасаган ишине издөө салуу аракети да көңүлдө турат.

Чыңгыз хандын уулу Жуучу насилиндеги Шайбаны тукумунан тараган санжырачы, тарыхчы, илимпоз Хиванын өкүмдары араб Мухаммед хан уулу Абылгазы Бахадур хан (1603-1674) жазган «Түрк санжырасы» Нух пайгамбардан бери таратып келип, Чыңгыз-хан беш жүз элүү тогуздун доңуз жылында 1162-жылы маңгул журтуна жарык дүйнөгө бой таштагандыгын аныктайт. Андан ары Чыңгыз хан (Темучин) кабары мындайча уланат.

«...Чынгыз хан дүйнөгө келгенде бир колу жумулуу эле, толготкон катын ачып көрсө, уюган кан бар экен. Ошондо бир киши айтты:

– Бул оглан улук падыша болур. Жер жүзүнүн барчысын алур. Көп элди жана виалеттерди катаал кыргын кылур. Бу кан ошонун жышаанасы турур.

Ошол кишинин дегениндей болду. Атасы Темучин деген ат койду. Хан болуп көтөрүлгөндө Чыңгыз деген ылакап ат ыйгарылды.

Чыңгыз хандын атасы Эсегей батур. Анын атасы Бертан хан, анын атасы Кабыл хан, анын атасы Тумына хан, анын атасы Кайдуу хан, анын атасы Дутумын хан, Дутумындын атасы Бука хан, анын атасы Бодончар. (Бодончар – никесиз эрден төрөлгөн Чыңгыз хандын сегиз ата өткөн бабасы).

Эсегей баатыр өлгөндө Чыңгыз үч жашта эле. Чынгыздын энесинин аты Олон. Эки лакап-ысымы боло турган. Олон «айыке» (маңгулча «улук» деген сөз), Олон «кужун» (кытайча «катын» же «байбиче» дегенди туюндурат). Олон акылдуу, сарамжалдуу зайып эле. Конкамар уругунан Меңгилик айчекеге («ата» дегенди билдирет) дегенге турмушка чыккан.

Чыңгыз-хан 13 жашынан уруу чабыштарынын башында турду. Тайчыктарды, кереиттерди жеңгенден кийин 40 жашында хандыкка көтөрүлдү. Чынгыз ханга улуг дөөлөт ыкыбал алып келди. Жанаша отурган элдин алсыздары, басырыктары багынып берди, күчтүүлөрү баш ийгиси келбеди. Тарых ижаараттын 599-доңуз жылында Наймангерэ деген жерде улуг той берилди. Конкомар уругунан Меңгилик айчакенин уулу Көкчө олуя айтты:

– Мага Теңирден ишаарат келди. Бар, Темурчынга, калкыңа айт. Бу күндөн баштап Темурчын – Чынгыз хан аталсын.

Жер жүзүнүн падышалыгын Чыңгызга, анын укуму-тукумуна ылайык көрдүм» – деди. Эл муну макул тапты. Темурчынди хан көтөрүштү. Ал наймандарды, меркиттерди, тангуттарды жеңди,

андан кийин «мага багынып берсин» деп элчилерин кыргыздарга жиберди. Кыргыздын падышасы Ороз «багынгандыктын белгиси» деп, тумшугу, көзү кызыл акшумкарды Чыӊгыз ханга белекке тартуулады.

Муну менен токтоп калбай уйгурларды, каяктарды, кара кытайларды, кыдаӊдарды чүрчүт виалеттерин: Түндүк Кытайды, Борбордук Азияны, Иранды каратты. Афганга жортуул жасап, Кавказ аркылуу Чыгыш Европага чыгып, 1223-жылы түштүк орустардын княздарынын кошуундарын Калка өрөөнүндө талкалады.

Чыӊгыз хан бир күнү салбуурун мезгилинде зор дарактын түбүнө келип минтип айткан эле:

– Мен өлсөм, денемди ушул дарактын түбүнө жашыргыла.

Айткандай, хандын сөөгүн (1227) ошол жерге коюшкан. Ал жер кийин Бурхан Калдун деп аталып кеткен. Бул жайга ок атса өткүс чытырман дарак өскөн дешет. Ошол себептүү ал жер падышалар менен амирлердин сөөгү жаткан ыйык көрүстөнгө айланган. Хан 65 жыл өмүр сүрүп, 25 жыл падышалык кылган.

## Бука ырчы баяны

Оозеки уламыш санжыраларда жана комузчулардын маалыматтарында «Кетбука» окуясы укмуштуу жөө жомоктор турпатында сүрөттөлгөн учурлар аз эмес. Хандын өлгөн баласын угузуу эпизоддору да түркүн варианттарга кабылган: «Айхандын баласы ууга кетип, кайтпай калат. Хан: «баламды тирүү таап келгиле. «Өлдү» деген суук кабарды ким угузса, оозуна коргошун куйдурам» деп жар салат. Ханга баласынын өлгөнүн эч ким даап угуза албаганда, Бука комузчу карандай күү чертип, каргашалуу кабарды билдирет. Хан комузчуну жазаламакчы болгондо:

– Балаӊыздын о дүйнө кеткенин мен угузбадым, комузум угузду, – дейт. Хан сөзүн эки кылбай, көлкүлдөп эриген коргошунду комуздун кулагына куйдурган.

Угузуунун дагы бир вариантында күнөөлөнгөн Бука комузчуну хан темир тордо камалган жолборсторго ыргыттырат. Бирок, айлакер ырчы ал жазадан да аман калат. Бирде уктап жаткан жолборс чочуп кетип, асманга түйүлүп, жерге түшүп бели сынып өлсө, бирде, темир тордо ачыккан жолборстор Бука черткен комуздун доошуна эрип, магдырап жата берет. Дагы бир жерде:

Кыздары соккон кыялдай,
Кылычы болот Айханым.
Келиндер сайган кештедей,
Кеби жакшы Айханым.
Элчи менен ырчыга,
Хан алдында кайсы өлүм? –

деп, хандын талуу жеринен кармап кутулат. Кайсы вариантта болбосун Бука-комузчунун айлакерлиги, эр жүрөктүүлүгү менен катар, ар кандай кырсыктардан арачалап калар чоң өнөрү жөнүндө даңазалуу сөздөр бар.

Бука да Чыңгыз хан, Жуучу хан сыяктуу тарыхый инсан. Бул ойдун чындыгын Монгол империясы өкүм сүрүп турган кезде жазылып калган, кийин Тисенгаузен тапкан фарсы тилиндеги «Кетбука» тексти толук ырастай тургандыгын дагы бир ирет эске салабыз. Бирок, Бука аттуу ысым Чыңгыз ханга чейин, андан кийин да монгол, түркий урууларында кездеше тургандыгына күбө болчу даректер аз эмес. Мисалы: Абылгазы Бахадур хандын «Түрк санжырасы» аттуу эмгегинде Чыңгыз хандын тогузунчу атасы Бука хан. Чынгыз хандын кийинки урпактары да бул ысымдан куру эмес, Чыңгыз хандын кичүү уулу Тулуйдун балдарынын кенжеси Арык Бука. Арык Бука агасы Хубулай менен бийлик талашып, 1266-жылы согушта өлгөн. Арык Буканын колунун негизги бөлүгүн ойроттор менен кыргыздар түзгөн (Е. Кычанов). Чыңгыз тукумунун Чагатай насилинен да Эсен Бука деген өкүмдар жашагандыгы белгилүү.

Ал эми Жуучуну угузган Бука ырчы ким? Дагы тарых барактарына сересеп салалы. 1206-жылы Моңгол курултайы Темурчинди каган шайлады. Кийинки жылы Чыңгыз хан түндүктөгү коңшу кыргыздарды каратууга баласы Жуучуну аттандырды. Оң кол аскерлерин баштап барууну ошондо Бука нойонуна табыштаган. Бука нойондун насили найман. Казак, кыргызга Бука нойондун таасири күчтүү болгондуктан, аскер өнөрү артык кыргыздар каршылык көрсөтпөстөн, моңгол жаангерине, ак боз ат, ак булгун ичик туртуулап, багынып беришкен.

Экинчи кабарда Чыңгыз хандын батышка карай чабуулунда Мамык деген кыргыздын уулу Тайбука хан кол баштап, жортуулга бирге катышкандыгы тууралуу кабарды тарыхчы Талип Молдо билдирип, окуянын андан аркы уланышын мындайча сүрөттөйт:

«Чыңгыз хан 1220-жылы Бухараны багынтканда Тайбуканы Батыш Сибирдеги Ыртыш менен Төбөлгө хандык кылууга буйрат. Бул жерде Тайбука хандын укум-тукумдары 343 жыл өкүмдарлык кылган. Тайбука насили Бекболот-хан, Көчүм-хандан 1363-жылы жеңилгенде, кыргыздар батыш Сибирден Анжыян, Алай, Наманган, Атбашы, Нарын, Ысык-Көл, Кочкор, Чүй, Таласка ооп кеткен».

Буканын насили найман дедик, кыргыз дедик. «Аксак кулан» домбрада казак болуп жаңырса, «Айхан» («Кетбука») комузда кыргыз болуп таңшып, байыркы бабалар доошу кыргыз, казак тилинде күнү бүгүн көкүрөккө төнүп, көңүлдө уюп келет.

## Жуучу хан баяны

Энеси Борто кош бойлуу кезде меркиттин ханы Чыңгыз хандын айлын чаап, Борто кужынды олжолоп алып кетти. Он ханы менен меркит ханынын ортосундагы достук байланыш күчтүү эле жана Он хан Чыңгыздын атасы Эсегей менен да көнүлү түз болгон, анын үстүнө Он хандын катыны Борто кужындын эжеси экен. Ошол себептүү Он хан Борто кужындын башын ачып, Чыңгызханга кайта жөнөттү. Борто кужын жол үстүндө көз жарып, Жуучуну төрөдү. Баланы бөлөгөнгө бешик болбогондуктан, камырды ийлеп жиберип, чүпүрөккө ороп жаткырып коюшкан. Чыңгыз хан баланы көрүп: «Бизге «Жуучу» келди деген. (Жуучу маңгулча «Жужы» – жаңы келген мейман дегенди билдирет). Ошол себептен баланын атын «Жужы» коюшкан. Балким, жоо колунан качып келатып, жолдо төрөлгөнү үчүн Жоочу болушу да мүмкүн.

Жуучу Ыртыштан Оролго чейинки батыштагы аймакты ээлеп турган. 1218-жылы Эне-Сай кыргыздарынын көтөрүлүшүн баскан. 1227-жылы атасы Чыңгыз хандан алты ай мурда каза болгон. Жуучунун өлүмүн ар түрдүү себептерге байланышта карашат. Бирөөлөр: «кулан тээп өлтүрдү» дешсе, кээ бирлери жолборско чалдырат. Айрым маалыматтарга караганда «Алтын Ордо» мамлекетин бөлдүрүп кетпесин деп, атасы Чыңгыз хан алдыртан өлтүрткөн имиш. Бул имишти «Угузуу» текстинин бир варианты ырастап тургансыйт. Улук ырчынын (Буканын):

Деңиз баштан булганды,
Ким тундурар, Айханым?

Теректер түптөн жыгылды,
Ким тургузар, Айханым?

деген табышмактуу суроосуна Чыңгыз хан уулу Жоочунун өлгөнүн алдын ала билгендей жооп кайтарат:

Деңиз баштан булганса,
Тундурар уулум Жуучудур.
Теректер түптөн жыгылса,
Тургузар уулум Жуучудур.
Көзүңдүн жашын тыя тур,
Көңүлүң толду болдубу.
Жериң көңүл үркүтөр,
Жуучу өлдү болдубу.

Жуучунун мезгилсиз өлүмү ар кандай имиштерди жаратуу менен кандайдыр жашыруун сырды ичине катып, келе жаткандай сыйкы. Анткени менен, оозеки айтымдары түрдүү варианттар текстин мазмунуна, окуянын өнүгүшүнө, күү өзөгүнө, ыргагына да анчалык доо кетирбей келатышын улуу тарых чындыгына урматтоо белгиси катары карооо тийишпиз.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кет бука» | 3666 | 1'67 | Саадабай Шабданов |
| 2. | «Кет бука» | 9816 | 3'04 | Өзбек Алымкулов |
| 3. | «Кет бука» | 1782 | 1'26 | Эркесары Бекбасаров |
| 4. | «Кет бука» | 6544 | 2'10 | Сексенбай Айманбетов |
| 5. | «Кет бука» | 2602 | 1'54 | Бейшеке Жандаров |

# АСАН КАЙГЫ

Жан-жаныбарларга боорукерлик менен мамиле жасоо, табийгаттын көркүнө тартылуу жана аны аярлап урунуу кыргыз элинде, айрыкча, оозеки чыгармаларда байыртадан насыйкатталып келген. «Жаратылыштан керегиңе жараша пайдалан, ашыкча сугалактык кылсаң, же бүлдүрсөң убалы аттатпайт, Жаратkандын каргышына каласың» – сыяктуу идея «Кожожаш», «Буудайык», «Төштүк», «Канаттуулар» поэма-дастандардын жаралышын шарттаган. Ал эми, ушул маанидеги макал-лакап, ырым-жырымдар тарбиялоо усулуна өтүп келген. «Бейкүнөө кумурсканын буту сынбасын», «Бузулган канаттуунун уясы кыйраган шаарга тете», «Чөптү кор көрсөң, көзүңө зыян», «Жыланды ак чачып чыгар», «Туз улук, мазар ыйык», «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт», «Кой аксагы менен миң», «Карга да сүйөт баласын аппагым деп», «өлгөн арстандан тирүү чычкан» ж.б.

Кыргыз баласы атам замандан мал менен күн көргөн, мал менен оокат кечирген. Кар калың түшүп, суук күчүнө алган жылдарда энөө журт кыш камылгасынан көбүрөөк жабыр тартуучу, бир жагынан илдет чалып, адамдардын өмүрүнө забын кылса, бир жагынан төрт түлүккө жут келчү. Ушундай кыйын кезеңден улам «Асан кайгы» кейиши аттуу дастан-накыл айтылып калган:

Салган тамы жок,  
Кылган камы жок,  
Алган даны жок,  
Баккан малы жок,  
Мал багарга алы жок,  
Көзү-башын көгөртүп,  
Көгөөн байкуш кантти экен?  
Көрө турган көзү жок,  
Көкүрөктө төшү жок,  
Чымын байкуш кантти экен?

Таразасын көтөрүп,
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда же буту жок,
Буту түгүл куту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок,
Доңуз байкуш кантти экен?
Кирерге же эшиги жок,
Корголорго тешиги жок,
Коңуз байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап,
Көргүлүктү көргөн чыгар,
Балык байкуш кантти экен?
Уясын кар баскан чыгар,
Шору таштай каткан чыгар,
Калың карга баткан чыгар,
Чымчык байкуш кантти экен?
Ээси жок багарга,
Элик байкуш кантти экен?
Жерге-сууга жукпай,
Желдей учуп жүргөн,
Жейрен байкуш кантти экен?
Бөрү, жыркыч душманы,
Бөкөн байкуш кантти экен?
Кара таштан жай алган,
Таштан башка үйү жок,
Үй оокаттын бири жок,
Кийик байкуш кантти экен?
Чилде түштү, кыш болду.
Суулар тоңуп, муз болду.
Каз өрдөктөн канча өлдү?

Канатын тарап жатчу эле,
Каркыра байкуш кантти экен?
Оокат кыларга эри жок,
Отун аларга эби жок,
Чапаны жыртык, жеңи жок,
Жесир байкуш кантти экен?
Жеңесинен жеме угуп,
«Жетим шүмшүк» деп угуп,
Көзүнөн мончок жаш агып,
Жетим байкуш кантти экен?
Бай-бай, чиркин, оокат ай,
Жок болсо мал кыйынын кантейин,
Табылбаса нан кыйынын кантейин,
Ажал жетип өлгөнчө,
Аманат жандын кыйналганын кантейин!
Кышта муздап, жазда сыздап,
Чырпык башын ийе албай,
Чалбар шымын кие албай,
Чалдар байкуш кантти экен?
Байпактарын бүрө албай,
Балдар байкуш кантти экен?
Келини тил албай,
Кепичин кие албай,
Не кыларын биле албай,
Тыңырак басып жүрө албай,
Кемпир байкуш канетти экен?
*(Тоголок Молдодон)*

Асан кайгы жашап өткөн мезгил «казактар Оролдон Балкаш көлүнүн айланасына жаңыдан келип орногондогу Жаныбек хандын заманы (1450-1460-жылдар) болуу керек» – деп болжолдойт Белек Солтоной уулу.

«Асан кайгы» уламышына бир катар түрк тилдүү элдерге (ногой, каракалпак, кыргыз, казак) мүнөздүү орток чыгарма катары маани берсек, булардын ичинде казак варианты Асан кайгынын туулган жылынан (1301-жыл), өлгөн жылына (1370-жыл) чейин тастыктап, Эдил боюнда мекендегенин маалымдап, турмушта жашап өткөн тарыхый инсан катары карап, Кызыл-Ордо ооданындагы Чийелүү деген жердеги күмбөздү анын арбагына ыйгарып, сыйынт-мазар кылып алган жайы да бар.

Мударис Карасаев Кусейин: Асан кайгы элдин оор турмушуна кабатыр болгон акылман, ойчул, боорукер адам болуу менен бирге эл бейпил турмушта жашагыдай жайлуу жер издеп жүрүп, каза болгондугу[18] жөнүндө кабарласа, ушул эле ойду фольклорист Ыбырай Абдракманов төмөндөгүчө толуктайт: «Асан кайгы куру бекер кейип кепчий берген эмес, сынчылык өнөрү да болгон. Ал Желмаян минип, Жер жүзүн кыдырып, эл-журтун Сырдан көчүрүп Чүйгө, андан Кочкорго, Нарынга, Текеске түшүрүп, акырында Үч-Күбөк деген жерди жактырып туруп калган».[19]

Асан кайгы кыргыз, казак варианттарында Жаныбек хан менен замандаш алыш-бериш катнашта жашаган сыңары. Сөз кезеги келгенде айта кетели. Жаныбек деген ким? Качан, кайсы мезгилде жашаган?

Жаныбек хан Чыңгыз хандын урпактарынан: Чыңгыз хандын уулу Жуучу, Жуучунун уулу Чагатай, Чагатайдан Өзбек хан, Өзбек хандан Жаныбек хан. Жаныбек хандын аркы тукумдары кыргыз, казак менен жуурулуша берип, биротоло сиңишип кеткен. Жаныбектен Абылкайыр хан, андан Касым хан, андан Абылай хан, андан Хан Кене болуп, буларды казактар өздөрүнүн ханы катары кабылдашкан. Хан Кене иниси Ноорузбай менен кыргызга чабуул баштап, Ормон хандан өлүм тапканы белгилүү. «Манас» эпосуна алгачкы илимий изилдөө чыйырын салган окумуштуу Чокан Валиханов Жаныбек хандын урпактарынан экенин да эске сала кетмекбиз.

«Асан кайгы» уламышы казак, кыргыз калкында мазмундук жагынан анча айырмаланбаса да айрым эпизоддук окуяларда эки ача жагдайларга кабылганы байкалат: Мисалы: кыргызча вариантта Асан кайгы Жаныбек хандын өкүм зордугунан айла таап кутулуп, жабыла көчүп жер оодарып кетип, акыры, журтуна келип кошулушат. Казакта Асан кайгы Жаныбек хан менен камыр-жумур жашай берет. Ошондой эле, кыргыздын «Асан кайгы кейишинде» адам менен жаратылыштын ортосундагы карым-катнашты жакындаштырууга, активдештирүүгө умтулган чакырык-үндөө жатса, казак вариантында алдыда боло турган алаамат-мүшкүлдөн көңүл чөгүү, аны тикелей Жаныбек ханга ыйгаруу масылаатын көрүүгө болот.

---

18 К. Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Ф., 1986. 44-бет.
19 Илимдер академиясынын кол жазмалар кору, инв 427, 1640. 112-116 беттер.

Ай, кан, мен айтпасам билбейсин,
Айтканыма көнбөйсүң.
Чабылып жаткан калкың бар,
Аны да байкап көрбөйсүң.
Кымыз ичип кызарып,
Мас болуп кызып тердейсиң.
Өзүңдөн башканы сүйбөйсүң.
Өрөпкүп неге сүйлөйсүң?
Кызматчың жатат ичип-жеп,
Аны неге билбейсиң?!
Ай Жаныбек ойлосоң,
Кыйды заман болбойбу.
Сууда жүргөн ак чортон,
Карагай башын чалбайбы,
Муну неге билбейсиң?!
Кош, аман бол, Жаныбек,
Эми мени көрбөйсүң!

Деген менен, «Асан кайгы санаты» тили-дили бирге боордош элдердин адабий-музыкалык салтына жараша ырчылары ырдап, жыршылары жырлап, комузда таңшып, домбрада шаңшып, бир өзөктө көктөп, бир бутакта шактап, эддик оозеки чыгармачылык корун толуктап келет. Дал ошондуктан, Асан кайгы бабабыз жана анын мурастары менен казак калкы да, кыргыз калкы да ортоктош.

«Алтын Ордо» хандарынын бири Жаныбектин тушунда (1342-1357) моңголдордун кысымына туруштук бере албай Об дарыясынын боюна сүрүлгөн. Жер оошкон уруулардын ичинде кыргыздар да болгон. Булар бөлөк эл, бөтөн жерде, аймактын жаратылыш шартына көнө албай абдан кыйналышкан. Ошол мезгилдин бир күндөрүндө Жаныбек хан Асан кайгыны чакыртып алып:

– Жакындан бери бир кырсык пайда болду. Салбырынга чыккан сайын чоңдугу ителгидей бир неме куушурулуп келип, кушумду жара тебет да асманга кайкып, көздөн кайым болот. Мунун сырын билесиңби? – дейт.

– Бул укмуштун сырын Төлөн мырза (Асандын уулу) табат. Куш салганда кошо ала чыккын, – дейт Асан кайгы.

Атасынын айткандарын көңүлгө түйгөн Төлөн мырза хан менен бирге куш салууга чыкты.

Бир убакта хандын алдынан кыргоол учту, хан колундагы кушту таманга кагып шилтеп калды. Куш жетип, илип аларда асмандан кичинекей ак неме куушурулуп келип кушту бөлө тепти да, кайра асманга атып чыкты. Даяр турган Төлөн ат үстүнөн тигил шумдукту бөтөгөсүн жара атты эле, ал тегеренип келип, хандын астына түштү. Төлөндүн эрдигине ыраазы болгон хан алдына күлүк ат тартып, үстүнө жаннак ичик жаап, алтын-күмүш дилде бердирди. Төлөн мырза булардын эч бирине кызыккан жок.

– Деги, саа эмне керек? – деп такып сурай бергенде, Төлөн мырза:

– Таксыр, темингендей жер, жырымдай суу, томуктай тоо сурайм, – деди. Жаныбек хан:

– Быягы Кызыл-Жар, Семей, аягы Алтайдан каалаган жериңди ал, – дейт.

Мына ушул окуядан кийин Асан кайгы, урук-тууганларын чогултуп батышта Сыр боюна, Чыгышта Ала-Тоого көчүп жөнөдү.

Эдил кайда, эл кайда,
Жайык кайда, жай кайда?
Жалаң аяк шордуула,
Даңгыраган жол кайда?
Эдил кайда тоо кайда,
Эмил кайда зоо кайда?
Карача Торгой суу кайда? –

деген ырлар, күүлөр ошондо эл-жерин эңсеп келатканда жаралган. Аттуу-жөөлүү, арып ачкан эл мал-жанга жайлуу аймакты издеп келе беришти... Иле боюна жеткенде айланага көз чаптырып, колуна комузун алып, муң чайыган кыл кайрыктарын жаз жамгырындай себелеп, Асан кайгы минтип ырдаган экен:

Кулдур-кулдур кумдак чөл,
Арасынан аккан сел.
Аягы деңиз, дайра көл,
Иленин башы үч Арал,
Тегереги чалкар бел.
Тулпар минип туу аштап,
Чалкып жатса кайран эл,
Күндөрдүн бир күнүндө
Айдап чыгар душман эл».

«Бул жер бизге жер болбойт» – деп, Иледен өтүп, Сары-Аркага келгенде кошунду дагы бир аптага тыныктырып, жер сырын чалып, арка-белин аңтара карап:

Эндекей тартып эр азып,
Тарчылык заман болгондо,
Элим калаар сандалып, –

деп, бул чөлкөмдөн да кынтык тапты. Казактын көз кайкыган чөл талаасына келгенде:

Элкин, элкин, элкин тоо,
Элкин тоого мен чыгып,
Чыгыш жакка карасам
Эл карасы көрүнбөйт!
Түндүгүнө карасам,
Боз мунарык, көк түтүн,
Көл экени билинбейт,
Батышына карасам,
Адырлуу чоку арсайып,
Кашаа болуп калыптыр.
Түштүгүнө карасам,
Же, жапырайган адырбы?
Мындай чөлдүү жерлерде,
Эли ачтан жутайбы?
Ушуякты бет алсам,
Менин сапарым карып узайбы? –

деген экен. Көч жүрө-жүрө Ысык-Көлгө жетет. Асан кайгы Көлдү көргөндө өмүрүндө бир жолу жылмайган дешет. Кыркаар курчаган күңгөй-тескей Керме-Тоолорду, кеңирсип жаткан жайлоо-төрлөрдү, шаркырап аккан сууларды, Кызыл-Кыядан, Кызыл-Омполго жорткон атыр жыттуу салкын жел, таза абаны, дүпүйүп жаткан токойду көрүп, көөнүнө толтуруп, ак сарыбашыл айтып, түлөө өткөрүп, эл-журтунун мандайында «Керме-Тоо» деген күүсүн чалып, аны төмөндөгүдөй ыр менен коштогон дейт:

Керме-керме-керме тоо,
Керме-Тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн.
Оту-чөбү жок туруп,
Малы семиз Керме-Тоо,

Упа-эндиги жок туруп,
Кызы сулуу Керме-Тоо...

Ошентип, кыргыздын бир уругу бабаларынын киндик каны тамган Ала-Тоосуна кайтып келип, Ысык-Көлдү байырлап калышкан. Асан кайгынын өлөр алдында айткан керээзи боюнча сөөгү касиеттүү Ысык-Көлдүн адам жүрбөй турган аралына коюлган дешет.

Элдик санжыра-уламыштарда Асан кайгы Токтогул ырчы, Толубай сынчы («Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген эл макалын эске тутуңуздар), Акыл Карачач, Жээренче чечен, Алдар Көсөө, Коркут баатыр менен бир мезгилде (XIV-XV к.к.) жашаган. Булар бирин-бири кайталабаган ар өнөрдүн (ырчылык, сынчылык, чечендик, куудулдук, акылмандык ж.б.) пирлери катары таанылган. Асан кайгы акындардын ичинде «экология жарчысы» катары ошону менен катар, комузчулук, домбрачылык өнөрү менен өзгөчө бааланган. Мына, ушул жагдайдан улам, Асан кайгы бабабыздын ысмын байыркы комузчу-күүчүлөрдүн катарына коюп, анын аспаптык мурастарын ( «Керме-Тоо», «Ысык-Көл»...) алгачкылар башатынан таанып билүүгө тийишпиз.

«Асан кайгы кейишин» курулай сарсанаага батып, же кол куушуруп отуруп калуу деп түшүнсөк жаңылыштык болор. Олуя бабабыздын ой-толгоолорунда Жер-эне перзенттеринин көйгөйлүү көр-тирилигинде биргелешкен күч аракетке үндөгөн айбаттуу чакырык жатат. Бул чакырык байыркыны да, кечээги менен бүгүнкүнү да кечиктирбей чече турган экологиялык проблема. «Биз жаратылыштан күтүп отурбайбыз, аны багындырабыз» деген жарамсыз теориянын кесепети тийгизген экологиялык алааматтан адам баласы кутула албай баарын түгөтүп, булгап барatat. Буга соолуп бараткан Арал деңизинин трагедиясы күбө. Буга булганып, азайып бараткан Ысык-Көл күбө. Алаамат азгырыгына арбалып, замана кыл үстүндө кылтылдап турган бүгүнкү кырдаал байыркынын «Асан кайгы чакырыгын» азыр «Кызыл китепке» алмаштырып жатыры. Жашоонун тең салмактуулугун сактап калуу далбасы калбай калган кайберенге гана эмес, азайып бараткан азуулуу жырткычтарга да боор толгоо сезимин жаратып отурат.

# НАЙМАН-ЭНЕ

Бабалар жолун улап, комузчулук-ырчылык өнөрдү кесип кылган «Камбаркан» этнографиялык тобунун артисти Нурак Абдракманов өткөн мезгилдин өкүттүү окуяларын чагылдырган Чыңгыз Айтматовдун «Маңкурт жөнүндө баян» болмушунан улам «Найман эне» аттуу күү жараткан. 1991-жылы 20-сентябрда Кыргыз радиосунун музыкалык редакциясында өткөргөн маегинде: «Чыңгыз абанын көркөм сөз менен жогорку чебердикте ачып берген касиеттүү Найман-эне образын үч кыл комуздун тилинде сүйлөткүм келди» деген эле. «Найман-эне» баянына келечектен көптү үмүттөндүргөн комузчу Намазбек Уралиев да кайрылган. Нукуралыгы жана көркөмдүк табияты талапка ылайык жаралган бул күүлөр элдик руханий дөөлөттүн сересинен орун алды.

«Манкурт» жөнүндө уламыштын прототиби казак элинде бар, – дейт Чыңгыз Айтматов – бирок мен аларды алда канча жогорку деңгээлге көтөрүүгө, философиялык маанисин терең ачып берүүгө тийиш элем».[20] «Найман эне» күү маанисинде деле маңкурт менен энени ортосундагы гана мамиле эмес, анда коомдук-философиялык маанилер козголууга тийиш эле.

Күү кайрыктары бай, ар кайрыктын өз таржымал-баяны бар. Ошол баяндын жадисинде күү коштоло берип, кульминациялык чеке жетет, окуянын чечилиши угарманды убайымга мажбурлап, көп чекиттүү ой туюмга байлап коёт. Ал өткөндүн жана азыркынын маңкурттук кесели.

– Илгери бир заманда тили буруу айдар көкүл жужаң-жужаң деген калк Сары-Өзөктүн кең айдыңында көпкө туруп калган экен. Алар колго түшкөн туткундарга шири кийгизип кыйнап, акыл-эсинен ажыратып салчу. Мына, ошондо наймандан чыккан эне жоого кеткен уулунун тагдырын ойлоп, Акмая ингенин минип издеп чыгат. Кийин бул окуя Найман-эне уламышы болуп эл

20 Ч. Айтматов. Рассказ о Манкурте.//Литературное обозрение, 1984, №8.

оозунда кала берген. Найман-эненин сөөгү жаткан кабырстан Эне-бейит аталып калган.

Айкаштан кайтпай калган уулу Жоломанды издеп, жол кезип, чөл кезип, жапан талааны аралап, ойго түшүп, кырга чыгып, «йа, кудайлап» жалынып, Акмая төөнүн үстүндө ак булуттай калкылдап бараткан Найман-эненин элеси күү кайрыгында.

Быйыл туу кылып, күчкө толуп, тапка келип турган, ак эттүү, тарамыштуу, узун шыйрак, мамык тапан, тик өркөчтүү, булчуңдуу, ийри моюндун учундагы башы келишимдүү, көпөлөктүн кош канатындай дирилдеп катуу жүрүп бергенде жүргөнүнө жел жетпеген Акмаянын элеси күү кайрыгында...

Ээн талаа эрме чөл, кээде жылга, кээде дөң уч-кыйырсыз Сары-Өзөктүн улуу жайыгында бир калыпта зуулдап боздоп, бир калыпта тарпа-тарпа желиште келаткан Акмаянын жүрүшү күү ыргагында. Үстүндөгү Найман-эне Акмаянын арышын басаңдатпай бир калыпта теминет, сылай камчыланат. Ал ансайын тампаңдаган инген таманы ысык кумду жумшак басып, терскен сымал каксоо чөптү катуу басып, каш карайганда туш келген кудуктун башына токтоп, таң аткандан кайра кат-кат жапыз адырлуу Сары-Өзөктү кесип келе берет, келе берет... Акыры Найман-энени баласы Жоломанга кезиктирет...

Жетип келип уулу экенин тааныганда Найман-Эне төөдөн кандай учуп түшкөнүн билбей калды. Жыгылып түшкөндөй болду, бирок аны капарга алчу чакты жок эле.

– Уулум, уулум!.. – деп эне эки ортодогу калың бадалды аралай бой урду...

– Шумдугуң кур ээй! Баатырдыгы башкача, балбандыгы бир канча, жоо жүрөгүн алуучу, жоболонду салуучу баягы Жоломан жоокер кана? Тилинен бал тамган, жүзүнөн наар тамган, топту бузуп сүйлөгөн, токтонууну билбеген жигиттин гүлү Жоломан кана?!.

Энесин таанызбайт, Акмая төөсүн таанызбайт: Жоломандын жүрөгү муз болуп катып калган. Жалындап күйгөн көздүн оту өчүп, чүңүрөйүп чөйчөгүнө батып калган, Жоломандын көзү жок, Жоломандын өзү жок...

Азыр Жоломанга ак сүтүн эмизген апасы да, атпай журту казагы да, казактын даркан талаасы да сокур тыйынча наркы жок. Жоламан үчүн кожоюндун буйругу, кайтарган төөсүнүн аманы, кара курсагынын камы баарынан кымбат.

Эне ошо замат түшүндү. Түшүндү да жер тепкилеп чаңырып ыйлап жиберди. Эриндери дирилдеп, уулунун мүрүнө жөлөнүп алып, өксүп ыйлады. Кайдыгер турган уулунун мүрүн мыкчып алып, боздоп ыйлады.

Мына ошондо эне билген кишилер айтып жүргөн кошогун кошту:

«Мен ботосу өлгөн боз инген,
Тулубун келип искеген...»

Маңкурт уулунун бир тал сезими «зырп» этпей койгондо Найман-эне сурап убара болбой, мээсине куюп, эсине келтирейин дедиби:

– Сенин атың – Жоломан, уктуңбу? Жолома-ан, Жолома-ан! Атаңдын аты – Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнба-ай! Ата-тегиң, урууң найман болот, билдиңби? Сен наймансын, найма-ан-сың!..

Маңкуртка энеси келип кезиккенин билген жужаңдар:

– Эми келсе аткын! – деп, колуна жебеси менен, жаа карматты.

– Кана атчы! – кичи жужаң калпагын көккө ыргытты. Жебе калпакты тепчип өттү.

– Карасаң, – деди калпактын ээси, – колунда дагы эле акыл-эс калыптыр...

– Эки тарапты чочулай карап бараткан эне төөнүн далдаасына тизелей отуруп, маңкурт уулунун жаа кезеп калганын байкабады. Эне ээрде толгоно берди да... – Атпа-а!!! – деп кыйкырганга араң жарады. Ышкырып келген жебе сол колтугуна сайылды.

– Найман-эне өркөчтү кучактай ооп, жыгылып баратты. Бирок бою жерге тийгенче башындагы ак жоолук шыпырылып түштү да, жерге жетпей куш болуп абага кайкып учуп чыкты:

– Эсиңе кел, сен кимсиң? Атың ким? Сенин атың Жоломан, Жоломан, Жолома-ан! Атаңдын аты – Дөнөнбай, Дөнөнба-а-ай!

Ошондон ушул күнгө Сары-Өзөктүн тунжураган айдыңынын үстүнөн кайкып «Дөнөнбай» деген куш учуп жүрөт дешет. Жолоочу жолукса жандай кайкып үн салат дешет:

– Сен кимсиң? Кимдин уулусуң? Сенин атың Жоломан, Жоломан, Жолома-ан! Атаң – Дөнөнбай, Дөнөнба-ай. Дөнөн-ба-а-ай!..

Мына ошол тили туруп оозу буулган, көөдөнү туруп жүрөгү муздаган, денеси туруп дили өлгөн кайдыгерликтин, эне – ыйыктыгын элебей өз колу менен узаткан катаалдыктын – өткөн

кылымдардагы жоокерчилик замандын маңкуртчулук кесепетин боологолоп, күү күңгүрөйт, күү дирилдейт…

Качанкы каргыш тийген каргашалуу окуяны эске салып күү тербесе – тула боюн «дүр-дүр»…Жоломан баурыбыздын (боорубуздун) эс-акылын алган айыкпас оселди эскерип күү күңгүрөсө – жүрөгүң «зыр-зыр»…

Айланага аңдоо саласың, эки тарабына элтең каранасың: ана (эне) тилин жеригендер… Ата мурасын тангандар… Кудайын сөккөндөр… Каның дүргүп, төбө чачың – «тик-тик»… Уругун билбес, уруусун таанTыбас, жатын билбес, жакынын тааныбас керендер… Табың айнып – тамырың – «лык-лык».

Күү тербейт… Күү күңгүрөнөт… күү боздойт… Бул «боздок» – XX кылымдын аң-сезиминдеги маңкурт кесели – улуттун трагедиясы жөнүндө ой толгоого угарманын мажбурлап жаткансыйт.

Кана эмесе, урматтуу окурман, комуз жаңырыгына кошулуп, чогуу-чараан коомдун кесели – маңкурттук жөнүндө ой толгоп көрөлүчү:

Кылымдар курамындагы «миң жылдык» өмүрлөрдө ар элдин энчисинде тили, дини, салты, үрп-адат расмилери түгөлү менен болмогу шарт. Булардын бири кемисе – элдин «элдиги» күмөндөр. Кыргыздар да – миң жылдап «Манасын» ырдап, миң жылдап комуз күүсүнө жан дилин уютуп, миң жылдап Теңирине сыйынып, ыйман ырашкерин боюна сиңире он сегиз миң ааламдан өз ордун сактап келген эл.

Эл өмүрүндөгү миң жылдыктын чен чети оюлгус бай тарых. Баарына токтолбосок да, XVII-XIX кылымдар жапырыгына кылчактай ой калчасак: калмактардын камоосу, Кокон хандыгынын кордугу, кытайлардын кысымы көз алдыга артыла берет: Ары чачылды кайран эл – бери чачылды кайран эл, акыры Орус империясынын канаты астына корголоду. Карандуу, барандуу элден калканч издеп, элдигин сактап калгысы келди. Бирок, деңизге куйган булактай улуу элдин уучунда упурап, улуу элдин боюна сиңише берди, жуурулуша берди…

1917-жылкы Өктөбүр төңкөрүшү чачылган элди чогултуп, СССР өлкөсүнүн курамына бириктирди. Ыйманыбызга камчы чаппай, ак караны айра сүйлөсөк – Лениндик идея гана көчмөн элибизди отурукташтырды, илим-билимге ээ кылды, жаңы маданият жолуна багыттады. – Айдын бир жагы жарык болсо, бир жагы

кара. Маркс эңсеген, Ленин турмушка ашырган социалисттик коомдун да майда улуттар үчүн алгылыксыз жактары аз эмес экен. «Гүлдөгөн СССР өлкөсү, гүлдөгөн коммунизм дооруна карай калайык калктын» алдуу-күчтүүлөрүн (бай, манаптар) бөлүп таштап, «алсыздарын» (кедей-жалчылар) гана аркасынан ээрчиткиси келди. Натыйжада, бир элди, бир атанын балдарын бай-кедейге ажыратып, таптык кандуу кармаштарды алоолонтту.

Идеологиялык усулга шектүү карагандарга, акаарат кылгандарга эң ырайымсыз, эң катаал жазалоолор, куугунтуктоолор колдонулду. Бул чаралар ачык да жабык да ыкмада ишке ашырылды.

Орусча балдар бакчасынан тарбияланып, орус тилдүү мектептерден билим алып, эрезеге жеткен кыргыздар (киргиздер) он, жүз, миң эмес, жумуруятта калктын бүтүндөй бир муунун камтып калган.

Булардын жүргөнү орусча, күлгөнү орусча, ойлонгону орусча, ойногону орусча, боёнгону орусча, телефону орусча, телевизору орусча...

Акындарыбыз айтып атпайбы:

Кыргыз сезим жоюлуп каныбыздан,
Ар нерсеге орусча ойлонобуз.
Урушчуудай тартаңдап тура калып,
Уйкубуздан орусча ойгонобуз.
Кыргыз сезим жоюлуп каныбыздан,
Запкы жесек орусча күймөлөбүз,
Орус кийим кийинип, обу жок биз,
Үйлөнсөк да орусча үйлөнөбүз.

Кара көз, кара чачтуу ошол орус чалыштар ааламда теңдеши жок алп «Манасы» менен сыймыктанып, Сагымбайды, Саякбайды өз дилине сиңире алышар бекен?

Жусуп Баласагын менен Култегиндин, Асан кайгы менен Жээренче чечендин, Арстанбек менен Калыгулдун, Жеңижок менен Барпынын, Молдо Ныяз менен Казыбектин, Токтогул менен Эшманбеттин накыл насааттарынан сабак алышар бекен?!

# КОЖОЖАШ

Кыргыз эли айлап-жылдап айтса түгөнбөгөн оозеки чыгармачылыгы өнүккөн эл. Ошолордун бири – майда эпостор тобуна кирген, Алымкул төкмө жаздырган «Кожожаш» эпосу. «Кожожашты» айткан акындар аз эмес: Жанкарач баатыр Эсенаманды чакырттырып, айлындагы карыяларды чогултуп «Кожожашты» айттырат. Жети күн, жети түн айтып, мерген Авлететим аскасына камалган жерине келгенде эшиктен кирген Жанкарач:

– Ой, алигиче «Кожожашты» бүтө элексиңби? – дейт. Угуп отурган аксакалдын бири:

– Мерген аскага камалып турат, бечараны аман-эсен аскадан түшүрүп коёр бекен? – дегенде Эсенаман дастанды улап, мергенди аскадан алып чыгып, Сур эчкинин соңуна кайта салат. Жангарач:

– Ой ырчы, жети күнү айтып бүтпөгөн жомогуңду дагы канчага чоёр экенсиң? – дегенде:

– Жайчылык мезгил болсо, эл жайлоого көчкөндө баштасам, кайта жакага тартканча бүтөм, – дептир.

– Ап-бали, Эсенаман. Сага даба жок экен, – деп Жангарач акындын жолдугун кылып узаткан экен.

«Кожожаш» баяны да доорлордун элегинен өтүп, муундардын калбырына эленип, бирде атын өзгөртсө, бирде тегин алмаштырып, дагы бирде турагын жаңыртып, бирок мазмундук өзөгүн сактап, биздин күндөргө келип жетти.

«Кожожаш» дастаны коңшу Кытайда, Афганстанда, Өзбекстан кыргыздарында күнү бүгүн унутулбай келет. Кытайдагы кыргыздар Кожожаштын атасын Куумерген атап, анын турган жери деп, Үч-Турпан аймагын көрсөтүшөт. «Кожожашты» алар кыл кыякка салып, так текедей бийлетип, обону менен дастан катары да аткарышат экен. Кытай кыргыздарында: Куумерген Чоң Кашкардын жеринен, калың кыпчак элинен качып чыгып, Үч-Турпанда Жеткайт, Зындан деген жерлерди туруктаган. Уулу

Кожожаш атасынан өткөн мерген чыгып, аюудан атып алтымыш, жейренден атып жетимиш, илбирстен атып сексенди, чөө, бөрүнү саны жок, түлкүлөр сулап нечени, эчки, теке, улагы, мергенден качып оттобой, тоолорго кийик токтобой, кайберен тартып азапты, Кожожаш салып «казатты» акыры Сурэчкиге жолугуп, ээрчиткен улагын атып, өзүн кубалап жөнөйт. Айнектей тунук зооканы айлана бергенде айласы кеткен Сурэчки арманын айтып буркурап, Кожожашты каргаган дейт:

Ак зоолорду аралап,
Туяктарын жаралап,
Ээрчитпедим бир улак.
Дүнүйөнү кездирип,
Душмандарды сездирип,
Куюндатып бездирип,
Аскаларга асынтып,
Үнкүрлөргө жашынтып
Эшилме кум чачылтып,
Ээрчитпедим бир улак.
Асты жагың аска таш
Айлыңды көрбө Кожожаш
Баса албагын тайгак таш,
Балаңды көрбө, Кожожаш.
Сен дагы мендей какшап кал,
Башыңа коргоол жаздап кал.
Карга, кузгун жору жеп,
Сөөгүңдү элиң таппасын.
Кара салып башына,
Катының мендей какшасын.

Кайберендин Кудайга зар какшаган каргышы кабыл болуп кепини жок, көрү жок, ач көз мерген аскада асылып өлгөнү айтылат.

Өзбекстандагы Замин кыргыздарында мындайча варианты бар:

Бүгүн бир жатып түш көрдүм, текем,
Башыңа кырчоо иш көрдүм, текем.
Ойдон бир ашып кеткенче, текем,
Онуну бирден сулатты, текем,
Кырдан бир ашып кеткенче, текем,
Кыркыны ям сулатты, текем.

Таштан бир ашып кетейик, текем,
Сары зоого жетейик, текем –

деп, Суречки текесине алдыда болуучу кырсыктан кабар берсе, камырабаган Чоӊ теке эчкисинин көӊүлүн жайгарат:

Бүгүн бир шундай жүрөйүк, эчким,
Эртеӊ бир ашып кетейик, эчким.
Сары бир зовго жетейик, эчким,
Он төрт жашар Кожожаш,
Жалынчы мерген жалбырчы.
Мен түшүрүп алайын...

деген сыӊары «Кожожаш» баяны дастан көлөмүндө болбосо да лирикалык ырлар таризде, ооздон түшпөй айтылып келет.

Байыркы музыкалык мурастардын ичинде «Кожожаш» күүсүнүн да өз орду бар. Балким, «Кожожаш» дастаны калыптана электе күү жаралды бекен, же акын-ырчылар бир эле мезгилде күү менен эпикалык чыгарманы айкалыштыра аткарышкандыр. Алгач аны ким жаратты? Ал азырынча белгисиз. Болгону, өткөндөгү атактуу ырчы-музыканттар дээрлик «Кожожаш» болмушуна кайрылышкан, аны эргүү менен топто аткарышкан.

Кыргыз радиосунун «Алтын казынасында» бир нече «Кожожаш» күүсү бар. Алардын ичинен Асаналы Кыштообаев, Жакшыбай Жээнтаев, Замирбек Үсөнбаев, Бермет Ашымбеков, Зыйна Шайбековалар жаздырган күүлөрдү, дастандарды айта кетүүгө тийишпиз.

Аспаптык күүлөрдө көбүнчө эпостогу «Сурэчкинин каргышы» деген кульминациялык бөлүктү тандап алып, аны Кожожаштын кырсыктуу тагдырына байлап, арман-кошок мотивинде аткарышканы байкалат. Эми айтышарга теӊи жок Аксыдан чыккан Жеӊижоктон, тоо булбулу Токтогулдан ак таӊдай акын Алымкулга өткөн «Кожожаш» эпосунун варианты менен намангандык Асанбай Жусупбек уулу тарабынан «Кыргыз маданияты» гезитине жарыяланган кызыктуу варианттарды алгоолоштура «Кожожаш» күүсүнүн баянын ортого салмакчыбыз.

Кыргыздын урук ичинде,
Кытай деген эл эле.
Жердеп жаткан жерлери,
Таластын башы Каракол,

Керилген Кеңсай төр эле.
Атасы мунун Карыпбай,
«Баласы мерген болду» деп
Кошула көчүп бир жүргөн,
Жыйырма түтүн эл эле.
Мерген болду Кожожаш,
Бир атадан жалгыз баш,
Кызыгы кыйын мылтыктын,
Айлына келбей бир айча,
Түнөгү болгон аска таш... –

деп, мергендин тегин, жашаган жерин, уруусун сүрүштүрүү менен башталат. Ошол кезде Кожонун кызы Зулайкага арналып чоң той берилип, кыргыздын түркүн оюндары болуп, жамбыны Кожожаш атып түшүрүп, Зулайка сулууну аялдыкка алат. Күндөрдүн биринде Акбараң мылтыгын асынып, мерген ууга чыгат. Орогой тоосун ашат, эчкилер көрүнбөйт, Супатай тоосун басат, кийик көрүнбөйт. Андан Көк-Дөбөгө өтүп, Көк-Мойнокко келип, отуз улак кырк чебичин ээрчиткен Алабаш Текени кошо сулатат. Ошондо Сурэчки чуркап келип адамча сүйлөп:

Соога, Соога мергеним,
Сооганы мага бериңиз.
Тирүүдөн жалгыз мен калдым,
Тилегеним Алабаш
Жанын сурап мен келдим –

деп, жалбарып суранат.

Мерген алтын толто жез бычагын кынынан сууруп алып, туйлап жаткан текенин башын кесип алат. Сурэчки буркурап ыйлап, кайратына келип. «Кыйын болсоң мени, жөө кармап ал» деген шартты коёт.

Кайберен аттым жалактан,
Какшай бербе куу эчки.
Сага мени башынан,
Кас кылып Кудай жараткан.
Башыма келсе көрөрмүн,
Эчкинин кылган залалын.
Айлыма барсаң жакында,
Ок коротуп атпастан,
Кууп кармап аламын –

деп, эчкинин шартына макул болуп, Алабашты жүктөнүп үйүнө келет. Зулайка текенин тегин эмес экенин билип, чанач кылып сойдуруп, этин шылытып, сөөгүн кургатып чаначка салып, бекем жерге катып салган.

Жадыраган жаз айында аксаңдап айылды аралап келген Сурэчкинин артынан түшкөн Кожожаш эч бир жерге токтотпой, ээн коюп оттотпой, кылт этип суу ичкизбей, талтайтып бутун сийгизбей кубалап жөнөйт. Көзү кетип чылпактап көчүгү кетип чычкактап, эчки байкуш айласы куруп калганда, жетип эми чычаңдан аларда Зулайка чыгып жолунан мерген буйдала түшөт. Эчки байкуш булакка токтоп, тулаңдан оттоп, өзөк жалгап, чыйрала түшөт, Мерген менен Сурэчки Авлетим аскасына келгенде Кудайга зар какшап, Сурэчки Кожожашты каргай баштады:

Алды жагың аска таш,
Айлыңды көрбө Кожожаш
Үстү жагың үйдөй таш,
Үйүңдү көрбө, Кожожаш.
Туура жагың тунук таш,
Тууганың көрбө, Кожожаш.
Аягың койгон ал жериң,
Айланган кара тоо болсун!
Аскасы бийик зоо болсун!
Илинип калгын алмадай,
Туруп калгын каргадай.
Алдыңа шаты жетпесин,
Үстүңдөн жору кетпесин.
Телмирип азап чеккиниң,
Так кыямат болгуча,
Тозокту тартып өткүнүң.
Кучактап муздак асканы,
Кыяматты көргүнүң,
Кыйноо тартып өлгүнүң.
Өзүңдүн жарың Зулайка,
Өксөп ыйлап жүгүрсүн,
Сөөгүң ташка илинсин.
Карыган атаң Карыпбай,
Калкың бүтүн бүлүнсүн.
Каның ташка чийилсин.
Камалган жериң Авлетим,

Калкың айтсын белгилеп.
Качкан менен карматпай,
Кайберен акыр жеңди деп...

Сурэчки шарт бурулуп кете берди. Кожожаш аскада асылып, акыйып кала берди. Акын Алымкулдун айтымында Кожожашты издеп келип, атасы Карыпбай тапса, Женижокто:

Балдыркан чыккан жер мында,
Балам ай, баккан энен, мен мында.
Көбүргөн чыккан жер мында,
Көлөкөм ай, көтөргөн энең, мен мында.
Сүттикен чыккан жер мында,
Сүт берген энең мен мында –

деп, баласы менен энесин буркуратып ыйлатып учураштырат. Кожожаштан түңүлгөн элдин бир тобу Таласка көчүшөт. Бир тобу Авлетимде, Чаткалда кала беришет. Эпосто кайберен Сурэчки Кожожаш мергенди азгырып ээрчитип алып келип, Авлетим аскага камап өчүн алат. Окуянын трагедиялуу чечилиши жана касиеттүү ыйык жер катары Авлетим аскасынын тандалып алышында адилеттик менен кара санатайлык айкашындагы символдук белги жаткансыйт. Авлетим аскасы жөнүндө көптөгөн уламыштар бар. Анын биринде даңазалуу колбашчы Александр Македонский биздин заманга чейин 15-кылымдарда сактарды (скифтерди) басып алып, ушул аймакка келгенде асман тиреген ажайып кооз асканы таңыркай карап туруп, бул аскага гректин даанышманы Платондун атын берген экен. Кийин жергиликтүү элдин тилине ыңгайлашып «Платун», «Аплатун», «Афлатун», же «Авлетим» болуп айтылып калган дешет. Дагы бир уламышта аскага душман өткүс чеп кургандыгы үчүн Авлетим деген падышанын аты коюлган имиш. Авлетим аскасынын баркы менен наркы бүгүнкү урпактар үчүн да бийик жана ыйык. Жакында аксылыктар бир чарбаны «Авлетим» атап алганы жөнүндө аксылык төкмө Барпы уулу Ысактын өз оозунан уккан элем.

Канткен күндө да, кайберен кургурлардын артынан сая түшкөндөрдүн аягы тыйылып калмакпы? Арийне, көп баскан аяк ок басып, Кожожаш мергендей аскага асылып калган мүшкүл тагдыр күнү бүгүн кайталанууда. Андай окуя жерде калчубу, аңыз болуп эл оозунда кала берчүдөй. Насирдин Байтемиров бүгүнкүнүн

Кожожашы – Асылбек уулу Тынышбек жөнүндө дастан-кошок жараткан. Андан да мисал келтирели:

Жомок да эмес, чынды айтам, боорум,
Тынышбек эмес, кимди айтам, боорум.
Атанын жолун уладың, боорум,
Ак таягын сурадың, боорум,
Кийикке кетсең жол карап, боорум,
Күтүнүп жатчу эл карап, боорум.
Сен жокто үйгө сыр келди, боорум,
Сыр менен кошо чыр келди, боорум.
Кашкулак келди балалуу, боорум,
Кайгыдан башы жаралуу, боорум.
Айгырын атып алыпсың, боорум,
Азапка аны салыпсың, боорум.
Атанын жыты жетелеп, боорум,
Ал байкуш келген төтөлөп, боорум.
Терини жыттап ыйлаптыр, боорум,
Тепсеңер дагы туйбаптыр, боорум.
Теринин жыты – ата ээ, боорум?
Атаны атыш – ката э, боорум?
Сурэчки атсаң беш жолу, боорум,
Сулабай кетти үч жолу, боорум.
Сыр берген кезде «кой» дедик боорум,
Тизгиниң тартчы «ой» дедик боорум.
Аң уулаш болуп кумарың, боорум,
Аскадан аска чуркадың, боорум.
Сүбөөсүн улам кашынган, боорум,
Сурэчки көрдүң жакындан боорум.
Сурэчки кетип, жок болду, боорум,
Зуулдап учкан ок болду, боорум.
Аңгыча улак маарады, боорум.
Жаңырык күчөп жаалады, боорум.
Карaанын анын көрбөдүң, боорум,
Капчыгай өөдө өрдөдүң, боорум.
Карасаң астын жар экен, боорум,
Капчыгай ичи тар экен, боорум.
Улактын үнү тынбаптыр, боорум,
Улуу тоо ичи ыйлаптыр боорум.
Мылтыгың жондо октолуу, боорум,

Былк эткис болуп токтодуң, боорум.
Аягың тушоо чидерде, боорум,
Айласыз турдум биерде, боорум.
Кебелбей кеттиң пияда, боорум,
Кемериң калды кыяда, боорум.
Камы жок кеттиң пияда, боорум,
Калпагың калды кыяда, боорум.
Бекинген жайын таппадык, боорум,
Беш күнү издеп какшадык, боорум.
Эми, Сурэчки атчу кезиң жок боорум,
Сөөгүңдү таптык өзүң жок, боорум.
Текелер атчу кезиң жок, боорум,
Тарпың бир калып өзүң жок, боорум.
Кайберен эчки алдаптыр, боорум,
Каргаша жолун тандаптыр, боорум.
Жоголгон өмүр сеники, боорум,
Жоктогон кайгы элдики, боорум.

Жаратылыш ресурстарына болгон айбандык мамиле ар качандан бир качан экология маселесин кабыргасынан коё келген. Өз кезегинде байыркы бабалар да «Кожожаштай» акыл-наамени жаратып, «кайберендерге ким жырткычтык кылса, аны Кудай өзү жазалайт, «Кожожаштай өлүм табат» деген идеяны бекеринен көтөрүп чыкпаса керек. Бул идея аркылуу мифология касиетине, Кудайдын кудуретине ишендирүү менен жаратылышка ташбоордук мамилени белгилүү бир өлчөмдө жумшарткылары келген. Тилекке каршы, атеисттик көз караштагы заманда «Кожожаш» поэмасы мектептерде окутулуп, Кожожаш мерген оң каарман катары сүрөттөлүп: «табияттын каардуу күчтөрү менен күрөшкөн, бардык жапайы жаныбарларды адамдар коомунун өнүгүшү үчүн пайдаланууга аракет жасаган адам» катары, Сурэчкини болсо, тескери каарманга оодарып, «адамдардын жашоосуна кесирин тийгизген каардуу кара күчтүн тотеми» катары теңирден тескери талдоо берип, окуучулардын башын айландырган.[21]

Дүйнөнү сел каптаса, кабагым-кашым дебеген жанбактылар, асмандагы вертолёттон ок жаадырып, жер үстүндө автомобилдер менен кубалап, автомат менен атып, кайберендерге эле эмес, карышкырларга да казат ачып, жаныбарлардын заманасын куурган азыркы мезгилдин экологиялык алааматын көз алдыга

21 Кыргыз адабияты. 9-класс. – Б., 1993-жыл, 208-бет.

келтирсек түтөмө мылтык менен аткан Кожожаш шоона эшпей калат. Демек, кечээги Сурэчкиден бүгүнкү Сурэчкинин арманы алда канча муңдуу да, зардуу да:

Бир көзүмөн кан тамып,
Бир көзүмөн жаш тамып,
Кыямат күн аз калып,
Кыл учунда биз калдык.
Астыбыз да алаамат,
Үстүбүз да алаамат,
Жашай албай биз калдык,
Ала-Тоону пааналап.

Оозеки чыгармаларда Кожожаш мерген менен Алабаш текени кайра тирилтип, Сурэчкинин кызы Ашайранды Кожожаштын уулу Молдожашка алып берип, адам менен табиятты элдештирүүгө ыклас койгон элдик гуманизмдин белгилерин да эскербей кетүүгө болбос.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кожожаш» | 3434 | 1’46 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 2. | «Кожожаш» | 4004 | 1’47 | Бермет Ашымбекова |
| 3. | «Кожожаш» | 6569 | 1’40 | Зина Шайбекова |

# ЭР ТӨШТҮК

Оозеки адабиятта, образдарды ачуу үчүн мифологиялык мотивдер көбүрөөк колдонулгандыктан жомокко карай көбүрөөк ыкташып кетет. Манас бейнесин көркөмдөштүрүүдө арстандай айбатты, ажыдаардай түрдү, жолборстой сүрдү ыроолоп, айкөлдү асмандагы алпкаракуш айланчыктап колдоп жүрөт. Арийне, бул жырткыч айбандар түркий тектеш элдерде тотем катары кабылданып, ага сыйынып келген. Өзгөчө байыркынын жомогу «Төштүктө» баатырдын минген аты Чалкуйрук куралы Аккелте, урунган буюмдарына чейин, аюу, жолборс, кумурска, алпкаракуш, куюнкөтөн, жертыңшар желтаман маамыттар, Чоюнкулак алптар, кандайдыр сыйкырдуу күчтөр катар жүрүп, кадам сайын коштолуп, кайсы бири баатыр менен баарлашса, кайсы бири кармашка чыгат, кайсы бири керектүү учурда жардамга келет. Адам акылын айран кылар чексиз кубулуулар Индиядагы көз боочу – йога окуусуна такалары да белгилүү: абада асылган аркан үстүндө жүгүрүү, кулпуланган темир сандыктын ичине кирип кетүү; кыпкызыл жалын отту жутуп, кызыгы тараганда бүркүп салуу; жылтыраган айнекти былчырата чайноо; өлгөндү тирилтүү; жин-шайтандарды кубалоо; жаан жаадыруу; суу үстүндө чуркоо; сыяктуу укмуштуу дүйнөдөн «Эр Төштүк» эпосу да куру эмес. Миңсууда жашаган татарларда, Сибирге танапташ казактарда, алтайлык элдерде, эне-сайлык кыргыздарда колдонгон йога кереметин «Эр Төштүк» эпосу эске салат.

«Төштүк» варианттарынын бирин академик В. В. Радлов 1885-жылдары жазып алган. Кыргызстандын түндүк тарабында көбүрөөк айтылган бул эпосту фольклор изилдөөчү Кайым Муптак уулу түштүк чөлкөмүнөн жазып алганда айтуучулар «Эр Дөштүк» деп атаган. Түркий тектеш элдердин батыш Сибирь бөлүгүндө «Йир Тошлык» аталып, казактарда «Эр Тештик» деп тараган..

Аспаптык чыгармаларда «Эламандын Эр Төштүк» комуз эле эмес, кыяк күүлөрүндө да сакталып келет. Бизге белгилүү

маалыматтарга караганда, сурнайчы Күрөңкөй эл чогулган жыйындарда «Эр Төштүктү» эскерип: «Кенжеке айымдын арманы» атап тартчу:

Чогойно куурай чооруң тарт, Төштүк,
Чойкулдатпай ары тарт, Төштүк.
Чоң жыргал кезде жоголдуң, Төштүк,
Эми, чоң атаңдын боорун тарт, Төштүк.
Кызылдан куурай чооруң тарт, Төштүк,
Кыйкылдатпай ары тарт, Төштүк.
Кызыктуу кезде жок болдуң, Төштүк,
Эми кыбаарыңдын боорун тарт, Төштүк.
*(Санжырачы Чөдөн Болсуналиевдин айтымынан)*

Кара-Кулжалык кыякчы Маамыт аксакалдын аткаруусундагы Төштүктү элине жеткирген «Алпкаракуш» аталыштагы күүгө күбө болгондугу жөнүндө Буудайбек Сабыр уулу эскерсе («Эл шайырлары»), Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок айылынын тургуну Токон Жумашев «Композиторлор бирлигинин» фольклор жыйноочуларына «Эр Төштүк» күүсүн аткарып берген.

Эми Саякбай манасчынын «Төштүгүнө» кезек берели. Аспапчылар күү аткарар алдында эпостук дастандан бир эпизодду тандап алып, угарманына учкай кабар тартуулап соңунан күүгө өтүшөт. Саякбайдын айтуусунда Көкөтөйдүн ашында, көп жыйындын башында Эр Төштүктүн элеси тартылат. Айтылуу «Көкөтөйдүн ашында» кытай-калмак-кыргыздардын кырчылдашкан мелдеши жүрүп, жөө күрөшкө калмактардан Жолой дөө чыкты. Ашты башкарган айкөл Манас Жолойго теңдеш балбанды издеп, кыргыздарды түгөл кыдырды. «Мен азамат» дечүлөргө жекече кайрылып, намыска жарачуларды издеп жатты. Жүгөрү балбан, Эр Үрбү, Көкчө хан, эштектердин Жамгырчы... сыяктуу «эрмин» дегендердин эчендеринен өтүп, кезек Эр Төштүккө жетти.

Чалкуйрук тулпар минип бер, Төштүк,
Айтканымды билип көр, Төштүк,
Чоң Жолойго кирип бер, Төштүк.
Байгеси арбын, олжосу көп, Төштүк,
Эр болсоң ишке жарап бер, Төштүк.
Опол тоодой Жолойду,
Оңкосунан салып бер, Төштүк.

Катуу кайрат кыла көр, Төштүк,
Капча кармап калмакты,
Калдайтып жерге ура көр, Төштүк.
Мусулман көөнүн тындыргын, Төштүк,
Капырдын белин сындыргын, Төштүк.
Айттым, намыс ала көр, Төштүк,
Балбанга басып бара көр, Төштүк[22] –

деп, баатыр Манас күркүрөп, аны көрүп турган алптардын тула бою дүркүрөп турду. Ошондо Эр Төштүк тизеси жерге бүгүлүп, канкор шердин алдында Чалкуйруктан түшүп жүгүрүп, арманын айтып турганы:

«Бар» десең, Манас, барайын,
Балбанга түшө калайын.
Сенин шагың сынганча,
Өлсөм өлүп алайын.
Менин айыкпай жүргөн жарам бар:
Жер алдына түшкөнүм,
Жети жылга толду эле.
Жер үстүнө чыкканым,
Жети күнчө болду эле.
Менин каным калган бир кашык,
Этим калган көк жашык.
Кыйла айтаар кебим бар,
Устукан сөөктө кемим бар:
Жер алдына барганда,
Алпкаракуш зымырык,
Чын достошуп алганда.
Канатка салып көтөрүп,
Кайта бери салганда.
Жырткыч ылдый бүгүлүп,
Жылма болгон Төштүгүң,
Ошондо жыргалдуу жандан түңүлүп.
Алапайым таба албай,
Такымдан калмак албасын,
Дардайтып жыгып салбасын.
Ошондо, уруучу Кудай урбайбы,
Мусулман шагы сынбайбы.

22 Эр Төштүк. С. Каралаев. – Ф., 1960, 31-32-беттер.

Капыр менен мусулман,
Калайыктын алдында,
Калдайып Төштүк жыгылып,
Калың кара элимдин,
Убалына калбаймын,
Жолой дөөгө барбаймын!...[23]

«Төштүк» баяны ушул тариздe кыскача чечмеленип, андан соң күүгө кезек берилип чертиле келген, чертиле да бермек.

23 Ошондо, 34-бет.

# ЖООДАРБЕШИМ

Элге кеңири белгилүү «Эр Төштүк» эпосун поэзия тилинде жеткире иштеп чыккан вариант улуу манасчы Саякбайга таандык. Бирок, «Эр Төштүк», анын уландысы «Жоодарбешим» эл ичине жомок түрүндө тарап, кара сөз же жорго сөз менен айтылып келген. Ушул эле аталыштагы аспаптык күүлөр кезегинде кеңири чертилип келсе, кийинки кездерде өтө сейрек тартып бараткандыгын эске алып, «эпостук дастан күүлөр» сабында китепке киргиздик.

«Төштүк», «Жоодарбешим» жомогун фольклор жыйноочу Ыбырайым Абдракманов 1940-жылы Ат-Башы районундагы Ак-Талаа айылынын тургуну Калча Суранчы уулунан жазып алган. Бул адамдын айтуусунда жана башка варианттарда Жоодарбешим Эр Төштүктүн баласы катары баяндалат.

Илгери өткөн заманда Төштүк деген эр болуп, качырганын кайсаган каман түрдүү шер болуп, бирок карыганча бала көрбөй кайгырып жүргөндө байбичеси Кенжекенин боюна бүтүп, жолборстун этине талгак болуп, маңдайында калы бар, арстандай жалы бар, күмүш көкүл эркек бала төрөйт. Баланын атын Жоодарбешим коюшат.

Күн өтөт, ай өтөт, жылдар жылат. Жоодарбешим торолуп, атасын тарткан баатыр болуп чоңоет. Бир күнү атасы Төштүк: «Айлап-жылдап жүрчү алыс жолдо алтын булак бар, андан алтын баштуу Аркар суу ичет. Ошону кармап келсең бул дүйнөдө сага ыраазымын» — дейт. Жоодарбешим макул болот. Энеси Кенжекенин: «Али жашсың, мындай ишке аттанар убагың келе элек» — деген акылына карабай Жоодарбешим жолго чыгып баратканда, айла жок, «Сени Кылкарага тапшырдым, Кылкараны бир кудайга тапшырдым» — деп батасын берип кала берет.

Жоодарбешим таятасына кезигип, таалим-нускоосун алып, андан ары жолун узартат. Кылкара атына тил бүтүп, ар кандай кыйынчылыктар болорун алдын ала эскертип, кутулуунун амалын

үйрөтүп келе беришет. Жоодарбешим Кайнардын Кара-Көлүнөн Жаналы дөөнү өлтүрүп, кызы Аксаамайга үйлөнөт. Бир кезде асмандан кара булут жылып келип, Жоодарбешимди илип кетет. Ал баатырга сыртынан ашык болгон Нуркандын кызы Нурпери болуп чыгат. Жоодарбешимдин эсине Кылкара тулпары түшүп, издеп барса, бакка байлануу, өлөр-өлбөс араң жаны калыптыр. Кылкара ээсине таарыныч кылып:

«Айтсам тилим албаса,
Аңкоого башым не коштум!
Сүйлөсөм сөзүм өтпөсө,
Шүмшүккө башым не коштум?!» –

деп, окуранып турат.

– Болоору болду, ооздугумду чыгарып отко коё бер, – дейт акырында.

Жоодарбешим Нуркандын элинде үч жылча туруп калат. Нуркан алтын өргөө тиктирип, ар шайманды атан төөгө жүктөтүп, Асмайыл менен Ысмайыл деген жигиттерин кошуп берип, күйөө-кызын узатат. Жоодарбешим жүрүп отуруп, Кылкара айткан жерге келет. Келсе, Гүлгаакынын үч кызы кийимдерин чечип, сууга киринип жатышкан экен. Кылкара коендон жапыз болуп, Жоодарбешим кыргыйдан илгир кыймылдап, кыздардын кийимдерин илип жөнөйт. Уйдай таш удуруңдап, койдой таш кодуруңдаган куугунга жеткирбей Жоодар жолдоштору менен качып барат. Ошол учурда ак көгүчкөн алдынан учуп чыгып, атасы Төштүк сураган гүлдү сунат. Гүл «Гүлгаакынын гүлү» аталып, кышында куурабас, суусаса соолубас, атыр жыты аңкыган адамды жашартчу касиетке ээ экен.

Жоодарбешим Итичпестин Көлүнөн аман-эсен олжолуу кайтып, Нурперини ээрчитип, айлына келсе, Чоюндун уулу Темир алп чоң бүлүктү салып, атасын орго таштаткан экен. Жоодарбешим менен Темир алп эчен күн, эчен түн кармашып, акыры Жоодарбешимдин жеңиши менен аяктайт. Атасы Төштүк ордон чыгарылып, энеси Кенжекени кубантып, Нурпери келинди жүгүнтүп, эли-журтуна ээлик болуп, хан аталып Жоодарбешим өз доорун сүргөн экен.

# КҮЛБӨС КАН

1990-жылы Шалбаа (Жети-Өгүз району) айлында өткөн санжырачылардын I-республикалык конкурсунда санжыра билерманы катары I-даражадагы диплом сыйлыгына татыктуу болгон карыяларыбыздын бири Абытай Өмүралы уулу менен кыргыз тарыхы, санжыра санаты жайынан маектешкем. Комуз күүлөрүндө көпчүлүккө анча белгисиз «Күлбөс кан», «Муңдук Зарлык», «Эр Солтоной», «Жоодарбешим» сыяктуу элдик эски күүлөрдүн дареги алтын шилекейин чачыраткан аңгеме-маектен суурулуп чыгып канагат менен кайткам.

Байкаган адамга байыркы кылымдар тарыйкатын кош кылдуу кыяк аспабы, үч кылдуу өрүк комуз боюна сыйдырып, качанкы замандар зардабын, ага түздөн-түз катышы бар тарыхый инсандардын аракетин ырастап, кайрыктарга кабаттап, мукам доошторду угармандардын эсине салып келсе, эзелки эстеликтер, күмбөздөр, зындандар, жерпайлар издери жоголбой, өтмүштөр өз белгисин көрсөтүп келген.

1961-жылы Буудайбек Сабыр уулу, Ош пединститутунун музыка кафедрасынын педагогдору А. А. Ленгардт, Доорон Сами уулу менен бирдикте Алай жергесинен комузчу Кулубай Түмөнбай уулунан, кыякчы Жали Али уулунан бир канча элдик эски күүлөрдү үн тасмага түшүрүп алышкан. Кулубай аксакал XIII кылымга сүңгүп «Эки Ногой айрылышты» чертсе, Жали Али уулу 10 кылымдын артындагы «Күлбөс кан» баянын кайрыктар аркылуу кабар кылат.

Кайрыкта катылган сырларды санжыра санатына салган, Абытай аксакалдын айткандарына көңүл буралы: «Биздин түпкү аталар алмуздактан «кыргыз» болуп каганат куруп, ааламды дирилдеткен улуу эл болгон. Кай бирде ушуну айтсак өзүбүздүн эле кыргыздар мыйыгынан күлүп, «бу кайсы жомок?» дегендей мамиле кылышат. Андыктан, өзүбүздүн тарыхты же санжыра санатын дүйнөгө таанымал окумуштуулардын айтканына такап, кыргыз тарыхын Балыкооз санжырасынан баштайлы».

Аркы тарыхты аңтарсак, биз куту (Будда)670 дининде экенбиз. Мезгилинде 600-700 жыл бою Алтай, Эне-сайга чейин сүрүлүп кетиппиз. XIII-XIV кылымдарда гана Орто Азияга келиппиз. Ошол кыргын-сүргүндөрдө өзүнчө мамлекет курап, Кыргыз каганатында жүргөн кыпчактар, 12 уруу коңурат, 19 уруу тайчык, жедигер, калча, катаган, маңгыт, найман, каңлы ж.б. элдер улутун жоготуп, майда урууларга аралашып кеткен. Балыкооздун айтымында 3 миң жыл илгери Орто Азиядан Алтайга, Синцзянга чейин Уйгур, Угуз мамлекети курулган. Анын башында Угуз-хан турган. Суу башылап Самаркан шаары курулуп, Угуз элинин борбору аталган.

Биздин эранын 360-жылдарында варварлар Румду (Римди) басып алган. Варварлардын (Угуздардын) уруу башчылары: кыргызды – Ороз, кыпчакты – Барман, коңуратты – Сары бий, тайчыкты – Турта бий, ногойду – Желдең, түркмөндү – Айтак, маңгытты – Жолон, катаганды – Эржан башкарган.

Кийин Самарканды ирандыктар басып алган. Угуз хандыктары биригишип, жүз жылдан соң кайта бошотуп алышат. Самарканга Оторду хан көтөрүшөт. Отор кандын тушунда 12 ата угуздар мамлекети түзүлөт. Отордон кийин бийлик Барак канга өтөт. Барак кандын уулу ааламды бузган Аланча хан, андан Боруке-хан, Боруке хандан – аты чуулу Атилла (Адыл) хан. Атыла хан Манжур Моңголду алып, Иранды басып өтүп, Дунайдан ары Балканга жетип, ошол жерде каза табат. Акылман аяр Кара Төлөк вазири Шүдүңгүт минип, элин баштап өз жерине кайткан дешет.[24]

Атыла кандын акылсыз уулу Карач кандын учурунда Угуз мамлекети бытырап кыйроого учурайт. Казак, Кыргыз, Маңгыт, Курама, Каракалпак куугунтукка учурайт. Бытыранды хандыктардын ичинде күчтүүсү кыпчактар болуп, Самарканды борбор кылып турат. Кыргызды Барак-кандын тукуму Калы бий башкарат. Андан Сагын, Араш деген эки уул. Сагын бышык, тың чыгат. 12 жашка чыкканда атасы Калы бийден суранат: «Түшүмө чоң ааларым: Ороз, Отор, Барак, Аланча, Боруке, Атыла, Карач кандар кирди. Руксат берсеңиз Отор шаарына барып, алардын мүрзөлөрүнө зыярат кылып келейин». Атасы айтат: «Кой, айланайын, азыр жашсың. Ал жакты башкарып турган ногойлордун Жанчар каны, кыпчактардын Күлбөс каны дегендер бар. Ошолор колдуу мерт болуп калышың мүмкүн» дегенине көнбөй: «ушул жерде турган Отор эле эмес, чоң атабыз Барак-кан ээлик кылган эл жерди (Самаркан, Үркөнч, Жийдели,

24 Өткөн замандагы манасчы, эл акыны Балыкооз Кумар уулунун санжыра саптарынан.

Сарайчыкты, Үрүмчү, Алты шаар, Анжыян, Кашкарды, Гөлөп менен Кысарды) өз көзүм менен көрүп чыкмакмын. Саякатым көп болсо 10-15 жылга созулар» – дейт.

Анда ата-энеси: «Тарак бийдин тукуму Абактын кызы Багланды алып берели. Жаман айтпай жакшы жок, эгер сен кайрылбай калсаң, аркаңда туяк калсын» – дешип, айткандарын жасашат. Арадан 3 жыл өтүп, баласы Сагын 15 жашка чыгат. Баглaндын боюнда бар. «Эркек төрөсө атын Ташы койгула» деп, эч кимге билинбей сапарга жөнөп кетет. Сагын 17 жылдан кийин 32 жашында эли-жерине аман кайтып келет. Ошол сапарында Скифтен келген сүрөтчү кейпин кийип алып, кээде тамырчы табыпчылык кылып кезегиндеги Отор хандыгын бүт аралайт, Жанчар канды, Күлбөс канды өз көзү менен көрүп тамырын тартып үйүнө кайткан. Сагын кийин Баласагын аталып кеткен. Уулу Ташы эр жетип, калмактардан кыргыз жерин бошотот. Жоо жеңилгенден кийин Жети-Суу эли чогулуп, курултай өткөрүп, Баласагынды кан шайлашат. Азыркы Бурана турган жерге шаар курулуп, аны Баласагын шаары аташат.

Ушул убакта Ташы да 17 жашка толуп, Карача бийдин кенже кызы Мактым сулууга үйлөнөт. Мактымды Ногойдун Кочкор каны (жомокто айтылып жүргөн Жанчар-кандын уулу) алам деп жүргөн. Ортодо араздашуу күч алып, Кочкор кан дарга асылат. Отор шаарындагы бийлик ойрондолгондон кийин Тайчык Кыпчактарды чаап, Күлбөс канды өлтүргөн. Мусулман динин кабыл албай чилче тараган улуу Угуз эли VII-XIII кылымдар аралыгында бытырап, кайсы бир кандыктар жок болуп да кеткен.

Аспап күүлөрүндө күңүрт чалынып, айтымы ала-кула калган «Күлбөс кан» баянын Балыкооз санжырасынан сууруп чыгып, окурмандар талдоосуна сунуш кылууга туура келди. Ал эми жомок болуп жортуп бизге жеткен «Муңдук-Зарлык» окуясы күү кайрыгына илинип, Күлбөс кандын мезгилине барып такалганы кызыгууну туудурбай койбос.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Күлбөс кан» | 3287 | 1’20 | Жали Алиев |

# МУҢДУК-ЗАРЛЫК

Күү казынасын толтурууга күйүп-бышкан дербиштердин бири Буудайбек досума жолугуп калдым. «Ушул кишинин сыр сандыгын ачтыра алсаң, көп нерселерди табасың» деп, бир аксакалды жаныма кошуп берди. Ал Салибай уулу Качканак, деп тааныштырды. Ал кишини үйгө ээрчитип келдим. Ойлор ортого салынды, күүлөр чертилди, дастан-жомок-уламалардын учугу чубалды. Алдыбызда үн тасма жазгыч аппарат (репертер) иштеп, айтылгандарды жымырып жатты.

«1924-жылы Чаткалда туулгам. Кол эмгеги сабагынан мугалим болуп мектепте иштедим. Андан соң 17 жыл азанчылыкты аркаладым. Кесибим ырчылык, устачылык. Эл аралап тойдо ырдайм. Осмонкул, Токтосун, Асылбек, Мейилкандар Чаткалга келгенде мени да кошуп алып концерт коюп жүрүштү. Карамолдо, Ыбырай, Чалагыздарды көрдүм. Комуз чабыштын сырларын Чакем үйрөттү.

Жизак, Самаркан, Каракалпак, Жерге-Талда көп болдум. Каракалпактыктар акынды «бакшы» дешет. Курманбай бакшы, Молдобай бакшы дегендер – менин устаттарым. Жерге-Талда кара күүгө караганда, обон күүлөрдү көп чертишет» деп, өмүр жолун жобурай сүйлөп отурду. Соңунан, комуз кулагын күүгө толгой, коңур кайрыкка кошул-ташыл «ырчы-күүсүн» созолонтту:

Мусулмандын белгиси –
Бисмилла сөздөн баштамак.
Асаке, сени уксун деп,
Айтып жатат Качканак.

Азыр көрүп шаарыңды,
Айттым бир аз алымды.
Амандашып турамын,
Көңүлгө алып баарыңды.
Көп жылдар өтүп кетиптир,

Карыяң, Бишкегин абдан сагынды.
Менин да бактым бар экен,
Сыр билги, Асандай иним табылды.
Карыялык ак батам:
Асаке, Кудайым аман койсун жаныңды.

Анча-мынча казал кеп,
Айтамын уккан баарына.
Аянбай ырды төгөйүн,
Асаке, отуруп алып жаныңа.
Кой десе болбой чертилер,
Комузум азыр табында.
Өнөрүм кантип аяйын,
Өзүңдөй билерман алса жадына...

Качканак аксакал акындык өнөрүн айгинелей ыр нөшөрүн жамгырдай төгүп жатат. Ашык оокат баш жармакпы. Кезеги келет экен, кереги тиет экен. Качканак аксакал кайырган «Муңдук Зарлык» баяны ошентип, окурмандардын энчисине тийди.

«Бул баян, балким, жомоктон алынгандыр, же болуп өткөн турмуштагы окуядыр. Аны дастанга айландырып айтып жүрөм, ага арнап атайылап күү чыгардым» — деп, сөз учугун тарыхтан баштады: — «Муңдук-Зарлык» Чаткалда өткөн окуя экен. Чаткалдын этегинде Жанчар кан, башында Күлбөс кан дегендер жашаптыр.

Жанчар-кан 40 катын алды, биринин согончогу канабады. Ыңаалаган бала үнүн укпай, ымыркайды бешикке бөлөбөй, артымда туяк калса деп, ылаажы таппай өмүрү өтүп жатты.

Бир күнү 40 жөкөрүн алып, ууга чыгып, ордосуна кайтып келатса, кунан тайын жарыштырып, вазирлердин балдары аталарын жолдон тосуп чыгышты. Олжолорун ортого салган аталардын кубанычын айтпа. Жанчар кан болсо жалдырап, жалгыздап бастырып, жабыгып ордосуна түштү. Куубаштыгына кападар кан кудайына арызга отурду. Эртеси акылман кеңешчилерин чакырып, арманын айтып турган жерин күүгө салдым эле — деп, Качканак карыя Жанчар кан арманын мындайча айтып чертти:

Айткым келди силерге,
Арманды ичтен чыгарып.
Ойлоно турган иш болот,
Ошону ортого салып туралык.

Ичте каткан сырымды,
Эми, айтууга келди ылайык.

Падыша болдум элиме,
Башыма дөөлөт бак конуп.
Аз өмүрдө дууладым,
Мингеним тулпар ат болуп.
Элиме сурак жүргүздүм,
Алдымда алтын так болуп.

«Бала» деген сөз уксам,
Балбылдап оттой жанамын.
Балдырап сүйлөп турганда,
Барынча моокум канамын.
Жан дүйнөңдү жашартар,
Жана да айтып жатамын,
Жаш баланын жамалын.
«Куубаш» деген курусун,
Куурулат ага заманым.

Акылын тапчу өзүңөр,
Амалга кимге барабыз?
Азыркы айткан сөзүмдүн,
Алды-артына караңыз.
Баласыз өмүр өткөрсөк,
Кандайча болор чамабыз?

Улуу-кичүү кеңешчилер падышанын сөзүнө уюп, бирок, арасынан акыл табылбай, акыры түшүнүгү кенен эти тирүү дешип, Түңкатар деген жигитке барышты. Түңкатар түз эле падышага келип: «куу шыйрак шагыраган катындарыңызды кетириңиз да, жаңыдан төшөк жаңыртыңыз» — деген кеңешин берди. Бул сунушту макул тапкан Жанчар кан жар чакыртып жан-жактан кыз издетти. Кан жарлыгы Жоодар чалдын кызы Канчайымга да жетти. Кыз атасын канга жиберди. Жоодар чал кан алдында тизе бүгүп жүгүнүп: «Кызым Канчайым Сиздин жарлыгыңызды кабыл алды. Калта толо муштумдай алтын калыңыма берсе болду, каяшасыз кан никесине макулмун» — дегенин билдирди. Өз калыңын өзү бычкан кыз шартына ылайык Жанчар кан казынаны каңтара куюп, муштумдай алтынды калтага толтура албай айласы куруду. Кан акылмандарын чогултуп, кыз шартында бир керемет

бар экендиги жөнүндө ой жорушту. Алардын ичинен бир аксакал: «Калта» дегени – адамдын дүнүйөгө болгон нысабын ченемге алчу табышмак тура. Көз дүнүйөгө эч качан тойгон эмес, боз турпакка гана тоёт. Калта толо алтын Канчайым кыздын калыңы эмес, табышмагы» – деп, алты кочуш турпакка бир алтын тыйынды кошуп, чымчып барып салганда калта ашып-ташып, мурда салынган алтындар шагырап жерге кулады. Кан элден чогулткан алтын-күмүштү ээлерине кайтарып, калганын казынасына куюп, Жоодар чалдын кызы Канчайымды чоң той өткөрүп, кырк катындын үстүнө аялдыкка алды. Канчайым аягынан жалгап, 6 айда курсагы чыгып, төрөткө жакындап баратты.

«Күнүлөрдүн кулу жоо». Кандын 40 катыны мастан кемпирди жалдашып, Канчайым төрөгөн эгиз баланын ордуна ургачы-эркек эки күчүктү салып коюшуп, «күчүк балдары» менен Жанчарканды сүйүнчүлөштү.

Ачууга алдырган Жанчар кан күчүктөрү менен кошо Канчайымды Чаткалдын этеги Чек-Талга алпарып, ким көрдү кылып салууну буюрду. Бирок, жасоолдор буларды аман калтырып, барса-келбес аралга таштап кете беришти. Күчүктөр бат эле чоңоюп, жолборс чалган алгыр иттерден болуп, бугу, марал, кийиктерди тиштеп келип, Канчайымды багып жатты.

– Эгиз баланы сууга ыргытып кел, – деп, катындар Карагулду жумшады. Агыны катуу сууга ыргытарда, балдарга тил бүттү: «Агатай, бизди аман калтыр, күнөөбүз жок!» – деп, ыйлап жалбарып жатышты.

– Об-боо, буларың тегин жан көрүнбөйт. Туулбай жатып тил бүттү, – деген Карагул Чандалаштын башы Дандыр-Таш деген адам жүрбөс, киши көрбөс токойго үңкүр казып, өлүү сүт менен ымыркайларды бакмак болду. Кылтак жасап, кийикке тузак тартты эле желини чатырап сүт тепкен жаңы тууган марал илинди. Кийиктин мээри түшүп, айланчыктап, качып кетпей, эмчегин эмизип, ыңаалаган наристелерди бага баштады. «Бечараларга кайыптан жардам болду» деп, санаасы тынган Карагул үйүнө кете берди. Бир канча убакыт өткөрүп кайрылып келип, кийикти ээрчип жүргөн балдарды көрдү да, «азан» чакырып, эркек балага Зарлык, кызга Муңдук деген ат энчилеп, сыртынан көзөмөлдөп жүрө берди.

Жөкөрлөрү менен ууга чыккан Жанчар кан ээн талаа эрме чөлдөгү кум үстүндө калган жылаңаяк калган балдардын изин көрүп:

– Оо, Кудай, тоого, ташка, талаага берген баланы мага неге буюрбадың?! – деп, зар какшап капа болуп, бүк түшүп дагы жатып калды.

Ошондой күндөрдүн бири. Сырт жерге ордо куруп, оюн кызуу жүрүп жаткан. Киндиктен ылдый алакан отундай жапкычы бар дырдай жылаңач тестиер бала тигиндейде оттоп жүргөн аргымакка көзү түштүбү, түйүлгөн куштай ат үстүнө секирди. Ат мөңкүгөн сайын мышыктай жабышып, оң-тетири минип ойноп жатат. Бир кезде ат үстүнөн кулап түшүп, тартынган алжапкычы арчага илинип, жылаңач тейден көзгө илешпей токойго кире качты. Карап тургандар каткырыкка марып, кыраан катты. Эзели эрдин кыбыратып жылмайбаган Күлбөс кан да эл дуусу менен күлкү шакетинде. «Мени ким күлдүрсө, кызымды калыңсыз берем» деген хан убадасын эстей коюп, жүрөгү селт этти. Анткени, кандын сөзү эки болсо, башынан сыймык кетмек. Мыйзам, салт жолу ушундай. Күлбөс кан сөзүндө бекем туруп, жылаңач баланын тегин, дарегин сүрүштүрдү. Акыры Жанчар кандын баласы экендиги аныкталып, кырк катындын кылмышы ашкереленип, алар өз жазасын тартып, Карагулдун көрсөтүүсү менен Зарлык, Мундук шаарга алып келинди. Атайылап кийим тигишип, таалим тарбия берилип, хан кызына күйөө болуучу даярдыктар өткөрүлдү. Зарлык алп мүчөөлүү залкайган азамат болуп чыга келди, акыл жөндөмү да андан кем эмес эле. Коңшу турган Жанчар канга да кабар жиберилип, өткөн окуянын чоо-жайын далилдеген соң, капаста жаткан Канчайымды алдыртышты. Канча мезгилдер кабарсыз калган эгиз балдары Зарлык, Мундук менен көрүшүп, ата-бала, эне-кыздар эзилише табышты. 30 күн оюн куруп, 40 күн той өткөрүп, Зарлыкты Куралайга үйлөндүрүштү. Эки хандыкты (Ногойлордун Жанчар ханы, кыпчактардын Күлбөс ханы) бирдей Зарлыкка ыйгарышып, эл биригип, ээн эркин жашап калышкан экен...».

Качканак аксакал «Мундук-Зарлык» баянын Жанчар кан менен Күлбөс канга байланыштыра ушундайча аяктаган эле. Жомок өз жолу менен дейли. Бирок, жогоруда баян этилген Жанчар кан да, Күлбөс кан да жомок каарманы эмес, турмушта жашап өткөн (X-XI) белгилүү инсандар. Чаткал жергесинде бул хандардын ордо шаарындагы бышкан кирпичтен тургузулган имарат (устаканалар,

зындандар) азыр да сакталып, ал жерде темир кирпичтер азыр да чачылып жатат. Андай тарыхый эстеликтерди оңдоп-түзөп, атайын белгилеп койсо, баа жеткис мурастардын багы ачылбас беле? Баарыдан да улуттук рух дөөлөтүбүз утуш алмак. Көрсө, аспап күүлөрү жөндөн-жөн чертилбейт экен. Далилдүү жагдайлар көз алдыбызда турса байкамаксанга салып, бары-жоктон кур калат окшобойбузбу. «Муңдук-Зарлыкты» Тойгожо сурнайчы тоо жаңырта тарткандыгы жөнүндө толгон аңыздарды угуп жүрөбүз. Таластан Үмөт молдо, Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө тапшырып, комузда да таңшыта черткендиги белгилүү. Алыскы Чаткалдан ат арытып атайылап өзү келген Качканак аксакалдын өнөрүн да көңүлгө албадык, жок дегенде бир-эки күүсүн радио тасмага жазып калбадык. Төөнү кыядын өткөрүп жиберип «кап!» деп, өкүнүп калмайыбыз калбады.

# БЕКАРСТАН ТАЙЧЫ

Болуш Мадазимов «Бекарстан» күүсүн түндүккө, түштүккө белгилүү кылып тараткандыгы, анын тарыхый баяны тууралуу айткандары али кулагыбызда. Түндүк кыргыздарда «сол буроо» чертиминде «Камбаркандар» кайрыктары таңшып келгендиги белгилүү. Түштүк кыргыздар үчүн «оң буроолор» оңтойлуу келип, оң буроолор башаты деп, «Бекарстанды» эсептешет. «Бекарстан» кайрыктары Өзбекстандагы кыпчак кыргыздарында, Лейлек, Алайкуу, Мургап, Жерге-Талда кеңири тараган. Калмактар доорунда кыргыз-калмак ортосунда канча кармаштар болуп, кан суудай аккан учурлар али да калк эсинде сакталып келет. Мына ошол кармаштарда элге таанылган азаматтар «бек» аталып, душманына айбат-сүр көрсөткөн эрдик, баатырдык сапаттар «арстанга» теңештирилген. Бул жагдайлар ырга алынган, күүгө салынган, аталышы үчүн «Бек» ага удаа «Арстан» деген салыштыруу кабылданган. Калмак тайшылары менен кагылыштарды чагылдырганда күүдө болобу, ырда болобу «тайчы» («тайши») аталыштар эске алынган.

Окумуштуу Жээнбай Мукамбаев Памир күүлөрүн иликтөөдө «Акбарак Тайчи», «Бекарстан Тайчи», «Жорго Тайчи», «Гоңку Тайчи», «Гыңшыма Тайчи», «Коң Тайчи», «Ханастан Тайчи», «Якастан Тайчи»... сыяктуу «Тайчилердин» канчалаган варианттарын санай келип, эл аларды «сапал халвадан таттуу көрүп угушарын» жазып кеткени бар.

Орто кылымда Борбордук Азиянын түндүк батышында Жунгария аймагын жердеген эл «ойроттор» деп аталган. Түрк элдери (кыргыз, казак, өзбек...) ойротторду «калмактар» деп чакырышкан. Анын бир себеби, XVII кылымда Волга боюна чейин жеткен бул элдердин бир тобу өздөрүн «халмык» деп жарыялашкан.

Ойрот өлкөсү 1399-1408-жылдары негизделген. Ысык-Көлгө калмактар алгачкы ирет 1430-жылдары келе баштаган. Жунгар

хандыгы негизделгенде анын башчылыгында Коңтаажы (Хун Тайдчи) шайланган. Орусчасы «Контайша», кыргыздар өз тил өзгөчөлүгүнө ылайыкташтыра Коңтаажы атап алышкан. Жунгар хандыгы бул кезде Дун-Ху, Жу-Жан, Кидан деген тайпаларды бириктирген.

1653-жылы Коңтаажы өлгөндөн кийин бийликке Галдан Бошокту келип, 1681-1685-жылдары кыргыздарга каршы согуш ачкан. 1703-жылы 2500дөй калмактар кыргыздарды өз мекени Ысык-Көл, Нарындан сүрүп чыгарып, анын натыйжасында кыргыздар Анжыян тарапка агылган. Санжырачылардын эсебине таянсак: Талкан бий Калмак хандары менен жакшы мамиледе турду. Балдары Бийболот, Коңурбай, Кошой баатыр аталып калганда Чүй элин Коңтаажы башкарган. Коңтаажы Байболотту Талкан бийден сурап алып, калмак-кыргызга «ак үйлүү» бий кылган. Коңтаажы, небереси үйлөнүп той өткөрөт. Тойдо казак, кыргыз бир жаат, калмактар бир жаат күрөшкө түшүшөт. Калмактар күрөшкө Чыкык аттуу балбанын чыгарат. Кыргыз, казак жаатынан Байболот тандалат. Күрөштө Чыкыкты Байболот жыгып, башынан аттап кетет. Ага ызаланган Коңтаажы Байболотту камчы менен чаап жиберет. Байболот кайрылып туруп тайчыны аттан алып ыргытат. Эки тарап тирешип, жаңжал от алып кетүү коркунучуна кептелет. Талкан бий туугандарына жана баласы Байболотко: «Калмактар менен жоолашып калдык, арты жакшылыкка алпарбайт. Бул жерден кетишибиз керек» деп түштүк жакка сүрүлүп көчүшкөн. Кыргыздар Анжыян Кысарды (Гисарды) бет алып жөнөшкөн. Талкандын эли Гисар тоосун, Куляб суусун, аягы Алайды туурдап келе беришкен. «Казак кайың саап, кыргыз Кызар кирген» деген лакап ошондогу окуядан калган. Жаңы жерге келгенде чечек оорусу тарап көбү кырылган. Талкан бийдин 8 уулунун Байболот башында турган бешөө ошондо өлөт. Калмак Коңтаажы болсо Байболоттун ордуна Белекти ак үйлүү кылат. Талкан бий да туулуп-өскөн мекенине кайтпайт.

*(Бала Айылчы санжырасынан)*

Галдан Бошоктудан кийин:
Цевен Рабдан – 1697-1727;
Галдан Церен – 1727-1745;
Цевен Доржу – 1746-1749;
Лама Доржен – 1749-1753 дегендер хун-тайшы болот.

Тарыхчы Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхына» көз жиберели: 1758-1760-жылдары Цин империясы калмактарды талкалагандан кийин кыргыздар Анжыян, Аксыдан өз жерине келүүгө баш урду. Солто, Саяк, Сарбагыш, Саруу кыргыздары Кетмен-Төбөгө чогулушуп, туулуп өскөн жерлерине кайтып келүүнү чечишти.

1. Кушчу, Саруу, Кытай уруулары Таластан Меркеге чейин орношууну, бул уруулардын башчысы Бүргө баатырдын уулу Жетим баатырга милдеттендиришкен.
2. Солтолор болсо Меркеден Ысык-Атага чейин орунтук алышмак. Булардын башында Жайыл баатыр турган.
3. Саяктар Жумгал, Нарынга бет алып, аларды баштаган Мурат Алдакоргон деген киши болгон.
4. Сарбагыштар Чүй, Ысык-Ата, Кочкор, Нарынды турукташып, башчысы Тынай менен Маматкул болгон.
5. Бугулар Ысык-Көлдүн көкүрөгүн ээлеген.

«Калмак менен кыргыздын ортосу орус оторчусуна чейин бузулуп жүрүп, тынбастан жылкы тийип, айылдарды чаап, катын-кыз олжолоп, мунун арты 1865-1966-жылдарда араң тыйылган. Мындан соң бугу, саяк кыргыздары, калмактан жылкы чаап алып, ал көрүнүш, 1916-жылдагы Үркүнгө чейин уланып турду. Ушул себептен качып барган кыргыздардын мал-мүлкүн, катын-кызын Текес калмагы талай баштаган»[25].

Кыргыздар – байыркы эл. Байыркыдан бери баштан өткөргөн тарых кагазда калбады. Айрымдары гана оозеки айтымдарда, аспаптык кыл кайрыктарында биздин күнгө жетпесе, ара жолдо кала берген. «Бекарстан тайчы», «Тайчыдан тайчы», «Жорго бекарстан», «Чоң бекарстан», «Отуз эки бекарстан»... Кыргыз радиосунун «Алтын казынасында» сакталып турат:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Бекарстан тайчы» | 9105 | 1'54 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Бекарстан тайчы» | 1733 | 4'05 | Карамолдо |
| 3 | «Бекарстан тайчы» | 404 | 2'00 | Саид Бекмуратов |

25 Б. Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп, – Б., 1993. 158-бет.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 4 | «Бекарстан тайчы» | 3734 | 1’34 | Асанбай Каримов |
| 5 | «Бекарстан тайчы» | 3453 | 1’40 | Курманалы Калботоев |
| 6 | «Бекарстан тайчы» | 5419 | 3’16 | Асанбек Кыдырназаров |
| 7 | «Бекарстан тайчы» | 9702 | 4’32 | Анарбай Эрмеков |
| 8 | «Бекарстан тайчы» | 3938 | 2’35 | Эрназар Жолдошев |
| 9 | «Бекарстан тайчы» | 3899 | 1’30 | Шакен Жоробекова |
| 10 | «Бекарстан тайчы» | 6846 | 4’10 | Бактыбек Чытырбаев |
| 11 | «Чоң Бекарстан» | 3286 | 1’46 | Жали Алиев |
| 12 | «Жорго Бекарстан» | 5502 | 3’00 | Кана Базаркулов |
| 13 | «Жорго Бекарстан» | 3299 | 2’10 | Чал Үсөнбаев |
| 14 | «Жорго Бекарстан» | 1169 | 2’45 | Таштан Каипов |
| 15 | «Тайчы» | 3376 | 1’53 | Асанбай Мамбетов |
| 16 | «Тайчы» | 3127 | 1’34 | Болуш Мадазимов |
| 17 | «Тайчы» | 5734 | 1’35 | Кудаяр Матаев |
| 18 | «Тайчы» | 3274 | 4’38 | Кулбай Түмөнбаев |
| 19 | «Тайчы» | 6732 | 2’95 | Барамша Абракманов |
| 20 | «Тайчы» | 3389 | 2’15 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 21 | «Отуз эки Бекарстан» | 3931 | | Алтымыш Мундузбаев |
| 22 | «Тайчиден тайчи» | | 2’18 | Фахридин Баяков |

Кыргыз композиторлор бирлигинде жазылып алынган күүлөр:

1. «Бекарстан тайчы» Барамша Абдракманов
2. «Бекарстан тайчы» Дыйканбай Боромбаев
3. «Бекарстан тайчы» Мурат Калбеков
4. «Бекарстан тайчы» Кудаяр Матаев
5. «Бекарстан тайчы» Илим Кулматов
6. «Бекарстан тайчы» Асаналы Кыштообаев
7. «Бекарстан тайчы» Абдилла Тешебаев
8. «Бекарстан тайчы» Садыр Султанов
9. «Бекарстан» Абдилла Тешебаев

10. «Бекарстан» Таип Рысматов
11. «Бекарстан ташы» Кебекбай Масылбаев
12. «Бекарстан ташы» Чал Үсөнбаев
13. «Бекарстан ташы» Шерматов
14. «Тайчи Бекарстан» Абдилла Тешебаев
15. «Ташыдан ташы» Муса Молдоканов
16. «Соңку Бекарстан» Таип Рысматов
17. «Чоң Бекарстан» Топчубай Токтосунов
18. «Жорго Бекарстан» Чал Үсөнбаев
19. «Шаңкы Бекарстан» Абдилла Тешебаев

# АК МАКТЫМ

«Ак Мактым» баяны түштүк кызгыздарга кеңири белгилүү «Бекарстан-Тайшы» күүсүнө үндөш чертилет. Бул күүлөрдүн: «Мактым», «Мактым сулуу», «Ак Мактым», «Кыз Мактым», «Бекарстан», «Бекарстан – Тайшы», «Тайшыдан – Тайшы», «Жорго Бекарстан», «Отуз эки Бекарстан», «Он Бекарстан» сыяктуу ондогон варианттары кыргыз үналгысынын музыкалык алтын фондусунда сакталуу. Күү алптары Карамолдо, Мураталы, Ыбырайдан тартып, Чалагыз, Шекербек, Асылбек, Асаналы, Алтымыш, Асанбек, Болуштарга чейин «Бекарстан-тайшыны» ар түрдүү ыкмада аткарып, тематикалык жактан өркүндөтүп, иштеп чыгышкан.

Заманында атактуу манасчы, чебер комузчу Балык Кумар уулу «Карач Көкүл баяны», «Баласагын», «Тооке хан», «Эртеңкинин эр Шоорук» поэмаларынын катарында «Жанчар кан», «Отор кан» жомогун, анын ичинде «Кыз Мактымды» берилүү менен айтып, комузда күү катары чертчү экен. Жазуучу Шабданбай Абдраманов, санжырачы Чөдөн Болсуналиев комуз күүсүнүн изи боюнча «Бекарстан тайшы» баянын басма бетине жарыяган.

Окумуштуу Сапарбек Закир уулу «Ак-Мактым» окуясы Ойрот калмактарынын оор кысымында жашап турган XVI-XVII кылымдардагы окуя катары болжосо, Турдубай Абыракунов ушул эле версияларды бекемдей турган ойлорду ортого салып, «Алыскы хакас элинин «Абахай Пахта» аттуу тарыхый уламышы жана уйгур элинин «Чин Төмүрбатур жана Мактумсула» деген жомогу менен үндөштүктү 1418-1428-жылдарда Чыгыш Түркстанда (Могулистанда) болгон тарыхый окуялардын негизинде жаралгандыгын болжолдойт.

Өткөн замандарда Байсары аттуу киши жашаган. Анын Айталы, Малсары деген уулдары, Мактым аттуу кызы болот. «Ай» десе аркы, «күн» десе көркү келишкен ашкан сулуу болгондуктан, аны Ак Мактым деп аташкан. Ак Мактымдын шерттешкен жигити

бар эле. Ошол убактагы калмактын Бекарстан Тайшы деген кол башчысы Ак Мактымдын кабарын угуп, колго түшүрүүгө көз артып калат. Күндөрдүн биринде Бекарстан Тайшы жигиттери менен дайраны бойлой баратса, жогортон бир тал чач агып келатат.

Аны таяк менен илип, тартып алышат. Чачты көрүп Бекарстан: «Бул кырк кулач узун чач Мактымдыкы. Аны издеп табышыбыз керек!» деп, суу агынын утурлай, ат жүрүшүн ылдамдатышат.

Ошол түнү Мактым сулуу түш көрүп, акелерине айтып турганы:

Түндө бир жатып түш көрдүм, аке,
Түшүмдө мүшкүл иш көрдүм, аке.
Минген бир атым Телтору, аке,
Ээрсиз жайдак бош көрдүм аке.
Кызыл кыян сел көрдүм аке,
Кызыл байрак эл көрдүм аке.
Канжыгадан баш көрдүм, аке,
Кабак-кабак кан көрдүм, аке,
Кара-туман чаӊ көрдүм, аке.
Желбиреген туу келет, аке,
Жер жаӊырткан чуу келет, аке.
Телкозудай экөөӊүз, аке,
Тегеренип калыпсыӊ, аке.
Текечер атпай мени аттыӊ, аке,
Тел маралдын баласын, аке,
Тиктебестен неге аттыӊ, аке?
Будурда жүргөн бугу аттыӊ, аке,
Бугунун бутун сыя аттыӊ, аке.
Буркуратып ыйлаттыӊ, аке,
Азиз жанды кыйнаттыӊ, аке.
Калмактан келди көп адам, аке,
Кармап бир алды башымды, аке,
Төгүп бир салды жашымды, аке.
Тилимди алсаӊ барбагын, аке,
Азапка мени салбагын, аке.
Кайберенди атпагын, аке,
Калмак мени тутпасын, аке.

Мактым: «бүгүнчө ууга чыкпагыла» — деп агаларына жалбарат. Анда кыздын акелери түштү минтип жоруйт:

Түндө бир жатып түш көрсөң, Мактым,
Телтору күлүк бош көрсөң, Мактым.
Жайлоого барып семирер, Мактым,
Жайынча оттоп керилер, Мактым.
Кабак-кабак кан көрсөң, Мактым,
Кайберен каны төгүлөр, Мактым.
Калың бир калмак аң көрсөң, Мактым,
Карчыга тийип бөлүнөр Мактым,
Калмактар бизге келе албайт, Мактым.
Мындай бир түштү айтпагын Мактым!

Ошентип, эки акеси карындашынын түшүн этибарга албай Күрөбөс тоосуна мергенчилеп кетип калышат. Мактым кырк кулач чачын күнүгө тарап турчу экен. Сиңдиси Айсулууну кароолго коюп, чачын жазып жууп тарап өрө баштайт. Кароолдогу сиңдиси: «Эже, төмөндө кара таандай каптаган караан келатат» – дейт. Ак Мактым чачын нарыдан бери белине орой салып, Телторуга минип, токойду аралай чаап баратканда белинде курчанган кырк кулач чачы жанып кетип, ат туягына оролот. Телтору чалынып жыгылып, Мактым сулуу калмактардын колуна түшөт. Жолдо баратып Мактым кыз калмактардын башчысы Бекарстанга: «Менин агаларым аң уулап жүрдү эле, кезигип, учурашып калайын. Аялдап тура тургула» – дейт. Бекарстан Мактымдын айтканына көнүп, кошуунун өрүү кылып, жатып калышат. Мактым агаларын таап, окуяны түшүндүрөт. Мактымдын агалары намысына келип «карындашыбызды жоодон куткарып алабыз» деп уруш ачышат. Күч теңдешсиз эле. Калмактар менен болгон чабыш натыйжа бербейт. Ошондо Мактымдын аргасы түгөнүп, агаларына айтканы:

Оюма келбес калмактын, аке,
Колунда кетип баратам, аке.
Жаз, жайлооңду айтып кой, аке,
Жазында качсам табайын, аке.
Күз, кыштооңду айтып кой, аке.
Күзүндө качсам барайын аке.

Анда агалары мындай дешти:

Жаз, жайлообуз Жалпак-Таш, Мактым,
Жазында келсең мындан тап, Мактым.
Кыш кыштообуз Кызыл-Суу, Мактым,

Кышында келсең, мындан тап, Мактым.
Күз күздөөбүз Күрөбөс, Мактым,
Күзүндө келсең мындан тап, Мактым.
Башыңа түштү алаамат, Мактым,
Барсаң бир келгин саламат, Мактым.

Калмактар Мактымды элине алпарып чоң той берип, Бекарстанга алып беришет, Бекарстандын иниси Чынарстан да Мактымга көңүлү бурулуп, агасы жокто Мактымдын өргөсүнө барып койнуна кирип турат имиш. Бекарстан Мактымды качып кетет деп чочулап, анын койнунда жатканда кырк кулач чачын белине оронуп, эмчегин соруп жатчу экен.

Күндөн күн өтүп, айдан ай алмашат. Акмактым эгиз эркек төрөйт. Ошентип жүргөн мезгилдин биринде калмактар чоң той беришет. Тойдо күлүктөр чабылат. Мактым Телтору тулпарын кошот. Бекарстандын Бексаргыл, Чынарстандын Чынсаргыл деген күлүктөрү да чабышка салынат. Марага калмактын күлүктөрү илинбей, Мактымдын Телторусу биринчи келет. Ошондо калмактын билермандары кур намыска алдырып «Катындын атына байге бермек тургай, экинчи чабышка салгыс кылабыз» — дешип, Телторунун жал-куйругун кыркып, кулагын мулуйта кесип, сымбатынан ажыратып, койчуманга берип коюшат. Телтору айбан да болсо бул кордукту сезип, койчумандан качып чыгып, Мактым кызга келип, эки көзүнөн жаш куюлтуп, минтип айтат:

Өз убалың өзүңө, Мактым,
Кулак салгын сөзүмө, Мактым,
Көптөн жерди сагындым Мактым,
Көрүнүп кайтам өзүңө, Мактым.
Сен кетпесең, мен кетем, Мактым,
Ат болбоймун калмакка, Мактым,
Күрөбөс жайлоо көрүүгө, Мактым,
Мен ойлодум бармакка, Мактым.
Айбан да болсом, жол табам, Мактым,
Кош бол, Мактым, энди аман Мактым.

Телторунун кайратына ыраазы болгон Мактым:

Арыз айтам тура тур, Торум.
Аз гана сабыр кыла тур, Торум.
Айткан кебим уга тур, Торум.
Бекарстан падыша,

Уктап жаткан жайында,
Амалын анын табайын, Торум.
Үй артында боз дубал,
Мен ошондон табайын, Торум, –

деп убада бекитишет.

Бекарстан: «Мактым эми балдарга айланчыктап калды, кача койбос» – деп көңүлү жайланып калган. Кечинде Бекарстан келгенде аттан түшүрүп, алды-артына түшүп жайдары жакшы кабыл алат. Кой союп, арак берип мас кылат да, жылкынын туу куйругун белине ороп, койдун өпкөсүн оозуна кептеп, секин жылып, Телторуга жетет. Күзөттө турган кароолчуларды бал тилге салып алдап, «мен силерге тийчүмүн» деп, кошо ээрчитип чыгат. Ошол жолдо уу дайрадан Мактымдын Телторусу жана Бекарстан менен иниси Чынарстандын күлүктөрү гана кеччү экен. Тиги эки күзөтчүгө ошол эки тулпарды мингизип, уу дайрадан аман-эсен өтүп кетишет.

Эмки сөз калмактар жактан болсун. Чынарстан жеңесин көрөйүн деп таң ата келсе, Мактым жок. Агасы мас, жылкынын куйругун курчанып, койдун өпкөсүн соргулап, уйку-соонун ортосунда жатат. Ошондо Мактымдын качканын билип, агасын башка тээп ойготот:

Алсырап арак ичкенче, Тайшы,
Атаңдын канын ичсеңчи, Тайшы.
Жылкы ичинде Бексаргыл менен
Чынсаргыл аттар канакей, Тайшы?
Койнуңда жаткан Акмактым,
Катыныӊ кайда?
Бозоруп бозо ичкенче,
Ботоңдун канын ичсеңчи, Тайшы.
Жылкы ичинде тайыӊ кайда,
Жыпар жыттуу койнуңдагы зайбыӊ кайда?
Короолуу койдун ичинде.
Ак кочкоруң дагы жок, Тайшы,
Ат багып жүргөн кулун жок, Тайшы
Ак сандыкта пулуң жок, Тайшы!..
Тайшыдан-Тайшы, Бекарстан, Тайшы,
Мойнуңдагы оролгон Тайшы,
Тор айгырдын куйругу, жалы.

Койнуңдагы бокчодур, Тайшы,
Койнуңда жаткан жар кана, Тайшы?

Калмактар кол жыйнап, Мактымдын артынан куугун салат. Уу дайрага келсе, наркы өйүздө Акмактым жайынча эки кул менен отурат. Калмактардын эч бирөөнүн аты уу дайрага кире албайт. Ошондо Бекарстандын Мактымга жалбарып айтын турганы:

Асаба туулуу көп калмак,
Элиңди кимге тапшырдың, Мактым!
Асан, Үсөн эки уулуң,
Аны кимге тапшырдың, Мактым?
Берекелүү калмактан,
Пейлиңди бузуп качтыңбы, Мактым?
Бекарстан кууп жетпейт деп,
Бекерге эле шаштыңбы, Мактым?
Айдай болгон калмактан,
Алганым, Мактым, качтыңбы?
Аркамдан кууп келет деп,
Акылыңдан шаштыңбы, Мактым?
Ачууңду жутуп кел, Мактым,
Эки кулду тутуп кел, Мактым.
Жорголорум айдап кел, Мактым.
Эки колду байлап кел, Мактым.

Анда Мактым Бекарстанды сынап айтып турганы:

Асаба туулуу калмакты,
Кантип эле таштайын, Тайшы.
Асан-Үсөн уулумду,
Аны да кантип таштайын, Тайшы.
Кыжылдаган көп калмак,
Колуңдун баарын сууга сал.
Көрүп туруп түтпөстөн,
Андан кийин өтөмүн.
Асан, Үсөн уулуңду,
Кабаты менен сууга сал.
Кыйноого түшүп күйөмүн
Андан кийин өтөмүн, Тайшы!

Бекарстан Мактым кандай айтса, ошондой кылат: бүт колун, эгиз балдарын, мал-мүлкүн сууга салат. Мактымды өтүп кел деп

жалбарат. Мактым ошондо да мойнобой: «Мен керек болсом, экөөң бул жакка өтүп келгиле» – дейт. Айласы куруган калмактар:

– Тайшы-тайшы,
Бекарстан тайшы.
Калмак да болсо, бир элдин башы,
Каны жерге жайылды Тайшы,
Калды сууда калмактын башы, – дешет.

Мактым бул экөөнүн башын да жутайын деп ойлоп, чачынын учуна таш байлап ыргытат. Бекарстан менен Чынарстан чачты кармап, сууга боюн урушат. Калмактар өлдүм-талдым менен жээкке жакындаганда кылыч менен баштарын кыя чабат. Калмактардан кутулуп, кулдардын жанына келсе мен «Мактымды алчумун» дешип өздөрүнчө чатакТайшып жаткан экен. Мактым: «Кимиңер күчтүү болсоңор, жеңгениңе тиемин» – дейт. Кулдар айыгышып, кармашып жатып, экөө тең өлүп тынышат.

Мактым Телторусун минип, эки жоргону жетелеп жүрүп отуруп, бир жыйынга туш болот. Мактымдын антташып, шерттешкен жигити калмакка кеткен колуктусунан биротоло күдөр үзүп, сиңдисине үйлөнмөк болуп, ошого той берип жаткан экен. Мактымдын келгенин билип, эл-журту тосуп алат. Мактымдын сүйгөн жигити Батырбек айтат: «Мен Мактымды кашка тиши түшүп, карып калса да аламын» – деп, тойду Мактымга арнап өткөрөт.

Акмактым «калмактардан кутулдум, сүйгөнүмө жеттим» деп санаасы тынгансып калган. Күндөрдүн бир күнүндө сууга келсе, Бекарстандын куураган башы чакасында жүрөт. Чоочуп, чакадагы башты алып ыргытат. Мактым кайда барса куу баш ээрчип жүрөт дейт. Тажаганда куу башты тээп жибергенде Мактымдын бутуна сөөк кирип жарага айланып, кулгундап жүрүп, акыры Мактым ошол Бекарстандын куу башынан өлгөн имиш.

Көрүнүп тургандай, оозеки айтымдар менен санжыра сабактарында аздыр-көптүр айырмачылыктары менен «Мактым сулуу» баяны жашап келген: оозеки айтымда кыз Мактымды калмак баскынчылары талашса, санжырада сулуу кыз чатагы түрк уруулар салаасындагы ногой хандары ортосунда өнүгөт. «Тайшы» наам даражасы деле уламыш учугунда калмактарга таандык, санжырада Карача бийдин кызы Акмактымга үйлөнөт Барак кандын уулу.

Ар кандай айырмачылыктарга карабастан не санжыра вариантында, не оозеки айтым вариантында кыргыздын Мактым сулуу аттуу эр жүрөк, намыскөй кыздары болгондугу, анын ысымын унутта калтырбай көркөм образы аспаптык күүлөрдө, оозеки баяндарда даңкталып келген. Тегин жерден өрт чыгабы, күүдөгү Мактым сулуу турмушта болгон чындык.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Ак Мактым» | 3385 | 156 | Раимберди Сакеев |

# ЖАНЫШ-БАЙЫШ

«Жаныш-Байыш» баяны Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийин эл оозунан жыйналып, кагаз бетине түшүрүлгөн. Алгачкы варианттары 1922-жылы Кайым Муптак уулунан, Молдобасан Мусунманкул уулунан, Жусубалы Жанай уулунан жазылып алынган. Орузбай Урманбет уулунун, Карыбек Жаңыбай уулунун айтымындагы варианттар Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат. «Жаныш-Байыштын» акыркы варианты атактуу акын Калыктын айтуусунда 1929-жылы басмадан жарык көргөн. «Жаныш-Байыш» дастанын Жеңижок, Токтогул да чоң эргүү менен аткарышкан. Бир жылы Токтогул менен Жеңижок Айры-Бел жайлоосуна баратып, күн улуу шашкеде Чоң-Конушка келишет.

Жеңижок:

– Токтогул, Ак-Таштагы балыкчылар сени «Жаныш-Байышты» айтты, – деген эле. Ошондон таштап, жолду кыскартсаңчы, – деп калат.

Токтогул комузун койнунан алып, «Жаныш-Байышты» айта баштайт. Күн бешимде Көк-Арттын Майлы-Колотундагы Жалгыз-Талдын түбүнө токтошот. Аттардын белин бошотуп, суусунга кымыз чайкап ичип, эс алып отурушат. Токтогул ал жерде «Жаныш-Байышты» улап айтып, күн кылкылдап батып баратканда: «жомогумду бүттүм» дейт. Салт боюнча жомокто козголгон баатырлардын арбагына куран окуп, бата кылышат.

Ошондо Жеңижок:

– Токтогул, «Жаныш-Байышты» сен өтө кыскартып койдуң. Палан жери, түкүн жери кала бербедиби? – дегенде Токтогул алаканы менен пешенесин сыйпап алып:

– Кыргызда сиз гана узак айтасыз. Менин жүргөн жерим Шыбыр болсо, мингеним арык кыбыр болсо, «бешкамандар» артыман түшүп, ишим кыңыр болсо, анан менин «Жаныш-Байышым» кайдан узарсын? – деп күлдүргөн экен.

Жеңижок «Жаныш-Байышты» апталап айтып, уккандарды шолоктотуп ыйлатчу дешет. Арийне, талант дараметине жараша ар акын каалаган чегине жеткире айтары белгилүү. Бирок, ырчылардын алпы Жеңижоктун, тоо булбулу Токтогулдун өз оозунан ыр-дастандарын кагаз бетине түшүрүүгө үлгүрө албадык. Ошондой болсо да, бул залкарлардын шакирттеринин бири каражаак Калыктан «Жаныш-Байыш» жазылып калганына каниет кылалы.

Музыкалык аспаптарга салынган «Жаныш-Байыш» күүсү түндүк-түштүккө бирдей тараган. Бул жөнүндө Мураталы, Ниязалы, Токтогулдун чыгармачылыгын иликтеген кыргыз окумуштуулары жана орус илимпозу А. Затаевичтин Токтогулдун мыкты музыкалык чыгармаларына «Жаныш-Байыш» аттуу күүнү кошуп карагандыгы бекеринен болбосо керек. Бул өңдүү кабарды күү жандуу илимпоз Буудайбек Сабыр уулунун китептеринен да учурата алабыз. Тилекке каршы, радионун күү казынасында комузчу Өзбек Рысбек уулунан гана жазылып алынган жалгыз «Жаныш-Байыш» күүсүнүн турушу умсунтпай койбос. Деген менен «Жаныш-Байышка» жарашыктуу обондо комуздун мукам коштоосу менен жогорку чеберчиликте аткарган Тууганбай Абдиевдин ыр дастаны азырынча музыкалык мурастарыбыздын кемтигин толуктап турат.

«Жаныш-Байыш» эпосундагы каармандарды кандайдыр бир урууга таандык кылган аракеттер анча байкалбайт. Андагы окуялар жалпы кыргыз элинин тарыхый тагдырына байланышкан, ошондой эле, жер-суулардын, шаарлардын аталышы да шарттуу түрдө алынган. Дүйнөгө белгилүү сүрөтчү Н. К. Рерих Индия менен Борбордук Азияга жасаган саякаттарында кыргыздарда болуп, Байыш баатыр туткундалган, «топурак дубалдуу» шаарчаны Чыгыш Туркстандан кезиктиргени жөнүндө айткан.

«Жаныш-Байыш» окуясынын негизинде кыргыз элинин XVII-XVIII кылымдардагы ойрот-калмак баскынчыларынын, Цин империясынын үстөмдүгүнө каршы кандуу кагылыштар жатат. Бул кагылыштарда эчен баатырлар душмандар тарабынан туткундалып кетип, аяктан аял алып, акырында туулуп-өскөн жерине араң кайткан учурлар аз эмес. Ошондой мезгилдерде чыккынчылар мамлекеттик төңкөрүш жасап, эл биримдиги ыдыраган жагдайлар да болгон. Ал эми туткундан бошонгон баатырлар болсо, кебете-кейпин өзгөртүп же башкача түргө кубулуп, алдыртан купуя аракеттенип

чыккынчылардын бетин ачкан, алардан өч алган. Мына, ушул сюжеттик жалпылыктар Сибирде, Алтайда, Борбордук Азияда, Казакстанда жашаган түрк тектеш урууулардын «Алпамыш», «Алп Манас», «Көр уулу» сыяктуу чыгармаларында, ошондой эле кыргыздын «Жаныш-Байыш» эпосунда кездешет.

Кыргызда Азирет деген хан болуп, өлөрүндө кыргыз-кытай чек арасындагы Аккүргүн дарыясына салынган көпүрөнү душмандар өтө алгыс кылып бүтөтүп салат. Азирет-хан өлгөндөн кийин баласы Нуркан хан болгон. Нуркандын балдары Жаныш, Байыш чоң атасы Азиреттен өткөн баатыр, балбан чыгат.

Күндөрдүн биринде эриккен баатырлар чек аранын ары жагына Айдың-Көлгө барып, ит агытып, куш салып, ууга чыкмак болот. Чекти бузуу опурталдуу болоорун сезген ата-эне Жаныш, Байыштын чечимине каршы болот. Ээликкен балдарды эч ким токтото албасына көзү жеткен Нуркан «алдынан жоо чыкса кайта келсин» деген ниетте балдарын кырк жигити менен камчыдан башка курал бербей аттандырат. Баатырлар Аккүргүнгө келип, аска-зоо менен бой тирешкен тосмого кез болушат. Байыш тосмону эки тебүү менен талкалап, аркы өйүзгө Айдың-Көлгө өтүшөт.

Көл болбосоң коё кал,
Сууң таттуу шекер, бал.
Жээгиңдин баарысы,
Сыйра чыккан сулуу тал.
Жалтырап укмуш көрүнөт,
Жалама зоо бийигиң.
Жанаша чуркап жол бербейт,
Эчки-теке кийигиң.
Кузгунуң учуп куркулдап,
Кууларың сүзөт жаркылдап.
Кулаалың жүрөт салпылдап,
Сууруң төштөн чыркылдап.
Өрдөк, чүрөк кашкалдак,
Акырын жүрөт аңкылдап.
Балыкчы кара шакылдап,
Бакалар чардап какылдап.
Бирок, адам уулу жердебей
Байланган экен сиздин бак! –

деп, кууга шумкар шилтеп, боз адырдан тоодак серптирип, коктудан коён тептирип... тамаша менен кеч кирип, сегиз күн жатып калышты. Кытай кароолчусу буларды байкап, падышасы Сыя-датка кабар жеткирди. Сыядат 60 миң кол менен чек арага жете келип, көпүрөдөн өтчү жолду буул салды. Кыжылдаган жоонун колун көрүп, куралы жок кырк жигитин артка калтырып эки баатыр душмандарга каршы аттанышты.

Алгач согуш салты боюнча Жаныш баатыр жекеге чыгып, Аяз балбанды өлтүрө саят. Андан кийин аламан уруш башталып, душмандар көптүккө салып, Байышты колго түшүрөт. Жаныш качып кутулат. Кытайлар Байышты Бээжинге алпарып, ар кандай кыйноо-сынактан өткөрүп, акыры орго салышат.

Душмандар менен кандуу кагылышта жарадар болгон Жанышты кырк жигити зорго таап, алты айлык жолду он эки айда басып, арып-ачып эли-журтуна эптеп келишет.

Нуркан алты миң кол жыйып, кырк жигити менен Жанышты кайта жөнөттү. Кол Айдың-Көлгө барып, тууну тиктирип, душмандын жолун тостуруп, көрүүгө көсөм, сүйлөөгө чечен, мылтыкка мерген, куш канат Куланчы деген карыяга Тама деген жигитти кошуп, Байыштын кабарын билмекке Кытайга тыңчылыкка аттандырышты.

Кытайдын ханы Сыядаттын эркек баласы жок, жети кызынын кенжеси Желкайып кыргыздан чыккан баатырды сыртынан сүйүп жүргөн. Кабарын эч кимге билгизбей аны ордодо багып жаткан. Куланчы менен Тама кытайча кийинип, кытайча сүйлөп, сары изине чөп салып, саргая издеп жүрүп, акыры Байышты кырк кез ор түбүнөн табышты. Байыштын жатканына жети жыл болгон. Желкайыптын жардамы менен ордон бошонуп чыккан Байыш баатыр Айдың-Көлгө келип эс алып жатканда артынан Сыядаттын колу кууп жетип, калайман уруш салды. Жер жайнаган кол кырылды. Акырында Сыядат менен Байыш калып, экөө эрөөлгө чыгып кармашты.

Сыядат кирип качырып,
Көкжал Байыш жөнөдү,
Көкалага камчы уруп.
Найзалары бычырап,
Качырышар найза жок,
Эми күрөшүүгө эки дөө,
Түшө калып лып этип.

Билектешип булкушту,
Күдүрөңдөп жулкушту.
Багалектен алышты.
Балтырдан торой чалышты,
Караңгы ордо көп жаткан
Муунун сары суу баскан
Байыш баатыр алсырап
Кара көзү чачырап,
Кара тери тамчылап,
Кайратынан ажырап,

алдан тайып, айласы куруп, айбат көрсөткөн болуп, араңдан зорго жер таканчыктап калган.

Эр Байышка болушуп,
Атасын чындап ата албай.
Же атасына болушуп,
Ашыгына бата албай...

Эки айры жолдо эселек башы маң белгисиз оор жүк желкеден нығырып Желкайып турат бейпайда. Ошол учурда жетип келген агасы Жаныштты, жанындагы Куланчы менен Таманы көрүп бел байлап, Байыш баатыр кармашып жаткан душманын жеңип, туугандарына кошулуп, олжого түшкөн дүйнөнү ортого салышып, эл-журтуна карай жөнөп калышты.

Жаныш, Байыш дайынсыз кеткенден кийин ордодо кызмат кылган кытай кулдар кандын казынасын уурдап, калкка таратып, амал-айла менен Нуркандын тагына отурушкан. Эки баатыр сырт келбетин чүмбөттөп, куу кийип, куунун сыртынан селде чалынып, куржун салынып, шалдыркандуу аса таяк алып, көл боор асынышып, Желкайыптын бетине парда жаап, алдыртан шаарды аралап жүрүштү.

Жаныш кеткенде зайыбынын боюнда калган уулу Баяман 15 жашка, кызы Айсалкын 17 жашка чыккан. Акжол, Дарбаз эки кулдун эңсегени Баяманды өлтүрүп, бири Жаныштын аялын, бири Жаныштын кызын алмакка 40 күн той өткөрүп, той шааниси аяктап, баланы бүгүн дарга асмакчы. Жаныш, Байыш баатырлар карегинен нур кеткен, көп кайгырып күн өткөн, көөдөндөн көк түтүнү бурк эткен, кулагы укпай, кумары чыкпай, көздөрү көрбөй, же ажалы жетип өлбөй, темселеп калган абышка-кемпир атасы, энеси экенин таанып, бирок дубана кейпинде сыр алдырбай:

Ассалому алейкум,
Салам бердим көргөндө.
Сап болорбуз өлгөндө,
Жашың жетип карыпсын.
Жаман болуп калыпсың.
Ажырап эки бегиңден
Акылыңдан таныпсын.
Ким минди алтын тагыңды,
Ким байлады багыңды?
Алдо-хүй, Алдо-хүй... –

деп, ак уруп суроо салып турган дубаналарга Нуркан чал:

Алейкима ассалам,
Аддыма келген думанам.
«Үй» деп келген үнүңдөн,
Үргүлөйүн диниңден.
«Ак» деп келген үнүңдөн,
Айланайын диниңден.
Кабар алып турасың,
Карып болгон күнүмдөн.
Кул билди калың элимди.
Кул кести менин демимди.
Хандыгыман айырып,
Кытай кул тапты эбимди.
Кагылайын дубанам
Кайрылып жакын келе кет.
Карып болгон Нурканга
Кайырың болсо бере кет –

деп, жалдырайт.

Эки баатыр ак урган калыбында топ элдин ичинде колу-буту байланган дар түбүндөгү Баяманды сынап:

Карында калып төрөлгөн,
Каргадай жалгыз баласың.
Апаңды берсең Акжолду,
Ата кылып аласың.
Алыша бербе, жубарымбек,
Ажалсыз өлүп каласың.
Эркелигиң ким билет,

Эси жок курган баласыӊ.
Эжеӊди берсеӊ Дарбазды,
Жезде кылып аласыӊ.
Эркелей бербе жубарымбек,
Эртелеп өлүп каласыӊ –

деп, ак уруп турду эле, бала дубаналарга кайрылып:

Аса таяк асынып,
«Ак» уруп жүргөн дубана,
Азапка түшкөн убара.
Арам ойлуу калмакка
Апасын бербейт бу бала.
Андан көрө дубанам,
Асандын жолун туурала.
Акыл айтып, эс берип,
Менин азабым тартып кууралба.
Күйүшөр жалгыз эжесин,
Кулга бербейт бу бала... –

деп, басылды. Баямандын кайратына ыраазы болгон дубаналар эми Акжол, Дарбаз хандардын маӊдайына барып:

Ассалому алейкум,
Акжол, Дарбаз ханыбыз,
Ачылган экен багыӊыз.
Жаныштын жалгыз баласын,
Өлтүргөнү турусуӊ.
Эмдигиче өлтүрбөй,
Өкүмүӊөр курусун!
Эжесин бириӊ аласыӊ,
Энесин бириӊ аласыӊ.
Бириӊерге-бириӊер
Күйөө болуп каласыӊ.
Камынгыла эки бек,
Баланын каны чачылсын.
Алдо-хүй, Алдо-хүй!.. –

деп, аса таягын шалдыратып, ак уруп турду эле Акжол менен Дарбаз: «Дубаналар ырас айтат, акыры көзүн тазаламак болгондон кийин баланы эртелеп дарга асыш керек» – деп, Баяманды дардын түбүнө сүйрөп келе жатышат.

Бала тилин тартпай каяша жаадырууда. Ошондо Байыш баатырдын чыдамы кетип, Акжол менен Дарбазга каарданып айтып турган жери:

Акжол, Дарбаз кулумсуң,
Кара ниет зулумсуң.
Сага окшогон арамы,
Калмакты Кудай алабы?
Кара дарга муунтуп,
Кана, асып көрчү баланы?!
Кутурасың кулжуңдап,
Кулдан чыккан хандарым.
Кулдугуңдан билбедиң,
Куюгуп кеткен баатырлар,
Кубулуп келип калганын.
Карылуу болсоң күрөшүп,
Көрөйүнбү кулдарым?
Кабыргаңды бир бирден,
Сөгөйүнбү, кулдарым?
Кан-жиниңди оргутуп,
Төгөйүнбү кулдарым?
Калмактарым билип ал,
Каныңдын келип турганын...
Алдо-хүй, алдо-хүй!..

Акжол, Дарбаз арданып, «дубаналарды чаап салабыз!» деп катуу чуркап келишти эле, дубаналар башындагы кууларды ала койгондо алтын көкүлдөрү жайыла түштү. Жаныш, Байышты тааный коюп, Акжол, Дарбаз чалкасынан кетти. Карап турган эл көргөн көзүнө ишенбей айраң-таң калышты:

Кагылайын, балам, деп,
Калмактан келдим аман, деп,
Кыйноодо калган балам, деп,
Кытайдан келдим аман, деп

Баяманды бооруна басып болкулдап, кучактап алып солкулдап эр Жаныш жашып турганда Байыш баатыр агасын кайратка чакырып:

Айланайын агаке,
Акыл-эсиң канаке?

Энең уруп койгонсуп,
Эмшиңдейсиң ыйлайсың.
Эки көздөн жашыңды,
Эмдигиче тыйбайсың?
«Калкымды тирүү көрдүм» деп,
Катындарча ыйлайсың,
Кайраты жок эмече,
Кара жашың тыйбайсың.
Айтканымды эстебей,
Ар убакта кыйнайсың!
Ким дос бизге, ким душман,
Аны неге туйбайсың?! –

дегенде ичи арам, кара ниет бузукулар алдыртадан жылып, кетип жатышты. Жаныш, Байыш ата-энеси, аялы-кызы менен көрүшүп, эли-журту менен учурашып, кырк жигити келип кол берип, эми чыккынчы Акжол, Дарбазды күнөөсүнө жараша жазалап, дарга асмак болушту эле Баяман: «өчөшүп өч алчу, кектешип кек алчу кытайдын же калмактын ханы болсочу, басташа турган баатырдан болсочу. Ушу кулдарды кан башыңар менен кантип дарга асасыңар. Кулдук кызматын кылып жүрө берсин, жөн койгула акелер» – деди. Ошентип, атасы Нурканды кандык ордуна кондуруп, кырк жигитти кайрадан аттап-тондоп кураштырып, Желкайыпты Кайры шаарынан алдырып, жергелүү элин жай кылып, баатырлар тынчып жатып калышкан экен.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жаныш-Байыш» | 7750 | 2'21 | Өзбек Рысбеков |

# КУРМАНБЕК

Ош дубанынын Сузак аймагында Көгарт суусунун боюнда Калмак-Кырчын аталган айылдын босогосунда Кош-Аӊга танапташ жол жээгиндеги баатыр Курманбектин мүрзөсүн атпай кыргыз түгөл биле бербес. Өз мезгилинде, баатырдын сөөгүн жашырган бул ыйык жайда кызыл кыштан тургузулган, заӊгыраган күмбөз болгон дешет. Кылымдар ала салган мезгил агымына туруштук бере албай залкар курулуш урандыга айланып, адепки турпатын жоготуп, белгисиз дөӊсөө кейпинде калган.

Жунгар доорундагы кыргыз баатырларынын бири Курманбек тарыхый инсан катары XVI-XVII кылымдарда жашаган. Анын ысымына тиешелүү жерлерди археологдор казып көрүшкөндө боо-боо үйүлүп жаткан адамдын сөөктөрүн табышкан. Ал эми күмбөз дөбөчөнү жергиликтүү элдер тегиздеп жатканда алп денелүү адамдын сөөгү чыккандыгын жакында үналгы берүүсүнөн билдиришти. Ырас эле, балбандыгы башкача баатырлыгы бир канча, жети түмөн кол келсе жеке кирип кол салчу баатыр катардагы жөнөкөй адамдардан эмес, алп жигиттердин бири болушу, минген аты да аркан бою аӊ келсе аялдабай чуркаган Телтору сыяктуу сырдана тулпарлардан болушу ажеп эмес. Эл оозунда айтылгандай ишенимдүү аты жок Койкүрөӊдөй чабал жылкынын айынан ат көтөргүс алп жигит ай-талаада жөө калып, душманына алдырып коюшу ажеп эмес.

Курманбек баатыр ысымына байланышкан географиялык жер-суу аттары, эстелик-күмбөз көрүстөндүн сакталып калышы, эӊ башкысы, «Курманбек» дастанынын эл оозунан түшпөй айтылып, комуз күүлөрүндө чертилип калышы Курманбек баатырдын тарыхый инсан экенинен кабар берип турат. Тарыхый инсандардын түпкү тегин ташпиштеп, таржымалын тактоодо санжыра баяндын да өтөй турган милдети олуттуу. Санжырачылар дүйнө жүзүнө чачырап кеткен кыпчактарды 5 топко бөлүп айтышат:

1. Кан кыпчактар – Ош, Жалал-Абад, Талас, Ысык-Көл, Анжыян, Фергана, Бадакшанды мекендешет.
2. Сарт кыпчактар – Наманган, Сыр-Дарыя, Кашка-Дарыя, Ташкенди жердешет.
3. Кара кыпчактар – Арал деңизин бойлой орунтук алышкан.
4. Казак кыпчактар – Казакстан жеринде жашашат.
5. Кавказ кыпчактары – Кавказ жерин жердегендер. Курманбектин теги – биринчи топтогу кан кыпчактардан: Эшимбектен – Тейитбек, Тейитбектен – Курманбек, Курманбектен – Сейитбек, Сейитбектен – кадимки Шырдакбек.

Дагы бир санжырада Долон бийден тараган уруулардын ичинде Таластагы кытай тукумунан чыккан ашкан сулуу, акылман, ишбилги, төрт уруу элди башкарган Болдуке апа төрөттөн калганда «уругум көбөйсүн» деп, өз каалоосу менен кадимки Курманбек баатырдын досу Кашкардын ханы Аккандын ашкан сулуу кызын эри Кочкорго алып бергендиги да айтылат.

Бир кезде аттарынын туягы дүйнөнү дүңгүрөткөн кыпчактар Евразиядагы тектеш элдерге сиңише берип, кыргыз, казак, өзбек, каракалпак, башкыр, балкар, ногой, татар, карачай, мажар (венгр) элдеринин улуттук калыптанышына чоң салымын кошуп, өздөрү мамлекеттүүлүгүн, элдигин жоготуп, тарыхтын таңгагында кабатталып кала берген. Антсе да, кыргыз-кыпчактын түп-тамыры бирге эмеспи, Алай, Баткен, Ноокат, Лейлек аймактарында кыпчак атын жоготпой жашап келаткан мекендештерибиз бир канча.

Кыргыздын улуттук маданиятынын, байыркы бай тилинин калыптанышында кыпчак боордоштордун салымы зор. Буга «Курманбек» баатырдык эпосунун кыргыз, кыпчак уруу ажымында эмес, улуттук баатыр катары сүймөнчүлүк менен айтылып келатканы күбө.

Тек, «Курманбек баатыр» күүсүн угуп отуруп, кыргыз эл акыны Калык Акиевдин айтуусунда жазылып алынган баатырдык баян мындай: өткөн заманда кыргыз-кыпчактын Тейитбек аттуу ханы Анжыян багытындагы Жазы деген шаарды ээлеп турган. Тейитбек хандын Зулайка аттуу аялы 40 жашка келгенде эркек бала көрүп, атын Курманбек коёт. Курманбек эр жетип, кыргыз-

кыпчак элинен 40 жигит курап, калмак баскынчылары менен кармаштарда бала баатыр атат.

Ошондой жортуулдардын биринде жеңиш менен келаткан, Курманбекти Кашкардын ханы Аккан керней-сурнай тарттырып, кырк жигити менен тосуп алып:

Он күндөн бери жол тостум,
Бүгүн араң баш коштум.
Жүзүн көрүп турамын,
Кан Курманбек жолборстун.
Элимдин четин бөлдүрүп,
Калмак да келип чаап алат.
Кайта-кайта олжолоп,
Кастык менен мал алат.
Элине ээ болбойт деп,
Бар уяты маа калат.
Эрдигине көз жетип,
Достошкону турамын.

Аккан менен Курманбек керт башынан кызыкчылыгы үчүн эмес, эки элдин атынан достошот. Оогандын ханы Бакбур:

Эрдигине чыдабай,
Үргөнүч суусун ким кечет?
Аттанып чыгып Бакбур деп,
Арачы коюп дүрбөтсө,
Аянышпай сайышып,
Мени аңтара салып ким кетет.
Как ошондой баатырга,
Канышайды беремин! –

деген шарт коюп, эркек баласы болбогондуктан, элин асырай турган азамат жигиттерден күйөө бала күтүүнү самайт. Курманбек Бакбуркан ойлогондой баатырлардан экенин далилдеп, Канышайга үйлөнөт. Кашкардан Аккан досун алдырып, чоң той берип, жыйынды узаткан соң Аккан досуна жамаатташ хан ордосун салдырып, 5-6 жылга тынч жашап турду. Жакындарын жамдап коюп, Жазы шаарына келип, «калмакка аттанайын» деп, атасы Тейитбектен Телтору атты суратты. Мага кеңешпей катын алып, эми мага айтпай калмакка чабуул салат имиш.

Ак баямдан жер бөлдү,
Ажыратып эл бөлдү.
Анык балам деп жүрсөм,
Арам санаа төрөлдү.
Андай ата безердин,
Тирүүмдө жүзүн көрөмбү? –

деп, Тейитбек Телтору тулпарды уулу Курманбек бербейт. Теке Жоомарт Телтору аты жок, Койкүрөңдү минип, найзасын алып, кылычын белге байланып, айбалтасы колунда Курманбек баатыр душмандарын качырып чыкты.

Бара жатат Курманбек,
Канын төгүп баш жарып.
Кыйырдагы чүкөдөй
Калмактар кылкасынан кырылып.
Эс алдырып Күрөңдү,
Андан кийин кирейин.

Курманбек тулпардын терин кургатып алайын деп, атын нары-бери жетелеп турду. Калмактын ханы Дөлөн кайра тартып, дүрбү салып, Курманбектин мингени Телтору эмес экенин тааныды.

Камчыланып теминип,
Курманбектин Койкүрөң,
Акыры, баспай калды демигип.
Таноолору бырылдап,
Такымдан тери шырылдап.
Кулактары шалактап.
Туруп калды Койкүрөң,
Куйрук-жалы булактап.

Камчыланып, темингенине карабай, бир убакта Койкүрөң такыр жүрбөй калды. Аты баспай айласы куруп, аргасы түгөнүп, найзасын таянып турган Курманбектин маңдайына Туучунак тулпарын алкынтып Дөлөн-хан жетип келди.

Жоого минчү Телтору ат,
Жоорудубу, Курманбек?
Ажал өлүм башыңды,
Тоорудубу Курманбек?
Алдыңдагы жаман ат,

Соолудубу, Курманбек?
Атаң карык киши эле,
Бербедиби, Курманбек?
Атасы башка кырк жигит,
Келбедиби, Курманбек?
Өлүм айдап, маңдайың,
Тердедиби, Курманбек?
Өзөгүңдөн каныңды,
Жаяйынбы, Курманбек?
Өткөн өчүм көп эле,
Алайынбы, Курманбек?
Тирүү кармап шаарыма,
Барайынбы, Курманбек?
Башыңды кесип каныңды,
Жаяйынбы, Курманбек? –

деп, өктөсү канып, табалап турат. Дөлөндүн сөзүн уккан Курманбек катуу качырды эле, аңдан секиргенде Койкүрөңдүн бели үзүлүп, очорулуп барып жатып калды. Тура калганча качырып келип, Дөлөн Курманбекти сайып өттү. Көкүрөктөн кирген найза далыдан чыгып, баатыр бүк түштү. Ай-талаада канга жуурулуп жалгыз калган Курманбек жылдыз толо элдир-селдир эсине келип:

Башымды жөлөр киши жок,
Калганым ушу турбайбы?
Баягы күнү түш көргөн,
Арманым ушу турбайбы.
Жоо сайган эгиз турбайбы,
Жоголчу жалгыз турбайбы.
Аталаштан алтоо бар,
Айрылбады кантейин!
Аталашым жогунан,
Кайрылбады кантейин!..
Кадырым сурап кашыма,
Келер кишим болсочу!..
Кара көзүм өчкөнчө,
Көрөр кишим болсочу!..
Кара жерди кең оюп,
Көмөр кишим болсочу!..
Ат бербеген каапыр чал,
Алты ай кесик оорусун!

Кадимден күлүк Телтору ат,
Кара ашына союлсун! –

деп, арманын айтып турду. Баатырлар жалгыздан туулуп, жанга күйөр жөлөгү жок кыйын кезеңде көбүрөөк жабыр тартышат эмеспи. Курманбекте да мына ушул психологиялык жагдай комуз күүлөрүнө тандалып алынган.

Үч күн, үч түн ээн талаада жатып, эми жан берерде «Курманбек досумду көрбөгөнүмө алты жыл толду. Эркек балалуу болду деди эле, баласын көрүп учураша кетейин» деп кырк төөгө дилде, кырк төөгө кымкап жүктөтүп, «калмактар менен урушуп жатса жардам беремин» деп, күн-түн жол жүрүп келаткан Аккан досу күтүлбөгөн жерден жаралуу Курманбектин үстүнөн чыгат. «Курманбек» эпосундагы ушул бөлүмдү акын ырчылар дастан катары комуздун коштоосунда аткарып келишет. Алдыда баштап келаткан кербенбашын боолголоп:

Айланайын кербендер,
Алыс жерден келгендер.
Итке-кушка жем кылбай,
Ак кепиндеп аруу жууп,
Айпооч чалып, белди бууп,
Көмө кеткин өзүмдү –

деп, кыңкыстайт Курманбек.

Кызыл каны чубурган.
Топуракка жуурулган.
Как жүрөгү жаралуу,
Заманасы куурулган,
Сен кайсы досум болосуң? –

деп, жарадар адамга суроо салат Аккан дос. Курманбек кайратын жыйып, боюн түзөп:

Айланайын жан досум,
Ажырашпас хан досум,
Абалымды таанысаң,
Аттан түшө кал, досум.
Бурадарым сен элең,
Бир кучактап ал досум... –

деп Курманбек Аккан досуна кайрылганда. «Бул чын эле Курманбек досум болбосун?» — деп бушуркөп, Аккандын жана сурап турганы:

Жоодураган көзүңдөн,
Дагы бир айтчы угайын.
Жанагы айткан сөзүңдөн.
Кан Курманбек сен болсоң,
Кагылайын өзүңдөн...

Курманбек башы айланып термелип, араңдан зорго Аккан досуна атын атап айтып турат:

Менин жайым сурасаң,
Теңтуш досуң Курманбек.
Тентек чал Тейит ат бербей,
Дегеле шорум курган бек.
Тер ордуна кан агып,
Теңирим чындап урган бек.
Куу найза кирип жүрөккө,
Кубатым кетип турган бек.

Аккан Курманбекти таанып, кучактап басып жыгылды. Досунун бүткөн боюндагы топуракка каткан канын жуудуруп, таза кийим кийгизип, «айлыңа алып кетейин» — деди. Көөдөнүнө кирген найзанын сыныгын сууруп алары менен Курманбек жан берди. Досунун сөөгүн аруу жууп, ак кепиндеп көөмп, кара жолдун боюна чоң күмбөз салдырып, Курманбектин калаасына келип:

Кара адырдын талаасы,
Как ушубу Канышай,
Кан досумдун калаасы?
Кабылдады айла жок,
Калмактан алган жарасы.
Кара жерге төгүлүп,
Кашайды көздүн карасы.
Кашыма бери алып кел,
Канымдын жалгыз баласын —

деп, баатырдын душман колдуу ажал тапканын угузду. Курманбектин өлгөнүн угуп, көзүнөн жашы куюлуп, кереге башындагы жойболотту кынынан сууруп алып, как жүрөккө малып

Канышай да жан берди. Аккан андан «өз уулуна чыккынчылык кылган ата сөрөй кимди жарытмак эле» деп, Телтору буудандын куйругуна байлап, Тейитбекти сүйрөтүп өлтүрдү.

«Курманбек» баяны баскынчы душмандардан өз жерин коргоого, эл достугун даңазалоого, чыныгы сүйүүнү чагылдырууга багытталган эпостук дастан катары баалуу. Ошондой эле, боштондук үчүн ыйык күрөштөрдө эл биримдигинин, уруу ынтымагынын, ата-бала ортосундагы бекем мамиленин да чоң мааниси бар экендигин эске салган чыгарма. Эркиндик үчүн ыйык күрөштө баатырдын аракети атасы жана кырк жигити тарабынан колдоого алынбай биримдиктин бузулушу караламан калктын келечеги үчүн зор трагедия болгон. Бирок, эркиндик үчүн ыйык козголушта кыргыздын кыраан жигити тарабында башка элдердин өкүлдөрү достук колун сунган. Аккан менен Курманбектин достугу, Ооган ханынын кызына кыргыз баатырынын үйлөнүшү жакшы жөрөлгө. «Курманбек» баянын толуктап турган дагы бир каарман Телтору буудан. Көчмөн турмушта жоокердик заманда күчтүү күлүк аттардын баркы өзгөчө болгон.

Айрыкча эл четинде, жоо бетиндеги азаматтардын энчисинде ишенимдүү мыкты аттардын болушу зарыл болучу. Андай аттар астында турганда баатырлар кууганын куткарбай жетип, качса кутулуп кетишчү. Курманбектей баатырга Телтору тулпар гана жарашкан. Бирок, бийлик, байлыкты алаканына уучтаган мансапкор ата үчүн бала баркы каакымга турбады. Атага акаарат кылбас элдик салт да баатырдын колун жипсиз байлап, астындагы атына ээ кылбады. Күчтүүлөр күчсүзүн күнкор кылып, алдуулар алсызын басмырлап турган каар заманда сырткы душмандардан «өзөктөн чыккан өрт, өздөн чыккан жат» өзгөчө опурталдуу. «Курманбек» күү баяны ушул идеяны көтөрүп, биримдикке чакырып, чертилип келет, чертиле бермекчи.

Болуш Мадазимов, Бабажан Токтогулов, Тууганбай Абдиев, Бейшен Бакыев, Мурсалы Турсунбаев, Таип Рысматов, Өзбек Рысбек уулу, Анарбай Эрмек уулу сыяктуу шайырлар радионун «Алтын казынасына» байыркы эстеликтердин бири «Курманбек баатыр» күүсүн жаздырып, баа жеткис иш кылышкан.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Курманбек» | 3132 | 1'37 | Болуш Мадазимов |
| 2. | «Курманбек» | 7768 | 0'42 | Өзбек Рысбеков |
| 3. | «Курманбек» | 7730 | 0'30 | Бабажан Токтогулов |

# КЕДЕЙКАН

Кедейкан окуясы кайсы мезгилде, кандай тарыхый шартта жаралганы жөнүндө тарыхый малыматтар өтө эле жупуну же үстүртөн. Бирок, айтуучулардын, куйма кулак санжырачылардын ой-толгоолору, божомол пикирлери, «Кедейкан» баянын реалдуу тургуда тастыктоого кайсы бир даражада түрткү берип тургансыйт. Турмушта кезикпеген окуялардан нукура чыгармалар жарала коймок бекен? Элдик эпостор, поэмалар, дастандар канчалык апыртмаларга кабылбасын, түпкүрүндө объективдүү дүйнөнүн чагылышы, чыныгы турмуштун өзү жатат. Өтмүштө калган ошол турмуш чындыгы бүгүнкү көркөм чыгармалар бийиктигине көтөрүлгөнгө чейин, канчалаган айтуучуларды алмаштырып, канчалаган өзгөрүүлөрдү баштан кечирип, алгачкы калыбынан алда канча аралыкка алыстай берип, бизге жеткен. «Кедейкан» баяны да ошол ашуулардан сапар арытканы талашсыз. Демек, «Кедейкан» поэмасындагы географиялык аттарды, адам ысымдарын, тарыхый окуяларды бүгүнкү күндөгү калыбында таанып-билүүгө ким кепил болмок? Көркөм адабиятта «Кедейкан» дастанын социалдык-турмуштук поэмалар тобунда карап келебиз. Бул баян алгач Кайым Муптак уулу тарабынан Алымкул төкмөнүн айтымында 1923-жылы жазылып өткөрүлгөн. Экинчи вариантты акын Калык 1938-жылы басмага тапшырган.

«Кедейкан» дастанын улуу акын Токтогул күндөп-түндөп айткан деген кабардан улам, бул адабий-музыкалык мурас жогоруда эскерилгендей, мезгилдин кыйма-чийме чыйырында нечен устат-шакирттерди алмаштыргандыгы айкын. Демек, чыгарманын мазмуну, окуянын жүрүшү жана өлчөмү жагынан колубуздагы варианттардын өзгөчөлүктөрүнө жана жалпылыктарына көз чаптырсак: Токтогул менен Калыктын «Кедейканында» элестетүүлүк, ырааттуулук сакталса, Алымкулдун «Кедейканында» тарыхый тургуда чечмелөөгө болгон ыкластык байкалат.

Алымкул төкмө Кедейкандын тегин мындайча санжыралаган: Кедейкандын атасы – Баракан, Баракандын атасы – Кайырчык, Кайырчыктын атасы – Орускан... деп келип, 1428-жылы Баракан өлгөндөн кийин, анын инилери Жаныбек-хан, Абылкайыр-хан менен келише албай ал жактан качып, Иле боюна келет. Бул жерде Чагатай-хандын тукумунан Эсенбото деген хандык дооран сүрүп турган. Эсенбото – Кедейге Сары-Өзөн Чүй боорунан орун берет. Качан Абылхайыр өлгөндө Кедей өз жерине кайтып барат да Көк-Ордо хандарынын бирин негиздейт.

Алымкул төкмө эскертип жаткан мына ошол Жаныбек, Абылхайыр дареги кыргыздын оозеки чыгармаларында да, көчмөндөрдүн эзелки тарыхын иликтеген Абулгазы Бахадурдун «Түрк санжырасы» аттуу эмгегинде да кездешерин билебиз. Кыргыз тарыхчысы Белек Солтоной уулунун Жаныбек хан жөнүндө берген маалыматы менен жогоруда келтирген Алымкул төкмөнүн айтымында үндөштүк мазмун жатпасын, байкап көрөлүчү: Белек Солтоной уулу Жаныбек менен Кедейди Баракандын балдары деп табат. Баракан Орускандын небереси болгон. Орускан кадимки Чыңгыз хандын уулу Жуучу хандан тараган тукумдардан, – дейт. Жаныбек хан жөнүндөгү баяндын уландысы да Алымкул төкмө айткандарга төп келип тургансыйт, алсак, Жаныбек менен Керей Абылкайга таарынып, 1456-жылы Балкашка жакын Кан Тоосуна көчүп келип, Балкаш көлүнүн чөлкөмүндө казак мамлекетин курган», («Кызыл кыргыз тарыхынан»). Тарыхый санжыра булактарынан улам сырттан болгон кысымдан жер ооп кеткен Кедей (Керез, Керей) сындуу чыйрак жигит бөлөк эл, бөтөн жерде жүрсө да акыл-айла менен бийликтин бийик сересине – хандык башкаруучулукка жеткен, татаал тагдыр баштан өткөн.

Белек Солтоной уулундагы Кедей Абылхайырдан качып келип, Балхаш жеринде кандык курса, Алымкулдагы Кедей Иле боюна сүрүлүп келип, Көк-Ордодо кандыкка көтөрүлөт. Калыктын вариантында болсо Калмак, Коңтажылар кысымынан Кысар, Көлөпкө сүрүлгөн кыргыздардын Кедей жетими Хива шаарынын кандыгын тартып алат. Ошентип, географиялык ажырым аталыштарды эсепке албаганда «эр башына күн түшүп өтүгү менен суу кечкен» өксүк мезгилде амалкөйлүк менен хан тактысына минген тири-карак жигиттин бала кездеги Керээз аты унутулуп, Кедейхан деген ылакап ысымга өтүп өтөт.

Тек, Калык вариантындагы Керээз жетим Белек Солтоной уулунун тарыхындагы Кедейхандын өзү деген болжолго такаласың. Ырас эле, Калык вариантындагы кара курсактын камынан өйдөлөй албаган кара тамандар катмарынан чыккан томолой жетим Керээз эч качан жогорку бийлик тепкичине кол созмок эмес. Ал эми поэманын каарманы Кедей жетимдин Эгесине сыйынып эңсегени да, Көкө Теңирден тилеп көксөгөнү да, ар качандан бир качан, калк башында турчу хандык. Алымкул төкмө, Белек тарыхчы санжыралаган Кедей (Керей) бабадан келаткан бийлик мураскери – хан тукумунан. Камгактай учурган турмуш толкуну Кедей жетимди акыры утурумдук ыңгайлуу жайга да кездештирди, Ак эшенге жолуктурду. Дээринде бар зирек жигит бат эле Ак эшенге алынып, ишенимине өттү. Ач курсак тоюнду. Андаалаган жыртык бүтөлдү. Бирок, өлбөстүн күнүн көрүп жүргөн Кедей ордолуу бийликтеги опурталдуу «оюндун» оңуттуу жүрүштөрүн баштоону эңседи. Алгачкы жүрүштү Ак Эшендин өзүнө багыштап, аны өз пайдасына чечти, соңунан Ак сарайга «шах» коюп, ханды тактыдан тайгылтты. Бирок Кедей жетимдин тагдыры али бычактын мизинде турган. Тобокелге салган акыркы чечүүчү жүрүш менен анын да эсебин тапты: хан казынасын ачтырып, алтын, күмүш, дилдени калайыкка чачтырды. «Кана, хан тактысы кимге жарашат?» – деген суроону капталынан койду. Эл түп көтөрө кайрымдуу хан Кедейди колдоду. Ошентип, хан бийлигинин эки тизгин, бир чылбыры мыйзам жолу менен Кедейге өтүп, Кедей жетим хан аталды. Кедейхандын бул жеңиши мурдагы саясатташкан мезгилде эзилген элди эркиндикке чыгаруудагы революциялык көрүнүш катары каралып келген. Чындыгында мындай бийлик таймашы Кедей жетимдин керт башынын кызыкчылыгындагы гана стихиялуу умтулуштар болгондугун мындагы бийликке жетүү процесси өткөн кылымдагы элдик демократиянын бир көрүнүшү катары күзгүдө чагылышкан шоола сымал элес берген.

Илгери муундагы ак таңдай ырчылар дээрлик «Кедейканды» ырдашкан, кезеги келгенде кара күү түрүндө да аткарышкан. Өткөн тескөө мезгилинде тарыхый тема таптык көз караштa каралып келгендиктен, көзү өтүп кеткен залкар өнөрпоздордун аткаруусундагы ондогон дастан-күүлөр радиотеле тасмаларына жазылбай калганын улуттук руханий дөөлөтүбүздөгү орду толгус жоготуу деп эсептейм.

Ошондой болсо да, эпикалык чыгармалар түп-орду менен айтуучуларынан ажырап калбады. Токтогул, Калык, Алымкулдан уланып келе жаткан адабий-музыкалык мурастардын ордун жоготпой таасын комузчу Асылбек Эшмамбетов, жаш акын Жаныбек Жакыпбек уулу тарабынан «Кедейкан» дастанынан үзүндүлөр радиотасмага жазылып калган.

Илгери өткөн заманда кыргыз эли ачарчылыкка учурап, жардылыктан итке минип, азып-тозот. Ошондо Курама, Сары деген эки бир тууган түркмөн элине тентип келишет. Сары ачкадан каза табат, эки жылдан кийин Курама өлүп, аялынын боюнда калган бала төрөлгөндө атын Керээз коюшат. Керээз үч жашка чыкканда энесинен ажырап томолой жетим калат. Кайыр сурап эптеп жан багып жүргөн мезгилде Гүлсаана аттуу мээримдүү кемпирге жолугуп, ага бала болот. Керээз жетим көрбөгөн азап калбайт. Акыры Керээз аты калып Кедей жетим атка конот. Кедей борбуюн көтөргөнү өткүр, өктөм чыгып, жанына жолдош-жоролорду топтоп, колунда барлардын мал-мүлкүнө кол салат. Бул иштери билинип калып, жазага илине турган болгондо Гүлсаана-энесинин кеңеши менен качып чыгып, Хива шаарына карай жол тартат. Отуз күн жол жүрүп, чокою жыртылып, буттары шишип кетет. Өлдүм-талдым дегенде Хива шаарына келип, Ак эшендин мечитинин алдында ыйлап турат. Мечиттин азанчы сопусу мусаапырды көрүп, Ак эшенге кабарлайт:

Каргыш алып оозуңа,
Касам ичип каргангын.
Калп, кара өзгөй сүйлөбөй,
Калпалыкка арналгын.
Кусулдаарат аласың,
Кудаа жолун табасың.
Байгамбардын үммөтү,
Башка селде чаласың.
Беш маал намаз окуйсуң,
Бейиштен бурак токуйсуң
Бериштелер дарс айтса,
Бейнамаздан чочуйсуң.
Кожону көрсөң кол бергин,
Молдолордон жол көргүн.
Эшендерге эңилгин,
Күнөөйүңдөн жеңилгин.

Бирөө менен сүйлөшсөң,
Мээри болсун кебиңдин –

деп, Ак Эшен Кедейдин убадасын алды

Дааратка колун тийгизип,
Таза кийим кийгизип,
Беш убакта намаздын,
Белгилерин үйрөтүп,
Безилдетип шарыяттан сүйлөтүп,
Кедейди нөөкөр кылып жүргөнүнө он күн толду.

– Айланайын азырети Эшеним, Азырейил периште жаныңды алам деп келиптир. Мен Эшениме кол берип анан кийин өлөйүн деп, 13 күн мөөнөт сурадым. Он күн өттү, үч күндүк өмүрүм калды. Ханыңызга кадырлуу экенсиз, үч күн хандын тактысына отуруп, акка моюн сунсам арманым жок. Ханыңыздан үч күнгө тактысын сурап бериңиз, – деп акидей асыла берди. Ак Эшен кыжаалат болуп, ичине кайгы толуп, башына селдесин чалып, мойнуна теспесин тагып, колуна аса таягын алып Кедейди Азим ханга ээрчитип келди. Азим кан Кедейдин түрүнөн чочуп, жүрөгү копшолуп: «Айланайын олуям, бул алдамчы кесепке тагымды бермек түгүл, жаныма жолотпоймун» – десе, азармандан безермен, «алты ата, жети бабадан бери колдошуп келаткан Эшен мени кайдан алдап кетсин, жана Эшеним айткандай, бир кедей кантип көп уруулуу элди үч күндө өзүнө каратып ала койсун? Эшенди сөзгө сындырбай тагымды берсе берип турайын», – деди акыры.

Кедейкан такка минип, таажыны кийип, алтын жака тонду жамынып, хандыкка камынып, кайрат кылып чамынып, кырк жигитти чакырып, аларга сүр көрсөтүп, кыркың кырк ат минип, кырк көчөгө кирип: «Кимдин кимдин заманы, Кедейкандын заманы келди» – деп жар салгыла! – деди.

Эртеси таң ата алты жаштан аркы бүт элди чогултуп, өзүн тааныштырып, Азим хандын жай маанисин сурады. Көпчүлүк «ар ай жаңырганда он сегиз сомдон хан салыгын берчүбүз. Андан калган бар тапканыбыз өзүбүздө калчу» – дешти.

Азимкан эски каныңар,
Мактайсыңар баарыңар.
Айына он сегиз сом салыкты,
Бети кара Азим хан,
Кай бети менен алды экен?

Мен силерден калың эл.
Алмак тургай беремин,
Силерге тийсин керегим –

деп, он сегиз кабат казынаны ачтырып, оймо тазга он теңгеден, кыйык тазга кырк теңгеден, берерман тазга беш теңгеден тараттырды. Эл Кедейкандын марттыгын мактошып, хандык сурагын жакташып, жыргап калышты.

Убада бүткөн күнү Ак Эшен, Азимхан келип, хан Кедейге салам берип, алтын такты сураштты. Эл Кедей жетимди колдоп, кайрымдуу ханга ыкластыгын билдиришти. Бийликке келген хан Кедей каары бетине айланып, желдеттерин чакырып, Ак Эшен менен Азим хандын башын алмак болду. Азим хан алтын тагынан кечип, жан соогалап жалынып, өлүмдөн араң кутулган экен.

# САРИНЖИ-БӨКӨЙ

Классикага айланган эпикалык жанрдагы элдик күүлөрдүн ичинде «Саринжи-Бөкөйдүн» да орошон орду бар. Таланттуу комузчу Болуш Мадазим уулунун аткаруучулук чебердиги, ой-туюмунун тереңдиги, элпек манжалары чыгармачылык бийиктикти жараткан. Түштүк комузчуларына мүнөздүү «Саринжи-Бөкөй» күүсү өзгөчө толгонуп, бөтөнчө буралып аткаруучулуктун өзүнчө жол-жобосу менен айырмаланып турат. Бул күү түндүк комузчуларын да куштарлантып, ага болгон кызыгуу барган сайын артып келет.

Адетте, элдик күүлөрдү аткаруунун чеберлери деп Токтогул, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Чалагыз, Шекербек, Асылбек сыяктуу күү алптарын эскерсек, «Саринжи-Бөкөй» баштаган түштүк күүлөрүн аткаруучулардын анабашында Болуш Мадазим уулу тургандыгын, комуз өнөрүндө дагы бир «болуштук мектеп» жаралгандыгын, мезгилге жараша анын тамыры тереңдеп бараткандыгын айта кетмекчибиз. Мадазим карыя очок башында отуруп эки-үч күү чертчү экен. Тестиер баласы «бул кайсы күү?» деп сураганда анын бирин «Саринжи-Бөкөй» дептир. Бул элдик күүнү комузчу бала күнүндө айылындагы Мырзамамат аксакалдан, Ноокаттык Абдыкаар устадан эшиткен. Ошондогу кулагына кыттай уюп калган кайрыктарды кийин эң жогорку көркөмдүктө иштеп чыккан.

«Саринжи-Бөкөй» эпикалык дастандын жаралышына, калмак доорунда кыргыз элинин турмушунда өкүм сүргөн патриархалдык-феодалдык мамилелер себеп болгон. «Саринжи-Бөкөй» окуясындагы уруучулук, туушкандык, үй-бүлө жана сүйүү конфликттери ырчылардын назарына илинип, көркөм образдар аркылуу элдик оозеки чыгармаларга айланып, бара-бара эпикалык поэмага өсүп жетилген. Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө Токтогулдун чыгармачылыгына байланыштуу 623-номерлүү материалда «Манас» эпосунан, «Саринжи-Бөкөй»

поэмасынан үзүндүлөр сакталып турат. Улуу акын «Саринжи-Бөкөй» эпосун баштан-аяк комуз күүсүнө салып аткарчу. Ниязалы, Токтогулдан калган бул эпикалык мурасты улап, Алымкул төкмө китеп кылып бастырып чыгарган. Жазуучу, драматург Касымбек Эшманбетов «Саринжи-Бөкөй» дастанын драматургия жанрында иштеп чыккан.

Эпостук чыгармалар күнү-түнү айтылчу көлөмдүү дастандарга жатат. Ал эми эпостук дастанга байланышкан комуз күүлөрү бар болгону 2-7 мүнөттүк убакытты камтыйт. Анткени, аспапчылар акын-ырчылардай окуяны аки-чүкүсүнө чейин чоймолой бербейт, алгач жалпылап кыска баяндама берип, күүнүн жаралышына себепкер болгон жагдайды ошол жалпылыктан ылгап алат да, аны кара сөз, же жорго сөз менен маалымдай отуруп, соңунан күүгө кезек берет, же ошол үзүндүнү жаттап алып, күү ыргактарынын коштоосунда айтым күү түрүндө чертет.

Аткаруучулуктун бул ыкмаларын дээрлик эң сонун өздөштүргөн Болуш Мадазим уулу «Саринжи-Бөкөйдү» аткаруучулук чеберчиликтин жогорку чегине жеткирген. Аткаргандар арбын, бирок Болуш өнөрүнө азырынча эч ким жете элек. Айрыкча, «Саринжи-Бөкөй» дастаны ыр менен күүнүн эң ийкемдүү ширелүүсүнөн бүткөндөй, үч кылды мүмкүн болушунча пайдаланган. Бул да болсо, Болуштун өнөр кудуретинин чексиздиги деп бааласак, «Саринжи-Бөкөй» эстелигин музыкалык маданиятыбызда бараандуулугун арттырып келет.

Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казнасында» ондон ашык комузчулар «Саринжи-Бөкөй» күүсүн тапшырышкан. Булардын ичинде Эркесары Бекбасаров, Жали Аалиев, Курманалы Калботоев, Кулбай Түмөнбай уулу черткен күүлөр бири-биринен музыкалык ой туюму, көркөмдүк каражаттарынын ар түрдүүлүгү, аткаруучулук ыкмалары жагынан айырмаланып, «Саринжи-Бөкөй» күүлөрүнүн варианттуулугун шарттайт. Мисалы, Эркесары эч бирине окшобогон кайрыкта «Саринжи-Бөкөйдү» таңшытса, Түмөнбай уулу Кулбайдын чертиминде күү «Бөкөйдүн бөксөсү» аталып, хандын кызына ашык болгон Кара комузчунун кайруусу чалдыгат.

Атактуу санжырачы Базар-Коргондук Абдышарип Тургунбай уулу Саринжи-Бөкөйдүн тарыхый тек-жайын мундуз уруусунан сууруп чыгат. «Мундуз – Куу уулдун үчүнчү баласы. Мундуздун үч аялынын улуусунан – Зумул. Зумулдан Кааба, андан – Акман,

Акмандан – Алакан, Алакандын Шайдабү деген байбичесинен беш бала болот. Жылкысынын көптүгүнөн сай суусу кургап калчу экен. Мурун Ээн-сай аталчу бел Шайдабү-эненин ысмынан Шайдан-сай атыгып кеткен. Алакандын беш уулунун жылкысынын көптүгүнө карап, кийин «Бээ байланбастын беш уулу» деген ылакап ат калган.

Бээ байланбастын төртүнчү уулу – Дөрбөл. Дөрбөлдүн кыпчак аялынан Бектеналы. Андан – Айдаралы бек, андан – Асаналы бек, андан – Шамурат бек, андан – Жайчы бек, андан – Тойчу бек, андан – Булан бек, Булaндан – Жамгырчы хан, Бөкөй хан. Булар эки энеден. (Эпосто да ушундай айтылат.).

Бөкөй төрт бир тууган, Жамгырчы жалгыз. Жамгырчынын карыганда көргөн перзенти – Саринжи. Жамгырчы өлгөндө иниси Бөкөй анын ордуна хан көтөрүлөт. Саринжиге кудалаган айдай сулуу Берметке кызыгып, чоңдукка, зордукка салып, Бөкөй аялдыкка алып алган, анын үстүнө атасынан калган дүйнөнү талашып, өөдө-ылдый болушкан себептүү мундуздар чогулуп, калыстыктан тайыган Бөкөйдү өз жеринен кубалап салышкан. Бөкөй төрт бир тууганы менен Токмокко келип туруп калат. Коомдук жана саясий ишмер айтылуу Султан Ыбырайым уулу так ошол Бөкөй хандын тукумдарынан.

Саринжиден – Мусабек, Исабек, Мусабектен – Мамазалы, Шазайылда. Андан – Абдылда, андан – Жакыпбек (Кашкарда хан болуп туруп, медресе салдырган). Мамазалиден – Молдокадыр (Анжыянда 47 жыл бала окуткан аалым). Молдокадырдан Сатыбалдыкадыр, андан – Тургунбай. Биз сөз кылып жаткан санжырачы Абдышариптин атасы Тургунбай эпостогу Саринжиге жото-жетелеринен барып кошулат.

Аккан арыктан суу агат. Жети-Өгүз районунун Шалба айылында өткөрүлгөн санжырачылардын сынагында биринчи байгени жеңип алып, ат минип кайткан санжырачы Абдышарип аксакалдын айтуусунча Саринжи Бөкөйгө тогуз ата аралык жатат. Ар муун 25 жылдан алмашса, ортодо 225 жылдын түпкүрү – Калмак дооруна такалары шексиз. Эпосто да досу, Калмактын Күлдүк ханы жөнүндө сөз болот.

Мундуз уруусунан Булaндын улуу байбичесинен Жамгырчы, кичи аялдан төрт уул, алардын кенжеси – Бөкөй. Атасы Булан өлгөндөн кийин хандык Жамгырчыга өтүп, көп жылы адилет сурак

жүргүзгөн. Бөкөй эр жеткенде Жамгырчынын аркасы менен дагы бир жерде хан болуп турат.

Жамгырчынын аялы Каныш көпкө төрөбөй жүрүп, зарыкканда көргөн балабыз деп, уулунун атын Саринжи коюшат. Саринжи ондон ашканда атасы катуу кеселге чалдыгат. Дарттан жөнүкпөй тургандыгын сезген Жамгырчы уулунун келечегин ойлоп, «атасы бир ини эмеспи» деп, Бөкөйгө табыштамакка, бирге өскөн үзөнгү жолдошу Курманды чаптырат. «Айтса айтпаса төгүнбү, аталаш агамды көзү тирүүсүндө көрүп, учурашып калайын» деген Бөкөй-хан жоро-жолдоштору менен Жамгырчынын үйүнө:

Укпапмын аке алыңды,
Кыйнаптыр кесел жаныңды.
Аман-эсен жүрөбү,
Ардагың жалгыз Саринжи? –

деп, учурашып түшөт. Кепинин башка жаздаган келмесин молдолор айта баштаган абалдагы Жамгырчы кайратын бойго жыйып, таарынчысын ортого салып иниси Бөкөйгө акыркы өтүнүчүн айтат:

– Алты ай төшөккө жаттым, агаңды эсине алып, көңүл сурап бир келбедиң. Асылган кесел алып тынар. Кокус көзүм жумулуп кетсе, аталаш иниң Саринжиге көз сал. Карачанын Бермет деген кызына кайындап койдум эле, каадасын кылып той жасап, келинчегин алып бер. Калган дүнүйө оокатымды, алган Каныш жарымды, адыр толгон малымды, алтын-күмүш зарымды, урулуу коргон багымды – баарын сага тапшырдым, – деп, керээзин айтып, Бөкөйдү аттантты. Саринжини жанынан чакырып алып:

– Балам, аталаш болсо да Бөкөй агаң эмеспи, тийиштик кыла бербе. Алар төртөө, сен жалгызсың, жашсың. Менин көзүм өтүп кетсе кайындап койгон келинчегиңди ал. Көп кишинин кереги жок, беш гана жолдош менен Карачанын айлына барасың – деп, акыркы кеп-кеңешин айтып, жан берет. Кийинки жылы атасынын ашын берип, агасы Бөкөйдү чакыртып, Саринжи колуктусу Берметти алып келүүгө бел байлады. Бөкөй элүүдөй адам менен агасы Жамгырчынын үйүнө өкүрүп түштү. Куран окулуп, бата кылынгандан кийин Бөкөйдүн адөөлөттүгүнө ыраазы болгон эл агасы Жамгырчынын ордуна хан көтөрүштү. Таарынчылар тарап, ич күптүүлүк сыртка чыккан соң Бөкөй хан Карача ханга куда башы болуп бармакка сөз берди.

Сараладан санды айдап,
Көгаладан көптү айдап.
Бөкөйдүн берген кырк жылкы,
Муну да кошо бүт айдап,

атанын керээз сөзү менен жанына беш жолдош тандап, кайынына аттанмак болду Саринжи. Эки туугандын ымалаша келиши Жумаке, Коңур сыяктуу бузукуларга жаккан жок. Алар ага-ининин арасын ачып, ортого от жакмай ойнун баштамак. «Жолдош-жоролоруң балдыркан эти ката элек жаш балдар экен. Көптү көрүп каныккан мендей агаңды кайын журтуңа кошуп ал» — деп, Коңур шум Саринжинин тынчын алды.

Карача хан алтымыш чатыр, алты ак өргө тиктирип күйөө баласын жакшы тосту. Той ырасми менен күйөө-колукту көрүшүп, биринин өргөсүнө бири катташып турду. Ошондой түндөрдүн биринде шум Коңур шырп алдырбай уурданып кирип, уктап жаткан Берметтин чачындагы алты түймө алтын айдар чоктугун кесип алып: «Карача кандын Акбермет Саринжи эмес, хан Бөкөй, сен алчу жар экен. Калың айдап биз барсак, каалабай койду жетимди. Мына, сага берип жиберген белеги» — деп алтын айдар чоктукту Бөкөйдүн алдына таштады.

Иштин чын-төгүнүн териштирип келүүгө Бөкөй хан Жумакени аттандырды. Эки арамдын көктөн тилегени жерден табылып, жалган кабарды жармаштырып, койнунда каткан котур Тайшы менен Бөкөйдү бөйрөккө урмак болушту. Жумакенин жалаасына ишенген Бөкөй калмактын ханы Күлдүргө кат жазып, кырк жоокер сурап, Саринжинин көзүн биротоло тазалап, Акберметти алууга ниет бурду. Окуя бузукулар каалагандай багытта уланды. Аяш ата Курман Жамгырчы менен Күлдүрдүн ортосунда кол коюп, мөөр басылган достук келишим кагазын издеп таап, айдалып бараткан Саринжиге берип: «Ушул кагазды эптеп Күлдүргө жеткиргин» дейт. Күлдүр кагазды көрүп, Жамгырчы досу өлгөнүн угуп кайгырып:

— Эмне каалайсың? — дейт Саринжиге.

— Аяш ата, кырк жоокерди эми мага бер. Агам Бөкөйдөн өчүмдү алайын, — дейт.

Ошентип, кырк жоокер менен барып Бөкөйдү абакка тыктырып, бузуку Жамаке менен Коңурдун башы чабылып, чоң той берилет. Тойдун артынан эли-журту чогулуп келет:

Атанын тагын минсин деп,
Кан шайлашып баланы.
Кордук көргөн жаштардын,
Кошулган экен талабы.

«Саринжи-Бөкөй» социалдык-турмуштук эпоско киргендиктен, мындагы каармандардын башынан өткөн окуяларга көбүнчө тууган-туушкандык, үй-бүлөлүк тиричилик карама-каршылыктар коштоло жүрөт. Патриархалдык турмуш үрп-адаттардын, каада-салттардын бийлигинде калган элдин аң-сезиминде «энелеш», «аталаш» туугандыктын карым-катыштыгы чоң мааниге ээ болгон. Кээде сокур намыстын, кыргызчылыктын, бузукулуктун кесепети аганы иниден ажыратып, атаны баладан алыстатып, уруу менен урууну чабыштырып, улуу менен кичүүнү кабыштырып, өзөккө өрт коюп келет. Бөкөйдүн ички дүйнөсүнүн бөксөлүгү болбосо Күлдүр-хандан кырк жоокер чакыртып, Саринжидей инисин сабатып, келинчегин тартып алып, калмактын абагына айдатат беле? Саринжинин балалыгы болбосо, Күлдүр хандын күтүрөгөн кырк жоокерин ээрчитип келип, атасындай агасы Бөкөй-ханды бөрүлөргө талатат беле? Жумаке, Коңур бузукулар болбосо, кыргыз менен кыргыз кыл чайнашып, кыркылышууга барат беле? Мына, ушуларды ойлогондо өзүн өгөйлөп, өзгөгө жагынып, өзгөнүн колу менен өзүн-өзү басып, өзүн-өзү жанчып, алсыз болуп, арсыз болуп, күчтүүлөрдүн астында күнөкөр болуп өмүр кечирген «кыргызчылыктан» кутула качкың келет.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Саринжи-Бөкөй» | 3125 | 3’32 | Болуш Мадазимов |
| 2. | «Саринжи-Бөкөй» | 8110 | 3’00 | Эркесары Бекбасаров |
| 3. | «Саринжи-Бөкөй» | 3293 | 1’53 | Жали Алиев |
| 4. | «Саринжи-Бөкөй» | 5308 | 3’05 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 5. | «Саринжи-Бөкөй» | 3463 | 1’14 | Курманалы Калботоев |
| 6. | «Саринжи-Бөкөй» | 2476 | 4’25 | Ыйманкул Мырзаев |
| 7. | «Саринжи-Бөкөй» | 7748 | 1’31 | Өзбек Рысбеков |
| 8. | «Саринжи-Бөкөй» | М.746 | 2’26 | Самара Токтакунова |
| 9. | «Саринжи-Бөкөй» | 6117 | 2’03 | Батырбек Табалдиев |
| 10. | «Бөкөйдүн бөксөсү» | 9860 | 5’25 | Кулбай Түмөнбаев |

# ЭР ТАБЫЛДЫ ЖАЛГЫЗЫМ

Эл турмушунда эстен кеткис эчен окуялар, кыйын кезеңдер боло келген, боло да берет. Ошол кыйын кезең окуялар узун сабак сөз болуп, ырга кошулуп, көлөмдүү дастандарга түрмөктөлүп, аспаптык күүлөрдө жаңырып, унутулбай муундан-муунга мураска өтүп, улуттук адабий-музыкалык дөөлөттөрүбүздү түптөп келет. Мына, ошондой кыйын кезеңдердин күбөсү, улуттук дөөлөтүбүздүн бир шиңгили – «Эр Табылды» баянында.

Бул баатырдык эпос Кыргызстандын түндүк-түштүгүнө бирдей тарагандыктанбы, анын варианттуулугу да арбын. «Эр Табылды» баянын алгач Кайым Муптак уулу 1923-жылы Сыр-Дарыя өрөөнүнөн жазып алган. Эпостун дагы бир вариантын Илимдер академиясына Жума Жамгырчиев тапшырган. Эң кийинки вариант Актан Тыныбеков тарабынан 1940-жылы китеп болуп басылып чыккан.

«Эр Табылдыны» акын, ырчылар өз обону менен айтышкан, аспапчылар ошол обон нугунда «арман», «кошок» мотивдүү «Эр Табылды жалгызым», «Табылды менен күкүк» аттуу күүлөрдү жаратышкан. Бул эпостук дастан-күүгө кезегинде Арстанбек, Абак, Күрөңкөй, Боккөтөн, Ниязалы сыяктуу өткөн кылымдын залкарлары, Токтогул, Карамолдо, Ыбырай баштап кийинки чыгаан комузчулар кайрылган. Бирок, радиобуздун алтын казынасында Асаналы Кыштообай уулу, Жали Аалы уулу, Абдыкерим Мокой уулу жаздырган, азгантай күүлөр гана сакталып турат. Кандуу кармашта оор жараат алып, ээн талаа эрме чөлдө эрмектешер адам жок, күкүк кушту караан кылып, кайрылып тургандагы аянычтуу абал комуз күүсүнө тандалып алынган.

Алайлык кыякчы Жали Аалы уулу «Эр Табылды менен күкүк куш» жөнүндөгү күү баянын журналист Буудайбек Сабыр уулуна мындайча айтып берген:

Токсон калмак мен жалгыз, күкүк,
Томугум жара ок тийди, күкүк.

Толгоно албай жатамын, күкүк.
Алтымыш калмак мен жалгыз, күкүк.
Ашыгым жара ок тийди, күкүк,
Айлана албай жатамын, күкүк.
Карлыгачка барсаңчы, күкүк,
Кабарын анын алсачы, күкүк.
Эр Табылды жалгызың,
Ээн жерде калды де, күкүк —

деп, жаралуу баатыр күкүккө кайрылат. Күкүк учуп отуруп, таң жаркырап күн чыкканда карындашы Карлыгачтын ордосунун чамгарагына келип конот. Ошондо күкүктү көрүп Карлыгач агасынын жайын сурайт:

Куу арча башын сактаган, күкүк,
Куйругун күнгө кактаган, күкүк.
Жалгыз агам Табылды,
Калмакка кетип жок болду,
Андан бир кабар алдыңбы, күкүк?
Анда күкүк:
Табылдыны мен көрдүм,
Кабарын айтып мен келдим.
Токсон калмак ал жалгыз
Томукту жара ок тийип,
Толгоно албай жатыптыр.
Суусап жаткан баатырга,
Тумшугум менен суу бердим.
Кайнатма кара дарыны,
Кырма кызыл баарыны,
Ак куржунга салсын дейт.
Ак тулпарын минсин дейт.
Алты күндүн ичинде,
Ат аябай келсин дейт, —

деген кабарды айтат.

Карлыгач күндөп-түндөп жол жүрүп, Табылды жаткан жерге келет. Алып келген дарыдан аздап-аздап ууртгатып, кайнатма кара дарыны сыртынан сүйкөп, кырма кызыл дарыны ичтен берип, агасын айыктырып алып, аман-эсен элине барган экен.

Күү тарыхында калган эр Табылды ким? Тек-жайы каякта? Бул суроого алгач Актан Тыныбек уулу жазып калтырган эпостон

издесек, анда эр Табылдыны кадимки Кошой чыккан Катаган уруусунан табабыз. Жазуучу Орозбек Айтымбет уулу Кетрен деген молдонун «Катагандар тарыхы» деген санжырасына таянып, Эр Табылды дарегин төмөнкүчө чечмелеген: «энчегер бойлуу эр Эшимкан Турсунду өлтүрүп, ордосун ээлеген соң, катагандарды катуу куугунтукка алат. Ошондо катагандар чачылып Самаркан, Ташкен, Кокон, Көлөп, Кашкарга ооп, оогондон калганын Каркырага көчүрүп, калмак бетине салган. Калмактар менен болгон чапкындарда катаган элин канжыгалуу Карач баатыр баштаган. Дагы бир санжыра сабында, кыргыз Кысар кирип, казак кайың сааган замандын соңунда катагандар байыркы мекени Кошой-Коргонго кайтып, андан Жумгал тарапка келишет. Ал кезде көл айланасын калмактар ээлеп турган. Тулуп-өскөн жери көздөн учкан эл:

– Калмактарды Көлдөн айдап чыгар эр табылар бекен? – деп тилек кылып, келечекке үмүттүү карай беришкен. Качан канжыгалуу Карач баатыр кырк жигит курап, Көлдөгү калмактарды жапырып чаап киргенде:

– О Кудай, Көлдү куткарчу эр Табылды го, баатыр табылды го? – деп кубанышкан. Акыры бул кеп элге тарап, Карач баатыр аты калып, Табылды баатыр аталып кеткен». («ЖЛ» 1986, 13.06).

Эр Табылдыны Орозбактын беш мырзасынан алып келип, Арык тукуму уруусуна ыйгарган санжырачы Абдылда уулу Абылдын да билгени бар, анткени Айтымбет уулу Орозбек айткандай калайман замандар капшабында чачылып, чоң урууларга тарамдап тамчы суудай сиңишип кеткен бир кездеги калдайган катагандардын урпактары кайда калбаган. Бирок, Табылдыны кыргыз эли эркиндик, көз каранды эместик үчүн эл-жерин коргоочу баатыр, көл кыргыздарына өз мекенин кайтарып, боштондук алып берген азаматтардын бири катары жүрөгүндө бекем сактаган.

Кыргыздар байыртадан таш көтөрүп, тамга басып, аскага сүрөт чегип, жазма салып дегендей, эрдик менен алптыктын, баатырдык менен балбандыктын белгисин эстеликке калтырып келишкен. Табылды баатырга байланышкан эчен табигый-тарыхый белгилер күнү бүгүн бар. «Алп Табылды Ат-Башыдан аттанып, Барскоонго келип, Чалкалмак курдурган чептин оозун бекиткен кара ташты көтөрүп, эшик төрдөй жерге ыргыткан:

Чебин таштан жыйдырган,
Чебердик менен кыйдырган

Дарбазанын оозуна,
Үйдөй болгон кара таш,
Дары менен тундурган.
Жетимиш балбан биригип,
Жерден араң жылдырган.
Көтөрүп келип Чалкалмак,
Өзүнүн күчүн сынаган.
Эр Табылды берениң,
Арчатору буудандан,
Арбайып жерге түштү дейт.
Атам Эрмен колдо деп,
Айкөл Манас жолдо деп,
Эрдин тиштеп кашкайып,
Эңкөө түшүп таптанып,
Эки имерип чактанып,
Эмчекке такай көтөрүп,
«Эл качкыла мындай!» деп,
Эшик төрдөй ыргытып,
Басып кетти даңкайып.

Мына, ошол алачыктай кара таштын ортосунда бычак менен тилгендей из бар. Бул из кылычтыкы деп айтышат. Бир бетинде ийри-буйру белги, бир бетинде жазуу бар. Жазуунун мааниси «артымдан келсең ушул таштай талкалайм» дегендикти билдирсе керек. Таш күнү бүгүн «Табылды тамга Тайшы» аталып келет.

Чалкалмак жерден үңкүр каздырып, аңдып жатып, Табылдыны бутка аткан жерге кийин айыл түшүп, «Жер үй» кыштагы аталып, Табылды Чалкалмакты тосуп жаткан аймак кийин «Тосор» аталып, Чалкалмак өлгөн жер «Чалкалмак өлгөн дөбө» аталышы күнү бүгүн күчүндө. Эр Табылды менен Чалкалмак алгач Кара-Каман кандуу суу үстүндө беттешкен:

Чалкалмак менен Табылды
Суу үстүндө таанышып,
Темтеңдешип агышып,
Калканды баштан жулушуп,
Канжар менен урушуп.
Дайранын ичин жол кылып,
Далай жерге барышкан.
Мылтыктары суу болуп,

Чокмор менен салышкан.
Эр Табылды берениң,
Эңкейип колдон алганда,
Көкбөрүчүл түгөнгүр,
Ээрге жапма салганда,
Саадактай буурул сакалын,
Орой кармап тутамдап,
«Сенден алган энчиң» деп,
Бир жагын жулуп кайтканда
Үйдөй болгон кара таш,
Ортосунда болуптур,
Табылды менен Калмакты,
Күркүрөгөн чоң дайра,
Ошондо эки жакка бөлүптүр.[26]

Эки баатырды ажыраштырган ошол кара таш да билгендер үчүн ыйык эстелик болуп, көзгө жылуу көрүнүп, Кара-Каман дарыясында карааны алыстан заңкаят.

Устадан чапкан дат калсын,
Молдодон китеп кат калсын.
«Тосор», «Тамга» белгимди,
Толук кыргыз даңктасын –

деп, эстелик белгилерин урпактар унут калтырбаска таштап кеткен.

Мурунку өткөн заманда алты миң үйлүү катаган деген эли бар, Каратоо деген жери бар Ат-Башы, Нарын жердеп, Омокан деген өткөн. Омокандан – Ормонкан, Эрменкан. Ормонкандан бала жок, Эрменкандын калмак аялынан – Кудайназар. Кудайназардын жети уулу болуп, өзүн-өзү бийлеп, өз алдынча сүйлөп, бөлөк айыл болуп, бөтөн сууга конуп Эрменкандан эл талашып, эрегише чыкты.

Эрменкан элүүгө келгенде нойгут элинен Агача деген кызга үйлөнүп, он жылдан кийин Табылды аттуу балалуу болду, анын соңунан Карлыгач деген кыз төрөлдү. Табылды он үчкө чыкканда атасы өлүп, кийинки жылы Соң-Көлдө атасына аш берди.

Күндөрдүн биринде он миң кол алып, кошуунду мол алып, Чалкалмак баатыр Үч-Нуранын башынан Табылдынын жылкысына тийди. Табылды Элдияр, Эрмек достору менен кырк жигитин баштап келип, жылкыларды кайрып алып Кара-Саздын

26 Эр Табылды. – Ф., 1970. 236-237-беттер.

талаасына жайып таштап, Чалкалмактын жолун тосту. Алтымыш баатыр менен өзү чапкан Калмак-Ашуунун белинен Чалкалмак да конуш алды. Эки баатыр Кара-Каман суусунан беттешип алыша албай ажырашты.

Калмактар жүздөн бөлүнүп, алыстан аткылашып турду. Ушул түр менен жети күн удаа жүздөн калмак келип турду, келгендердин жазасын эр Табылды берип турду. Чалкалмак болсо Кара-Каман, Тешик-Көлдө кароол коюп жерден үңкүр казып, Табылдыны аткылап өңүп турду.

Жойболот алып колуна,
Табылды ойлоп намысты,
Үч калмакты чапты эле,
Булар жайын тапты эле.
Төртүнчүгө жетерде,
Аны да шилтеп өтөрдө,
Сыр бараң үнү тап этти,
Табылдыга чап этти.
Оң бутунун ашыгын,
Омкоро жаздап ок өттү.
Ашыкты кезеп кемирип,
Аяктай эти бөлүнүп.
Аттан ооп баатырың,
Түшүүчүдөй көрүнүп,
Эси эңдиреп тунарып,
Эки көз болуп мунарык...

Жаны кейип турганда Элдияр жетип келип, уруш талаасынан алып чыгып, жараатын дарылай баштады. Азын-көбүн олжосу менен кырк жигитти элге кайтарып, Табылды менен Элдияр Манастын күмбөзүнө зыярат кылууга Таласка аттанып кетишти. Ал жерде табып-дубанага көрүнүп, оорусунан оңоло түшкөндө элине карай жөнөштү. Бир нече күн жол жүргөндө Табылдынын буту күчүркөнүп кайра жатып калды. Аркар, кулжа атып келип, Табылдыга калтырып, Элдияр элге сапар алды.

Арадан алты-жети күн өткөндө Элдияр кайра келип, Табылдыны айыктырып, аман эсен эл-журтуна кошулушту. Дагы бир мезгил өткөндө Чалкалмакка барууга сөз токтотушуп, токсон киши алып, Балкартты басып, Барскоондун белин ашып,

Чалкалмактын чеп дарбазасын ачып, Ысык-Көлдүн жээгине чыгышып, короо-карагайдагы сан карабоз жылкыны тийип алып, Кереге-Таштан өтүп, Барскоон менен Тамгага келгенде отко темирди кызытып, тай кунанга бүт тамга бастырып, андан Тосорго келип Чалкалмактын жолун тосуп жатты. Ал аңгыча болбой чоң найза колдо солкулдап, сыр бараң жондо жаркылдап, боз кисе жанда салпылдап, асыл таштан чегерген көз айнек маңдайында жаркылдап, алды жагын карабай адам бар деп санабай ачуусу ичтен тарабай кара боз тулпарын каргытып Чалкалмак чыкты майданга. Опол тоодой зор калмак туура тушуна келе бергенде атын атып, очорулуп жөө калганда өзүн сайып өлтүрдү Табылды. Башчысынан айрылган душмандар баш аламан кайра качып, кыргыздар сая кууп баратканда Чалкалмактын Кең-Суудагы айылынан Торкобек сулуу Табылдыны тосуп чыкты.

Таэжеңдин сөзүнө,
Табылды кулак салыңыз.
Калмак менен кыргызды,
Калк кылар жолго барыңыз.
Кандын кызы Торкобек,
Кашыңда турат тааныңыз.[27]

Калган элди соогага берүүгө кандай чагыңыз? – деп акылы артык айлакер кыз айгышкан эки жоонун ортосуна түшүп, калаймандуу кармашты токтоткон дейт. Табылды баатыр Торкобекти Элдиярга алып берип, алтымыш үйлүү калмакты элине кошуп алган экен.

Калмактар XVII-XVIII кылымдарда кыргыз, казак, уйгур эддерине баскынчылык жортуулдарды уюштуруп, ага туруштук бере албаган уруулары Кара-Тегин, Кысар тарапка журт которууга аргасыз болушкан. Ушул аралыкта калмактардын бир тобу Кытай, Манжу тарабынан кырылып, бир катары Цин империясынын соккусунан талкаланып, бир даары баш пааналап Ысык-Көлдөгү Кара-Колдо калып калышкан.

Бүгүнкү күндө кыз алышып, уул үйлөнтүшүп бир эл, бир журт болуп, ымаласы биригип, Кара-Кол шаарына жамаатташ жашаган сарт-калмактар алтымыш үйлүү калмактын урук-журттары.

27 Эр Табылды. – Ф., 1970. 456-бет.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Эр Табылды» | 3284 | 1’35 | Жали Алиев |
| 2. | «Эр Табылды» | 7796 | 3’12 | Абдыкерим Мокоев |

# ОЛЖОБАЙ МЕНЕН КИШИМЖАН

Ак сүйүү, аруу махабаттын курмандыгы «Олжобай менен Кишимжан» аттуу эки жаштын тагдыры уламаларда айтылып келет. Улама кептерди улаштырып, белгилүү бир мазмунга топтоштуруп, поэма-дастан жаралган. Жеңижок, Токтогулдай алп акындар ашыктар баянын эл чогулган жыйындарда эрмектеп, эчен курдай айтып келишкен. 1940-жылы эл акыны Алымкул Үсөнбаевден жазылып алынган «Олжобай менен Кишимжан» китеп болуп жарыкка чыккан. Элибизге кеңири тараган бул баянды Ысык-Көлдөн Сопубек Сакетай уулу, Чоң-Алайдан Матраим Кабыл уулу кара сөз жана ыр түрүндө Кыргыз илимдер академиясына тапшырган. Анын көп варианттуулугунда күмөн жок. «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй» дастандарынын жагымдуу обондорун комуз күүсүнө салып кара күүдө черткендердин бири Алымкул төкмө. «Олжобай менен Кишимжанды» Жээнтай уулу Жакшыбай, Бекбасар уулу Эркесары, Молдуман уулу Актан, Масылбай уулу Кебекбай радионун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырган...

Түбү кыргыз-кыпчак уруусунан Солтобай аттуу жигит Торайгыр деген жерден кыз издеп чыгып, Чылмайранды жердеген Кулжыгач аттуу байдын кызы Бегимжан сулууну жактырып, атасына арачы салат:

Куда деген жакшы сөз,
Мен да калдым кубанып.
Албаймын калың малыңды,
Айтайын сага зарымды.
Эр жеткен эркек балам жок.
Кыз да болсо перзентим,
Кыпчакка кетип калса эгер,
Кылчаюга чамам жок.
Балам болсун күйөөүм,
Башынан ушул тилегим.

«Эгер күйөө бала өз элинен көчүп келсе кызымды себи менен калыңсыз берем», — деген кыз атасынын сөзү менен күтүрөтүп мал айдап күмүш-алтын сер алып, Солтобай кайындарына келип, чоң той өткөрүп, Бегимжанга үйлөнөт. Кийинки жылы Солтобай уулдуу болуп, атын Олжобай коюшат. Беш айдан кийин Бегимжандын апасы кыз төрөп, ага Кишимжан деген атты ыроолошот. Арадан ай алмашып, жыл жылышып, Олжобай эр жетип, Кишимжан бой тартат.

Эгиз козудай таеке-жээн өскөн эки жаштын ортосунда махабат тутанып, бара-бара жалындап отко айланат. Бул кезде Кулжыгач карылыкка алдырып, Солтобай о дүйнө салган, бийлик Кулжыгачтын аталаш тууганы Кудакеге ооогон.

Тентип келген ит кыпчак,
Теңтушуңду билгиниң.
Куур тондуу, ит кыпчак,
Курбуңду таап жүргүнүң! —

деп, Кудаке куйту кагып-силкип кодулай бергендиктен, Олжобай өз элине көчүп барып, Чачыке деген сулууга үйлөнгөн. Андан Акберди аттуу уулдуу болгон.

Кишимжан Олжобайды самай берип саргарып, карай берип кареги тешилип, не кыларды билбей жүргөндө айылга келген соодагерден кат жазып Олжобайга кабар айттырат. Олжобай ошондо гана Кишимжанын эстеп, Күлдүбадам күлүгүн минип, Чылмайранга келип, Кишимжан менен той үстүнөн кездешет. Кудаке шилтеген адамдар үстөмдүк кылып, Олжобайга жабылышат. Каруу-күчү толуп турган балбан жигитти ким көрдү кыла албайт, кутултуп жиберишет. «Коркуп калды куу кыпчак эми козголуп кайра келалбайт» деп, Кудаке тойду кайра баштатты. Махабатка мас болгон эки жашты Кулжыгачтын үйүндө басып калып, Олжобайды чала өлүк кылып, сабап таштап кетишет. Олжобай зорго аттанып чыгып, Чук терекке жетип эс алып жаткан жеринде Кудакенин адамдары келип, найза сайышып, келтектешип, чабышуу башталат. Олжобай андан да кутулуп чыгат. Акыры түнү менен тымызын жортуп келип, Кулжыгач байдын ордосунан Кишимжанды алып качат. Булардын кеткенин уккан Кудаке: «Калыңы өткөн үчбагыштын Байназары эми келип мени чабат. Андан көрө Олжобайдын артынан баралы» — деп Чылмайранды таштап, элин жабыла көчүрүп Олжобайдын артынан жөнөп калат.

Ошол учурда Олжобай менен Кишимжан:

Аркары кумдай куюлган
Айдаган малдай чубурган

Жийдели деген ажайып кооз жерге келип, өрүүн болуп жатып калышкан. Кудакеенин кошууну да ушул жерге көч түшүрүшкөн. Олжобай менен Кишимжанды көрүп, эзели ичи агарбаган куйту Кудакенин кучунашы кармап, Олжобайды колго түшүрүп, кыйноого алып өлтүрөт:

«Ала качам» деп жүрүп,
Азапты далай көрдүң деп,
Жалгыз кантип таштайын,
Жаныңа мен да келдим деп.
Жеңине каткан канжарды,
Кишимжан чыгарып колго алыптыр.
Эл арачы түшкөнчө,
От жүрөккө малыптыр.
Куруп кеткен Кишимжан,
Кумсарып жаткан Олжоңду
Кучактап басып жыгылып,
Бу да өлүм таалтыр.
Айдай-айдай мал бердим,
Алтын, күмүш сер бердим.
Албайм, койбойм муну деп,
Ант айтып элге мен жүрдүм.
Эми аламын деген жардан жок,
Айдап берген малдан жок.
Кайтып барсам сороюп
Мага каткырып калың эл күлөт.
Кабарым уксун көп багыш
Кайраты күчтүү Байназар
Калбай бирге өлдү деп...[28] –

кылычын суурул алып, эт жүрөгүн малып, Байназар күйөө өлдү. Жүрөк титиреткен кайгылуу окуя кыпчак элине жетип, кол жыйнап келип, Кудакенин айылын курута чаап, аны да жайлап салышты.

Ак сүйүү аруу махабаттын курмандыгы Олжобай менен Кишимжандын сөөгү калган «Жийдели» өрөөнү кийин Сары-

---

28 Олжобай менен Кишимжан. – Ф., 1974. 288-289-беттер.

Үңкүр аталыптыр. Бул ыйык жайдын дагы бир өзгөчөлүгү Олжобай менен Кишимжандын ысымына байланышкан табигый эстеликтердин молдугунда, алар: «Олжобай көтөргөн таштар», үстүнөн кой айдатып өткөн «Олжобайды көргөн таш», чоң сууну бойлоп өскөн Олжобай менен Кишимжандын «Кош тереги» ж.б. Мына ушул табыят тартуулаган касиеттүү чөлкөмдө бүгүнкү күндө адамдардын ден-соолугун чыңдоо максатындагы Сары-Үңкүр аттуу санаторий конуш алган. Ошол илимий-өндүрүштүк «Бейиш» мекемесинин башкы мүдүрү, доцент Оморбек Нарбеков менен ой бөлүштүк:

«Бала кезде Ажыбек, Чокубаш, Көкүмбек, Нарбек деген аксакалдардан уккан уламага караганда Сары-Үңкүр деген жердеги жийделүү токойдун ичинде узуну 5 метр, туурасы 2 метр, бийиктиги 1 жарым метрдей келген аска ташты көрсөтүшүп бул ташка Кудаке Олжобайды керип өлтүргөн» деп айтып калышчу. Эми ал жерде Сары-Үңкүр санаторийи курулган. Биздин максатыбыз ошол бабалар ысымына байланышкан тарыхый жайларды калыбына келтирип, Олжобай менен Кишимжан өлгөн жерге сүйүшкөндөрдүн эстелигин орнотсок деген демилге көтөргөнбүз» – дейт Оморбек Нарбеков.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Олжобай менен Кишимжан» | 8258 | 1’05 | Эркесары Бекбасаров |
| 2. | «Олжобай менен Кишимжан» | 3435 | 1’48 | Жакшыбай Жээнтаев |

# ГҮЛГААКЫ

Бүгүнкү күндүн комузчулары: Болуш Мадазим уулу, Асанбек Кыдырназар уулу, Өзбек Рысбек уулу, Асан Сейдалы уулу, Өмүрбек Алыбай уулу ж. б., санжырачы куйма кулактар Жапар Кенчи уулу, Эсен Балкыбек уулу, Омор Эркетан уулу, Карыбай Акмат уулу, Шыгай Бектур уулу ж.б. менен «Гүлгаакы» күү баяны тууралуу баарлашкан жайым бар. 1969-жылы жарык көргөн Урмамбетов Орозбай жаздырган «Гүлгаакы» аттуу дастан да бар. «Гүлгаакы» баянын тарыхый жактан тастыкташ үчүн Белек Солтоноев менен В. В. Бартольддун эмгектерине көз чаптырууга туура келет.

Санжырачылар Гулгаакыны Олоңбайыр аттуу калмак ханынын кызына кейиптештирсе, жогоруда аты аталган дастан китепте калмактын баатыр кызы Гүлгаакы менен кыргыздын кыраан жигити Гүлжигитти жети миң колго жеке кирип, кол салган көй кашка каармандар катарында сүрөттөгөн. Аспапчылар болсо, аса таяк колго алып, зикир чалган думана Шаамашуруптун Гүлгаакыга болгон арзуусун күүгө салышат.

«Гүлгаакы» күүсүн бүгүнкү күндүн комузчулары анча этибарга албай келаткаңы менен радионун «Алтын казынасындагы» орду алымсынаарлык. Элге кеңири тараган бул күүнү радиого: Шекербек Шеркулов, Барпы Сапеков, Алтымыш Мундузбаев, Курманалы Калботоев, Жали Алиев сыяктуу илгери муундун өкүлдөрү тапшырышкан. Белгилүү маалыматтарга жана оозеки айтымдарга таянсак, «Гүлгаакы» баяны XVII-XVIII кылымдардагы калмак баскынчылары үстөмдүк кылып турган мезгилге такалып, окуя Ысык-Көл, Кетмен-Төбө, Соң-Көл, Кочкор, Жумгал, Мерке тарапта өткөн сыяктанат. Кээ бири Гүлгаакыны Коңтаажы Батурдун кызы деп таанышса, дагы бирөөлөр калмак ханы Галдаң Цереңдин кызы Оңолбайырды – Гүлгаакы дешет жана Гүлжигитти Маамашуруп думананын кейипкери катары карашат. Санжырачы Жапар Кенчиев геологиялык чалгындоо учурунда Соң-Көлдүн

чыгыш-түштүк тарабындагы адам колунан жаралгансыган укмуштуу чоң дөбөлөрдү эл «Гүлгаакы менен Гүлжигиттин мүрзөсү» деп атаганын эскертет.

Үрманбет уулу Орозбай жаздырган «Гүлгаакы» дастанында:

Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө,
Гүлгаакынын мүрзөсү.
Ал экени аныктыр.
Түштүгүндө жыйырма,
Түндүгүндө жыйырма,
Дөбө болгон көп мүрзө,
Кырк кыздан калган тарыхтыр, –

деген ыр саптары санжырачынын айтканына толук үндөшүп турат:

Коңтаажы турак кылган жер,
Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа.
Көкала сакал болгончо,
Көргөн эмес бир бала.
Барбаган жери калбаган,
Бир баланын айынан,
Кыздуу болду акыры.
Кыргыздан алган зайыбынан. –

дечү оозеки саптар Гүлгаакы дарегин тарых сабактарынан сүрүштүрүүгө түртөт.

Белек Солтоноевдин тарыхый маалыматына караганда, Коңтаажы 1634-жылы хандыкка келип, 1653-жылы каза тапкан. Андан кийин тактыга баласы Сенге ээ болуп, ал 1671-жылы өлтүрүлгөн. Кийинки бийлик анын бир тууганы Галдаң Цереңге тийип, ал 1684-85-жылдары кыргыз, казактар менен катуу кагылышат. Кыргыздар жеңилип, Анжыян, Алайга сүрүлөт. Бирок, кыргыздар түп көтөрүлө кетпестен, бугу уруусунан Белектин тукумдары Ысык-Көлдө калмактар менен алака кылып кала берген. Буга далил, орус мамлекетинин ошол кездеги элчиси капитан Унковский калмак хандыгынын ордосу менен Ысык-Көлдүн, Түп, Жыргалаңына чейин келип, «бул аймактагы беш миң үйлүү кыргыздар үч миң аскер чыгарууга жарамдуу» экендигин кабарлаган. Гүлгаакы баяны мына, ушул доорго, б.а. 1745-1750-жылдарда калмактар бузула баштаган учурга таандык.

Калмактар Коңтажы Батурунан ажырап, өз ичинен кандык, бийлик талашуу тыткыны башталат. Коңтаажынын Ажаан деген уулу ойрот калмактары тарабынан өлтүрүлүп, бийлик Ажаандын карындашы Олоңдуга өтөт. Каршылашкан тарап ханышанын көзүн тазалоого ыкыс берип турган. Олоңду агасынын өчүн алыш үчүн тигилерге сөз жиберип: «сен тигини жоготсоң мен сага тиемин, хандык тактыны ээлейсиң», – деп, бирине-бирин кайраштырып, тукуруп, Ойроттун мыктыларын ойда бырчылдаштырып, кай бирин алдап чакыртып, өзү жайлайт. Ошондон «онсан жаткан калмакты Олоңбайыр кыз бузду» деген ылакап айтылып калган. Тарыхый булактарда жазылган калмактын ханы Галдан Церендин тушунда дооран сүргөн Олоңбайыр кыз комуз күүсүндөгү Гүлгаакыны, ага ашык болгон Гүлжигитти Шаамашуруп думанын кейипкери десек болот. Дастанда Олоңбайыр кызды кыргызга жээн катары таанып:

Кырка тартып конушкан,  
Кадимки кыргыз эл экен.  
Ата жөнүн уругун,  
Эр Катаган дээр экен.  
Катагандын кан Турсун,  
Ушул элге бек экен.  
Кайран сулуу Гүлгаакы,  
Кыргыз элге жээн экен.  
Турсундун кызы Канымжан  
Энелери бир тууган,  
Ушул экөө бөлө экен, –

сыңары Катагандын кан Турсун сыяктуу тарыхый инсан катары тааныса болот.

Бир мезгилде калмак тайшысы Галдан Церендин кан сарайында кыргыз бийлеринен ыйгарымдуу элчиликке шайланып, Шаамашаруп деген жигит кызмат өтөгөн. Чыгыш илимин жат билген араб жазмасында кагаз чийген, Улукман-аке табыпчылыгынан кабары бар, ислам менен бутпарастан дарс окуган, кыргыз комузун кынабына келтире чертип, ырды жамгырдай төккөн, ар өнөргө шайма шай ак сөөктөрдүн арасында аброю артык казак, кыргыз, калмак, ногойлор арасында Маамашаруп олуя атанган жигиттин сүйгөн кызы Гүлгаакы экен.

Галдан тайшынын 16 жашар Олоңбайыр аттуу кызына Шаамашуруп ашыктыгын билдирип, эчен курдай күйгөн ырларын

арнайт. Күйгөн ырларда Олоӊбайыр деген калмак атын атабай «Гүлүм» деп, какымдай жайнаган Гүлгаакым деп атайт:

Суудай таза кири жок,
Тунук сулуу, Гүлгаакым.
Канша болгон калмакка,
Улук сулуу Гүлгаакым.
Толуп турган кыраӊда,
Айдай сулуу Гүлгаакым,
Денеси жалын күйгөн от,
Жайдай сулуу, Гулгаакым.
Темгили жок бетинде,
Күндөй сулуу Гүлгаакым.
Жайда өскөн кызгалдак,
Гүлдөй сулуу Гүлгаакым, –

деген таризде кыргызча эркелетип ырдай берип, кыз атын Гүлгаакыга буруп ийген. Канткен менен, дини башка, дили бөлөк, карсылдаша чабыша кетчү калмак, кыргыз калкынын өкүлү Шаамашуруп Гүлжигиттин, не Олоӊбайыр – Гүлгаакынын ортосундагы сүйүүнүн опурталдуу жагы болгон. Дал ошондуктан:

Кайнаса каны кошулбас,
Кыргыз, калмак калкы бар.
Элге сиӊген эчактан,
Эки бөлөк салты бар.
Окшош жери булардын,
Өӊ-түспөлү бир экен.
Ошентсе да каршыккан,
Келишпеген дини бар.
Ойлоп көрчү Гүлжигит
Илгертен берки доо турат.
Дини башка жоо турат.
Ортобузда чынында
Түбү тереӊ коо турат.
Ушактар элге жетпейби.
Кыргызга башын сатты деп,
Кырылып калмак кетпейби? –

деп, Гүлжигитке түз жооп берүүдөн Гулгаакынын тайсалдай турган жөнү да бар эле.

Мусулмандын динине,
Кирер белең, Гүлгаакы.
Гүлжигиттей жар күтүп,
Жүрөр белең Гүлгаакы, –

деп, ачыктан ачык жар салып, хан кызына кол сунган карапайым кыргыз жигитинин жосунсуз жоругуна кыжынган Галдан тайшы, тентекти теске салууну ойлойт. Акыры ашыглыктын айынан акылдан айныган Гүлжигит ак уруп думанага айланган. Шаамашуруп думана ашыгын эңсей берет, көңүлдөшүн көрсөм деп көксөй берет. Көкүрөктө күйүтүн ырдан чыгарат. Көңүлдөгү туюмун күүдөн чыгарат.

Баса турган жолуңду,
Карап келем, Гүлгаакы.
Дартка даба болсоң деп,
Самап келем, Гүлгаакы.
Таяк менен өзүмдү,
Сабап келем Гүлгаакы.
Боз жибектей созулуп,
Бойго жеттиң Гүлгаакы.
Топ кыздарга кошулуп,
Тойго кеттиң, Гүлгаакы.
Топ ичинен тапсам деп,
Ойго кеттим, Гүлгаакы.
Короолу гүл ичинен,
Кол булгачы Гүлгаакы.
Кол булгабай тим коюп,
Кор кылбачы, Гүлгаакы.
Гүл тигейин алдыңа,
Конор белең, Гүлгаакы?
Гүлжигитке бир опа,
Болор белең, Гүлгаакы.
Ашыглыктан ырдасам,
Угар белең, Гүлгаакы.
Ак ордодон мен жакка,
Чыгар белең, Гүлгаакы.
Ай-жамалың сүйгүзүп,
Турар белең, Гүлгаакы?
Арзуу сезим кыйнаган,

Арманым бар, Гүлгаакы.
Кара жанды кайгыга,
Салганым бар, Гүлгаакы,
Кайып болуп жоголсом,
Кай жаным бар, Гүлгаакы...

О, шумдук! Ашыглык кесели кайран жигитти акылынан адаштырдыбы, бирде аса таяк колго алып ак уруп, думана кейпинде ай-талааны кезип кетсе, бирде элес-булас эсине келип, «Гүлгаакым менин кайдасың?» — деп, ак сарайды айланчыктап бакшы-бакырыкты сала берет:

Ай талаадан бул жакка,
Ашып келдим, Гүлгаакы.
Алтын сарай үйүңө,
Шашып келдим, Гүлгаакы.
Алдоху-ак, Алдоху-ак!
Сегиз сарай учманын,
Төрүндөсүң, Гүлгаакы.
Качан менин көзүмө,
Көрүнөсүң, Гүлгаакы?
Алдоху-ак, Алдоху-ак!
Элиң бөлөк, Гүлгаакы,
Энең бөлөк, Гүлгаакы,
Айлың бөлөк, Гүлгаакы,
Атаң бөлөк, Гүлгаакы.
Диниң бөлөк, Гүлгаакы,
Айтканымды бил, Гаакы,
Мусулманга кир, Гаакы,
Бысмылданы бил, Гаакы.
Атам менен энеме,
Алып кетем жүр, Гаакы!
Илайлохо илалло,
Мухамедара сурулло.
Алдоху-ак, Алдоху-ак!

Акылдан айныган Шаамашурупту калмак тайшы «ким көрдү» кылып, кутулууга даай албады, анткени, капталдан казактар, кыбыладан кыргыздар капылеттен качырчу кабыландай оңтойлуу учурду күтүп тургансыган кырдаал ойлондурууга аргасыз кылды. Галдан тайшы алдыртан амал калчап, анын эсебин да тапты: Шаамашуруп бечараны:

Маң-маң-маң-маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Төрт аягын тең баскан,
Чек дегенде «бук» деген
Тизесин жерге бүктөгөн.
Ай талаада жайылып,
Айдаган жакка жүрбөгөн, –

алабатаны аймап жеп, ак тикенди жалмап жеп, чогойно куурайды чогуусу менен, коко куурайды койбой сугунган, тескейдин отун тегиз жалмап, күңгөй бетине ыктаган, кырк күнү суусуз чыдап, кырк күндө барып жуушаган төрт түлүктүн басаанагы Ойсул-ата жаныбардын артына салды... Аса таяк шаркылдап, оозунан ак көбүгү чачырап, түн жаңырта чакырып, күн жаңырта бакырып, ойдон-кырга куюндап, кырдан-ойго тызылдап төө артында жортуп жүрдү Шаамашуруп думана:

Узун чыбык колго алып,
Уй айдадым, Гүлгаакы.
Уюң миңге жеткиче,
Жөө айдадым, Гүлгаакы.
Кыска чыбык колго алып,
Төө айдадым, Гүлгаакы.
Төөң миңге жеткиче,
Жөө айдадым, Гүлгаакы.
Алтыгана чогойно,
Араладым, Гүлгаакы.
Кыйгак тилип бутумду,
Жараладым, Гүлгаакы.
Тикен кирип бутума,
Согончогум кесилди.
Карай берип, Гүлгаакы,
Каректерим тешилди.
Этек-жеңим жешилип,
Чепкенимди жамадым.
Ээн жерден көрсөм деп,
Бир өзүңдү самадым.
Мусулмандын динине
Киресиңби, Гүлгаакы?
Маашуруптун зикирин,

Билесиңби, Гүлгаакы?
Илайлахо, илалло,
Мухамедра сурулло.
Алдоху-ак, Алдоху-ак!..

Түнү менен ак уруп, күнү менен ак уруп, Гүлгаакыдай сулууну күтүп жүрөт чакырып. Мангул өтүк чыдабай таманы такыр тешилип, тарпы калып бутунда, жылаң аяк, жылаң баш ак сарайды айланчыктап ашыгын издеп жүрөт, издеп жүрөт.

Бейиштеги Гүлгаакы,
Бери келчи чын, Каакы,
Жаннаттагы Гүлгаакы,
Жаныма келчи чын, Каакы.
Меникисиң, Гүлгаакы.
Жаратканга жалынам,
Дегинкисиң, Гүлгаакы
Бери келчи, Гүлгаакы,
Мени көрчү, Гүлгаакы.
Колуң берчи, Гүлгаакы!..
Илайлохо, илалло
Мухамедра сурулло.
Алдоху-ак, Алдоху-ак!..

Комузчу Өзбек Рысбек уулу: «Гүлгаакы» баянын мындайча улайт: «Гүлгаакыны издеген Шаамашуруп думана Талдыктын суусунан агат, ага болбойт. Ак сарай жакка бара берет, калмак тайшынын тынчын ала берет. Бейбаш балдар таш жаадырат, ага да карабайт. Гүлгаакыны издеп бара берет, калмактардын тынчын ала берет. Ажаан иттер тиш салып жолун торойт, андан да буйтап өтөт. Гүлгаакыны издеп бара берет, тайшынын тынчын ала берет. Капканы кайтарган кароолчулар кайта салат жолуна. Айланып өтүп алардан ашыгын издеп бара берет, атасынын тынчын ала берет...

Акыры арзыганы менен жолугушат, жай отуруп экөө акыл оолаштырат.

— Атам үч ай сапар кетти, айласын эми өзүң тап, — дейт Гүлгаакы.

— Атаң келерге жакын сага үч күн уктатчу дары ичирем. Эмчи-домчулардын эч бири ойгото албайт. Айласы куруганда атаң мени чакыртат. Калган иш менин колумда, — дейт думана Шаамашуруп.

Окуя экөө болжогондой уланат. Хандын кызы Гүлгаакынын дарт дабасына кол жеткен жердеги табыптар келип, эч ылаажы кыла албайт. Кезек думана Маашурупка жетет. Аса-мусасын шаркылдатып ак уруп, таягын көккө булгалап дуба келтирип, кирген буурадай күрпүлдөп зикир чалып, бирде керегеге жармашып түндүккө көтөрүлүп, түндүктөн коломтого түшүп, чарк көпөлөк айланып так секирип бийлеп, бирде комузун ала коюп күүлөп:

Көнөр болсоң Маашуруп,
Артына түш, Гүлгаакы.
Адам ата, Обо эне,
Мусулмандай чоң диндин,
Салтына түш, Гүлгаакы.
Илайлохо, иллало,
Келме келтир, Гүлгаакы.
Ирегеңден төрдөгү,
Жерге келтир, Гүлгаакы.
Атаң менен энеңди,
Сөзгө келтир, Гүлгаакы.
«Илайлохо иллалло»
Келме келтир, Гүлгаакы
Сары изине чөп салып,
Зарлап жүрөм, Гүлгаакы.
Сага деген сүйүүмдү,
Арнап жүрөм, Гүлгаакы.
Аса таяк колума,
Кармап жүрөм, Гүлгаакы.
Илайлоха, иллалла
Мухамедра, сурулло,
Алдоху-ак, Алдоху-ак!
Зикир чалган өзүмдү,
Көрөсүңбү, Гүлгаакым.
Зыяратка турууга,
Көнөсүңбү, Гүлгаакым.
Думанага дилиңди,
Бересиңби, Гүлгаакым.
А дүйнөдө жаннат бар,
Билесиңби, Гүлгаакым.
Ачкы сулуу көзүңдү,
Абайлачы сөзүмдү,

Алла таала жар берсе,
Анык билчи өзүмдү.
Илайлоха, иллалла
Мухамедра, сурулло,
Алдоху-ак, Алдоху-ак!..

Бир кезде Гулгаакы ойгонуп, көзүн ачат. Карап турган көпчүлүк Маашуруптун олуялыгына чындап ишенишет. Коңтаажы думана Маашурупка көп дүйнө, алтын, күмүш теңге тартуу кылат. Думана эч нерсе албайт, аларга көз кырын да салбайт. «Алла Таалам о дүйнө да, бу дүйнө да мага Гүлгаакыны буюрган. Азирети Алла Тааланын ыйыктыгын сыйласаңар мага Гүлгаакыны кыйгыла» – дейт. Коңтаажы Маашуруп олуянын сунушуна айласыз макул болуп, кызы Гүлгаакыга ыраазылыгын берген экен»...

Бир даары комузчулар эки жашты коштуруп, Гүлгаакынын боюна бүтүрүп, Шаамашуруп думананын тукумун улантышса, бирөөлөрү бузукулар колдуу өмүрлөрү кыйылганын, ашыктардын азап-муңун айтып чертишет. Шаамашуруп олуянын сыйкырдуу күчү жөнүндө улама аңыздын учугун чубагандар аз эмес: жылаң аяк, жылаң баш төө кайтарган байкушка Жаратkандын боору ачып, Көтмалды, Кочкор, Жумгалдын карын айдап, жерди кара таштаганы жөнүндөгү; Шаамашуруп дуба менен катырган Меркедеги «Кочкор кара таш» жөнүндөгү аңыз кептерди санжырачы Эсен Балкыбек уулунан укканым бар.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Куунун аталышы | Фонд номери | Куунун убактысы | Кууну жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Гүлгаакы» | 5771 | 511 | Шекербек Шеркулов |
| 2. | «Гүлгаакы» | 3283 | 132 | Жали Алиев |
| 3. | «Гүлгаакы» | 3456 | 236 | Курманалы Калботоев |
| 4. | «Гүлгаакы» | 8028 | 132 | Барпы Сапеков |
| 5. | «Гүлгаакы» | 9771 | 340 | Асан Сейдалиев |
| 6. | «Гүлгаакы» | 3809 | 107 | Н. Асанов |

# ШЫРДАКБЕКТИН БОЗ ЖОРГО

«Шырдакбектин Боз жорго» Ыбырай, Атай, Эркесары, Асылбек, Асаналы Кыштообаев сыяктуу залкар комузчулар баштаган жыйырмага жакын комузчулардын аткаруусунда радио тасмасына алынган. Кезегинде Мураталы аксакал да музыковед Виноградовго «Шырдакбек» күүсүн чертип берген экен. Ак жерден торго чалынып, ак падыша түрмөсүндө тозок кечип жүргөндө карагайдан сомдоп чабылган комузу менен Токтогул «Боз жоргону» айдатып, туткундардын көңүлүн көтөргөн.

«Шырдакбек» баяны «Жаңыл Мырза» окуясына сабакташ нечен айтуучулардын чыгармачылык элегинен өтүп келип, санжыра, дастан, поэма түрүндө биздин күндөргө жеткен. Даректерге кайрылсак, XIX кылымдын ойчул акындары Арстанбек, Солтобайлардан уланып, XX кылымдын босогосун аттаган. «Шырдакбек» баянын поэмага иштеп чыгып, алгачкылардан болуп басмага тапшырган Тоголок Молдо. Кайра куруу мезгилинин шарапатында «Мурастык» жыйнактарда «Шырдакбек» жөнүндөгү санжыра-баяндар жана маалыматтар байма-бай жарыяланууда. Бул элдик оозеки чыгарманын өзөгүндө «Шырдакбектин коргону», «Шырдакбектин айымы», «Шырдакбектин жоргосу» аттуу аңгеме-икаялар бир мазмунга кыналып, композициялык бир бүтүндүктү шарттап турат. Буларга айрым-айрым токтолуу зарыл.

## Шырдакбектин коргону

Нарын шаарынан күн батышка сапар алган жолоочу Куланак кыштагынан Акталаанын алкымына таяна берген жерде бозоруп нугу калган, бүлбүлдөп изи калган байыркы эстеликтин ордун көрүп, көңүл бурбай койбос. Жол таманынан анча алыстабай карыя бизге эски арык нугун элестеткен чарчы аянтка кол серепчилеп:

— Тээтиги «Шырдакбектин коргону» — деп көрсөтө берди да, — ээ бурадарлар, кезегинде найза бойлогус, араба эниндей

дубалдар менен курчалган, айландыра аң казып, суу толтурулган залкар курулуштун түп орду ушул. Карыя түштүк тарапка бурулуп, тоо этегиндеги коктуга серептешип: «Коргонго суу түтүктү ушул тараптан алып келген — деп, мезгилинде дубал ичиндеги азан-казан түшкөн турмуш күүсүн укканын ирети менен чубай берди... Мына ошол эл эсинде бекем сакталып келаткан бир кездеги «Шырдакбектин коргону» Тоголок Молдо мындайча сүрөттөгөн:

Бир жылда ишим бүтөт деп,
Казынам буга түтөт деп,
Усталарым, аябай,
Кызматыңды күчөт деп.
Кан Шырдак коргон курдурду,
Күлбагын калың урдурду.
Күлбагын бекем чеп кылды,
Күн жүрүш жакка каратып,
Дарбазасын бек кылды.
Күлбагын бийик тоо кылды,
Айланасын чарбактын,
Аркан бою коо кылды.
Арыкка тизип карапа,
Агызып сууну ноо кылды,
Жетиктигин билгизди,
Жер алдына көмдүрүп,
Ноо менен суу жүргүздү.

Шырдакбек эрезеге жетип, бактысына кайыптан туулган Боз жорго тулпар туш болуп, Асыл Сейит Бегимдин ордун жоктотпой олутуна конуп, ал кезде Шырдакка теңелер пенде жок болуп, калмактын мыктыларын Анжыяндан айдап, Калдан деген тентек төрөнү кышында көчүрүп:

Ош, Анжиян, Маргалаң,
Ордосу, Кокон, Наманган.
Аягы Кожент, чоң Ташкенди

сурап, Жети шаар Ферганааны жеке билип турду. Бу кезде калмактын ханы Чагай алты шаар Кашкарды бийлеп, Коңтаажы Чүй менен Кеминден орун алып, Ысык-Көл, Талас, Илеге чейин хандык кылып сурагын жүргүзүп турган. Шырдакбек мына ушул кыргыз жерлерин калмактардан бошотсом деп,

Устадан тандап миңди алып,
Урумдан тандап бирди алып,
Кесиптен тандап миңди алып,
Келтирип ылгап бирди алып,

көч баштап келип, Көк-Артты ашып, Чолок-Кайыңдын чатына жүк түшүрүп, айтылуу чебин курдурган экен. XVI-XVII кылымдын бул эстелигин изилдеген окумуштуулар А. Н. Бернштам, П. Н. Кожемяко чептин узун-туурасы 117-120 метр бийиктиги 6 метр экендигин далилдеп жазышкан.

Байыркынын залкар эстелиги бүгүн алгачкы турпатын жоготкон, орду түбүн сыйпалап турган чагыбыз. Тарых барагына тамга салган бул имараттын ичи-сыртында болуп өткөн турмуш таржымалы толугу менен биздин күнгө жетпеди. «Көбү жалган, көбү чын» божомол баяндарда укмушка толгон улама кепте, эл оозу электен өтүп, бизге жеткендери деле коргон жайын аки-чүкүсүнө чейин чагылдырууда чамасы чак, азыркысы божомол, арткысы туңгуюк. Ошондой болсо да, Шырдакбектин кабары, Эрке-айымдын жоругу жомоктолуп, Боз жоргонун жер дүңгүрөткөн дабышы үч кыл комузда жаңырык салат.

Шырдакбектин коргону, Курманбектин кош-аңы, Алымбектин мечити, Кырк чоронун бейити, Кошойдун коргону, Табылдынын тамга Тайшы, Кожожаштын аска ташы өйдө көч-ылдый көч замандарда жок болуп кетпей, колго илинип калганына тобо. Тилекке каршы, отурукташкан кылымдын кырында деле аманат-эстелик мурастарыбызга атуулдук мамиле кылбай, мазарларды малга тебелетип, көрүстөндөрдү айдоого бастырып, эстеликтерди этибарга албадык.

## Шырдакбек баяны

Тоголок Молдо Шырдакбекти калмак чапкындары мезгилиндеги баатырлардын сабында, айтылуу Жаңыл Мырзанын замандашы жана ал окуяга катыштыгы бар адамдардын бири деп билип, Анжыян, Арканы башкарган кыпчак уруусунун хандары Эшимкандын тукумунан таратат: Эшимкандан – Тейитбек, андан – Курманбек, андан – Сейитбек, Сейитбектен – Шырдакбек[29].

29 Тоголок Молдо. I. – Ф., 1970, 247-бет.

Кытайлык санжырачы Үсөйүн ажы: «XVII кылымдын акырында жашаган кыпчак элин башкаруучу хан Шырдак алгач Анжыяндын Пайтак деген жеринде, кийинчерээк Нарындын Курткасында жашаган. Жаңыл Мырзаны Шырдакбектин масылааты менен колго түшүргөндөн кийин Шинжанга ооп, Жаркенге аким болуп, андан Ак-Тоо ооданына сепил курдуруп, ошерде жашап турган. Ал өмүрүнчө калмактар менен кармашып, чыккынчы катынын кастыгы себептүү каза болгон. Кан Шырдактын урпагы Аким Шерип Таш-Коргон көңтөрүшүнө башчылык кылган»[30].

Кайсы бир санжырачылардын айтымында Шырдакбек өмүрүнүн акырында Акталаа районундагы ордо-сарайында жашап, сөөгү ошол жерге коюлган. Шырдакбектен калган Каражан, Сарыжан деген балдардан тарагандар «тогуз урук кыпчактар» аталып, алар күнү бүгүн Баткен чөлкөмүндө жашап турушат.

Көптөгөн санжыра билермандары Курманбек, эр Табылды сыяктуу найза сайган баатырлардын сабында эмес, Шырдакбекти кадыресе калк башкаруучулардын катарына койгондору да бар. Ал эми Тоголок Молдо болсо, баатырдык эпостордун каармандары жөрөлгөсүндө Шырдакбектин төрөлүшүн энеси жолборстун жүрөгүн жеп талгагын кандырган окуяга байланыштырат.

## Шырдакбектин боз жорго

Түрк-монгол эли баатырдан күлүк атты ажыратып караган эмес. Кыргыздар көчмөн турмушунда төрт түлүк малга, айрыкча, Камбар ата тукумуна көбүрөөк ыңгайлашып, туш тарабынан ыкыс берген душмандар менен ат жалында уруш жүргүзгөн. Азамат эрлер алты ай минсе арыбас, кууса куткарбас, качса жеткирбес күлүк аттарды тандап, андай аттарды мингенде өздөрүн ишенимдүү сезип, жеңишке жетишкен. Камбар-ата жаныбардын каруу-күчүнө, сын-турпатына, чуркашына жараша «аргымак», «күлүк», «буудан», «дулдул», «жорго», «тулпар» деп, нечен түрлөргө бөлүшкөн. Ошого жараша баатырлар минген аттардын да эпикалык мүнөздөмөлөрү айтылып келген.

Жылкы жаныбардын асылы «жорго» деп аталат. Жүрүшү жумшак, басыгы тынч, арышы ыкчам. Жоргонун да толгон-токой түрлөрү бар, жол жорго, кой жорго, чапма жорго, чыгаан жорго... Жол жоргону көч башында каркыра сайынган зайыптар, каз

30 Кыргыздар. II-т. 1993. 112-113-беттер.

элечек келиндер, кара көз секелек кыздар минишкен. Кой жоргону чайпалтып, ак сакалы жайкалган карыялар минип бастырышкан. Чапма жоргону үртүктөп жабуу жаап, ат чабышта жаш балдарга мингизишкен. Чыгаан жорголор баатырларга гана жарашкан.

Шырдакбектин Боз жорго жомогу өзүнчө узак икая. Энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болуп, жышаан менен төрөлгөн Шырдакбек 15 жашка келгенде түш көрүп, аксакалы жайкалган карыядан Боз жорго жайын угат. Угат да, апыл-тапыл аттанып, издеп жөнөйт. Кайнаган ысык чөлдү басып, кара кудукту таап, андан ары көгөргөн көлдөн суу ичип жаткан Боз бээнин кулунун кармап барып, бул сырды эч кимге айтпай:

Асыл жабуу жаптырып,
Азем менен бактырып,
Мойнуна тумар тактырып,
Болжолсуз жакшы бактырып.
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Үйрүлүп жакшы бактырып,

асыйында минип чыгат. Башка күлүк-тулпарлардай Боз жоргонун да өзүнө жараша сыны бар:

Өркөчү бийик, зээри пас,
Өөдөгө чапса чарчабас,
Аркасы бийик, зээри пас,
Адырга салса чарчабас.
Жалы тайкы, чара баш,
Мындай жылкы жаралбас.
Кулагы типтик куйгандай,
Куюндан бүтүп туулгандай.
Кашка тиши каккандай,
Кызыл тили бүлөдөй.
Күмүш куйрук сом туяк,
Аккула жалгыз болбосо
Айбанда болбойт бул сыяк.

Кара күчкө толуп, кармашары жок болуп, кан Шырдакбек аталып, алты шаар Кашкарды, Анжыян менен Коконду бирдей башкарып, азанда ордодон чыкса, аш бышкыча Анжыянга келип, кара шашкеде Кашкардан аттанса, чак түштө Коконго жетип, таңында коргондон чыкса, таамай бешимде Ташкенде

болуп, Лобдун суусун бойлоп, алты шаарды ойлоп, Боз жоргону салдырып, кумарын артык кандырып, сурагын сурап турган дейт:

Бектер келип сураган,
Сураганга бербеген.
Кандар келип сураган,
Сураганга бербеген,
Шырдакбектин Боз жорго

жайын 1991-жылкы Шалба айылындагы санжырачылардын конкурсунун жеңүүчүсү Абдышарип Тургунбаев мындайча сүрөттөйт: «Базар-Коргон аймагында «Шырдакбектин коргон чеби», «Шырдакбектин арыгы», «Шырдакбектин жайлоосу» деген жерлер бар. Шырдакбек ошол аймакты жердеген «бээ байлабастын беш уулу» деген уруудан чыккан. Илгери беш уулдун атасы өлүп, энеси Шайдабү Арсланбаб өрөөнүндөгү «Айгыр көл», «Тулпар көл» деген жерди жайлап турат. Күндөрдүн биринде Шайдабү-эне саан бээлерди тосуп келүү үчүн көл жээгине барат. Үрүл-бараң таң шооласы чачырап келатканда көл шарпылдап калат. Караса, окто, чыкта, желенин казыгын тиштеген Боз айгыр четте турган боз бээге алектенип жатканда, оозуна тиштегендери түшүп кетет. Шайдабү-эне этегине ороой, бокчосунаката салып, боз бээни кармап, эч кимге билгизбей коргонго бекитип, багат. Жыл маалында өзү көзөмөлгө алып, бээни туудурат. Кулунду төрт аягы менен түшүрүп, жамбашын жер жыттатпай телчиккенче кармап турат. Алты ай дегенде көмүскөдө багылган кулунду коргондон сыртка алып чыгат. Ошондо абышкасы түшүнө кирип: «Тулпар туулган Боз жорго Шырдакка ылайык. Тайында алпарып тартуу кыл» – дейт. Шайдабү-эне абышкасы айткандай Боз жоргону Шырдакбекке жетелетет. Боз жорго туулган жайлоо кийин «Айгыр көл» аталып калган. Шырдакбек өсүп-өнгөн жер да күнү бүгүн анын ысмында».

Өзгөчө күлүк же күчтүү жылкыларды байыркылар «асмандын жылкысы» же «Теңирдин жылкысы» деп аташкан. Кыргыздар андай жылкылардын тукумдарын кудурети күчтүү кубулуштарга байланыштыра карашкан. Адам каттагыс тоолордо, үңкүрлөрдө, көлдөрдө, булак сууларда жашаган жапайы айгырлар менен колдо багылган бээлердин аргындашуусунан Боз жорго сыяктуу күлүктөрдүн туулушу араб даректеринде, Махмут Кашкарлыктын сөздүгүндө учурайт.

«Кан аралаш ак көбүк омуроого чачылып», «алты ай минсе арыбас» тулпарлар жайында айтылган аңыздар да аз эмес. Андай аңыздар чындыктан алынган. Күлүктөр катуу чуркап чарчаганда күрөө тамыры жарылып, андан кан аралаш тер бөлүнүп чыгат да ташкындаган кан басымы төмөндөп, өзүн жеңил сезип, күчүнө күч кошулуп, талыбай чуркай тургандыгы илимде аныкталган. Ошол арыбай чуркоого жарамдуу теке жоомарт телтору аттардын кийинки тукуму Ахалтеке күлүктөрү — кыргыз жылкылары. Анткени, кыргыз жери — күндүк жерге ноюбас күлүктөрдүн жери, кыргыз жери — үч жыл ыргак күүнүн жери.

## Шырдакбектин Эркайым

Шырдакбектин кайраты, жоосуна кылган айбаты калмак баскынчыларына жакпай алдыртан тыңчыларын жиберип аңдытып, сырын тарта беришти. Ай десе арктуу, Күн десе көрктүү, аркар моюн, турна бел, ажары артык, бирок, эр кадырын элес албай өскөн эрке талтаң эрке айым эң алды менен тыңчылардын көңүлүн бурду. Бул кабар тез эле калмактардын тайшысы Чагай баатырга жетти. Чагай тайшы Эрке айымга «махабат» саламын жолдоп, калмак-кыргызга ханыша кыларын билдирди. Калмактар кан Шырдактын шаарын камап, капкада жата бергенден тажаган Эрке айым Тайшынын талабына макулдугун билдирди. Калмак канына көңүлү түшүп, көөнү бузулуп, арзуусу күчөп, алай-дүлөй түшкөн сулуу качуунун амалын да ойлоп тапты. Адатынча эрине эркелей берип: «айтканымды эки дебедиң, адашсам чеки дебедин, айкөлүм. Канча мезгил калмактардын камоосунда жатабыз. Жайдары мүнөзүм жабыгып, эркелеп ээн өскөн жарың эригип турат, кыларга иш жок зеригип турат. Боз жоргоңду берчи минейин, боюмду жазып, көңүлдү ачып, болукшуп бир аз күлөйүн» — дейт. «Ээликпечи катын» деп айталбай, Эрке айымынын сөзүн кайтарбай, ары карап жүрөгү сыздап, бери карап күлгөн болуп, Боз жоргону аялдын астына туура тартты энөө Шырдак.

Катын жоргону салдырып, таманын кызытып, кабатталган капкадан каргытып өтүп, нарыда аңдып турган Шикир кулга жетип заркыраткан боюнча Ат-Башыны тейлеген Амурсан төрөгө карай бет алды. Ошондо жол тоскон тосотчуларга, кабакта жаткан кайгуулчуларга кайрылат. Кайгуулчулар сурайт:

Кулагында сыргасы,
Көзүндөгү сурмасы.
Караган жанды талдырган,
Кайсы бектин айымы?

Шикир кул жооп берет:

Кызыл тоонун эңилчек,
Кызыл тору келинчек.
Караган жанды талдырган,
Кан Шырдактын айымы.
Эрки менен өстүргөн.
Эркелеткен зайыбы.
Билезелүү Шырдакка,
Билинип калды майыбы.

Кайгуулчу:

Үртүк салса жарашкан,
Үнүлүп элдер карашкан.
Жабуу салса жарашкан,
Жабыла элдер карашкан,
Кайсы бектин жоргосу? – десе,

Шикир кул:

Жабдык салса жарашкан,
Жабылып элдер карашкан.
Жаныбар ай Боз жорго,
Бул – кан Шырдактын жоргосу.

Кароолчулар:

Капкалуу сарай дарбаза,
Кайсы хандын ордосу?

Шикир кул:

Алтын капка дарбаза,
Айтылуу Шырдак ордосу.
Капкалуу сарай дарбаза,
Кан Шырдактын коргону,

Кароолчулар:

Кылтылдаган келинчек,
Мындан кийин талаада,

Жоргосун катуу салбасын.
Кубанып жүрүп жорgого.
Куйругу жооруп калбасын?..

Тамашага Эрке айым ачууланып:

Таанiбасаң, Шикир кул!
Мен кан Шырдактын айымы.
Сен билбесең, Шикир кул,
Боз жорго деген мал ушул –

деп, жоргону сооруга бир салып, жүрүп кетет. Чагай тайшыга келип:

– Кан Шырдак оңой жоо эмес. Атышсаң огуң түтпөс, күрөшсөң күчүң жетпес. Сенин алар амалың бирөө гана – жер алдынан тарттырган сууну бүтөтүп ташта. Таңдайы катып чаңкаган мал-жандар аптага чыдабай аңдышкан жооң ак желегин көтөрүп алдыңа өзү келбейби, – дейт. Эрке айымдын көрсөтүүсү менен калмактар суу башына келип, түтүктү бүтөп салышты. Ордонун ичи суудан калды кургап, ордонун сыртын душмандар жатты курчап. Таңдай катып, тамагы кургап, алдан тайыган адамдар ыйлап буркурап, айбандар кайышып, азан-казан түшүп чуркурап, айла кетип, аргасы түгөнгөн кезде Эрке айым эскерткендей, капканын оозун ачтырып, ак желекти булгалап калмактардын алдына кол куушуруп, кан Шырдак башында калың кыргыз чыга келди.

Кырк биринчи катын болуп Эрке айым Чагайга тийди. Ээн-эркин эрине эркелеп көнгөн айым 41 күн кезек күтүп, Чагайга чанда жолугуп чыдамы кете баштады. Акыры кандан-бектен кайра тартпас кашкөй айымдын ызаасы сыртына чыгып чарт жарылды. Чагай баатырга: «Аял затынын арзуу сезимин аңдайт деп, ашыглык убаданы танбайт деп, алдыңа келдим эле тайшы калмак! Аны биле албай кан Шырдакты эстеттиң жайчы калмак! Жамбашым талып кетпесин деп, апта сайын аппак мамык төшөк жаңыртчу кан Шырдак, тамакты таанып кетет деп чачма күрүч палоого кырк кара койду сойдуруп, шыймылчак чучугун алдырчу кан Шырдак. Алмончоктой ардактап, ар дайым айланчыктап, жарпымды жазып жанымда болчу кан Шырдак. Кааласаң, калмак тайшы, кан Шырдактай асырап бак, каалабасаң ачыгыңды айт, кан Шырдагыма кайтамын!» – дейт. Кайра тартпас кара жол келиндин чагылгандын огундай таамай сөзү калмак канынын жүрөгүн болк эттирди. Эркектерге үлгү болсун, бектерге белги

болсун, төрөлөргө төлгө болсун деп, калмак кыргызды чогултуп, «эрине чыккынчылык кылган» деген айыпты коюп, эрсиреген Эрке айымдын көзүн тазаламай болду.

Эки айгырдын мойнуна эки бутун байлап, Эрке айым бечаранын чатын айрып өлтүрттү. Ошондон кийин элде мындай деген сөз калган: «Катынды эрке санаган кан Шырдак, сенден кезесин, үйүнө балалуу жолборс бактырган, Тооке хан, сенден кезесин». Бул ырайымсыз оор жаза Эрке айымга эри Шырдакбектин макулдугусуз ишке ашырылды. Калмак баскынчылары саясий күрөштө «Эрке айымдын ээн баштык жоругунан» эң сонун пайдаланышты: биринчиден, гаремдерде буулуккан аялдардын эркиндик эңсөөсүн басып, жүрөк үшүн алып коюудагы табылгыс шылтоо болуп кызмат өтөсө, экинчиден, «чыккынчыны» кыргыздардын атынан соттоо менен кан Шырдактай баш бербес баатырлардын мойнуна илинген күнкорлуктун көрүнбөс кылтагы болду.

Кыргыз элинин тарыхындагы эң катаал мезгилдердин бири – калмак доору. Бул доорду изилдеп, тарыхый аныктама берүү үчүн фольклордук чыгармаларды кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес, тескерисинче, эпостор, аңыз, афсана, санжыра, кыргыз-калмак мамилелерин тарыхый жактан иликтөөнүн негизги булагы.

«Курманбек», «Эр Табылды», «Сейтек», «Шырдакбек» эпостору калмак доорунун көркөм-эпикалык чагылдырылышы. Калмак доорундагы тарыхый окуяларды чагылдырган эпостордун бири «Шырдакбектин» жаралышына кыргыз элинин калмак хандарынын баскынчылыгына каршы жүргүзгөн адилет күрөшү негиз болгон. Башкача айтканда, бул чыгармада кыргыз элинен чыккан айрым хандардын эли-жерин коргоо, калмактардын кысымы аркасында түзүлгөн катаал кырдаалда кыргыз урууларынын башын бириктирүү үчүн жасаган аракеттери эпикалык мүнөздө чагылдырылат.

Баскынчыларга каршы күрөштө бытырап, уруу-урукка бөлүнгөн элдин башын бириктирип, алардын аракеттерин жетектеген элдик идеал – акылман Шырдакбектин образы аркылуу берилген. Бардык маалыматтарда Шырдакбек калмак доорунда жашаган тарыхый инсан катары айтылат. Калмак доору XVI-XVIII кылымдарды камтыйт.

Каптап калмак киргенде,
Токтоно албай кыргыздар
Дүнүйөнү чачыптыр.
Кысар менен Көлөпкө,
Көтөрүлө качыптыр.
Бир жылкыдан башкасын,
Таштап качат малдарын,
Ала качат жандарын.
Матоосу менен төө калат,
Короосу менен кой калат,
Желеси менен уй калат,
Тигилүү бойдон үй калат.

Бул саптар ошол доордо киндик каны тамган Ата конушун ырайымсыз душмандын катуу кысымы астында аргасыздан таштап, жүздөгөн чакырым аралыкты жөө-жалаң басып, азыркы Тажикстанга караштуу Гиссар жана Куляб областынын аймагына ооп барган кыргыздардын тарыхынан кабар берет.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 9098 | 3'21 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 8175 | 1'23 | Эркесары Бекбасаров |
| 3. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 3292 | 1'20 | Жали Алиев |
| 4. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 9631 | 3'26 | Асаналы Кыштообаев |
| 5. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 3996 | 1'21 | Муса Молдоканов |
| 6. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 547 | 2'20 | Асылбек Эшманбетов |
| 7. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 9861 | 4'32 | Кулбай Түмөнбаев |
| 8. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 3422 | 2'16 | Даатка Шаакеев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 9. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 4003 | 1’40 | Бермет Ашымбекова |
| 10. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 9580 | 1’44 | Кочкорбаев |
| 11. | «Шырдакбектин Боз жорго» | 10181 | 2’38 | Руслан Жумабаев |

# АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМЫРЗА

Ырга айланып андан поэма-дастан таризде айтылып, аспаптык чыгармаларда күү болуп чертилип, эл аралап келет. Айрыкча, акын Барпынын чыгармачылыгында бул дастан бүткүл табияты менен ачылган, Барпы үчүн бул поэма көкүрөк баласындай көргөн дастан. Өмүр бою оозунан түшүрбөй Жалал-Абад, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Баткен, Лейлек, Анжиян, Кожент, Ташкент, Самаркан, Памир, Алай жерлерин кыдырып ырдап өткөн. Аксаткынга элибиздин дагы бир алп акыны Тоголок Молдо да кайрылган. Эки алптын чыгармачылык өнөрканасында ийине жеткире иштелип бышкан бул чыгарма – махабаттын гимнине, сүйүү жөнүндөгү дастандардын бийиктигине көтөрүлгөн. 1930-1940-жылдары жазгыч акындардан «Аксаткын» уламышын Алыкул Осмонов профессионалдык негизде иштеп чыккан. Тилчи-окумуштуу Жээнбай Мукамбай уулу Памир, Алай, Каратегин кыргыздарынан «Аксаткындын» бир нече вариантын жазып алып, «Эл ичи – өнөр кенчи» аттуу китебине жарыялаган. Филология илиминин кандидаты Кадыркул Даут уулу жазат: «Аксаткын менен Кулмырза окуясы» Акмөөрдөн мурда жаралганын боолголоп табуу деле кыйын эмес. Көп болсо, жүз элүү жылдын нары-берисиндеги окуя».

Эл оозунда ырдалып жүргөн «Аксаткын» дастанынан үзүндүнү белгилүү тюрколог В. В. Радлов мындан 120 жыл мурун «Түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген эмгегинин 5-томуна киргизген. Бул фактыны күбө кармасак, жазгыч акыныбыз Тоголок Молдонун «Аксаткын» окуясын 19 жашында (1879-жылы) 70ке барып калган Калыбек деген карыядан уккандыгы жөнүндө эскерген. Бул арманда кеткен ашыктар дареги 1860-1870-жылдары эле узун элдин учун, кыска эддин кыйрын аралап, чыгармачыл адамдардын өнөрканасынан өтүп, ыр-күүгө, дастанга айланып, элдик оозеки чыгармалардын жогорку деңгээлине жетип калган.

Тоголок Молдонун вариантында да Кулмырза кутчу уруусундагы Кубаттын уулу, Аксаткын мундуз уруусунан Обонбай дегендин кызы. «Аксаткын менен Мырза уул» дастанына боордош «Кубаттын уулу Кулмырза» деп чертилген күүлөрү да бар. Кыргыз радиосуна комузчу Кудаяр Матай уулу «Аксаткын менен Мырза уул» аталган күүнү тапшырган. Фольклор изилдеген окумуштуу Буудайбек Сабыр уулу да ноокаттык кыякчы Жамалдинден «Кубаттын уулу Кулмырза» баянын жазып алган. «Аксаткын Ноокат жергесинен, Мырза уул Алайдан. Мырза уулдун өз аты Кулмырза. Жеңелери тергеп «Мырза жигит» деп жүрүп, Мырза уул болуп калган. Аксаткын Көк-Белде чоңоёт. Аксаткындын атасы Улуу-Чатка көчүп барып, кыз Кулмырза менен таанышып, бирин-бири сүйүп калышат...»[31]

Дастанда болсун, мейли күүдө чертилеби бир өзөккө ширелген окуя ар башка атоолордо: «Аксаткын менен Мырза уул» же «Кубаттын уулу Кулмырза» – делип жашап келген. Жогоруда кыякчы маалымдагандай, Мырза уул – Кулмырзанын эле өзгөргөн түрү. Же азан чакырып коюлган мыйзамдуу Кулмырза ысымы жеңелеринин тергөөсүнөн улам Мырза уул деген сыпаагер ысымга өткөн.

Кулмырзанын атасы санжырадагы Бүргө баатырдын замандашы кадимки Кубат бийби деген суроо туулат. Бүргө баатырдын эрдиги тууралуу, кызы Акшербеттин кошогу тууралуу улама арбын. Кубат бий кушчу уруусун башкарган. Кыргыз урууларынын эркиндиги үчүн Жунгар, Кокон баскынчыларына каршы катуу каршылык көрсөтүп турган. Аны таланттуу дипломат, саясий ишмер деп айтууга болот. Кубат бий өзүнүн эр жүрөктүүлүгү, оор басырыктуулугу, ак ниеттүүлүгү, боорукердиги, ак көңүлдүгү менен уруулаштарынын арасында кадыр-барктуу болгон.[32]

Кадыркул Даутовдун ой толгоосу бул маалыматтарда айтылгандарга төп келет. «Барпы эч жерде Аксаткындын да, Кулмурзанын да ата-энелерин «бай», «байбиче» деп үн катпайт. Бирок чыгарманын жалпы мазмуну эки жак тең «тектүү», «нарктуу» жерден чыккан жогорку чөйрөнүн өкүлдөрү экенин, алардын тутунган жорук-жосундарын, адамга жасаган мамилелерин, отурган үйүнөн аш-аягына чейин, минген атынан кийген кийимине чейин таш күзгүгө салгандай так айтып,

27 Б. Сабырбек уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980, 147-148-беттер.
28 Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Б., 1993, 106-бет.

көрсөтүп турат». 1762-1764-жылдардагы Эрдене бийдин Ош кыргыздарына жасаган кысымында Кубат бий чечүүчү роль ойногондугуна тарых күбө. Кубат бий жашаган мезгил Кокон хандыгы түзүлгөндөн (1709-ж.) кийинки хан мураскорлорунун бийлик талашуу эрегиштери күч алып турган, көчмөн жана отурукташкан уруулардын ыркы кете баштаган XVIII кылымдын орто мезгилине болжосок туура келет. Дастанда, комуз күүлөрүндө жашап келаткан «Аксаткын менен Мырза уул» же «Кубаттын уулу Кулмырза» чыгармаларынын каармандары, Аксаткын, Кубат бий, Кулмырза 1700-1785-жылдарда жашап өткөн, XVIII кылымдын инсандары десек болот.

«Аксаткын менен Кулмырза» дастанындагы окуя эки жаштын лаззатынын тартылуу күчүндө өнүгүп отурат да, таттуу махабат ачуу трагедия менен аяктайт. Элде айтылгандай «сүйүү өлүмдөн күчтүү» деген накылдын далилине айланат. Жашоодогу турмуш чындыгы Барпы акында таамай сүрөттөлгөн. Анда Ыйманалы кызы Аксаткын Ноокат жергесиндеги кыпчак уруусунан. Кубаттын уулу Кулмырза Алайда туулат, атасы найман, энеси кыпчак. Кулмырза Аксаткынга жээн. Аксаткын бой жетет. Кулмырза менен таанышып, бирин-бири сүйүп калышат. Күндөрдүн биринде Кулмырза Аксаткынга келип, түнүндө бирге жатышат:

Айдыңга малы көп жайган, досум,
Атаң бир задиң бек найман, досум.
Чакмагың болот кош бычак, досум,
Эне бир задиң сарт-кыпчак, досум.
Саймалуу калпак, сары шым, досум,
Саякта барбы таанышың, досум.
Булгаары токум буурул ат, досум,
Бултара чапсаң тер болот, досум.
Бурулуш жайда биздин үй, досум,
Буруп бир өтсөң не болот, досум.
Адырдагы коёнду, досум,
Атып бир өтсөң не болот, досум?
Алмадан жыттуу койнум бар, досум,
Жатып бир өтсөң не болот, досум?
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Ала бир баар жаз эле, досум,
Жалама айран аз эле, досум.

Эл эңкейип көчкөндө, досум,
Энекем үйүн чечкенде, досум.
Сен жогортон келдиң жорго боз, досум,
Жорго боз минип жок сурап, досум.
Энекем айтты: «ат ал» — деп, досум,
Атыңды алып байлаарда, досум.
Сүйөнүп-түштүң мен жакка, досум,
Кайрылып эшик ачаарда, досум,
Кабыргамды кармадың, досум.
Мен кайкалап барып, токтодум, досум,
Сүйрөп бир кийиз салаарда, досум.
Сүбөөмдөн катуу кармадың, досум,
Мен сүйрөлүп барып токтодум, досум.
Байтал бээнин бал кымыз, досум,
Кулан бээнин курч кымыз, досум.
Кытайдан келген кырма аяк, досум,
Энекем куйду, мен сундум, досум.
Бармагым баса кармадың, досум,
Кара бир көздөн жаш чыкты, досум.
Сен аттанып кеттиң бел жакка, досум,
Мен чакырып алдым бер жакка, досум.
Он капшыт менен кирбегин, досум,
Атамдын үч түлөк алгыр кушу бар, досум.
Этегиң тийип калбасын, досум,
Шыңгырап добуш салбасын, досум.
Коломто менен келбегин досум,
Өзүмдөн кичик сиңдим бар, досум.
Балтырын басып албагын, досум,
Айкырып добуш салбасын, досум...

Аксаткын менен Кулмырза уктап калышат. Аксаткын чочуп ойгонуп кетсе, таң сүрүп калган экен. Ошондо Аксаткын:

Абада торгой сайраса, досум,
Таң атканга окшойду, досум.
Козголчу менин койнуман, досум,
Короодо койлор бышкырат, досум,
Сопу атам азан чакырат, досум.

Анда Мырза уул:

Абада торгой сайраса, жаным,
Ач турумтай жолуксун, жаным.
Козголбойм сенин койнуңан, жаным,
Короодо койлор бышкырса, жаным.
Ач бөрүгө жолуксун, жаным,
Козголбойм сенин койнуңан, жаным.
Сопу атаң азан чакырса, жаным,
Кой оору дартка жолуксун, жаным,
Козголбойм сенин койнуңан, жаным.

Аксаткын жамандык болоорун сезет. Мырза уулду шаштырат:

Кош камчы тийет сооруңа, досум,
Козголчу менин койнуман, досум.
Кош бычак кирет бооруңа, досум,
Козголчу менин койнуман, досум!

Ушул тапта сырттан эки адам кирип келип, Кулмырзаны бычак менен уруп өлтүрөт. Өлүктү сыртка сүйрөп чыгып, таштап коюшат. Аксаткын Кулмырзанын өлүгүнүн тушунда туруп ыйлайт:

Эчки бир жеген эрмендей, досум,
Энди мен болдум шерменде, досум.
Өзөлөнүп ыйларга, досум,
Өз алган жарың мен эмес, досум.
Кызырканып ыйларга, досум,
Кыз алган жарың мен эмес, досум.
Кош камчы тийди сооруңа, досум,
Кош канжар кирди бооруңа, досум.
Ичегиң жерге чубалды, досум,
Ирениң өчүп кубарды, досум.
Жоктошуп келди элиңден, досум,
Жогорку айыл жериңден, досум.
Жоктошуп келип тапкан жок, досум,
Жоругу мага жаккан жок, досум.
Айтайын эми калкыңа, досум,
Ачык бир болсун жалпыга, досум.
Өлгөнүң бүгүн эл билсин, досум,
Өйдөтөн соккон жел билсин, досум.

Калк чогулган жерде Аксаткынга атасы мындай деди: «Кызым, Кулмырза өлдү, кайрылып келбейт. Болоору болуптур, эми сен каалаган адамыңды тандап, ошону менен өмүр сүр:

Калкымдан улан жыяйын, кызым,
Каалаганыңды Кулмырза коюп берейин, кызым.
Тобумдан улан жыяйын, кызым,
Тапканыңды Кулмырза коюп берейин, кызым.

Анда Аксаткын:

Калкыңдан улан жыйгандай, ата,
Кайыбас каймал мен эмес, ата.
Кайыта турган сен эмес, ата.
Тобуңдан улан жыйгандай, ата,
Токтобос байтал мен эмес, ата.
Токтотчу айгыр сен эмес, ата.
Жээним Кулмырза өлсө куп болот, ата,
Аксаткын өлсө жуп болот, ата –

деп, Аксаткын да өзүнө-өзү бычак сайып өлгөн экен. Мына, арсыз өлүмдү мыш кылган ыйык махабаттын айбаттуу кадамы! Чыныгы сүйүүнү барктап-бапестеп сактап калуу үчүн эки жаш өмүргө да, өлүмгө да кайыл. Ушул эрдик гана Аксаткынды өлбөс-өчпөс кылып, кайта жарата алды.

Тоголок Молдонун Аксаткынынын тагдыры башкачараак. Кулмырзага болгон ыйык махабатын ажалга тике багыттоодо алсыздык кылып, Кулмырзанын иниси Баймырзага кунга бааланып кете берет. «Таш түшкөн жеринде оор» дегенчелик сүйүүсүз күн кечирип:

Кескен терек сайда бар,
Кер кашка күлүк байда бар.
Келбей туруп тул калган,
Мендей бейбак кайда бар?
Кыйган терек сайда бар,
Кыл жейрен күлүк байда бар.
Кыз экенде тул калган,
Мендей бейбак кайда бар? –

деп, күчүн кошоктон чыгарып, эч ким элес албаган катардагы катындын бири болуп, кала берген.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Аксаткын менен Кулмырза» | 5732 | 1'34 | Кудаяр Матаев |
| 2. | «Аксаткын менен Кулмырза» | 10522 | 3'35 | Руслан Жумабаев |

# ЖАҢЫЛ МЫРЗА

Кыргыз эли баскынчыларга каршы канча эркиндик согушун жүргүзбөдү. Сокур намыска ууккан уруу баштыктарынын ортосунда кан тилеген бийлик кармаштары канча?.. Мына ошол ички-тышкы кандуу кагылыштарда эл мүдөөсүн көздөгөн эчен баатырлар эл арасынан суурулуп чыккан. Аялзатынын ар-намысын туу тутуп, эркиндик үчүн калабалуу кармаштарга кара башын сайып, найза сунуп, кылыч шилтеп, саадак кагып, жаа тартып, тулпар ойнотуп, эл четинде, жоо бетинде өмүр кечирген Жаңыл Мырзадай кыргыздын кыраан кыздары да чыккан.

Баатыр кыздарын барктап, даңктап, эчен эпостук чыгармалар жаратып, санжыра, уламалар санатына алып, музыкалык аспаптардагы мукам күүлөргө салып, ысымдарын даңазалап келет элибиз.

«Жаңыл Мырза» баяны Тоголок Молдонун, Молдобасан Мусулманкуловдун, Абдыкалык Чоробаевдин, Ыбырайым Абдракмановдун айтымында, акын-окумуштуу Тыныстан уулу Касымдын поэмасында жазылып калган. Баатыр кыздын тек жайы Белек Солтоноев, Жапар Кенчиев, Сапар Закировдун санжыралары аркылуу толукталып, окурмандардын түшүнүгүн кеңейтүүдө. Аспаптык чыгармалардагы (күүлөрдөгү) белгилүү темалардын ичинде «Жаңыл Мырза» өзгөчө орунду ээлейт. Жаңыл Мырзанын замандаштары: Шырдакбекке, Үчүкө менен Түлкүгө, Үлбүрчөк менен Бургуйга, Аккочкор менен Каңкыга, Атакозу менен Чабакка, Аюуке-Майтыкка байланышкан бүтүндөй бир күүлөр цикли бар. «Жаңыл Мырза» күүлөрүн кылымдар аралык улуттук адабий-музыкалык мурастардын өзүнчө бир үлгүсү катары эсептөө зарыл. Касым Тыныстанов тарыхый «Жаңыл Мырза» поэмасын эң сонун поэтикалык каражаттар менен жүзөгө ашырган.

Мен кеттим комуз үнүн уккан жакка,
Изилдеп муңдуу добуш чыккан жакка.
Комузун абышкабыз көп какшатты,

Бир эсе каргылданган үнүн кошуп,
Тозоктун уулуу, зардуу күүсүн тартты.
Өткөндү максат эмес айтуу баарын,
Тереңге кумарланган күчү болсо,
Тыңшасын үч ичек кыл комуз зарын.
Жол тозгон эрме чөлдө саятчыга,
Сүйлөсүн долу комуз Жаңыл жайын» –

дегенине караганда, «Жаңыл Мырзаны» муңдуу күү баянынан улам ой толгоп, кагаз бетине түшүргөн шекилдүү. 1923-жылы Таластан Айдаралы комузчу фольклор жыйноочу Кайым Муптак уулуна «Жаңыл Мырза» окуясына байланыштуу «Аккочкор Каңкы» күүсүн чертип берип, анын баянын жаздырган. 1928-жылы «атамдан үйрөндүм эле» деп, Мураталы музыковед А. Затаевичке чертип берген «Жаңыл Мырза» күүлөрүнүн нотасын кийин В. Виноградов «Мураталы Күрөңкеев» (1962) аттуу китебине киргизген. Радионун музыкалык алтын казынасында ондогон комузчулардын, кыякчылардын, чоорчулардын аткаруусунда Жаңыл Мырза окуясына байланыштуу күүлөр сакталып турат. Алардын арасында Ыбырай, Саид Бекмуратов черткен «Бургуй», «Үлбүрчөк Бургуй», Датка Шаакеев, Чал Үсөнбаев аткарган «Аккочкор Каңкы», «Үчүкө-Түлкү» ж.б. күүлөр бар.

Илимпоз, акын, жазуучу, санжырачылар Жаңыл Мырзаны турмушта жашап өткөн тарыхый инсан катары карашат. Фольклорчу Ыбырай Абдыракманов Жаңылдын айланасында болуп өткөн окуяларды: «Жомок эмес анык сөз, айтылып келген канык сөз» деген жыйынтыкка келген[33]. Ыбырай Абдракманов өзү да кийин элге кеңири белгилүү Жаңыл Мырза окуяларын иликтеп, улама сөздөрдүн учугун чубап, аларды кагазга түшүрүп, 1947-1948-жылдары «Жаңыл Мырза» аттуу эпикалык поэма жазган. Ат-Башыда Ысак деген кишиден, 82 жаштагы Сатылган деген карыядан, Жумгалдык манасчы Багыш Сазан уулунан, улуу манасчы Сагынбай менен Тоголок Молдодон уккандарын сюжеттик жактан жалпылаштырып, Жаңылдын турмушта жашап өткөн тарыхый инсан экендигине өз ой-толгоолорун кошумчалаган. «Жаңыл Мырзаны» Тоголок Молдо 70теги чалдан уккан экен. Ал чал болсо 15 жашында 70тен ашкан тегирменчи чалдан уккан. Бул чалдын айтымында Жаңыл кемпир болуп калганда өз

33 Ыбырайым Абдракманов. – Фрунзе, 1987. 47-бет.

көзү менен көрүп жүргөн, же Жаңылдын айылдашы болгон»[34]. Автордун пикиринче, Жаңыл XVII кылымда жашап өткөн Лоб жердеген нойгут элинен чыккан баатыр кыз. Жаа атууга абдан маш, жебени асманга чоюп жиберип, жерге түшүрбөй атчу экен. Сокур намыска ууккан Анжыяндык Үлбүрчөк, Бургуй, Кашкардык кан Турсун, Сарбагыштан Үчүкө, Түлкү Жаңыл колдуу ажал табышат. Кийин кыргыз, казак баатырлары чогулуп барып колго түшүрүп, Калматайга алып беришет. Бир канча жыл анда жүрүп, көпчүлүктүн каалоосу боюнча тирүү жолборс кармап, аткычтык өнөрүн көрсөтүп, анан элине кеткен экен. Ошону менен окуя бүтөт.

«Жаңыл Мырза» дареги Кытайдагы кыргыз санжырачысы Үсөйүн ажынын айтымында турмушка жакын, чындыкка көбүрөөк шайкеш келип тургандыгы окурманды кызыктырбай койбос. Баарыдан да Теңир-Тоолук кыргыздарда учурай элек, Жаңыл кыздын эл-жерине баргандан кийинки өмүр жолунан кабардар болуу өзгөчө кызыктуу.

«Кыргыздын нойгут уруусу XVI-XVII кылымдарда Аксуу дарыясынын боюнда, болжолу 250 жыл мурун (1750) Какшаал менен Кумарык дарыяларынын кошулушундагы Арал деген жерди борбор кылып турушкан, – дейт Үсөйүн ажы. – Бул урууну Нойгут деген бий башкарып, ал өлгөндөн кийин бийлик Көгөн малайына өтөт. Көгөндүн аялы алты уул төрөп, бирок балдары жаштайынан өлө берген. Жетинчи төрөгөнү кыз болуп ырымдап «жаңылып төрөлгөн перзент Жаңыл болсун» деп ат коюшат. Кыз Жаңыл Карачайдын Кошдөбөсүндө туулган деген да сөз бар. Көгөн бий Жаңылды эркекче кийинтип, ат мингизип аземдеп багып чоңойтот. Бала чагынан жаа атып, мергенчилик кылып, ит агытып, куш салып баатырдык сыпатта эр жеткен жана акыл айласы жетик болгон. Ошондон эли сүйүп, «мырза» деген сыймыктуу атты кошуп «Жаңыл Мырза» аташкан. «Чыгыш жагыбыз Карашаарда касташкан жообуз калмактар турса, батышта Кашкар тарапта кан Турсун калдайып жатса, каяша кылчу атамдын эркек баласы болбосо, элин мага ишенип бел кылып турса, мен каякка барат элем» деген баатыр кыз, бойго жетсе да турмушка чыгууга шашылбай жоо бетинде жоокердик турмушту тандап алат. Мына ошол учурда Кокондун беги Үлбүрчөк менен Бургуй, Кашкарды сурап турган Турсунбек менен тил табышып, нойгут элин басып алып, Жаңылды зордук менен катын

34 Ошондо, 137-бет.

кылмакчы болот. Бирок, алардын арам ою таш каап, Жаӊылдан өлүм табышат. Анын артынан Сарыбагыш уруусунун баатырлары Үчүкө, Түлкү да Жаӊыл Мырзанын огуна учат. Кыз баатырга ачык чыга албаган Сарбагыш билермандары Анжыян, Ташкенди бийлеген Шырдакбектин, казактардын каны Тоокенин жардамы аркасында амал менен Жаӊылды колго түшүрүп, Жаӊыл колдуу өлгөн Атагозу Чабактын атасы 70 жаштагы карабагыш Калматай карыга катын кылып беришет. Жаӊыл Калматайдын колунда бир канча жыл жүрүп, акыры эл-жерин сагынып, эркиндигин самап, көпчүлүк жыйында элдин сураныччы менен ак жолборсту кармап берип, баатырдык өнөрүн көрсөтүп: «артымдан куугандай болбогула, куугун салгандын өз убалы өзүнө» деп, жүрүп кетет.

Жаӊыл Мырза жерине келсе эли Лобнорго көчүп кеткен. Сары-Кыя деген жерде элине кошулган кезде Кашкардын аскербашчысы Бакаманжы деген мангул Жаӊылды зордоп алмакчы болот. Бул да Жаӊыл Мырза колдуу каза табат. Анын соӊунан Бостон-Теректе турган Нарбий деген жуучу салат. «Мени менен мелдешип ким жеӊсе, ошого тийемин» деген Жаӊылдын шартын кабыл тутуп, ат үстүндө алышып, аянбай кылыч чабышып, жаа атышып жеӊе албай, ордо оюнунда гана артык упай менен байгеге жетишет. Убадага туруп, Жаӊыл өз каалоосу менен Нарбийге турмушка чыгат. Нарбийден эки балалуу болот. Жаӊыл эри, балдары менен Лобнордогу туугандарына учурашууга баратканда Карашаарда Бакаманжынын туугандары жолдо тосуп туруп, колго түшүрүп, Башегим дарыясына салып жиберишкен экен.

Жаӊылдын эли эмнеликтен Лобнорго барышты экен? Байыркы замандарда Энесай доорунда Манас баатырга замандаш кыз баатыр Сайкал Лобнордо жашачу. Манас менен кыз Сайкал Ак-Суу дарыясынын боюнда күч сынашкан. Ошол кыз Сайкалдан кийинки урпактарды эш тутуп көчүп барышкан шекилдүү. Андан башка да азыркы Ток-Суу, Чоӊ Жылдыз, Кичи Жылдыз, Тойболду деген жерлерде да кыргыздар бар, кийин уйгурларга сиӊип кеткен деген аӊыздар айтылат.

Жаӊыл Мырза кайсы мезгилде жашаган? Жаӊыл Мырзанын замандашы Түлкүнүн төртүнчү урпагы Шабдан баатыр 1912-жылы өлгөн. Жаӊылдын дагы бир замандашы Хан Тооке 1698-1718-жылга чейин хан болгон. Буга караганда Жаӊылдын өткөнүнө 200 жылдан жогору 300 жылга жетпеген убакыт болот.[35]

35 Кыргыздар II т, – Б., 1993, 104-109-беттер.

Белек Солтоной уулу Үчүкө, Түлкү баатырлар кыз Жаңыл колдуу болуп өлгөн мезгилди 1670-жыл эсебине такайт. Элдик оозеки чыгармаларда айтылгандарга караганда Жаңыл Мырза, кан Шырдак, Үчүкө, Түлкү баатырлар бир мезгилде жашаган тарыхый адамдар. Элдик оозеки айтымда кан Шырдак Курманбек баатырдын небереси катары каралат. Андай болсо, Курманбек баатыр Жунгар мамлекети күч алып, Борбордук Азияны каптап кирип келген мезгилде же Эрдене баатыр хун тайшилер (Коңтаажы) бийлик жүргүзүп турган (1635-1660) жылдарда жашап өткөндүгү болжолдонууда. Ал эми Шырдакбек, Жаңыл Мырзалар Курманбек баатырдан эки муун өткөндөн кийинки инсандар болгондуктан, кыргыз менен казактар ойроттордон жеңилип, 1684-1685-жылдары Анжыян-Алайга сүрүлүп, «кыргыз Кысар кирип, казактар кайың сааган» оор учурда (1685-1700) жашаса керек. Баскынчылар канчалык күчтүү-куубаттуу болбосун, жергиликтүү калкты баш көтөргүс күнкор абалда кармап тура алган эмес. Мезгил-мезгили менен Курманбек, Эр Табылды, Солтоной, Эр Эшим, Кубат бий сыяктуу уруу башчыларынын каршылыгына учурап, кээде жеңилүүгө дуушар болгон. Бул мезгил – Цеван Рабдан, Галдан Церен тайшилердин бийлигине (1700-1745) туш келет. Санжырачылар санагында 12-14 ата өтүп дөөлөткө жетет экен. Түлкү баатырды 10-атадан өткөрүп эсептегендер бар. Жаңы муун 20-25 жылдан алмашса, Түлкү баатырга чейин 230-250 жыл чамаласа керек. Демек, Жаңыл Мырза, Түлкү баатыр жашаган мезгилди XVII кылымдын акыры XVIII к. башталышы, же 1680-1700-жылдар деп болжолдоо бар. Бул учурда тайшилер ортосунда бийлик кармашы күчөп, Борбордук Азия чөлкөмүндөгү элдерге жүргүзгөн үстөмдүгү бошоңдой баштаган.

Кыргыз-Ата, Кыргыз-Эне кыздарынын эркиндигине, ар-намысына айрыкча мамиле жасап келбесе, акылгөй Каныкей, айдай сулуу Айчүрөк, арстан жүрөк Жаңыл Мырзадай асыл заттар кайдан чыгат эле. Кыргыз эли баатыр кызынын ысымын ыйык сактап, анын элесин көркөм сөз каражаттары аркылуу жеткиликтүү чагылдырып, даңазалап-даңктап келгени бекеринен эмес:

Жаңыл Мырзанын мекени:

Алты шаар Кашкарда,
Аксы менен Турпанда.
Карашаар, Камбылда,
Жаркен менен Кокондо

Жергеси менен көп нойгут,
Жердеп турган ошондо,
Атпай нойгут тукуму,
Лоб дайрада курулган.
Оён Жаңыл туулган –

деп, кабарлайт улуу акын Тоголок Молдо.

Жаңылдын баатырдык-эрдик мүнөзү:

Саадагын сая байланган,
Алты шаарды айланган.
Кылычын кыя байланган,
Кыргыздын тоосун айланган,
Атышкан жоосун жайлаган.
Жоо бөрүсү баатыр кыз.

Жаңылдын көзгө атар мергендиги:

Жааны жаза тартпаган,
Атканы тирүү кайтпаган,
Эт бышымда жүз атат.
Бекер кетпейт жебеси,
Беттегенди түз атат.
Мергенден мындай ким болду,
Кыз Жаңыл деп атагы,
Кылымга кетип дүң болду.

Айтымда, асманга ыргыткан калпакты калбыр кылып түшүргөн, «э» дегенче эки баатырды сулаткан деген сөз бар.

XI кылымда жашап өткөн улуу аалым Махмуд Кашкари «Турки тилдер дивани» деген эмгегинде Искендер Зулкарнай Лобнор элине жакындаганда Түрк каганаты ага каршы 400 жоокер салган. Алардын жаа менен алдына да, артына да бирдей таамай ата билген өнөрү – дүйнөнү дүңгүрөткөн колбашчыны аябай таң калтырган экен. Көрсө, көзгө атар мергенчилик Жаңыл Мырзадай баатырларга ата-бабадан келаткан салт катары калыптанган окшобойбу?

Өзү баатыр балбан кыз,
Качпай жоого барган кыз.
Кара чаар жолборстон,
Далайын жайлап салган кыз.

Жараткан Жаңыл кызга кара күчтү да ченемсиз ыроологон сыягы:

Жаңылдын сырт келбетин Белек Солтоноев: «Шырыктай узун бойлуу, эки ийни жазы, көкүрөгү кенен, өңүнө караганда кара сурдун сулуусу» – деп сыпаттаса, Тоголок Молдо:

Өзү эркек борумдуу,
Кылган иши орундуу.
Өпкө кызыл – оңмо эмес,
Өзү окуган молдо эмес.
Кошомат айтып бирөөгө,
Кош сөз айткан жорго эмес.
Ылжыраган сары эмес,
Эркекче жүрүш ар эмес.
Түрү суук кара эмес,
Түрлөнбөй жүрчү жан эмес.
Буудай өңдүү кер сары,
Заары бар бетинде.
Шам жаккандай кып-кызыл,
Жалыны бар көзүндө.
Атка чыйрак чабандес.
Ителгидей кара көз. –

делип, оймок ооз, кымча бел, үйдө отурган үлпүлдөк ак жүздүү, назик кыз эмес, сөөк-саактуу эр-жигит порумдуу, ысылы-суукка тотуккан, ичте-тышта жүрүп бышыккан ургаачыда сейрек жаралчу элести окурмандын көз алдына тартат.

Кун алуучулар Жаңылга карата эки осол иш кылышты: биринчиси, баатырдык эрежеге ылайык эрөөлдөшүп, күч сынашып жеңбестен, буйткадан аңдып баса калып, ууруларча колго түшүрүштү, экинчиси, кыргыздын кыраан кызына колго түшкөн калмак күң сыңары мамиле кылып, өзү каалаган теңтушуна ыраа көрбөй, Калматайдай карыга токолдукка башын байлашты. Бул адилетсиз чечимге аргасыздан макул болгон баатыр кыз, көпчүлүккө тартынбай өз шартын айтты: – Тагдырдын башка салганына көнбөскө чара жок, бирок төмөнкү шартымды эсиңерге салып коеюн: «Мен ийне сайып, ийик ийирип, жүк бурчунда ийилип олтуруп, бирөөнүн көзүн карап ийменип, кызча өспөдүм. Найза сайып, кылыч чаап, жаа атып, ит агытып, куш салып, өз эркимче эркекче өстүм. Калматай абаңарга айтып койгула,

«катынсың» деп казан-аякка салбасын да, баскан-турганымды тескебей, өз жайыма тек койсун!»

Патриархалдык эреже бул шарттарды кабыл алмак эмес, анын үстүнө Калматай карыдагы шалаакы аң-сезим эркиндикти эңсеген баатыр кыздын ички дүйнөсүнө доо кетирип, көңүлүн айнытты, иренжитти. Көкүрөктө буулуккан ызаа-кордук акыры атылып сыртка чыкты.

Арадан айлар чубап, жылдар жылып, мезгил агымы билинбей өтүп жатты. Жаңыл эркек балалуу болду. Эртең-бүрсүгүнү эл жайлоого көчөт болуп жатканда жигит-кыздар жыйылып келип, «баатыр жеңе, өнөрүңүздү көрсөк» дейбиз деп асыла беришти эле, расмий салтты бузбай, абышкасы Калматайдан уруксат алып, тулпарын минип, жоо-жарагын кийип, кыздан чыккан кыраан найза кылкылдатып жайылган элдин астына чыкты. Сапка тизилген элдин башынан, ортосунан, аягынан үчөөнүн тебетейин асманга ыргыттырып, чаап баратып атып, үч тебетейди жүн кылып түшүрдү да, «мен элимди, жеримди сагындым, кошкула, артымдан куугандай болбогула!» деп жүрүп кетти.

Жаңыл Мырза Калматайдан качып чыкты, качып чыкпады, өз эрки менен эл-жерине бет алды. Артынан чапкан алабарман куугунчулардын катыгын берип, канчаларын ач бел, куу жондо сулатып, киндик кан тамган нойгут жерине келди. Анда да бейкут турмуш жок, калмактар менен кагышып, канчалар менен салышты. «Акыры ич күйдүүлүктө калган калың кыргыздан жалтанып, бир ууч нойгут элин кытай жериндеги Бай шаарына корголотуп ооп кеткен имиш. Кийин-кийин гана Жаңыл Мырза тукумдарынын бир даары Лобнорго кайтып, бара-бара уйгурлашып кетиши ыктымал» деп болжолдойт Белек Солтоной уулу.

Жаңыл Мырза – ургаачы затында сейрек кездешүүчү баатырлык касиетке эгедер «арстан жүрөк» кыргыз зайыптарынын өкүлү. Ал урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай башкаларды басмырлап, кан төгүлгөн согушту эңсеген алабарман баатырлардан эмес. Кыз Жаңылдын эрдик касиетинде душманына кайра тартпай качырчу, катылгандын катыгын берчү өнөкөт-көктүк бекем жуурулушкан. Эч кимди аябастай көрүнгөн бул көктүгүн, өжөрлүктүн түпкүрүндө көз каранды эместиктин, эркиндиктин, адам пендесинин, аялзатынын ар-намысын коргоо үчүн канжыгага баш байлаган улуу күрөштүн идеалы. Аттиң ай, арстандай ай чапчыган айбат, айбандын сырттаны көкжал бөрүдөй көз ирмебес кайрат,

жолборс чаап, төө көтөргөн кара күч баскынчы душмандардын мизин кайтарууга жумшалса гана?! Уруулук-феодалдык бытырандылык, түбүң түшкөн аша чапма сокур намыс, ар кимди өз көмөчүнө күл шилетип, ичара кагылыштын отун үйлөп, кан күсөп, карапайым калкка калайман салып, акыры журт атасынан, эл башчыларынан, калк кадырманынан ажыратып, катын каралуу калып, эл жаралуу калып жатты го, чиркин!

О чиркин, күн экенсиң өткөн заман,
Тамшанткан, такылдаткан, таң калтырган.
Бактылуу бир учур го түштөкүдөй,
Жаңылдай ири жандуу кыз урунган.
Андагы апаат күндөр жылас болду.
Аны эстеп долу комуз, муңкан-муңкан...
*(Касым Тыныстанов)*

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жаңыл Мырза | 3627 | 3’09 | Шакен Жоробекова |

# ҮЧҮКӨ, ТҮЛКҮ

— Кудайдын буйругу экен, карыя, Үчүкең шейит кетиптир.

— Үчүкөм өлсө, Түлкүм бар, түгөнбөгөн мүлкүм бар, анын несин айткыдайсың.

— Түлкүң да өлүптүр…

— Түлкүм өлсө кантейин, кан уучтап туулган кан Кудаяным бар, кубат берсин ошого, —деп карыя кайратын бойго жыйып, басып кеткен экен.

Бул кайгылуу окуяны укканда энеси да:

— Үчүкө, Түлкүм өлүптүр. Бири аткан огум, бири чычкан богум. Кан уучтап туулган Кудаяным аман болсун, — дептир.

Түлкүнүн аялы талак алып төркүнүнө аттанып жатканда айтыптыр:

— Үчүкөнин үч уулу үч Үчүкө болор. Жалгыз Тынай кулунум, сенин жайың не болор?..

Булар эскиден келаткан ылакап сөздөр, бирок керектүү сөздөр. Арийне, керектүү сөздөр эч качан чачылып жатпайт. Ылакапка айланган сөздөрдүн маани-маңызында кандайдыр тарыхый окуялар, сырлар катылып жаткандыгын баары эле биле бербес. Эмесе жогорудагы ылакап сөздөрдүн маанисин чечмелей отуруп, музыкалык аспаптарда жаралган «Үчүкө, Түлкү сайышы» (радио казынасында Датка Шааке уулу тапшырган) аттуу күүлөрдүн баянын жандыралы.

Санжырачылардын эсебинде Үчүкө 1648-жылы, Түлкү 1652-жылы туулат. Алар 1672-жылы Кытай жергесиндеги «Кереге-Таш» деген жерде Жаңыл Мырзанын жебесинен өлөт. Үчүкө, Түлкүнүн түпкү теги кыскача төмөндөгүдөй тарамдайт: Кыргызда Ак уулдан (оңдордон) тараган Тагай бийден — Богорстон, Койлон, Кылжыр. Кылжырдын Дөөлөс-бактыдан — Токо, Жантай, Элчибек, Манап. Манаптан — Сүтөй, Сүтүкө. Сүтөйдөн — Сарсейит, Тукур. Сарсейиттен — Үчүкө, Түлкү, Кудаян, Эрдене.

Үчүкөнүн урпактарынан Калыгул олуя, Ормон хан, Төрөгелди баатыр, акын Молдо Кылычтай атуулдар чыкса, Түлкүдөн – Тынай, Атаке, Жантай, Шабдан сыяктуу мыктылар туулган.

Үчүкө, Түлкүдөн кийин бийликти колуна алган Кудаян атактуу Санчы-Сынчыны чакыртып:

– Мени сына, мен дүйнөдөн кандай өтөмүн, менин тукумум кандай болот? – деп сурaптыр.

– Мени кыстаба, баатыр. Сени сынасам бир чабарыңды билем, анда менден сын кетет. Сенден сыр кетет, – деп тарткынчыктайт сынчы. Кудаян көшөрүп «сындайсың» деп туруп алган соң:

– Сенден тукум болбойт, өзүң ач бел, куу жондо өлөсүң, – дегенде, Кудаян Тообоз деген аты менен качырып келип сынчыны чокуга салган дейт. Сынчынын койнундагы боз коён булт этип ыргып кетет. Айткандай эле Кудаян Анжыян, Арканын жолунда ачкадан өлгөн экен.

Санжырачы Жапар Кенчиев Багыш Сазан уулунун айткандарына таянып, Кудаян 1645-жылы төрөлгөн деген жыйынтыкка келет. Кудаян элди күргүштөтүп жоого айдаганда дагы бир олуя адам «Бул жортуулда элиңди бекерге кырасың, өзүң да өлөсүң» деп эскерткен имиш. Олуянын айтканы айткандай келген. Кудаяндан – Тоголок. Андан бар болгону жыйырмадан ашпаган түтүн Ош тарапта Сумбула-Сай деген жерде турушат. Түндүк Кыргызстанда барбы-жокпу, белгисиз. Сарысейиттен туулган балдардын ичинде алдыңкы баатырлардын сабынан саналган Үчүкө үч уулдуу болгондо, Түлкү 20 жашында таластык саруу уруусунан Жаркын аттуу кызга үйлөнүп, андан Тынай.

Жай айларынын биринде Үчүкө, Түлкү көчү Соң-Көлдөн Көтмалдыга бет алып, Кочкорго келгенде жүк түшүрүп, эртеси көч жолун улап бараткан. Түлкүнүн келинчеги кулунун издеп, кишенеп тыбырчылаган кара бээнин ооздугу менен алышып жатып, «бешикти өңөртүп коюңузчу» деп кайненесинен суранат.

– Мени жумшаганча болдуңбу, шерменде! – деп каарданган кайнене шылтоо менен баласы Түлкүгө догун арта берип, акыры «тайбас» келинин кетиртип тынат.

Кытайлык санжырачы Үсөйүн-ажынын санжырасында көч жөнөй бергенде атка минип алган келин «бешикти алып берчи» деп, кайненесинен эмес күйөөсү Түлкүдөн суранат. Түлкү бешикти алып келинчегине өңөртөт. Күлкү, тамашага тойбой ээлигип

турган жигиттер Түлкүнү сөзгө сындыргысы келишип: «Ой Түлкү баатыр, биз сени элибиздин төрөсү» деп жүрсөк, катыныңдын кулу турбайсыңбы?» — дешет. Тамаша сөзгө арданган Түлкү катынынын чачын кесип, кементай кийгизип, кер байталга мингизип, төркүнүнө коё бергенде:

Үчүкөнүн үч уулу,
Үч үчүкө болоор
Жалгыз Тынай кулунум,
Сенин айың не болор? —

деген келиндин арманы ылакапка айланып кеткен. Кийин «үч» Үчүкөгө караганда — жалгыз Тынай тукуму көбүрөөк өсүп-өнүккөндүгү белгилүү. Эми Тынай тукумдарынан: Атаке баатыр: Атакеден — Таштанбек. Таштанбектен — Карабек. Карабектен — Жантай. Жантайдан — Шабдан баатыр. Тынайдын тукуму Кичи-Кемин, Чоң-Кемин, Он бир-жылга, Шамшынын оозуна чейин мекендеп келет. Ылакапта айтылып жаткан Үчүкөнүн үч уулу — Маматкул, Дөөлөткул, Бердигул. Маматкулдан — Темир, Болот, Андакул, Берик. Болоттон — Эсенгул. Эсенгулдан — Ниязбек. Ниязбектен — Ормон.

Аял албай эки жыл бойдок жүрүп, Түлкү баатыр Жаңыл Мырзанын кабарын угуп, анын акылдуулугуна, баатырлыгына көңүлү түшүп, «ыгын келтирсем аялдыкка алайын» деген жакшы тилекте баатырларын баштап, жигит-жаланын коштоп, жер дүңгүрөтүп Чүйдөн аттанып, Ак-Чий ооданы аркылуу Ак-Суунун аралыгындагы нойгут элине келишти. Келсе, Жаңыл үйдө жок. Бир азга аялдап күтүп, баатыр кыз кечиккен соң, Түлкү баатыр аксөөктүк адатын карматып, нойгуттарды теңсинбей «Жаңылга тийишип көрөйүн» деген ниетте күтүрөтүп жылкысын айдап жөнөйт. Түлкү баатыр Какшаал дарыясын бойлоп, Какшаалдын башында Ийри-Жардын алдындагы сазга жылкыларды жуушатып салып, чатырын тигип, семиз бээни сойдуруп, этин кемегеге бышыртып жаткан чакта Жаңыл Мырза арттан жете келет. Отту тегеректеп отурган баатырларды обочорооктон байкап Түлкүнү көрүп:

«Сомдогондой билектүү,
Сом кара таш жүрөктүү
Баатырдыгы бар экен, —

деп жактырып калат.

Махабат тамыр байласа, элимди кемсинтпегендей болсо, тийип алсам, сырткы душмандарга каршы туруууга күчүбүз артат эле» – деп сынына толтурат. Арийне канча баатыр болсо да кыз сезими аруу, жүрөгү таза, көңүлү кирсиз го. Ургаачы үйдүн куту, очок ээси. Перзент төрөп, тукум уласам деген улуу сезим Жаңылдын аялдык касиетин дүүлүктүрүп, арзуусун козгоп, көзгө көрүнбөсс, колго урунбас, бир күч эт жүрөгүн элжиретип, Түлкү баатырга оп тартылып бараткансыды. «Сөзгө келип, ыкка көнсө, баарынан кечип, Түлкүгө баш байласамбы...» деген тобокелге жетеленип, таттуу кыял бешигинде термелип баратты.

Ошол бактылуу көз ирмемде Жаңылды ээрчип жүргөн Кертайгандын айбандык жоругу окуяны астын-үстүн кылып, эң оор кесепеттүү кырсыкка дуушар кылат. Шимшилеп очок үстүнө жетип барган Кумайыкты көрө сала Үчүкө баатыр: «Ой, канчыктын канчыгы келип калганбы?» – деп тура калганда, Түлкү баатыр: «Атып салгылачы ар жакка, шимшилетпей, Жаңыл канчыкка сан жылкыдан сары канчык артык бекен?!» – деп күпүлдөп коё берет. Мындай кемсинтүү, текебер, орой сөз эмелеки махабатка магдырап келген кыз жүрөгүнө жаа жебесиндей кадалып, уккан кулагына ишенбей нес болуп, муздак суу сепкендей бүткөн боюн калтырак басып, бир саамга өзүн жоготуп, кайта адамдык ар-намысы козголуп, «өч алуу!» деген белгисиз күчкө азгырылып... жебеге колу жабышып баратты. Ана-мына дегиче, ачып көздү жумгуча ажал бүрккөн жебелер жамгырдай сабалады. Кертайганды мээлеп жаткан колу шалак этип, Үчүкө көмкөрөсүнөн кулады. Соңунан Түлкү баатыр жер кучактады. Атакозу, Чабак да бир демге келбей чөп чапкандай сулады. Жаалы басылган Жаңыл Мырза жаны чыгалбай жаткан Түлкүнүн жанына келип, бир чети кекээрлеп, бир жагы кейишке ууугуп:

Түлкү шер, «Мен канчыкмын» мойнума алам.
Бирок да «канчык»-«дөбөт» ким экенин,
Энчилеп болбойт экен мындай майдан? –
*(К. Тыныстанов)*

деп, калтырак баскан колу баатырдын бешенесинен сылап, кардыккан үнү шыбыр кагып жатты...

Баатырлар Какшаал деген жерде Суулуу Сарубе, Кургак Сарубе деген аймактагы жар түбүндө өлүм таап, сөөгү ошол жерге коюлган экен. Бул кайгылуу окуя Жаңылдын көңүлүн тынчыткан

жок. Тирүүсүндө жетпеген Түлкү баатырдын өлгөндө арбагына таазим этип, ат тезегин кургатпай куран окутуп турган жер күнү бүгүн «Мөлө» аталып келет. «Мөлө» кыргыз тилинде «кабыра» (мүрзө, көрүстөн) деген сөз. «Үчүкө, Түлкүм өлсө, Атакозу Чабагым бар. Атакозу Чабак өлсө, кануучтап түшкөн Кудаяным бар» деген ылакап сөз балдарын угузганда атасы Сарсейиттен калган окшобойбу.

Жаңыл Мырзага кастарын тиккен Кашкардын ханы Турсун ажал тапты. Анжыян-Аркадан келген Үлбүрчөк, Бургуй эки шер окко учту. Сарбагыштын Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак сындуу төрт берени набыт болду. Бул кан жуткан кайгылуу окуянын соңу «өлгөндөрдүн кунун кууйбуз» деген маселеге такалды. Казак ханы Энчегер бойлуу эр Эшимдин уулу Тооке хан, Кара-Кырчын туругу кан Шырдакбек улугу, Карабагыштын кан Төлөгү менен Калматай карысы, багыш элинен Тейиттин уулу Аккочкор, Канкы баш болуп, масылаат куруп, ар бири миң кишиден кол курап келип, нойгут элин баш көтөргүс кылып чаап, Жаңылды колго түшүрүп жазаламакчы эле. Нарктуу карылар арага түшүп: «Жер дүңгүрөткөн кол баштап, нойгут элине түз качырып кирип барганыбыз чеки болор. Нойгут кыйырды бузган, кытай калкыбызды чапкан калмак эмес, өзүбүздүн кыргыз уругу. Ат жакшысын мингизип, тон жакшысын кийгизип, адегенде мыкты жигиттердин бирин чалгынга аткаралы» деп чечип, бул ишке багыш кыргыздарынын атактуу баатырларынын бири Аккочкор Каңкыны тынчылыкка тандашты.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Үчүкө-Түлкү чабышы | 9126 | 2’49 | Датка Шаакеев |
| 2. | Үчүкө-Түлкү чабышы | 10230 | 2’28 | Бакыт Чытырбаев |

# АККОЧКОР КАҢКЫ

Жаңыл Мырза окуясына байланыштуу чертилген күүлөрдүн дагы бири – «Аккочкор Каңкы». Тейиш канга баласы «Аккочкор өлдү» деп угузганда, «Аккочкор өлсө Каңкым бар» деп анча кейишке түшпөй кайрат байлап турган дейт. Каңкы өлгөнүн угузганда «Каңкым өлсө кантейин, какбаш Тейиш даңкым бар» деп, капасын сыртка чыгарбай, ат үстүндө үзөңгүсүн үзө тепкен деген да ылакап бар. Дагы бир кабарда (Кайым Муптак уулунун жазып алган материалы) Аккочкор, Каңкынын ашын өткөрүп, күлүк чаап байгесин тараткандан кийин Тейишкан кайгысына чыдабай кан кусуп өлгөн дешет.

«Аккочкор Каңкы» кезегинде кеңири тараган комузда, кыякта бирдей аткарылган күү. Күү алптары, «Күрөңкөй, Ниязалы, Мураталы, Токтогул, Айдаралыдан» калган мурастар. Күү башаты алда кайда, Жаңыл жашаган доордо жатат. Радионун музыкалык казынасында кыякчы Датка Шааке уулунан «Тейиштин уулу Аккочкор», комузчу Үсөнбай уулу Чалдан «Аккочкор Каңкы» күүлөрү сакталып турат. Фольклорчулар А. Затаевич, В. Виноградов, К. Муптак уулу, Б. Алагуш уулу, Б. Сабыр уулу ж.б. Кыргызстандагы ар кайсы комузчулардан «Аккочкор Каңкы» күүлөрүн жазып алган.

«Жаңыл Мырза» окуясын чечмелөөдө оозго илинген баатырлардын сабында Аккочкор, Каңкы дайыма эскерилет. Белек Солтоноев «Кызыл Кыргыз тарыхында» Аккочкорду ченемсиз баатырлар катары көрсөткөн: «Болжолу 1670-жылдарда Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак деген баатырлар нойгут кыргызынын баатыры Жаңыл Мырзанын колунан каза болушат... Кан Тейиштин айылына эл чогулуп, баатырлардын кунун нойгуттан кантип алабыз деп кеңеш кылышат. Нойгутка баруугa казактын каны Энчегер бойлуу эр Эшимдин уулу Тооке-ханга келип акыл салганда, Тооке-хан макул болуп, казак-кыргыздын башчысы Карабагыш, Калматай, Багыштан Тейиштин уулу Аккочкор Каңкы, Ашыра

Калча (бир кабарда Шырдакбек да болгон) нече миң киши барып, Жаңыл Мырзаны колго түшүрүшөт. Бир кабарда согуш болгондо Аккочкор менен Жаңыл Мырза беттешип, Аккочкорду аттын үстүнөн эңип түшүрө турган болуп, анын жайын сураганда «Мен Аккочкормун, Тейиш хандын баласымын» дегенде тийүүгө пейилденип, убада байлап, Жаңыл Мырза бура тартып кеткен дейт[36]. Акын Тоголок Молдонун «Жаңыл Мырза» дастанында Аккочкор айтылуу азаматтар менен кун доосуна катышып, Жаңыл Мырзаны колго түшүрүүдө эпчилдик кылганы айтылат:

Кан Шырдак туруп камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Тейиштин уулу Аккочкор,
Чалгынга барсын деп айтып.
Боз жоргону мингизди,
Борумдуу тонду кийгизди...
Ал аңгыча болбоду,
Жаңыл келди шаңкылдап,
Аленгир жаа, сыр жебе,
Атып өттү шартылдап.
Бугуп турган оёндор,
Качырып чыга калышты.
Камынып барган Аккочкор,
Ителги таан тийгендей,
Боз жоргонун жалына,
Басып алып жөнөдү.

Аккочкор Каңкынын түп ата-теги жөнүндө:

Аккочкор Каңкы баарысы,
Анжыянда туругу,
Адигине уругу, –

деген акындын маалыматын санжырачылар тарабынан тактап кетсек ашык болбос. «Уламадан уккан кеп» деген санжыра-макаласында Супатай уулу Аман Аккочкорду берген Багыш уруусун мындайча тараткан: Тагайдын тондуу балдарынан Карачоро-Багыш, Суумурун, Келдике деген үч уул туулат. Багыштан жети бала: Оржубек, Куржун, Көкүм, Бозом, Онок. Бакма балдары Кошбычак, Моңол. Кошбычактар Чүйдө, Моңолдор Таласта

36 Б. Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. I т. – Б., 1993, 111-112-беттер.

бар. Багыштын Көкүм деген баласы тың чыгат. Көкүмдөн Тейиш кан. Тейиш кандан Аккочкор Каңкы, кадимки Жаңыл Мырза баатырды кармап келген азаматтар. Аккочкор Каңкы үйсүн казактарынын Кара Байтик деген баатыры менен болгон согушта курман болушкан![37]

Санжырачы Сапарбек Закир уулу: «багыштар өзгөндүн терегеригинде жашайт» деген оюнан улам ага байланыштуу дагы бир санжыра учугун чубай кеткибиз бар: «Эштек, Кара Токо, Манаптардан улам элди саяк Каба биле баштайт. Кабанын минген бир аты калмактан качып келген экен. Аны жолдон Багыш Кабага бербей кармап алат. Каба аны доолаган соң ортодогу эл атын кайрып берет. Ага Багыш таарынып, Таластан нары бетегелүү Кой-Таш, Чаткал менен Аксы тарапка көчөт. Тагайдын уруктары «кой» деп алдына ат тартса да болбойт. Эски туугандарынан бөлүнгөн себеби ошондон. Ага кошулуп Койлондун кооз Жедигери да көчүптүр. «Бир ат үчүн туугандарды качырдың» деп, эл-журт Кабаны бийликтен алыптыр. Мына, ошол себептен «Кабанын аты качса кармаба» деген ылакап калган.

Көкүмдөн кийин анын уулу Кан Тейиш кыргызды жонунан бийлеген Кара Байтиктин азабынан казак-кыргыз жоо болуп бир чабуулда Кара Байтик да, Кан Тейиштин уулдары «Аккочкор менен Каңкы да өлөт...»[38]

Эгерде А. Затаевич жазып алганга ишенсек, «Шырдакбектин заманындагы Гайша деген хандын» балдары Аккочкор Каңкы калмак, кыргыз согушунда (мындан 275 жыл мурун) апат болгондой. Ак таңдай акын, атактуу манасчы Молдобасан элдик оозеки чыгармаларды иштеп чыгып, аны комузда эң сонун аткарган. «Молдобасандын да «Жаңыл Мырзасы», «Аккочкор Каңкысы» болгон.

Молдобасан менен Тоголок Молдодо, дегеле кайсы айткычтар менен жазгычтарды албайлы, «Жаңыл Мырза» баянында сюжеттик айырмачылыктар анча байкалбагыны менен эпизоддук жагдайларда кыйла ажырымдар бар. Бири Жаңыл шерди Аккочкорго карматса, бири бул эрдикти Аккочкордун иниси Абылга ыйгарат. «Аккочкор калмак кагылышында шейит кеткен» дегендерге «казактар колдуу болуп өлүптүр» сыяктуу пикирлер да жанаша жүрөт. Оозеки

37 Супатай уулу Аман. Уламадан уккан кеп // Мурас. 1991. №2.
38 Ш. Үмөталиев. Турмуш ашуусу. – Ф., 1983, 96-бет.

фольклорду тарыхый чындыкка байлап, тастыктап-тактап жазуу үчүн терең изилдеген көп эмгек талап кылынат.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Аккочкор Каңкы» | 3420 | 2'33 | Датка Шаакеев |
| 2. | «Аккочкор Каңкы» | 3298 | 1'42 | Чал Үсөнбаев |

# АЮУКЕ-МАЙТЫК

«Аюуке-Майтык» чоор, кыяк, комузда чертилген күү. Мураталы Күрөңкөй уулу бул күүнү кыякта тартып, комузда да черткен. Күү баянын Буудайбек Сабыр уулу 1978-жылы Ош областынын Кара-Суу районунда жашаган кыякчы Рахмат уулу Эргештен жазып алган.

– Тарта турган күүңүз кайсы?

– Кара чоорчунун күүсү «Аюуке-Майтык».

– Кара чоорчу деген ким болгон?

– Кара чоорчу Ысык-Көлдөгү Оргочор деген жерден.

– Кара чоорчунун күүсүндө эмне баяндалат?

– Илгери Аюуке-Майтык деген баатырга Кара чоорчу жылкычы болот. Күндөрдүн биринде жайылып жаткан жылкыга жоо тийет. Кара чоорчуну байлап, бир тайды союп, казанга салып:

– Ой жылкычы, кыягыңа караганда өнөрүң бар го? – деп сурашат.

– Өнөрүм бар, мен чоорчумун.

– Эмесе чооруңду тартып, эрмек бол!

– Макул, – деп чоорду сыздатып кирет:

Аюуке-Майтык, аттангын,
Элөөсүз болуп жатпагын.
Карагай башы жоо жатат,
Тайыңды союп жеп жатат.
Жылкыңдын баары айдоодо,
Жылкычың колу байлоодо.
Кара-Кыя, Сары-Жон,
Сары-Жонго бара көр,
Жолунан тосуп ала көр.
Жылкычы менен жылкыңды,
Ажыратып ала көр!
Аюуке-Майтык аттангын!..

Ошондо 11-12ге келген кызы атасынын күүсүн угуп, кийиз басып жаткан энесине келет.

– Атамдын чоорунун үнү чыгат, жоо келип атамды байлап койгон окшойт.

Тыңшаса, айткандай чоор тартып жатат. Аюуке-Майтык жигиттери менен аттанып, жоодон жылкыларын кайтарып алат.[39]

«Аюуке-Майтык» күүсү тууралуу жазма дарек ушул гана. Бул баян да айтуучу тарабынан жомокко көбүрөөк ыңгайлашып кеткен. Бирок шамал болбосо, чөп башы ыргалмак беле? Аюуке-Майтык кабарын санжыра-тарых булактары айгинелеп берер деп, Белек Солтоноевдин тарыхый маалыматтарына кайрылууга туура келди.

Буудайбек Сабыр уулу келтирген күү баянындагы «жылкы тийүү» окуясына жакын сюжеттик сызык Белек Солтоноевдин тарыхый иликтөөсүндө да учурайт: «1837-1838-жылдар чамасында Жантай уругунан Карачолок деген баатыр, черикчи Төрөгелди баатыр менен көктөмдө Чүйдүн башы Желаргыга келип конушат. Жылкычылардын бири: «эл жаткан кезде миң чамалуу жылкыны казактар айдап кетти», – деп кабар берет. Жайчыбек, Төрөгелди, Нарбото, Мундузсейит, Сарыбай, Карачолок, Майтык 12 жылкынын сүрдөөлүнө түшүп, Көл кечүүдөн кечип, Кара-Булактын кыр жонуна салып, Каштектин Иле жаккы башы Сары-Жаз деген жерге барса, 80-90 чамалуу киши жылкыларды имерип турган экен. Таң кылайганда Төрөгелди: «Суур болуп жер алдында жата беребизби, качан качырабыз?» – дегенде Нарбото «эми качыргыла!» дейт. Он бир киши жылкыларды аралап, үч-төрт жолу имергенде кырк-элүү ат чылбырын сүйрөп желип чыга берет. Жоо качат, жылкыларды кайта айдап келишет».[40]

Тарыхчы Белек Солтоноев Аюуке-Майтыкты турмушта жашап өткөн реалдуу адам катары баяндайт. «Эртиш менен Энесайдан жер которуп келген кыргыздар калмак менен көп жылдар аралашып, сөөктөшүп, катышып калгандыктан, далай ырым-жырым, ырасымдарды (шам жагуу, отко май салып сыйынуу, мазарга чүпүрөк байлоо, арак тартуу, келинди жүгүнтүү, дамбырташ ырымы, комузда «калмак күүсүнүн» чертилиши ж.б.) кыргыздар кабыл алып, балдарына калмакча ат да коюшкан. Мисалы: калмактын Аюуке деген ханы кыргыздарга келип кеткен. Ошол чакта сарбагыш Бөрүчөктүн катыны эркек төрөп, атын Аюуке

39 Б. Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980, 163-бет.
40 Б. Солтоноев. Аюуке-Майтык. // Ала-Тоо. 1989. №5, 89-бет.

коюшкан. Аюукенин тукуму азыр Чүйдө турушат, 70 түтүн». («Кызыл кыргыз тарыхынан»).

Бул мааламыттарга караганда, Аюуке калмактар үстөмдүк кылып турган мезгилде, Майтык болсо, Ормон Карачоро, Итийбас, Жайчыбек, Кара-Термечик заманында белгилүү болгон адамдар. Аюукенин урпактары Манап тукумдарындай эл бийлеген жогорку төбөлдүн өкүлдөрү эмес, өздөрүнүн баатырдыгы, эрдиги менен башчыларга жанашып, сөзгө алынып, күүгө илинген. Демек, комуз күүсүндөгү «Аюуке-Майтык» болуп кошталуп чертилген күүнү кыргыз элинин салтына ылайык, уруу жакшыларынын катар ысымдары катары кабылдоо керек.

# БУРГУЙ

Минген атыӊ Чалкашка жорго,
Жорголой албай бир таман жолго,
Салып бардыӊ жазалуу колго,
Түшүп калдыӊ жайылуу торго,
Не катылдыӊ өзүӊдөн зорго?!
Минген атыӊ Көккашка жорго,
Көрүнөө бардыӊ жасалуу коого.
Чалынып калдыӊ жайылуу торго,
Түшүп калдыӊ казылган орго.
Не катылдыӊ өзүӊдөн зорго?
Көк зоонун башы саналуу, Бургуй,
Көргөнүӊ калды каралуу, Бургуй.
Ак зоонун башы саралуу, Бургуй,
Алганыӊ калды каралуу, Бургуй.
Бararда атыӊ жорголойт, Бургуй,
Келерде каныӊ шорголойт, Бургуй.
Кара кыр ылдый көч келет, Бургуй,
Карчыгаӊ шаӊшып бош келет, Бургуй.
Кызыл кыр ылдый көч келет, Бургуй,
Кыргыйыӊ шаӊшып бош келет, Бургуй.
Ак зоонун башы эӊилчек, Бургуй,
Алганыӊ калды келинчек, Бургуй.
Көк зоонун башы эӊилчек, Бургуй,
Көксөп бир келет келинчек, Бургуй…

дедиртип, «Бургуй» күүсүн кыякта Саид Бекмурат уулу, ноокаттык Дыйканбай кыякчы тартып, комузда Жөлөгөн Чымырбай уулу чертип, Үлбүрчөк-Бургуй аттуу баатырлардын жоо колдуу шейит кеткенин угузганда каралуу калган катындарынын кошкон кошогун баян кылышкан. Ал эми Ыбырай Туман улуу, Асаналы Кыштообай уулу, Байтик Короочу уулу, Толтой Мураталы уулу сыяктуу комузчу, кыякчылар бул муӊ кайрыктарды «Бургуй» аттуу

карандай күүдө чагылдырып, радио тасмасына тапшырышкан. Арийне, аспапчылардын бирлеринин «Бургую» эрдигине чыдабай Жаңыл Мырзага каршы аттанып жан таслим болсо, бирлеринин «Бургую» капыстан басып кирген жоону талкалайт. Бул да болсо, ээн-эркин өөрчүгөн элдик оозеки чыгармачылыктын табиятынан. Оозеки улама-аңыздардын учугун улаштырып, дастан өңүтүндө иштеп чыккан эл акындар Тоголок Молдо, Молдобасандын үлгүсүндө «Бургуй» күү баяны жашап келет.

Кыз Жаңылдын кабары кылымга кетип дүң болуп турганда Чоң Анжыян жердеген, эрегишкен душманга эзели теңдик бербеген Кокондун беги Үлбүрчөк менен Бургуй баатырлар (сарбагыштын жетиген уруусунан) Кашкарды сурап турган Турсунбек менен тил табышып, «айтканыма көнсө нойгуттан чыккан баатыр кызды ак никелеп алам, өз пейли менен тийбесе зордукка салам, кокус каяша кылса элине кандуу уруш ачам» деп, акбараңдан тандап түздү алып, баатырдан тандап жүздү алып, Талдыктан Алайга ашып, андан Кербез-Тоо аркылуу Мургапка түшүп, Опол тоону бойлоп, ою-кырын жойлоп, ашуу ашып нойгут жерине келип калышат.

Аражолдо аң уулап жүргөн мергенди кармап, колу-бутун байлап Жаңылдын жайын сурашат. Мерген жортуулчулардын жоболондуу жоруктарын байкап: «Мен Жаңылдын элиненмин, кулан атып кел деп Мырзабыз буюрду эле. Силерге айтар акылым: «Жаңылдын элин чабамын, өзүн катын кылып аламын» деп, ооз көптүргөнүңөр эсиргендик. Ачууга алдырбай акылга келсеңер тилегиңер орундалып калгысы бардыр. Кокус жоо катары барып Жаңылга катылсаңар, бөөдө өлүм болосуңар, талпагыңар ташка жайылат.

Ашык эмес, Бургуюм,
Жаңылдан сенин өнөрүң.
Ашкере намыс деп барсаң,
Анык сенин өлөрүң.
Калп дебе менин сөзүмдү,
Каарданса эр Жаңыл,
Калбыр кылат төшүңдү.
Аяп турам өзүңдү.
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Балбандарың бар экен.
Ала көөдөн кем акыл,
Дардаңдарың бар экен.

Сынап турам баарыңды,
Бөөдөсүнөн катылып,
Агызбагын каныңды» –

деп, чын ыкыластан аяп, эскерткенине карабай, Бургуй баатыр сокур намыска алдырып:

Мен, Кара Тегин Калчаны,
Караттым элден канчаны.
Букарга барып кол салдым,
Тажикти чаап кыйраттым,
Атайын келип эми мен,
Катындан кантип качамын?! –

деп, таламандын тал түшүндө Жаңылдын жылкысын тийип жөнөп бербеспи?!

«Жоо келди» деген кабар жетип, Жаңыл жигиттери менен жылкы артынан сая түшөт. Үлбүрчөгү жанында, сан жылкылар артында, санаасы тынып, бейкабар бараткан Бургуйга Казкара тулпарын алкынтып, кыз Жаңыл жете келет. Беттешүү Маралбашы деген жерде болот. Андай-мындай деп сөзгө келбей эр Бургуй жекелеп ураан чакырып, кыз баатырдын жолун утурлайт. Эки баатыр качырышып келатып, тай чабым калганда Жаңыл тарткан жебе Бургуйдун жүрөгүнө кадалат, көз ачып жумганча экинчиси маңдайга жабышат. Окуяны баамдаган Үлбүрчөк ат тизгинин кайра тартканда, арттан жете келген баатыр кыздын жаа октору дал ортону калбыр кылып тешип өтөт. Баатырларынан ажырап абдыраган жүз балбанды кайрып келип, уруу-урууга кул жумшап таратып ийишкен. Жыл маалында гана Бургуй элинин билермандары тартуусу менен келип, башы байланган адамдарын бошотуп кетишет.

**Үлбүрчөк, Бургуй аялдарынын кошогунан:**

Алам деп бардың Жаңылды,
Жаңылдан мээнет жабылды.
Кантейин аран күч,
Адигине эл калды,
«Үлбүрчөк, Бургуй» аталып,
Жердеген жазы жер калды.
Үлбүрчөк, Бургуй эки эрдин,
Жаңылдан болду катары.

Жарашпады сапары,
Асыл туйгун эки эрдин,
Айтылып калды макалы.
«Үлбүрчөк, Бургуй» аталып,
Эки жайлоо төр турат.
Жылаңач – Чытты белинде,
Эки булак суу агат,
«Үлбүрчөк, Бургуй» аталат.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Бургуй» | 3081 | 1'52 | Ыбырай Туманов |

# КАРАГУЛ БОТОМ

«Карагул ботом» – эски күү. Биздин мезгилге Ниязалы менен Токтогулдан, Күрөңкөй менен Музоокеден, Абак менен Боккөтөндөн келип жеткен. Булар да өз учурунда мурдагы муундан үйрөнүшкөн. Кыргыз радиосунун музыкалык казнасына ондогон комузчулардын, темир ооз комузчулардын, кыякчылардын, чоорчулардын аткаруусунда «Карагул ботом» жазылып алынган. Эл оозунан жыйнап, кагазга түшүргөн Кайым Муптак уулу. Кийинчерээк Калык сюжетти кеңейтип, «Карагул» аттуу дастан иштеп чыккан. «Карагул ботом» дастанынын жаңы үлгүдө өтө шыктануу менен аткарган Ашыралы Айталиев.

Байыркы кыргыздар аңчылык менен кесип кылган. Бирок, жаныбарларды аёосуз кырып-жоюуга жол бербей жаратылыштын тең салмактуулугун сактап келишкен. Тоо жаныбарларын «кайберен» деп атап, анын касиетине сыйынышкан. Аларды тукум-курут кылса түбү кырсыкка кабыларын каңкуулап, чектен тыш ташбоордукту табыят өзү жазалап коёт дешкен. Ага мисал катары «Кожожаш», «Карагул ботом», «Буудайык» сыяктуу дастандарды жаратышып: Кожожаштай мергенди касиеттүү кайберен каргап аскага камап, сөөгүн сөпөт кылып өлтүртсө, «Карагул ботом» аркылуу чолпондой жалгыз баласын атасына аттырып, куу мергенди өмүр бою кайгы муңга салып, тапка кирбес Буудайыкка Кара Төлөк саятчынын, анан баласынын боорун жедирген. Буга карата Чыңгыз Айтматовдун айтканы эске түшөт: «Көрсө, адам баласы атам замандан эле табыятты коргоого далбастап келген тура... аны драма-трагедия формасына салып, ал аркылуу өз уят-сыйыттарын жаратылышка жасаган мамилелерин жемеге алып, айыптоону туура табышыптыр»... «Карагул ботом» кошогунун өзөгү мына ушул айыптоочу мүнөзгө ээ. Бул улама сөз кээде ылакап катары да колдонулуп эл оозунда кеңири айтылып келет.

«Карагул ботом» күүсүнүн мазмундук өзгөчөлүктүгүнө сересеп салып байкаган адам анда ар түркүн вариант жаткандыгын

аӊдабай койбойт. Анткени, Карагул ботомдун бир вариантында жогоруда сөз кылгандай жалгыз баласын жаӊылыш атып алган карт мергендин кабырганы кайыштырган кайгы-муӊу, өкүнүч-өксүгү жатса, дагы бир вариантта душман колдуу набыт болгон баатыр жигит Карагулду жоктогон кошок түркүм күү менен чертилип жүрөт.

Бир заманда жашаган адис мерген ак карлуу тоолордо, аскалуу зоолордо таманы баспаган жер калбай уу кумарында күн өткөрүп келет. Мергендин Эрегул, Мырзагул деген балдары эр жеткенде бири айтышкан доодо өлүп, бири айыгышкан жоодо өлөт. Мерген алтымышка таяганда дагы бир уулдуу болуп, атын Карагул коёт. Карыганда көргөн жалгыз баласын абышка-кемпир көзүн карап, жакшы багышат. Карагулга чаарчыктын терисинен тон тигип берет. Күндөрдүн биринде Акбараӊ мылтыгын тазалап, мерген ууга чыгууга камына баштайт. «Мени да ала бар, ата» деп, ээрчигенине карабай: «Балам, сен али жашсыӊ, тоодо жүрө албайсыӊ» деп, алты жашар Карагулун таштап кетет. Тоого чыгат мерген – тоодон кийик көрүнбөйт, кырга түшөт мерген – кырдан кийик табылбайт. Карагул болсо атасын ээрчий чыгып, ага жетпей адашып, чарчаганда балтыркандын түбүндө отуруп, уктап кеткен. Жолу болбой, уусу жүрбөй, ызаалуу келаткан мерген балтыркан түбүндөгү «чаарчыкты» көрө сала атып жиберип, чуркап келип, «олжосун» ала коймок болду эле, чаарчык эмес, баласы Карагулдун башы шылк эте түшөт. Абышка чочуп кетип, «баа» деп бакырып эси ооп жыгылат. Баланы көтөрүп алып, айылга түшөт. Эл чогулат. Ошондо алты жашар баласы Карагулду жоктоп, ботосунан айрылган ингендей боздоп, сакал ылдый жашын куюлтуп, кошуп, ыйлап турган жери:

Кагылайын ай, каралдым ай, ботом,
Мен кайгыдан күйүп барамын ай, ботом.
Алты жашар ардагым ай, ботом,
Мен азаптан түтөп барамын, ай, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул а ботом.
Тескей бир жерге сен жаттыӊ ботом,
Темселип келип ит атаӊ, ботом,
Теке бир экен деп, сени аттым ай, ботом.
Улуу тоого сен жаттыӊ, ботом,
Ууга чыккан ит атаӊ,
Улак экен деп, сени аттым ай, ботом.

Балтыркан түбү былк этти, ботом,
Бараңдан түтүн бурк этти, ботом.
Барып бир ала коёрдо, ботом,
Баламдын башы шылк этти ай, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул-а ботом.
Жалбырак башы былк этти ай, ботом,
Жарактан түтүн бурк этти ай, ботом.
Жетип ала коёрдо, ботом,
Жалгызымдын башы шылк этти ай, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул-а ботом.
Керилип жаткан уулумбу, ботом,
Кетирдиң менин муунумду, ботом.
Мурун бир өлгөн Мырзагул, ботом,
Муңга бир салдын, Карагул ай, ботом.
Качан бир өлгөн Эрегул, ботом,
Кайгыга салдын Карагул ай, ботом.
Сенин маңдайың тешип ок кетти, ботом,
Менин толтомду тешип от кетти, ботом.
Сенин башыңды жарып ок кетти, ботом,
Менин боорумду эзип от кетти ай, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул-а ботом.
Алтыдан бакан түркүгүм, ботом,
Ай тийген тоодо күкүгүм, ботом.
Бир эле «ата» деп койчу, күчүгүм ай, ботом,
Күмүштөн бакан түркүгүм, ай, ботом.
Күн тийген тоодо күкүгүм ай, ботом,
Бир эле, күлүп койчу күчүгүм ай, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул-а ботом-ай,
Карагул бото-ом!..

Ботодой боздогон чалынын үнүн угуп, чуркап келген кемпир кызыл-жаян кан болуп суналып өлүп жаткан баласын көрүп, ал дагы эси оол жыгылды. Бир кезде эсин жыйып, Карагулун бооруна кысып, буркурап ыйлап, катуулугунан кара жерге кирип кете албай, таттуулугунан кара жанын кыйып өлүп кете албай, кантер айласын таппай, баласын кошуп ыйлап жатты:

Жаттың беле жол тосуп,
Жалбырттап муңга күйгөндөй, ботом.
Же жазмышыңды билгендей, ботом,

Жаткан чаарчык экен деп,
Жалп эттире атыптыр,
Жанагы жаман атаӊ иймөнбей, ботом.
Эми түбөлүк боздоп жүрөмүн,
Тайлагы өлгөн ингендей а, ботом.
Карагул-ай, Карагул... Карагул ботом.

Бир кезде кемпир байкуш жашын куюлтуп, буркурап, кошуп турган абышкасына кайрылып:

Кайберен атып алгансыӊ, какбаш,
Кайберендердин каргышына калгансыӊ, какбаш!
Улагын атып салгансыӊ, какбаш,
Убалына капкачан калгансыӊ, какбаш!
Карабай аттыӊ семизин, какбаш,
Капарыӊа албадыӊ, жетим менен эгизин, какбаш!
Сейилдеп оюн кургуздуӊ, какбаш,
Сегиздеп оӊко тургуздуӊ, какбаш!
Той-тойлоп оюн кургуздуӊ, какбаш,
Тогуздап-оӊко тургуздуӊ, какбаш! –

деп, каргап-шилеп, жекирип жатты.

«Карагул ботом», «каралдым ботом» деген чуудан улам эжеси жетип келип, Карагулдун өлүгүн көрүп, чыркырап ыйлап, чымын жанын кыйнап:

Адырдан аткан бугуӊду,
Ак тескей ылдый кулаттыӊ ээ, ата!
Ак кайыпка асылып,
Эми, ардагыӊды сулаттыӊ ээ, ата!
Эчкисин аттыӊ «бооз» деп,
Улагын аттыӊ «кооз» деп.
Кысырын аттыӊ «семиз» деп,
Экөөнү аттыӊ «эгиз» деп.
Атекай, акыры аттыӊ балаӊды,
Артыӊда чыккан сени издеп а, ботом, –

деп, кошту...

Арийне, «Карагул ботом» кошогу – жалгыз баласынан ажыраган абышка-кемпирдин гана күйүтү-кайгысы деп бир жактуу бүтүм чыгаруу аздык кылат. Анда табияттын: «колуӊ менен жасаганды мойнуӊ менен тарт!» деген өкүмү жатат.

«Карагул ботом» кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Карагул ботом» | 9107 | 1'50 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Карагул ботом» | 9150 | 2'34 | Датка Шаакеев |
| 3. | «Карагул ботом» | 7971 | 2'03 | Самсалы Аликеев |
| 4. | «Карагул ботом» | 9562 | 8'18 | Кулмат Асанбаев (кыяк) |
| 5. | «Карагул ботом» | 3738 | 3'28 | Асанбай Каримов (чоор) |
| 6. | «Карагул ботом» | 3238 | 2'29 | Кошалы Кыскараев |
| 7. | «Карагул ботом» | 6732 | 2'25 | Барамша Абдракманов |
| 8. | «Карагул ботом» | 6011 | 2'65 | Сүйдүм Төлөкова (темир ооз комуз) |
| 9. | «Карагул ботом» | 5475 | 2'30 | Нуруйла Усупова (темир ооз комуз) |
| 10. | «Карагул ботом» | 467 | 2'00 | Зина Шайбекова (темир ооз комуз) |
| 11. | «Карагул ботом» | 5497 | 1'33 | Кана Базаркулов |
| 12. | «Карагул ботом» | 2236 | 2'36 | Үмөр Маамытов |

## «Карагул баатыр»

Өткөн замандарда балдары токтобогон ата-эне Карагул аттуу балалуу болуп, ырымдап таятасына беришет. Таятасынын Үмөтөй, Чомотой деген уулдары болгон. Үчөө тең баатыр чоңоюшат. Күндөрдүн биринде, булар ууда жүргөндө атасынын жылкыларына жоо тиет. Үч азамат айылга келип, болгон окуяны угуп, жоо артынан жөнөшөт. Билген төтө жолго салып, айланып өтүп, жоо алдынан из чалып, бугуп жатышат. Чомотой жолду карап, жетимиштей адам жылкыны айдап келатканын көрөт да тигилерге кабар берет.

– Канча киши экен? – дейт Карагул.

– Он чакты эле адам, – дейт Чомотой сыр билдирбей.

Жоо жолуна Карагул байкоо салып:

– Силер жаңылыпсыңар, таякелер, беш эле адам келатпайбы, – деп тамашалайт. Үч баатыр жоого ылаачындай тийип, өлгөндөн калгандарын атына таңып алып, жетимиш атты жылкыларына кошуп айдап үйлөрүнө келишсе, атасы өксөп өкүрүп, энеси балдарын жоктоп кошуп жатат дейт:

Чоң тору ат минген Чоботой, ботом,
Үйрөтмө ат минген Үмөтөй ботом.
Канаттуу ат минген Карагул, ботом.
Кара тубар байталдан,
Казатка минер ат туулбас, ботом.
Картайганда энекең,
Карагул сендей уул туубас, ботом.
Токтогон тукур байталдан,
Тоорулга минер ат туулбас, ботом.
Токсондогу энекең,
Чоботой менен Семетейдей эр туубас, ботом.
Эсилдеримден айрылып,
Эстен тандым, мен куубаш, ботом...

Көрүнүп тургандай «Карагул ботом» табиятында фольклордук нукка тереңдеп сиңип кеткен. Көндүм ой жүгүртүүгө салсак «Ой бу жомок, чындыктан алыс» деп, кол шилтеп коюшубуз да ыктымал. Аспапчылар айтып жатса ишенинкиребей: «Кайдагы Карагул... Бул ойдон чыгарылган кыялый каарман...» дечүлөр да жок эмес.

«Калк айтса калп айтпайт». Комуз да үч кыл тилин дирилдетип, көргөнүн-билгенин сүйлөйт. «Карагул ботом» деп какшанышта да бир жөн бардыр.

Белек Солтоноевдин тарыхына кайрылалы: 1685-жылдары Галдан тайшынын тушунда кыргыз, казактар менен калмак баскынчыларынын ортосунда катуу уруш болуп, кыргыздын нечен азаматтары кырылып кеткен. Алардын ичинде багыш кыргызынын Аккочкор менен Каңкы жана Чоботой, Семетей деген баатырлар да болгон. Долондо жол тосуп жаткан Карабагыш Төлөк баатыр каптап келген калмактарга шаасы жетпей 200 жигити менен кырылган. Арка кыргызы Кантейиштин ордуна сарбагыш кыргызы Кудаянды хан көтөрүшүп, Черик кыргызынын көбү Какшаалга качып берген.

Жогоруда өлгөн Чоботой менен Семетейдин жээни Карагул баатыр таякелеринин кунун кубалап, жигиттери менен калмакка аттанып келатканда Ферганага жол тартып бараткан калмактын калың жоокерине кептелип калып, теңдешсиз урушта кырылган». Бул тууралуу энесинин кошкон кошогу:

Чоң тору минген Чоботой, ботом!
Чоюлган кыраан Семетей, ботом!
Чын жолборсум Карагул, ботом!
Кең Колдун башы көк шибер, ботом!
Кебелбес баатыр Карагул, ботом.
Чоң төрдүн башы көк шибер, ботом,
Чочубас баатыр Карагул, ботом!
Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт.
Карып калган энекең,
«Кабылан качан келет?» деп,
Карай-карай жол сактайт, ботом!
Куркулдап куулар көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт,
Куурап калган энекең,
«Кулунум качан келет?» деп,
Кудайдын күнү жол сактайт, ботом!
Карып калган бээден,
Кайгуулга минер ат туулбас, ботом.
Картайганда энекең,
Карагулдай эр туубас, ботом!
Токтогон тукур бээден,
Тоорулга минер ат туулбас,
Токсондогу энекең,
Чоботой менен Семетей,
Эки арстандай эр туубас,
Эсилдеримден айрылып,
Эстен тайдым, мен куубаш, ботом!

«Карагул ботом» кайрыктары эриккенде эрмек үчүн чертилбегендигин, анын муңга кирингeн мукам кайрыктарында «ачыла элек сандыкта бычылбаган кундуз жатканын» каңкуулап, ошол сыр-сандыктын килитин таап, «бычылбаган кундуздарды» чубап чыгуучу учур келди.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Карагул баатыр» | 3098 | 2’14 | Асаналы Кыштообаев (комузда) |
| 2. | «Карагул баатыр» | 3610 | 2’25 | Асанбай Каримов (чоордо) |

# АКБАРАК, БОТОМ

«Акбарак, ботом» күүсү Памир кыргыздарында комузда, кыл кыякта аткарылат. Бул күү түндүк комузчуларына көп маалым эмес. «Акбарак, ботом» күүсүнүн баянын окумуштуу-фольклорчу Жээнбай Мукамбаев Памир, Жерге-Тал кыргыздарынан жыйнаган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнө киргизген. Комуз күүсүн жыйноочу илимпоз Буудайбек Сабыр уулу да Ош облусунун Ноокат районунан Таип Рысмат уулунан жазып алган Жерге-Тал районунан Мутан Үсөн уулу мага кат аркылуу салып жиберген материалдары да күү баянында бар.

Жээнбай Мукамбай уулу: «Акбарак, ботом» деген күүдөгү Акбарак деген атты «Карагул ботом» деген ырдагы Карагулдун аты менен алмаштырып алганбы деп ойлоого негиз жок. «Акбарак, ботом» Алайдан тартып Памирге чейин белгилүү ыр-күүдөн. Эки атоонун кайсынысы мурда пайда болгонун айтуу кыйын. Фольклорчу Ж.Таштемиров да бул ырдын эки варианттагы текстин жазып алган, анын биринде Акбарак көлгө түшүп көз жумса, экинчисинде Нарын сууга агып көз жумат. Мен жазып алган вариантта ал Чоң-Алайдагы Көк-Сууга агып кеткен» – деп эскерет.[41] Буудайбек Сабыр уулу жазып алган вариантта да сууга агып өлгөн баласына энесинин кошкон кошогу айтылат. Жогорудагы варианттар мазмундук жагынан анча айрымаланбайт, айрым ыр саптары бири-бирине үндөшүп турат. Буудайбек Сабыр уулу берген варианттагы:

Керегенин саканак, ботом,
Кеңешке тууган Акбарак, ботом,
Жайлоо бир уйдун саканак, ботом,
Жалгызга тууган Акбарак, ботом, –

сыяктуу саптар Ж. Мукамбай уулу жазып алган вариантта да учурайт:

41 Ж. Муканбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф., 1982, 207-бет.

Керегең сынса саканак, ботом,
Келиндин көркү Акбарак, ботом.
Уугуң сынса саканак, ботом,
Уландын көркү Акбарак, ботом.

Мындагы күү баян сюжеттүү келип, окуя ыраттуу сүрөттөлгөндүктөн окурмандарга ушул вариантты сунуш кылабыз: «Кечинде Эргештикинде болдук. Анын атасы бизге сураптай эле күүлөр тарыхы жөнүндө айтып отурду. Аз сүйлөдү, көбүнчө күү чертти. Аны биз магнитафонго жазып жаттык. Эргеш бир кезде Памирдик күүлөр жөнүндө ойлорун ортого салды: Бир кезде Сабыр атанын, Умсун эненин Акбарак деген баласы болот. Алар Алайдагы Көк-Суу деген чоң дайранын боюнда жашайт. Чал-кемпир балага бир тай сатып берет. Тай жетилет. Бала да жетилет. Кийин ал Көк-Сув дегендин аркы өйүзүндөгү бир кызга ашык болот. Бирок Көк дайрадан өтүш кыйын. Кыз да балага ашык. Кыз өйүздө жүрүп ырдайт:

Айылда жатып дуба алам,
«Аламын» деген убадаң.
Убадага турбасаң,
Алтын ов, армандуу болот убарам.
Кечүвүн таап кечпесе,
Көк сувдан кыйын көрбөдүм.
Келиштирип айтпаса.
Ырдан ай кыйын көрбөдүм...

Күндө түрдүү кубултуп, күндө башкача ырдайт. Жигит да ашыктыкка күйүп, ар кыл ырларын ырдайт.

Ырдын башы кыз болот,
Ыргалып үйдөн чыкканда,
Ичимден дартым козголот.
Айтпасам ичим дем болот,
Андазалув зирегим,
Адамда сиздей ким болот?
Аргымак минип көч баштап,
Андаза менен кеп баштап,
Ай-Көлгө келип коносуң.
Эки эмчегиң тирсийтип,
Качан жарым болосуң?
Атаганат зирегим,

Алдыга жетсин тилегим.
Айландырып карасам,
Ай, өрттөнүп жүрөгүм.
Салтанатта басканың,
Сайдын куму зирегим.
Күлүмсүрөп карашың,
Күндүн нуру зирегим.
Аттиң зирек бейдаба,
Алтын атка конупсуз.
Абалтан тагдыр шол экен,
Аптапка кайыл болупсуз.
Чыныгы тагдыр шол экен,
Чыгымга кайыл болупсуз.
Санасаң элге келип жүр,
Сагынсаң белек берип жүр.
Зирегимди мен коюп,
Селки айым деп баштайын.
Болор-болбос убада,
Болжол кылба селки айым.
Боорум кайра тартайын,
Саар менен аттансам,
«Саламат жүр» деп айтарсың
Капталдагы ыргайдай,
Калтырайсың селки-айым,
Алтының барбы пүчүңдө?
Арманың барбы ичиңде?
Арманың болсо өзүмө айт,
Ашыгып жүргөн пендемин,
Ак сувга алкым чабайын.
Ак сувга алкым чапсам да,
Алтыным сени алайын.
Күмүшүң барбы пүчүңдө?
Күйүтүң барбы ичиңде?
Күйүтүң болсо өзүмө айт,
Күйүгүп жүргөн пендемин,
Көк-сувга өпкөм чабайын.
Көк-сувга өпкөм чапсам да
Күндөйүм сени алайын... –

деп, ак эткенден так этет. Айла канча, Көк-сувдун аркы өйүзүнө жете албайт. Дарыя чоң, суу терең. Бир күнү Акбарак чыдабай Дөнөн деген аты менен сууга кирет. Сууга кирген менен өйүзгө чыкпай агымдын тереңине кетет.

Ошондо энеси минтип кошкон экен:

Ак ирим сууга сен түшүп, ботом,
Ак Дөнөн кыйын дедиңби, ботом?
Көк ирим сууга сен кирип, ботом,
Көк Дөнөн кыйын дедиңби, ботом?
Атадан жалгыз Акбарак, ботом,
Апакең ыйлап, дак болду ботом,
Энеден жалгыз Акбарак, ботом,
Энекең ыйлап дак болду, ботом.
Керегең сынса саканак, ботом,
Келиндин көркү Акбарак, ботом.
Уугуң сынса саканак, ботом,
Уландын көркү Акбарак, ботом.

Жерге-Талдан Үсөн уулу Мутандын жазып жибергени:

Ак турпак беде баданиң, ботом,
Ак суудан беле ажалың, ботом?
Көк турпак беде баданиң, ботом,
Көк суудан беле ажалың, ботом?
Кайрылып аккан кара суу ботом,
Кайненем үйү дедиңби, ботом?
Ийрилип аккан ийри суу ботом,
Инимдин үйү дедиңби, ботом?
Кайрылбай кеттиң атаниң, ботом,
Кайгыны тартып жатамын, ботом.
Күйүтүн тартып улудум, ботом,
Күндө эстеп сени курудум, ботом.

# МОҢОЛБАЙ

Радионун музыкалык казнасында кабатталган картотеканы барактасаңыз бабалар калтырган байыркы күүлөрдүн канчалары колуңузга урунар эле. Алардын ичинде биздин муундун аспапчыларынын назарына анча илине бербеген «Моңолбай» күүсүнүн эле бир нече варианттары («Моңолбай», «Баймоңол», ж.б.) бар. Ыбырай Туман уулу, Датка Шааке уулу, Усуп Ороз уулу, Асаналы Кыштообай уулу, Акысбек Дүйшө уулу, Анаркул Эркинбай уулу, Бексултан Бердибай уулу, Шүкүралы Бектен уулу сыяктуу күү чеберлеринин «Моңолбай» күүлөрү ошол алтын казнада сакталуу.

Арман муң чайыган ыргакка бай бул күүгө ынтызар болбогон комузчулар аз, илгери муундун өкүлдөрү «Моңолбайга» тегиз кайрылган. Тилекке каршы, не музыка билермандары, не үн жазгыч адистер күүнүн жаралышы тууралуу маалыматка маани бербей келет. Натыйжада, «Моңолбай» күүсү тарых таржымалынан жайдак калган.

Москвадан келген музыковеддер: А. Затаевич, В. Виноградов «Моңолбай» күүсүн Мураталыдан 1928-жылы алгачкылардан болуп нотага түшүрүп, маанисин чечмелөөгө аракет жасашкан. Бирок, жетишерлик маалымат болбогондуктанбы күү баяны тууралуу толук бүтүм чыгара албай, күймөлүп калгандай.

В. Виноградовдун минтип жазганы бар: «Күүнүн («Моңолбай») аткарылышы темпераменттүү. Ошол эле учурда, бий ыргактарын да кучагына камтып тургансыйт. Бул күүнү А. Затаевич «Кере күү» деп атаган, бирок «Керме күүгө» көбүрөөк жакын. «Моңолбай» күүсүнүн негизинде салттык кошок стили жатарын да аңдоо кыйын эмес».[42]

Моңолбайдын ким экендигин, өмүр-тагдырын кабарлаган материалдар азырынча бизди алымсындырбайт. Эч болбоду дегенде эр жигитке арналган эки ооз ыр саптары эл оозунда сакталып

42 В. Виноградов. Мураталы Куренкеев. – Ф., 169-бет.

калбаганы өкүнүчтүү. Алайлык комузчу-кыякчы Жали Али уулу аткарган элдик күүлөрдөн «Моңолбай жалгызым» да бар. Актан Тыныбек уулунун айтымында: «Сан колдуу жоокердин кан төгүлгөн кармаштары, алардын эрдиктери элестетилип чертилгендей». Бул пикирге караганда Моңолбай калмак баскынчылары менен кагылыштарда шейит кеткен азаматтардын бири болгон сыягы. Радиого жазылган үн тасмаларында «Баймоңол» аталыштагы күү да сакталып турат. Булар бир адамга тийиштүүбү, же эки адамды туюндурабы, азырынча так кесе айтыш кыйын. Ушул жерде 1980-жылы комузчу Асаналы Кыштообай уулу менен «Баймоңол» күүсү тууралуу аңгемелешкеним эске түшөт. Анда Баймоңол турмушта жашап өткөн тарыхый инсан катарында айтылган эле.

«Баймоңол – моңолдордун Кара тукум деген уруусунан. Баймоңолдун келини чыгыштык кылып, көлдүн Бугу уруусунан Ногойдун Чоң Карачы дегенге тийип кетет. Баймоңол Тилекмат уулу Чыныбайга арызга келсе Чыныбай аны кабыл албай, арызын укпай коёт.

Тилекматтын сегиз катынынын эң улуусу Кенжеке – Чыныбайдын энеси моңолдордун кызы экен. Эшиктен кирип келип, баласы Чыныбайга айтат: «Балам, таяке жээндин пири болот. Алдыңдагы адамдын арызы болсо угуп, айткан сөзүн тыңдап, колдон келген жардамыңды аяба, антпесең кесирге каларсың», – дейт. Чыныбай энесинин айтканын эп көрүп, Баймоңолдун өтүнүчүн аткарат да, келинин колуна салып берет. Аттанып жатканда ичтеги муңун чыгарып, күйөөсүнүн өрөзгөй жорук-жосундарын кайнатасына айтып турганы:

Аш айран ичтим «чалап» деп,
Аңдабай туруп тийипмин,
Атаке, алдагыңды «манап» деп.
Манаптан мунуң айлансын,
Алганын сыйлай алуучу,
А көрө букарага башым байлансын...

Кайнатасы Баймоңол келинге ыраазы болуп, уулуна: «Аялына жөнү жок акаарат кылган эркектин иши эч качан оңолбойт, коломтосу өчүп, үйү бузулат» дедиртип күү менен насаат берген экен. Баймоңолдун ошол осуят күүсү кийинки комузчулар тарабынан уланып кеткен.

«Моңолбай» («Баймоңол») күүсү радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Моңолбай» | 8966 | 3'56 | Усуп Орозов |
| 2 | «Моңолбай» | 9374 | 3'30 | Асаналы Кыштообаев |
| 3 | «Моңолбай» | 5088 | 2'02 | Акысбек Дүйшеев |
| 4 | «Моңолбай» | 9143 | 3'00 | Датка Шаакеев (кыяк) |
| 5 | «Моңолбай» | 3063 | 2'13 | Ыбырай Туманов |
| 6 | «Моңолбай» | 3944 | 2'09 | А. Эркинбаев |

# АСКАЗАНДЫН ЖЕБЕСИ

Комуз күүсүнө кимдер куштарланбайт. Терең ойлуу, таасын күүлөрдү чебер аткаруучунун чертүүсүндө уга билүүнүн өзү эстен кеткис дүнүйө мүлк эмеспи. Аталардын бул эстелик мурасын аздектей билген, анын ажайып сырларын ача билген, маани-мазмунун чечмелеп айта билген ар тарабы шайма-шай комузчуларыбыз деле анча көп эмес. Бирок өрнөктүү жолду жолдоп, кыргыз күүлөрүнүн өмүрүнө өмүр улап өркүндөтүүдө өз салымын кошо билген кыл чеберлеринин ичинде Намазбек Уралы уулунун ысымы кыйла журтка үйүр ала баштаган. Намазбек азыр табына келип турган учуру. Белен да, бей дайын да кайрыктарга толо: «Улукман акенин арманы», «Кыз Дарыйка», «Асказандын жебеси», «Калмак күүлөр» биз уккан, биз укпаган «Ботойлор», «Шыңгырамалар», «Армандар»... ар кайрыкта али айтыла элек сырлар, Ата журттун тагдыры жатат... Аларды аңтарып-теңтербей ала-телек уксаң арманда каларың анык. Намазбек уккандарын илип алган куйма кулак комузчулардан. Ал комузду колго алардан мурун күү маанисин чечмелеп, баянын угармандар баамына салат. Комузчунун чечмелөөсү «ал андай дептир», «бул тигиндей дептир» сыяктуу кургак баяндардан алыс. Улама аңыз, санжыра сабактары, тарых таржымалына шайма-шай, угармандар ишенимине алымдуу.

Намазбекти сыртынан билчүмүн. 1996-жылы филармонияга артист болуп келгенде, үйдөн даам татып, жакындан таанышууга туура келди. Кайрыктары так, күүлөрү шаңдуу, күлүк аттын арышындай ыргактары даана азыркылардын алдыңкы сабындагы комузчулардан. Күүчүлдүк арымын комузчулардын республикалык кароо сынагында калыстар бир добуштан баамдай алышты. Бараандуу-караандуу комузчулардан бала комузчуларга чейин баш байгени Намазбекке бергени бекеринен эмес.

Намазбек аласы-чаласы жок бүттү деген күүлөрүн гана угармандардын сынына коёт. Арасында «Асказандын жебеси»

аттуу али бейтааныш күү дареги мени кылчактатпай кое албады. Ага угармандар жамааты да кызыкдар болоруна кепилге өтөр элем. «Күүнү чертсең айтып черт». Бабаларыбыз насааттагандай алгач баянына каныгып, андан соң кыл өнөргө кезек берсекпи деген кеңешке токтолдук, акындар айтса «Асказандын жебеси» аяк-башы узак кеп. Санжыра сандыгында саяктан берки уруу санаты убай-чубай ачыла бермек. «Кыргыз күүлөрүндө» кайрыкка илингендерин гана кабарлай коюуга туура келди: «Чоң атам Уралы убагында мыкты комузчулардан эле. Келиндери «комузчу аке» деп тергешчү. Филармониядан чакырык келиптир, бара албады, жылкычы болуп өмүр өтөдү – дейт Намазбек, – чоң атамдын нускасынанбы, же апам Зайранын таасириненби алты жашымда комуз кармап, алгач «Ботойду» черттим. Мектепти бүтүп, Бишкектеги Б. Бейшеналиева атындагы музыкалык институтка кирдим. Тилекке каршы, мен самаган комузга үйрөтүү сабактын ордуна ал жерде баянды кучактатып чыгарды.

Карамолдо, Ыбырай, Чалагыздай күү залкарларынан таалим ала албай калдым, ал кезде жаш элем. Элдик күүлөрдү радиодон, үн жазгыч тасмалардан угуп, сырттан өздөштүрдүм. «Калмак күү», «Улукман акенин арман күүсү», «Кыз Дарийка», «Керимбай жалгызым», «Асказандын жебеси» сыяктуу эски күүлөр чоң атамдын чертүүсүндө эсимде калыптыр.

Чоң атам Уралынын айтуусунда, Асказан 9 атадан аркы чоң аталарыбыз болот экен. Атам – Келгенбай, анын атасы – Уралы, анын атасы – Маматкул. Андан ары: Орус – Таштанбек Жайыл, – Авлей – Көтөчү – Коңураш деп кете берет. Коңураш көзгө атар мерген, балбан киши болгон. Үйгө мейман келеби, же бүлөсү этсиреп кеткенде «казаныңарды асып койгула» деп, жаасын асынып, саадагын байланып, өр таянып, тоого чыгып кетчү экен. Казан асылып, от жагылып, суу кайнаганча нык семирген эликтекеден эки үчтү мойнуна көтөрүп, өр ылдый түшүп келатканын көргөндөр «О, тигине, Асказан келатат» деп шашып калчу тура. Ошондон улам, Коңураш аты «Асказан» аталышка ооп кеткен. Уунун кызыгына баткан мергенчи күндөрдүн бир күнүндө Жунгар өлкөсүнүн чегинен өтүп, өгүздөй жолборстун изине түшүп өөдөлөп кете берет. Акыры кароолго илинген жырткыч ажал табат. Асказан шилтеген уу жебе жүрөгүн тепчий өтүп, оңкосунан кулайт. Жолборстун терисин сыйрып жатканда калмактардын кайгуулчулары капилеттен качырып сала берет. Канчаларын

торойто чапканы менен кан күсөгөн кармаштын акырында жалгыз болуп көп калмактын колуна түшөт. Кыл аркан менен чытырата колу-бутун байлап, кычуусу канганча кыйнап, тайшысынын алдына алпарышат да темир кишенге чырмап, зынданга салып, чекти бузган тентек буруттун эсебин табышат.

Ошол учурда ары-бери өткөндөрдү аты-маты менен челип ыргытып, адам эмес кирген бууранын кийиздей мыжыгып, жалгыз мүйүзү тумшук учунда ийилген тажаал жырткыч элдин жүрөк үшүн алып, жолоочулардын жолун бөгөп, өткөөл бербей өз билгенин жасап жатат дейт. Бул айбан «керик» дешет билгендер. Кыргыздар аны «бука кийик» дешчү.

– Ким бул жырткычты атып же кармап келсе, чоң белекке туйтунат – деп хан жар салат. Терисине ок өтпөс доңузга ким даап бара алмак? Тобокелчи азаматтар табылбай калк ичи бушайманга түшөт. Коңураштын (Асказандын) сырын билген баягы кайгуулчулардын бири: «Бул иш буруттун гана колунан келет. Жолборсту көтөргөн балбан Кериктен кетенчиктеп кача койбос» – деген оюн ханына кабарлайт. Хан бурутту зындандан чыгарып, жарлыгын кабарлап: «Керикти келбес жайга кетирсең, азаттык берип, хан сарайдын кыздарынан тартуу кылам», – дейт.

– Урматтуу хан, айтканыңызга макулмун, бирок Кериктин терисин тешип өтчү жаа жебесин жасоого ракым этиңиз, – дейт бурут. Хан макул болот.

Тоо текенин мүйүзүнө жаа, ыргай жыгачтын тунугунан жебе, бугунун чыбыгынан тээк жасалган жаңы куралды сынактан өткөрүү аземи башталат. Төө көтөргөн балбандар тээкти чоё албай суй жыгылышат. Акырында Асказан тарткан жебе алты кат калай калканды тешип өтүп, 60 кадам жерге барып сайылат.

Отуз адамдын (байкоочулардын) коштоосунда Асказан бука кийикке (керикке) карай ууга чыгат. Өңүткө жетип, өңкөңдөп келаткан керикти өпкө боорго мээлеп, учуна уу ширеткен жебени тартып калат. Оңкочук атып жыгылган бука-кийиктин кулагынан куйругуна чейин кайыш тилип алып, белине бекем ороп, жанындагы жандоочторду жазгырып, белгисиз тарапка жүрүп кеткен бурутту калмактар кайсалап таппай калышат да, кериктин эки кулагын кесип алышып, хандын алдына таштап: «Ордо жатып, буулуккан бурут качып кетти, азабы күч айбанды биз өлтүрдүк» – дешти. Хан калкын чогултуп, буруттун артынан

куугун салып, керикти жайлаган баатырларды сыйламак болуп жатканда кайдан-жайдан «качты» деген бурут пайда болду. Хан калыстык кылып, окуяны териштире баштаганда бурут keриктин жонунан тилип алган беш кез кайышты белинен чечип ортого салды. Буруттун эрдигине, кеңдигине ыраазы болгон хан убададан тайбай Асказанга эркиндик берип, хан сарайдын канышаларынын бирин күңү менен аттандырган экен. Кулчай, Эсентүгөл, Эсенбай, Ырыстай деген инилери, эли-журту кучак жая кубанышып Асказанды тосуп алышат. Асказан чоң атанын калмак аялы — чоң энебизден тарагандар Кожояр айылынын Майназар көчөсүндө бир айыл элбиз. Ал эми жогоруда аталган Кожоярдын беш уулу бүгүн «Беш ата Кожояр» аталып, Ысык-Көл районунда Кожояр, Чоң-Ак-Суу, Көк-Дөбө, Кароол-Дөбө, Кашат, Темировка сыяктуу 6-7 айыл. «Асказандын жебеси» аттуу күүмө эки элдин (калмак — кыргыздын) элдик музыкалык ритмдерин (ыргактарын) пайдаландым, анткени күүнүн түпкүрүндө калмак — кыргыздын каны аралаш генефонд — тукум улоочулук уюп жатат,» — дейт күү дарегин тамамдап комузчу Намазбек.

Ак кагазда из калбаса, санжырага тил бүтөт. Асказан түбү — саяк насилинен. Тагай бийдин асыранды баласыбы, же байыркы саяктардын укум тукумунанбы, ал жагы келечекте аныкталар, такталар. Колдогу санжыра санактарында тогуз ата өтүп, Асказанга такалса, сегиз атадан аркысы (Кожояр — Кудаш бий — Шыкмамат — Эшей — Бозтери — Түнтөй — Кааба). Саяк атада жатпайбы. Жаңыланган муундар аралыгы 25-30 жылга эсептелсе Асказан жашаган мезгил (1650-1700) калмак доорунан элес берет. Күүдө баяндалгандай Асказан калмактар үстөмдүгүндө канча азап тартпады? Белек Солтоноевдин тарых маалыматтарында 1634-жылы Жети-Суу ойрот мамлекетинде Коңтаажы өкүм сүрүп, казак ханы Эшимкан (эңчегер бойлуу эр Эшим) менен согушуп турган. Коңтаажы өлгөндө (1653) бийлик Сенге-ханга, кийин Галдан-Бошоктуга өтүп, калмактардан казак, кыргыздар жеңилип (1684-1685), кыргыздар Анжыян, Алайга качкан. Унковскийдин далилине караганда, XVII кылымда түрк насилиндеги буруттар (кыргыздар) Ысык-Көлдүн боюнда турган. («Кызыл кыргыз тарыхы»).

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Асказандын жебеси» | 10959 | 3'18 | Нурак Абдракманов |

# ЖАЛАЙЫР ЖАЛГЫЗ

Жээнбай Мукамбаевдин эскергени бар: «Эл ичинде күүлөр аз эмес. Жалпыга жетпей, бирок өз чөйрөсүндө чертилип, тартылып, (кыяк), ойнолуп жүргөн, бирок биз үчүн али «башын жаздыкка койгон бойдон «ойгоно элек» күүлөр бар экендин айткыбыз келет. Муну биз граждандык вазийпа деп эсептейбиз».[43] Ошол ойгоно элек күүлөрдүн бирин «Жалайыр жалгызды» комузчу Алтымыш Мундузбаев кыргыз радиосунун музыкалык коруна, Базар-Коргондук Кулмат уулу Илияз композиторлор бирлигине калтырып кеткен.

Жээнбай Мукамбаев Памир-Алай, Жерге-Талдын түндүгүн түрө кыдырып, бул жерде жашаган элдин ыр-күүлөрүнөн жыйнаган материалдардын ичинде («Эл ичи – өнөр кенчи», «Памир эмнени эңсетет» китептерин караңыз) «Жалайыр жалгыз» күү баянына да орун берген. Буга чейин Кайым Муптак уулу Ноокат менен Чоң Алайдан «Жалайыр жалгызды» жазып алган экен. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын тил, адабият институту жана Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультети тарабынан уюштурулган фольклордук экспедиция Кара-Кулжа, Памир, Алай райондорун кыдырган учурда эпикалык чыгармалардын ичинде «Жалайыр жалгыз» поэмасын айтуучуларды жана ушул аттагы күүлөрдү черткен адамдарды жолуктургандыгы жөнүндө адабиятчы Сапарбек Закир уулунун эскермеси белгилүү («Эл чыгармачылыгы – эл кенчи»). Жазуучу Омор Сооронов «Жалайыр жалгыз» дастанын жарыялоо менен элибиздин көөнөрбөс көркөм мурастарын жандандырууда атуулдук мамиле кылган.[44]

«Жалайыр жалгыз» болмушу территориялык өзгөчөлүктөрдөн улам, тилдин диалектилик мыйзамдарына жараша, айтуучулардын түшүнүк деңгээлине байланыштуу каармандардын аталышында, эпизоддук окуяларда айырмачылыктар бар. Арийне, «кайсы

43 Ж. Муканбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф., 1990, 149-бет.
44 О. Сооронов. Жалайыр жалгыз. // Мурас. 1992, № 3-4; Ала-Тоо. 1991, № 3.

элдин жерин жердесең, ошол жердин ырын ырдагын» сыңары, болмуш оозеки чыгармачылыкка өткөндө андагы чагылдырылып жаткандын бардыгы (предметтер, кубулуштар, жашоо тиричилик ж.б.) сөзсүз, ошол мезгилдин, ошол жердин «сөзүн» сүйлөөгө мажбурламак. Бир вариантта Жалайыр жалгыздын душмандары калмак баскынчылары деп эсептелсе, экинчи вариантга Жалайырды беш казак кармап алып өлүмгө учуратат. Көлдүк комузчу Асаналы Кыштообаевдин «Чабдар аттуу чал Казагын» (күү ушундай аталат) эске тутуп жатабыз. Дастандын каармандарынын ысмы да өзгөрүүгө учураган жагдайлар аз эмес. Башкы каарман Жалайыр, Жанайыл, Жалайыл болуп айтыла берген сыяктуу, анын карындашы да Гүлсана, Гүлсанам, Айсана деген аттар менен окурмандарга (угармандарга) жеткен. Ошондой болсо да колдо болгон материалдардын мазмундук жана композициялык курумунда аша чапкан айырмачылыктар анча байкалбайт. Жалайыр душмандын тобун бузган баатыр деле эмес, кайсы варианттты албайлы, бейкапар аң уулап жүрүп, каракчылардын (беш казак, беш калмак...) колуна түшүп, жан таслим болгон ак эдил пенделерден. Дастан-күүдөгү баш каармандардын дагы бири Жалайыр жалгыздын карындашы Гүлсана (Гүлсанам) ар кандай амал-айлалар менен душмандардан агасы Жалайырдын өчүн алат. Бу жагынан Гүлсанам «Ак Мактым» күү уламышындагы Мактым кыздын чечкиндүү аракетин кайталап жаткандай. Окуянын соңу (чечилиши) эпикалык чыгармалардын идеясына мүнөздүү ар кандай күрөш (кагылыштар) жеңиш салтанаты менен аяктайт. Зомбулук жеңилүүгө учурап, каракчы-талоончулар өлүм табат. Жалайыр жалгыз кайта тирилип, эли-журтуна, карындашы Гүлсанага кошулат.

Франциялык көрүнүктүү түрколог Реми Дордун 1972-жылы 23-июлда Жогорку Памирдин Терген-Корум айылында жашаган Оогандык кыргыз Орун Какбаштан жазып алган вариант, Жалал-Абад дубанынын Масы кыштагында жашоочу Мамажан Зулпуевден жазып алган материалдар, жазуучу Омор Сооронов жарыялаган «Жалайыр жалгыз» дастанынын варианттары колубузда.

Жалал-Абаддыктардын айтуусунда: Баялы дегендин жалгыз уулу, Жалайыр жалгыз кызы Гүлсана. Жалайырды өлтүрүп сулуу карындашын тартып алмак болгон калмак бийи Майцы деп аталат. Жалайыр үйлөнгөндөн кийин абышка, кемпир каза табат.

Ата-энесине күмбөз тургузуп атканда Жалайырдын айылдаштары калмактардан көчө качышат. Жалайыр жалгыз айыл болуп кала берет. Ошондон уламбы Жалайыр жалгыз – Жаңы айыл («Жанайыл») деп айтыла баштаган.

Күмбөз курулуп бүттү. Эми эмне кылуу керек? Калмактар келип калышы да ыктымал, анткени Майцы калмак Жалайырдын артынан түшүп калган эле. Гулсанам:

Айланайын, жан ага,
Азандан үйдү чечели.
Агын суу дайра кечели,
Кагылайын, жан аке.
Күүгүмдө үйдү чечели,
Күн чыкпай көчүп кетели.
Алдыга кеткен эл-журттун,
Аркасынан жетели.
Жетигим энем көзү өттү,
Жерге-Тал көздөй көчөлү, –

дегенде, агасы Жалайыр карындашына:

Алты канат үйүңдү,
Аркасынан чечерге,
Ачыска болжоп көчөргө,
Жалайырдай жалгыздын,
Жанында жолдош киши жок.
Жети канат үйүңдү,
Желкесинен чечерге,
Жерге-Тал көздөй көчөргө,
Же, көч баштаган киши жок.
Ашы болот четиндин,
Арманы күчтүү жетимдин.
Гүлү болот четиндин,
Арманы күчтүү жетимдин.
Мууну болот жалбыздын,
Муңу күчтүү жалгыздын –

деп, капа болуп жооп кайтарат. Анда Гүлсанам көңүл жубатып:

Айланайым жалгызым,
Сууда жалбыз чөп болот.
Журтта жалгыз көп болот.

Кагылайын жан, аке,
Көлдө бир жалгыз чөп болот,
Көлүктө жалгыз көп болот.
Жалгызмын деп кайгырба,
Жалгыздын жары кудайым.
Көптүн жаны көмүрдөн,
Жалгыздын жаны темирден –

деп, кайрат берет. Карындашынын сөзүнө ыраазы болуп, Жалайыр жалгыз жүктөрүн унаага артып, жолго чыгып, атасынын конушу Жерге-Талга көчүн түшүрүп, өрүшкө малын жайып, жатып калышат. Түнүндө Гүлсанам түш көрөт:

Түнүндө жатып түш көрдүм, аке,
Түшүмдө мүшкүл иш көрдүм, аке.
Белестен келген беш бөрү,
Бечара козум жеп кетти.
Төбөдөн келген төрт бөрү,
Төбөлдөй козум жеп кетти.
Бул эмине болучу?
Бул тушумду жоручу.

Гүлсанамдын түшүн агасы Жалайыр мындайча жоруду:

Айланайын, Гүлсана,
Сенин кара башыңа,
Жалайырдай жалгыздын,
Кара башы садага.
Түндөгү көргөн түшүңдө,
Белестен келсе беш бөрү,
Беш калмак келген болбойбу.
Бечара козуң жеп кетсе,
Сенин бекзатың агаң өлбөйбү.
Төбөдөн келсе төрт бөрү,
Төрт калмак келген болбойбу.
Төбөлдөй козуң жеп кетсе,
Сенин төрөдөй агаң өлбөйбү.

Памирдик кыргыздардын айтымында Жалайыр жалгыздын түмөн түрүлгөн көп малы болот. Аны өлтүрүп, карындашы менен зайыбын, мал-мүлкүн тартып алууга Беш казак келет. Бул окуяга байланыштуу Гүлсанамдын түшүнө аян бергени:

Түндө бир жатып йай түш көрдүм, акей.
Түшүмдө каршы йай иш көрдүм, акей.
Көөкөрдө йай кан көрдүм, акей
Жанчыгада йай жан көрдүм, акей.
Канжыгада йай баш көрдүм, акей.
Бүгүн бир ууга йай чыкпагын, акей, –

дегенде Жалайыр жалгыз:

Канжыгада йай баш көрсөң, жаным,
Көөкөрдө йай кан көрсөң, жаным.
Жанчыгада йай жан көрсөн, жаным,
Жан алгыч келсе, жан алат, жаным,
Довогер келсе йай мал алат, жаным,
Банданаң келсе сени алат, жаным –

деп, ууга аттанып кете берген.

Атасы тирүү кезинде баласы Жалайыр жалгызды ээрчитип, Жерге-Талдагы Айдың-Көл деген жерге барып, аң уулап келишчү экен. Үйдө жалгыз жата берип зериккен Жалайыр Көктемир деген сырдана атын, Көкшумкарын аялы менен карындашынан сурап алып ууга жүрүп кетет.

Арка чачым түйөмүн,
Алты күндө келбесең,
Актемир боз ат минемин,
Аркаңдан издеп жүрөмүн.
Желке чачым түйөмүн,
Жети күндө келбесең,
Жез тулпар атты минемин,
Жээлигип издеп жүрөмүн –

деп, аялы, карындашы зар ыйлап кала беришет. Жалайыр атасы менен бирге аң уулаган жерлерди көрүп, көңүлү көтөрүлүп, көп олжо менен келатса бөкөн короз учуп калат. Талпынган шумкарын шилтеп жиберсе, корозду чала серпип, куштун боосу бутакка илинип, «пөпөлөгөн» келбейт. Жалайыр жоо-жарагын чечинип, сууга кирип, шумкарын бошотуп жатканда Чалкалмактын ачуу үнү чыгат:

Кызы талак шум жалгыз,
Сенин карашарың жок жалгыз.
Карагаттай көзүңдү,

Канжар салып оёмун.
Ит менен кушка жем кылып,
Кабакка сүйрөп коёмун!

Жалайыр жалгыз калмактарга не дээрин билбей, суунун ичинде калтырап турган абалында: «мал мүлкүмдү алгыла жанымды койгула» деп жалынат:

Айланайын акелер,
Чымындай жаным жансоога.
Атадан калган дүнүйө,
Мунун баарын алгыла.
Чымындай жаным койгула.

«Жалайыр жалгыз» дастанындагы ушул эпизод памирдик кыргыздарда мындайча сүрөттөлгөн: Жалайыл жалгыз Айдың Көлдү жакалап келатып, төөсүгө чыгып барып, анан карчыга кушуну коёт. Ол аралга барып отура берет:

Кукуласа йай келбеди ай кушу,
Чүчүлөсө йай келбеди ай кушу.

Чечинип, көлгө кирип шонон кушуну алып кайтат. Көлдүн ортосуна келгенде огочо беш казак жетет:

Зорсундагы йай зор Казак кафир,
Зорсунуп өтүп йай о келди ай кафир.
Ортончусу йай Ормотой Казак,
Оңдусу өтүп йай о келди ай кафир.
Чабдар бир аттуу йай чал Казак кафир,
Чалкалап өтүп йай о келди ай кафир,
Эң кичиги йай боз Казак кафир,
Курумшу телпек йай куу Казак кафир
Куурап бир өтүп йай бу келди кафир.

«Чабдар аттуу чал Казак» демекчи, ушул аталышта Ысык-Көлдөн Асаналы Кыштообаев черткен күү бар. Күүнүн жөн-жайы Памирдик кыргыздардын «Жалайыр жалгыз» дастаны менен үндөшүп тургандыгы кызык. Комузчу Асаналынын айтымындагы күү баяны: «Беш казак аттанып калмакка барат. Жылкысы өрүшкө батпаган бай калмактын үйүнө келип түшөт. Үйдө калган жалгыз баласын өлтүрүп, малын айдап кетмек болгондо бала жансоогалап жалынат экен:

Чабдар аттуу чал Казак,
Чабарыңды билгемин.
Чалкакта жаткан көп малды,
Аларыңды билгемин.
Короо толгон коюм бар,
Муну сага берейин.
Өрүш толгон жылкым бар,
Аны дагы берейин.
Айланайын, беш казак,
Чымындай жаным кой, казак.

Жалынып-жалбарганына карабай беш казак баланы өлтүрүп, жылкыларын айдап кете беришет. Арадан 6-7 жыл өткөндө Беш казак калмак айылына барышат. Өлгөн баланын карындашы казактарды таанып, домбрасын колуна алып, өлөр алдында агасынын казактарга жалынганын «Чабдар аттуу чал Казак» деп чертип, калмакча ырдай баштайт. Окуянын жөн-жайын баамдаган калмактар бейкапар отурган казактарды баса калып, баштарын кесип салышат».

Ысык-Көлдүк комузчуларда өтө сейрек кездешүүчү бул күү алыскы Памирден Ала-Тоо кырларына кандайча ашып келди экен? Балким, Кытайдагы Текеске карай ооду бекен? Асаналы комузчунун көп жылдык өмүрү Кытай Эл Республикасында өткөн. Неси болсо да, Памирдик вариант менен Ысык-Көлдүк варианттын мазмундук жагынан бири-бирине өтө жакындыгы кызыгууну туудурбай койбойт.

«Кыл чылбыр салып бурап, малы-пулун сурап кыйнаптыр:

Айланайын ай атыңан, аке,
Түлөч бир калган ай кептөөм, аке.
Муну да болсо берейин, аке,
Чымынча жаным ай тилейин, аке.
Жылас бир болгон ай көп жылкым, аке,
Муну да болсо йай берейин, аке.»

# КАНЫШБЕК

Канышбек – Баркы бийдин келини. Жабайдын зайыбы. Баркы Таластагы саруу уруусунун баш бийи болгон. Баркы саруудан бери карай санаганда 7 муунга кирет. Ал эми менден ары карай эсептегенде онунчу атам болот. Биздин уругубуз да Баркы деп аталат. Биз билген, бүгүнкү күндө Таластын баш-аягына белгилүү болгон Баркы-Арык деген жердин өзү эле Баркы атабыздын ким экендигин далилдеп турат. А тургай ошол аймактагы үч-төрт колхоз биригип, совет бийлигинин тушунда Баркы-Арык селолук совети деп аталып келген

Баркы бий болуп-толуп турганда чоң уулу Кабайга Беш-Таштын оозундагы берендерден тандап бир кыз алып берет. Талас өрөөнү жазы жайык келет эмеспи. Ал убакта элдин колу-жолу бош. Айылдын улгайган адамдары обочороок чыгып алып, эртеден-кечке өткөн-кеткенден кеп салып, күндү өткөзүшчү. Ошондой күндөрдүн биринде Кабай атасы арнап көтөргөн ак өргөөгө кирип келсе, колуктусу улагада алдына ит аякты коюп алып заара кылып отургат. Көрөт да, башка чапкандай артына бурулуп кетет. Ошол бойдон келинчегине карабай коёт. Кабай муну катуу кабыл алды. Кечирбеди. Канышбектин жаштыгы. Али ак үлпүнчөгү ачыла элек жаш келин «ушунча аксакал-көксакалдарды көзүнө илбей, таламандын тал түшүндө бейшептеп отурганын кеп кылбасын деген кыязда болот.

Арадан күндөр өтөт. Бир күнү Баркы бийдин түшүнө келини кирет. Бир эмчегин жолборс ээмп, бир эмчегин бөрү ээмп жатыптыр. Кыраакы киши муну мындайча жоруйт: келиним удаалаш эки уул төрөйт экен. Бири жолборс, бири бөрү болуп жарыша чыгат. Колдон келсе, бул келинди кетирбей кармап калуу керек. Кабайды алдына чакырып алып, көргөн түшүн айтып, аны кепке көндүрүүгө бардык аракетин жасайт. Аракетинен майнап чыкпайт. Кабай карарып такыр болбой коёт. Айласы кеткен атасы «анда сен көңүлүңө албасаң Жаабайга нике кыйдырамын» дейт.

Ошентип, Кабайдын көзүнчө эле, Канышбекти Жаабайга нике кыйдырат.

– Болду, балам, өзүңө өзүң кылдың. Сендеги оомат эми Канышбек менен кошо Жаабайга ооп кетти. Мындан ары урук-тукумуң улуулугуңду сыйлап, аш-тойлордо аксакал болуп отура берет, – деп, улуу уулуна катуу өкүнгөн экен. Баркы бийдин ошол осуят сөзү сакталып кала берген. Мен өзүм көрүп-билгенден, кечээ жакынга чейин эле Кабайдан тараган очок туугандардын алды келмейинче той-аштарда табак тартылбай токтоп турчу. Баркы бийдин айтканы айткандай келгенин таластык санжырачы Сооронкул уулу Сыргак да ырастайт. Кабай канчалык жакшы Кабай аталганы менен, балдары ата наркын тартпай калып, жаман Жаабайдын эки уулу өрт болуп өсүп чыгат. Кончайтысы Баркы атанын ордуна баш бий болуп, ал эми Шанеги Кетмен-Төбөнүн бир ыптасына бийлик жүргүзөт. Муну Таластан Кетмен-Төбөгө артылып түшкөн жердеги Шанек-Коргон деген жердин аты айтып турат. Баркы бий түшүндө көргөн жолборсу – Кончайты, бөрүсү – Шанеги. Бул экөө тең – Жабайдан туулган Канышбек эненин балдары. Жаабай – менин тогузунчу атам.

Канышбек эне эринин, же эки уулунун аркасы менен эле эл оозуна кире калган жок. Анын эрдиги өзүнчө жана өзгөчө. Эгерде Канышбек эненин эрдигин санжырачы Сыргак жазса, кыйла кызыктуу жактарын ачып бермек. Бул жерде энебиз жөнүндө канчалык көп айтсак да, аз айтсак да, барып-келип эле «Канышбек» күүсүнүн келип чыгышына такалмак. Күүнүн жаралыш тарыхына токтоло кетели. Быягы Анжыян-Аксыдан, Ат-Башы, Нарындан тартып, ортодон Кетмен-Төбө, Таластан кол курап, калмактарды катуу сүрүп бараткан тушта айтылуу Канышбек мырзайым да жалаң келин-кыздардан кол курап, жоого каршы аттанат. Жоонун бир капталын эңшере кирип, кызыл кыргын салат. Алдыда каршылашар жоо калбай калганда, атынын башын бура тартып, артына караса, жер жайнаган жоо өлүгү көрүнөт. Ошондо алардын бала-чакасы, зайыптары көз алдына элестеп, каңырыгы түтөп, ат үстүндө туруп калат. Алыстан жашырынып карап турган калмактардын арасынан бир кыраакы адам байкап турган. Жанындагы өлгөндөн калган калмактарга кайрылып:

– Көрдүңөрбү, тигил ат үстүндө турган колбашчыны, – эркек эмес, зайып экен, табыятынан назик да, боорукер да. Душманын да адам деп аяп турганын кара. Каарынан кайта түшүптүр, анын

үстүнө колу да саналуу калыптыр. Катындан качкан калмактарга айткыла, кайра артына кайтып, жоо колун курчоого алып, колбашчысын тирүү колго түшүрсүн, бир зайыптын башын кыя чапкандан калмактар атак албайт, — деп кабар берет.

Кабарды уккан калмактар кыйрагандан калган бардык күчүн топтоп чоң чабуулга өтөт. Ошол чабуулда калмактар Канышбекти колго түшүрөт. Ошондо Канышбек кыргыз элине мындай кабар айттырган экен.

Көрөңгөлүү Көкүмгө айт,
Көп саруудан Бешимге айт.
Күрөң аттуу Күржүгө айт,
Ай туяктуу Арзыга айт.

Чагылгандай түз тийген,
Чаар аттуу Кабайга айт.
Жазыксыз эле бир жүргөн,
Жаман да болсо Жабайга айт.

Боз ингенден айрылып,
Боз тайлак чөптү чаңдаса,
Канатынан кайрылып,
Канышбек кетти калмакка.

Кылымга кыргыз кеп болор,
Куткарып кызын албаса.
Күйүттө калар Канышбек,
Күң катын болуп калмакка.

*(Салибай Шатмановдун эскерүүсүнөн)*

«Канышбек» күүсүнүн кыскача мазмуну ушундай. Бул күү Кыргыз радиосунун алтын казынасына 1960-жылдардын башында Алымкул төкмө тарабынан жазылып алынган. Кезек-кезек радиодон берилип жүрөт. Кыргыздын эски күүлөрүнүн бири катары эсептеп ага эч ким деле көңүл бурбайт. Албетте, канчалык замандардын күр-шар түшкөн агымында көмүлүп калбастан, биздин күнгө чейин жетип келген бул күүдө катылып калган кашкайган чындык бар. Канышбек ошол чабышта эбегейсиз чоң эрдик көрсөткөн баатыр аял.

# БЕКТАШ

«Бекташ» – комузда, кыякта, чоордо, темир ооз комузда кеңири аткарылган белгилүү күү. Кыргызстандагы атактуу аспапчылар дээрлик «Бекташ» күүсүнө кайрылышкан. Кыргыз радиосунун музыкалык казнасында Ысык-Көлдөн Ыбырай Туман уулу, Асаналы Кыштообай уулу, Оштон Саид Бекмурат уулу, Жали Али уулу, Кочкордон Мырзакул Ыйманкул уулу, түштүктөн Датка Шааке уулу, Кеминден Толтой Мураталы уулу, Бишкектен Бактыбек Чытырбай уулу, Жалал-Абаддан Раимберди Саке уулу сыяктуу аспапчылардан «Бекташ» күүсү жазылып алынган.

«Кыргыз маданияты» гезити 1991-жылы (№ 38) Манап Акылбек уулу жазып жиберген «Бекташ баянын» жарыялаган. Колдогу маалыматтарга караганда «Бекташ» күү баяны мазмундук жагдайда бир жактуу эмес: биринде, Бекташ калмак баскынчылары менен кармашта мерт болсо, дагы бир айтымда, өз ажалынан ооруп дүйнө салат. «Бекташ» уламасынын жаралышы ар түрдүү жоромолго негизделген: кээ бири, туяксыз өткөн Бекташтын тагдырына арман кылган аялынын кошогу дешсе, кээ бири жетим калган баласынын күйүтүнө энесинин кошогу деген.

XVI-XVII кылымдардагы Калмак баскынчылыгы мезгилинде Алай өрөөнүнүн Талдык деген жеринде Атаган деген адам жашаган. Көпкө перзенттүү болбой жүрүп, аялы эркек төрөгөндө «баламдын жаны таштай бекем болсун» деп атын Бекташ коюптур. Күндөр чубап, жылдар өтүп, Бекташ эр жетет. Башкаларга караганда акыл-күчү, акындык өнөрү артып, «жигиттин гүлү» деп, сөзгө алынат. Той, аш-жыйындарда күрөшкө, эңишке түшүп, кыз оюндарда күйгөндөн айтып бир сабак, селкилердин сезимин ойготуп, калк чогулган каадалуу тамашаларда акындар менен айтышып, ырчылар менен беттеше баштайт.

Атагандын айлынан бир белес ары Үч-Чат деген жылгада Бердигул дегендин конушу боло турган. Бердигулдун Бегайым,

Гүлайым деген эгиз кыздары бар экен. Кыздар Бекташтын кабарын угуп, «бир көрсөк» деп дегдеп жүргөн кезде айлындагы бир тойдо жолугушат. Жоогазын гүлүндөй жоодураган кыздарды көргөндө Бекташтын да жигиттик ышкысы козголуп, селкилерге тийиштик кылып сөз баштайт:

— Бийкеч ысымыңыз ким? — дейт Бекташ кыздарга.

— Адегенде бийкечке арнаган ырыңызды созуңузчу, ага чейин бийкечтин ысымы кайда качмак? — дешет кыздар кылыктана. Ошондо кыздарга багыштап Бекташтын ырдаганы:

«Ээ» десем тилим дал беле,
Эркеме ырдап берем деш,
Эстенамда бар беле?
«Каа» десем тилим дал беле,
Кара көзгө ырдайм деш,
Капарымда бар беле?
Кашымда турган, бийкечти,
Тосуп бир аз ырдайын.
Алайга көчкөн элеттей,
Созуп бир аз ырдайын.
Нур бетиңди мен көрүп,
«Ак бурак» деп ырдайын.
Жамалыңды мен көрүп,
«Жаз бурак» деп ырдайын...

Бекташтын ыр мөндүрүн төгүп жатканына ыраазы боло Бегайым (улуусу):

— Макул аке, быягыңызга ыраазыбыз. Эми кыялыңызга келгенин ырдап көрүңүзчү дейт.

Көргөн бозой ою деп,
Гүлбурактын тою деп,
Өз журтума алпарсам,
Барар белең, Гүлбурак?
Турган бозой ою деп,
Акбурактын тою дел,
Ак журтума алпарсам,
Калар белең Гүлбурак?
Беделдүү кумган, чылапчын,
Бек-Абаддан алдырсам,

Ак-Суу менен Кучадан
Аптабыңды жандырсам.
Арзып күлгөн мейманга,
Ала кийиз салдырсам.
Кастарлап келген мейманга,
Калы килем жаптырсам.
Сар каймак кымыз сундуруп,
Суусундарың кандырсам... –

деп ырдайт Бекташ.

Бегайым Бекташтын колун кармап «токтот» дегендей ишаарат кылат. Ырды угуп отургандар жигиттин төкмөлүк өнөрүнө курсант. Бекташтын жанына Бегайымдын сиңдиси басып келип:

– Ырыңызга ыраазыбыз, Бекташ аке. Менин атым Гүлайым, эжемдин аты Бегайым. Эми экөөбүздү кошуп ырдап көрүңүзчү?– деп суранат.

Элимде эки бала бар,
Экөөнүн бою барабар.
Калкымда, эки бала бар,
Кынагандай барабар.
Теңештирип мен айтсам:
Бириң – кыроо, бириң – кар,
Бириң – тилла, бириң – зар.
Бириң – асман, бириң – ай,
Бириң – чоор да, бириң – най.
Бириң – өлөң, бириң – каз.
Азилдешип дагы айтсам:
Бириң – кыздын улугу.
Бириң – суунун тунугу.
Бириң – шалы паясы.
Бириң – чөлдүн дарагы.
Ичпей турун мас кылган,
Бириң төрдүн шарабы...
Безилдетпей оюңду айт!
Бекерден өлүп кетпесин,
Атаган сырттан баласы...

Бекташ менен кыздардын азил тамашасы, алардын ортосундагы арзуу махабаты агаларына жакпайт. «Ушул кембагал менен кантип

алака түзөбүз?» деп, тууган уруктары кеңеш куруп, Гүлайымды тектүү жерден бирөөгө токолдукка кармата беришти. Айласын таап, Бегайым Бекташ менен качып чыгып, жер оодарып кетишти. Кудаларынын көңүл бузукулугун байкаган Атаган уулкелинин алыскы Ак-Төр жайлоосуна ашырып жиберди. Бекташ мергенчилик кылып аюу, жолборс, илбирс, карышкыр, сүлөөсүн, түлкүлөрдү атып келет. Бегайым болсо, алардын терилерин ашатып, ийлеп, өңдөп, кытатттап, бычып, тигип, тебетей, ичик, тон жасап, оокаттуу адамдарга тартуулашат. Жаш жубайлардын турмуштары оңолуп, байый баштайт.

Бекташтын көзгө атар мергенчилик-уучулук өнөрү, Бегайымдын узчулук-тикмечилик өнөрү жана алардын байлыгы калмактарга угулуп, мал-дүйнөсүн тартып алмакка көңүлдөрү бузулат. Кычыраган кыш жакындап, алгачкы кар-сонордо ууга чыгып, көп олжо менен келаткан Бекташтын колун тоскон калмактар көздөрү кычышып: «Атаң өлдү. Мында эмне кылып жүрөсүң?» — деп, жалган кабар айтып, олжосун таштап кет дешет. Бекташ жалган азгырыкка ишенбей:

Атаган өлсө коюлар деймин,
Ак кочкор ага союлар деймин,
Кан-сонор кайдан табылар деймин —

деп, жолунан калбайт. Ызаа болгон калмактар чогулуп, Бекташтын келер жолун дагы тосушат. Бекташ менен көп калмактын ортосунда айыгышкан кармаш башталат. Жалгыздын иши жалгыз. Көпкө топурак чача албаган баатыр олжо-буйлаларын таштап, душмандардын курчоосунан кутулуп чыгат. Мындан соң жанына азгантай жоро-жолдошторун алып, зордукчулардан өч алууга келатканда кыштын кычыраган добулу согуп, Көк-Жар ашуусунун секиртмегинде көк жалтаң муздан тайгаланып, Акжол күлүгү күбүргө кетет. Атын күбүрдөн тартып алам дегенде күбүр түшүп кетип, Бекташ өзү кошо мерт болот. Бекташтын өлгөнүн угузганда Бегайым сулуу бетин тытып, кара салынып, карагаттай көздөн кандуу жаш агызып, күйүтүн кошоктон чыгарган экен.

Теңтушча ойноп жүргөндө,
Тескейден тердик карагат.
Теңирим кошуп жиберген,
Теңизим, Бекташ, ала жат.

Күлүшүп ойноп жүргөндө,
Күңгөйдөн тердик карагат.
Кудайым кошуп жиберген,
Күйөөрүм Бекташ ала жат.
Ойдуң жер тегиз карагат,
Ойронум, Бекташ, ала жат.
Кыран жер тегиз карагат,
Кырчыным, Бекташ, ала жат...

Ээн, жылгада эрсиз калган келиндин күйүткө толгон кошок абазы, эчкирип ыйлаган муңу эртели-кеч жаңырыктап, улуу тоо койнун сыдырып, керимсел менен кошо жортуп турат:

Кайраным, Бекташ, өлбөй кал,
Кайгыга мени салбай кал!
Күйөрүм, Бекташ, өлбөй кал,
Күйүткө мени салбай кал!
Күйгөндүн күнү кечирбейт,
Күйүтүн сага жеткирбейт.
Арсардын айы жаңырбайт,
Арстаным, Бекташ табылбайт. О-о... у-уй!..

Бегайымдын кошогун Бекташтын эжеси коштойт:

Карангүн, Бекташ, бир боорум!
Эликтер жүрбөс кыядан,
Бирөө эркек, бирөө кыз,
Элкин элек уядан.
Жаңырык жүрбөс кыядан,
Жалгыз бир элек уядан... О-о... у-уй!

Катарлаш отурган карындашынын көзүнөн кандуу жаш агып, анын кошкону:

Алтын дан кылган сом балкам,
Айчылык жерге мен кетсем,
Асылым агам чоң аркам.
Күмүштөн кылган сом балкам,
Күнчүлүк жэрге мен кетсем,
Күйөрүм Бекташ чоң аркам.
Алыстан туруп сөз айтса,
Айткан сөзүң белегим,

Асылым Бекташ бир боорум,
Айчылык жерден жөлөгүм.

Күнчүлүк жерден сөз уксам,
Күндө келген белегим,
Жалгызым сенден айрылдым,
Куйөрүм Бекташ жөлөгүм.
А-а... у-уй!

Ботосу өлгөн ингендей боздогон обонду муңдуу күү коштоп... күүгө уюган теребел бир паска магдырай калып... ошол магдыраган теребелде арманда өткөн Бекташты жоктогон каралуу келиндин жаңырыгы карлыгачтай кайып учкан кошок доошу кайрадан угулат:

Көк ала кушта туур жок,
Курусун, Бекташ, ойронум.
Көрүп сүйөөр уулу жок,
Ак ала кушта туур жок,
Арманда, кеттиң, ойронум,
Алып сүйөөр уул жок...
А-а... у-уй!..

Бекташты көргө берип, «жетилик», «кыркы» чыгарылып, жыл маалында ашы-жыты өткөрүлгөнчө аза күткөн Бегайым, армандуу кошогун арнай берди, арбагына бата түшүрүп, ак кызматын жамдай берди. «Бекташтан ажырап, белгисиз бирөөгө токол болгуча өлгөнүм артык» деп, өзүн-өзү зоодон таштап, Бекташтын артынан Бегайым кетти. Атаган жалгыз уулу менен келининин кунун куумакка досу Манак менен жигиттерин алып, калмактарга каршы аттанды. Калмактар көп, кыргыздар аз, күч тең эмес. Бул чабышта Манак да, Атаган да шейит кетти. Бекташ, Атаган, Манак өлгөн жерлер кийин «Бекташ өлчү жер», «Атаган өлчү жер», «Манак өлчү жер» аталып, азыр ошол жерден өткөндөр арбактарга бата тартып кетишет.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Бекташ» | 3291 | 0'51 | Жали Алиев |
| 2. | «Бекташ» | 9033 | 3'18 | Саид Бекмуратов (кыяк) |
| 3. | «Бекташ» | 9658 | 2'08 | Ыбырай Туманов |
| 4. | «Бекташ» | 9625 | 2'56 | Асаналы Кыштообаев |
| 5. | «Бекташ» | 2475 | 4'35 | Ыйманкул Мырзаев (кыяк) |
| 6. | «Бекташ» | 6280 | 3'00 | Толтой Мураталиев |
| 7. | «Бекташ» | 3384 | 3'05 | Райымберди Саакеев (чоор) |
| 8. | «Бекташ» | 8914 | 3'06 | Бакыт Чытырбаев (кыяк) |
| 9. | «Бекташ» | 9154 | 4'39 | Датка Шаакеев |

# ТАЙЛАК БААТЫР

Карт тарыхта жоокерчилик заманда эрдиги менен, көрөгөч көсөмдүгү менен көптүн көзүнө чалдыккан эчен эр азаматтар «баатырлык» наамга татыган. Алардын бири Тайлак баатыр. Ак-Талаа – Тогуз-Торо ортолугунда Кара-Көө ашуусуна улай кол менен чабылган «Тайлак арык» булагы күнү бүгүн шылдырап, үн кагып турат. Ак-Талаанын Көк-Жар, Ак-Кыя айылын көздөй кеткен кан жолдо «Тайлак баатыр күмбөзү» турат заңкайып. Тайлак баатыр дареги акындырдын айтымында, комузчулардын чертиминде, басма беттеринде күнү бүгүн баяндалып келет. Баатырды алгач даңаз кылган Атылай аттуу өнөрпоз.

Тайлак минди Буурулду,
Таманы ташка жуурулду.
Кылыч кындан суурулду,
Кыжылдаган көп кытай,
Заманасы куурулду.

Ак талга туусун аштады,
Аскерин Тайлак баштады.
Кожоберди, Байбагыш,
Кошуунду булар баштады.

Кокондун колун колоттуң,
Коктуга тыгып солоттуң.
Алдыда уруш, качпадың,
Арапты сайып таштадың.

Туткалуу терек жердеген,
Туйгун Тайлак «эр» деген...
Майстан Терек жердеген,
Манастай Тайлак «эр» деген.
Туулгандан туу аштап,
Душманга намыс бербеген, –

сыяктуу саптар комуздун коштоосунда коломто корунда ырдалып, андан короолошторго өтүп, акыркысы атпай журтту тегиз аралаган Баатырдын сүйүүсүнө арзыган тогуз күнүлүштүн ичинде кезегинде «Кашкардын чүрөгү» аталган Бегайым сулууну, Атылай аттуу комузчу-ырчы даңазалаган. Күү баянын иликтөөчү катары мени кубанычка бөлөгөн Нурак Абдракмановдун «Тайлак баатыр» аттуу күүсү болду. Күү дүйнөсү, ошону менен дагы бир элдик баатыр-каарманга толукталды. 1994-жылы илимпоз Сабыр Аттокуровдун каламынан «Тайлак баатыр» аттуу китепче жарык көргөн. Чыгармада эки кылым (XVIII-XIX) айкашындагы эл аралык абал, уруулук-феодалдык бытырандылык сүрөттөлүү менен Цин (Кытай) империясынын, Кокон хандыгынын башкаруучуларынын кыргыздарга каршы багытталган басып алуучулук саясаты ага каршы элдик баатыр Тайлактын күрөшү баяндалган. Тайлак баатыр бар болгону 42 жаш гана жашаган. 1796-жылы теке айында уруусу – саяк, уругу – чоро. Рыскул бийдин очогунда Тайлак аттуу ымыркай жарык дүйнөгө келген. Нарын дарыясынын оң жээгинде урукташ Ыман, Чоро элдери урушка бирге аттанышып, жоодон бирге коргонушкан. Кырктан ашык жигитти ортого коюшуп, аны Тайлак баатыр жетектеген. Канатташ баасыз, моңолдор уруулары Атантайдын (Тайлактын агасы) жол башчылыгында болгон.

Цин империясы түндүк Кыргызстан аймактарын ээлеп алып, ал аймактарга коргонуу чептерин кура баштаган. Кокон хандыгы да өз таасирин күчөтүү максатын көздөп, кыргыз жерине көз артып жаткан. Тилекке каршы, мындай тышкы баскынчыларга, алардын шимшүүлөрүнө ынтымак-ырктын жогунан жооп бере алышкан эмес. Бул кезде Кокон хандыгынын аскерий чептери Ат-Башы, Нарын, Курткада курулуп калган.

XIX кылымдын 20-жылдары Атантай, Тайлактын кабары Цин империясынын тынчын ала баштады. 1820-жылы Жаангир кожо Тайлактын айлына келип, мусулмандарды капырлар үстөмдүгүнөн бошотуу жыйынын өткөрдү. Ушул эле жылы күзүндө Жаангир кожо жүздөгөн кыргыз жоокерлерин коштоого алып, Кашкарга жүрүш жасады, бирок бул жүрүштөн майнап чыкпай, оор жоготууга учурап, кайтууга аргасыз болду.

1825-жылы Кашкар акими өз жардамчысы Баянбатуну алып, 600-700 аскери менен Жаангир кожого каршы аттанды. Жаангир кожо Тайлактын айлында деген кабардан улам Баянбату

Тайлактын айлына келип, айылды өрттөп, 100дөн ашуун адамдарды мууздап, келген жолуна түшкөн эле. Бул кабарды уккан Тайлак баатыр кырк жигити менен душмандардын артынан сая түшүп, куугунга алды. Кытайлыктар (Кашкардан келгендер) бийик тоо, өзөн капчыгайды аралап өтүүдөн өлөрчө коркушарын билген Тайлак тарап таш кулатып жалгыз аяк жолду бөгөп салып, кууш капчыгайда «чакырылбаган коноктордy» күтүп турушту. Ал аӊгыча Баянбатунун колу көрүнүп, аларды болжогон жерге өткөрүп жиберип, колдун алдын тосуп калышты. Эки жаат бетме-бет келишти. Тайлак жигиттердин алдында ат ойнотуп чыга келип, Баянбатуну жекеге чакырды. Баянбату шашып калды. Аскерлерине бирдеме айтмакчы болду эле, алар да эрөөлдү эсине салышты. Баянбату кайратына келип, атына камчы урду. Тайлак Баянбатунун найзасы колунда жок экенин көрүп, өзүнүн бөрү тил найзасын жан жигитине ыргытып жиберди.

Көк албарс кылычын кындан суурyп, эрөөлгө бет алды. Эр сайыштабы, эӊиштеби, кылыч менен кырчылдашкан чабышуудабы, чокмор менен чокуга салышуудабы кандай ык болбосун жаштайынан машыккан Тайлак Карагер тулпардын оозун коё берип, эрөөл ордун болжоп, куш сымал учуп келет. Колбашчылар үч жолу кылычташып өтүп, төртүнчү жолкуда Баянбатунун башы топтой тоголонуп кетти, зор денеси Акбоз тулпардан кулап түштү. «Карата-ал!..» деген ураан алдында кырк жигит душманга ат коюшту. Жолдун эки тарабындагы урчук ташка бекинген мергендер ок чыгарышты. Кытай аскерлери башаламан кымкуут. Салгылашуу бир чай кайнам да созулбады.

Бирөөнүн жерине курал менен келип, жазыксыз катын-бала, картаӊдарды койдой мууздап, үйлөрдү өрттөп, мал мүлктү талаган. Баянбатунун башы алынып, кошууну кыргын талаасында чачылып жансыз жатышты. Бул – Кытайдын жазалоочу жоокерлерин талкалаган жеӊиш Тайлакка «баатыр» деген наамды тартуулады. Бийлердин курултайында бир добуштан бул наамды ырасташты. Келин-кесектер эми «Баатыр аке» деп тергөөгө өтүшсө, жеӊелер «Баатыр уул» деп кабылдашты. Баатырдын даӊкы кырк уруу кыргызга тегиз тарады. Кокон, Хива кандыктары, Бухара эмири, казактын «үч жүзү», Ооганстанга чейин жеткен бул кабар кээ бирин сыймыкка бөлөсө, кээ бирин көралбас кастыкка түрттү.

Кокон хандыгы 1830-жылы Жумгалга, 1832-жылы Курткага чеп-коргондорун куруп, анда куралдуу черүүлөрүн жайгаштырып,

толгон-токой салык салып жатты. Бой жеткен сулуу кыздарга, жаш келиндерге көз артып, Коконго жөнөтүп жатты. Борбордук Тяншанда жашаган саяк, баасыз, черик, бугу, моңолдор, жетиген уруулары кокондуктардын баскынчылыгына такаат бере албай каршы, каршы тура албай көзкаранды болду. 1832-1833-жылдары бул зордукка каршы Тайлак баатыр күрөш ачты. «Куртка чебине кол салды» деген кабардан улам Тайлак баатырга каршы Мадали-хан 500 сарбаз менен Арап баатырды аттандырды. Көк-Артты ашып Тогуз-Торого түшкөн Арап баатырдын тобу Бычандын төрүндө тирешип, эрөөлгө эки колбашчы тандалып чыкты. Алгач найза сайышып, анан айбалта чабышып, айбалтаны кылычка алмаштырып, кылчайнашып кырчылдашты. Акыры Арап баатыр Тайлак баатырдын колунан жан таслим болду. Кийин-кийин бул окуя өткөн жер «Араптын бели» аталып калды. Көп өтпөй Тайлак баатыр Кокон ханына: «Сенин коргонго аким кылып койгон бектериң талап-тоноо менен чектелбей, оймоктуудан уздарды, беш көкүл кыздарды олжолоп кетип жатышат. Ошолорду кайтарып бересиң. Эгер бул талапты аткарбасаң, колго түшкөн сарбаздарыңдан кол жууйсун»,— деген дооматты койду. Айласы кеткен Кокон ханы ордодо зордукталган келин-кыздарды бүт айлына кайтарууга аргасыз болду.

Кокон ханы үргүлөп отурбады, ошол кезде өзүнө баш ийген Түркстан, Сайрам, Чымкенттик улуу жүз казактарын Тайлак баатырга каршы тукуруп, Эдиге баатыр башында турган кошуундарын кайрадан аттандырды. Мадали-хан жөнөткөн Эдиге баатыр 1832-жылы күз айында көп кол менен алгач Талас элин талап-тоноп, андан Суусамырга түштү. Бул жерде эки тарап болуп кошуундар эки жакка жайгашты. Салгылашты колбашчылардын айкашынан баштоону сунуш кылып, Тайлак баатыр Эдиге баатырга элчи аттандырды. Эки тарап жаа тартибинде жайгашты. Эдигени казактар «төө балбан» деп аташар эле, анткени душманынын жүрөк үшүн алып коюш үчүн Эдиге төө минип эрөөлгө чыкчу. Ортолукта эки жигит Ахалтеке тулпарын туура тартып турушчу, анан кош колдоп атка мингизишчү. Бою эки кез келген, булчуңдары таштай бурмжуйган, бир моюн, каш кирпиги да башкача салаңдап туруучу. Эдиге балбанга караганда Тайлак баатыр баладай көрүндү.

Эр сайышка түшүп, эчендердин башын жеген эбегейсиз зор адам «Талаанын өртү» аталып, аймакка аты тараган. Каркыра, Суусамырдан кайткан көпөстөрдү тып-тыйпыл тоногон, Ташкен

базарына кирип, соодагерлердин кымбат буюмдарын талаган. Өзгөнүн колу менен чок кармоону көздөгөн Кокон бийлиги эми минтип Эдиге менен Тайлактын ортосуна от койду. Тору жоргону ойнотуп ортого Тайлак баатыр чыкты. Тоодой кер кашканы жулкунтуп, эки жигиттин коштоосунда эрөөлгө Эдиге баатыр чыкты. Эки тараптан эки баатыр бири-бирин көздөп, качырышып сала беришти. Тайлак найзасын мелтирете сунуп келатып, жолугушар алдында аттын оң жагына одарыла берди эле, Эдигенин найзасы ээрдин кашын сыйпап өтүп, эмне болгонун билбей калды. Эки баатыр ат тизгинин кайра тартып, эми Тайлак сол тарапка, Эдиге оң тарапка алмашты. Бул жолу да Тайлак сол тарапка оой берип, каршылашынын көзүн жазгырды.

– Э-ээ, кызыңды сике! Сайыска шыктыңба же жасынмак ойнайсыңба?! – деп, Эдиге сөгүнүп алды.

Үчүнчү жолку беттешүүдө эки тарап тең найза кагуу ыкмасын тандап алышты. Укмуштай күч менен кагышкан найзалар карч-курч сынып, сыныгы асманга ыжылдап, эми кезек кынынан суурулган кылычтарга өттү. Кылычтан соң чокмор чабыш башталды. Тайлактын таасын урган чокморунан Эдигенин оң-сол буту оңбогондой сокку жеп, буту үзөңгүгө зорго илинип турду. Ондой берди болдубу, Эдигенин оң колун Тайлак баатыр кыя чаап, имериле бергенде башына чокмор урулду. Эдиге эсинен танып аттан кулады. Казактар карап турбай ат коюшту. Тайлак тарап ок атуу, жаа тартуу менен жооп беришти. Жарым сааттык бул айкашта Эдиге тарап элүүдөй адамынан ажырап, артка качууга аргасыз болду. Ошентип, Эдигенин колу экинчи келгис болуп, артына качып берди.

1838-жылдын жай айында Тайлак баатырдын шакый оорусу кармап, табыптар эч айла кыла албай, «тиги айылда дубана дарыгер бар» деген кабар менен думана-дарыгерди алдырышты. Баатырдын тамырын кармап көрүп «иншалласынан» жазбаган дубана чакча сымал идишке салынган чөп дарысын кашыкка куюп ичиргенден кийин Тайлак өзүн жакшы сезип, жаздыктан башын көтөрдү. Намаз дигер окулган соң думана-дарыгер дем салып:

– Баатыр, шакыйыңыз кармабасын үчүн чачыңызды алып берейин, – деди.

Думана-дарыгер жылуу суу менен баатырдын башын жууп, баштыгынан устарасын сууруп чыгып, чачын такырайта шыпырып, устара мизи тийген жерге дары сүйкөгөн болду. Бир аздан кийин

думана-дарыгер сыртка чыгып, көздөн кайым жоголду. Көп өтпөй тилген жер ууланып, өзүн жоготкон баатыр да о дүйнөгө аттанды. Көркөз жары Бегайым баатырдын кыркына күтпөй көз жумду. Расмий каада-салттары менен баатырдын сөөгү Терек-Сайга коюлду. Бийлердин курултайы чакырылып: «Баатырдын ысымы ыйык», бул ысым саяк уруусунда төрөлгөн балдарга ыйгарылбашын, келиндердин тергешин жарыя салышты. Калк чогулткан каражатка күмбөз курулду, күмбөз Тайлак баатыр аталды.

# КЫЗАЙ КҮҮ

«Кечээ жакынкы жылдары Алайкуу аймагынын Коо-Чаты айылында Айдар аке деген атактуу комузчу жана мергенчи жашап өткөн. Ал киши 1976-жылы кайтыш болгон. Айдар аке мезгилинде Алайкуу аймагындагы калкка белгилүү болуп, Айдар комузчу жана мергенчи деген атакты алган. Бир өкүнүчтүү нерсе – анын жердештери Айдар аке сыяктуу комузчулардын өнөрүн этибарга алып күүлөрүн тасмага жаздырып калбай же күүлөрүнүн тарыхын кагаз бетине түшүрүп калган эмес.

Айдар аке кандай гана күүнү чертпесин анын тарыхын өзүнүн уккулуктуу коңур үнү менен айтып берип, кулакка жагымдуу күүлөрдү чертип отурганын көп көрөр элек. Анткени, мектеп Айдар акенин тегирменинен анча алыс эмес дөңсөө жерде болгондуктан, танаписке чыкканыбызда же сабактан тараганда Айдар акенин жанындагы топтошкон адамдарга келер элек. Кээде комузчунун жанында отурган айыл аксакалдары эми «Кызайды» чертип бер деп суранып калышчу. Ошондо Айдар-аке зоонун башында отурган бүркүт сыяктуу мойнун койкоңдотуп, көздөрүн бакырайтып нурлуу жүзүнө жарашкан сакал-мурутун оң колу менеп сылап коюп, эңишке түшө турган балбандардай эки жеңин түрүнүп, комузун күүлөп, уккулуктуу үнү менен «Кызайдын» тарыхын айтып, черте баштачу. Тээ илгери Алайкуу өрөөнүндө бир бай кыздуу болуп, атын Кызай коёт. Кызай бой жетип чоңоё баштаганда, сулуулугу айылдагы жигиттерин суктандыра баштайт. Кызайдын сулуугуна жараша акылкөйлүгү да эл оозуна алынып, бой тарткан сайын атасына менменсиген байлар мейманга келип, айрымдары куда-сөөк болуу үчүн жуучу да жиберет.

Далай жылдардан бери аялы төрөбөй жүрүп ак эткенден так этип, кыздуу болгон бай терең ойго чөмүлүп, жалгыз кызыбыз турмушка чыгып кетсе, кантебиз деп санаркайт. Ата-энесинин мындай оор абалда калганын Кызай кайдан байкасын. Кээде курбалдаш кыздар менен кыз-оюндарга барып, кылымдарды

карыткан Алайкуу тоолорундагы жоон түп арчаларга салынган селкинчекти тебишип, созолонто ыр ырдашып, комуз күүлөрүнө кулак төшөп, айрым жигиттердин сүйөм-күйөм сөздөрүн угуп, шыңк этип күлүп, көздөрүн ойноктотуп, жүрөккө чок салып, күндөр айлар, жылдар өтө берет. Кыз-оюнга байлардын көпкөлөң балдары менен жээрде кашка жоргосун минип, жупуну кийинген кедейдин баласы Акматбек да келер эле.

Акматбектин келиши менен кыз-жигит оюну көркүнө чыгып, ал черткен комуздун коштоосунда созолонто ыр ырдашкан кыз-жигиттер түнкү ай жарыгында бири-бирине кыналышып, арчаларды аралап, кыткылыктап күлүшүп, түн бир оокумда үйлөрүнө таркашчу. Кээде Акматбек Кызайды жандап, өзүнүн ички сырын кандай айтаарын билбей колундагы комуз кылдарын акырын күүгө келтирип, кандайдыр жүрөктү элжиреткен күүнү черткенде, кыз жүрөгү дүкүлдөп, ошол күүнү кайра-кайра уккусу келгендиктен Акматбекти жалооруй тиктеп, жарыкчылыкта ага тең жигит жок сыяктуу сезилип кетчү.

Кыз башы менен «мен сенсиз жашай албайм, сени сүйөм» деген сөздү айтуудан айбыгат. Ошондой болсо да кыз өзүнүн көз карашы аркылуу Акматбекти чындап сүйөөрүн билгизет. Ал эми Акматбектин черткен күүсү да «сенсиз жашай албайм» деген сөздү шаңкылдап айтып тургансыйт. Бул кайсы күү дегенде, Кызай деген күү деп жооп берчү. Ошондой айлуу түндө эки жаштын эриндери бири-бирине жабышып, кош арчанын түбүндө бир далайга чейин кучакташып турганын өздөрү да сезбей калышат.

Ошол доордун, ошол мезгилдин шартына байланыштуу Кызайдын ата-энеси байлыгына манчыркап турса, кантип эле колунда жок жарды үй-бүлөдөн чыккан Акматбекке өз кызын турмушка чыгарсын. Бул жагдайды эки жаш тең айттырбай түшүнчү. Ошондой күндөрдүн биринде Кызайдын ата-энесиникине куда түшүп, тектүү жердин бай адамы уулун үйлөнтүү үчүн мал-мүлкүн айдап келип калат. Той башталып, оюн-зоок болуп, ага Акматбек да катышып, өзүнүн муңдуу күүсүн черткенде угуп отурган кыз-келиндердин көздөрүнөн жаш кылгырат. Күүнү угуп отурган Кызай да көзүнөн жаш кандайча куюлганын байкабай калат. Той аяктап, Кызайды жеңелери атына мингизип, узатканга чейин Акматбек өзүнүн «Кызай» деген күүсүн чертип, кыз-жигиттердин көзүнчө Кызай деп атын айталбай «Сары сулуум» деп боздоп ырдап, узаткан экен,» — деп Айдар аке муңдуу обон

менен ыр саптарын созолонтуп калчу. Кызайдын өңү ак жуумал саргычыраак болгондуктан Акматбек Кызайды «Сары сулуум» деп эркелетчү экен.

Сары сулуу өзгөчөм,
Сагынып турам көрбөсөм.
Сагынычым таркабайт,
Сагагын жыттап өппөсөм.

Сары сулуу, ойлосом,
Түшүмөн чочуп ойгоном.
Уктабай түндү өткөрөм,
Үшкүрүк басып толгоном.

Сары сулуум сени ырдадым,
Сулуудан сулуу ылгадым.
Селкинчек тээп сен менен,
Армансыз ойноп жыргадым.

Белести ашып кетээрсиң,
Бай үйүнө жетээрсиң.
Антташкан сөздү эстесең,
Кайрылып кабар берерсиң.

Сары сулуу сен деп ырдадым,
Башкага көңүл бурбадым.
Баш кошуп сендей сулууга,
Бактылуу турмуш курбадым.

Алыска кеттиң элиңен,
Алайкуу деген жериңен.
Кайрылып кабар бересиң,
Эстесең эгер мени сен.

Артыңдан издеп барамын,
Ичтеги сырды айтамын.
Сары сулуу сендей асылды,
Эми мен кайдан табамын.

Биз жүрчүбүз айылда,
Жайлоого чыгып жайында.
Кармаштык эле колду бек,
Карагайты сайында.

Секетим сен деп жангамын,
Селкинчек тээп жандадым.
Жаштыктын сырын көп айтып,
Кош алмаңдан кармадым.

Селкинчек тепкен күндөрдү,
Эстээрсиң айлуу түндөрдү.
Жүрөгүң сенин зырп этер,
Бетиңден жыттап сүйгөн күндөрдү.

Айдар аке далайга чейин узак ырдаар эле. Алайкуу аймагында Айдар акедей «Кызайды» уккулуктуу ийине жеткирип чертип, созолонтуп ырдаган комузчулар болгон эмес. Бул күүнү Айдар аке кимден үйрөнгөнүн сураган киши да болбоптур. Эл арасындагы жогорудагы күү баяндарын жаштарга айта жүрүү улуу муундардын парзы».

*(Матосмон Салибеков)*

# АЙГҮЛ КЫЗ МЕНЕН КОЗУЛАН

Баткен районундагы Кара-Булак айлына жакын жерде асканын бетинде сейрек кездешүүчү гүл өсөт. Аны «Айгүл Таш» деп аташат. Уламышка караганда качанкы бир кезде Урбо-Хан деген жашаган экен. Анын татынакай жалгыз сулуу кызы Айгүл деп аталган. Козулан менен Айгүл кыз ашык болуп сүйүшүп калган, бирок Козулан согуштан кайтпады... анын жүрөгүн ишенимдүү кырк жигити куржунга салып сүйгөн кызына алып келип беришет. Күйүтүнө чыдабай Айгүл кыз аскадан учуп өлөт. Кыз кулаган жерде, анын каны чачыраган таш боорунда укмуштай кооз гүлдөр өсүп чыккан. Бул гүл кийин «Айгүл» деп аталып, гүл өскөн тоонун бир өңүрү «Айгүл Таш» аталып келет. Сейрек кездеше турган жаратылыштын бул белегин көздүн карегиндей сактай албагандыктан кийинки кезде жоголуп баратат. Кошумчалай кетерибиз, «Айгүл сулуу менен Козулан» дастаны эл оозунан жыйналып, аспаптык күүлөргө салынып келет.

1989-жылы «Кыргызстан маданияты» гезити Ташбүбү Карим кызынын айтуусунда бул элдик дастанды жарыялаган. Ташбүбүнүн кызы Саадаттын «Ыраматылык энем Ташбүбү Карим кызы байкалбаган өнөрлүү адамдардан эле. Ал 82 жаш курагында 1988-жылы дүйнөдөн өтүп кетти. Түштүк кыргыздарда, айрыкча, баткендердиктерге мүнөздүү тартынчаактык, уяңдык эл ичиндеги не бир таланттарды басмырлап келген. Алардын өнөрү ачыкка чыкпай көкүрөктөрүндө гана кайнап тумчугуп кете бербедиби. Балким, энемдин ырчылык өнөрүнө мен да назар салбаганымда белгисиз кете берет беле?! Өкүнүчтүүсү, мен энем билген дастан-ырлардын көбүн айттырып жазып калууга үлгүрбөй калдым» деп өкүнгөнү бар. Комуз күүлөрүндө бугуп жаткан «Козулан баатыр баяныңдай» кайрыктар калктан жыйналып, «Казынабызды» байыта берсин, улутубуздун рух дөөлөтүн түптөй берсин.

## Козулан, Айгүл кыз

Жоонун катыгын берип, эрдиги менен элине алынып калган Козулан Айгүл аттуу сулуудга ашык болуп, махабат жалыны алоолоп турган кезде кырк чоросун жанга алып, Алооке ханга каршы аттанат. Айгүл кыз Таш-Тоосунан нөөкөрлөрү менен узатып кызыл гүл белек тартуулап, кол булгалап коштошуп калат.

Айдан ай өтөт. Айгүл кыз ошол тоодон жигитин күтөт, эки көзү жолдо. Күндөрдүн биринде жолдон топ караан көрүнөт. «Баатырлар жоодон кайтышты» деген кабар жетет. Айгүл Козуланды Айкүлүк атынын үстүнөн издейт, бирок көрүнбөйт. Айгүлүк жайдак кишинеп, найза, калканы ээр кашында, ээси жок келет. Айгүл эси оол жыгылат.

Чоролор баштарын жерге салып, баатырдын жоо колдуу болгонун билдиришет. Ээр кашындагы кутуну Айгүлгө сунушат. Ачып караса – Козулан баатырдан жүрөгү. Жигиттин бири Козулан баатырдын керээзин угузат:

Кербендер кетет кыйырга,
Алтыным, сага кыйын да.
Казатта жүрүп мертиндим,
Боло албай калдым сыйыңда.

Капыстан сынды канатым,
Кабылдап кетти жаратым.
Айкүлүгүм баратат,
А дагы болсо жан атым.

Көк көлдөгү түнөгүм,
Мергендер атты чүрөгүн.
Өзүм калсам мейличи,
Элиме кетсин жүрөгүм.

Гүлдөр бүчүр алгандыр,
Жол карап көзүң талгандыр.
Ажырашса ашыктар,
Ал – эки жаш үчүн армандыр.

Баатырлар барат толуктай,
Гүлүңдү карма соолутпай.
Акырет жайы шул экен,
Айгүлүм, арманда кеттим жолукпай.

Айгүл кыз эсин жыйып, колундагы алтын кутуну көкүрөгүнө бекем кысып, тоо өрдөп чыгып кетти. Чоктой кызыл гүлдөрдү аралап, аска башына чыкты. Ойдо тургандар Айгүл кыз кандай жорук баштайт деп, ызы-чуу түшүп ыйлап жатышат. Кызыл көйнөгү желбиреп, башында үлпүлдөп үкүсү учуп түшүп, алыска-алыска көз кырын жиберип: «Кош апа! Кош жан курбуларым! Козулан экөөбүз жаздагы кызыл гүлгө айландык, бизди эстей жүргүлө, коо-ош!..» деп, Айгүл аскадан боюн таштап гүлгө айланып кеткен экен. (Жазып алган Мурзапар Үсөн уулу).

# ЖҮЗ ЖИГИТ

Үмөт молдо ырчылык талант, комузчулук өнөрдөн да куру эмес эле. Ал комузчулуктун артынан түшүп, аны кесип катары кармап, эл алдына чыгып ырчылык өнөрүн көрсөтпөсө да, үй-бүлөсүнүн, жакын жоро-жолдошторунун чөйрөсүндө, комуз күүлөрүн кол ойното, баптап, таптап чертчү. Өзүнүн ырларын комуздун коштоосунда аткарган. Үмөт молдонун комузчулук өнөрү тууралуу билген-көргөнүн Бакай-Ата районундагы Кең-Арал айлынан Ширгели молдонун (94 жашка чыгып дүйнөдөн өтүп кеткен) эскерүүсүн Үмөт молдонун экинчи уулу Акраман Үмөтов 1978-жылы жазып алган. «Жүз жигит» деген күүнүн тарыхын Үмөт-молдо айтып чертчү экен. Күүсүнөн мурда анын тарыхын Үмөт-молдо айтканда, уккан адамдын жүрөгү эзилип, көзүнө жаш келер эле.

– Илгери тарыхтын бир бүктөмүндө калган жоокердик заманда, журттун туусун жыктырбай, кара калмакты чекке киргизбей элин жоодон сактаган, эр көкүрөк, кайраттуу, балбан билек, намыстуу жоокерлери менен даңазасы кыйла жерге кеткен Көкүм деген чоң айыл болгон. Айыл башчысы Алыш баатыр кыргыз-калмактын чегинде туруп, эки элдин мамилесин түздөп, кези келген жерде калмак элине үстөмдүк кылып турган. Жылдан жыл алмашып, Алыш улгаят, ал-күчтөн таят. Баласыз өтүп баратканына арман кылып, өлсөм элиме менден эстелик болсун, жоо келатканын алыстан байкоочу кароол жайгашсын деп, айылга кирүүчү жолдогу бийик капчыгайдын эки тарабындагы тектирлерди тегиздетип кароол секи даярдатат.

Ал жерге добулбас коюп, сак жигиттерден кароол уюуштурат. Мезгил жетип, Алыш баатырдын көзү өтөт. Эл өз ара жаатташып, журттан ынтымак кетет. Мындайды көз кырынан кетирбей байкап турган душман, айылга бир түндө капысынан басып кирип, кыргын салат. Калмак тайшы жоокерлерине «туткунга эч кимди албагыла,

кыргызды кыргыла, бирок төрт жашка чейинки эркек балдарды тирүү алып келип, мага тапшырасыңар» — деп буйрук берет.

Бир кезде гүлдөгөн айылдын ордуна додолонгон күл калат, күңгүрөнгөн капчыгай, күрпүлдөгөн суу калат. Чабылган элдин көкүрөктөгү жарасын дарылап, жашоо улана берет. Бирок, жоо кылычынан аман калып, балдарынан тирүү айрылган энелердин күйүтү, арманы комуз күүсүнө чертилип, эл оозундагы дастанга айланат.

Калмак тайшы олжолоп келген балдарды чоочун көзгө көргөзбөй, өзүнчө бактырып, катаал шартта күнү-түнү жоокерлик өнөргө үйрөтө берет. Балдар «эне-ата» деген эмне экенин билбей, көргөн-бакканы жоо чаап, алсызды баш ийдирүү, күчсүзгө ыза көрсөтүү болуп, жалаң кылыч шилтеп, найза сайганды гана үйрөнүшөт.

Калмак тайшы сынамакка жигиттердин ичинен 100дү тандап алып казак, уйгур, кытай айылдарына жортуулга жиберип, өзү да, кол башчылары да чогуу жүрүп, жигиттер каршылаштарын өрттөй каптап, жылан сыйпагандай жексен кылганын көрүп, эми баш көтөргөн кыргыздарды баш ийдирүү тилеги орундаларына көзү жетет. Жакын адамдары менен жашыруун кеңеш куруп, «арадан жыйырма жыл өттү, кыргыздар кайрадан баш көтөрүп келатат, эми аларга өз тукуму, шилтесе кызыл өрт болгон жүз жигит менен кыргын салууга убакыт келди» — дейт. Тайшынын тегерегиндегилер анын мындай «акылдуу» чечимине түшүнүп, туш-туштан кубатташат. Кыргызга кайрадан кыргын түшөөр мезгил жакындап, калмак менен кыргыз ортосундагы абал курчуйт. Кыргыз тарап да бейдарек жата бербей, кандуу кармашка даярданат. Ошентсе да калмактын өрттөй каптаган жүз жигити жөнүндөгү кеп-сөздөр кыргыз кол башчыларынын жүрөгүнө тикенектей сайылып, түйшүккө салат. Кыргыздар жыйын курат, жоодон коргонуунун амалын талкуулашат. Бир чечимге келе алышпай, бел майышып турган чакта, бир ооз үн катпай, ой басып олтурган бир кездеги Алыш баатырдан кеңешчиси Кулбото карыя мындай дейт:

— Эртеден берки сөзүңөрдү угуп олтуруп, мага бир ой келди. Жүз жигит деп атасыңар, алардын өрт каптагандай кубат-күчүндө бир мандем бар. Булар жүз үйдөн чогулган эмелер эмес, булар бир жерден өсүп жетилген уялаштар, эне-ата жөнүндө түшүнүктөрү жок, кайдан, качан жаралганын билишпейт, жаалы кайнаган жетимдер.

Эгер, менин оюм туура болсо, алар мындан жыйырма жыл илгери олжого кеткен кыргыздын уулдары, биздин балдарыбыз…

Жыйын дуулдап, бир даары Кулбото карыяны колдоп чыкканы менен, көпчүлүгү айтылган кептин өзөгүнө анчалык ишене албай турушту.

Кулбото карыя эл тынчыгандан кийин кебин улады.

– Демек, өз тукумубузга өзүбүздү чаптыралы, болбосо өз балдарын өздөрүнө кырдыралы – деген амалдуу душманды, жалаң гана найза, кылыч эмес, амал менен жеңүү керек. Оюңарды айткыла, – деп элге кайрылат. Эт бышым элдин сунуш-пикирлерин угуп олтуруп, акырында мындай бүтүм чыгарат: – Жоо келсе бир гана Капчыгайдын ичи менен селдей каптайт. Алыш баатырдын тектирине чейин эки тозот коёлу, биринчиси жоокерлер болсун, кармашып көрүшсүн, экинчисине балдары олжого кеткен энелерди коёлу, өз балдарын тааныбаса да балдарынын боору тартылып, сезимдери ойгоноор. Капчыгайдын эки тарабындагы Алыштын тектирлерине жоо көрбөгөндөй кылып сурнайчы, чоорчу, комузчуларды жайгаштыралы. Мына, ошол үч тозотту бузуп өтсө, калмактын жүз жигити биздин тукум эмес, буза албай калса… айла жок жалпы журт кармашка түшүп, согушуп жатып өлөрбүз»…

Кулбото карыянын сөзү менен жоого тозоттор коюлуп, кылым карыткан кыргыздардын башында кандуу согуштун дагы бир ала көлөкөсү айланып турду.

Жоо чын эле өрт каптагандай байкоостон басып кирди. Капчыгай өрдөй чабуулга чыккан жоонун селин алгач жоокерлер тосту. Кыргыз тукуму кыргызга кылыч шилтеди, найзалашууга өттү. Капчыгай ичи кан жыттанды. Кылычтын ырайымсыз изинен от жанды. Шукшурулган бүркүттөй жүз жигит баштаган калмак аскери жыгачка чабылган курч балтанын мизиндей кыргыздын биринчи коргонуусун бузуп өттү. Мындайда чырылдаган энелердин үнүн ким укмак, кан жытына делөөрүгөн жоо тарап, жеңишине эргий алга умтула берди. Эми аларга эч тоскоолдук болгон жок. Тапыраган ат туягынын, каңгыр-шаңгыр курал-жарактын үнү капчыгай ичин жаңыртып, ажал оту кыргыз жерине бүркүлдү.

Аңгыча, каяктандыр сыбызгыган чоор үнүн улап, комуздун боздогон коңур үнү тереңден куюлуп, теребелди жаңыртты. Шаң менен келаткан жоо үчүн бул күтүүсүз болду. Алдыда алгыр куштай серпилип, урушарга жоо таппай келаткан жүз жигит тегерене серп

таштaшып, бул, жүрөккө кылычтын мизи, найзанын учунан да катуу кадалган сыйкырдуу үн кайдан чыгып жаткандыгын биле алышпай, тизгин жыя башташты. Комуздун доошу ого бетер даана угулду. Анын ар бир кайрыгы сезимди көзөп, бирде алдыдан, бирде арттан, бирде оңдон, бирде солдон, бирде Теңирдин тереңинен төгүлгөндөй туюлуп, жүрөктү титиретип, эки тарабы жалама бийик аскаларга жаңырып, күчөгөндөн күчөдү. Миң кубулуп, жүрөктү эзип, дирилдеген комуз кылдары жүз жигиттин таштай түйүлгөн муштумдарын жазып, суурулган кылычтарын кынына салдырып, сунулган найзасынын учун көктү каратты.

Селдей каптап бараткан жүз жигит Теңирге жүз буруп, ат үстүндө кереметтүү комуз күүсүнүн кайрыгына чындап берилип, имерилип туруп калышты. Комуздун эркти тушап, тирүү жандын рух дүйнөсүн куюндай сапырган укмуш кайрыктары ааламдын мухитине чөктүрүп жибергендей туюлду. Күү ыргагы түрлөнүп төгүлө берди. Жигиттердин көздөрүнө жаш толуп, өздөрү да түшүнбөгөн кусалык, сагыныч сезимдери ойгонуп, өзөктөрүнө өрт коюп, туулган жерлерине боор тарттырды. Мындай шумдуктуу көрүнүш калмак тайшысына жакпады. Колбашчыларынын бирин жиберип, жүз жигиттин бирине камчы шилтетти. Камчы жеген жигит демейдегидей баш ийип калбастан, калмактын кол башчысын кылыч менен шылый чапты. Комуз күүсү жүрөктү эзип сыздай берди. Калмактар эми жүз жигитти көздөй ат коюшту. Жүз жигит бир кишидей тайманбастан аларга бетме-бет чыгышты. Комуз күүсүнүн ыргагы күчөп, эми шаңдуу, жандуу угулду. Кайрыктарында жүз жигиттин эрдигин баяндап, «сен кыргызсың, сенин элиң кыргыз, жериң Ала-Тоо, дилиң менен түшүн, жүрөгүң менен сез» деген купуя кеп баяндалып жаткандай туюлду. Жалпы журт жүз жигитке кошулуп, «кыргыздап» ураан чакырып, калмакка каршы аттанышты. Комуз күүсү теребелди шаңга бөлөп, жеңиштин салтанатын кубаттап Ала-Тоо ичин жаңыртты. Эл өзгөгө кеткен жүз жигитти чоң салтанат менен тосуп алды. Жүз жигит кыргызга чеп болуп, өмүр уланды, жүз жигиттин тагдырын баяндаган күү жаралды.

Үмөт молдо бул күүнүн улам бир кайрыгын чертип, тарыхын айтып, дастан кошуп, обон созуп эт бышым баян куруп олтурчу экен. «Жүз жигит» күүсүн кадимки Орозбай молдонун бир тууган жээни, Кара-Чокулук комузчу Жумалы Бекеевден бөлөк тактап черткен эч ким болбой калган. Ал эми «Жүз жигит » дастанынын

сөзү жазылган Үмөт молдонун эмгектери дайынсыз жоголуп кеткен көрүнөт, балким, кимдир бирөөлөрдүн колунда жүргөндүр. Эгер бирөөлөрдүн колунда жүрсө, ушул китептеги дарекке байланышса, арбак алдында өзүнүн атуулдук милдетин аткарган болор эле».

## Кыз коргон

Кара жанды канжыгага байлаган кандуу кармаштарда олоң чачын төбөгө түйгөн кыз жоокерлер эр азаматтар менен эриш-аркак эчен эгештерге катышып, кээде набыт да болушкан. Бирок эне-бала душман колу жеткис көз мелжиген аска-зоолорго жашырынып, аман калган. Көк темирден туулга кийип, көк тулпарын ойнотуп, оң эмчегин кесип салып, кылыч шилтеп, жебе тарткан кыргыз кыздары карт тарыхта кала берген.

Эл Анжыянга кире качкан каат жыл. Бир топ айылдарды жер менен жексен кылган Бака Манжы деген калмак 150гө жакын кыз келинди олжолоп бараткан. Кара-Өтөккө өргүү жасашып бир айча сейилдеп жатышты. Он бир үй толо калмак сардарлары. Талоондон түшкөн тайлар, койлор союлуп, айран кымыздан ачытылган шарапты шимирип, күзөттөгү 30дай нөкөрлөр кыргыздын кыздарын зордуктап, шапар тээп алагүү...

Жийдегүл, Бүбүнур деген кыздар кеңешип, ноёндорго, күзөтчүлөргө шараптан аябай ичиришип мас кылышты. Үйлөрдүн эшиктерин бекитип, кырка куурай коюп, өрттөп жиберишти да кыздар куралданып капчыгайдын ичине бекиништи. Кууп келген жоонун мизин майтарып, коргонуп турушкан. Сан жеткис жоо колу менен салгылаш жүрүп, кыздар дээрлик кырылган. Ошол жер кийин Кыз-Коргон аталып калган.

Солто уруусунан чыккан Жамал аттуу кызды калмак тайшысы Цебан Рабдандын тушунда (1697-1727) бир картаң ноён алган. Карт күйөөнүн буга чейин эле ажаандай 3 аялы болуптур. Жамал бечараны күнүлөшүп, отун алдырып, кой кайтартып, ачуу тилин агытышып күн көрсөтпөй кыйнай беришет. Жамал да жөн жатпай шербетти кымызга ачытып, уу коргошун кошуп, улам бир үйгө кирип, ноёндорго ичирип, мас болгондон кийин жара тартып салып жатты. Ошентип, 6 ноёнду о дүйнө аткарып, 6 кызды чогултуп, колдоруна канжар, бычак карматып, күнүлөштөрүн күм-жам кылышты. Коңшу калмак айлында да сарбагыштын Абыла уругунан Карамураттын кызы Айнагүл деген он бир адамды мас

кылып, уктатып коюп, боз үй сыртына куурай үйүп, түн ортосунда өрттөп жиберген.

Калмак ноёндору бул кабарды угуп, чогула зордуктап Жамалды чалажан кылып таштап кетишкен. Айнагүлдү кескилеп өлтүрүп, сөөгүн ит-кушка талатып жиберишкен. Калган кыздар качып чыгып, аскадан боюн ташташкан. Кыргыздар Жамалды жараланып жаткан жеринен табышат. Боордошторун таанып, көзүн бүлбүл ачкан Жамал жылмайып үзүлүп кеткен. Жамалды урмат менен жайына узатып, сөөгүн секиге коюшкан. Ошол секи – «Жамал секи» аталып, өткөн-кеткендер куран жолдоп, кыз баяны ооздон-оозго айтылып келет.

# АНЖЫЯН КАЛКЫ

1552-жылы калмактардын Алтын ханы ойротторду караткандан кийин Ойрот мамлекети түптөлөт. 1634-жылы бийликке келген Коңтаажы Хорезмди талап, казак ханы Тобокелди, анын тууганы Эшимкандын көзүн тазалады. 1653-жылы Коңтаажы о дүйнө салып, бийлик баласы Сенгеге өттү. Сенге 1671-жылы өлтүрүлүп, тактыга Галдан Бошотку отурду. Калмак-кыргыз 1685-жылы Алматы чөлкөмүндө беттешип, бул уруш кыргыздарды катуу жеңилишке мажбурлады. Кыргыздын нечен азаматтары набыт болду. 1685-жылы кыргыздар жапырт үркүп, Анжыянды бет алып качты. Бир азы калып, калмактардын малын багып күн көрүштү. Черик кыргызы Какшаалга кирди. Сол кыргызынан саяк, багыш Кетмен-Төбөдөгү калмактар менен кагылышта кырылды, далай эр-азаматтар окко учту. Анжыянга качардын алдында сарбагыш баатырлары Үчүкө-Түлкү Жаңыл Мырзанын колунан ажал тапты. Алардын иниси хан Кудаян ачкалыктан тентип жүрүп, Анжыянда өлдү. Сарбагышта эл башкара турган киши калбай калды. Качып барган элге солто уругунан чыккан Кошой бий баш-көз болуп турду.

Анжыянга келгенде кыргыздар өзбектердин жаман тамдарында баш калкалап оокатын өткөрдү. Кочкордун күн жүрүшүндө, Долондун күн батышында, Төлөктүн чатында жашагандар Анжыянга көчкөн кыргыздардын артынада калып, жете келген калмактар үч жүз кишини кырып салды. 1745-1750-жылдары Цин империясы калмактарды талкалагандан кийин, кыргыздар кишилерин жашырын чалгынга жиберип, 1758-1760-жылдары өз жерине кайтып келе баштаган. (Б. Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхынан»).

Кыргыз элинин башына түшкөн бул оор кырдаал же «Анжыян сапары» тарыхый уламыштарда баяндалып, эпостук дастандарда ырдалып, аспаптык күүлөрдө ойнолуп, кезегинде кенен сөз козголуп, күнү бүгүн аягы үзүлбөй айтылып келет. Мезгилинде

Арстанбек кайырган «Анжыян даткасы», Мураталы мурас кылган «Анжыян журту», Карамолдо, Эркесары алтын казынага табыштаган «Анжыян калкы», Шекербектин кайрыгында жаңырган «Анжыян калкы – Ислам журту» угарманын ойго салып, күнү бүгүн күүлөнүп, күчүндө.

Жазуучу Орозбай Көчкөнов «Кан жол» дастанында мындайча сүрөттөгөн: «Нарбото алгач карандай санат ырларын ырдап келип, «Анжыян калкы» аттуу күүнү черте баштады. Күү калк кайгысын, көңүл чөккөн ызаасын, жүрөк өксүгүн алыстан кайырып, отургандарды санаага салып баратканда ырчынын үнү сөзү менен коштоду:

Кара тоо башы кар болду,
Кайран кыргыз балдары,
Кайырмактагы балыктай,
Кашыктай сууга зар болду.
Дири-дин, дири-дин, дири-дин.

Жашыл тоо башы кар болду.
Жалаң кылыч байланып,
Замана-саат ал болду.
Жаатчыл ушул кармаштан,
Жаздыгың күндө кан болду.
Дири-дин, дири-дин, дири-дин.

Тарт атты бүгүн, Анжыян калкы,
Тартылар шунтип көзүңдүн жашы.
Тартардын этин жебеген чанып,
Таш коёр көчүң – Таластын башы.
Диң-диң, дүпө-дүп, диң-диң, дүпө-дүп!

Ырдачы бүгүн, Анжыян калкы,
Ыбырсып кургап көзүңдүн жашы.
Ырысың толуп, казаның кайнап,
Ыңырчак чечер – Ысык-Көл башы.
Диң-диң, дүпө-дүп, диң-диң, дүпө-дүп!

Душмандары сүрүлүп, калың журт этегин кайра түрүнүп, элин сагынып, жерин күсөп, көчө баштаганда Анжыянга кайрылып, кош айтышып турганы:

Коондору жарылган,
Кош, аман бол, Анжыян!

Кокуй түшсө башыма,
Кайра сага кайрылам!
Дири-дири, дири-дей!
Дири-дири, дири-дей!

Анделеги жарылган,
Аман болгун, Анжыян!
Азиз башка күн түшсө,
Анда дагы кайрылам.
Дири-дири, дири-дей!
Дири-дири, дири-дей!

Анжыян кайда?
Эл кайда-эй-эй?
Азапка түшкөн,
Мен кайда эй-эй?
Самаркан кайда,
Мен кайда эй-эй?
Сайышка түшкөн,
Мен кайда эй-эй? –

деп келип, элдин көрүнгөн жерге тентип кор болгонун күүдө кайырды.

Нарбото комуздун капкагын бармагы менен ургулап жалгыз аттын дүбүртүн тuурайт. Үстүндөгү кыргыз буркурап ыйлайт:

Кош этегиң түрүнчү,
Коогалуу журтум сүйүнчү!
Эй-эй! Эй-эй! Эй-эй!

Эки этегиң түрүнчү!
Эзилген журтум сүйүнчү!
Эй-эй! Эй-эй! Эй-эй!

«Жоо өз журтуна кетиптир. Сүйүнчү-ү! Аттангыла-а!»

Көтөргүн кашты, Анжыян калкы,
Көрүнбөй кургар көзүңдүн жашы.
Көбүргөн аңкып, мурунду жарар,
Көч токтоор жериң – Соң-Көлдүн башы.
Диң-диң, дүпө-дүп, диң-диң, дүпө-дүп!

Олуялар жаткан жер,
Ой кырын жемиш баскан жер.

Орошон кыргыз калкыңын,
Ооматы тайса каткан жер.
Дири-дири, дири-дей!
Дири-дири, дири-дей!

Периштелер жаткан жер,
Берекеси ташкан жер.
Бел чечип душман басканда,
Бешиктей бекем каткан жер.
Дири-дири, дири-дей!
Дири-дири, дири-дей!

Топурагың тозбосун!
Тооңдо кийик оттосун!
Капшытта жемиш жайнасын!
Казаның дайым кайнасын!
Төбөңдө күнүң өчпөсүн!
Сууңду душман кечпесин!
О-о-омийин!

Кокон бийлиги Тынымсейит уруусунан 5-6 билгилерин Анжыянга чакыртат. Арстанбек атасынын жанында болгусу келип, бул сапарга кошо ала кетүүсүн өтүнөт, бирок ал ою орундалбайт. Арстанбектин делөөрүсү күчөй берип, кунанын минип, комузун койнуна катып, атасынын артынан «Анжыян кайдасың» деп сапар алат. Акыры Анжыянга жете келип, шаар кыштактарды аралап, комузун чертип, ырын ырдап элге бат эле таанылат. Арстанбектин кабары Алымбек даткага да жетет. Алымбек саркерлерин чаптырып, аркалык комузчу баланы издетип таптырып өнөрүн баалап, өзүнө комузчу кылып алат. Акырында Арстанбек Алымбекке ичтеги сырын айтып, атасы жана жанындагы жолдошторун туткундан бошоттурат.

Арстанбек Алымбек датканын жанында болуп, көп элди кыдырып, Анжыян, Кокон аймагы менен түгөл таанышат. Анжыяндыктар көбүнчө кыргыз, кыпчак элдеринен куралган себептүү Кокон хандыгына алар аскердик (жоокерлик) милдетти өтөшкөн.

Алымбек датка ырчы, күүчүлөрдү чогултуп, аркалык акын комузчу бала Арстанбек менен беттештирет. Арстанбек атаандаштары сунуштаган күүлөрдүн бардыгын черте келип, өз күүсүн аларга тапшырганда эч кимиси талапка ылайык аткара

албай калышат. Ошондо Арстанбек «Анжыян калкы» аттуу күүгө улай «Анжыяндын даткасы» аттуу күүсүн чертип, ыры менен коштоого алат да, бул күүмдү Алымбек даткага арнадым дейт.

Алтындан камчы алакан,
Аркы түптө чоӊ ханы,
Анжыяндык Малахан.
Атка каккан жер казык,
Коргондогу турганы,
Кыпчактардын Мааразык.
Арстанбек жез таӊдай,
Оозумдан чыккан сөз кандай.
Баракелде, эр кыпчак!
Саадактарыӊ бир кучак.

Санжыргалуу сан кыпчак,
Мингендери тобурчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн.
Аргымак атты таптаптыр,
Тобурчак жемге какаптыр.
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр.

1898-жылы кылымдар бою ички-тышкы эзүүгө чыдабаган карапайым калк социалдык улуттук эркиндиги үчүн биргелешип күрөшкө чыгышкан. Бул күрөш тарыхта «Анжыян көтөрүлүшү» деп аталган. Падыша бийлиги көтөрүлүштү ырайымсыз ташбоордук менен баскан, 777 киши камакка алынган. Камалгандардын ичинде акын Токтогул болгон.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Анжыян калкы» | 1727 | 438 | Карамолдо Орозов |
| 2. | «Анжыян калкы» | 9457 | 226 | Усуп Орозов |

# ЖОРТУУЛ КҮҮЛӨР

Айтылуу Айдараалы «жөргөлөк» эл оозунда айтылып келаткан «айтым, куудул» күүлөрдүн катарында каадасын бузбай аткара билген күүлөрдүн бири «Жортуул күү» деп жүрүшөт. Атпай журтка таанымал бул күүнү атактуу комузчулардан: Назар Шишбаш уулу, Муса Молдокан уулу композиторлор бирлигинин музыкалык алтын коруна жаздырышкан. Ал эми темир ооз комуз өнөрүнүн устаты Саркөбөн кызы Жумаш «Жортуул күүнү» радионун музыкалык «Алтын казнасына» тапшырып акылмандык кылган.

Дегинкисин, байыртан мурас болгон уруш-казат-согуш ыкмаларын салгылаш майданын күүгө салган, курал-жарактарын талдоого алган бул күүлөр, урпактар үчүн табылгыс дөөлөт. Билги карылардын, илимпоз-тарыхчылардын тастыктоолоруна таянсак, VI-VIII кылымдарда Ортоӊку Эне-Сай (Енисей) чөлкөмүн байырлаган, Чаатас доорундагы байыркы кыргыздар өзүнчө мамлекет курап, бийлик башындагыларды «Элтебер», «Ажо», кай бирде «каган» деп аташкан. Жоокерлер уруу-уруудан куралып, аларды «сардарлар» баштап жүргөн. Жоокерлердин негизги уюткусун атчандар түзгөн. Казатка кирер алдында азар-түмөн колду бир ыраатка салып, ыӊгайлуу учурда сардарлардын буйругун күтүп турушкан. Андай буйрук колбашчынын колунда болгон. Уруш «Аламан жапырык», «Жиреме чабуул» ыкмаларында уланган. Жоокерлердин согуштук курал-жарактары: узун шыргый саптуу сыр найза, айбалта болгон. Найзанын учу темирден кылоолонуп, аштоосу узун келген. Кылыч менен тинтенин сабына тээк жасалып, айбалтанын мизи кууш келген, уӊгусу болсо бийиктелген. Бетме-бет качырышкан салгылаштарда бир миздүү кыӊырак канжаларды пайдаланышкан. Тула боюна найза, жебе, канжарлар өтпөс үчүн зоот кийим, башына калкан кийишкен.

Аламан чабуулду алгач душманга карай жаа жебелерин жаадыруу менен башташкан. Кокус, душман кошуунунда дүрбөлөӊ түшүп калса, ошол замат ат коюшкан. Душмандын каршылыгы күч

алып баратса, чегинүүгө туура келген. Кыргыз черүүлөрү оор жана жеӊил жасактарга бөлүнүп, алгоолошуп сайышка түшүп турушкан. Адегенде жеӊил жасактуу жоокерлер душманга тике качырып, жабыла жаа менен аткылашып, ат коюшкан. Аламан жапырыкта душмандын сесин алып, мизин майтарууга аракеттенишкен. Жоо арасы бүлүнүп, дүрбөлөӊ түшүп калса, оор жасактуу атчандар кошууну капталдан куушуруп кирип барышкан. Куюндаган аламан чабуулда күү менен сайылган найзаларга туруштук берүү кыйынга турган. Душман айбатынан жанбай туруштук бере алса, анда жоону тинте менен шылый чаап, кылычтап, айбалталап, боо түшүрүп жанчуу ыкмасы колдонулган.

Кыргыздардын мамлекет курамы бара-бара бытырап, бөлүндү болуп, алсырай баштаган мезгилде согуш тарыйкаты да өзгөрүүгө туура келген. Эми чоӊ өлкөлөргө жабыттап калгандыктан, уруш чабуул коюу ыкмасынан ажырап, жакын аралыктагы оро-пара салгылашка ооп калышкан. Моӊгол доорунда (XIII-XIV к) өз алдынчалыгынан ажырап, Чыӊгыз-хандын колунун бир бөлүгүнө айлангандыктан, кыргыз кошууну чыӊоолдо гана калып, жортуул согушу жолдо калган. Цин империясы, Кокон хандыгы (XVIII-XIX к.) кыргыздар үчүн оор болду. Ары сүрүлдү – бери сүрүлдү... Баш калкалар чеп коргондо корголоп, сырткы душмандарына жортуул жасоо жолдомосу болбой калды. Эми болсо, «Жортуул күүлөр» тарых болуп тастыкталып, муза майданына айланды.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жортуул күү» | 1163 | 140 | Жумаш Саркөбөнова |
| 2. | «Тайкожонун баатыр чуу» | 2514 | 145 | Атай Огомбаев |
| 3. | «Бай, коюӊду жоо басты» | 3621 | 203 | Асанбай Каримов |

## Аттан! Аттан!.. Жоо келди!..

Казак-кыргыз эки элге хан болууну көксөгөн Кенесары, иниси Ноорузбайдын чапкын жортуулу Сары-Өзөн-Чүйдүн Аламүдүн,

Жыламышына чейин жеткен. Түнү бою жалындап күйгөн оттор таңында түтүн булап, жылгалар чаңдан уюлгуп, айлананы боз туман каптаган. Ага аралаш добулбастар дүпүлдөп, кернайлар тартылып, сурнайлар ышкырык салып, булардын шаңында жоокерлер ар тараптан чабуулга өттү.

Аркалык кыргыздарды Токмокко жете сүрүп келген Кенесары, Ноорузбайдын колу бул алааматтан сестенип, ындыны өчө баштады. Айтылуу Орозбак кернайчы тээ секиде кернайын тартып «Аттан! Аттан! Жоо келди!» аттуу күүнү жаңыртып, жоокерлерди эрдикке шыкактап, эли-жерин коргоого чакырык салып жатты. «Дап! Дап! Дап!.. Баң! Баң! Баң! Зың! Зың! Зың!..» Кернай үнү дапылдап... Сурнай үнү дапылдап... аркы беттеги алай-дүлөй, уу-чуугa кошул-ташыл, чаңы асманга созулган ополоң-тополоң, тээ ойдогу казактар кошуунунун сесин алып, кернай добушу кулак тундурат.

Солто уруусунан Тынаалы казактарга туткун катары кармалып турган эле. Казактар:

Бул эмнеңер? Тоодо от күйөт, токойдо тополоң жүрөт? – деп сураганда:

– Какшаалдан Ажыбек датка келиптир, аламан колдун ичинде, ана, кернайчысы, – деп жооп берет.

– Оо, тигинде Анжыяндан Кемпир баатыр колу көрүндү, кернайчынын коштоосунда.

– Ээ, тигинде Тайлак баатыры... Анын соңунда Төрөгелди баатыры... кернайын тартып, сурнайын ызгытып, түмөн кол келе жатыры, – деп, жооп узатып, душмандын сесин ого бетер кетирип, «Ормон опузаны» огеле ашыра мактап-жактап жатыры.

Ал аңгыча: «Ормон! Ормон! Ормон! Жантай! Жаңгарач! Балбайлаган!» ураан алдында кыргыздар кыр-кырдан качырып сала бербеспи. Казак кошууну Токмоктун үстүндөгү жылгын башына сүрүлүп, бир даары Мыкандын кара сазына маталды.

Бул кандуу окуя 1847-жылы кеч күздө Чүй жергесинде болуп, Кенесары Касым уулу 47 жашында, Ноорузбай 25 жашында о дүйнө салган эле.

Орозбак ошол айкашта тынбай кернай тарта берип, суусаганда чайдан ууртап, тамагы кургаганда сары майдан кертип сугуна, акыры дем жетпей зоруккандан үзүлүп, о дүйнө кете берген.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кайра качпа!» | 824 | 3’18 | Чалагыз Иманкулов |
| 2. | «Кайра качпа!» | 517 | 4’20 | Карамолдо Орозов |
| 3. | «Сурнай күү» | 1786 | 2’05 | Эркесары Бекбасаров |
| 4. | «Сурнай күү» | 480 | 2’07 | Шекербек Шеркулов |
| 5. | «Сурнай күү» | М.589 | 2’06 | Жунусалы Кутубаев |

## Саадак какты

Жеке аткаруучулукта же ансамблдик топтордун репертуарында башкы орундардын бирин ээлеп, угуучу, көрүүчүлөрдүн көңүлүнө төп музыкалык чыгармалардын (күүлөрдүн) бири – «Саадак какты». Күүнү жараткандар деп атактуу комузчулардын ысымдары аталып келет: «Саадак кактыны» Самсалы Аликеев Кудайберген комузчудан үйрөнгөм десе, карыя комузчу Мекиш Баатаев Мураталыдан үйрөнгөндүгүн эскерет. Турсалы Жумабаев Токтогулдан, Нурак Абдракманов Жантакбай, Эркесары, Шекербек, Асылбек Атайды аташат. Ата мекендик согушта колу майып болуп, комуз черте албай калган Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев: «Саадак кактынын» башаты Тайтеке менен таймашкан, Жантакбайга жанашкан таятасы Орозбайга барып такаларын ташпиштеген. Неси болсо да «Саадак какты» күүсү тээ эртеги замандарда жаралганы айдан ачык. Ошол алыста калган айтымдардын бири биздин заманга илинип, күү баянга өткөн.

Илгери калмак-кыргыздын бир жолку урушунда кыргыз жоокерлеринин тартма жебеси түгөнүп саадактары бошоп калат. Душман артын кылчак-кылчак каранып качып бараткан. Асмандан учкан жаа жебелери сээлдеп, аягы такыр токтоп калганын байкаган душмандын колбашчысы жоокерлерине кайрылып, кайрадан чабуулга өтмөккө буйрук берет. Душмандар аттарынын башын буруп, кыргыздарга каршы ат коюшат.

Ошондо көптү көргөн карыя жоокерлерге:

– Душман огуңардын түгөнгөнүн билди. Кайта уруш баштамак болду. Алдыда колбашчысы келатат. Саадагыңарды каккылачы, балким акыркы жебе калгандыр, – дейт. Жоокерлер саадактарын кагып, жалгыз жебе алып чыгышат.

Акылман карыя кубанып кетет:

– Койду эркеч баштамак, колду баатыр баштамак. Мээлеп туруп алдыда келаткан баатырын аткын, – дейт жоокерге.

Жигит душмандын колбашчысынын зоот кийими жетпей, ачык калган эки көзүн мээлеп туруп, жебени тартып калат. Жебе болжогон жерге кадалат, колбашчы аттан кулайт. Душман муну көрүп кайрадан артына качат. Жоонун мизи майтарылат. Жоокерлер жеңиш менен ата конушуна кайтат. «Саадак кагыштан» жаралган бул жеңиш кийин комуз күүсүнө айланган.

Как саадакты каккыныӊ,
Албарс жебе тапкыныӊ!
Кайра качпай душмандын
Жолун тороп жаткыныӊ!
Алдыдагы колбашчысын,
Алкымга мээлеп аткыныӊ!
О, жоокерлер, баатырлар!
Как саадакты, каккыла.
Кандай баатыр болсо да,
Кабыргага аткыла.
О, жоокерлер, баатырлар!
Кайрат кылгын качпагын.
Кандай арга кылам деп,
Кайсалактап шашпагын!

«Саадак кактынын» күү таржымалы тууралуу Дастан Сарыгуловдун айтканында негиз бар: «Саадак кактыны» оркестрлештирип, мажор тон менен шаңга бөлөп жатышат. Андай болбош керек эле. Бул күүнү Атайдыкы деп жүрүшөт, андай да эмес. Атай бейиши болгур, бул күүнү укмуш черткен. Анан ошол аткарууда жазылып калган. Бул күүнү алгач Орозбай молдо деген черткен. Сүйүнбай Эралиев акындын таятасы. «Саадак какты» күүсүнүн таржымалы мындай: Илгери эки элдин ортосунда чатак чыгып, эки тараптан бирден жоокерди жекеме-жеке чыгарышат. Экөө бири-бирин найза менен ала алышпайт. Акырында бирөө жаа менен атып, каршылашын аттан түшүрөт. Бул жеңишке жеткен

эрөөлчү кыз бала экен. Аттан кулаган жигитти барып караса келбети келишкен укмуштай сулуу жигит. Жигиттин чырайына арбалып, ордунда катып калган баатыр кыз бир оокумда солкулдап ыйлап кирет. Ошол учурда капталындагы жаа жебелери салынган саадак каалгый кагып турган экен. Аны көргөндөр окуяга арбалып аӊтаӊ калса, арасындагы күүгерлер бул окуяны комуз кайрыктарына кынашкан, ошондон барып «Саадак какты» күүсү жаралган экен».

Тарыхчы Ю. Худяковдун «Енисей кыргыздарынын тарыхы» деген эмгегин барактап көрөлү: XI-XII кылымдарда жоокерлердин куралдары андан ары өркүндөлгөн, көбөйтүлгөн. Денесине чарайна зоот, баштарына туулга кийишкен. Жаа жебелерин жалпак канаттуу кылып жасашкан. Иймек белдүү алеӊгир жаанын белине капталдата каӊылтыр жаткырышкан. Учуна темирден мык кийгизип, кылоолоп кылын чыгарып, кыйгактуу кылышкан. Бадана жыртар (тешер) жебелердин 5, төрт кыйгактуу жебенин 2, үч кыйгактуу жебенин 2, төрт кырдуу чимирик жебенин 6, сүйрү жебенин 1, тегерек жебенин 2 түрүнөн турган саадактар болгон. Жаа огунун мынчалык көп түркүмү көчмөн элдердин эч кимисинде болбогон. Кыргыздардын зоот тешме жебелери түртүспөлү боюнча саадактардын башка түркүмдөрүнөн алда канча артыкчылык кылган. Бул аталгандардан башка дагы садактардын арасында үндүү жебе, калак жебе, томпок жебе, чимирик жебе, жылан тил жебе, ызгыч жебе дегендери да болгон. Кылоосу өткүр, кыйгагы курч мындай жебелер калканды көзөп өтүп, зооттун майда тогоолорун жарып жиберген. Жааларды атайын кылабандарга (саадактарга) салып, жебелердин учун төмөн баштантып, чөнтөктүү коломсоктордо сакташкан. Булар киселүү курга арчындалып, бел курчоого байланган...» сыяктуу маалыматтар менен таанышабыз.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Саадак какты» | 3079 | 1'57 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Саадак какты» | 8162 | 1'29 | Эркесары Бекбасаров |
| 3. | «Саадак какты» | 7987 | 2'08 | Самсалы Аликеев |
| 4. | «Саадак какты» | 2672 | 2'01 | Асылбек Эшманбетов |
| 5. | «Саадак какты» | М.202 | 2'44 | Шекербек Шеркулов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 6. | «Саадак какты» | 4406 | 2'02 | Турсун Карымшаков |
| 7. | «Саадак какты» | 6545 | 2'10 | Сексенбай Айманбетов |
| 8. | «Саадак какты» | 10324 | 2'32 | Курмангазы Азыкбаев |
| 9. | «Жаа толгоо» | 8062 | 1'32 | Мекиш Баатаев |
| 10. | «Жаа толгоо» | 3471 | 2'55 | Жаналы Корочиев |

**Эрөөл**

Жоокердик замандарда эки тарап жоо бет келишип, тирешип, өлүм алдында турган кыйын кырдаалда, ар тараптын баатырлары тандалып, жекеме-жеке күч сынашуу эрөөлүнө чыгышкан. Мындай таймаш атуулдук ар намыстын туу чокусу катары кабылданып, кайсы бир учурда кан майдандагы кыргынды токтотууга себепкер болгон, айрым учурда бир тараптын жеңишине жол ачылган. Ал эми жайчылык мезгилдеги эрөөл-таймаш болсо, аш-тойлордун көркүн ачып, ата салтын уланып калган.

Алтын кемер чети деп,
Айдалынын бети деп,
Өпкө боор тушу деп,
«Өлөр жериң ушу» –

деп, найза сайышы, эрөөлдө күч алган. Жекеме-жеке эрөөлгө чыккандардын найзасы сынып, жарактан чыгып калганда:

Жакынырaак келгенин
Ач албарс менен майдалап…

тынышкан. Куралдар дээрлик жарактан чыгып калганда:

Ат үстүндө алышып,
Камчы менен чабышып,
Андан айла болбосо,
Багелектен алышып,
Буттан торой чалышып…

жөө кармашка да өтүшкөн. Коңкайтты баатыр Кубат бий менен кеңешип, түнкү күзөттү текшерип келип, тамактанууга отурушту.

Тамактан кийин каражаак Канатбек комузчу кайра-кайра ойкуштанта комузун чертип, аския чалат:

Кырдантып сайсаӊ калмакты,
Кыяпат кылбай сүйүнчү:
«Бул кыргыз элдин күчү» деп,
Тоголотсоӊ экөөнү,
Тооба кылып сүйүнчү:
«Бул толкуган элдин күчү» –

деп таӊ ирең-бараңда Коӊкайтты баатыр эрөөлгө чыкты. Калмактан Банжур баатыр беттешти.

Эки баатыр беттешти,
Калмак, кыргыз кектешти.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Кулак мээни жеп кетти.

Коӊкайтты баатыр алтымыш кулач кыл арканды мойнуна чалма ыргытып сүйрөтүп өлтүрдү калмакты.

Жалпы калмак козголуп,
Даӊкан чыкты октолуп.
Качырган куштай тез жетип,
Капталдата бир сайып,
Кайран калмак Даӊканыӊ,
Ал дагы, аласалды кыйшайып.

Жаратканга сыйынып,
Ташкелеӊ чыкты дегенде.
Кубат бийдин алдына,
Таанымал кыргыз жыйылып.
«Баатырды эми соёт!» деп,
Балбал таш жүрөт чыӊырып.

Ат ойноткон Ташкелеӊ алгач күч сынашмакка тике качырды. Эки тараптан найзалар сынды быркырап. Улам найзалашып сайышкандан кийин кашындагы баатырдын ким экендигин байкады карт карышкыр. Дагы кандай өнөрү бар? Байкашмакка найзаны жаза сайымыш этип, найза саярда жата калып мант берип, же каршылашынын найзасын кагып жиберип, Коӊкайтты баатырды эликтей берди. Ал күн ошентип өттү, чарчаганда кошунга тараштьы.

Баатырлар эртеси кайра жекеге чыгышты. Эки тарап бет келишип, бири-бирине кол салчу жырткычтай маташып турду. Мындайда баатырларда сынак мелдеши башталат эмеспи. Бир жолку чабышта мылтыктын дарысы көзгө чачырап, көрүүсү начарлап, эшик-төргө эптеп кирип-чыгып калган Жанболот кары чыдап тура албады. Эгер макул тапсаң, кезекти менин 5 берениме бергиниң, – деп Кубат бийден суранып жатат. Карыянын суранычы орундалып, эр сайышка эң биринчиден болуп Жанболот карынын Жантай аттуу уулун чыгарышты. Тике качырышып, таамай найза урганда зор күчкө туруштук бере албай, быт-чыт болуп быркырайт найзалар.

Дагы бир жолку беттешүүдө жаш баатыр каршылашын кууп жетип кылычташууга чакырды. Кылычтары сынып бүткөндө баштарындагы туулгаларын жулуп ыргытышып, ат үстүндө алышты жакалашып. Бир чай кайнам сүрүшүп, көздөн жаш, мурундан кан кетти.

Ташкелеңдин шайы кетип, эки буту үзөңгүдөн тайып баратканын көргөн калмактар туш-туштан ат коюшту. Эрөөл талаадан көз албаган эл бир шойком болгонун билип туюшту».

*(О. Көчкөнов «Кан жол» китебинен)*

## Карыянын кайраты

«Кубат бий Нарбото ырчыны чакыртып кеңеш курду:

– Нарбото аба, кыргыздын бар болор учуру келди. Бүгүн шекер сөзүңүздү, ырыңызды, күүлөрүңүздү төгүңүз. Ата журтуңуз үчүн агайын-тугандардын ар-намысын ойготуңуз, акыл-насаатыңызды ортого салып, ажал-азаптан коргоп калыңыз, – деди.

«Жоо келатат!» кабары жортуп, көп өтпөй:

– Кашкаңыз жоонун баатырын сайып түшүрдү, – деп кабарлашты карыга.

– Арбак колдогону ошол, – деди карыя.

– Экинчи жолу да беттешкен баатыр Кашкадан каза тапты, – дешти. Үчүнчү жолу:

– Сабыр кылыңыз, Кашкаңыз жоо колунан шейит кетти, – дешти эле.

– Эл үчүн шейит кетиши – анын бейиш кетиши. Жантайым өлсө Бектайым бар. Майданга ошону чыгаргыла.

– Бектайыңыз да мертинди.

Карыя кабагын бүркөп Суртайын аттантты, жекеге.

– Суртайыңыз сунулган найзадан жан берди, – деп кабарлашканда, карыя кантсин, кайратын бойго жыйып эң кичүү уулу Малтайды атказды.

– Матайыңыздын күлүгү мертинди, күкүгүңүздүн тили катты, – дешти.

– Куугун келсе алдырбас Култайды чакырткыла, – деди кары.

– Култайыңыз төрөсүнгөн Төнтү баатырды, эрдемсинген Энтек баатырды, сайганы ката кетпеген Сары баатырды жайлады – деген кабар келди.

– Менин балдарымдын ар бири он баатырга тете. Али табам кана элек. Аттан түшүрбөй айкашка кайта узаткыла, – деди карыя.

Култай бешинчи баатыр менен беттешкенде аттын басмайылы үзүлүп, ээр токум менен кошо шыпырылып, кылыч мизине кабылды.

Окуяны көрүп турган карыя:

– Оо, Кубат бий! Ар-намыс үчүн балдарым тегиз айкашта набыт болду. Үй-бүлөдө жоого түшөр эми мен бармын. Кезекти мага бер! – деп, каны ичине тартылып буулугуп, кары турду мисирейип.

– Кутман кары, – деди Кубат бий, – сабыр кылыңыз. Бүгүн мен сизди көрүп, нары карап ыйлап, бери карап чыйралып отурам. Сиздей журт атасы бар, элибиз ырыстуу. «Жаштары калбай калып, карысын чыгарыптыр» – деп, душман күлбөйбү. Жаштарыбызга кезек берип, биз баш-көз болуп туралы. Сиздин уулдарыңызга журт ыраазы. Ыйманы шейит болсун, кайрат кылыңыз.

*(О. Көчкөнов «Кан жол» китебинен)*

# БААТЫРЛАРДЫН БЕТТЕШИ

«Букардын каны Шергазы Анжыян аймагын талап алып, жалаӊ алымга ыраазы болбой, бойго жеткен сулуу кыздарды суроо-сопкутсуз жетелеп кетип турду. Эки жолку жеӊиштүү чабуулуна ыраазы болбой, үчүнчү жолу Анжыян багытына кирди. Эки жоо Ура-Дөбөдөн беттешти. Маӊдай-тескей тирешип, эки жактан кернай үнү бапылдап «Жоо чалыш» күүсүн безеп жатат. Адаттагыдай, жедеп кандим болуп бүткөн Абдулмажит дөө жекеге чыкты. Шергазынын эӊ ишенимдүү бул жоокери эч кимден жеӊилип көрө элек эле. Бул дөөнү эл «Малгун» деп аташчу.

Эшик-төрдөй Чабдар тулпарды минген алачыктай дөө:

– Ажал издегениӊер тез чыккыла, башыӊды үзүп ыргытайын! – деп, үрөйдү учуруп, чоӊ найзасын короктотуп бастырып турат. Анжыяндыктар тарабынан Сүт Эмген бата тиледи. Айлынан (саяк элинен) чыкканда атасы Кулжыгач бийдин зоотун, беш кабырга белдемчисин, баш-кийим тулгасын ала келген. Ит Эмгенде да (иниси) ушундай эле жоо кийимдер бар. Аксурду минип, бөктөрүнчөктөрүн бөктүрүп, такоолчулардын коштоосунда майданга чыга келди Сүт Эмген.

– Тигине, аркалык жигит чыкты.

– Малгундун жанында бул кичинекей эле бала го.

– Чарк-чамасы келер бекен бечаранын?

– Ха, ха! Хандын кызын алам деп өлүмгө баратканын кара, бечаранын.

Топ ичинде ушундай кобурашуулар болуп жатты. Такоолчулар коштоп келип, эки баатырды коё беришти. Эки тараптын найзалары кылкандай жапырылып, болот учтарынан от күйүп, ажал эӊсеп, кан көксөп, карама-каршы сунулуп баратты. Эзели эч адамдан сестенбеген Абдумажиттин жүрөгү опкоолжуп, билинер-билинбес онтоп да алды. Ошентсе да, карт бөрүлүк кылып, кайратын бойго жыйып, дөгүрсүп: баягы ала жүргөн колу, чала жүргөн

жолу, төгө жүргөн каны, кыя жүргөн жаны. Кан кускурдун өпкө бооруна найзаны малып, анжыяндыктардын үрөйүн учурмакта. Ээр кашынан жогору баланын төш айбалкасына найзасын түздөп келет. Найзалашууда эч качан көздү ирмебөө керек, жаңылсаң ажалыңдын жеткени. Сүт Эмген бардыгына даяр, «өлөмүн» деген кооптонуудан алыс. Эрөөлгө чыгар алдында Малгун жөнүндө маалыматтарды алып, ар кандай ыкмаларга жооп берүүгө даяр болучу. Сүт Эмгендин астындагы Аксур тулпар да жанга өлчөлүү мал.

Ана, учкаяк тулпарлар жаа огундай зымырап баатырларды беттештирди. Малгун найзасын балага шилтеп калды, бирок ат үстүндө бала жок. Бөдөшбек хандын жоокерлери «чур» дей түштү. Көрсө, дөө найза шилтегенде, Сүт Эмген аттын бооруна оой берген эле. Кайра оңоло түшүп, ушунчалык шамдагайлык менен дөөнүн капталына кайза урду. Бөрү тил болот зоотун жарып өтүп, беш кабыргасы кыйрап, колундагы калкан, найзасы жерге кулады. Сүт Эмген дөөнүн маңдайында турду. Чымырканып эсине келе калган Малгун дөө кылычын кындан сууруп, аюудай айкырып, балага карай теминди. Сүт Эмген да наркескен кылычын кындан сууруп чабышууга өттү. Экинчи жолку беттешүүдө Малгун дөөнүн кылыч кармаган оң колу жерде жатты. Сүт Эмген болсо, шашпай кылычын кынга салып, чокмору менен башка уруп, эрөөлдөшүн жерге сулатып, Чабдар күлүктү жетелеп кайра тартты. Кошуунга барып, олжо атты Ит Эмгенге берип, бир аяк бал кымызды шимире тартып, кайрадан майданга келип калды. Шергазынын Бахрам деген баатыры, соңунан Ташмат деген азаматы кылычка чабылып, андан чоюнбаш соккусуна кабылып, катары менен 4 эр шейит атканышты.

Бөдөшбек хандын жоокерлери ураан чакырып каптап кириашти. «Качкан жоону катын алат». Ушул жолку кармашта Ит Эмген 70 аттын кулагын кесип кисесине салган, бул демек, 70 жоокерди атынан ажыратканы. Ошентип, Алты шаар Анжыян элин олжого туйтунткан баатырлардын атагы бүт Анжыянга желдей тараган».

*(Жапар Кенчиев «Бабалар баянынан»)*

## Эр сайыш

Кетмен-Төбөнүн Тер-Жайлак деген жайлоосунда Райымбектин ашы өттү. Ага Токтогул, Эшманбет башында акындар, жарчылар

менен катар Куйручук куудул да катышкан. Ашта «Ат чабыш», «Эр сайыш» сыяктуу мелдештер өткөрүлүп, ал жөнүндө эл оозунда эчен окуялар жомок катары айтылып келет.

Эр сайышка Жумгал тараптан Аксакал найзакер, Кетмен-Төбөдөн Эрназар балбан тандалды. Найзакерлерди калыстар тобу коштоп, ортого алып чыгып, колдоруна үч кулачтан сабы бар найзаларды карматты. Найзакерлер белгилүү аралыкта бетме-бет бирин-бири карап турушту. Булар мындан мурда эч жерден кезигишпеген, анча тааныштыгы жок. Калыстардын белги берүүсүнөн кийин кылкылдата найза сунуп, качырышып, алгачкы беттешүүнү өткөрүштү. Эрназар мелжеп барып, Аксакалды көөдөнгө урду. Аксакал катуу урулган найзадан аз жерден жыгылбай аттын капталына ооп барып оңолду. Көөдөнгө эки ирет найза жеген Аксакал ат тизгинин жыя кармап, мырзасына кылчая карап, суроолуу көз узатты.

– Ой ит! Эмне кылчактайсың?! Найза учунда же сенин, же тигинин жаны чыксын, ур найзаңды!

Аксакал айбаттуу сүр менен качырып келип, найзасын мелтирете мээлеп, атаандашы менен бетме-бет келе түштү да, Эрназардын найзасын сындыра кагып жиберип, өзүнүн найзасын ээрдин кашына такай, аны бакалоорго урду. Эрназар колкосуна сайылган найзанын учун кош колдоп сууруп ыргытып, оргуган кара кочкул канга журулуп аттан кулады.

Эрназар баатырдын бөөдө өлүмү, чатакка айланган аштын баяны эсил Токтогулдун «Эр сайыш» деген ырында, эл оозунда күнү бүгүн өкүнүү менен эскерилип келет:

Балбандыкка ылайык,
Туулдуң эле, Эрназар.
Бардык кыргыз калкына,
Угулдуң эле, Эрназар.

Отуз бир жашка чыкканча,
Оң солду жеңдиң жыгылбай.
Аксакал сайган найзадан,
Жан чиркин учту чымындай.

Ким кууйт сенин кунуңду,
Ким тартат сенин муңуңду?
Ким тартса да, атың калды,
Баракелде батырым.

## Баракелде баатырым

Таластын Кең-Колунда чоң той берилди. Акындар ыры менен, аспапчылар күүсү менен той шаанисин шаңдантып жатышат. «Көк бөрү», «Эңиш», «Күрөш»... оюндарынын соңунан кезек «Эр сайышка» өттү. Чекир көз Сары ырчы комузун күүлөп жар чакырып ырдады:

Көз ирмебей түз сайган,
Көмөлөтө бир сайган.
Баатырың болсо топко сал,
Эр сайып берсе, байгеңди ал!

Эр сайыштын жүрүшүнө көз салуу үчүн калыстар тобу да дайындалды. Талас тараптан Колпоч найзакер, Кара-Буурадан Теке чыгып күч сынашмак. Калыстар баатырлардын кийген кийими, минген аттары, ээр токумдары, колдорундагы куралдарына чейин текшерип чыгышып, аянтчанын эки башына коштоп барып, коё беришти. Эр сайыш башталды. Баатырлар аттарына камчы басышып, найзаларын кылкылдата сунуп качырышты. Бирин-бири жеңе албай, кармаш уланып жатты. Тойкожо сурнайчы көзү көрбөсө да көкүрөгүндө дууну сезип, «Найза сал!» аттуу күүсүн тартып, көпчүлүктүн дуусун коштоп, баатырларды жеңишке шыктандырса, бир эсе, элдин черин жазып жатат:

Баатырларым, найза сал,
Найза салсаң таамай сал!
Кара-Талдык эрлердин,
Найзасы жерден тайчу эмес...

Мелдеш тартибинде сайышка чыккандар бирин-бири атынан кулата саймайынча улантыла бермек. Баатырлардын кармашуусу көпкө созулуп, арада он үч найза сынды. Көпчүлүктүн арасында сүрөөндөр, каткырыктар, кажы-кужулар, өкүнүүлөр... Найзакерлердин сайышы уламдан улам күчөй берип, өздөрү да, аттары да алка-шалка түшкөн. Акыры Теке баатыр Колпочту ыргыта сайып, мөрөйгө ээ болду. Тайкожо сурнайчы жеңишти даңазага кылып, «Баракелде, баатырым!» деген сүрөөндө сурнай добушун жаңыртты. «Эр сайыш» сыяктуу кан күсөгөн кармаштар, «Төө чечмей» дечү абийирсиз оюндар акыры олуттуулугун жоготту.

«Абийирден ажырап,
Ашта кыздар төө чечкен.
Карагай найза карматып,
Канча эрди өлтүрткөн.
Ошол жаман баарынан,
Ал салтыңа таарынам...»

# АРСТАНБЕК КОМУЗЧУ

Мезгилдин залкар комузчусу Ыбырай Туманов кадыр түн күткөн күндөрдүн биринде Арстанбектин күүсү деп толгон-токой күү түрмөктөрүн чубай, ар биринин баянын айта отуруп черткенин уккан элек.

– Арстанбек канча күү черткен? – деп сураганымда, Ыбыкем:

– Кудай акы, аны так айта албайм, илгери чоӊ комузчу Кыдыр акеден укканыма караганда, төрт жүздөн ашык күү чертсе керек, – дегени эсимде.

Окумуштуу Тазабек Саманчин бир макаласында мындан да ашырып, «500 күү черткен» деп жазганы бар. Тарыхчы Белек Солтоноев Арстанбектин комузчулук репертуарындагы күүлөрдүн санын «эки жүздөн ашуун» деп болжолдойт. Арийне, бул жерде Арстанбектин күүлөрүнүн так эсебин алууну максат кылбаганыбызды, тек гана, улуу комузчунун дараметин көз алдыга келтирип коюуну ылайык көрдүк.

Кылымдар аттамында салт катары жашап келаткан элдик күүлөрдүн сабында Арстанбек да көптөгөн күүлөрдү жараткан, анын өзүнүн «Камбаркандары», «Ботойлору», «Кербездери», «Шыӊгырамалары», «Арман-кошок» күүлөрү болгон. Булардын көпчүлүгү Өктөбүр төӊкөрүшүнөн кийинки «кыйкымчыл» мезгилдерде көмүскөдө калып кеткен, ал эле эмес, Арстанбектин атын атоонун өзү кооптонууну, чочулоону, сактанууну туудурган учурлар болгон. Арстанбектин күүлөрүн заманыбыздын залкар комузчулары Мураталы, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, Шекербек ж.б. черткен. Алардын ичинде биздин эсибизде калгандары: «Арстанбектин кой бөлөр» (Ыбырай, Самсаалы, Мураталы ж.б.), «Арстанбектин сен-сен дүйнө» (Мураталы, Карамолдо, Ыбырай ж.б.), «Арстанбектин ыр күүсү» (Самсаалы), «Арстанбектин кербези» (Мураталы), «Арстанбектин ат чубатар ботою» (Мураталы), «Арстанбектин Кетбука күүсү» (Шекербек) ж.б.

Музыка изилдөөчү Көпбай Күмүшалиевдин иликтөөсүнө караганда Мураталы Арстанбектин «Тар заман», «Кой бөлөр», «Айхан», «Атчубатар», «Арман» аттуу бир нече күүлөрүн черткендигин эскертсе, фольклорчу Кайым Муптак уулу 1920-жылдары Нарында Бабакан уулу Саадабайдан Арстанбектин 13 күүсүнүн аты-жөнүн жазып алган.

Ыбырай Туман уулу «Арстанбектин сен-сен дүйнө», «Арстанбектин кой бөлөр», «Арстанбектин ат чубатар ботою», Асаналы Кыштообай уулу, Самсалы Алике уулу «Айхан», «Кой бөлөр», «Арстанбектин ырчы күүсүн» радиого даап жаздыруу менен чоң эрдик кылышкандыгына ыраазыбыз. Ал эми «Мендирман», «Бердикожо», «Беш казак», «Төштүк», «Кожожаш», «Чоро», «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу элдик ыр, күүлөрдү Белек Солтоноев эскергендей, Арстанбектен кийинки ырчы-комузчулар аткарып келишет.

Арстанбектин күүлөрүн эсеп-чоттоого, талдоого чама-чаркыбыз жетпес, тек гана көркөм өнөрдүн чоң устаты жана чоң комузчу жаатында аз да болсо маалымат берсек деген аракет. Мына, ушул максатта акындын өмүрү, чыгармачылыгы жагдайында, анын ысмына байланышкан айрым күүлөрдүн жай-маанисин кабарлап коёлу.

Арстанбек – Арка кыргызы Бугунун Тынымсейит уруусунан. Атасы – Буйлаш, анын атасы – Чоро, анын атасы – Шопок, анын атасы – Токтогул, анын атасы – Мортуктан барып Бугу уруусунун Тынымсейитине такалат. Арстанбек 1824-жылы эки Нарындын ортолугунда төрөлгөн. 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Жети-Өгүздүн Чычкан деген жеринде каза болуп, сөөгү Жуукунун күн чыгышында Таш-Кыя деген жердеги туугандарынын бейитине коюлган. Тынымсейит тукумдарынын туруктуу жашаган жери Тянь-Шань районунун азыркы Ийри-Суу аймагы. Бул жердеги эски там үйдүн орду күнү бүгүн «Буйлаштын коругу» аталып келет.

Арка кыргызында атагы чыккан бийлердин бири Буйлаштын чоң атасы Шопок баатырдын «Сан карабоз» деген 7 миңден ашык жылкысы болгон экен. Көчкөндө жылкысынын алды Солтон Сары жайлоосунун Ич-Бүлөөсүнө жетип, арты Карасаз жайлоосунун Желе-Дөбөсүнөн козголчу дешет. Шопок Баатыр 110 жашка чыгып каза таап, сөөгү Нарындагы Жети-Каранын талаасы деген жерге коюлган. Шопок ислам дини үчүн Канкожодон бата алган

дешет. Шопоктун урпактары бүгүнкү күндө 300дөн ашык – чакан бир айыл.

Буйлаштын эки аялы болуп, улуу байбичесинен: Бабакан, Атакан, Бектур, Кулпу, Сөлпү деген 5 уул, кичи аялы Төрөкандан жалгыз Арстанбек. Төрөкандын төркүнү көлдөгү Желдең уруусунан, Арстанбек бой тартканы таякелери менен катышып тургандыктанбы, көлдөн саруу элинин Үмөтай деген кызына үйлөнөт.

Арстанбектин зээндүүлүгү, тири карактыгы, айрыкча, ырга шыктуулугу, комузга шыктуулугу, борбуюн көтөрө баштагандан байкалган. Баласынын дээрин байкаган Буйлаш бий кадыр-колкосуна жылкы жетелетип, Айтымбет деген устага боз үйдүн уугунан улаштырып, зарылдыгына жараша турнабайдай узартып, же кыскартып ала тургандай, кулагына күмүш чөгөртүп, черткенде добушу бийик, күүгө элпек, атайын Арстанбек үчүн комуз чаптырып берет.

Элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу фольклорчу Ыбырай Абдракманов Арстанбекти көргөн адамдардын бири Талип Байболот уулунан акындын балалык чагынан айрым маалыматтарды жазып алып, 1923-жылы Кыргыз Илимдер Академиясына тапшырган. Мына, ошол кол жазмадан айрым үзүндүлөрдү келтиребиз: «Ыраматылык Арстанбек орто бойлуу, толмоч келген сары чийкил, кой көз киши эле. Жайдары ачык-айрым, отурган жерин оюн-күлкүгө толтурган адамдын гүлү эле, – деп аңгемесин улаган. Талип Байболот уулу – Нарынколдун башы Сайкал-Төр деген жерде айылдагы адамдар кары-жаш, аял-эркек дебей апырылып-сапырылып аттуу-жөө болуп, төмөнкү айылга дүрбөп жүрүп калышты, «Арстанбек келиптир» дешип. Көптүн шары менен мен да бардым. Эл үйдүн ичи-тышын бербейт. Бир кезде: «Арстанбек мырза, элиң жыйылып калды. Тамашаңды күтүп турушат, баштай бересиңби?» – деди отургандардын бири. Арстанбек комузун күүлөп, адеп «Тар заман» деген ырынан баштады. Кары-жаш дебей баары ыйлашты. Андан кийинки ырларына каткырып күлүштү. Бир кезде нөшөрлөп жаан жаай баштады. Тамашага кызып алган эл кементайын, таарын жамынып уга беришти. Арстанбек ыр, күү менен күүгүмдү киргизди. Жыйылган эл тамашага балкып отура берип, өрүштөгү малын эстен чыгарып коюшкан. Арстанбек ырын токтотуп: «Караңгы кирип калды, малыңарды тейлеп алгыла» дегенде гана, эл кынжыла туруп, тарай башташты».

Арстанбектин өз оозунан уккандарын Талип молдо дагы эскергени бар: «Атабыз Буйлаш Тынымсейит ичиндеги кадырман адамдардын бири, бай болгон. Эки катын алыптыр. Кийин энебизди Салбар кылып таштап кетет. Көчкө илеше албай жарыктык кара алачыкта жатакта кала берет. Буйлаш бий кур дегенде саан таштап кетсечи. Ошол турмушта 14-15 жашка келдим. Илешкеним ыр менен комуз.

Эл жайлоодон түшкөн мезгил. «Кокон кандыгынын алык-салык жыйноочу беги келиптир, чакыртып жатат» дешип айылдагы адамдар кетип жатышат. Мен да бекке барып, кол берүүгө көңүлүм ооду. Минип барууга унаа жок. Айылда мүнөзү оор, ак көңүл адам бар эле (аты эсимде жок). «Олжо тапсам куру койбоймун» деп, жалынып-жалбарып жатып, атын минип, эл артынан жөнөдүм. Салам айтып, бек отурган үйгө кирип бардым. Эскилиги жетип, эчен жерине жамаачы түшкөн тонум бар. Башымда жүндөрү булаган эски малакай. Ыраматылык энем бир жай илешип, жылкынын терисинен булгаары ийлеп, өтүк тиктирип берген. Өтүк аты болбосо, сомдогон жыгачтай кожойгон бирдеме. Анын да апкыты майрыйып шакшактатып кийип алгам. Бек төрдө отурат. Мени таңыркай карап:

— Бул кимдин баласы? — деп сурады.

Бекти жандай отурган Буйлаш атамдын башы жерге кире түшкөнүн байкап турам.

— Буйлаш бийдин баласы, — деди отургандардын бири. Койнумдагы комузга бектин көзү түштүбү:

— Келген жөнүңдү айтчы бала, өнөрүң барбы?

— Бекке кол берип, комуз чертсемби, дедим эле.

— Кана чертип көрчү, — деди бек.

Белимдеги аштама комузду алып, узартып (түзөтүп), күүлөп алып, салмактуу күүлөрдөн бирди черттим.

— Дагы бирди черт, — деди. Черттим.

— Менин чертмекчим менен өнөр жарыштыра аласыңбы?

— Байкаштырып көрөлү.

Бек тигиндейде отурган дутарчысына карап, «чертишкин» дегендей ишаарат жасады. Дутарчы бир күүнү ойноп, аспабын мага сунду. Мен дутар күүсүн өзүндөй кайырдым.

— Дагы бир күү ташта балага — деп, дутарчысына буйра сүйлөдү бек. Кийинки күүнү да өзүндөй аткардым.

– Балам, эми өз комузуң менен бир күү чертип, дутарчыга узат, – деди бек. Менин күүмдү чертүүдөн дутарчы баш тартып, жалтактай түштү. Бек өнөрпозуна ачуусу келгенин жашыра албады. «Алып чыккыла!» – дегенсиди ак таяктарына. Тигиндейде даяр турган жигиттердин экөө бечара дугарчыны колдон-буттан сүйрөп жөнөштү. Андан кийин: «Баланы жакшылап кийиндиргиле», – деп, буйрук узатты ак таяктарга. Мен сыртка чыктым. Кийим даяр экен. Сандыктан алып чыгып, ичти-тышты бир сыйра кийиндиришти эле, мырза жигит болуп, сыныма толуп, үйгө кирдим. Менин өнөрүмдү угуп отуруп: «Мен кеткиче жанымда жүр. Тигини үй-бүлөңө алып бар, – деп бир таңгак пул бергизди. Олжону атка сылай жүктөп үйгө бардым. Ат берген боорукер адамга чепкен жаптым... Көп өтпөй Буйлаш атам төө жетелетип жиберип бизди көчүрүп алды. Салбар энеме кайта нике кыйдыртып, үй жасатып берди». (Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунан, инв. 300).

Арстанбектин өмүрүндөгү дагы бир урунттуу окуя 1850-жылдары болгон. Буйлаш бий баш болгон эл билермандарын кыйыктап, Кокон бийлиги ичкериге алып кетет. 15-17 жашар Арстанбек атасынын артынан куба жөнөп, Алайдын билерманы Алымбек даткага жолугат. Алымбек датка Арстанбектин өнөрүн көрүп, урмат-сый көрсөтүп, өзү менен ээрчитип жүрөт. Жаш ырчынын атасы Кокон бийлигинде кармалып жатканын билет да хан сарайына алпарып ырдатып, комуз черттиришет. Анжыян-Аркадан «мен мыктымын» деген ырчы-күүчүлөрдү алдыртып, Арстанбек менен беттештиришет. Ферганаңы пааналап, Кокондо котологон байлыкка азгырылып, хан сарайын сагаалаган шайырлар аз эмес. Алардын ичинде кыргызы да, кыпчагы да, өзбеги да, өзгөсү да бар. Өнөр сынагында ошол дүпүрөгөн топту жарып, жеңүүчү катары суурулуп чыккан Арстанбектин соңунда жаактууга жай бербес ырчылыгы, жумуру башта жок комузчулугу жөнүндө мактоо сөздөр чагылгандай тарайт.

Арстанбек торгойдой безеп, булбулдай таңшып, топ ичинде ырдады. Хан алдында калтаарыбай, бектерден айбыкпай, чоочун элден тартынбай ырдады. Орусия түпкүрүнөн жер оодарган келгиндер кабарын ырдады; Алматыдан аттанып, Ала-Тоого ыкыс койгон орус солдаттарын ырдады; эл-жер тагдырын эстеп, кан тактысын аңдыган мансапкорлордун кесепет кесирин ырдады, «акыр заманды» аңдап, «Тар заман» көйгөйүн тактап ырдады,

келер замандын кедергисин олуязаададай болжоп ырдады. Арстанбектин өнөрү ханга жакты. Алымбек датка арачы түшүп, барымтада кармалып жаткан Буйлаш бий башында кыргыздын эл жакшылары бошотулду. Арстанбек жыл мөөнөт менен ак үйлүүгө Алымбек датка көзөмөлүнө калтырылды.

Бул арада ичкилик урууларын түмөн түрө кыдырып, Ош, Наманган, Ташкен, Бухара шаарларында болуп, илим-билимдүү адамдар менен масылааттาшып, окумал молдолордун-мударисттердин икаяларына каныгып, диний түшүнүгү кеңейип, дүйнө таанымы артылып, элет менен шаар турмушунун ажытын баамдай баштаган. Арстанбектин ырчылык-күүчүлүк өнөрүндөгү алгачкы бурулуш мына, ушул учурга туура келген.

## Арстанбек-Сейилкан

Кыргыз элинде өнөр алптары атаандашып, кыл чайнашып, талант жарыштырып, күү сынашуу байыртан салттык мүнөзгө айланган. Мына, ошондой таймаштар бир жагынан чыгармачылык эргүүнү толуктап, бөксөөнү толтуруп демөөр берсе, экинчи жагынан, атаандаштар жөнүндө эл оозунда аңыздар айтылып, жеңүүчүнүн да, жеңилүүчүнүн да аты Анжыян, Арка, Алайга жете даңазаланган. XIX кылымдын чыгаан комузчулары кадимки Ормондун уулу комузчу Сейилкан менен Арстанбектин беттешкен окуясы буга күбө.

Күү тарыхында Сейилкандын ысымы да сүймөнчүлүк менен эскерилет. Кыргыз радиосунун алтын казынасында ар кайсы комузчулардан жазылып алынган «Сейилкандын Камбаркан», «Сейилкандын ботою», «Сейилкандын күүсү», «Сейилкан»... аттуу толгон-токой күүлөрдүн сакталып турушу анын чоң күүчү-комузчулугунан кабар берип турат.

Сейилкан Акталаа аймагынын акими болуп, айтканы эки болбой, бийликтин эки тизгин, бир чылбырын колуна тутуп турган убагы. Өзүн чон комузчумун деп, өзгөнү бучкагына теңебей, чертишем дегендердин чекесин каңдап, кээсин тогуз айыпка жыгып, экинчи комуз кармагыс кылып жолуна салганы бар. Ошондон уламбы, жүрөк үшүн алган мындай беттешүүдөн өзүн оолак тутуп, Сейилкан менен чертишүүгө даабай «ач кулактан, тынч кулак» дечүлөр аз эмес эле. Күндөрдүн биринде Шабдан деген карыя Сейилканга келип:

– Нарында Тынымсейит уруусунан Буйлаштын уулу Арстанбек деген чоӊ комузчу бар экен. Коконго барып комуз чертишип, бар күүчүлөрдү жеӊиптир. Ырчылыгы кыйырда жок дейт. Бир болсо, ушул жигит сага теӊдешер, – деп кеӊеш берет. Сейилкан Арстанбекке жигит чаптырат. «Сейилканды билебиз, ал кандын баласы, аймактын акими. Сен мөрөйлөшчү карапайым адамдардан эмес. Кокус мерт кылып койсо кунуӊду кууй турган бизде дарман жок» – деп туугандары айныткангa көнбөй, Арстанбек иниси Алыбекти ээрчитип, Сейилкандын айлына келет. Шабдан, Байсал деген аксакал комузчулар калыстыкка туруп чертишүү башталат. Күүлөр алым сабакташып, биринен сала бири уланат. Бири черткенин экинчиси кайталап, андан соӊ өнөгүнө башкасын сунуш кылат. Мелдеш ушул тартипте эртеден-кечке создугуп, айыгышкан эрөөл таӊ ата басылат. Даарат алып, жүз чайып, дасторконго отуруп, чайлашып, суусун жутуп, чыйралган денени жандырып, карышкан колдорун жазып алган соӊ чертишүү кайрадан уланат. Кылым арыткан элдик кайрыктарды, тарыхый «дастан күүлөрдү», «арман», «ботойлорду» кой санагындай чубатышып, акырында өздөрүнүн күүлөрүнө кезек келет. Сейилкан өз «ботоюн» чертет. Сейилкандын тапшырмасын так аткарып, Арстанбек өнөгүнө «Калыс ботоюн» сунат. Сейилканды жеӊүү оӊойго турбастыгын байкаган Арстанбек дагы бир амал колдонмокчу болот. Чертип жатып күүсүн токтотпой оӊ бутун алга сунуп: «өтүгүмдү теч», – деген ишарат кылат жолдошуна. Ушул арада кезтигинен бычагын сууруп алып, жылаӊайлак бутунун баш бармагына кыпчытып, кылды так кайрып күүнү аяктайт. Комузчулук өнөрдөгү мындай татаал ыкманы Сейилкан да эӊ сонун өздөштүргөн. «Бул амалдан майнап чыкпай калабы?» деп ичтен сызып турганда «оӊдой берди» болуп, Сейилкандын комузунун кылы чарт үзүлөт. Калыстардын бүтүмү менен Арстанбек жеӊип, алдына ат мингизип, үстүнө тон кийгизип, чоӊ сый-урмат менен узатышат.

Арстанбек, Акбала, Боккөтөн, Коӊторбайга окшогон көптөгөн күүчүлөр менен да чертишкен.

## Арстанбектин тар заман

Адамзат пендеси жарык дүйнөгө келгени кылымдар өктөмүндө эски жаӊыга өтүп, эчен замандар алмашып, ар заман оош-кыйыштуу, катаал карама-каршылыктары менен из калтырган.

Ошол көйгөйлүү заман турпаттарын, андагы түйүндүү сырларды ачууда канча акылмандар, ойчулдар баш катырбады, канча замана чыгармалары, ырлары, күүлөрү жаралбады?

Замана ырлары чыгыш поэзиясында Ходжа Ахмед Равгузиге (XIX к.) чейин эле айтыла келген, ырдала келген. Байыркы Индустардын «Махабхарата» деген ыйык «замана» китебинде жазылган моралдык-адеп-ахлактык эрежелер «замана» ырлары менен көп жагынан төп келип, үндөшүп, замана идеясы атам замандан салт катары айтылган алдыңкы катардагы адамдардын турмуштук ой-толгоолорунун уландысы. Индустардын ыйык китебинде жазылган «Акыр заман» толгонууларынан бир шиңгил:

«...Адамдардын бардыгы ыйманын жеп, калпычы болот. Элди митаам, эки жүздүү адамдар бийлешет, алардын иштегени балит, сүйлөгөн сөздөрү калп. Уйлардын желини байып, каргалардын көптүгүнөн бактар бүрдөбөйт. Аялдардын бою кичирейет, уят-сыйыт дегенди унутуп, көрүнгөндөн боозуйт. Динден чыккандар, аракечтер, бирөөлөрдүн эсебинен жан баккандар көбөйөт. Ыймандуу таза адамдар куугунтукталып, арамзалардын иши өргө жүрөт. Кыздар 7-8 жашында төрөп, балдар 10-12 жашында ата болушат. Адамдар ач көздүүлүккө берилип, бирин-бири өлтүрүп кирет. Атасы баласына, баласы атасына жоо болот, алар кабагым-кашым дебей бирин-бири өлтүрөт. Эч ким аларды «кой-ай» дебейт, уяткарбайт. Кыздарды эч ким кудалабайт, күйөөгө узатпайт, күйөөнү өздөрү таап алат. Оң кол, сол колдукун уурдайт. Эрди-катындардын бири-бирин көрөйүн деген көздөрү болбойт. Болор-болбос үчүн чыр чыгат. Адамдар ташбоор болот. Наадан акылманга акыл айтып, акылман анын сөзүн тамшанып угат...»

«Тар заман» бир шилтем менен же бир жолку отурушта жаралган эмес чыгар. Бул чыгарманын мазмунунда кылымга тете тарыхый окуялар камтылган. Поэманын башталышы орустар али Ала-Тоо аймагына келе элек мезгилден кабар берет. Бул кабарды олуялык кылып, же түшүндө аян берип айтып жатпастан аны бала күнүндөгү уккан кабардан улам ырга салган:

Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңдүн ток чакта.
Кыл сакалдан жок чакта,
Карылардан кеп уктук...

XIX кылым – акындар айткандай, «Акыр замандын», «Тар замандын», «Зар заманынын», «Кал замандын» кылымы эле. Опурталдуулугуна карабастан, бул кылым кыргыз элине акылмандардын, олуялардын, баатырлардын, эл башчыларынын, акын-ырчылардын, музыканттардын, улуу инсандардын чоң тобун берген өзгөчө кылым болгон. Ормон хан, Балбай баатыр, Курманжан датка, Алымбек датка, Атаке баатыр, Тайлак баатыр, Полот хан, Нусуп бий, Боромбай бий, Кубат бий, Ажыбек датка, Жантай хан, Байтик баатыр, Төрөгелди, Тилекмат элчи сыяктуу журт билермандары менен, Калыгул олуя, Балык ырчы, Күрөңкөй кыякчы, Молдо Нияз казалчы, Сейилкан комузчу, Акбала күүчү, Тыныбек манасчы, Солтобай акын, Жөжө акын сыяктуу эл шайырлары чыккан. Акыл оошуп, өнөр жуккан. «Тар заман» таржымалы» ушул чөйрөнүн таасиринде калыптанган. Калыгул олуянын «Заман акыры болуп баратабы?» деген кооптонуусуна Арстанбек:

Ушул заман – зар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага тар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап, –

деп жооп узаткан. Бул айтымдар Кокон хандыгынын зордукчул өкмөтү күч алып, казак султандары Кенесары, Ноорузбайдын чапкындары журтту мүңкүрөтүп, бир атанын балдары (Бугу, Сарбагыш) итарка уруу кагылыштарынан алсырап, анын айынан эл биримдигине доо кетип, баскынчы орус аскерлери Ала-Тоо жергесине көз кызартып, алдыртан ыкыс берип турган кыйын кырдаалдан улам айтылган.

Ички уруу кагылыштар өзөктөгү өрт болуп, өзду душман көрүп, өзгөдөн колдоо күтүп, түндүктөгү согушчул кубаттуу орус мамлекетине ат тезегин кургатпай элчилерди аттандырып жатышкан. Бул тарыхый окуялар менен кабардар болгон акын Алматы, Омскиде топтолгон падышалык аскерлер акыры Ала-Тоону каптап киришинен чочулабай койгон эмес:

Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Өңү сары көзү көк,
Орус келе жатыр ай.

Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр ай.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр ай, –

дегени энөө журтка эскертүү болгон.

«Орус» деген сөз аркылуу Арстанбек падышалык Россия мамлекетин көз алдыга келтирген. Ал эми Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, бийликтин башында турган төбөлдөрдү айтканда «сарт» деген терминди пайдаланган. Чакырылбаган «меймандар» көп күттүргөн жок. Бир убакта угулган имиш-имиштер чындыкка чыгып, кыргыз жерине тээ түпкүрдөн келгиндер агылып келе баштады. Суроо-сопкутсуз бөтөн жерге ээлик кылып, жергиликтүү калк катуу кысымга алынды, жайыт жерлеринен ажырап, тоо ташты карай сүрүлдү. Бул турмуш жаңылыгы замана ырчыларынын көз жаздымында калган эмес:

Бул орусту карасаң,
Ченчи салып жерди алды.
Бээден туулган керди алды.
Карды салык байды алды.
Кача турган жайды алды.
Ошол орус чыкканда,
Кара жол кылар көлүңдү.
Эсепке алар жериңди,
Кайсаңдаар сенде чама жок,
Капкандай чабар беленди…

Багындырылган аймактарда орус акимчилигинин бийлиги орноду. Башкарууга ылайык аймактык бөлүнүштөр болуштардын, үйөздөрдүн карамагына өттү. Миң, эки миң түтүнгө бир болуш шайланып, анын башында оезной (падышанын өкүлү) турду. Шайланган болуштарды аскер губернатору бекитти. Тарых маалыматына кайрылсак 1913-жылы Кара-Кол үйөзү 33 болуштукка бөлүнгөн. Мындай бөлүнүштөр, административдик бекем тартип, кылымдар калыптанган уруулук карым-катынашка тескери таасирин тийгизбей койгон жок. Анткени, көчмөн турмушка көнүп калган көөнө калк мурунку замандарда өздөрүн кыйла эркин сезишкен, эми кылтакка илинген чилдей теңирден тескери тартипти жектеп турушту:

Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти.
Болуштарды карасаң,
Катыныңдай кекетти.
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Ушул заман болгондо,
Мусулман көрөр бүлүктү.
Шум жалгандын белгиси –
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз...

Бийлик төбөлдөрү өздөрүн ээн жердин бөрүсүндөй сезип, чээнден чыгып баратты. Бирок, эркиндик үчүн башын канжыгага байлап, канын көөкөрлөп, каяшага батынган азаматтар да чыкпай койгон жок. Сырттан келген баскынчылар үчүн мындай азаматтар «артык – баш» адам катары бааланып, өз учурунда көзү тазаланып турду. Падышалык баскынчы солдаттардын, кесирдүү төрөлөрдүн «телибай тентектик» жоруктары Балбай баатырдын чыдамын кетирип, кол көтөрүүгө аргасыз кылды. Текестен карматып келип сот-сураксыз уулап өлтүрүштү. Эркиндикти эңсеген Курманжан датканын балдары куугунтукка алынып, чилдей тарады. Полот хандын (Ысак) козголоңу ырайымсыздык менен басылды:

Качканың кайда кутулду,
Туурадан салды тозокту.
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шорукту...

сыяктуу саптар ушундай жоруктардан улам айтылганы анык. Укканга караганда, замана чындыгын бетке чаба ырдаган Арстанбек да бийлик төбөлдөрүнүн шилтөөсү менен уулaндырылып өлтүрүлгөн деген имиш сөздөр бар. Кыргыздардын Россия империясына саясий жактан биригүүсү, товардык акча мамилелеринин өнүгүшү, базарлардын ачылышы, техникалардын келе башташы патриархалдык уруучулдук салттарга, калктын жүрүм-турум

нормаларына, моралдык-ыймандык аң-сезимине тескери таасир тийгизген.

Акча, теңге түгөнүп,
Тыйын чыккан замана.
Атасынан баласы,
Кыйын чыккан замана...

«Замана» акындары козгогон ой-толгоолор, улуттук идеянын өзөгүндө бүр байлаган турмуш мүдөөсү. Улуттук идея – бул улуттун өзүнчөлүгү, улуттун биримдиги, улуттун салт-санаасы. Эгерде улуттук идеяга доо кетсе, улуттук идея жакырлана баштаса, башкаларга күнкор болуу, башкаларды белимчидей туурап, көлөкөдөй ээрчип калуу дегенди билдирмек. XIX кылымдын улуу ойчулдары да, акындары да андан кийинки Токтогул, Барпы, Тоголок Молдолор деле так ошо улуттук идеяны туу тутуп, улуттук кызыкчылыкты коргоону ыйык парз катары түшүнүшкөн, өздөрүнүн тунук идеялуу ырлары менен замандын күрөө тамырын тарта билишкен.

## Арстанбектин кой бөлөр

«Арстанбектин кой бөлөр» күүсүн радиого Ыбырай Туман уулу, Асаналы Кыштообай уулу, Самсалы Алике уулу ж.б. комузчулар жаздырышкан. Тилекке каршы, үналгынын музыкалык казынасында чыгармаларды кабыл алганда элдик эски күүлөрдүн тарыхый баяндары ачылбай көмүскөдө кала берүүдө. Жанагы комузчулар «Арстанбектин ат чубатар ботоюн» да аткарышкан. Бул күүнүн баяны салттык «Ат кеттиде» жатат. Ал эми «Кой бөлөр» күүсү качан жана кандай шартта жаралгандыгын так билбейбиз.

Кыргыз санжыра тарыхында «Кой жортуулу» аталган эки учур айтылат: Биринчиси, академик В. В. Бартольд «Кыргыздар» деген тарыхый очеркинде белгилеп кеткен: XVI кылымдын орто ченинде кыргыздарды Мукамбет кан башкарып, казактар Касым кандын бийлигинде болгон. Бул кезде кыргыздар менен казактардын ортосунда алыш-бериш күчтүү эле. Мукамбеттен кийин бийликке Рашид кан келет. Казактарга Касым кандын иниси Тахир хан бийлик жүргүзөт. Кыргыздардын бир бөлүгү Тахир кандыгына кошулат. Тили, дили жакын эки элдин биримдигин моңгол

баскынчылары көрө албайт. 1526-жылы монголдор кыргыздардын бир бөлүгүн Ат-Башыга көчүрөт. Көп узабай монголдор Тянь-Шань аймагынан жер оодарып көчө баштаганда, өздөрү менен кошо кыргыздардын 100 миң коюн бөлүп айдап кетишкен. Кийинчерээк бул жортуул «Кой жортуулу» (кой черикчи) деп аталган. Экинчи божомол: XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесине орус элинин өкүлдөрү көчүп келе баштайт. Меймандос кыргыз калкы «орус келди – ынтымак, тынчтык келди» деп кучак жайып, ак дилден тосуп алышат. Орустун келиши менен кыргыздар тышкы баскынчылардан кутулуп, өзара уруу чатактары тынчый түшкөн. Экономика, маданият социалдык жактан прогрессивдүү өзгөрүүлөр сезиле баштаган. Бирок, падышалык колонизатор саясаты эки элдин ишенимин басаңдатып, зордукчул, баскынчыл бийлик уламдан-улам уу тырмагын жергиликтүү калкка матыра баштаган. Падышалык жеке бийлик крестьяндарды, кулактарды, помещиктерди, аскер бөлүктөрүн түмөн түрө жиберип, кыргыз элинин кылымдар бою мал менен оокат кылган жайыттарын, эгин айдоолорун тартып алып, мал-жанына ээ кылбай талап-тоноо башталган. Буга бир далил: «XIX кылымда кийинчерээк 1866-жылдын 5-апрелинде Мирзарабадда Романовскийдин башчылыгы астында орустар кыргыздардын көп короо койлорун айдап кетиши да «Кой жортуулу» деп аталып калган.[45] Өткөн замандардагы монголдордун, орустардын «Кой жортуулу» элдин эсине ай тамгадай түбөлүк сакталган. Тоо суусундай токтоо бербес Арстанбек акындын ыр нөшөрү, коштогон, күлүктөй элирген колундагы комузу бул жорукту айыптабай коймок эмес.

## Анжыян калкы

Чоң комузчу Карамолдо черткен күүлөрдүн бири «Анжыян калкы». Кээ бири муну Карамолдонун күүсү дешсе, айрымдары «элдик күү» дешет, айрымдары Арстанбектен калган күү дешет. Кыргыз күүлөрү кылымдарды карытып келсе да кагазга (нотага) түшүрүү же магнит тасмасына жазып алуу 1920-жылдары гана колго алынып, чыгарманын авторун аныктап, мыйзамдаштыра баштаган. Буга чейин көптөгөн комуз күүлөрү мезгил агымында калып, чыныгы авторунан ажырап, «элдик күү» деген аныктамада аткарылып келген. Ырасында, кандай чыгарма болбосун аны

33 В. В. Бартольд. Кыргыздар. //Ала-Тоо. 1988. № 3.

жаратууга бүтүндөй калк катышпайт, анын башатында бир гана адамдын чыгармачылык эмгеги турат. Мына бүгүн да элдик күү же Карамолдонуку аталып, чертилип келаткан эзелки күүлөрдүн бири – «Анжыян калкынын» тагдыры да ушундай.

Көңүл уютуп, дилден өткөрүп күүнү тыңдап көрсөк, теспе ташындай тизмектешип, муң чайыган арман кайрыктар... өткөндөгү коогалаң окуялардын жаңырыктары, жан ачыткан онтоолор... оор күрсүнүүлөр... угулат.

XVI-XVII кылымда кыргыз жеринде калмак-ойроттордун баскынчылык бийлиги өкүм сүргөн. Эркиндикти эңсеген казак, кыргыз калкы калмак баскынчыларына каршы көтөрүлөт. Бул кандуу кагылыш кыргыз, казактардын жеңилиши мемен аяктап, калмактардын кысымынан улам калың элдин башына мүшкүл түшкөн. Аргасы куруган эл ата-журтун душмандарга калтырып, Анжыян, Кысар, Алайды беттеп жер оодарган. Жол азабы – көр азабы. Алыс жолдо азап тартып, ачкалыктын каарын тартып, Анжыяндын ысык аптабына көнө албай, дартка чалдыгып кырылган. Бирок, Анжыян калкы түндүк тараптан түрүлүп келген качкындарды бооруна тартып, азап-тозокту тең бөлүшүп, кырылгандан калганын сактап калган.

1755-1758-жылдары кытай-калмак урушунан кийин Орто Азиядагы Жуңгар мамлекети биротоло талкаланып, кыргыздар өз жерине келе баштайт: кушчу, саруу, кытай уруулары Талас, Чаткал, Меркени ээлеп, солтолор Кара-Балта, Аламүдүн, Ысык-Атаны байырлап, саяктар Жумгал, Ак-Талаа, Нарынга орношуп, сарбагыштар Кочкор, Кемин, Ат-Башыны, бугулар Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейин мекендеп калган. Калк чогулуп, жыйын куруп, «ата-бабабыздын жерине келдик» деп, түлөө өткөрүшкөн. Ыр ырдалып, күү чертилип, Анжыян сапарын эскеришкен. Ошол күндөн ушул күнгө «Анжыян калкы» аттуу күү тарыхый эстелик катары үч кыл комузда жашап келет. Бул күүнү ким чыгарды, белгисиз. Күү XIX кылымдын алп комузчусу Арстанбек аркылуу Акбала, Күрөңкөй, Каптагай, Солтобайлардан өтө келип, Мураталы, Карамолдого жеткенин болжоп айтса болот. Мураталы аксакалдын күү тизмегинен «Анжыян калкын» Көпбай Күмүшалы уулу эскергени бар. («Алар баштоочулардан болушкан»).

1755-1758-жылдары кытай-калмак урушунда жеңилген Калмак-Ойрот мамлекети биротоло талкаланып, кыргыз жери

душмандардан бошогонун уккан эл түрүлө аттанып, Анжыян калкы менен коштошкону эл оозунда калган:

Коондору жарылган,
Кош аман бол Анжыян.
Кокуй түшсө башыма,
Кайра сага кайрылам.
Анделеги жарылган,
Аман болгун Анжыян.
Азиз башка күн түшсө,
Анда дагы кайрылам.
Бериштелер ашкан жер,
Берекеси ташкан жер.
Бел мертинип турганда,
Бешиктей бизди каткан жер.
Олуялар баскан жер,
Ой-кырда жемиш ташкан жер.
Ооматы тайып турганда,
Орун таап каткан жер.
Топурагың тозбосун,
Тооңдо кийик оттосун.
Казаның тынбай кайнасын,
Капшытта жемиш жайнасын!
Төбөңдөн күнүң өчпөсүн!
Сууңду душман ичпесин!..

## Арстанбектин кошогу

Арстанбек өлөр алдында алын сурап келгендерге: «Журтум, силер менен коштошо турган болдум, комузумду алып бергилечи», — деп жаздыкка сүйөнө отуруп, комузун кыңгырата муңдуу күүлөрдөн кайрып келип, коштошуп турган кошогунан:

Маң-маң баскан, маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан.
Айры өркөчүн ком баскан,
Тизелерин чор баскан.
«Чөк» дегенде «бук» деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.
Кош аркан салып тарттырган,

Калы килем жаптырган,
Ак тикен көрсө аймаган,
Тилин тикен сайбаган.
Ойсул-ата малым бар,
Андан жүздү берейин.
Берсем чанбай алабы.
Арстанбек жалгыздын,
Чымын жаны калабы?
Чоң кетмендей чоң куйрук,
Жайнап жүргөн жай оттоп.
Чолпон-ата жарыктык,
Чогойнодой эти нык,
Андан миңди берейин.
Аз дебейби, алабы?
Арстанбек жалгыздын,
Чымын жаны калабы?
Чакмак мүйүз чаар эчки,
Чар тарапта бар эчки,
Чар тарапта бар эчки,
Айдатайын андан да,
Арнап берсем, алабы,
Арстанбек жалгыздын,
Чымын жаны калабы?
Жоон ичи тартылган,
Жонго чачы артылган,
Коймолжуган, суналган,
Колоң чачы чубалган,
Жайдары өскөн жашында,
Карындашым кашымда,
Аны берсем алабы?
Арстанбек жалгыздын,
Чымын жаны калабы?
Каныкейдей кайратман,
Азабымды көп тарткан,
Ай тийбес жерде энем бар,
Аны берсем алабы?
Арстанбек жалгыздын,
Чымын жаны калабы?
Кымызга оозун чайкаткан,

Ак сакалын жайкалткан,
Күтүрөтүп күңгөйдө,
Түмөн жылкы айдаткан,
Атамды берсем алабы?
Арстанбек жалгыздын,
Алтын жаны калабы?
Ак самоорун кайнаткан,
Колтугумда бир жаткан,
Кордугумду бир тарткан,
Аялым берсем алабы?
Арстанбек жалгыздын,
Асыл жаны калабы?
Булбул тилин сайраткан,
Бир айтканын кайра айткан,
Баламды берсем алабы?
Чымын жаным калабы?
Албаса анда жетиптир,
Арстанбектин ажалы.
Түркмөн менен сарт айдайт,
Ашкабакты, дарбызды,
Ажал алат турбайбы,
Арстанбектей жалгызды?!

Бул арман Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат. Комузчулар болсо, «Арстанбектин арманы» деп, черткени жөнүндө Көпбай Күмүшалиев Мураталы аксакалдын аткаруусунан улам жазганы бар.

## Арстанбектин «Сен, сен дүйнө»

Заманыбыздын залкар комузчусу Ыбырай Туман уулу 1961-жылы 7-ноябрда радио тасмасына тапшырган күүлөрдүн бирин «Арстанбектин «Сен, сен дүйнө». Күүнүн алдында: «Сен, сен дүйнө, сен дүйнө, кимге бапа кылгансың? Опасы жок, сен дүйнө» – деген эпиграф бар. «Сен, сен дүйнө» Арстанбекке чейин ырдалган, комузда чертилген. Арстанбектен кийин да мурунку көчтүн изин улаган чоң таланттар үчүн бул мейли поэзияда, мейли музыкада болсун, традициялуу темалардын бири катары эсептелген. «Он сегиз миң ааламдын перзенти» Адам баласы жарык дүйнөгө көз жарып келмеги (туулмагы) бар, өмүр өтсө, көз жумуп кетмеги

(өлмөгү) бар. Түбөлүктүү эч нерсе жок, түбөлүктүү — бир гана Кудай». Мына, ушул философиялык ойду чагылдырган салттык тема «Сен, сен дүйнө».

Бул бийик накылды дүйнө кезген дербиштер, календерлер, думаналар, бакшылар асатаяк колго алып, бууркандап, буркулдап зикир чалып, жар чакырып, шарыят-дуба тамсилинде жеткирсе, калк аралаган акын-ырчылар, аспапчылар поэзия-музыка тили менен элдин бүйрүн кызыткан. Биз билгенден ар мезгилдин нускоочу акындары, Ниязалы, Токтогул, Барпы, Коргоол... өзүнүн «Сен, сен дүйнө» санаттарын айтып, айрымдары атайын аспаптык чыгармалар (күүлөр) жараткан.

Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
Ким жеткен сенин түбүңө.
Алды кызык жап-жарык,
Арты өкүнүч, караңгы.
Оомал-төкмөл сен дүйнө.
Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
Кимге бапа кылгансың?!
Пайгамбарды алгансың,
Падышаны чалгансың.
Кызыл өңдөн аздырган,
Каранкүн, өзүң балбансың,
Кылайган шоола боз салкын,
Капилет түштөй жалгансың!

## Арстанбектин арманы

Кыргыз элинин турмушундагы феодалдык-патриархалдык-уруулук түзүлүш сырттан келген баскынчыларга бирдиктүү сокку урууга мүмкүндүк берген эмес. Кокон бийлиги, орус колонизаторлору мамлекеттүүлүккө бириге албаган уруу башчыларын ар кандай амалдар менен оңой эле алдап, багынтып, багынбаса көздөрүн тазалап турушкан. Нарындан Тайлак баатыр, Таластан Ажыбек датка, Бүргө баатыр, Алайдан Алымбек датка, Көлдөн Балбай баатырлар буга күбө. Түндүк кыргыздарынын ичара (бугу-саяк-сарбагыш) чабыштары эчен эр азаматтардын өмүрүн кыйып, эл баштаган эрлеринен ажыратып, өзөгүнөн өрт жанып жатпадыбы?! Ынтымак-ырктын жоктугунан, өз жеринде өздөрү кысынып

күнкор болуп, өз агасын агалай албай өзгөлөрдү сагаалап, ажыдаардын алкымына кептелип, бөлүнсө бөрүлөргө таланып келди. Кырчылдашкан Кылжырдын эки баласы бирде кулдук уруп орустардан кол сураса, бирде Кытайга, Кокон хандыгына көзкаранды болуп, бирде казак султандарга кыз тартуулап, кайыр тилеп барышы Арстанбектей көрөсөн акынга түк жаккан эмес.

Замандан заман күн келсе,
Кимге бербейт кезекти.
Айлыбыздын жогунан,
Аялдардан кыз берип,
Жезде кылдык Тезекти –

деп, эки уруу элдин жакшыларын мыскылга алып, бир жагынан ызага муунуп ырдаган. Белек Солтоноевдин тарыхына караганда Ормондун куну үчүн сарбагыштар үч жолу көлдү айланып, чабуул жасап, бугу, саяктарды Каркырадагы Кызыл-Кыяга чейин сүргөн. Бул урушка Нарын тарабындагы бугунун Тынымсейит уругу катышпаса да, Ормондун Үмөталы уулу башында турган дөгүрсүгөн жигиттер тынч жаткан тынымсейиттерге уруш ачып, кызыл уук кылып чабат. Айрыкча Тынымсейиттин Арзымат тобу көбүрөөк бүлгүнгө учурап, көп эр азаматтар чыгым болуп, мал-мүлкү таланып, кыз-келиндер олжого кетет. Ара жолдо ач-жылаңач калып, тозоктун оту жанып турган элге кайрылып: «кыргызды кытай же калмактар кырбай, колтуктагы кокондуктар талабай, ак падышанын аскерлери аткылабай, Кылжырдын тукуму мойсоп, жомсоп, союп» жатканга Арстанбек ичи өрттөнүп, муңкүрөгөн журттун арманын айтып, күүгө салган:

Кырылыштың жөнү жок,
Кылжырдын эки баласы.
Карап турган душмандын,
Канды го мындан табасы.
Арстанбектей акындын,
Айтканда жоктур катасы.

«Арстанбектин арманы» бүгүн да элде жат айтылып келет. Атактуу «Тар заман» поэмасы деле баштан аяк арман мотивиндеги трагедиялык чыгарма. Акындын башка ырчылардан өзгөчөлүгү – элди эркиндикке, улуттук биримдикке үндөгөн, кыргыз калкынын келечеги үчүн кара башын сайган трибун болгондугунда.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Арстанбектин кой бөлөр» | 9372 | 257 | Асаналы Кыштообаев |
| 2. | «Арстанбектин кой бөлөр» | 7975 | 106 | Самсалы Аликеев |
| 3. | «Арстанбектин калыс ботою» | 3054 | 235 | Ыбырай Туманов |
| 4. | «Арстанбектин сен, сен дүйнө» | 9102 | 228 | Ыбырай Туманов |

# ОРМОНДУН КАРА ӨЗГӨЙ

Кеңири белгилүү «Кара өзгөй» күүсү атактуу комузчулар Ниязалы, Токтогул, Карамолдо, Атайдын вариантында жана элдик вариантта чертилип келет. Арийне таасын комузчулардын чыгармачылык эргүүсүнөн бир күүнүн бир канча варианттары жаралаарын көп эле кездештирип жүрөбүз: Ниязалы, Токтогул, Атайлар «Кара өзгөйдөн» кол ойнотуунун түркүн түстүү штрихтерин таап, аткаруунун виртуоздук, татаал техникалык түйүндөрүн жандырып, окуяларды көркөм сүрөттөө аркылуу образдар жаратып, театр сахнасы үчүн иштеп чыгышса, Карамолдо «Кара өзгөйүнөн» күүдөгү бай ыргактарды, назик лирикалуулукту, оор басырык мүнөздөгү, көркөмдүк, гармониялык бийик сезимди, музыкалык нукура искусствонун нукура касиетин туюууга болот.

«Кара өзгөй» күүсүнүн тарыхый тамырын тартууда бул айткандарыбыз анча жеткилең болбос, анткени жогоруда аталган комузчуларга чейин эле «Калматайдын кара өзгөй», «Чоң Ормондун кара өзгөй», «Күрөңкөйдүн кара өзгөй»... деген варианттар эски күүчүлөр тарабынан эзелтеден бери чертилип келет. Демек, «Кара өзгөйдүн» башаты кайда, кимиси биринчи черткен? Бул суроого буйдала түшөөрүбүз анык. Ал эми «Ормондун кара өзгөйү» жөнүндө сөз болгондо кайсы комузчу Ормонду элестетет хан аталып бийлик башында турган, баатыр аталып далай кандуу жортуулдарды баштаган кадимки хан Ормонбу, же? Эгерде хан Ормонду «Кара өзгөйдүн» жаратманы катары таанысак, күү күйөрмандары эле эмес, жамы окурман журту кулагын бир делдейтери шексиз. Бирок, турмуш чындыгынан алыстап, фактылар менен далилдерге көз жумдуулук кылсак, тарыхыбыздын тактыгына доо кетирип аларыбыз шексиз. Андай болсо, айрым фактыларга кайрылалы:

Фольклорчу Кайым Муптак уулу 1920-жылы Таластан Алымкул Үсөнбаевден «Ормондун Кара өзгөй» күүсүн ыры менен жазып алган. Кезегинде Мураталы Затаевичке бул күү чоң

Ормондуку деп чертип берген. Ошол эле Затаевич 1928-жылы Токтогул черткен «Ормондун көкөй кестисин» нотага түшүргөн. Бул күүнүн баянын кийин В. Виноградов Ормонго байланыштырып чечмелеген.[46]

Радионун музыкалык казнасында сакталып турган отуздан ашык «Кара өзгөй» күүсүнүн ичинде Таластан Эркесары Бекбасаров, Кара-Көл шаарынан Өзбек Рысбеков «Кара өзгөйдү» «Ормон хандын күүсү» деп жаздырышкан. Кыргызстан композиторлор бирлигинин музыкалык фольклорду жыйноочу адистери «Чоӊ Ормондун чоӊ күүсүн» 1967-жылы 91 жаштагы карыя комузчу Байтик Короочу уулунан, 1905-жылы туулган Жунус Аликей уулунан, «Чон Ормондун арманын» жаӊы-жолдук (кара-кулжалык) Дүйшөнбай Ныяз уулунан жазып алганы бар. Белгилүү комузчу Нурак Абдырахманов «Кара өзгөйдү» Ормонхан окуясына байланыштырып, айтым күү түркүмүндө аткарып жүргөндүгү маалым. Ормондун ысымына байланышкан көптөгөн күүлөр: «Ормондун Кара өзгөй», «Чоӊ Ормондун чоӊ күүсү», «Ормондун арманы», «Чоӊ Ормондун көкөй кести кара өзгөй» (М.Турсунбай уулу, Өзбек Рысбеков ж.б.). Кыргызстандын булуӊ-бурчтарында, ар түрдүү курактардагы комузчулардын репертуарында жашоосун улап келет.

«Кара өзгөй» деген сөздүн этимологиялык маанисин кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «катаал», «орой», «кыйкымчыл», «чыр» дегенди билдирет экен. Ормон кайра тартпас кашкөйлүгү, кара мүртөздүгү, ырайымсыздыгы, катаалдыгы, курчтугу, кыйкымчыл кырс кыялы менен айырмаланган. Айрыкча хан аталып эки тизгин бир чылбырга ээ болгону ал мүнөздөр элде айтылып жүргөн «Ормон опузага» өтүп, хандык сүр менен «тентектерди» теске салууга көбүрөөк ыктаган. Тарыхчы Белек Солтоноев Ормонду төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: «Ормон айтканынан кайтпаган көк киши болгон. Ошол себептүү «Көкмелтей Ормон» атанган. Кара сакал, кара сур, чапжаак, бою узун, орто семиз, ат мингенде этеги соорусун жаап жүргөн...» («Кызыл кыргыз тарыхынан»). Күүнүн «Чоӊ Ормондун Кара өзгөй» аталышы да опол тоодой зор келбет-мүчөсүнөн калса керек».

Өзбек Рысбековдун аткаруусунда күү баяны мындайча: «Ормон Ташкенге чен тагынып келмекке баратып, жолдон калып, эрке токолуна «керээз» күүсүн чертип: «Мен келгенче үйрөнүп

46 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. – Москва, 1961, 300-бет.

ал» дейт. Ташкенден келгенден кийин сураса, токолу күүнү чала үйрөнүп, унутуп калган экен.

– «Сен карөзгөйлөнбөй ачыгын айтсаң боло – деп, кол ойнотуп, «мындай черт, минтип черт, так ушинтип черт!» – деп, комузун сабай берет. Тамашага кызыган Ормон отту улуу жактырып, коломтого жакын келип: «дал ортом кычышып жатат, тырмап берчи», – деп обон салып зайыбын чакырат. Зайыбы комузун колуна алып, абышкасы үйрөткөн күүнү эптеп чалып: «кайериңди, кай жериңди?» деп сурап атса, анда абышкасы :

Далортомду, дал ошону,
Кабыргамды кайнаттырмын.
Омурткамды ойноттурмун,
Колтугуңду копшоттурмун.

Э-хе-хе-хе-хе, а ха-ха-ха-ха-лап, көңүлү жайланып, жарпы жазылып:

Олда дүйнө жалгансың,
Кимге опа кылгансың?
Карыпчылык бу дүйнө,
Баштан өтүп тынгансың.
Кары дебей, жаш дебей,
Кара дебей, боз дебей,
Келин дебей, кыз дебей,
Кемпир дебей, чал дебей,
Баарынын башын жулгансың.
Алмадай болгон азиз баш,
Бир күнү өлүп тынарсың...
Эх-и-и-и-ий... леп,

зайыбынын көңүлүн жайлап: быягы «Көкөй кести» болду тыягы «Кара өзгөй» болсун:

Карөзгөйдү билип черт,
Баш бармакты басып черт.
Барган сайын ашып черт,
Сөөмөйүңдү сүйөп черт,
Ортонуңду оё черт,
Аты жокту чоё черт.
Чыпалакты ийип черт, –

деп күүнү бүтүргөн экен».. Эрке токолу Уулбала «кыргыздын баатырларынын бирине тийемин», деп, казак элинен келип, акыркы никеси Ормонго буюрган. Уулбала өңдүү-түстүү, ачык көңүл, жайдары мүнөз ургаачы болгон. Домбра черткен, өлөң айта билген. Жогоруда Өзбек аксакал «Кара өзгөй» күүсүндө сүрөттөгөндөй эрди-катындын азил-шакабасы Ормон менен Уулбаланын ички дүйнөсүнө, дал келип турат. Каарына калганда каптап кетчү селге окшогон «Ормон опуза» хан каадасында калбаска, өз үй, өлөң төшөгүндө көр пенделик турум-турпатта кала берген.

Кышкы чыкыроон күндөрдүн биринде очокко жылгын жагып отурган Ормондун үстүнө меймандар келип калат. «Хан башыңыз менен от жагып отурганыңыз кандай, кулдарыңызды неге жумшабадыңыз?» — деген манаптардын бирине тигиндейде отурган чулдур катыны теңсинет дейт:

Оймон, Оймон эле дейчиңей,
Оймонуңай мага олуя эмес.
Очентип кэзде жумшап коём.
Оймонуңайга от жактыйып эле коём.

Анда Ормон карсылдап күлүп: «Этимди көргөн мына бу катыныма баркым болбос, бетимди көргөн теңата тууганга баркым болбос. Ээ баатырлар, асты аял сыйлай билген арманда калбас», деген экен. Айтса сөзү бал, ырдаса обону, чертсе күүсү бар, ай чырайлуу нур жүздүү эрке токолунун ургаачылык назына Ормон каркыбар, куштарлык кумары ичте буюгуп кала берген.

## «Ормон опуза»

Эл оозунда айтылып жүргөн «Ормон опузанын» бир-экөөнө токтоло кетпесек, «Кара өзгөй» күүсүнүн капшыты чыкпай калчудай, анткени күүнүн «Кара өзгөй» аталышы «Ормон опузага» байланыштуу.

**Биринчи опуза**: «өгүздүн жарты терисин өтүк кылып кийген бугулардын баатыры Чоң Ногой чапканы жатат, кеңешели, тез келгиле», — деп Ормон саяк, сарбагыш, солто, черик, бугу мыктыларына жигит чаптырат. Ногой баатыр жайлашкан өргөөгө Ормон акимдерин ээрчитип келип:

— Баатыр, туугандарыңыз эки тогуз тартуусу менен алдыңызга келди. Бир жолку ачууңузду мага бериңиз,» — деп жалдырайт.

Ногой баатыр Ормонго жоопкылбай кабагына кар жаап, түнөргөндөн түнөрүп, оо бир оокумда:

— Төх, болбостур ай-йе, Ормон баатыр, ортого түшүп калыпсың, бир жолку ачуумду бердим!.. — дейт.

— Кулдугум бар, баатыр... — деп, үч бүгүлүп жүгүнүп, үйдөн чыгып, калк билермандарын Ормон өз өргөсүнө чакырат. Ормондун бул «эрдигине», эпчилдигине, амалына баа берген уруу башчылары бир ооздон аны хан көтөрүшкөн. Атайлап жасалган бул амал — «Ормон опузанын» алгачкы белгиси эле.

Казак султандары Кенесары, Ноорузбай кыргыз жерине басып киргенде майдан талаасына жакын бетке чычырканак сүйрөтүп, уюлгуган чаң чыгарып, түнкүсүн ар жоокерге алоолонгон от жактырып, түмөндөгөн колу жаткансыган түр көрсөтүп, жоо жүрөгүн алып, жеңишти камсыз кылган Ормондун амалы да «Ормон опуза» аталып, эл оозунда айтылып калган.

**Экинчи опуза**: Бир жылы Ормон Илеге көчөт. Ар жагынан казак туугандар, бер жагынан көл бугусу өрлүктөп, сый көрсөтөт... Жай айланып, кыш келип, суук түшүп, Ормон Иледеги кыштоодо калат, муну билген казактар бир кезде Ормон колдуу өлтүрүлгөн Кенесары, Ноорүздун кегин кууп, «көзүн тазалоого» тымызын бүтүм чыгарышат. Бул сырды алдыртан кыргыздын жээни Ормонго жеткирет. Ормон карап жатпай тузакка түшпөөнүн амалын издейт... Кечке жуук жүзгө жакын жарактуу жигиттерди буктурмага коюп, казактын он чакты билерманы Ормондун үйүнө түшөт. Жай сурашып, конок каадасы кылгыча атын кара терге чылап, бир жигит чаап келип, Ормонду басып жыгылат: «Азирети ханым, сени казактар мерт кылыптыр деп угуп, Төрөгелди баатыр көп кол менен келатат. Мени алдыга кабарга чаптырды» — деген кабарды угузат.

— Ой жолуң болгур, көрүп турбайсыңбы, казак туугандар менен маңдай-тескей, майдай-сүттөй кошуналык ымаладабыз. Тез кайра чап. Колун кайра кайтарсын. Кычыраган кышта анча адамды мен багалбайм — деп, кара күчкө кайрат кылып, баркылдап коёт Ормон. Жигит кетери менен атын көл-шалга түшүргөн экинчиси, анан үчүнчүсү келип: Жанкарач, Атаке баатыр, Жантай «кабарга» жибергендигин билдиришет. Бул окуяга күбө болгон казактар, жандан түңүлүп, алдыртан жылып жоголушат. Бул да «Ормон опузанын» бир санаты болуп айтылат.

**Үчүнчү опуза**: Сагындык Өмүрбай уулунун жазганы боюнча:

«Келсе чоочун көз,
Андайга керек сөз.
Ошондо мындай кылмак эп,
«Ормон хандын тебетейи» деп
Көргөзүшкөн алып барып,
Өзүнчө арабага салып.
Он эки койдун терисинен жасалган,
Алачыктай тебетейди.
«Мындай дөөгө дааш оңой бекен?» —

деп, келаткан жоо качып кайра кеткен экен. Көчмөн элде ордолуу хан бийлик жүргүзүү оңойго турбасын Ормон эң сонун түшүнгөн. Ысык-Көл, Жумгал, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Чүй, Суусамыр, Казак жерлерине оошуп, көчүп-конгондуктан, туруктуу хан ордосу болбогондуктан сырттан келгендерди «Ормон опузага» салып, орто жолдон узатып турган, ошондон улам: «алар бизди «хан» деп келишет, бизде хандыктын эч белгиси жок. Сырыбызды билсе, оңой эле сыйрып салат», —дечү экен.

Ормондун хан шайланышы уруу бытырандылыгын жоюп, мамлекеттик саясий биримдикке баш коштуруудагы прогрессивдүү умтулуш болгон. Натыйжада жердин, элдин ээси ким экендигин Кокон хандыгын да, орус баскынчыларын да таанып-билүүгө аргасыз кылган. Сарбагыштын манап тукумунан тарагандардын ичинде баатырдык менен байлыктын, мансап менен бийликтин эки тизгин бир чылбырын ээлегендер аз эмес эле, илим-билим, өнөр жаатынан да куру кол эмес. Ормон хан, Төрөгелди баатыр, Калыгул олуя, жазгыч акын Молдо Кылыч, комузчу Кудайберген, Сейилкандар кээ бири калк башкарган баатырлар катары, кээ бири улуттук адабий-музыкалык маданиятыбыздын классиктери катары өлбөс атакка ээ болгон. Ал эми Ормон хандын укум-тукумдарына оошкон комузчулук салт Ормондун нак өзүнөн жуккан десек, кудай акы, жаңылбаспыз. Бул өнөр атактуу Арстанбек менен күү чертишкен Сейилкан комузчуга атасы — Ормон, энеси казак кызы Уулбаладан оошкон. Сейилкандын Мусасы да мезгилинде топ жарган комузчулардан болгон. Ата жолун жолдогондор Ормон тукумунда күнү бүгүн четтен табылат. Алардын катарында кечээ эле көзү өтүп кеткен Абдыракман, Ыбыш деген, акыркы мезгилде Касым деген аксакалдар жана алардын балдары бар.

Ормон табиятында элдик өнөргө астейдил мамиле жасаган адам экен. Атактуу манасчы Сагымбайдын атасы Орозбак ордо кернейчиси, Тоголок Молдонун чоң атасы Музооке комузчусу, Калыгул олуя кеңешчиси, булардын башка канча ырчылар, жомокчулар, манасчылар, санжырачылар Ормонду коштоп жүргөн. Ормон өзү да карандай каардуу буйрукка таянбастан туура сөзгө маани берип, өнөр алды кызыл тилдин касиетин жогору баалаган:

Сарбагыштар бугуларга жамаатташ Чоң-Аксууга кыштап калышат. Ошондо бугу билермандары: Боронбай, Мураталы, Тилекмат, Сарт акелер Ормонго кол бергени келишет. Дасторкон үстүндө Ормон Сарт акеге кайрылат:

– Ээ Сартым, сени акылман, айлакер, сынчы деп угам. Анын чын болсо, бир табышмак айтайын таба алар бекенсиң?

– Айтып көрүңүз, – дейт Сарт аке.

– Табышмактын жандырмагы айгыры менен тогуз байтал, күлүк ат. Тапсаң сеники, таппасаң меники, – дейт Ормон.

– Болуптур таап көрөйүн.

– Бөрү көздүү, бугу моюндуу, куш канаттуу, балык жондуу, бото тирсектүү, буура сандуу, бул эмне болуучу?

Бир аздан кийин Сарт аке жооп берет:

– Күздүн күнү чөп арасында чоң көк чегиртке болчу эле, ошону айткан көрүнөсүз. Ормон Сарттын тапкычтыгына таң калып:

– Ой, Сартым, балакет турбайсыңбы, утуш сеники – деп, убадасы боюнча мелдештин байгесин берет.

Ормондун кыздары да сөз наркына жеткен, кези келгенде жамактатып ырдап жиберген, жаактууда жок кошокчу болушкан. Ормон өлгөндө сөөгүн кара атанга жүктөтүп, кызы Күландага жетелетип, жанына эки жигит кошуп жөнөткөн. Төрөгелди баатыр кокондуктардын Бишкек чебинде кармалып жатып, Ормонду койгондон кийин кечигип келет. Үн баспай өкүрүк салган баатырдын жоктоосун Куланданын кошогу коштойт:

Атамды Балбай сойгондо,
Төкөм, төмөнкү Бишкек коргондо.
Оолугуп бардың бугуга,
Атаке, отура бербей ордоңдо.
Батынат беле бугулар,
Баатырың Төкөң болгондо.
Кан атам келет дегенде,
Калың бугу камалган.

Кан атам «өлдү» дегенде,
Калкыма кетти чабаган.
Кан атам келет дегенде.
Казактар жерин бошоткон,
Төмөнкү калың кокондук,
Тартуусун берип жагынган.
Ажалы жетти аңдоосуз,
Бир кылжырдын балдары,
Бир өзөктүн сабынан...

«Ормон опузанын» опурталдуу жагдайы аз эмес. Мындай олдоксондук, оройлук көбүнчө бийлик кумарынан улам, алоолоп, өөрчүп кеткен. Бугулардын баатыры Балбай колго түшкөндө, жүрөк үшүн алып коймокко орго салдырган. Кийин ордон чыгарып узатып жатканда, Ормондун байбичеси:

– Ата, каным, же мойнуна көйнөк илип, жонуна чапан жаап, ат мингизип чыгарбай, же кыз берип көңүлүн агартып жибербей... кеги ичинде кетпедиби, түпкүлүгү жакшылык болбойт мындан, бекер кылдыңыз», – деп кейиген.

«Катын бугуну басып коёюн» деп сес көрсөтмөккө кош жалаңын камдап, аттанып жатканда атасы Ниязбек да Ормонго эскерткен:

«Ормон балам, илгертен кыргыздын кендирин кескен жаатчылык, мансапкорлук. Ушакчы, чагымчыл, жуукурлардын сөзүн көп укпачы. Мобу бугу деген эл бөлөк-бөтөн эмес, тең тууганың. Кылам десе тең тууган кылып коёт. «Катын бугу, албарстынын тукуму» деп күрсүлдөй бербе, бооруңа тарт. Тилимди албасаң ошол албарстынын тукуму кара албарстыдай басат сени.

Ормондун кыйышпас адамдарынын бири Калыгул олуя да хандын ашкере какаардуу кылыгын жактырбай өз учурунда акыл-кеңешин айтканы жөнүндө көптөгөн уламалар бар.

Ханга да, падышага да, бийге да, кара кылды как жарган калыстык жагат. Калптын казаны кайнайбы да, «кара өзгөйлүктүн» иши оңолобу? Элибизде «уруучул оору, сокур намысчыл» илдет бар. Эбинен тайып кетсе, алакандай элди алтыга бөлүп, ажаан иттей кабыштырып, «келе бакан куу союл» кылып, чабыштырып тынмай. Ошол уруучулдук, ошол сокур намыс калдайган Ормондун башын жутуп, Төрөгелди, Балбайдай көкжалдарды «көкбөрү» тарткызып, атпай журтту баштууларынан ажыратып, алсыз шордууларды алдуу-күчтүүлөргө күнкор кылып жалдыратып

таштаган. Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп, ичтен иритип тынган. Ниязалы ыргагында, Токтогулдун кылдарында, Карамолдонун кайрыгында, Атайдын авандарында элди актыкка чакырып комуз күүсү дирил кагат... дирил кагат... дирил кагат.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Чоӊ Ормондун Кара өзгөй» | 3909 | 4’00 | Абдыкерим Мокоев |
| 2. | «Чоӊ Ормондун Кара өзгөй» | 6891 | 3’00 | Өзбек Рысбеков |

# БАЛБАЙ БААТЫР

Балбай хан да, бек да, өкүмдар да болгон эмес. Балбай мансап-мартабалардан алыс, карапайым калк катмарынан чыккан. Балбай баатыр карандай кара күчү, кайра тартпас эрдиги, бетке чабар курчтугу менен хан-бектерге жанашкан. Феодалдык уруу бытырандылыгы улуттук биримдикке доо кетирип, басып кирген душмандарга каршы турууга ылаажы бербей турган кез. Кыргыз эли түндүк, түштүккө бөлүнүп, түндүк-түштүк уруу-уруктарга ажырап, алардын ортосунда итарка талаш-тартыштар ырбай берип, аягы кандуу кагылыштарга айланчу. Кылжырдан тараган сарбагыштарды Ормон башкарып, бугуларды Боронбай тейледи, Төрөгелди менен Балбай көкжалдар Ормон менен Боромбайдын айдыңынан чыкпай уруу кагылыштарынын башында тулпар ойнотуп, туу аштап, сыр найза сундуруп, ар-намыстын уулу болуп турушту.

Балбай баатырдын өмүрү (1791-1867) башкаларга караганда опурталдуу окуяларга жыш жана карама-каршылыктуу. Бытыранды кыргыз уруулары XIX кылымда туш тарабынан чоң-кичине өлкөлөрдүн кысымында калган: Кокон хандыгынын зомбулугу ашынып, калмактардын кордугу өтүп, Цин империясынын шимшүүлөрү күчөп, казак султандардын чабуулу алсыратып, Россия баскынчыларынын колониялык саясаты муунтуп... алакандай кыргыздын тагдыры өлүм же өмүр деген бычак мизинде турган. Анын үстүнө, ички уруу кармаштар улана берип, найза сунар, кылыч шилтер эр азаматтардын башын жутуп, сырткы душмандарга такоот кылар күч бөлүндү болуп турган, же Төрөгелди, Балбай сыяктуу баш көтөрөр баатырлардын колун байлап, жолун бөгөп салган. Мына, ушул тууралуу Балбай баатыр баскынчылар менен бирбеткей каруулаша албады. Каруулаша алмак да эмес. Анткени, бийликтин эки тизгин бир чылбыры анын колунда болбогондуктан, баатырдын каршылык көрсөтүүсү уруу өкүмдарлары тарабынан колдоого алынбай, өз мансаптарынын

кызыкчылыгы үчүн баш бербес «тентекти» душмандын колуна салып берүүдөн да кайра тартпай тургандыгы айдан ачык болчу.

Боронбай өлгөндөн кийин Сасыке уулу Зарыпбек бугуларга султан болуп, Балбай баатырдын көзүн тазалап, элди жалгыз өзү бийлөөнү эңседи. Балбайдын үстүнөн чагым жеткирип, Верныйдан куралдуу отряд чакыртты. Орустар оң таптырбасын жана Зарипбектин арам оюн сезген баатыр Текестин Көк-Терек деген жерине көздөн далдаа ооп кетүүгө аргасыз болгон. Зарыпбек чакырткан орус отряддары жашыруун келип, 1867-жылы баатырды капыстан басышты. Колу-бутун байлап, атка таңып, айдап барып Алматы түрмөсүнө камашты. Абакта алты ай кармап, 1867-жылы сентябрь айында соттун чечимин чыгартпастан «цианистый калий» деген эң күчтүү дары менен ууландырып өлтүрүштү. Балбай баатыр бугу-сарбагыш уруу кагылышында ажал таппай, өз колтугундагы чыккынчылыктын кесепетинен, Россия төбөлдөрү колдуу набыт болгон. Россия оторчулук саясатынын коопсуздугу үчүн коркунучтуу адам катары айыптап, көзүн тазалашты. Мына, ушул фактынын өзү эле тарых саябанында Балбайдын ала турган ордун таразалап, тастыктап турбас бекен? Балбай болжолу, 1791-жылы Ысык-Көлдүн Түп аймагындагы Сары-Булак деген жерде жарык дүйнөгө келген. Балбайдын теги – Көл бугусунун Белек уруусунан. Атасы – Эшкожо, чоң атасы – Абайылда, бабасы – Токой, жотосу – Белек, кубаары – Жаманкул, муштуму – Алсейит, жетеси – Орозбакты. Балбайдын энеси Айжан – сарбагыштын чоң манабы Атаке баатырдын кызы.

Улама сөздөргө караганда энеси боюна бүткөндө жолборстун жүрөгүнө талгак болуп, бала төрөлгөндө бир уучуна кан чеңгелдеп түшкөн экен. Демек, жомоктогу алптар сыяктуу Балбайдын баатыр төрөлүшү курсакта эле жышаана көрсөткөн. Балбай он төрт жашында жоо менен беттешип, он бешинде калмак баскынчыларына каршы жортуулга аттанат. Он жети жашында жигит курап, «баатыр» атакка конот. Кокон хандыгынын сарбаздары да, Кытай империясынын черүүлөрү да, колониялык орус аскерлери да Балбай баатыр менен жекеме-жеке беттешүүдөн чочулашкан.

Орус төрөлөрү кыргыз жеринде өздөрүн ээн жердин бөрүсүндөй сезишкен. Алардын жосунсуз жоруктары баатырдын кыжырына тийбей койгон эмес. Кези келгенде катылгандардын катыгын берип турган. Балбайдын баскынчыларга кылган «каяшасы»

калың эл «баранда» эмес экенин айгинелеп, кожоюндарды катуу кооптонткон.

Балбай баатырдын көркөм элеси көзүнүн тирүүсүндө эле даңазалана баштаган. Анын замандаштары – атактуу Арстанбек, Солтобай, Сарыбайдын Ысмайылы даңазалаган даңктоо ырлар күнү бүгүн эл оозунда. Тарыхчы Белек Солтоноев, казалчы Алдаш Молдо Жээнике уулу Балбайдын эрдигин алгачкылардан болуп кагазга түшүрүшкөн. Балбай тууралуу маалыматтар эл арасынан жыйналып, Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар коруна алынган. Алардын арасында Кайым Муптак уулу (1923-ж.), Кусейин Карасаев (1927-ж.), О. Мамыркан уулу (1925-27-ж.) жазып алган баалуу маалыматтар бар. 1940-жылы жарык көргөн акын Кубанычбек Маликовдун «Балбай» поэмасы, жазуучу Эрнис Турсуновдун «Балбай» романы, акын-санжырачы Жапар Кенчиевдин, Омор Эркетановдун, Үмөт Асымбековдун даректүү материалдары бар.

XX кылым соңунда баатыр уулун эли-журту кайрадан эстеди. Киндик каны тамган Көл кылаасындагы Сары-Булак айлынын чыгыш тарабындагы баатырдын эски кабырынын үстүнө көз жоосун алган көк мармардан күмбөз курушту. Баатырдын 200 жылдык мааракеси өткөрүлүп, арбагына багыштап куран окушту. Балбайдын эрдигин даңазалап, эл акындары ыр нөшөрүн төгүштү. Искусство ишмерлери музыкалык чыгармаларын аткарышты. Баатыр баянын күүгө салышты.

Заманыбыздын залкар күүчүсү Ыбырай Туман уулунун бай репертуарынан «Балбай баатыр» күүсүн уккан жайым бар. Негедир аны радио тасмасына жаздырбай калган, балким, саясат сактыгынан улам чыгар. Анткен менен, Шишбаш уулу Назардын аткаруусунда жазылып алынган «Балбай» аттуу күүнүн Композиторлор бирлигинин фольклордук чыгармалар бөлүмүнөн табылышы чоң табылга катары музыка күйөрмандарын кубандырбай койбойт. Комузчу Асанбек Кыдырназаров өмүрүнүн акыркы мезгилинде эпикалык тарыхый сюжеттеги күүлөрдү жаратуу демилгечиси катары унутта калган Балбай темасына кайрылуу менен «Балбайдын Көлү менен коштошуусу» аттуу күү жаратып, радио тасмасына жаздырып калууга үлгүрүп кетти. Балбайдын өмүрү, жасаган иштери жөнүндө дагы нечен илимий, көркөм эмгектер, музыкалык чыгармалар жаралар. Азырынча

баатырга арналган комуз күүлөрүнүн баяндарын учкай болсо да окурмандарга тааныштыралы.

## Балбайдын Көл менен коштошкону

Балбай баатырдын маарекесинин алдында комузчу Асанбек Кыдырназаров комитетке келип: «Үч-төрт күү чыгардым. Радионун казынасына кошкон кошумчам, жазып алгыла», – деди. Энеси эркек төрөгөндөй кудуңдап, көңүлү жайдары. Көркөм өнөр менен алпурушкан адамдардын «чымыны» даарып, тогуз толготкон чыгармалары көз жарган кубаныч эмей эмне? Асанбек Кыдырназаров үн тарткычтын (микрофон) алдына жайланыша отуруп, комузун күүгө келтире шашпай бурады да, койнуна колун салып, бир барак кагазды сууруп чыкты. Актёрдук ынтаа менен салмактуу интонацияда Балбай баатырдын 200 жылдык маарекесине арнаган «Балбайдын Көл менен коштошкону» аттуу күүгө жазылган ыр саптарын окуй баштады:

Баатырлыгың эскерип кыргыз элиң,
Заңгыратып тургузду эстелигиң.
Куран окуп, багыштаймын ушул күүнү,
Аз да болсо арбагыңа – эстелигим.
Айла жок, маарекеңе бара албадым,
Алтымыштагы оорукчал абышкамын.
Тили так комуз менен жеткирейин,
Ушул күүм камчыңды чабышканым!
Нарктуу болдуң, салттуу болдуң,
Жүрөгүңдө кара жок, баатыр болдуң!
Пейли тар наадандарга окшошподуң.
Ушул күү, байланып баратканда,
Ыйык Көл, жериң менен коштошконуң!...

Асакемдин күү баяны мени көпкө толгонтту. Балбай баатыр тууралуу жазылган адабияттар менен мындан мурун деле тааныштыгым бар эле. Балбай баатыр «Көлүмдү баскынчыларга тебелетпейм» деп, 40 жигит курап, мерчемдүү жерлерди тозоттоп, кайтарып калат. Ошол убакта Алматыдан аттанган 40 солдат Шарпылдактын алдынан Балбай менен беттешип, бардыгы өлүм табат. Бул кабар оёзнойго жетет. Шералы уулу Качыбек, Ормон хандын күйөө баласы Өмүрзак, «орустарды Балбай өлтүрдү, ага

жан жөөкөрлөрү Молдосан, Молдо, Өмүрлөрдүн да катыштыгы бар. Солдат жибергиле, Балбайды кармап беребиз» деп, Алматыга кабар жөнөтүшөт. Жазалоочу отряддын келери анык болот. Орустардан кооптонгон Балбай Жоруптун уулу Урдөөлөттү, Теңизбайдан Керекти, желдеңдердин Жанегин, мундуздардан Нусупбекти, эр Өмүрдү баш кылып кеңеш курат.

– Киндик каным төгүлгөн касиеттүү Ысык-Көлүм мага турак болбой калат окшоду, баатырлар? Орус эле болсо кызыл кан кечип, кырчылдашып жатып, өз жерим үчүн шейит өлсөм арманым жок эле. Өзөктөн чыккан өрт жаман экен. Мени оруска кармап берем дегендер бар. Кана эмне демексиңер? – деп суроо таштайт. Урдөөлөт, Жанек, Өзбек баатырлар:

– Туу түбүндө туруп, тамчы кан калгыча кармашабыз, баатырды жоого алдырбайбыз! – деп катуу турушат.

– Душман күчтүү, анын үстүнө ичибиз ирип турат, бекем биримдик жок. Баатырдын жер которуп, көздөн далдаа турушу оң. Ата-бабабыз жердеген аймак эмеспи, тиги Текес жакка туугандары менен оолактап кетишсин, азырынча ушул ылаажы – деген акылга токтошот да, Балбай Текести бет алып көчүп кетет. Балбайдын көчүнө казак баатырлары Шоорук, Дүр да кошулат. Шаты тоосун ашып, Жылаңачтын талаасынан өтүп, Иле суусун бойлоп, Суу-Ашуу деген жерди жердеп туруп калышат. Жамаатташ жердеген 60 түтүн таранчы ун, күрүч, алман берип, Балбайды аким шайлап алышат. Ормондун уулу Өмүрзак, Зарыпбек, Күчүк, Телтору кутум куруп, Балбайдын артынан сая түшөт. Максат – биринчиден, Тилекматтын ордун ээлөө, экинчиден, Зарыпбектин уулу Күчүктү султан шайлатуу, үчүнчүдөн, Ормондун кунун куугандардын өтүнүчү менен Балбайдын көзүн тазалоо. Оёздон 40 солдат, өздөрү 40 жигит кошуп, 84 киши Текеске жашыруун жөнөп калышат. Беш баатыр Суу-Ашуудан жаматташ конуш алышкан:

Дүр төрө, Шоорук бир конду,
Суу-Ашуунун чатына.
Калдайып түштү эр Балбай,
Карагайдын башына.
Молдосан, Молдо бөлүндү,
Үч-Булактын сазына.

Ошол жылы Балбайдын уулу Байкашка дүйнө салып баатыр күйүт тартып турган. Кырк солдат менен барган Качыбек адегенде Дүр менен Шорукту басып, күүгүм талаш эл жата Молдосан менен Молдону колго түшүрүшөт. Таңдын үрүл-бүрүлүндө Толубайдын уулу Телтору, Зарыпбектин уулу Күчүк Балбайдын үйүнө кирип келип: «Баатыр, Көл бугусуна баш болсун деп сизге Тилекмат, Мураталылар жиберди» – дейт...

– Оңбогон Күчүк оңбой кал. Койнуңдагы котур ташыңды көрүп турам. Чакыртпайт мени бугулар. Чакыртса силердей арамдарды жиберет беле. Мени карматканы келгениңерди ууру көздөрүңөр айтып турбайбы. Кымыз куйгула тигилерге, – дейт байбичесине. Аңгыча, аңдып турган солдаттар үйгө кирип келгенде:

Сур айгырга мине албай,
Сыр найза колго иле албай,
Кармашарга чама жок, –

деп, Балбай баатыр отуруп калат жалдырап. Балбайдын эки колун байлап, сөзгө келбей дарбаган тили буруу солдаттарга:

– Айланайындар, баатырды басынтпагыла, Сурайгырын мингизгиле, – деп байбичесинин жалынганына карабай, койчулардын кашаң торусуна мингизип, айдап жөнөшөт. Ошондо Балбай баатыр Мойногуна кайрылып:

– Бүргө торуңу күндүз, Сурайгырды түнкүсүн минип, Каркырадагы Өмүр баатырга, Көлдөгү Жанекке, Урдөөлөткө, Усупбекке, Солтонкулга, Найманга, Керекке кабар айт. Ылаажы болсо, бошотуп алышсын, ылаажы болбосо Ой-Кайыңдан тосуп, учурашып калышсын – деп, алдыга чаптырат. Урдөөлөт баатыр «Балбайды алып калам деп 300гө жакын кол курап Кудургунун чатында, 300 жигити менен Жанек баатыр Чоң-Чычкандын башында, эр Өмүр да азаматтарын жыйнап, урунттуу учурду күтүп калышат. Жыйылган колдун түрүн көрүп, көпчүлүктү Зарыпбек жайкайт.

– Ой журт, оруска катылбагыла. Ажыдаардын куйругун басып аласыңар. Андан көрө падышага арыз жазгыла. Арызды текшерип, акыйкатка келсе ашып кетсе алты ай түрмөдө жатып кунун төлөп, Балбайыңар аман-эсен келет, элге кошулат. Эл билермандары бул акылды жүйөө көрүп, Ой-Кайыңдын белинде баатырды тосуп алышат.

Айланайын тууган эл,
Азап жедиң далайдан,
Ажырадың Балбайдан,
Алматы кеттим, келбеймин
Айланып эми көрбөймүн...
Артымда калдың, Мойногум
Айлыңдан ыраак конбогун,
Атасы жоктой болбогун.
Алыстан мени карматкан,
Зарыпбек, Күчүк, оңбогун.
Эрмегим балам, Мойногум,
Элиңден алыс конбогун,
Энеси жоктой болбогун.
Эрегиш кылып карматкан,
Телтору, Күчүк, оңбогун!
Оруска салды чагымды,
Олжолоп колдо барымды.
Оңбосун Күчүк, Зарыпбек,
Оюңду мурда билгенде,
Төкпөйт белем каныңды.
Ойлонбой торго чалынып,
Оруска турам багынып.
Он төртүмдө жоо сайдым.
Он бешке жашым толгондо.
Арыктан Акжал ат алдым.
Он алты жашка чыкканда,
Баатыр Балбай аталдым.
Калмакты барып чапкамын,
Саадакта огум аз болду,
Сарбагыш мага кас болду.
Элимди бактым жоо чаптым,
Эмнеде менин жазыгым?!
От бүркөт атса мылтыгы,
Орустар, сенин жабдыгың
Башынан угуп алгыла,
Баатырдын арман казалын.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Орустан беле ажалым?!
Кечээ хандар менен кагыштым,

Баатырлар менен салыштым.
Хандарды сайып жайладым,
Баатырларын байладым.
Ээ, атаны, арман дүнүйө,
Ошондо неге өлбөдүм?!
Сур айгыр болуп алдымда,
Каскагым болуп колумда,
Качырып найза сунушуп,
Каруулашып көрбөдүм.
Атаны арман дүнүйө,
Армансыз болуп өлбөдүм!...

Алматы сапарында баратып, Күрмөнтүнүн жонуна чыкканда солдаттардан суранып, аттан түшүп, даарат ушатып касиеттүү Ысык-Көлдү телмире карап, боконо сөөгү болкулдап, көзүнүн жашы сакал ылдый куюлуп, баатыр Көлү менен акыркы ирет коштошуп турду дейт.

Күрмөнтүнүн жонунда
Түшүп даарат ушатты.
Көлдү карап ыйлады,
Баатырдын сөөгү сыздады.

## Балбайдын керээзи

«Балбайды айдап келатат» деген кабар Аалы менен Тезек төрөгө жетип, үй көтөрүп, бээ союп, Кайыңдынын оозунда тосуп турушат. Солдаттардын курчоосунда айдалып, колу-буту байланып, карыпчылык башына түшкөн баатыр үч күндө жеткен бул жерге. Кадыр салып сый тартып, эч болбоду дегенде эки күн кепилге сураган Тезек төрөнүн өтүнүчү бошко кетип, офицердин буйругу менен бу жерден баатырды айдап жөнөгөндө:

«Айласын өзү тапсын деп,
Айдалып барат беш баатыр
Даам ичирбей каапырдан,
Деркенбай өзү баксын», —

деп кат жазып, Тезек төрө кызылбөрүк Деркенбайга киши чаптырат. Ошол учурда, баатырдын ага-туугандары да акылдашып, ыгын келтирип, Алматы улуктарына берүүчү парасын камдап-

чомдоп, Ашырбай, Жунуш деген жигиттерди Балбайдын артынан жөнөтүшкөн. Алар баатырдын атасы Эшкожого кудалыгы бар жанагы Деркенбай дегенге келип түшүшөт. Тезек төрөнүн катын алган Деркенбай орус төрөлөрүнө арачы түшүп, алдыртан параларды жылдырып Балбайды өз карамагына өткөрүп бермекке түрмөнүн улуктарына кайрылып жатты. Бирок, иш өтүп кеткен. Балбай жана анын жолдошторуна уу сыйпашып, мал болбой турган абалга жеткирип салышкан. Шоорук баатыр жана үчөө ууну көтөрө албай мүрт кетишкен. Бала күнүнөн чайнап жүргөн коргошун денесине сиңип калгандыктанбы, же кара күч, чымыр булчуңдар такоот бердиби, Балбай денеси ууну кабылдабай бирок алдан-күчтөн тайып, алсырап бараткан. Бирде эсин жоготуп, бирде оңолуп, эс-мас абалында баатырды Деркенбайдын колуна салып беришти. Түрмөгө жакын жерге боз үй тигип, баатырды бага баштады. Чымындай жаны менен алышып жаткан Балбай баатыр бир кезде тилге келип:

Чаардын уулу Ашырбай,
Чөгүндү берчи колума,
Алайын даарат боюма.
Кызылбөрүк Деркенбай,
Арбын көрдүм пайдаңды,
Таппадың менин аргамды.
Мусулмандын жышааны,
Алматыда чоң ыймам,
Алып келчи бул жерге
Алты ооз ыйман угайын, –

дегенде Деркенбай молдо чакыртып, ыйман айттырат. Баатыр башын көтөрүп, бой түзөп тилге келет:

– Молдоке, көрөр күнүм, ичээр суум түгөнүп барат окшойт. Эл-журтума айтаар керээзим калды. Кагаз, калемиңизди алып, жазып коёр бекенсиз? – дейт. Балбай жамактап ырдай койчу. Өлөр алдында дамбылда кагазга түшүргөн баатырдын ошол казал-керээзин кынаптап бүктөп чепкенинин өңүрүнө тигип коюшкан. Кийин сөөгү менен кошо чепкенди ала келишкен. Чепкен эскирип жыртыла баштаганда «Керээз кагазды» таап окушкан. 1922-жылы Кайым Мунтак уулунун карамагында фольклор жыйноочу Ыбырай Абдракман уулу жазып алган. 1926-жылы Кусейин Карасаев Караколдон Бөкөнбай Айтпай уулуна тапшырып,

Кыргыз Илимдер Академиясына өткөргөн. «Балбайдын керээзин» күүгө салган Асан Кайбылда уулу.

Чаардын уулу Ашырбай,
Эсен-аман эл көрсөң
Эр Өмүргө керээз айт.
Эр Өмүр, жаткандырсың конушта,
Балбайың өлдү оруста.
Кан Өмүр, жаткандырсың конушта,
Кан Балбайың, каза тапты оруста.
Чаардын уулу Ашырбай,
Желдеңдерден Жанекке айт.
Ак бараңын тутунуп,
Атып жүргөн чагыңда,
Жоону мындай саят деп,
Тизгиндеп жүрүп эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым.
Ар уруктан Жанегим,
Таалим алган эр эле.
Бекмураттын дартынан,
Асыл Балбай өлдү де,
О дүйнө жүзүн көрдү де.
Чаардын уулу Ашырбай,
Теңизбайдан эр Керээт,
Мундуздардан Усупбек,
Келген менен барганга айт.
Султан уулу Найманга айт.
Ак байбиче энең бар,
Санаа тартпай отурсун.
Санаттуу Балбай барындай,
Сарайга журтун толтурсун.
Оң карап келип отурсун,
Ойрону Балбай тирүүдөй,
Ордого журтун толтурсун.
Жалгыз уулум Мойногум,
Ага да керээз айта бар.
Кунандан чыккан Тайгашка,
Кууратып кеткен Байкашка.
Кара манат бөрк эле.
Жаңшаңдан барып кат алган,

Дөңгөнөдөн бата алган,
Жаш Тайгашка – аталган,
Байгашка балам өлгөндө,
Башын кармап баламдын,
Бадана соккон кийимин,
Абдумомун сарт алган.
Тирүү болсо балдарым,
Түшөт белем доңузга.
Кармалат белем оруска.
Эрдене, Балбак бир боорум,
Өзбек, Тагай жан боорум,
Бул экөөнө керээз айт…

Соңунда өзүнүн эрдиги жөнүндө айткан эскерүү армандары бар. Өзүнүн сөөгү жата турган мазар орду тууралуу Деркенбайга айтканы:

Жалган түш калды жакындап,
Жалгандан кетем Деркенбай.
Сойгонунан калганын,
Алып барсын сөөгүм,
Алматынын Ак мазар,
Аманат койгун башына.
Көл бугуга салам де,
Сөөгүм ачып алышсын,
Арабага салышсын.
Тоо-Челекке жеткенде,
Табытын алып кырдырсын.
Көлдөн балбан жыйдырсын.
Күрмөнтүнү ашырсын,
Ысык-Көлгө жашырсын.
Байгамбар өткөн мен турмак,
Коёр жери – Сары-Булак.
Эки жолдун айрыгы,
Бордоп күмбөз салдырсын.
Күмбөз салаар кирпичи
Көрдүм эле башында,
Койсарынын чатында,
Калмактан калган кыштары,
Бузулган эски там эле,
Ата-атанын уулдары,

Ирээт кылып бир төөдөн,
Койсарыдан алдырсын.
Борун – Борбулактан жүктөтсүн,
Кулжадан сырчы издетсин.
Мындан сырчы таппаса
Аксыдан барып издесин.
Күчөр ыраак жете албайт.
Кетмен-Төбө Үч-Сартта,
Чоң сакал Төлө сарт эле.
Ошо сартты алдырсын,
Бордоп күмбөз салдырсын...
Бекер кылдык мастыкты,
Тамам болду керээзим,
Тарт, Деркенбай жаздыкты!...

Денесине жыш сыйпалган уу дарыга моюн бербей үч күн-үч түн жаны менен алышып жатып, акыры жарык дүйнө менен коштошкон экен. Баатырдын сөөгүн булгаары менен каптатып, төөгө жүктөтүп, Балбайдын жигиттери – Чаардын улуу Ашырбай, Үмөттүн уулу Кадырбайга табыштап, Деркенбай ажы узатып жиберет. Сөөктү алып келип адегенде Күрмөнтүгө жашырышкан. Анын себеби, орустар кастык менен ачып кетет деп чочулашкан. Үч жылдан кийин көрдүн төбөсү түшүп кеткенде: «Канча калабадан калкалап, кашык каны калгыча эл баккан баатырдын керээзин орундатып, өз жерине коёлу» – дешип, Түп менен Сары-Булактын ортосундагы чоң жолдун үч кошконуна коюшат. Баатырдын күмбөзүн 1916-жылы козголоңдо казак-орустар талкалап салышкан. Күмбөз 1992-жылы кайта калыбына келтирилип, баатырдын 200 жылдык маарекесинде салтанат менен ачылды. Тоо этеги, жол үстүндө шаңкайган мрамор күмбөздөгү баатырдын арбагына бата арнап, куран окуу салтка айланган.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Балбайдын Көл менен коштошкону» | 9721 | 7'06 | Асанбек Кыдырназаров |

# КҮЛОЙРОН

«Күлойрон» күүсү Чыны деген аялдын кошогунан улам жаралган. Бирок, күүнүн алгачкы ээси ким, азырынча белгисиз. Кыргыз радиосуна Ыбырай, Чалагыз, Асаналы Кыштообаев, Бектур Осмоновдор тапшырышкан.

Адам кайтыш болгондо «арстаным», «падышам» деген эпитеттер менен даңктап, мактап, маркумдун арбагын көтөрүп, кошок менен узатмай салты кыргызда али күчүндө. Сейрек кездешсе да, о дүйнө салгандын көзү тирүүсүндө ким экендигин, жорук-жосунун, турмуштагы ордун жашырбай, жасап-түзөбөй журт алдында жарыя айткан кошокко күбөбүз. Кырдаалга жараша, кошок саптарын жамгырдай төккөн, жаактууга жай бербес кошокчулар барган сайын азайып барат. Таланттан бүткөн мындай кошокту XIX кылымда тектүү жердин келини Чыны зайып кошкон. Көпчүлүктүн көөнүнө төп келген ал кошок «Күлойрон» аталып, улуттук адабий-музыкалык маданиятыбызда көркөм мурас катары эл оозунда, комуз күүлөрүндө жашап келет.

«Күлойрон» кошогун алгачкылардан болуп, Тоголок Молдо кагазга түшүрүп, 1970-жылы чыгармалар топтомунун экинчи томуна кирген. «Күлойрон» күүсүнүн кыскача баянын Буудайбек Сабыр уулу комузчу Касымбала ападан жазып алган.[47] 1989-жылы комузчу Асаналы Кыштообаев, кийинчерээк Түгөлбай Сыдыкбеков, Кусейин Карасаев, Зыяш Бектенов, манасчы Шаабай Азизов менен «Күлойрон» баяны жөнүндө баарлашып, кошумча маалыматтарды мен да жазып алгам.

Адетте, оозеки айтымдар шартка жараша жаңыланып, же өзгөрүүгө кириптер болуп, баштапкы түрүнөн алыстай берет эмеспи. XIX кылымдагы тарыхый окуянын күбөсү болгон «Күлойрон» кошогу деле болгон калыбындай бизге жеткен эмес: бирөөлөр каармандарын чаташтырышса, бирөөлөр окуянын ордун, мезгилин алмаштырып салган.

---

47 Б. Сабырбек уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980, 101-бет.

Асаналы Кыштообаев, Касымбала эже, Зыяш Бектенов ж.б. «Күлөйрон» кошогун Көл өрөөнүндөгү атактуу адамдардын бири дөөлөс Сарт акенин Арпа аттуу уулунун өлүмүнө байланыштырышса, чоң манасчы, куйма кулак санжырачы Шаабай Азизов Абайылда аттуу дагы бир акылман адамдын Сасык деген уулуна кошкон кошок дейт. 1990-жылы өткөн санжырачылардын конкурсунда Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө кыштагынын тургуну, элдик улама аңыздарды жыйнап жүргөн ардагер Макеш Тургунбаев менен таанышып калдым. «Күлөйронду» кошкон кошокчу Чыны биздин чоң энелерибиз болот» – деп, кийинчерээк даңазалуу кошокчу Чыны эне жөнүндө бир топ баалуу маалыматтарды кат аркылуу мага салып жибериптир.

Айтылып жүргөндөй, Чыны Сарт акенин көздөй келини эмес, Макеш аксакалдын айтуусунча, дөөлөстүн Байболот уругунан тараган Эрдене дегендин келини болуп чыгат экен. Анын жөнү төмөнкүчө: мезгилинде бугу, сарбагыш, саяк элинде Ормон, Балбай, Боронбай, Тилекмат, Калыгул сыяктуу залкар инсандардын катарында Сарт акенин ысымы да эскерилип, «акыл сурасаң Сарт акеге, бата сурасаң Мойт акеге бар» деген накыл кеп калган. Уруулук-феодалдык түзүлүштүн шартында ар кандай окуя уруу башында турган адамдын ысымына таандык болуп айтыла берген.

– О сен кайдан келатасың?

– Сарт акенин айылынан келатам.

– Урууң кайсы?

– Сарт акенин уруусунанмын, – деген сыңары, «Күлөйрон» деле «Сарт акенин келининин кошогу» аталып, Эрдене (Чыны келиндин өз кайнатасы) унутта кала берген.

Боронбай өлгөндөн кийин Сарт аке Нарынга көчүп кеткен. Сөөгү ошол жакка коюлган. Нарындын башы чоң көпүрөдөн жогору. Сарт акеден – Бек, Бектен – Чолук, Чолуктан – Чоконбай, Чоконбайдын беш баласынан Текебай менен Ороздун тукумдары Ысык-Көлдө жашайт. Макеш Турумбай уулунун айтымында: дөөлөстүн тукумдарынан Чулумкашканын уулу Кудаштан тарагандар Оргочордун түндүк – батыш тарабында «Кокуй-Көл» деген жерде. Кудаштан – Жооруке, Байболот. Байболоттон – Ырыскулу, Доскулу, Эрдене деген үч уул болуп, Доскулудан – атактуу Сарт аке, Эрденеден – Арпа, Талкан, Аталаман. Биз сөз кылып жаткан «Күлөйрондун» каарманы Арпанын Сарт аке менен аталаш туугандыгы бар. Арпа кайтыш

болгондо өлүк башында Эрденеге караганда эл журтка кадыры күч Сарт аке турган.

Арпа бой жетип, ата даңкы менен Чыны аттуу акыл-эстүү кызга үйлөнүп, өз алдынча түтүн булатып, турмуш өткөрөт. Чыны эне Байдели, Мамей деген балдарды төрөп, очор-бачар тартып келатканда күйөөсү Арпа кайтыш болот.

Арпа бечара күлүк тандап мине албады, күлүстөн жигиттик доорун сүрө албады. Жарма кайнатса катындардын кашында, буудай куурса жеңелеринин жанында, чай демдесе байбичелердин ашында, келинчеги Чыныны айланчыктап очок башында өмүр өтөп, отузга жетпей о дүйнө салып эки баласы жетим калды. Өлүк каадасы менен түндүк көтөрүлүп, үйлөр тигилип, бака-шака кымкуут башталды:

«Эсил кайран бир боорум о-ой! Эми кайдан көрөйүн о-ой!» айтып, өкүрүк салган эркектер, боз үйдөн үн алыша кошок созгон зайыптар тескери карап, бири күрсүнүп, бири шыпшынып, бири жоолук учу менен көз жашын сүрткөн болуп... ар кимиси өлүк каадасы менен алек. Күн түнгө алмашып, таң атат. Өлүктүн чуручуусу айлананы жаңыртат. Бетин жыртып, белин бүгүп, кара салынып камырабай отурган Чыны келинге ак байбиче күбүрөйт.

– Апей, тылтык, неге тымпыясың? О дүйнө салган эрине артында калган зайыбы жаагын жанып, кошок айтуучу абалтан келаткан салт, аны билбей калдыңбы?

– Төркүндөн алган кунаажын үй болгондо өлсө, эки канат керего үй болгондо өлсө, кошсом болот эле. Атаны кокуй, ойронумдун эмнесин айтып кошомун, энеке?

– Ок, карабет, эмне дейт! Арпанын өзү өлсө да арбагы турбайбы. Аны «арстаным» десең жарашат, «падышам» десең болот, «төрөм» десең төп келет. Бейиши болгур, Арпанын атагын чыгарып, зоболосун көтөрүп койбойсуңбу, кошо бер!...

Кош ичикти кийбеймин,
Киши айткан тилге кирбеймин.
«Андай-мындай» эле деп,
Апыртканды билбеймин.
Манастай баатыр болчу деп
Маскара болуп жүрбөймүн.
Какылдабай ары кет
Энеке, как туурасын сүйлөймүн, –

дебеспи, тайбас келин. Боз үйдөгү күбүр-шыбыр сыртка жетет. Андан ак сакал-көк сакалдардын ортосун аралайт: «Ой, алмустдактан келаткан ата салтын бузган кандай келин ыя?! Арпа байкуштун арбагын сыйлабасын, Сарт акенин кадыры кайда калат?! Андай кесирдүү келиндин төрт аягын керип, үстүнөн кой чубаткыла!» — деген заардуу үн боз үйдөгү келиндин жүрөгүн болк эттирет. Бөрк ал десе баш кесчү буулуккан жигиттер көкбөрү тартып кете электе Чыны келин чыркырап, кошогун баштайт.

Асылым, Арпа-Күлойрон,
Кандай жорук баштадың.
Катын менен балаңды,
Каран түнгө таштадың.
Жашылды кийген оңорбу,
Жаш кезинде тул калган,
Мендей бейбак болорбу?
Караны кийген оңорбу,
Кара салып тул калган
Катындан мендей болорбу?
Аз атанын уулунан,
Азып туулган сен элең,
Аздыгыңды билдирбей,
Араңда жүргөн мен элем.
Арпа берип, жем жебей,
Арык болду бууданың,
Аз болсоң да атадан,
Анжыянда турбайбы,
Сандаган дөөлөс тууганың.
Буудай берип, жем жебей,
Буулугуп кетти бууданың.
Букара болуп жүргөнүң,
Анжыянда көп экен,
Аталаш дөөлөс тууганың.
Алтындан топчум бүчүмдө,
Асылым, Арпа-Күлойрон,
Арманым турат ичимде.
Күмүштөн топчум бүчүмдө.
Күйөөрүм, Арпа-Күлойрон,
Менин күйүтүм турат ичимде. —

деп, кошуп атты эле дагы бир байбиче келип:

– О, садагасы кетейин, келин балам: «Күлөйрон» дей бербей: «Э дегенде эр сайган экини катар бир сайган «эр» болчу деп, оӊсолго намыс бербеген «оёнум» деп, тууруӊдан учтуӊ «туйгунум» деп, көтөрө чалып кошсоӊ өлүктүн баркы көтөрүлбөйбү да, көркү ачылбайбы, – деди эле Чыны эми чындап «Күлөйрондун» ооздугун агытты:

Шыбак жеген эчкидей
Шыбыраба жеӊелер.
Эрмен жеген эчкидей,
Эбиребе энелер!
Жакалуу тонун бөктөрөм,
Асылым, Арпа-ойрондун,
Атагын айтып өткөрөм.
Күрмөлүү тонун бөктөрөм,
Күйөрүм Арпа ойрондун,
Күйүтүн айтып өткөрөм.
Көк боз атты такалап,
Баккан эмес, Күлөйрон.
Көтмалдыда топ болсо,
Барган эмес, Күлөйрон.
Ак боз атты такалап,
Минген эмес, Күлөйрон.
Алматыда топ болсо,
Билген эмес, Күлөйрон.
Түпөктүү найза колуна,
Алган эмес, Күлөйрон.
Түн катып жылкы тийүүгө
Барган эмес, Күлөйрон.
Акбараӊды дүрмөттөп,
Аткан эмес, Күлөйрон.
Каяша сөз бирөөгө,
Айткан эмес, Күлөйрон.
Катыны айткан сөзүнөн,
Кайткан эмес, Күлөйрон.
Катынына тик карап
Сөз айтпаган, Күлөйрон.
Өзгөлөрдүн ишине,
Көз артпаган Күлөйрон...

Келин-кесектин кермек сөзү тыйылып, кемпир-келечтин бабыры басылып, катын-калачтын каңырышы дымып... күүлөнүп калган «Күлөйрон» гана ободо:

Эл үстүнө жоо келсе,
Элебеген Күлөйрон.
Эмне болуп жатса да,
Кенебеген Күлөйрон.
Үйдөн алыс аттанып,
Жорткон эмес Күлөйрон.
Үстүнөн баскан душмандан,
Корккон эмес Күлөйрон.
Айдап жылкы астына,
Салган эмес Күлөйрон,
Жолун тосуп душмандын,
Чалган эмес Күлөйрон.
Жолдош-жоро ойнуна,
Канган эмес Күлөйрон.
Жалбырттаган от болуп,
Жанган эмес Күлөйрон...

Баары жым. Секиде көчүк баскан эр-бүлө кулак түрө тыңдайт. Боз үй тарапка мойнун созгон жандар. «Күлөйрон» созолонот:

Куур тону үстүнөн,
Түшкөн эмес Күлөйрон.
Курумшунун этеги,
Чойсоң дагы тизеге,
Жеткен эмес, Күлөйрон...
Арпа кууруп күйшөсө,
Аялдардын жанынан,
Кеткен эмес, Күлөйрон.
Келин-кызды керилип,
Өпкөн эмес, Күлөйрон.
Манаптарча манчыркап,
Көпкөн эмес, Күлөйрон.
Кемегеден нарылап,
Өткөн эмес, Күлөйрон.
Күйгөндөн сени айтамын,
Атаны кокой Күлөйрон.

Айтпаганда кантемин – аа-у-у!
Төгөрөктү имерген,
Төрөлөрдөн болсоңчу,
Анан кийин өлсөңчү.
Атаны кокуй, Күлөйрон – аа!
Топту жарып сүйлөгөн
Чечендерден болсоңчу,
Анан кийин өлсөңчү,
Атаны кокуй Күлөйрон – аа!
Калкын койдой имерген,
Кандын уулу болсоңчу.
Анан кийин өлсөңчү,
Атаны кокуй, Күлөйрон!
Бурмалуу саадак бугу шым,
Күлөйрон, бугунун уулу болбодуң.
Анан кийин өлбөдүң аа–аа!..
Саймалуу саадак сары шым,
Күлөйрон, сарбагыш уулу болбодуң.
Анан кийин өлбөдүң, аа–аа!
Санжыргалуу келишкен,
Саяктын уулу болбодуң
Анан кийин өлбөдүң, аа–аа!..

Чыны келиндин чынчыл кошогу, нөшөрдөй төгүлгөн төкмөлүк өнөрү бааланып, «жаакта жок кошокчу келин» аталат. Күндөрдүн биринде Чыны келиндин үйүнө ууру кирет. Караңгыда кайсалап жүргөн шумпайларды чоочута кыйкырып айгай салат. Уурулар жылып жоголот. Таңзаардан турган каралуу келин кайнатасы Эрдене тарапты бет алып, зоңкулдап кошогун узатат:

Туурдугумду тилген ким?
Туурдугумду тилгендин,
Тулум барсын башына,
Асыл Арпа-Күлөйрон,
Ала жатсын кашына.
Капшытымды тилген ким?
Капшытымды тилгендин,
Каралуу барсын башына.
Асыл Арпа-Күлөйрон,
Ала жатсын кашына!

Чыны кошокчунун кабары бугу элинин билермандарына түгөл жетет. Эл өөдө көчкөндө Мураталы бий, Бирназар бий, Нанжебестин Ыстамы арага киши салып, Чыныга кошок коштурмакчы болушат. Атайын өргө тигилип, аксакал-көксакалдар жыйылып, үй сыртынан уй мүйүз тарта отурган маалда ичкериден Чынынын кошогу созолонот:

Кетмендеп сууну байлаңар,
Көчкөндө малым айдаңар.
Конгондо бээмди байлаңар,
Мураталы, Бирназар,
Нанжебестин Ыстамы,
Кошок угам десеңер,
Биздин жерди жайлаңар.
Көчкөндө төөм комдогун,
Кыйшайса жүгүң оңдогун.
Мыктысынан тандап кел,
Куран окуур молдонун,
Бата кылып алган соң,
Кылыгын айтып жоктоюн,
Кымбатым Арпа-Ойрондун.
Айлап айтсам түгөнбөйт,
Арбый берет кошогум...

Сарт аке жайкысын Каркыраны ашып, Текес-Күнөс деген жерге көчүп барчу. Арпанын кыркын өткөрүп, Сарт аке башында турган Эрдененин көчү жайлоого бет алат. Кара кийип, кара ат минип, кара ингенди жетелеп, «Кулойронду» кошуп Чыны келин көч астында.

Сарт акенин кабарын уккан бугунун жакшылары: Боромбай, Токсоба, Мураталы, Солтонкул, Качыбек, Ажыбайдын Байбуурасы баш болуп, көчтү узатып келиндин кошогун укмакка Кызыл-Кыянын белиндеги Боз-Бешик деген жерге үй тигип, бээ байлап тосуп турушкан. Көчтү түшүрүп, бал кымыз сунуп, тай союп, боз үйдүн капшытын түрүп салып, Чыныга «Кулойронду» коштурушат. Ак байбиче жандай отуруп: Өңчөй хан-бектердин арасында турабыз, оозуңду карап оттогун» — деп, какыс-кукус кылмакчы болгондо:

Тоспогун, эне, жолумду,
Кармабагын колумду.

Күлойронду жоктогон,
А дагы менин шорумбу?... –

деп, беттегенинен кайтпай, оюндагы кошокту кумдай чубуртат. Кой союлуп, койдун эти бышкыча айтылат «Күлойрон», тай союлуп, тайдын эти бышкыча айтылат «Күлойрон». Күн түнгө, кайра түн күнгө айланганда да айтылат «Күлойрон»... Көч жолу уланат. Чынынын кошогун уксам дегендер атактуу кошокчуну шынаарлай бастырып көч менен. «Аюу да болсо эрим бар» демекчи, байы өлгөнү басмырт тартып, каралуу келин капага алдыргандай көңүлү суз. Жалгыз бойлук жанга баттыбы, жетим балдарынын күйүтүбү, же кара кийип капаста отуруп зериккендиктенби, кийинки күндө нас кумарына берилип кеткен. Көпчүлүктүн көөнү үчүн көч жылгандан Чыны келин кошогун баштаган. Жандай бастырып кошокко кулак курчун кандыргандар бир топ. Тизгинден колу бошобогон, кошоктон оозу бошобогон Чыны келин нас кумары кыстаганда жандай келаткандарды жандап, алакан сунат. Топ ичинен бирөөлөр кошокчуга мүйүз чакча жылдырат. Өзүн унутуп, өзгөнү унутуп, кошок күүсүнө күймөлүп калган, кошок түйшүгүнө иймелип алган Чыны насыбайын атып, (чакчаны ээсине кайтарууга чактысы жок) жан калтасына чакчаларды солой берип, кошок күүсү менен кете берет... Чакча сунгандар кайта сурабайт, кошокчунун жоругуна макул. Кошок ыраатынан жанбасын дешеби кой оозунан чөп албай момурашып, кошоктун күүсү менен кете берет, кете берет... Көч мелжемине жеткен жаңы журтта гана ат тизгини жыйылат. Күнү бою басылбаган кошок тамам болот. Кара бээден колтуктап түшүрүп каралуу келинге кымыз сунулат. Тамагы кургап, талыкшыган кошокчу керден аяктан кылт-кылт кымыз жутат. Чыйрыккан бойду жазмакка Чыны келин чыптамасын чечип, белдемчи боосун бошотот. Күмүш чакча, мүйүз чакчалар шыгырап жерге кулайт. Көрсө, нас сураган колду умсунтпай жандай келаткандар чакчаларын суна берип, кошок ыраатын сактаган Чыны байбиче колундагы чакчаны «кимдики» деп отурбай койнуна ура берген экен. Ошондо бугу билерманына карата Чынынын төккөн кошогу:

Кызыл макмал топтоймун,
Кымбатым Арпа ойрондун,
Кылыгын айтып жоктоймун.
Кара макмал топтоймун.

Казанат Арпа ойрондун,
Кадырын айтып жоктоймун.
Жоого намыс бербеген,
Жогорто Белек эл деген
Күлойрон, же Белек уулу болсоңчу,
Анан кийин өлсөңчү.
Ак-Суу, Түргөн жердеген,
Арык тукуму эл деген
Күлойрон, же Арык уулу болсоңчу.
Анан кийин өлсөңчү.
Керege-Таштын белеси,
Арыктан чыккан Токсаба
Же Токсабача болбодуң.
Атаны кокуй, Күлойрон
Анан кийин өлбөдүң?
Төрө ичинде Байбуура,
Ажыбайдын эркеси.
А дагы кой ичинде серкеси
Же, Байбуурадай болбодуң.
Анан кийин өлбөдүң?
Атаны кокуй, Күлойрон.
Бугудан чыккан эр Балбай,
Мураталы, Боронбай,
Буларың журттун оёну.
Бул жорукту коёлу.
Айланайын акелер,
Эми, биз журтубузга конолу.
Кошок уксаң коно жат,
Кошуңар менен келип ук.
Айылың жакын жайлап ук.
Көчкөндө төөм айдап ук.
Өрүүдө бээм байлап ук
Арманда калбай айлап ук.
Эми эмнесин айтайын,
Кеткен жан кайтып келеби?
Кемиткен кудай береби?
Өлгөн жан кайтып келеби?
Өксүткөн кудай береби?

Бугунун жакшылары доолос Сарт акеге жорго тартып, Чыны кошокчунун башына жоолук салып, устуно кундуз ичик жаап, чоӊ урмат-сый менен узаткан экен. Ошондон улам ушул кунго «Кулойрон» кошогу ооздон-оозго тарап комузда куу болуп чертилип келет.

Макеш Турумбай уулу жазган каттын аягы мындайча аяктаган: «Чыны эненин кошогу өтө эле көп болуптур. Кошокторду жат билгендердин көбү кайтыш болуп кетти. Аттигиниӊ, кошок мезгилинде кагазга түшпөй калбадыбы?! Бул кошокторду энем айтчу эле, айрымдарын жаттап калгам, ошону кагазга түшүрдүм. Чыны эненин тукумдарынын жарымысы Кытайда калыптыр. Калгандары «Жети-Өзүздүн Ак-Дөбө айылында жашап жатат».

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Күлөйрөн» | 3101 | 2’35 | Асаналы Кыштообаев |

# КӨКӨЙ КЕСТИ

«Көкөй кести» кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: ««Көкөйдөн кеткис» – эстен чыккыс, унутулгус, көкөйгө тийүү, көңүл калуу, жүрөккө тийүү, кабыргага батуу, жадоо, тажоо», деп чечмеленген. Сөз маанисин күчөтө айтканда «Көкөйгө көк талкандай (таштай) тийген жокчулук, корчулук» десе да жарашчудай, же образдуу айтканда «Көкөй кести» – зордук менен зомбулуктун, кордук менен азап-тозоктун, күчтүүлөр менен алдуулардын, байлык менен бийликтин курмандыгы, жанга баткан ачуу чаңырыгы... аянычтуу онтоосу.. «Көкөйүм кесилди» дейт бир адам. «Көкөй кести» дешет миң адам. Ой жоруптай келгенде жеке адамдын, уруунун, же жамы журтчулуктун көкүрөгүнөн өткөн, көөдөндү тиреген зил кайрыгы – сезим гармониясы.

«Дүнүйө», «Көкөй кести», «Сынган бугу»,
Ар бири эл кайгысы, элдин муңу.
Анда бар баа жетпеген эрдин куну,
Анда бар талаш-тартыш, кепке жыгуу.
Анда бар сансыз жоокер жанын кыйган,
Кайрыктын айрым жери бүткөн ыйдан
Ошол ый сүйлөй турган сөзгө сыйбай,
Капырай, кантип баары күүгө сыйган...
*(Жалил Садык уулу).*

«Көкөй кести» – көркөм чыгармалардын (роман, поэма) көлөмдүү жанрлар өзөгүнө сыйган сөз айкашы эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун сөзүнө конок берели: «Мен бир поэма жазып, аны «Көкөй кести» деп атагам, анткени балалык чагыман ушул сөз айкаштарын эске салганымда, өткөндөгү оор эскерүүлөр, элдердин кайгылуу тагдыры оюма келе калуучу... Уруулар арасындагы душмандыктан келип чыккан кайгылуу жагдайдан улам поэманын социалдык темасы «Көкөй кести» пайда болгон. 1941-1945-жылдардагы каардуу согуштун төрт жылында төрт адамынан ажырап, улуу тоо койнунда улуган бөрүдөй кайышып, эрбейип экөө калган адамдардын капаста камалган катаал

турмушун чагылдырган романын жазуучу Өскөн Даныкеев да «Көкөй кести» атаган.

Ал эми, комуз өнөрүндөгү атактуу күү чеберлерин кызыктырган бул теманын орду да өзгөчө. Колубуздагы күү тасмаларда, дегеле, биз угуп билген «Көкөй кестилердин» ичинде Карамолдо черткен «Көкөй кести» жүрөккө жакын, дилге жугумдуу. Карамолдого чейин канча «Көкөй кестилер» жаралды, комузчудан комузчуга өтүп, канча элге тарады. 1928-жылы А. Затаевич кагазга (нотага) түшүргөн Токтогулдун күү тизмегиндеги «Чоң Ормондун көкөй кести» күүсүнүн тек-жайын музыковед В. Виноградов XIX кылымдагы бугу-сарбагыш чабышындагы кандуу кагылыштарга байлыныштырып чечмелеген.[48]

Улуу акындын өзүнүн да «Көкөй кести» күүсү болгон, аны бизге жеткирген комузчу Мурсалы Турсунбаев экенин изилдөөчү Буудайбек Сабыр уулу кабарлайт.[49] Бул фактыларга караганда Токтогул «Көкөй кестинин» эки вариантын (Ормондун жана өзүнүн) аткарган.

«Көкөй кестиге» Мураталы, Ыбырай, Чалагыз, Алымкул, Асылбекке окшогон залкарлар да кайрылышкан. Арийне, бул чоң таланттар чыгармачылык шыгына жараша ар кими өз варианттарын жараткан. Бул тууралуу В. Виноградов: «Карамолдонун аткаруусунда «Көкөй кести» баштан-аяк лирикалуу, назик жана жумшак угулат. Токтогулдун «Көкөй кестиси» бир кыйла темпераменттүү, а Мураталыныкы болсо Карамолдонун вариантына жакын» деген. Эмки сөз – Карамолдо кайырган «Көкөй кестинин» алгачкы автору ким болгон? Ушул суроонун айланасында болмокчу. Карамолдо баштаган комузчулардын бир тобу «Көкөй кести» XIX кылымда жашап өткөн Капал аттуу комузчудан калган деп чертишкен. Бул пикирди жазуучу Касымалы Бектен уулу да ырастаган.[50] Бирок, Ормондун «Көкөй кестиси» жана Токтогулдун «Көкөй кестиси» менен Капалдыкын чаташтырбаган абзел. «Көкөй кестини» ушул айтылгандар менен чектеп коюу да болбойт. Күү залкары Ыбырай 1961-жылы 7-сентябрда радиого жаздырганда: «Көкөй кести» – Балбай баатырдын иниси Бакытай айдалып кеткенде чертилген күү дегенди баян эткен. Ошентип, комуз күүсүндөгү «Көкөй кести» темасын бир же эки комузчунун

48 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. – М., 1961, 300-бет.
49 Б. Сабырбек уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980, 124-бет.
50 К. Бектенов. Досумдун күлкүсү. – Ф., 1973, 107-бет.

чыгармачылыгы менен ченеп-бычпай, ар мезгилдин чыгармачылык табылгасы катары баа беришибиз керек.

Көл башындагы бугу элинде Урум аттуу сулуу кыз бойго жетет. Ага оозунда ширин сөзү бар, көмөкөйүнөн ыр төгүлгөн, комузду таңшыта черткен Капал аттуу шайыр жигит ашык болот. Селки-бозой тымызын жолугушуп, сыр тартышып, бири-бирин жактырышып, баш кошуп, бирге өмүр сүрүү үчүн ант-шертти оозанып, убада токтотушат. Тилекке каршы, сөйкө салып, калыңын бычып, кыздын кайындап койгон жери бар эле. Эки ашыктын жашыруун сыры билинип, ошол замат айыл аксакалына жетет. «Ак бата, кызыл канды кантебиз, «Кудай» дешкен куданын бетин кантип карайбыз. Салт бузулуп, ынтымак ыдырап кете элегинде шойкомдуу ишти баштабай тек жүрүшсүн!» — деп, сүйүшкөн эки жашка арачы жиберет.

Сырттан болгон зордоо, өкүм-буйрукту кош жүрөк кабыл албайт, көз көргүс, кулак уккус алыс жакка качып кетүүгө бел байлашат. Салт бузар «тентектерди» сөз менен теске салбасына көзү жеткен айыл аксакалы «бүгүн түндөн калбай Капал тентекти тындым кылып салгыла» деп, жигиттерине тапшырма берет. Коркунучтуу кабарды ошол замат Урумдун жеңеси Капалга жеткизип, бул жерден башка жакка ооп кетишин өтүнөт. Аруу максат, ак тилек жиптей үзүлүп, көкөйдү кескен көп санаа көөдөнгө батпай көк түтүн болуп бөлүнүп, көзүнүн жашы он талаа көлдөй төгүлүп, буркурап боздоп ыйлап, чымындай жанды кыйнап, эки ашык аргасыздан ажырашат. Айласы куруган жаш жигит «Кайдасың, Текес, кайдасың?» деп калдастап шашып, караңгынын кучагына сүңгүйт...

Арадан канча мезгил өттү ким билсин, сакал, мурутту ак аралап, кара чачты буурул бубак басып, бетке бырыш чегелеп, алтымыштан ашканда Капал комузчу тентип кеткен Текес жеринен кайта кайрылып, киндик каны тамган Ысык-Көлдүн топурагын басат. Эли-журту менен эсендешип көрүшөт. Обон созуп, күү чалып, чогулган элдин черин жазат. Баягыдай күүлдөгөн күүлөр, шаңкылдаган кайрыктар, шаңшыган обондор жок, Капалдын кайрыктары муңдуу, ыргактары басмырт. Бир кезде отургандардын суроосу боюнча комузчу өзүнүн арман күүсүн кайрыйт. Ыргактар ыйлап, кайрыктар какшап, кадимки ботосу өлгөн төөдөй боздойт. Көз ачырбас ак жаандай арман, муң себелейт... Угармандар ой кучагында ... Санаа туткунунда... Кыял чабытында... Алкымдар

буулуп, туттугуп, көздөн жаш кылгырып шолоктоп... күү аяктап калган кезде көңүлү чөккөн көз оту өчкөн, күрүчтөй тиши күбүлүп, кемшейип ээги калган, денеси калчылдаган кемпир эчкирип-эчкирип алып, эсин жыйып: «О, көкөйдү кескен көр-дүйнөң менен куруп кал, аа! Алдагы чертип жаткан арман күүңдөгү жоктогон жогуң, бир кездеги антташкан жарың Урумуң мен эмесминби!?» – деп, Капалды басып жыгылат. Ошентип, махабат өртүнө чалдыгып, сүйүшкөн эки ашык кырк жылдан кийин көрүшкөн экен. Кечээги маралдай болуп маңкайган сулуу кыз күйүткө жеңдирип, маалынан эрте карып кеткен. Капал комузун кайра күүлөп: «өтөр иш өтүптүр, кайра келбейт. Урумумду көрдүм, эми арманым жок. Бирок, көкөйдү кескен армандын жүрөктөгү тагы өчмөк беле, ал кийинкилер үчүн эстеликке калсын», – деп күү жамгырын төккөн дешет. Ошондогу «Капалдын арман күүсү» кийин «Көкөй кести» аталып комузда чертилип калган экен.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Көкөй кести» | 1728 | 8'18 | Карамолдо Орозов |
| 2. | «Көкөй кести» | 2676 | 5'12 | Асылбек Эшманбетов |
| 3. | «Көкөй кести» | 3130 | 3'56 | Болуш Мадазимов |
| 4. | «Көкөй кести» | 4404 | 4'08 | Т. Карымшаков |
| 5. | «Көкөй кести» | 6854 | 4'50 | Э. Акайбаев |

# АК МӨӨР

Акмөөр жөнүндө көп айтылды, көп жазылды. Ырчылар обонго салышты, аспапчылар күү жаратышты. Эл оозунда айтылып келаткан Ак Мөөр менен Болоттун ырларын алгачкылардан болуп Кайым Муптак уулу кагазга түшүрсө, Ак Мөөр баянына байланыштуу улама айыңдарды териштирип, окуяларды белгилүү бир нукка кынап, алгачкылардан болуп поэма жанрына иштеп чыгып, ага ылайыктуу обон чыгарган акын Калык болду. Калыктан шакирти Сарыкунан таалим алып, кийин «Ак Мөөрдү» дастан кылып айтты, кийин аны Асылбек Эшманбетов чертти. «Ак Мөөр» дастанына кызыгуу айрыкча, 70-80-жылдары күч алып, Абдрашит Бердибаев, Ашыралы Айталиев сыяктуу белгилүү ырчы-обончулар комуздун мукам коштоосунда аткарып, угармандардын жан дүйнөсүнө бүлүк салышты. «Ак Мөөр» баяны жазгычтарыбызды да ой толгоого салып, Абдыкалык Чоробаев дастан, Сүйүнбай Эралиев поэма, Алыкул Осмонов драма жазды.

Ак Мөөрдүн кабары көзүнүн тирүүсүндө эле кыйлага тарап, кыйырды аралап, аңыз болуп айтылып, жомок болуп сүйлөнүп, кулак курчун ала баштаган. Анткени, Күрөңкөй, Балык сыяктуу өнөр пирлеринин Жантай баатырга жамаатташ конуш алышы, ак дасторкон үстүндө даамдаш, табакташ болушу, акыл-кеңеш үстүндөгү сырдаштык, мамилелештик, шериктештик «Ак Мөөр, Жантай жоруктарын» чыгармачылык тасмыяга илиндирбей коймок эмес.

Деген менен, өткөндөгү тапчыл тескөөчүлүк мезгил көптөгөн тарыхый инсандарды чыныгы өңү-түсүнөн ажыратып, теңирден тескери чагылдыруута түрткөн. Ошол «жасап-түзөөчүлүктүн» кесепетинен «Ак Мөөр-Жантай» баяны да көбүрөөк жабыр тарткан. Мисалы, Ак Мөөр сулууга жөргөмүштүн желесине илинген чымын сыңары ак сүйүүдөн азап чеккен бактысыз бечаранын кейпи кийгизилсе, эчак өлүп, сөөгү сөпөт болгон Жантай баатыр эзүүчү таптын өкүлү катары айыпталып, «ырайымсыз», «ташбоор»,

«мыкаачы» азуусун жанган «айбан» болуп сүрөттөлгөн. Бир уруу элдин билерманы мартаба-байлыгы ташыган Адыл бийге Ак Мөөрдүн атасы болгондугу үчүн гана «итке минген» томояктын таз кейпин кийгизишкен. Жаналгычтай жаланган Баяке баатырды (Шабдандын жан жигитин) атасы Жантайга күйөө жолдош кылып салышкан.

Ошентип, таптык позицияны бекем туткан жазгычтар, акын-ырчылар элди жикке ажыратып, бирлерине (бай-манап болгондугу үчүн) тескери кейипкердин кара боёгун калдайта сүртүшсө, экинчилерине (кедей кембагалдыгы үчүн) оң каармандын «көз тайгылткан сүртүмдөрүн коюу шыбашкан. Натыйжада, тигиниси да, мунусу да, турмуштагыдай эмес түштө көрчү элестей бири «мокочо», бири «огожо» болуп чыга келишкен.

Мезгил өзгөрдү, заман оодарылды. Тарых күүсүндөгү инсандардын арбагына акаарат кылбай, «астафрылла» келтирчү учур келди. Тарыхтагы каталыктарды кайрадан териштирип «акты ак» деген, «караны кара» деген кашкөй чындыкка кайрылуучу учур келди.

Адыл бийдин Ажы, Өмүр, Саркалча, Төлөмүш деген төрт уулу болуп, эң кенжеси Мөөр экен. Мөөрдү эркелетип ата-энеси Мөөркан дешсе, Жантай хандан кийин «Ак Мөөр» аталып кеткен. Мөөрдү алабыз деп келгенде «кызыбыз жаш эле, күтүп туруп алыңыз» деп, атасы Адыл, энеси Маржанкүл суранганда Жантай: «өзүм чоңойтуп алам» деп алып кеткен экен. Ак Мөөр 1834-жылы туулган. Жантай менен 20 жыл бирге өмүр сүрүп, Жантай өлгөндөн кийин 1869-жылы кайтыш болгон. Мүрзөсү Кичи-Кемин тарапта Чүй дарыясынын кашатына жакын Жол-Булак айылына коюлган. Жакында эл-журту эстелигин орнотушту.

Жантай – Дөөлөстүн уулдарынын ичинде сарбагыш элин бийлеген Манаптын тукумдарынан. Алар Үчүкө, Түлкү, Кудаян, Темир, Болот, Эсенгул, Атаке, Ормон, Жантай, Шабдан болуп кетет. Түлкү баатырдан – Тынай, Тынайдан – Атаке, Атакеден – Карабек, Карабектен – Жантай. Ал 1795-жылы туулуп, 1868-жылы 73 жашында дүйнөдөн кайткан. Жантай жашынан тың, чыйрак өтүмдүү чыгып, жигит курап топко аралашып, кадыр-баркы артыла берген. Атасы Карабектин ашы берилип, ага оң-сол кыргыздар, казактар, кашкар эли чакырылат. Ошондо Таштанбек ак боз бээ сойдуруп, ак кийизге салдырып, Жантайды хан көтөрткөн экен. Анын хан аталып калышы ушул себептүү. Бирок,

Ормон сыяктуу ордо күткөн эмес, өкүм чыгарып мамлекет курган эмес.

Мөөрдүн атасы Адыл саяк ичиндеги Чоро тукумунан Боркок деген мартабалуу адамдан. Адылдын бөрүдөй жойлогон төрт уулунан кийин кенжеси Мөөркан. Мөөрдүн энеси зайып затынын чырайлуусу, түштүк кызынан. Адылдын байлык-бийлик жагынан кемтиги болгон эмес. Адыл бийдин карындашы түштүккө карабагыш элине турмушка чыгып, андан Болот төрөлгөн. Болот менен Мөөрдүн тайке-жээндик жакындыгы ушул себептүү. Болот жүрөгүндө оту бар шойкомдуу чоңоёт. Боз улан кезинде ошол шойкомдук кесепети тийип, сабаша кетип, көзүнө камчы тийип кылырайып калган экен. Кийин өз айлынан качып чыгып, Нарындагы таякеси Адылды келип байырлап, анын жылкысын багып жүрөт. Кадимки эл артисти Рыскул уулу Муратбек Болоттун небереси. Кара-Ойдогу көрүстөн ичинде Болоттун да мүрзөсү бар.

Оштун Кара-Суу деген жеринде Кара-Дарыянын жээгинде кыпчак уруусунан Нускай деген эр көкүрөк киши жер-суу талаша кетип, киши өлтүрүп, баласы Аргымбай менен көчө качып, Жыламыштын оозундагы солто элинин мыктысы Бошкой уулуна келет. Аргымбайдан Күнтууган туулуп, Күнтуугандан Баяке төрөлөт. Нускайдын көзү өткөндөн кийин көкбөрү оюнунан чатак чыгып, Күнтууган эр өлтүрөт. Ал жерден да Күнтууган баласы Баяке менен качып чыгып, Таластагы кушчу-саруу элинде туруп калышкан. Ошондон бир канча жыл мурда Чоң-Кеминден Таласка көчүп кеткен бир айыл элди кайтарып алуу үчүн Саза баатыр башында 18 жашар Шабдан келип, Баяке менен таанышат. Баякени жактырып, кийинки жылы көчүрүп келгенде көрүп: «Шабданыма жолдош болууга жарамдуу жигит экен» деп, Жантай экөөнү кол кармаштырып коёт.

Акын Абдрасул Токтомушевке Тентимиш карыянын айтып бергенин эске түшүрөлү: «Шабдан 1912-жылы 73 жашында өлдү. Баяке Шабдандан 2 жаш улуу 1909-жылы 72-жашында кайтыш болгон. Баяке Мөөркандан 3 жашка кичүү эле. 14 жашар Мөөр Соң-Көлдөн Кеминге аттанганда 11 жашар Баяке Сокулукта Жыламыштын оозунда Жангарачтын айылында турган. Баякеден 42 жаш улуу 53 жаштагы Жантай «Мага күйөө жолдош болуп барып бер» деп, 11 жашар Баякени чакыртыппы?..» Кочкор,

Жумгал, Нарын элдери Соң-Көлдү талашып, кээде жаңжал чыгып турган. Ормон өлүп, эл Жантай ханга ыктап калышкан.

Бир күнү Жантайдын тобу Чоро айлына бет алып келатып айылга такала бергенде көлгө түшүп жаткан кыз-келиндерге бет келишет. Кыздар шаша-буша кийинип, кээси көйнөгүн уучтай жамырай качып беришет. Бир кыз гана суу ичинде олоң чачын жамына, ак куудай мойну койкоюп, тескери карап отуруп калган. Сазанын буйругу менен бир жигит сууну кечип кызга жакын барып аты-жөнүн, айлын сурап чыгат. Саза Жантайга:

– Баатыр жолдуу экенсиз. Соң-Көлдүн ак куусу тура. Айылга мейманчылабай жуучу түшө баралы. Саяктардын эки кызын алдыңыз эле, муну менен үчөө болсун, – дейт. Ошол эле күнү жумгалдык саяктардын аттуу-баштуулары Чоро айылынын баш адамы Адыл менен анын сулуу байбичеси Маржанкүлдүн үйүнө «күр» этип түшүп калышат... Мөөргө той түшүп, токмок салып, тамаша болуп жаткан жерге Жантай жигиттеринен байкоочу коёт. «Баатыр Мөөрүңүз эшигинде жүргөн кулуна эле ырдап жатат» – дейт байкоочу. «Кулду кадырлай билген ханды кадырлабай коймокпу, жайына койгула», – дейт. Жантай кырк жигити менен жуучу түшүп жатып алганда жумгалдык саяктар: «Хан жата берсе мал кырылып, биз эле чыгым болобуз. Ала жүргөн кызы, тезирээк узатып жибергиле», – деп, Мөөрдү Жантай ханга беришкен.

Ак Мөөргө чейин Жантай 5 аял алган: Биринчи катыны Таберик. Бейшекелик Өзүк – Аккийиздин кызы, Таберик байбичеден – Мырзалы, Чыпай, Тынаалы. Экинчи катыны – Турдуке байбиче, көлдүк Бапанын кызы. Мындан Ысабек төрөлөт. Үчүнчү катыны – Курма. Кара-Булактык, кытай уруусунан Үйсүн дегендин кызы. Мындан бир кыз төрөлгөн. Төртүнчү катыны – саяк Кулжыгач уруусунан Шербек деген байдын кызы Баалы сулуу. Шабдан баатырды Баалы төрөгөн. Баалы кайтыш болгондо «Эжеме бата окутам» деп келген сиңдиси Сейилданы жактырып калган Жантай «эжесинен калган балдарды кимге кор кылмак эле»... деп Аккаш деген молдосуна нике кыйдырып 5-аялдыкка алып алган. Сейилда Төлө бийди төрөгөн. 1916-жылкы улуттук көтөрүлүштө кан күсөгөн падышалык казак-орус солдаттары менен баатырларча кармашып, Алматыдан Караколго жүктөп бараткан согуш куралдарын колго түшүргөн атактуу Ыбырайым баатырдын атасы ушу Төлө ажы. Алтынчы катыны айтылуу Ак Мөөр сулуу. Ак Мөөрдөн 4 бала, улуусу Муңайтпас. Ак Мөөр, Жантай XIX кылымда жашап

өткөн тарыхый инсандар. Аларды көрүп-билген адамдар кечээ эле көз жумса да ар кандай аңыз кептердин куйругу алигиче үзүлө элек. Ак Мөөр: «ханга тийбегенде кимге тиймек элем, жашы өтүп кеткен кемшейген чал эмес, жигит курагына жете элек бала да эмес, болгону 52 жаштагы эр мүчөлүндө экен» – деп айткан дешет. Ак Мөөр менен Жантай хан ортосундагы мамилени жаңыча вариантта санжыралаган адамдардын бири төкмө акын Абдыашим Ысмайыл уулу: «Соолуган чал», «кемшейген чал» сыяктуу эпитет-салыштыруулар кийинки «табылгалар». 1920-жылдары Кайым Муптак уулу жазып алган варианттагы Ак Мөөр менен Болоттун ырынан деле «кемшейген чал» дегенчелик оолукма сөздү окуй албадык.

Жантайдын жигити:

Кыйкырып айтаар кебим бар,
Кыз издеген бегим бар.
Катуулап айтар кебим бар,
Катын издеген бегим бар.

Мөөрдүн жообу:

Каңкуулабай угалы,
Катуулап айтаар кебиңди.
Канакей келсин көрөлү,
Катын издеген бегиңди.
Кылчактабай угалы,
Кыйкырып айтаар кебиңди.
Канакей келсин көрөлү,
Кыз издеген бегиңди?

Той жүрүп жатканда Мөөрдүн Болотко ырдаганы:

Жээрде башы бош эми,
Жээрде айдап мал бербей,
Жээним, Болот, кош эми.
Күлүктүн оозу бош эми,
Күлүктөн айдап мал бербей,
Күйөрүм Болот, кош эми.
Күңгөйдү бастың, тайгылдың,
Күлүктөн, айдап мал бербей,
Күйөрүм менден айрылдың.
Жекенди бастың тайгылдың,

Жээрде айдап мал бербей,
Жээним менден айрылдың...

Мөөр сулуунун никеси арада жүргөн Болотко эмес, алыстан келген Жантайга буюрду. «Таш түшкөн жерде оор» демекчи, ак никени ыйык туткан Ак Мөөр отурган жерден орун тапты. Узартып уул тууп, кызартып кыз тууп, эне болду. Эрге ишенимдүү жар болуп, очор-бачар тартты. Жантай баатыр да калктын ээси, Шабдандай уулдарды эрезеге жеткирген кадырман ата. «Ак Мөөр» баяны айтыла келген, айтыла бермек. Бирок, өткөндөгү тарыхый бурмалоодон, аша чабуудан арылып. «Ак Мөөр» дастанынын жаңы варианттары жаралып калар. Ак Мөөргө арналган комуз күүлөрүнөн каниет алып, Маашай уулу Бөдөштүн, Абдракман уулу Нурактын, Калбото уулу Курманалынын, Сейдалы уулу Асандын атын атай туралы.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Ак Мөөр» | 3462 | 1'34 | Курманалы Калботоев |
| 2. | «Ак Мөөр» | 1319 | 17'20 | Асылбек Эшманбетов |
| 3. | «Ак Мөөр» | Ч.7061 | 2'09 | Асан Сейдалиев |

# СЫНГАН БУГУ

Кыргыз элинин маданий мурастарынын туу чокусу деп «Манас» менен «комуз өнөрүн» эсептесек, комуз өнөрүндөгү чен жеткис бийиктиктер Карамолдо күүлөрүндө, ал эми күүлөр жаатындагы бийиктик «Сынган бугуга» таандык. Бүгүнкү күндө Карамолдонун 50гө жакын күүлөрү кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында» сакталып турат. Балким, улуу комузчунун көкүрөгүндө жүздөгөн күүлөр уялап жаткандыр. Түбүң түшкөн кенебестиктин кесепетинен залкар таланттын чыгармачылык өнөрканасы кеңири ачылбай, күү сандыгы күбүлбөгөн боюнча күмөндөр кетпедиби! Күү өнөрүнүн жылдызы «Сынган бугунун» таржымал-баянын ал тактап айтаар эле. Карамолдонун курбусу-таасын комузчу Чалагыз Ыйманкуловдун айтканы бар: «Мураталы карыя «Көкөй кести», «Сынган бугу» өңдүү күүлөрдү Капал, Байгазы деген шайырлардын күүсү экен деп, аз-маз башталышын гана черткен. Ал киши Капал, Байгазынын өздөрүнөн үйрөнүп, аларга караганда жакшылап кошумчалаган болуу керек. Ошол сыяктуу, Карамолдо да «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Ибарат» өңдүү бир кездеги бирин-серин кайруусу бар күүлөрдү байытып, көркүнө чыгарып элге жеткирди» («Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрүндө», 1987)...

Жазуучу Касым Кайым уулу залкар комузчу Чалагыз аксакалдын оюн мындайча улаган: «Маркум Күрөңкөй уулу Мураталынын айтуусунда «Сынган бугу» аз гана кайрыктан турган муңдуу күү болгон. Кийин Карамолдо аны тогуз толгонуп, жеке адамдын тагдырына тийиштүү кайгыны, карама-каршылыкты жана күрөштү жалпылаштырып, бүткүл бир доордун үнүнө айландыра алган. Ошондой болгондон кийин ал күүнү Карамолдонуку деп айтуу мыйзамдуу экендиги талашсыз».

Көрүнүктүү музыковед В. Виноградов да кеңири белгилүү бул күү баяны тууралуу өз пикирин мындайча ортого салган: «Сынган бугу» – эбак бир кезде өтүп кеткен феодалдык уруулук

коомдун окуяларынын таасири астында пайда болгон комуз күүсү». («Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары». 50-бет). Арийне, кээ бири угуп айтса, кээ бири көргөнүн айтат. Алп манасчы Саякбай «Сынган бугунун» баштапкы ээси Байгазы экенин:

Чоӊ нускалуу комузчу,
Уюп жаткан кен экен,
Байгазы деген неме экен...
Аяр сүйлөп, бек таштап,
Ал Байгазы кеп баштайт:
Атасы черткен күүлөрдү,
Бала үйрөнүп алса деп,
Кийинки укум-тукумга,
Мураа болуп калса деп,
Жүрөктө жүргөн тилегим.
Куржунуӊа салып ал,
Атамдын берген күүсү деп,
Ак пейилден алып кал! – деп кабарлайт.[51]

1992-жылы Зыяш Бектенов менен «Сынган бугу» таржымалы тууралуу баарлашкан жайым бар. Андагы даректүү маалыматтар турмуш чындыгынан алынгандыгы көбүрөөк таасир калтырган. Байгазы көл башындагы Белек уруусунун ичиндеги майда манаптардын бири болгон. Комуз чертип, ыр ырдап, оюн-шоок жыйындардын көркүн ачкан, сымбаты да келишкен жигиттин султаны дегенчелик бар. Байгазынын атасы Матай кадимки Балбай баатырдын иниси. Ошол учурда Алматыдан фельдшердик окууну бүтүрүп келип, чечек-кызылча менен ооругандарды эмдеп, дарыгерлик кылгандыктан «доктур Бектен» аталып, эл оозунда калган өз мезгилинин илим-билимдүү адамы жашайт. Бектендин 3 карындашы болгон: эӊ улуусу Бурулду Тоӊдогу Алматай ажынын уулу Кайбылдага аттандырат, ортончусу Калыйманды сарытологойлук Бошкой дегенге узатат. Кенже карындашы Шаарканды жети-өгүздүк оокаттуу жерге кайындап койгон экен.

Шааркан – колунан көөр төгүлгөн жез оймоктун узу, акыл-эси артык, айчырайлуу сулуу кыз экен. Шааркандын калыӊы бүтүп, жыгач түшүрүп той башталат. Бирден керегелерин алып коюп, бет маӊдай катышып тургудай ортого эки үй жанаша тигилет.

39 С. Каралаев. Карамолдо. – Ф., 1962. 27-бет.

Анда ырчылар, комузчулар баштаган ышкылуу жаштар кыз оюн тамаша курушмак. Тойго Байгазы да келет. Шааркан сулууну көрүп, махабат оту алоолонуп, ашыктык сезим тынчтык бербей, ичтен сыздай берет. Созолонто ырдап, таңшыта күү черткен, сымбат-сыны келишкен жигитке алдыртан кыздын да көзү түшүп, арзуусу козголот. Ортомчу жеңелердин жардамы менен эки жаш табышып-таанышып, убада шертин бекитип, кол кармашып, тойду таштап качып чыгышат.

Ак бата, кызыл канды аттап, ата салтын бузгандыгы үчүн Байгазы урук туугандары менен айыпка жыгылып, чоң доого кириптер болгон. Сүйүшүп баш кошкон эки жаш, эл урматына алынып, күнүмдүк өмүрүн бактылуу өткөрүп жатышты. Аш, той, жыйын Байгазысыз өтчү эмес. Башына кундуз тебетей, үстүнө жибек, кылторкодон кийгизип, суу төгүлбөс бөжүгөн жоргого мингизип, Ысык-Көлдүн ак куусундай керилтип кайда барса Шаарканын ээрчитип жүрөт Байгазы. Кийинки жылы Шааркандын боюна бүтүп, аман-эсен көз жарып, эркек балалуу болушат. Баланын атын Мамбетсейит коюшат.

Жазмышка айла барбы. Үч жылдан кийин айыкпас дарттын айынан сүйгөн жарын, баласын калтырып, о дүйнөгө сапар тартып кете берет Шааркан сулуу. Кызынын кыркына келгенде Мактым байбиче: «Байгазы балам, маңдайга жазылганы экен, айла жок. Мен ичимден чыккан көкүрөк күчүгүм – кызымдан айрылдым, сен жандай сүйгөн жарың Шаарканыңан айрылдың. Өлгөндүн өз шору, өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Шааркандын ашы-жытын берген соң төшөк жаңыртарсың. Энелүү жетим эрке жетим, аталуу жетим арсыз жетим деген. Энеси жок балага кыйын болот. Уулуңду мага бер. Борбуюн көтөргүчө багып, өзүңө кайтарамын, – дейт.

– Оо, касиетиңден айланайын, ажы эне. Шаарканымдан калган белекти алып кетсеңиз, үйүм караңгы көргө айланат. Шааркандын ордуна жыттап жүрөйүн, жанымда эле калсынчы, – дейт каңыргы түтөгөн Байгазы баласын кучагынан чыгарбай.

Байгазы аш-тойго кеткенде жеңеси жакшы карабай, бала ылжыраган таз болуп, илмийип араң жаны калганда чоң энеси келип, алып кетет. Байгазы дагы бир жылга үйлөнбөй аза күтүп үңкүйүп, үйдө жалгыз отуруп калат. Эрмеги жалгыз комузу. Ичтеги кайгы-муңун, кусалыгын үч кылдан чыгарат. Арыз-арманын күүгө салат.

– Күүң оголе муңдуу экен, – дегендерге:

– Кайындуу кызды ала качып, үч кайтара айыпка жыгылып, – «бир сындым», махабат жыты тарай электе койнумдагы жарымдан түбөлүккө айрылып «экинчи сындым», өлгөндөн калган белегимди тотукуштай торолтуп, бага албай «жетим» атка кондуруп, «үчүнчү сындым». Күү ошол «сынган» армандарымды айтып жатпайбы? – дечү экен.

Кийин Көл башында чоң комузчу бар деген кабарды угуп 18-20 жаштагы Мураталы Байгазыны издеп Каркырага келет. 2-3 айча баса жатып «Сындым» баштаган бир нече күүлөрдү үйрөнүп кайткан. «Сындым» Көл башынан Кочкор, Жумгал, Keминди аралап, саяк-сарбагыш элдеринин назарына илине баштаган. Жан ыракатын козгогон жагымдуу кайрыктагы бул күүнү уккандарга: «Ой бул күү кайсы, кимдин күүсү?» – деп сурабай коймокпу. Күүнүн ээси Байгазы экенин унутуп, же ал жөнүндө кабары жок комузчулар:

– Бугунун комузчусу кыз ала качып, чоң доого жыгылып, айып тартып, «сынгандагы» арман күүсү экен, – деп жооп беришет.

«Сындым» эл арасында кеңири тарай баштаган мезгилде:

– Ии, эми «бугунун сынгандагы» күүсүн чертчи, – дей турган болушкан. Күүнүн аталышы айтууга ылайыкташып, бара-бара «Сынган бугуга» өткөн. Байгазы кабары кийин Карамолдого да жетип, бир чоң жыйында ага кездешкен. Карамолдо солкулдаган чыбыктай жаш бала, Байгазы пайгамбар жаштан өтүп калган. Карамолдону черткизип көрүп:

Кубангандан Байгазы,
Кучактап алып ыйлады.
Эртеси үйгө чакырып,
Чапан жаап молдого,
Жан-алы калбай сыйлады –

деп, эскерген Саякбай. Карамолдонун теңдешсиз талантын баамдаган карт күүчү келечекте «Сындымдын» багын ача турган шакиртинин талант дараметин ошондо боолголоп билген экен. Байгазынын баласы Мамбетсейит атасынын колунда эрке талтаң чоңойду. 16-17 жашка келгенде эс тартып, суу куйду «жиндилиги» калып, 19 жашында Бүбү аттуу акыл-эстүү кызга үйлөндү. Мамбетсейит колунан бар иш келген, кужурмөн адам болгон. Өмүр бою Ысык-Көлдүн Кең-Суу айылында жашап,

1930-жылы улгайган курагында каза болду. Артында үч кыз, бир эркеги калды. Улуу кызы белгилүү журналист Зина Мамбетсейит кызы персоналдык эс алууда жүрүп, 1991-жылы каза болду. «Сынган бугу» баянын бир баштан тизмектеп бизге жеткирген окумуштуу-профессор Зыяш аксакал жогоруда айтылган догдур Бектендин уулу. Кыргыз элинин кадырман карыяларынын бири Зыяш аксакал токсондун толгоосун тартып, узак жашап, улгайган кезинде 1994-жылы о дүйнө салды.

Байгазынын «Сындым» күүсүн Карамолдо классикалык «Сынган бугу» кылып жасады. Арбактарын сыйласак алакушту атынан чакыралы. Күүнү өз ээлигинен адаштырбай: «Байгазынын күүсү «Сынган бугуну» Карамолдо аткарат» деген жарыяны эстен чыгарбайлы.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Сынган бугу» | 365 | 5’45 | Карамолдо Орозов |
| 2. | «Сынган бугу» | 9086 | 3’51 | Ыбырай Туманов |
| 3. | «Сынган бугу» | 3358 | 2’50 | Эркесары Бекбасаров |
| 4. | «Сынган бугу» | 2636 | 1’30 | Атай Огомбаев |
| 5. | «Сынган бугу» | 3691 | 4’42 | Асылбек Эшманбетов |
| 6. | «Сынган бугу» | 3139 | 5’10 | Болуш Мадазимов |
| 7. | «Сынган бугу» | 697 | 4’07 | Чалагыз Иманкулов |
| 8. | «Сынган бугу» | 5441 | 5’10 | Нурак Абдракманов |
| 9. | «Сынган бугу» | 9818 | 4’52 | Өзбек Алымкулов |
| 10. | «Сынган бугу» | 8941 | 5’23 | Акимкан Сыдыков |
| 11. | «Сынган бугу» | 6542 | 4’24 | Сексенбай Айманбетов |

# КЕРИМБАЙ КУЛУНУМ

Атам – Кайбылда жарыктык, көр тирликтен колу бошой калганда комузуна кол узатып, үч кылды шашпай буроого келтирип, аты аталбаган обон курамдарын узакка кайталап, кайрый берчү. Өз мүнөзүндөй салмактуу да, салабаттуу да, ноюбаган оор басырыктуу ыргактар үч кылда жумшак термелип, «балта көтөргүчө дөңгөч эс алчу» түгөнбөс түйшүккө аралжы – күү кереметине магдырап, кайрыктан кайрык кубалап, комузу менен сырдашып отурчу адаты бар эле.

Аты аталбаган ошол кайрыктар түгөлү менен унутулбай эс куржунумда сакталып калган экен. Кечээ гана кыргыз радиосунун музыкалык казнасындагы күү казынасын аңтарып эшиткен соң сыр сандыктын килити ачылды. Көрсө, «Кайбылда кайрыктары» деле асмандан түшө калбаптыр. Качанкы өткөн окуяларды болжоп, тарыхта камтылган болмуштарды козгоп, күңгүрөнө күүлөнчү.

Ошол мукам кайрыктардын бири Ысык-Көл, Нарын өрөөнүнө кеңири белгилүү «Керимбай кулунум» атуу кошок күү.

Бул күүнүн баяны тууралу атактуу комузчу Бектур Осмоновдун уулу Шыгай, комузчу Мамытов Үмөр аксакалдар менен баарлашып кеңири маалымат алган жайым бар. Буга чейин музыковед Балбай Алагуш уулунун эмгектеринен учкай эскерүүлөрдү гана окугам.

«Керимбай жалгызым» күүсүндө баласынан айрылган атанын арман кошогу баяндалат. Айтымда, Керимбай – Ысык-Көлдүн тескей тарабында Тоң районундагы Тогуз-Булак айлында жашаган саяктын серең (сарбан) уругунан тараган Сыдык дегендин баласы болгон.

«Болоор уул богунан» дегендей, Керимбай ар ишке бүйрө, акылга зирек, жүрүм-туруму илбериңки, теңтуштарынан бир сөөм өөдө чыйрак чоңоёт. Баланын жөндөмүн байкаган атасы «көзү ачылсын» деп, ичкери Россияга окууга жиберет. Болжолу, Россиядан ооп келген орустар менен кыргыз калкынын алакалаш жашай баштаган мезгили болсо керек. Жер үшүдүбү, айыккыс

дартка чалдыккан Керимбай жай айында катуу ноокастап, айылына келет. Канча айла-амал издегенге карабай, асылган дарт үйлөнүүгө үлгүрбөгөн 18-20 жашар Керимбайды Солтон-Сары, Соку-Таш деген жерде алып тынат.

Атасы Сыдык жамактатып ырдай койчу шайыр адамдардан экен. Баласынын сөөгүн тирүү адамдай атка таңып мингизип, аны бирөөлөр жетелеп, артынан ээрчий бастырып, Тоңго чейин үнүн баспай кошуп жүрүп отурат. Кошок ошончолук узак айтылган бирок, аны эч ким кагазга жазып калбаган. Куйма кулактардын илип алгандары гана кийин айтылып, комузчулардын чертиминде, кошокчу-ырчылардын обонунда ырдалып кала берген.

«Атам Бектур Осмонов бул күүнүн баянын айтып отуруп, ыры менен чертер эле» – деп эскерет Тоң районунун, Бөкөнбай айылынын тургуну Бектур уулу Шыгай аксакал.

Адырга чыгып оттосо,
Аргымак келет жем үчүн,
Айнегим, жалгыз Керимбай,
Ашкере күйөм сен үчүн.
Боорго чыгып оттосо,
Боз жорго келет жем үчүн.
Болукшуган балам ай,
Боздоп күйөм сен үчүн.
Керүүгө чыгып оттосо,
Кер жорго келет жем үчүн.
Келберсиген уулум ай,
Кейип ыйлайм сен үчүн.
Толкунга салдың кемени,
Томсортуп таштап сен кетип,
Тозокко салдың энени.
Калкыта салдың кемени,
Какшатып таштап сен кетип,
Кайгыга салдың энени.
Аргымак атың чабылбай,
Айланайын балам ай,
Айлыңдан кеттиң табылбай.
Ак талды жакса чок болот,
Азыраак Сарбан топ кылса,
Арасынан табылбай,
Ардагым ордуң жоктолот.

Тобурчак жакса чок болот,
Топ жыйынды чакырса,
Тоң элинен табылбай,
Ошондо ордуң жоктолот.
Солтон-Сары, Соку-Таш,
Соку-Таш сенин сеңириң,
Соолутту мени теңирим.
Каз каркылдап көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт.
Карып калган атакең,
О, Керимбай кулунум,
Эми кайда барып жан сактайт?...
Куу куркулдап көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт.
Куруп кеткен атакең,
О, Керимбек, кулунум,
Эми кайда барып жан сактайт?..

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Керимбай кулунум» | 3052 | 1'57 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Керимбай кулунум» | 701 | 2'10 | Чалакыз Иманкулов |
| 3. | «Керимбай кулунум» | 1409 | 3'37 | Бектур Осмонов |
| 4. | «Керимбай кулунум» | 8167 | 2'12 | Мурсалы Турсунбаев |
| 5. | «Керимбай кулунум» | 3010 | 1'50 | Жылчый Курманкожоева |
| 6. | «Керимбайдын күүсү» | 1804 | 2'20 | Усубалы Казаков |

# КЫДЫР АКЕ

Кыргыз бермети Ысык-Көл кылаасын бойлоп, Каракол шаарынан күн чыгышка сапар тартсаңыз, Ак-Суу кыштагын калтырып, айтылуу Керегe-Таш кайкаңына көтөрүлөсүз. Кыштакка кире бериштеги оң ыптада маркумдар жайы бар. Көрүстөндүн ортосунда бышырган кыштан жасалган төрт чарчы күмбөз заңкаят. Бул «чоң болуш» аталган Кыдыр акенин 150 жылдыгына карата кайрадан оңдолуп тургузулган эстелик. Дагы арылап сапар карытсаңыз, аскалары асман тиреп, чокулары булут тешип, ак мөңгү жамынган Ала-Тоо кыркаларынын бооруна таштан чегилген ак өргөөнүн алтымыш канат керегеси көз жоосун алат. Кист жеткире алгыс, сөз бере алгыс ажайып жаратылыш панорамасы – Кыдыр акенин киндик каны тамган мекени.

Кыдыр аке 1843-жылы ушул жерде туулган, ушул жерде болуш шайланып, бийлик даражасына көтөрүлгөн, ушул жерде очор-бачар үй-бүлө күтүп, Төөгөчү, Акимкан сыяктуу уулдарды тапкан, ушул жерде караан туткан Төөгөчүсүнөн, көзгө басар Акимканынан ажыраган, ушул жерден Битирбоорго сапар тартып, ак падышадан чен-тон алып келген, 1916-жылкы улуу кыргын ушул жерден башталган, төңкөрүш апкелген жаңы турмуш ушул жерде уланган, Кыдыр акенин 83 жаш өмүрү (1843-жылы жарык дүйнөгө келип, 1926-жылы о дүйнөгө сапар тарткан) ушул жерде, Керегe-Таш аймагында өткөн. Кылымдар алкагында бүт өмүрүн эл ишине, калк намысына багыштап, акыл-ой-ишмердигин Ата журтуна арнап, замандаштарынан озо жашаган Кыдыр аке даанышман.

Ал эми музыкалык руханий дөөлөтүбүздүн залкарлары деп, Музооке менен Күрөңкөйдү, Ниязалы менен Токтогулду, Майлыбай менен Жеңижокту, Айдаралы менен Абакты, Мураталы менен Байгазыны, Боогачы менен Бурулчаны элестетсек, алардын катарынан Кыдыр акенин да ысымын атоо ашыктык кылбас. Бул ойду эл бийлеген, журт башкарган дөөлөтүнө карабай, калк

кадырлаган комуз өнөрүн туу туткан карапайым, айкөл касиетке ээ болгон адам катары айтып жатам. 18 жашынан болуштукка шайланып, 18 жыл жогорку бийлик баскычын өтөгөн, Россия империясынын парламентине өкүл болуп, ак падышадан аскер чинин алган, оездун орунбасарлык кызмат даражасында турган абройлуу адамдын карапайым өнөрпоз адамдай кыл тырмап, күү жаратып, комуз черткенин аңдасак, бир себептен өөн-орозгөй туюлары да шексиз. Анткен менен, калайык калкка кеңири тараган күүлөрү аркылуу «болуш» Кыдырга караганда «комузчу» Кыдырдын ысымы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип, оош-кыйыш өмүр жолу уламыш болуп, эл оозунда айтылып келет. Азан чакырып коюлган Кыдыр деген ысымына калк таарбынан кошумча «аке» деген ардактуу аттын ыйгарылышы ошол айкөлдүктүн, жөнөкөйлүктүн, акылмандыктын шарапаты болсо керек.

«Кыдыр аке, менин устатым болгон» деген сөздү күү пайгамбары Ыбырай Туман уулунан эчен курдай эшиткен жайым бар. Ырас, айтарын айтып алып, алда неден комсунуп: «Кыдыр акенин атын купуя оозанбаса, ачык айтуу опурталдуу...» деп, шыбыр какканы да эсимде. Анда партиялык идеологиянын камчысы төбөдө ойноп турган кез. Бутунан жыгылган сүрдүгүп оңолоор, асты оозунан мүдүрүлгөн кайта тургус болуп, оңкочуктап жыгылар. Чоң болуш Кыдыр акени эскерем деп, ким эле жыландын куйругун баскысы келсин? Бирок, өкмөттүк мыйзамдын катаалдыгы өкүм сүргөнү менен, калк өз уулунун ысымын өчүрбөй жүрөгүндө сактап келди.

Көл кылаасындагы бугу, саяк, белек, кыдык комузчуларынан эч кимиси Кыдыр акенин көз кырынан окчун калбаган. Булардын ичинен саяк Ороз уулу Токтомамбеттин (Карамолдонун), бугу Туман уулу Ыбырайдын талант дареметин өзгөчө жогору баалап, мударис сыңары өнөр өрүнө үндөп, устатгык парзын укмуштай так өтөгөн дешет. Баса, саяктын олуясы Садыр аке Карамолдонун комузун камкордукка алса, бугунун олуясы Кыдыр аке Ыбырай талантын барчын куш сыңары тапка салган.

Жарыктык Ыбыкем устаты Кыдыр акеге алгачкы жолукканы, анын берген таалим-тарбиясы жөнүндө өмүр бою эскерип: «Кыдыкемди көп ээрчидим, нускоосун алдым. Анын бир жолку айтканы менен ырды токтотуп, карандай күүгө өттүм. Эр эңишке чыкпадым, билек күчүмдү жалаң күүчүлдүк өнөргө гана арнадым», — деп айтып калуучу.

Кыдыр аке комуз чертип топко түшкөн эмес. Анын ак өргөөсүндө эң кастарлуу буюм катары өрүк комуз илинип турган. Эртели-кеч эриккенде гана, же турмуштук кыйын кырдаалда комузу менен сыр чечишип, кубаныч-кайгысын тең бөлүшкөн. Өнөр өрүшү кең, Ыбырай Туман уулунун бай репертуарында түрмөк-түрмөк Кыдыр акенин кайрыктары боло турган. Алардын бир даары: «Кыдырдын арманы», «Кыдырдын ботою», «Кереге-Таштын кербез ботою», «Төөгөчү» деп аталчу. Канткен менен, бул күүлөрдүн бир тобун радионун «Алтын казынасына» аманат кылып, таштап кетүүгө үлгүргөн экен кайран киши. Ырасында, аттуу-баштуу комузчулардан тартып, катардагы кыл тырмагандарга чейин Кыдыр акенин күүлөрүнө кайрылып, репертуарын толуктап келген.

Кыдыр акенин өмүрүнө унутулгус тамга баскан 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук трагедиясы – «мунт» окуясы болгон. Анда пайгамбар жашты аттап, жетимиш сересинен нары кыйшайып, көп жашап, көптү көрүп, турмуштук тажрыйбасы, дүйнөгө көз карашы калыптанып, бийлик кумарынан биротоло кол үзүп, карылык дөөлөттү тилеп турган курагында мунт алааматы дүрт этип, алоолоп, «Үркүн» кыргынына такалган. Алысты көрө билген баамчылдыгы, жагдайды талдоо кудурети, кырдаалга жараша чечкиндүү аракет жасай билиши, жети өлчөп бир кескен сабырдуулук, табигый зирек акылы менен сокур намысчыл «кыргызчылыкка» ууккан алабарман замандаштарынан Кыдыр аке асман жердей аралыкта турган. 1916-жылдын алааматы жакындап, аркы-беркини элей албаган «баатыр» сөрөйлөр буркан-шаркан түшкөн калайманга апкелип такашты. Арага Кыдыр аке түштү: «О журт, айланайын, оруска кол көтөрбөгүлө. Орус менен ойной албайсыңар. Мен орусту көрүп келдим. Жыргалаңдан Битирбоорго чейин орус экен. Орустун аскери көп, өнөрү күч. «Өкмөт кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес», алык-салыгын, аскерин берели, тынч калалы, бөөдө эл кырылбасын. Ачууга алдырбай сабыр кылгыла. Такымга кыскан куу союлуң менен замбирекке каршы чаппагыла!...» – деп, жар чакырды.

Кыдыр акенин айтканы айткандай келгенин мударис Карасаев Кусейин «аттиң» деп, каңырыгы түтөп, өкүнүү менен эскерген: «О, башы иштебеген, алысты көрбөгөн бийлер, болуштар! Мандыкерден аяган балдарыңар кытай жерине качып эмне тапты? Жеке балдар эмес, бүткүл элдин түбүнө жетпедиңерби?!

Кыргыздын кырк пайызы кырылып калбадыбы. О, байкуш кыргызым, илгери кең Текести жердеген, ошон үчүн Текеске качтың го?!» Ошол тополоңдо Көл башынан жалгыз гана Кыдыр аке эл көргөндү көрүүгө бел байлаган. Ага-тууган, жек-жаат, калкын чогултуп акыл насаатын айтып, киндик кан тамган жери менен буркурап коштошуп, Кереге-Таштан унааларга жүгүн артып, тополоң түшкөн көпчүлүккө кошулган. Башчысы жок эл башаламан дүргүдү. Тигилүү үйлөр калды чечилбей, сабада кымызы калды ичилбей, көгөндө козулар калды маарап, железе кулундар калды чыңырып, үй-мүлк, мал-жандан чымындай жан артык. Эл үрктү. Падышанын желдеттеринин огунан, ашуунун азап-тозогунан, калмактардын талоонунан, ачарчылыктан, оорудан аман калгандар карайлап Текести аралады, Үч-Турпанды сагалады, Кулжаны аркалады, Какшалда каңгырады. Акыры бечара элдин бактысына Октөбүр төңкөрүшү чыгып, кол булгалап, өз мекенине келди. Арып-азган эли менен Кыдыр аке да Кытайдан келди. Алгач Тулпар-Ташты туурлап андан Казакстандын Тоо-Челегине ооду. Ошол жылдарда чолпондой болгон дагы бир уулу Акимкандан ажырады. Төөгөчүдөн кийин атанын ордун басат деп турган Акимкандан үмүтү чоң эле.

Кыдыр аке Казакстандан 1918-жылы келип, эл-журтуна кошулат. Көпчүлүк акылман карыясын кубанычтуу тосуп алышат. Ак-Суу кыштагындагы досу Коломейцев Тимооке (Тимофей) да белек-бечкеги менен учурашууга келген. Жыйында Ажына чечен, Саякбай манасчы, Жолбун комузчу, Кыдырдын эң жакын шакирти Ыбырай да бар эле. Кырылгандан калган журттун уюткусу бузулбай, эл элдигин сактап, кайрадан куралып, турмуш кечире баштады «Эр өлсө да эл калат» деген акылман сөздү эш кылып чындыгына каниет кылып, кадырман карыя кадимки кайратын, сыпаакерлигин сактап калган экен. Ата-журтунан ажырап ара жолдо калгандарды, алардын ичинде Акимканын эстегенде боконо сөөгү болкулдап, эт жүрөгү сыздап отурду.

Өкүнбөймүн өткөнгө
Кейибеймин кеткенге.
Мен ыраазы Кудайга
Эли-журтум чогулуп,
Киндик кесип, кир жууган,
Өз жериме келгенге.

Келберсиген кең конуш,
Кереге-Ташты көргөөнгө.

Ата-бабамдын сөөгү жаткан жерден бир чымчым топурак буюра көр жараткан, деп комузун колуна алып «Кереге -Таштын кербез ботоюн» черткен экен. Бул күүнү келечектин залкар комузчусу Ыбырай Туман уулу илип алып, радионун музыкалык алтын казынасына аманат калтырган.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кереге таштын кербез ботою» | 3068 | 1’52 | Ыбырай Туманов |

# ТӨӨГӨЧҮ

Кыргыз элинин түндүк-түштүгүнө тегиз тараган арман күүлөрдүн бири «Төөгөчү». Бул күүнүн аталышы лексикалык, фонетикалык өзгөрүүлөргө («Төөгөчү», «Дөгөчү» «Дөгүрчү», «Төө көчү» ж.б.) учурап, мазмундук баяны да көп варианттуулукка тушуккан. Дастанчы Кишимжан Кыдыр кызы «Кыргызстан маданияты» гезити аркылуу «Төөгөчү» дастанынын бир вариантын сунуш кылган. Анда башкы каармандардын гана (Кыдыр менен Төөгөчүнүн) ысмы туура берилип, башка персонаждар кыялдан алынып, окуя реалдуу чындыктан жомок мотивине оошуп кеткен.

Кыдырды өз көзү менен көрүп-билген адамдардын эскерүүлөрүнө жана тарыхый булактарга таянсак, Байсары уулу Кыдырдын төрт аялы болгон. Улуу байбичеси айтылуу Тилекмат акенин кызы, Чыныбай манаптын карындашы Мааке байбичеден – Төөгөчү, Акимкан деген уулдар төрөлөт. Сарт калмак байбичеси Гүлшарадан: Шамий, Шакир, Шакиралы, Акиралы, Закенай деген балдар төрөлөт. 90 жаштан өтүп, жүзгө чамалап көз жумган Кыдырдын уулу Шамий аксакалдын, Кереге-Таштын тургуну 93 жаштагы Орозалы уулу Жумалы аксакалдын, Кыдырдын небереси Асанбек карыянын, санжырачы Ракым уулу Абдыштын ж.б. айтымында, Төөгөчү Үркүнгө чейин эле 20-25 жаш курагында каза болгон. Төөгөчүнүн аялын иниси Акимканга жеңе катын катары башын байлашкан. Акимкандан Сыдык, Жумаке деген эки уул. 30-жылдары кулакка тартылаарда Текеске качып, үй-бүлө күтүп, очор-бачар болгондон кийин гана элине келип кошулушкан.

Төөгөчү бой жетип, зирек акылы, жакшы жүрүм-туруму менен «атанын баласы» дедиртип, эл оозуна алынып, жакшыларга жанашып, көпчүлүккө көрүнүп калганда Кыдыр аке ичтен тынып «буюрса ордумду басчу уул болот» деген илгери үмүттө жүргөн. Эр жеткен уулуна Белек уруусунун белдүү адамы, кадимки баатыр Балбайдын аталаш карындашы Жийдекан аттуу кызды

алып берди. Кыдыр аке арык тукуму Балтатыр, Жоотатыр урууларына эле кадыры өтпөстөн, Белектин белдүү жеринен куда-сөөк күтүп, бөлөсү Садыр аке аркылуу (Кыдыр, Садырдын чоң энелери калмак кызы болгон) саяктар менен жакындашып, бүткүл Көл башында бийлик тизгинин бекем тутуп ыргыткан, ташы өргө түшүп турган.

Кыштын суугу кыр ашып, жадыраган жаз маалында Кыдыр акенин айылы Кереге-Таш кайкысын өрдөй конгон. Ара-чолодо дөбөгө көлдөлөң салдырып өрүк комузун эрмектеп, төмөндө өткөн-кеткендерге серп салып отурчу. О, бир оокумда Жыргалаң суусунун кашаты Чоң-Жергездин түзүндө ит агытып куш салып, сонордон келаткан топ атчандарды көзү чалат. Караан улам берилеп, ат шайбыры, тайган желигине чейин дааналана берет. Жанган шамдай созулуп, топтон аркан бою бөлүнүп, алдыда бир атчан келатат. Аңгыча Мааке байбиче да басып келип, байынын катарына көчүк басат. Чертип аткан комузун токтото коюп:

– Ой, байбиче, тиги келаткандар ким? – дейт Кыдыр аке.

– И, өзүбүздүн эле балдар чыгар, алыстан кантип таанылсын? – дейт Мааке байбиче.

– Капырай алдыңкы адамдын эки ийининде шам күйүп келаткансыйт да?..

Чанач чайкап, кымыз сунган жигити Мантыке:

– Ал өзүңдүн Төгөчүң эмеспи, уудан келатышкан тура, – дегенде Кыдыр аке чоочуп кетип санын чаап алат:

– Ок! Кара көзүм кашайган турбайбы! О, кудай, кечире көр пендеңди!.. сөзүмдү кайта алдым... деп жакасын карманып, тескери карап кетет.

Чай кайнамга жетпей атчандар Төгөчүнүн өргөөсүнө түшөт. Дигер намаз маалында Кыдыр акеге «Төгөчү кыйын болуп атат» деген кабар келет. Эмчи, домчулар, молдо, бакшылар тамырын кармап, дем салышат. Калаадан орус дарыгерлерин алдырат, айла болбойт. Акыры, бир Кудайга карап турган мезгилде Күңгөйдөн Садыр аке келип түшөт. Төгөчүнүн тамырын кармап көрүп, дарты өтүшүп, мал болбосун кыраакы Садыр аке алдан боолголоп, ичтен өрттөнүп турат. Садыр акенин оюн купуя билген акылман Кыдыр аке да сыр бербей алыстан келген конокторун күтүү камында болот.

Жылдыз толо эл орунга отурган маалда үзүлгөн Төгөчүнү Кыдыр акеге купуя кабарлашат.

– Болору болуптур, буйрукка айла барбы, аманатын Кудай кайта алыптыр, меймандар тамагын жеп, бата болмоюн, мен тараптан белги берилгенче үн чыгарчу болбогула, – дейт Кыдыр.

Тамак келип, табак тартылат, бата кылынып, дасторкон жыйылат. Кыдыр аке керегеде илинген комузун алып, башкача муңдуу күү черте баштайт. Кыл кайрыктары дирилдеп өзөктү өрттөгөн өкүнүч, арман-ый, сырдуу, муңдуу добуштар агылат...

– Күү бузулду, балдар тургула! – дейт Садыр аке.

Меймандар жапырт аттанып, тайчабым жерден ат мойнун бура тартып, жер дүңгүрөтүп өкүрүп түшкөндө гана Төөгөчүнүн өргөөсүнөн чуу чыккан экен. Кийин-кийин бул күүнү комузчулар «баласынын өлүмүн» меймандарына комуз күүсү менен угузган «Кыдырдын арманы» деп чертишти. «Сабырдуу чалдын «Төөгөчү» арманы» деп черткендери да болду. Төңкөрүшкө чейин элге кеңири белгилүү болуп калган бул күү Чүй, Талас, Ош жергесинде «Сынган бугу» аталып да чертиле баштаган.

«Төөгөчүнү» жеке кара күүдө гана эмес, ыр коштоп дастан катары айткандар да бар. Айрым маалыматтарга караганда «Чоң Кыдырдын арманы» деген ырды фольклор жыйноочу Кайым Муптак уулу Шаркыратма болушунда Абылай деген комузчудан жазып алган. Композиторлор бирлигинин эл чагармачылыгы бөлүмүндө Дархан айылынан Бакыев Бейшен деген комузчунун ырдап черткен «Төөгөчү» аттуу күүсү бар.

Комузум барбы чалганга,
Амалым барбы жалганга.
Арманымды айтайын,
Артымда жалгыз калганга.
Күүлөдүм комуз чалганга,
Күдөрүм барбы жалганга.
Күйүтүмдү айтамын,
Күймөлүп жалгыз калганга.
Кереге-Таштын Кең-Күңгөй,
Керилчү элең кулунум.
Көп сүйлөсө үндөбөй,
Эринчү элең кулунум.
Арашан, Ак-Суу, Чоң жергез,
Жериң калды кулунум.
Алты ыстарчын бир болуш,
Элиң калды кулунум.

Жети-Арыкты жердеген,
Жериң калды кулунум.
Жети ыстарчын бир болуш,
Элиң калды кулунум.
Ак-Өлөң, Ак-Суу жерди айтам,
Артыңда кыргыз элди айтам.
Акырет кеткен кулунум,
Арбагың сыйлап сени айтам.
Кең-Өзөн, Ак-Суу жерди айтам,
Көңкү кыргыз элди айтам.
Көрүстөн кеткен оёнум,
Көрүңдү сыйлап сени айтам.
Асадан таяк бүктөдүм,
Акылдан тайып калганда,
Кулунум, арманды мага жүктөдүң.
Кайыңдан таяк бүктөдүм,
Кайратым тайып калганда,
Кулунум, кайгыны мага жүктөдүң.
Алтындан тогоо кемерим,
Арка кылар медерим,
Алдыңа бийлик келерде,
Аңыртып таштап жөнөдүң.
Күмүштөн чапкан кемерим,
Күйөрүм уулум медерим.
Күткөн бийлик келерде,
Күйүткө салып жөнөдүң.
Кайгырып ичим чок болду,
Карыганда Чоң Кыдыр,
Сенден кийин жок болду.
Кайгыдан ичим кабылдайт,
Карып калган энеңе,
Төгөчү сендей табылбайт.
Базардан алган башайы
Бактысыз кантип кабылат.
Байгамбар өткөн сен эмес,
И, Төгөчү чолпонум,
Бакырсам кайдан табылат.
Сур жоргоң калды минилбей,
Суур ичик калды кийилбей,

Султаным кеттиң кантейин,
Суулугуң колго илинбей.
Иледен алган башайы,
Ийнесиз кайдан кабылат,
Искендер өткөн сен эмес,
И, Төөгөчү жалгызым,
Издесем кайдан табылат?
Боз жоргоң калды минилбей,
Боз ичик калды кийилбей,
Бозортуп кеттиң, кулунум,
Борумуң калды билинбей.

Ош областынын Каракөл шаарынан комузчу Өзбек Рысбек уулу Кыдыр карыянын күүсү «Эски сынган бугу», деп мына буларды жазып жиберген экен:

Туубай туна чөксөкчү, кемпир,
Бу көрөкчө өлсөкчү, кемпир.
Дөңгүрчүдөн (Төөгөчүдөн) айрылдык, кемпир,
Тирүүлөй жерге көмсөчү, кемпир.
Какбаш болуп жүргөнчө, кемпир,
Каңгырап тентип кетсекчи, кемпир.
Ташкенден барып кат алдың, кокуй,
Намысты жеңип бат алдың, кокуй,
Көрүнүп элдин көзүнө, кокуй,
Данкың бир чыгып макталдың, кокуй,
Учуп кеттиң ордуңдан, кокуй.
Мен карыган какбаш аталдым, кокуй.
Бозумкуш элең адаштың, кокуй,
Болушту неге талаштың, кокуй,
Болушуң менен куруп кал, кокуй,
Боз турпакка жанаштың, кокуй!

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Төгөчү» | 9111 | 2'06 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Төгөчү» | 2362 | 2'10 | Усубалы Казаков |
| 3. | «Төгөчү» | 8075 | 3'06 | Мекиш Баатаев |
| 4. | «Төгөчү» | 5420 | 3'17 | Асанбек Кыдырназаров |
| 5. | «Төгөчү» | 2662 | 2'08 | Асылбек Эшманбетов |
| 6. | «Төгөчү» | 1666 | 5'08 | Болшойбек Абдижалилов |
| 7. | «Кыдырдын арманы» | 10907 | 3'13 | Абдыш Ракымов |
| 8. | «Кыдырдын арманы» | 10157 | 3'36 | Асан Кайбылдаев |

# ЖӨӨ ТЫНАЙ

Мураталыдан жазылып калган 70 күүнүн ичинде «Жөө Тынай» күүсүнүн жаралышына себепкер «топко барган Тынай уруулары атынан ажырап, үйлөрүнө жөө кайтканда ырдалган ыр кийин күүгө айланган» деп мүнөздөгөн В. Виноградов.[52] Кыргыз элинин фольклордук асыл мурастарын биздин күнгө төкпөй-чачпай жеткирген, аны чыгармачыл талант менен иштеп чыгып байыткан, өзгөчө шык-жөндөмгө ээ болгон Мураталы Күрөңкеев оңдогон чыгармаларды сыбызгытып чоорго салып, кубулжутуп кыякка салып, темир комузда безеп, үч кыл комузда күүлөнтүп, күнү бүгүн музыка дүйнөбүзгө, кулазык болчу мурастарды калтырып кеткен.

«Жөө Тынай» аттуу кордоо ыр эл оозунан жыйналып, айрым үзүндүлөрү басма бетине жарыяланып, коомчулуктун баамында. Ал эми күү жагдайын алгачкылардан болуп кабарлап, комузда чертип берген Мураталы күүнү кагазга түшүрүп, калктын назарына алып чыккан В. Виноградов адабий-музыкалык мурастарыбызга ат көтөргүс иш жасаган. Болбосо, аң-сезимден алыстап бараткан асыл мураска кайсы кыргыз баласы кызыгып, камкор мамиле жасарын бир Кудай өзү билет эле. «Жөө Тынай» оозеки чыгармачылыктагы оригиналдуу чыгарма. Бийлик башын айландырган, же сокур намыс сезимин ууктурган уруу билермандарынын кесирдүү кесепети канча кагылыштарга себепкер болбоду. Ошондой кагылыштардын бири бугу-сарбагыш чабышы. Ормондун өлүмү (1855) калк эсинде кетпес кара тамга болуп калган. Кун шылтоосу, өч шылтоосу канча келтек, бакан куу союл чабыштарга кириптер кылбады. Чубактын күнүндөй чубалган «Ормондун куну» ойдон чыга электе Каракол, Бишкек эки үйөздүн тобун (1872) чакыруу кезеги келип жетти.

Анда Көл аягы Көтмалдыдан Меркенин башына чейин, түштүгү Талас, түндүгү казак чегине танапташ аймактагы Бишкек үйөзүн Россиядан «полковник» чинин алган, кыргызга «баатыр»

52 В. Виноградов. Мураталы Куренкеев. – Ф., 1962, 34-бет.

атанган Жантайдын уулу Шабдан билип турган. Башы Ысык-Көл, капталында Нарын аймагы жамаатташ жаткан Каракол үйөзүндөгү элди кың дедирбей Тилекматтын уулу Чыныбай бийлеп турган. Шабдандын аброюна сүйөнгөн уруу билермандары «өткөн өчтүн, кеткен кектин кунун алуунун оңтою келди, опол тоодой хан Ормондун өлүмү кунсуз калчубу» деген азыткы сүрөөнгө акыры Шабдан да муюган.

Шабдандын келерин билген бугунун жакшылары топту токтото туруу сураныч менен кат жолдоп, Верныйдагы улукка: «Кычыраган кышты эптеп узаттык. Үзүкчүлүк маал. Мал арык, төл убагы. Мейман күтүүгө чаркыбыз жетчүдөй эмес...» деп, чабарман чаптырышты. Улук катта айтылгандарды макул таап, топ-жыйын өткөрүлбөй турган болот. Ошол учурда жүзгө жакын жер дүңгүрөткөн коштоочулары менен Шабдан Караколго келип түшөт. Мейман менен иши жок, бугулардын кайдыгер мамилесин баамдаган Шабдан шаардагы өзбек, ногой, дунган байларынын чайканаларын тооруйт. Чыныбайдан шыбыш болгонбу, шаар соодагерлери да соодасына саамыктатып, чакырылбаган конокторго сыртын салат. Сарбагыштардын тамак-ашы, ат унаанын жем-чөбү өксүп, акырында өздөрү минип келген эттүү аттарын союп жегенге мажбур болушат. Арадан апта өтүп, топ кийинки жылга калтырылгандыгы маалым болгондо Шабдан санын мыкчып, ат-көөлүгү аманында кайра кайтмак болот. Орус көпөстөрүнөн араба жалдап, самсып жолго түшүшөт.

Ушул учурду күтүп жаткан Чыныбай аттарын алкынтып, жоон топ адамдары менен дүбүрт-дабырттап, арабада бараткан Шабдандын кошуунун жандай чаап, шакаба кылышат. Баарыдан да Шабдандын арабасын алты курчаган жалоондой жигиттердин алдында калайыкка таанымал каражаак Солтобай ырчынын куйкум жыттуу кордоо ыры ызаага буулуккандардын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетет:

Илгертен Ормон дөө болгон,
Курманкожо Кулжыгач,
Буйлаланган төө болгон.
«Ай» деп коёр ажо жок,
Бекер малга ээ болгон.
Ээн малга эсирип,
Ээликкени кээ болгон.
Баштын доосу пул эмес,

Кедей, Сакай «Жөө Тынай»,
Бу жаныбар Ысык-Көл,
Сен оодарар Көл эмес.
Көлдө жаткан көп бугу,
Зайбы билип мал берген,
Түнкатар, Түнтөй эл эмес.
Төмөнтөн Шабдан дөө келди,
Артынан ээрчип Шабдандын,
Аттуу, жөөсү аралаш,
Эки жүз тынай жөө келди.
Кедей, сакай «Жөө Тынай»,
Кемсел кийдиң көтөрүп,
Кеминден келдиң жөтөлүп.
Топу кийдиң көтөрүп,
Токмоктон келдиң жөтөлүп.
Айдап энчи алгандай,
Атасы белек Тынайдын?
Алчаңдатып койгудай,
Же булар, ардагы беле Кудайдын?
Энчи бөлүп бергендей,
Энеси белек Тынайдын?
Эсиргендей Шабданым,
Сен эркеси белең Кудайдын?
Акыңды алгын «Жөө Тынай»,
Чүйгө айдаган, уй куйрук кара таруудан.
Энчиңди алгын «Жөө Тынай»,
Энеңди алган саруудан.
Бейшекеңди чалдыкпы,
Бедеңден башка малың жок,
Сенин бедеңди оруп алдыкпы,
Бейпай доого калдыкпы?!
Боролдоюн чалдыкпы,
Бозоңдон башка ашың жок,
Сенин бозоңду сүзүп алдыкпы,
Болбос дооңо калдыкпы?!
Жылтырдан кечүү чалдыкпы,
Жылкыңды тийип алдыкпы?
Жылкың түгүл итиң жок,

Жылас дооңо калдыкпы?!
Кайгуулдап жоого бардыкпы,
Каштегиң башын чалдыкпы?
Камыштан башка малың жок,
Сенин камышың чаап алдыкпы,
Караандай доого калдыкпы?!
«Көк көйнөк» алган желеңди,
Кайдан таптың беленди?
Саруу Муратбек алган энеңди...

Ырчы дагы нарылап, түп аталарынын жоругун жомоктоп, жоорду дагы тереңдете чукуду. Көрсө, Солтобай айтып жаткан «Жөө Тынай» аталыштын тамыры Шабдандан аркы бабаларына барып такалат экен. Санжырачылар чечмелегендей: сарбагыш элинде «хан» аталган ири манап, аңыз болуп эл оозунда калган Ак Мөөр сулуунун никелеш жубайы Жантайдын 6 аялынын төртүнчүсү – Жумгалдык саяк Алышердин кызы Баалыдан төрөлгөн үч уулдун бири Шабдан экен. Жантайдын атасы – Карабек, Карабектин атасы – Атаке. Тынайдын үч баласынын (Телтай, Молтой, Атаке) улуусу Атаке. Булардын түп атасы – Манапка барып такалат. Манаптан – Сүтөй, Сүтүкө. Сүтөйдөн – Сарсейит, Тукур. Сарсейиттен – Үчүке, Түлкү, Кудаян, Эрдене. Түлкүдөн – Тынай. Солтобай айтып жаткан: «энчиңди алгын «Жөө Тынай» энеңди алган саруудан» деген сөздүн төркүнү так ушул жерде: Түлкү баатырдын энеси келини менен батыша албай төркүнүнө кетиртип тынган. «Үчүкенин үч уулу үч Үчүке болуп, жалгыз уулум Тынайым сага үстөмдүк кылса кантер экенсиң?..» – деп, уулун кыя албай келин бечара көз жашын көлдөтүп узаган экен. Келиндин өз аты Күмүшай кийин кайненеси койгон Деркен («деркен» – калмакча «баш бербес» деген мааниде) атка көчүп кеткен. Деркен Түлкүдөн кетип, Таластагы саруу уруусунан (балким Муратбектир) бирөөгө тийип кеткен.

Билбейсиң, Тынай, жазаңды,
Жаңыл кыз атып өлтүргөн,
Үчүкө, Түлкү атаңды.
Жаңыл кыздын атасы,
Белгилүү берен Нойгут-кан.
Кунуңду алгын «Жөө Тынай»,
Атаңды сойгон Нойгуттан», –

Түлкү баатыр Нойгуттан чыккан баатыр кыз Жаңыл Мырза колдуу опот болуп, энеси Деркен чыгыштык кылып, төркүнүнө кетип, тагдырдын буйругуна даба барбы, кечээ эле ата-энесинде алчаңдап эркелеп өскөн бала атадан өлүү айрылып, энеден тирүү ажырап, томолой жетимчиликте бой тарткан. Үчүкөнүн үч уулу атадан ажыраганы (ал да Жаңыл колдуу болгон) менен «энелүү жетим эрке жетимдикте» карды ток, кайгысы жок, капарсыз чоңоюшту. Балдардын чоң атасы Сарсейит карылыгы жетип, көз жумгандан кийин Деркен келиндин сай сөөгү сыздагандай эле Тынай жалгыз аталаш үч агасынын ур токмогуна калган. Ошол мезгилдеги калмак жапырыгына туруштук бере албаган түндүк кыргыздар Анжыян, Кысар, Алайга сүрүлгөндө жалгыз Тынайга ээ кылбай жылкыларын түп көтөрө Үчүкөнүн үч уулу айдап кеткен Тынай жетим Анжыян тарапка жөө жалаң багыт алган. Беккожо санжырачы айткандай, «Жөө Тынай» аталыштын башаты – ушул окуянын капшабында жатат.

Ой, Тынайдын балдары,
Оюңа салам мен муну:
Уяты жок «жөөТынай»,
Улак бербейт көл-бугу.
Кепичи калып чачылып,
Абийири журтка ачылып,
Кабылан Шабдан дөө кетти,
Калган каткан көп тынай,
Кара жол ылдый жөө кетти.
Келдиң эле «Жөө Тынай»,
Бадана кийип балкылдап,
Эми кетип барасың,
Байтал минип шалпылдап.
Келдиң эле «Жөө Тынай»,
Жорго минип чайпалып,
Эми кеткин «Жөө Тынай»
Торпокко жетпей талпайып,
Жем баштыгың байлангын,
Жээкти кайта айлангын,
Ат баштыгын байлангын,
Айылды кайра айлангын,
Жаныңа суусун байландың,

Жайынча жаткан бугуну
Жазгырмакка шайландың...

Кызып алган акын ансайын албууттанып, арасында арык, белек, Көл бугусун көтөрө чалып, мактоого алып, байларын баш ылдый санакка алып, өз тарабын өөдөлөтүп, көөдөнүн көтөрө шаңкылдайт:

Сан жылкылуу Сарыбай,
Миң жылкылуу Каптагай,
Эр Өмүрзак, Чыныбай,
Билесиңби, кедей, сакай, «Жөө Тынай»?
Биздин бугу четтен бай.
Алты басар Тагай бар,
Нышаанын уулу Малай бар,
Тескей жагын карасаң,
Кара көйнөк Канай бар.
«Жөө Тынай», сен чарпышканча далай бар.
Көл башында көп белек,
Көбүндө жылкы көрөрсүң,
Көзүңдү артсаң өлөрсүң.
Аз дебегин, көп дегин,
Каниет кылсаң жөнөөрсүң.
Кайыптан бүткөн бугуну,
Катыны билген Түнкатардай көрөсүң.
Акташ түшүп тооп кылды,
Тыйын бербей Тынайды,
Сыймыгынан сооп кылды.
Эр Чыныбай баатырым,
Ушинетип куп кылды...

Солтобай ыр нөшөрүн төгүп, жамагын жаадырып, ак таңдай тилин бүлөп, комузда колун ойнотуп, астында жырык Боз атын туйлатып, Шабданды кордоп келе берет. О, бир оокумда:

Атаң Жантай көпкөндөн,
Хан Ормонго чалдырган.
Кокондуктун тушунда,
Колунан намыс алдырган.
Солтого катып өз башын,
Кер кулунга айтамга,

Кандайлыктан салдырган?
Ойлосоң, кедей – сакай артыңды,
Көл-бугу билет чаркынды.
Солто болуп бир кезде,
Кетиргенсиң баркыңды...
Бешмантта чениң бере кет,
Арабаң жүрбөй калбасын,
Алдыңда ташты тере кет.
Ийниңде чениң бере кет,
Илкиген атың баспаса,
Илээшкен ташты тере кет.
Жонуңда чениң бере кет,
Жоргоңор жооруп калбасын,
Жолдогу ташты тере кет.
Кара жол ылдый төө кетти,
Калк топтомок Шабданың,
Калтасын уучтап жөө кетти!
Уланга ыктап төө кетти,
Үч уруу элдин мыктысы,
Умасын уучтап жөө кетти!..

Бул жорук канчалык зылдай салмактуу, кара жердей көтөрүмдүү болбосун, Шабдандын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткен. Айкөлдүгүнө салып, сыр бербей зымпыйымыш болгону менен ары жагында илээшкен ызаалык «сени элеби» деген кекээрди козутуп, кечиримдүүлүктөн алыстатып турган. Белек Солтоной уулунун тарыхында: «Ызаланган Шабдан 1873-жылы Манапбайды Алматыга жандраалыга жиберип, Каракол, Бишкек дубанына Кара-Булак Бейшекеге (Шабдан жашаган жер) док кылмакка уруксат алып, сыяз ачкан. Бугу, саяктан Чыныбай баштап көп киши келген. Солтобай ырчы да кошо келип, мингени жырык боз ат экен, атчан туруп Баяке, Манапбай, Шабдан менен учурашкан».[53] Каранын каны Шабданды калк алдында жер каратып, кордоого батылдык кылган эр Солтобай эми ошончо ырчылардан суурулуп чыгып, оёзной Шабдандын зоболосун көтөрүп, мактоого алууга да бел байлады, батынды. Шабдандын жаасынан жалтанып, Чыныбай башында турган бугунун лөктөрү топко жолой албай томсоруп турганда солк этпеген Солтобай Шабдандан жалтанбай маңдайында кызыл тилин сабады:

53 Кызыл кыргыз тарыхы, II, – Б., 1993, 35, 36-бет.

Оо, төрөгө барчу жол тапкан,
Төгөрөктөп мал тапкан,
Төбөгө келген заман бу.
Төрөгө барып кол берген,
Төрө Шабдан, аманбы?
Оо, пашаага барчу жол тапкан,
Бага турган мал тапкан,
Башыңа келген заман бу.
Бадышага кол берген,
Баатыр Шабдан, аманбы?
Улукка туулган эрсиңби,
Урматтуу Шабдан сенсиңби?
Акылга дыйкан жансыңбы,
Азып келген адамга,
Алайдан кенен жайсыңбы?
Алтындан ойгон мөөрүңдү,
Ак бадыша чакыртып,
Тапкан эмес өөнүңдү.
Күмүштөн ойгон мөөрүңдү,
Кубурнаадыр чакыртып,
Тапкан эмес өөнүңдү.
Баатыр төрөм сен көрдүң,
Далай мыкты, кыйынды,
Бүгүн баштаптырсың жыйынды.
Жантайдын уулу эр Шабдан,
Журт үстүндө турады.
Токмоктогу солдатты,
Малайындай урады.
Карабек уулу кан эле,
Калганы бүтүн нар эле.
Баяке кулдун өзүндө,
Аз бузугу бар эле.
Чыныбай менен Манапбай,
Экөөнүн курбу теңдиги ай.
Эки болуш Тынайды,
Манапбайга сураткан,
Эр Шабдандын кеңдиги ай.
Ат картайды, жол тайды,
Эр картайды, жан тайды.

Угуп жүрдүм алыстан,
Сенин атаӊ Жантайды.
Арбагына бас келбей,
Далай кыргыз тамтайды.
Көк конуш кылып жайлаган,
Көк-Ойрок менен Челекти,
Ак калпактуу кыргыздан,
Таппадым сендей керекти.
Тогуздап чалган бүчүӊө
Баракелде, эр Шабдан,
Торой салган күчүӊө!
Алтындан чалган бүчүӊө,
Баракелде, эр Шабдан,
Акылга салган күчүӊө!
Анжыян барсаӊ жол болгон,
Азаматтын кийгени,
Ала мончок тон болгон,
Маргалаӊ барсаӊ жол болгон.
Балдарыӊдын кийгени,
Кызыл мончок тон болгон,
Кудайга ишиӊ оӊ болгон.
Ардактаган тулпарды,
Ашууга минсе тер чыкпас.
Адигине Тагайдан,
Асили сендей эр чыкпас.
Кынабы келген тулпарды,
Кыйлага минсе тер чыкпас.
Кылжырдын уулун айтпайын,
Кыргыздан сендей эр чыкпас.
Оорутпай көөнүн адамдын,
Олуя экен эр Шабдан,
Ойлосом ушул замандын.
Аксакал келсе бата алып,
Алдына салдыӊ жол берип.
Адашкан келсе айлыӊа,
Ажатын ачтыӊ мол берип.
Карыя келсе төргө алдыӊ,
Казы карта жал берип.

Календер келсе капыстан,
Кабагын ачтың мал берип,
Коо бузган күлүк мингиздиң,
Кокондон келген калпага.
Эсенгул, Тынай нас болду.
Эр Шабдан сенин аркаңа...

Ажалдан жалтанбас өжөрлүк-өткүрлүгү менен өзү баатыр, өрт жалындай өткүр курчтугу менен сөзү баатыр Солтобай акын, айкөл Шабдандын сыйына татыды. Жал-куйругу төгүлгөн күлүк минип, жакасы тик турган тон кийип, жан калтага күмүш акча солоп топтон суурулуп чыкты.

Сыяз өз ыраатында өтүп жатты. Ошол арада Жылгындуунун башында отурган Шамен карыя: «жанагы Шабдан деген кызыл дубананы чакырып келгилечи» деп жигитин чаптырды.

– И, кызыл дубанам, топ кандай жүрүп жатат? – деп сурады Шамен карыя Шабдандан.

– Ойдогудай болот да.

– Ормондун кунун алганы жатыпсың го?

– Ооба ошондой.

– Ормондун куну канча болот экен?

– Көп болот да...

– Кандын куну өлчөнбөйт, Шабдан. Ормон каранын каны экени ырас. Кандын өлүмү – тең туугандан болду. Суучулдун ажалы – суудан, мергендин ажалы – зоодон, баатырдын ажалы – жоодон. Бугу тең туугандык кылды, Ормонду өлтүрдү. Анын кесепетинен найзанын учу, кылычтын мизи туугандарды ажыратты. Ормондун кунун Төрөгелди чече албады, Үмөталы бүткөрө албады. Кун үчүн эл чабылды, чачылды. Ормондун куну деп эми сен топ чакырып жатыпсың. Эртең бугудан дагы бир Шабдан чыкса, өткөн өчтү куубас болуптурбу? Сен анык Шабдан болсоң, өткөн өчтү өчүр, кеткен кекти кечир, эки элди жараштыр. «Кун» деген куруп кеткирди топтон алып ташта. Бугунун жигиттери: «биз кыйындыгыбыздан Ормондун кунун берген жокпуз» деп, айлына мактанып кетишсин. Сарбагыштын жигиттери «биз начардыгыбыздан атабыз Ормондун кунун алган жокпуз» деп актанып, айылында кала беришсин.

Узун куйрук сагызган,
Кыска куйрук оошкон.

Эски кекти куушкан,
Канкор менен туушкан.

Эсенгул он ат, саяк он ат, тынай он ат, отуз ат менен бугу, саяк туушканды сыйлап жөнөткүнүң. Кийин биздин балдар айта жүрсүн: «Атабыз боштугунан отуз ат тартуу берген» деп. Бугунун балдары айта жүрүшсүн: «Атабыз мыктылыгынан коногун жөө айдаган» деп. Мени уксаң сөз ушул, Шабдан баатыр,» – дейт Шамен карыя.

Жүйөлүү сөз Шабданды муютту. Топтон «Ормондун куну» деген дооматты алдырып таштады. Отуз ат олжосу менен бугу, саяк билермандары элине кудуңдап кубанычтуу кайтышты. Ошентип, бир Кылжырдын балдары эзелки эрегишти коюп, кыз алышып, уул үйлөнтүп, эзилишкен эл болуп, карым-катышы калыбына келе баштады.

Солтобай Токтоболот уулунун туулган жылы азырынча так эмес. Окумуштуу изилдөөчүлөр: Т. Саманчин – 1842, С. Закир уулу – 1834, Ы. Абдракман уулу – 1837-жылдарды болжолдошот. Солтобай Ысык-Көлдүн тескейиндеги Жуукуда төрөлүп, 1917-жылы каза болгондугу белгиленет. Теги – бугунун желдең уруусунан. Акындын жашаган доору катаалдыгы, карама каршылыктуу татаалдыгы менен тарыхта белгилүү: Кокон хандыгынын өкүм зордугу (XIX к. 30-ж), орус мамлекетинин баскынчыл саясаты (1840-1916), казак султандары Кенен, Нооруздун жортуулдары (1845-1847), кыргыздын ичара (сарбагыш-бугу) чабышуулары (1854) ушуга окшогон ыйкы-тыйкы окуялар акындын чыгармачылык ишмердигине таасирин тийгизбей койгон эмес. Турмуш чындыгынан буйтап кете албаган тайманбас акын бир жактуу: «айтыш», «жар чакыруу», «санат», «жамак» сындуу салттык ырлар менен чектелип кала албаган, аны менен бир катарда кырдаалга жараша «кордоо», «жоктоо», «мактоо», «кошок», «коштошуу» сыяктуу ырлар циклдери жанаша өнүккөн.

Солтобайдын чыгармалары эл оозунан жыйналды. Алардын ирдүүлөрү: «Боронбайдын керээзи», «Шабданды кордоо», (»Жөө Тынай»), «Текес-Жылдыз менен коштошуу», «Ысык-Көл менен коштошуу», «Балбай баатырдын керээзи», «Жанек баатыр» дастаны, «Чыныбайга кошок», «Назар менен айтыш» ж.б. Бул чагармаларында заман шойкомдору, тарыхый инсандардын татаал тагдыры, ата-журт жана анын келечеги, коомдун курч маселелери коюлуп, удулу келгенде, дөө-шаалардын калкка жакпас калпыс

кылык-жоруктарын да бетке чаба ашкерелеп, калк катмарына кабарлап турганы менен өз замандаштарынан өзгөчөлөнгөн.

Ак падышага алынган, казак-кыргызга кадыры арткан, атагы ай чапчып, Адигине, Тагайдан алдына киши салбаган Шабданга батынып тиш салып, кордоого алуу анын сарбагыштыгы үчүн, же Тынайдын тукуму болгондугу үчүн «уруу кызыкчылыгынан» улам ырдаган» деген бүтүм Солтобайдай көзөл ырчынын табиятына коошо бербеси анык... Шабданды кордоткон бугунун чыгааны Чыныбайды да бугулугуна карабай кезегинде чыңырта чымчып, эл алдында эсин эки кылган жайы бар. 1882-жылы Текес кыргыздарын зордоп көлгө көчүрүп, 1883-жылы бир болуш элди көлдөн Ат-Башыга айдап, «эл убалына калган помощник Чыныбай деген сен кимсин?!» – деп каарып өтөт.

Кан Чыныбай мөмөшнүк (помощник).
Калк козголуп не көчтүк?!
Эр Чыныбай мөмөшнүк,
Эл козголуп не көчтүк?!
Кудай кылды баарыны,
Ыйлаттың Кылыч карыны.
Сырдалуу калды сарайы,
Зыркырады далайы.
Тилекматтын Чыныбай,
Жети аталуу байга окшоп...
Ыйлап көчтүк Ысык-Көл,
Чыныбай бизди кыскандан...

# МАМЫРДЫН КҮҮСҮ

Аты күүдө калган бул тарыхый инсан жөнүндө Белек Солтоноев учкай кабарлаган. Чөдөн аксакал «Мамырдын күүсүн» Ат-Башы, Нарындын комузчулары Жумадыл Дөөлөткелди уулу, Асаналы Ошур уулу, Садык Өмүрбай уулу ж.б. уккандыгын эскере келип, күү тарыхына мындайча токтолгон: «Анжыяндык кыргыздар Кокон бийлигине каршы көтөрүлгөндө Мамыр баатыр алардын кол башчысы болгон экен. Тоолуктарды өтө тукулжуратканы – кыздарын ордонун кыз жатакка (гаремге) тартып кетип жатканы болот. Кыргыздар Кудаяр хандын аскерлерине туруштук бере албай Токмокко качып келишет. Түркстан губернаторуна Кудаяр хан кат жазып, бир шарты аткарылса орустарга баш ийерин билдирет. Ал шарты – Мамыр баатырды тирүү кармап, же кесилген башын берүү керек. Түркстан губернатору бир хандык үчүн бир адамды кыят: Мамыр баатырды кармап берүүгө Токмок үйөзүнө буйрук берет. Орус аскерлери Мамыр баатырды кармап берет. Ошондо баатыр эл менен коштошуп күү черткен экен. Ошол күү эмгиче «Мамырдын күүсү» деп чертилип жүрөт»[54]

«Мамырдын күүсү» жагдайлуу учкай даректен улам, жазуучу Омор Сооронов тарыхый инсан Мамыр Мерген уулу жөнүндөгү маалыматты андан ары кеңейтип, тарыхыбызга болгон кайдыгер мамилебизге кабатыр ой-пикирин ортого салат: «Бир хандыкка бир кишинин башын алмашат деген кандай таңкаларлык сөз! Ошончолук баага татыган Мамыр Мерген уулунун эрдиги туурасында бала кезимде анча-мынча угуп, тереңине жете албай түпөйүл болуп жүрчүмүн. Мамырдын мекени болгон Базар-Коргон аймагында туулуп-өскөн мен да «Мергендин кош чынары» дегенден башка ал баатырдын өзү жөнүндө эч нерсе билчү эмесмин». Азыр сураштырсам, Мамыр баатырдын атасы Мерген бардар адам болуп Айгыр-Жалдын белине Анжыяндан

54 //Бишкек шаары. 1991, 15-март.

алдырган өзбекке терек тиктирип, малын бактырып жүрөт. Өзбек каза болгондо сөөгүн ошол теректердин жанына койдуруп: «Мен көз жумганда ушул жерге жашыргыла» деп керээз калтырган экен. Азыр ошол теректерден калгандары «Мергендин чынары», «Мергендин базары» деп аталат.[55]

«Кыргыз тарыхынын кыскача энциклопедиялык сөздүгүндө: «Мамыр Мерген уулу Анжыян өрөөнүндөгү кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшүн жетектегендердин бири, 1873-жылы көтөрүлүшчүлөр Анжыян виалетинде Кокон хандыгына салык төлөөдөн баш тартып, Ханабад калаасын басып алган. Бирок салгылашта талкаланган Мамыр баш болгон 1700 түтүн кыргыз Тогуз-Торо жана Кетмен-Төбө жакка ооп кеткен. 1874-жылы Кара-Кулжада кайрадан көтөрүлүш баштап, Базар-Коргон кыштагын басып алган. 2 миңден ашуун хандын колу көтөрүлүшчүлөрдү басып, 1874-жылы Капка капчыгайынан Мамыр кармалып, Лепси станциясына айдалып орус падышалыгына жиберилген» деген маалымат бар.

Омор Соороновдун жазганына караганда, Мамыр 1838-жылы Базар-Коргондун Колот кыштагында туулган. Эркиндик үчүн өлүмгө баш байлаган айкаштарда мыкты куралданган хан сарбаздарынан жеңилген көтөрүлүшчүлөрдүн колго түшкөндөрүнөн калгандары Мамыр баатыр баш болуп, Россия бийлигине караштуу Капка өзөнүнө кире качып кутулушат. Андан Кетмен-Төбө, Казарман ортолугунда Күрөбөстүн жанындагы Күмүш деген жайлоого чыгып кетишет. Жайлоонун толуп турган маалында эч нерседен кабары жок Мамыр баатыр Осмон деген таанышынын үйүнө келет. Осмон сыр алдырбай барбактап, эт салдырып кымыз сундуруп конок алат. Мамыр курал жарактарын чечип, жеңил-желпи дасторкондо «сый» үстүндө отурганда жылт коюп чыгып кеткен үй ээси бир маалда ак падышанын желдеттерин ээрчитип, «шып» этип кирип келишет. «Осмон, кыйдылыгыңды мурдатан эле сезип жүрчү элем, кылаарыңды кылдың!..» деп, Мамыр колго түшүп берген. Ошондон бир канча убакыттан кийин (Белек Солтоной уулунун жазганы боюнча) 1881-жылы дарга асылган. Мамырдын сөөгү кайда коюлганы белгисиз, кайсы бир маалыматтарга караганда, баатырдын сөөгүн туугандары алып келип, атасы Мергендин жанына койгон деген да сөз бар.

55 О. Сооронов. Кандын кунуна татыган баатыр // Ала-Тоо, 1991. – №9-10. 288-292 беттер.

Мамыр баатырлыгына жараша музыканын адамы да болгон. Улуу муундагы комузчуларга кеңири белгилүү «Мамыр күүлөрү» – анын комузчулугунун далили. Кыргыз радиосуна 1961-жылы 29-ноябрда Ыбырай Туманов 70тен ашык күү жаздырган. Алардын бири «Желдирме» аталып, «Мамыр деген күлүк атынан ажырап калып «атаны кокуй, желдирме күлүгүм ай...» деп, арман кылып черткен күүсү экен» деп кабарлаган. Бул аталыштагы күүлөрдү Чалагыз Ыйманкул уулу, Асаналы Кыштообай уулу да казынага тапшырышкан. Мамыр ысмына байланышкан «Мамырдын шыңгырмасы» (Молдобасан), «Мамыр чапкан кызыл ат» (Бакы Бейшен уулу Дархан айылынан) комуз күүлөрү, «Мамырдын күүсү» (Күрөңкөй ) сурнай күүлөрү да бар.

Күлүк аттар жоокерчилик заманда жогору бааланып, андай аттарды минген баатырлар качса кутулуп, кууса жеткирбей ар кандай коркунучтардан коопсуз болушкан. Чыныгы тулпар ээси менен жаны бирге, жабыркаса сырдашы муңдашы. «Ат – эрдин канаты», «Ат – аттан кийин жат» деген кыргыздар. Аспаптык чыгармаларда (комуз күүлөрүндө) иштелип чыккан кеңири белгилүү күүлөрдүн бири «Шырдакбектин Бозжорго». Ошондой эле, Күрөңкөйдүн «Көксандал», «Мамыр чапкан Кызыл ат», «Садыр акенин Арчатору», «Байтиктин Керкашкасы» күү дүйнөсүнөн өз ордун таап, атактуу комузчулардын аткаруусунда жашап келет.

Санжырачы Абдышарип аксакал Мамырдын Кызыл аты тууралуу мына буларды баяндап берген эле: «Базар-Коргон аймагына атагы чыккан Мерген бийдин жылкыларынын ичинде бир бээси кыпкызыл эт жаргак тууп койгон экен. Бул бекер тукум эмес деп болжогон байбиче эч кимге көрсөтпөй кулундуу бээни алты ай бактырат. Эл жайлоодон түшкөндө бээни боз үйдөн чыгарып, үйүргө кошуп, Айгыр-Жалды карай айдатат. Ошондо кызыл эт туулган кулундун баданына жүн чыгып, жылтылдап кулпуруп турган экен. Жылкы ичинде энесинин башынан секирип, оюн салып барат. Муну көргөн Мерген бий «Куда кааласа, уулум Мамырга ылайык мал болчудай» деп, кымылдайт. Кызыл эт туулган кылыгы артык кыл куйрукту Мамыр асыйынан таптап минет. Кызыл буудан баралына келгенде учкан куш менен жарышкан күлүк чыгат. Кокон бийлигине каршы козголгон көтөлүлүшчүлөрдү баштаган опурталдуу жүрүштөрдө Мамыр кызыл буудан менен быягы Самаркан, тыягы Алай, Гүлчөгө аш

бышымда жетип, кабар алып турган дейт. Бир учурда Алайга келип, Курманжанга учурашканда, датка эне сураган экен:

– Мамыр балам, ат тизгинин кай тараптан бургансың?

– Таң эрте Кара-Кулжадан аттандым эле.

– Оо, аз эмес аралыкты баскан экенсиң. Атыңдын жулугу араң-араң мөл болуптур го – деп, айым таң калыптыр.

– Кайдан билейин, акылман эне, а да болсо, Камбар-атанын касиети чыгар.

Эл оозунда Мамыр минген Кызыл ат жөнүндө төмөндөгүдөй айтылып жүрөт:

Мамыр чапкан Кызыл ат,
Күндү көздөй кагынат.
Мерген деген атасы,
«Күн балам» деп сагынат.
Мамыр чапкан Кызыл ат,
Айды карай кагынат.
Мерген деген атасы,
Аргымагын сагынат...

# АБАКТЫН КҮҮЛӨРҮ

Элге аттары дайын, ысымдары тааныш Ниязалы, Токтогул, Мураталы, Айдаралы, Майлыбай, Күреңкей, Музооке сыяктуу мезгилдин чыгаан күүчүлөрүнүн чыгармачылыгы жагдайында алардын шакирттеринин аткаруусунан улам, колдогу булактарга таянып талдоого алып, сөз кылабыз. Ошол чыгаандар менен замандаш-сабакташ жашаган, аларга тете шыкка эгедер эл шайырларынын бир даарынын дайыны бизге толугу менен жетпей келет. Андай комузчулардан Көл өрөөнүнөн эле: Боккөтөн, Байгазы, Кошкулак, Байбуура, Кыдыр, Өмүрзак, Атай (Байзак уулу), Моңолдор, Байгабыл, Кайдуу, Жолбун, Ындыбай, Капал, Ногойбай, Кудайырбек, Чыңгышбай, Токчулук сыяктуу ондогон ысымдар бар. XIX кылымдын экинчи жартысындагы ошол чыгаан күүчүлөрдүн бири Абак Түркөбай уулу болгон.

Ошондо келип Абак да,
Отурган экен ыраакта.
Жакын барып Молдокем,
Жайын айтып кобурап,
Жанында бирге олтурат.
Атагы кеткен кыргызга,
Комузчу экен жашынан.
Күүсүн уккан адамдар,
Жаш чайып көзүн жашыган.
«Кыйлада мындай комузчу,
Болгон эмес экен го.
Черттирип угуп калбасам,
Өрнөгүнөн албасам,
Арманда бойдон кетем го...»
Карамолдо суранып,
Карап турду кубанып.
Өнөрпоздун өзү экен,
Комузчунун көзү экен.

Күүлөп кылын чойгулап,
Кол ойнотуп койгулап,
Көргөздү белем санатты,
Элди өзүнө каратты.
Күүдөн күүнү толгоду,
Көзгө илинбей колдору
Ак сакалы жайкалып,
Көптү көрүп, көп билген,
Көсөмдүгү байкалып...

Абак комузчу «азыркы мезгилдин күү могиканы» Карамолдого катар айтылып, Саякбайдын эскермесинен орун алган соң, Абак Түркөбай уулу аттуу дагы бир улкөн комузчунун жаркыраган элесин (бейнесин) көз алдыга келтире бер! Көл башында чоң аш өткөрүлүп, ага күнгөй-тескейдеги бугу, саяк, сарбагыш элинен меймандар келишет. Бул санжыргалуу жыйында кыргыз элинин салттык оюндары (күлүк чабуу, эр оодарыш, балбан күрөш жана башка) менен бирге акындардын айтышы, комузчулардын чертиши, чечендердин таймашы сыяктуу өнөр жарышы уюштурулуп, ал үчүн атайын өргөөлөр тигилет. Күүчүлөрдөн күнгөйдөн Карамолдо, тескейден Абак баштап барышкан. Абак жетимишке таяп калган ак сакалы жайкалган кадырман карыя экен. Андан 34 жашка кичүү Карамолдо кер муруттуу жигит курагы. Аксакал, көк сакал, кара сакалдар чогулган чоң ак боз үйдүн төрүндө бирде шаңкылдата, бирде сыбызгыта комуз чертип отурган Абак карыянын өнөрү Карамолдого өзгөчө таасир калтырат, карыя комузчуга жакын келип сыңар тизелейт. Абак элдик «Камбаркан», «Ботойлордон» кайрып, Арстанбек, Күрөңкөй, Мамырдын күүлөрүнөн чертет. Отургандардын суроосу боюнча өзүнүн «Кашка аргымагын», «Жөө калдысын», «Арманын» да аткарат. Бир кезде маңдайында олтурган Карамолдого карап: «Кана, балам, комузуңду колго алып, менин күүлөрүмдү уланта отур» деп кезек берет.

Карамолдо мандаш урунуп, комузунун кулагын шашпай буроого келтирип, «Каныкейдин арманын», андан кийин «Сыздат» деген күүнү чертет. Карамолдонун өнөрүнө ыраазы болгон карт комузчу: «Бали, бали, балам, өнөрүң өр таяп калган экен. Бактыдан кем болбо. Каруу-күчтөн тайып карып калдым. Менин күүмдү эми сен көздөгүн, Абактын күүсү эле деп, черткен жерде сөздөгүн» — деп, ак батасын берген.

Карамолдо Абакты устатым деп сыйлап, көзү өткөнчө (1916-жылга чейин) байланышын үзгөн эмес. Тескейдеги бугу элин аралаганда Абактын үйүнө үч төрт күнү жатып, комуз өнөрүнүн жол-жобосунан таалим алып, толгон күүлөрүн үйрөнүп кетчү экен. «Карамолдо» аталып, ашып-ташып турган чакта устаты Абактын күүлөрүн үналгы тасмасына жаздырууга чамасы келбей калды. Кийин ардактуу эс алууга чыкканда көкүрөктө уюган көп күүлөрдү кайра баштан чыгармачылык электен өткөрүп, 42 күүнү тизмелеп алып, улук башын кичик кылып, үналгы жаздыруучу мекемеге келет:

– Эки күндүн бири өлүм дейт, айланайындар, көзү өтүп кеткен кайрандардын күүлөрүнөн эсимде калгандарын алып келдим эле, радиоңорго жазып алгыла.

– Аксакал, күүлөрүңүз эски экен, аттары эле айтып турбайбы. Муну эскини көксөө дейт. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч деп жүрүп Тазабек, Ташым, Зыяш эмне болду? Гүлдөгөн социализм доорун даңазалаган жаңы күүлөрүңүз болсо кеп башка эле – деп жооп узатат парт-мыкчегер. Күүлөрүн өткөрө албай, шаабайы сууп, Карамолдо кайра кетет. Өөх! Чиркин, жарык дүйнөгө көз жара албай, көмүскөдө калып, комузчу көрүнө ала кеткен ошондогу «эсил кайран» күүлөрдүн ичинде Байгазынын «Сынган бугусу» Абактын канча күүсү жерге кетпеди дейсиз.

Абактын түп атасы – бугу ичинде Бирназар бийдин тонсуз уулдарынын бири Жылкайдар. Жылкайдардан – Тилекмат. Тилекмат Ормон Балбай, Боронбайдын катарында караңгыда жол тапкыч амалкөйлүгү, капылеттен сөз тапкыч чечендиги, кыйын кырдаалда ык билген айлакерлиги менен бугу, сарбагыш уруусуна, казак калкына маалым өз мезгилинин чыгаан элчиси, «аке» деген ардактуу наамга татыктуу акылман адам болгон.

Замандаштарынын айтуусуна караганда, Абак жаш кезинде чоор тарткан, кийинчерээк кыл кыякка ооп, 30-35 жаш курагында комузчулук өнөргө баш оту менен берилип, өмүрүнүн аягына чейин ушул кесипти аркалаган. Комузду өзү чапкан, кылын байбичеси Чолпон жасаган. Абак жүздөн ашык элдик күүлөрдү черте билген жана ондогон күүлөрдү жараткан. Жаңы күүнү эл чогулган жыйында чертип берип, күүнүн таржымалын көпчүлүккө баян кыла отуруп: «Кана, күүнү кандай деп атасак болор экен?» – деп, угармандар таразасына койчу экен. «Абактын баланча күүсү» делип, кийин комузчулардын атоосунда элге тараган. Абак болжолу

1851-жылы Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында, азыркы Жети-Өгүз аймагынын Шалба чөлкөмүндө туулуп, 1916-жылы ыңкылаптын алдында суу келте оорусунан 75 жашында о дүйнө салат. Абактын эки аялы болгон: улуу аялы Чолпондон Алыбек, Бектурган, кичи аялы Кусубалдыдан Бекмырза деген балдарынан тараган небере-чөбөрөлөрү Шалба айылында жашайт.

## Кашка аргымак

Көл өрөөнүндөгү, Кемин жана Нарын аймагындагы комузчулар бул күүнү ар кандай атап, чертип жүрүшөт: кээ бири «Кашка аргымак» же «Кара кашка аргымак» деп атаса, кээси күүгө автордун ысмын тиркеп «Абактын Кашка аргымагы» деп аткарышат. «Абактын күүсү», «Абактын кайрыгы» дегендер да бар.

«Ысык-Көлдөгү Чоң-Кызыл-Суу айлына концерт коюп барып калдык, – деген эле Ыбырай бир жолку маегинде, – кечки конок алган үйдө артисттер өнөрүбүздү көрсөтүп жаттык. Бир кезде кезек мага келип, атын айтпай туруп, «Абактын Кашка аргымагын» черттим. Төрдө салабаттуу байбиче отурат эле.

– Балам, күүңдү кайта чертчи, – деп суранып калды. «Комуз тилин билген адам гана күүнү кайтара уккусу келет, бул киши бекеринен сураган жок» дедим ичимен. Комузумду буроого салып, кайталап черттим.

– Балам, күүнү жакшы черттиң, Кудай өмүрүңө береке берсин. Бул күүнүн ээси менин абышкам Абак деген болот. Абышкам тирилип келгендей, кулагыма алда немедей угулуп кетпедиби, – деп байбиче сагынычтан көзүнүн жашын сүрттү»…

1980-жылы комузчу Асаналы Кыштообаев «Кашка аргымак» күүсүнө байланыштуу төмөнкү окуяны айтканы эсимде: «Кашка аргымак» Көл башы Жети-Өгүздөгү Абак дегендин күүсү. Бул күүнү устатым Ыбырайдан үйрөнгөм. 1958-жылы Кытайда Үрүмчү шаарында жашаган майда улуттардын адабият жана искуствосунун кароосуна катышып, Абактын «Кашка аргымагы» менен өзүмдүн «Аскер маршы» деген күүмдү черттим. Казактан Ашым деген «Көксандал» аттуу күүнү домбрага салды. «Бизди жетектеген адам «Кашка аргымак» кайдагы окуяны баяндайт?» – деп сурап калды. Күү тарыхын кыскача таржымалдап бердим. Мындан 70 жыл мурун кыргыз журтчулугунда болгон окуя. Кашка аргымак Чыныбай деген манаптын күлүгү болгон, кийин

Абактын колуна өткөн. Аны кунга тартмак болгондо комузчу күүгө салган. Күндөрдүн биринде Абактын агасы Ниетбак жайлоодо жайыт талашып, көк чегедек менен чаап жиберип, Кыштообайды өлтүрүп алат. Кырсыктуу окуя айылга тоо жели менен бирге жетет. Серкебайдын балдары союл, чокморун такымга кысып, «Түркөбайдын тукумунан бирин өлтүрүп канга кан алабыз» деп тоого чабышат. Ниетбакты таппай «Бычакка саптык Абагын эле жайлайлы», деп, артынан сая түшөт. Абак алдыртан элбилги карыядан келип акыл сурайт.

– Кара атан өлүп бүк түштү, кайран башка күн түштү. Чымырбайдын Кыштообайы биз колдуу жаздым болуп калды. Эми айлам не болот?

Анда карыя:

– Ар өлүмдүн себеби болот. Эрегиштен эр өлөт. Эки тууган кайда бармак эле, акыры эпке келип эл болот. «Ачуулуунун алдынан чыкпа» деген. Тиги туугандарыңдын көзүнө чалдыкпай, кичине жылыштап жашына тур. Эби кеткен иштин эсеби табылар, Абагым, – дейт.

Күзүндө Кыштообайга ат чаап, аш берилет. Баш байгеге миң сом бөлүнөт. Абактын Кашка аргымагы жарышта чыгып келет. Күлүктү 14 жашар кызы чабат.

– Эки тууганды элдештирбей кетсек биздин журтчулугубуз кайсы? –деген эл билгилеринин кеңеши боюнча Кашка аргымактын куйругун түйүп, көкүлүн шүйүп, үстүндөгү кыздын башын кызыл жоолук менен бууп «атакелетип» ыйлатып, «атанын кокуй моюнчам!» – деп, Абак баш болгон топ, Чымырбай аксакалдын үйүнө өкүрүп түшүшөт.

Капталдап өскөн моюнчам,
Караң күн башка туш келип,
Каран кылар моюнчам.
Белеске өскөн моюнчам,
Мертинтер душман жоо келсе,
Медер кылар моюнчам.
Айтарга таппайм сөзүмдү,
Арманда кылдың өзүмдү.
Айланайын моюнчам,
Сүйлөөргөө таппайм сөзүмдү,
Сүзүлттүң эки көзүмдү.
Сүйөнөрүм сен элең,

Сүлдөрүм калды, моюнчам.
Башыма келди алаамат,
Бир боорум мени ала жат!
Теңирим салды алаамат,
Теңтушум боорум, ала жат!
Адырдын гүлү соолдубу,
Атаны кокуй, бир боорум,
Ажалың менден болдубу?
Күңгөйдүн гүлү соолдубу,
Атаны кокуй, күйөрүм,
Ажалың менден болдубу?

Эл чогулган топто аксакалдар түштү арага: «Чымырбай аба, жаза тайып, жаздым болуп, Кыштообайың түбөлүк жайына кетиптир. Эртедир-кечтир баарыбыз бара турган жер. Бир бээнин кулунунун ала-куласы барбы? «Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч» деген. Аны өзүң да сезип тургандырсың. Аз айып, көп күнөөсү болсо кечиргин Абагыңды. Кашка аргымагынын көкүлүн түйүп, карындан чыккан каралды кызын тартуулап алдыңа келип отурат. Муну Кыштообайыңа куран түшүрт», — деп ак жоолукка оролгон миң теңгени жылдырды.

Чымырбай карыя каада кармап, нарк калчай айтып турганы:

— Эки бир тууганды эл кылган эрдин иши, эрдигиңерге ыраазымын, журт. Бирок дагы бир кылыгыңарга ичим толбой эңшерилип турам.

— Айтыңыз, айтыңыз, карыя, кулак сизде.

— Айтсам, сөз мындай. Өлгөн бала да меники, өлтүргөнү да меники. Өз баламдан өзүм кун дооласам кудай урбайбы? Тиги сырттагы баламды кантип тартууга алып келдиңер? — дегенде отургандар башын көтөрө албай:

— Ал кемчилик бизде, аксакал, — дешти.

— Андай болсо, — деди карыя сөз бүтүмүн чагара, — ат чапкандыкы, мал баккандыкы дейт. Балага да, малга да кесир болбосун десеңер, Кара кашка күлүктү мамыга байлатпай, кызга босогону аттатпай ээсине кайтаргыла. Алып келген теңге Кыштообайдын чай-пулуна жарар. Мен айыбыңарды кечтим. Эки дүйнөдө ыраазымын силерге, журт. Карыя колун жайып: «Ынтымагыбыз ылайым бузулбасын, ынтымактан чыккандарды ата-бабабыздын арбагына коёлук, о-о-мийин! — дегенде карыжаш чурулдап, алакан жайып бата тартышты. Абак элдин суроосу

боюнча жөлөнүү турган комузун алды, толгоосун келтирди. Ошондо өлгөн Кыштообай боорун жоктоп, өпкөсү көөп шолоктоп, комуз кылы кошо ыйлап муңдуу күү черткен экен... Күү Көл кылаасын аралап, кийинки комузчулар «Кашка аргымак» же «Абактын арманы» деп чертип калышты.

Кыштообайдын өлүмү тым-тым болгондон кийинки жылдары Кашка аргымакты чапкан кыз бойго жетип, дөөлөс Чекир ажынын иниси Шайымбет дегенге күйөөгө чыгат. Атасына төркүлөп келмек болгондо кайнатасы келинине айттырат: «Кызына энчи бергенде атасынын Кашка аргымагын сурасын».

Абак кыз-күйөөсүн маңдай жарыла-кубанып тосуп алып, колдон келишинче сый-урмат кылып, кетеринде:

– Кана кызым, энчилеп берейин, эмне сурайсың? – дегенде:

– Ата, Кашка аргымакты минип чыгайын. Өзүм билген, чабышта минген сырдана мал эмеспи, – дейт.

Бул сөздү уккан кулагына ишенбей Абак чочуп кетет. Малга кароо кайнатасынын кылганын түшүнөт. Сыр билдирбей, ары карап ыйлап, бери карап жылмайып:

– Күлүктү күйөө бала минсин, эркек тана эмеспи – деп, ээр токумун токуп аткарып чыгарат. Ээсинен ажыраганын айбан да болсо билип, Кашка аргымак бута атым жерге барганда кайра кайрылып, кишенеп жиберет. Абак да атынан ажырап калганына, күлүктүн багы байланганына зээни кейип, керегеде илинип турган комузун алып, «Кашка аргымагым, кантейин!» – деп, жөө калгандагы арманын күүдөн чыгарган экен. Кашка аргымак басынып чуркоодон калып, кийинки ат чабыштарда бир да жолу байгеге илинген эмес дешет. Абактын бул арман күүсү комузчудан комузчуга өтүп, «Жөө калды» аталып чертилип келет.

Карамолдо, Ыбырай бул күүгө Абакты ээлик кылып чертишкен. Ач көз кудасынын алдыртан жүргүзгөн кытмыр амалы «ат эрдин канаты» заманында жайдак аттуу – жалаң тондуу комузчунун алпештеп минген күлүгүнөн ажыратып жөө калтырышы, турмушта эң оор сокку катары комузчунун жүрөгүнө кара так салбай коймок эмес. Балким, «Кашка аргымак» күйүтү «Жөө калдым» деген ат менен комузга чагылдырылган.

1916-жылдын жаз айлары... үзүмчүлүк... Абак карыя жетимишти аттап, сексендин белесине ык коюп калган. Эл урматына бөлөнгөн калк шайыры дагы эле журт арасында. Сый-сыпат, урматтан кала элек. Ошондой күндөрдүн биринде коңшу айылдан чакырык келип, эртең аттанам деп жатканда бүткөн бою

талыкшып, денеси оор тартып, ат үстүндө жүрүүгө көңүлү чаппай, кандайдыр илдет тооруп калганын сезди.

Бул илең-салаң дарт акыры жаздыкка баш коюуга аргасыз кылды. Тамырчы табыптар Абактын кеселин «Суу келте» деп табышты. Кадырман адамдын ден соолугун сурап, көзүнүн тирүүсүндө жүздөшүп калайын дегендердин саны көбөйдү. Каракол тараптан жоон топ эл жакшылары короого түшүп калышты. Кой союлуп, конок камы болду. Бата тилеп, дасторкон жайылды. Меймандар бут сунуп, дене-боюн жазып, кирди-чыкты сөздөр айтыла баштады.

Аркасына кош жаздык коюп, чалкалай кыңайган Абак колун жаңсады, ал тилден калган эле. Бирөө төшөк жанында керегеде жөлөнгөн комузду алып бере койду. Эти качып, калчылдаган арык кол өрүк комузду аяр сылады. Алсыз манжалар комуз кулагына жабышты. Комуз кылдары муңайым дирилдеди. Бейтап акыркы күчүн жыйнап бой түзөдү. Жан жолдошу – комузу демөөр берип жаткансыды. Кадимкидей кайрыктар кайрыкка алмашты. Үч кыл алым сабакташа тилге кирди. «Кошкула агайын тууган элим. Кошкула, алган жарым, балдарым. Кош Жарык дүйнө!.. «Кирпиктерге жаш чайыды... Аянычтуу ажырашуу сезими көөдөндөрдү тээп турду... Комуздун ортоңку кылы чырт үзүлдү. Комузчунун башы шылк этти... Чертмек колдон жылмышып түштү. Ыйман сабагы созолонду. Эсил кайрандаган өкүрүк, катын баланын чуусуна аралашты. «Абак кайрыгы» ушундай кырдаалда жаралган. Күүнү ошол жерде отурган Ындыбай комузчу улап урпактарга жеткирген экен.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Абактын күүсү» | 5418 | 3’21 | Асанбек Кыдырназаров |
| 2. | «Абактын күүсү» | 1709 | 3’30 | Санарбек Карымшаков |
| 3. | «Абактын арманы» | 3011 | 2’15 | Жылчый Курманкожоева |
| 4. | «Жөө калды» | 8181 | 1’20 | Эркесары Бекбасаров |
| 5. | «Кашка аргымак» | 2006 | 1’00 | Шабий Токтоев |
| 6. | «Кашка аргымак» | 2243 | 4’14 | Үмөр Мамытов |
| 7. | «Кашка аргымак» | 3103 | 3’20 | Асаналы Кыштообаев |

# БАТЫРКАНДЫН САЛБАРЫНЫН КОШОГУ

Кыргыз салтында ажал жетип, жакын адамынан ажыраганда муң зарын, кайгысын, арманын көз жашка жууруп, «жоктоо» ыр саптары аркылуу сыртка чыгарышкан. Мына, ушундай жоктоолор «кошоктор» деп аталган. Таасирдүү сөөк чыккан жерде таланттуу кошокчуларды издеп табышып, алдырышып, алардын да тандалмалары иргеле берип, таңданкечке талыкпай айтылган чыгаан «кошоктор», албетте, аймакка тез тарап, ооздон-оозго өтүп, фольклордук казынаны байыта берген.

Бирок, уккан кулакты делдейтип, ууртан жылмаюу чакырган кошок окуясы да кездешпей койгон эмес. Буга Көлдүн тескейинде жашаган Батыркан аттуу манап көзү тирүүсүндө аялдарына коштурган кошогу далил. Кезегинде, «Батыркандын аялдарынын кошогун» дөөлөтүнө манчыркаган манаптын жоругу катары баалап, тап кызыкчылыгына шилтеме салган көз караштар да болгон.

Аялзатынын акыл-эсин, жөндөмүн, эрине болгон ишенимин сындан өткөрүү үчүн тирүү адамга кошок кошуу жөрөлгөсү бүгүнкүлөр үчүн өөн көрүнгөнү менен, өткөндөгү каада-салт жаатынан алып караганда, анчалык деле орозкерликке жаткан эмес. Азырети Мукамбет пайгамбардын чоң атасы Абдаль Муталиб өлөр алдында кыздары Сафияны, Барраны, Атиканы, Умм Хакиманы, Улайма менен Арваны кашына чакырып алып, кошо турган кошокторун аткарып беришин өтүнгөн жайын уккан белеңиз? Ошондо улуу кызы Сафия мындай деп кошуп ыйлаган: «Берметтей жашым тамчылап, айкөл атамды жоктоп ыйлаймын. О, наркы бийик айкөл атакем, бардык изги иштердин эгедери, үйдүн калысы, айтканынан кайтпаган эрки күчтүү инсан элең!.. Төө сүтү кемий баштаганда төгүп келген жаандай кең пейил, ырайымдуу элең! Эгер эзелки атак даңк адамдарды өлбөс кылса, өзүңдүн акыркы күнүңдү түбөлүк созуп койбос белең!». Барра деген кызы атасын: «ак жолтой», «жаркын жүз», «жоомарт», «даңкы ааламда

жок, атакем!», деп ыйлаган. Башка кыздары да ушул таризде кошкон. («Мукамбет пайгамдардын өмүрүнөн»). Көрдүңүзбү, жакын адамдарын көзү тирүүсүндө коштуруу өнөкөтү кыргызда эле эмес, башка калктарда да байыртадан бар. Кыргыз элиндеги бир өзгөчөлүк андай кошоктор аспаптык чыгармалар катары да калк кабылдоосуна алынып, угармандын эстетикалык табитине таасир этип келгендигинде. Кыргыз радиосуна «Батыркандын аялдарынын кошогу» Датка Шааке уулу, Бейшен Бакы уулу тарабынан жазылып алынган.

Элдик салт күүлөр тарыхый доордун талаптарына жараша өзгөрүүлөргө учурап, варианттташып кетери мыйзамдуу көрүнүш. Натыйжада, радионун алтын корундагы «Үч катындын кошогу» (Ыбырай Туман уулу, Асаналы Кыштообай уулу, Талип Рысмат уулу), «Беш катындын кошогу» (Датка Шааке уулу), «Алты аялдын кошогу» (Болуш Мадазим уулу) сыяктуу кошок күүлөрдүн аттары алмашып, Батыркан деген ысым көлөкөдө кала берген. Анткен менен, алар сюжеттик өзөгүнөн анча алыстабай комузчудан комузчуну алмаштырып, территориялык аймагын кеңите берген. Күү түндүктөн түштүккө ооп, айтылуу күүчү Болуш Мадазим уулуна кабылганда текст-баян сөзмө-сөз толук жетпесе да, оош-кыйышта Болуштук вариантты шарттаган. Күү баянын Болуш акеден 1991-жылы жазып алган элем. Окуп көрөлү «Айлыбыздагы Ысмайыл, Абыш деген комузчулар «падышам» деп чертчү күүнү мен «Алты аялдын кошогу» деп чертип жүрөм. «Падыша аялдарын сынап көргүсү келип калп өлүмүш болуп жатып калат. Үй тигилип, сөөктү майрам сууга алып, кепинге ороп чийге салышат. Сыртта өкүрүк-чуу. Үйдө падышанын алты аялы алым-сабак кошуп атышат:

1-аялы:

Падышам, бээм-бээм дечү элең,
Бээнин саамы болгуча,
Беш куурум буудай жечү элең — деп баштаса,

2-аялы:

Падышам, чылбырга белиң буучу элең,
Чычая басып жүрчү элең,
Сен кайсы эле мыкты киши элең? — деп улап кошот.

Үчүнчү, төртүнчү, бешинчи аялдары деле мындан артык айта албай кошогунун мааниси мажес болуп, уятка калышат. Беш

аялдын соңунан Салбар токолу эринин атагын ашыра, даңазасын чыгара мактап, жаагын жанып, кошот. Падыша чыдай албай баш көтөрүп, кепинин сүйрөп тура келгенде корккон эл туш-тушка качат. Беш байбиче башындагы карасын алып ыргытып, этек-жеңине чалына, сыртка чыгат. Токол кошогун токтотуп, чуркап келип, күйөөсүнө кементайын жаба салып, абийирин сактап калган экен». Көрүнүп тургандай Болуш вариантында күү баяны кереметтүү жөө жомоктор түркүмүндө чечмеленип, баш каарман Батыркан «падыша» деп айтылып, даңазасы падыша бейнесине чейин жеткен. Жакшы жери, окуясы, сюжеттик өзөгү (Беш катындын кичүүсү Салбар токолунун кошогунун жогору бааланышы) сакталып кала берген. Ал эми окуянын чыныгысы мындай: эр ортону ээлүүнү эңшерип, алтымыштын босогосуна ыкыс берип турган курагында Батыркан болуштун көңүлүнө бир ой кылт этет: «Эки күндүн бири өлүм. Көзүм жумулуп кетсе, шарактаган көп катын кандай сыйнат кылат болду экен? «Шаңкылдаган катынды үй чечкенде көрөрбүз» дегендей, мен буларды бир сынактан өткөрөйүн» – дейт да, баарын кашына чакырып:

– Ой, байбичелер, нике кайып жалгап, баш кошуп, жалган дүйнөнүн туз насибин бирге татып келебиз. Мен өлсөм даңкымды чыгара кошок кошчу кимиңер барсыңар? Кана, кошуп көргүлөчү, көзүмдүн тирүүсүндө угуп калайын, – дейт.

Катындар жарга камалгандай буйдала түшөт. Айласы курганда тескери карап, кошогун башташат. Бирок кыраатты келишсе, уяты чыгып, сөздөрү келишпей кыжаалат абалда калышат. Ошондо Батыркандын күң ордуна жумшаган Салбар катыны тескери карап отура калып, боюн түзөп, үнүн жасап, мына, мындай деп кошкон экен:

Оо, Батыркан ойронум,
Ала-Башта коргонуң,
Алакөз менен Каабаны,
Айдап жүрүп соргонум,
Канакей төрөм, оңгонуң?
Оо дүйнө салган, дулдулум,
Тирүүлөй өлгөн кургурум,
Кошок кошту аргасыз,
Салбар катын кургуруң...
Айтканда макул болбодуң,
Канакей орду толгонуң?

Алакөз менен Каабаны,
Соргонуңду койбодуң.
Артыңда калды боз бейит,
Ала-Башта коргонуң.
Сен, катынды көп алдың,
Кадырды билет деп алдың.
Баркыңды билбес жаманды,
Барк коротуп неге алдың?
Баарынан жакшы кошот деп,
Бакачыдан мени алдың…

Батыркан Ысык-Көлдүн тескейиндеги саяк Алакөз-Каабанын урпактарынан. Тагай бий тарбиялаган саяк уулдан – Бөтөш, Сарык. Бөтөштөн – Кудайберди. Кудайбердинин эки аялы болуп, кичүү аялынан – Айтак. Айтактан – Жакыр, Жакырдан – Кургак, Жандуулат. Жандуулат кийин «Алакөз» аталып кеткен. Алакөздүн тукумдары азыр Тоң районунун Кара-Коо, Дөң-Талаа, Кызыл-Туу айылдарында жашайт. Саяктын Сарык аттуу уулунан Кааба төрөлөт. Балдары токтобогон себептүү Каабаны ырымдап Кайдуулатка бактырат. Кайдуулат-мергендин аялынын согончогу канабаптыр. Эмчектеги Каабаны багып эмизгенде булактап сүт чыгыптыр. Ошондон көп өтпөй кош бойлуу болуп Түнкатар, Түнтөй деген балдарды удаалаш төрөгөн. Каабанын тукумдары: улуу аялынан – Актери, Бозтери, Энтери. Бозтериден – Казак, Элтинди, Досой. Элтиндинин 5 баласынын бири Жаныбек, Асан. Жаныбектин тукумдары Тоң районунун Кара-Талаа, Тогуз-Булак айылдарында. Асандан – Каракучкак, Ботугур. Биз сөз кылып жаткан Батыркан – Ботугур уругунан, булар Тоң районунун Коңур-Өлөң, Кара-Коо, Бар-Булак, Шор-Булак, Кызыл-Туу айылдарында.

Батыркан сексенден өтүп каза болгон, болжолу 1850-жылдары туулган. 1993-жылы маарекеси өткөрүлүп, ага эстелик орнотулган. Батыркан Алакөз Кааба, Досой, Ботугур, Кудайменде уруулары тарабынан бир нече жолу болуштукка шайланган. Жанагы «Алакөз менен Каабаны айдап жүрүп соргонум» деген саптардын төркүнү мына ушул жерде санжыра түймөгүнөн чечилет.

Эми Салбар токолдун «кошогуна» кайта кайрылсак, ал кошогун дагы улаган. Ооздорунан келмеси ыргып, какап-чакап, өздөрүн коёрго жер таппаган байбичелердин абалын байкап, «күлү жоо»

күнүлөштөрүнөн өткөн өчтү алууга оңдой берди болуп, бечара Салбар түз эле чабуулга өттү:

Падышам, алыстан бектер келгенде,
Алтындан берген аягың.
Алты катын ичинде,
Азабын тарткан саягың,
Арбашып жүрөт баягың.
Падышам, күбүрнадыр келгенде,
Күмүштөн берген аягың.
Тогуз катын ичинде,
Тозок тарткан саягың,
Тооруп жүрөт баягың.
Падышам, баркыма менин жетет деп,
Бакачыдан мени алдың.
Баркыңды билбес болгон соң,
Маңырайтып буларды,
Мал коротуп неге алдың?
Падышам, кадырыма жетет деп,
Катын кылып мени алдың.
Кадырга жетпес болгон соң,
Кара таандай тизилтип,
Мобу, канышаларды неге алдың?
Атагыңа ишенип,
Алты аялга үйлөндүң.
Эми акылга салып билээрсиң,
Сага Салбар катын күйөөрүн.
Коюнга кирсең билээрсиң,
Ал сени кандай сүйөөрүн...

Ырас, Батыркандай манапка тийиштик кылып; күңүлүштөрдүн бетине чыгып, ташка тамга баскандай сын айтып, мыскылга алып, чындык үчүн эч нерседен жалтанбаган кашкөй токолдун бул жоругу жылдызы түшкөн күңүлөштөрүн күйгүзүп, күймөлтпөй койгон эмес. Кийинкисин «аял жакшы, эр жакшы» демекчи, эрин мактоого алып, эмгегин даңктоого алып кошкон:

Падышам, кыраңдан жылан ышкырат,
Кытайдын беги чакырат.
Чакырып алып не берди,
Алты арыктан суу берди.

Алты жамбы пул берди.
Падышам, коктудан жылан ышкырат,
Кокондун беги чакырат.
Чакырып барып не берди,
Жети арыктан суу берди.
Жети жабуу пул берди
Падышам, өрдөк учса көл калды,
Өлбөй пенде ким калды,
Чымчык учса чил калды.
Чын ажалдан ким калды?
Падышам, көк сарай үйдүн куту элең,
Көк сандыктын пулу элең.
Көк сарай үйдөн кут кетти.
Көк сандыктан пул кетти.
Алтымыш атың, алты атың,
Алты атыңдын ичинде,
Ай караган кашка атың.
Жетимиш атың, жети атың,
Жети атыңдын ичинде
Жер кемирет кашка атың.
Карагайдын бутакка,
Карчыга учуп конгон жок.
Ката келген ажалга,
Катының арга болгон жок.
Туура чыккан бутакка
Турумтай учуп конгон жок.
Тута келген ажалга,
Тууганың арга болгон жок.
Падышам, шаңкылдайт элең тирүүңдө,
Шакабаңа жол болсун,
Шалдая түштүң «өлгөндө».
Падышам, шыңкылдайт элең тирүүңдө,
Шылдыңыңа жол болсун,
Шылкыя түштүң «өлгөндө»,
Кантебиз эми көмгөндө...

Батыркандын бул жоругу узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына желдей тарайт. Бири «баракелде» десе, бири жаман санайт. Оозу ашка жетпеген, эрдинен желке кетпеген, эзели этеги тизесине жетпеген, дагы бир Батыркан аттуу томояк да

бул кабарды угат. Угат да ойго батат: «Бул Батыркан болсо, мен киммин? Мен да Батырканмын. Жалгыз айырмабыз – ал манап да, мен кедей. Анын алты катыны болсо, менин жалгыз аялым бар. Мен эмнеге аялымды кошок коштура албайм?» – дейт да, зайыбын бери чакырып: «мага кошок кошчу», – дейт.

– О, шордуум ай ие, – дейт, аялы эринин апенди жоругуна бир чети күлкүсү келип, бир чети ызаага муунуп. – Батыркандын жанында сен кимсиң деги? Сенин эмнеңди кошомун? Шүк жүрсөңчү кургурум, жаман жорук баштабай!..

– Ой атаңдын ооз чайын, жаман катын! Мен сенин эриң болом. Батыркан деген болом! Айтканым айткан, дегеним деген! – деп, эркектаналык кылып, аялына тап берет. Акыры жадаганда тескери карап, жыртык алачыкты жаңыртып, бечара аялы кошогун созуп атат дейт.

О, Батыркан, ургурум,
Чоң Батыркан болом деп,
Чочоңдогон кургурум.
Же үй байларга жибиң жок,
Же, саап ичер уюң жок.
Же, салдырып койгон үйүң жок.
Же, талкан элээр элек жок,
Же, жарма ачытар челек жок.
Төркүндөн келген кунаажын,
Кургурум, үй болгондо өлсөңчү.
Эки канат кереге,
Же үй болгондо өлсөңчү.
Теңелем дейсиң манапка,
Өлүгүңдү көрөйүн,
Деги акылың менен өлсөңчү!..

Казды туурап карганын буту сынган сыңары, Батыркан аттуу жалчы байкуштун аялынын кошогу да эл оозунда ылакап болуп айтылып калган.

# ТӨРӨТАЙ

Мекендин биримдигин сактоодо саясий-экономикалык багыттагы ар кандай жолдор, ар кандай ыкмалар, ыкластуу аракеттер талап кылынары шексиз. Ага түздөн-түз салымы бар атуулдардын атак, аброю ар деңгээлде экендигине карабастан, бирин ашыра мактап, бирин шишкебек кылып кактап, алакчылоого тарых жол бербес. Элибиздин тарыхын, маданиятын дегеле өткөнгө байланышкандын бардыгын 17-жылдан баштачу элек. Андан аркысы эскичиликке же улутчулукка байланышып, көбү көмүскөдө кала берүүчү. Чындыгында кыргыз калкы кылымдарды ала салдырып, алмуздактан элдигин сактап, барааны байыркылардын сабынан көрүнүп турса да, өткөнүбүздү өчүрүп келдик. Элибиздин элдиги эчен акылмандардын, баатырлардын, даанышмандардын эс-акылынан, күч аракетинен жаралды, алардын ысымы тарых бетинде калды. Манас ата, Курманбек баатыр, Жаңыл Мырзадан берки кечээ эле болуп өткөн окуялар, алардын ичинде, уруу кагылыштарда далай-далай инсандардын жүзү ачылды, келечек муун кеп кылууга арзыды. Бирок кыргыз тарыхында Кылжырдын урпактарынын кандуу чабыштары, тууганга таба, душманга күлкү да кылды. Ал жосунсуз жоруктар муундардын эсинде эскертүү болуп калды. Акыл калчай билгендер үчүн «солто элдин тогу, саяк элдин шогу, бугу-сарбагыштын барынан жогу» деген сөздүн төркүнү ушул окуяда жаткандыр? Уруу чабышына, сокур намыска ар качандан бир качан акыл-эс, ар-намыс бөгөөт туруп, көбүрүп-жабырган көчмөндөрдүн кагылышына ар кандай айла-амалды каршы койгон акылман адамдар: Калыгул олуя, Тилекмат элчи, Боронбай бий эл жүрөгүндө жомоктолуп, айтылып келет. Кырылышып кетчү кысталыш кырдаалда эл бейпилдиги үчүн алтын башын барымтага байлап, жубан белгисин жууп-чайып, беш көкүл кыз курагына кайтып, өмүрүн тобокелге салып, казак төрөсү менен төшөк жаңыртууга барган Төрөтай эженин алысты мелжеген акылына айраң-таң каласың. Төрөтай эженин аракети

уруу кагылыштарына бөгөт турган. Ал ошону менен арасы сууп бараткан эки элди: казак-кыргызды жакындаштырууда өзгөчө милдет өтөгөн. Кою короолош, ашы жоролош, коюн-колтук жашаган эгиз элдин ортолугун эси кеткен эрегиш эчен ирет бузган. Алкынган Абылай хандын чапкыны, жулкунган Кенесары Ноорузбайдан баскыны, баш кесип кылыч ойноткон кылыктары, али эл көңүлүнөн чыга элек. Ч. Өмүралиев белгилегендей: «Төрөтай эженин окуясынан эки элди бириктирген аялзатынын бийиктигин көрүү, илгерки айкөлдөрдөн келаткан салтты Тезек төрөдөй адамдардын кеңдигинен, терендигинен таануу эмкилер үчүн сабак болоору шексиз».

«Төрөтай эже менен Тезек төрө» баяны тээ өткөн кылымда эле ырдалып, күүгө салынган. Атактуу комузчу Мураталы аксакалдын «Тезек төрөнүн обону» деп черткенин Көпбай Күмүшалиев жазган.[56] Тарыхый инсандарды музыка тилине сүйлөтүп, ага коомчулуктун назарын буруп, жакшы жышаан баштаган темир ооз комузчу Сүйдүм Төлөкова «Төрөтай эже» баянына кайрылып күү жараткан,

«Төрөтай окуясын» Омор Эркетанов, Жапар Кенчиев, Эсенкан Шүкүров, Кызай Жумабекова сыяктуу республикага аты дайын санжырачылар биринен ашыра экинчиси төп келтире айткандарын эшиткен элем. 1990-жылкы санжырачылар курултайында Жумабек уулу Кызай алып чыккан «Төрөтай эже» санжырасы көркөмдүк-идеялык жеткилеңдиги, кара кылды как жарган калыстыгы менен угармандар купулуна толгондугу али эсимде.

«Бала сурасаң Манжылыга бар (Тоң районунда Кажы-Сайга жакын касиеттуу мазар), баш сурасаң Мойт акеге бар» деген лакап сөз бар элде. Белектин тукуму Алдаярдын 5 уулунун бири Мойт акенин Ыстамбегинен төрөлгөн кыздын атын Төрөтай коюшкан. (Төрөтай Алдаярдын Абыкесинен дегендер да бар). Төрөтай эже окуясы, болжолу Ормон өлтүрүлгөндөн (1854-жыл) кийин, же 1856-1857-жылдарга такалат. Бул кезде Төрөтай 18 жашта болсо, анын туулган жылы 1830-жылдардын орто ченине туура келет.

Ормондун кунуна оңду-солду Көл жээгин канга боёсок деп, көксөөсү суубаган сарбагыштын сай мыкты чыкмалары жардам сурап, казактын Тезек төрөсүнө кайрылышты. Бул окуяга кулагдар бугунун билермандары да эки күнү кеңеш куруп, дөөлөс Сарт акенин акылына токтолуп, Тилекмат «жойкараны»

56 К. Күмүшалиев. Алар баштоочулардан болушкан. – Ф., 1979, 173-бет.

Текестен алдырышты. Кыйчалыш кырдаалды баяндай келип: «үч айгыр үйүр жылкы, күлүк ат, чыгаан жорго сылай күмүш, жамбы жүктөгөн атан төө баштаган белек-бечкек менен Тезек төрөгө тезирээк жетпесек, алды жакта кыяндай акчу кызыл канды көрүп турабыз», – дешти жакшылар.

– Акылыңарга кулдугум бар, аксакалдар! Көр-дүнүйө чаташкан түйүндү чече койбос. Жаныма бала Карачты кошуп бергиле, калганын бара көрөрмүн, – деди Тилекмат. Айтканы айткандай орундалып, бала Карач жанында Тилекмат элчи казак жерин аралап, Тезек төрөнүн ордосун таап, ыгын келтирип, жолугат да:

– Төрөм, мен бугу элинен келдим. Сарбагыш-бугу кайта чабышканы турат. Бугу эли Текеске көчүүнүн камында. Төрөгө ылайыктуу Төрөтай деген кызыбызды алып калсын деп, Сизге аманат айттырышты, – дейт.

Сулуу кызга сугу канбаган төрө сарбагыштан келген элчилерди кайтарып жиберип, Тилекмат элчи менен орой көз чарай отуруп, кыз алуу маселесин чечишет. Эл жайлоого көчөр алдында күйөөлөп баруу жөнүндө сөз бекитишет. Элчини узатып коюп эли-журтун чогултуп, Тезек төрө сөз баштайт:

– Бугу, сарбаргы бир атанын балдары жауласып жатса, казак-кыргыз кудаласып, кыз алганы отурмыз гой. Салт боюнша калыңы, каадасы менен кыргыз кудаларга барайлык...

Белгиленген мөөнөттө күтүрөп казактар кыргыз кудаларына жөнөп калышат. Боронбай, Сарт аке, Тилекмат башында турган бугунун жакшыларынын акылы менен кыз өргөөсү, күйөө өргөөсүнө улай Күрмөнтүнүн аягындагы Көк-Жайыкка тигилет. Тезек төрө Табылгытыны ашып, Күрмөнтүгө түшүп, күйөөгө арналган ак өргөөдөн орун алат. Дүйүм тамакка толгон дасторкон үстүндө эки элдин жакшыларын келер-кетер кеп-сөздөр аралайт. Сөз учугун чубама узун сакал Байбусурман деген казак сынчысы улаган дейт:

– И-и, йе кыргыз агайыңдар, басынан бир журт едик, енди Кудай косып куда болдык, таанысып отурайык, – Анау кулагынын көншөгү ыйыгына түскөн каскыр көз, бүркүт кабак, бир моюн кайсы жигитиңдер?

– Бул – Эшкожонун Балбайы, – деп жооп берет Боронбай бий.

– Ой бай ау, ээси саксынбаса бир түндө миң кой кыра турган көкжал екен гой мунуңар. Мынау суушул кара таан көздөнгөн кара жигитиңдер ким?

– Ал Жылкыайдардын Тилекматы.

– Па ширкин, айткан сөзи ем, адамдын булбулы экен ау.

– Онау казмоюн ыйык сал кайсы жигит?

– Бул – Чүрүмдүн Өмүрү, – дейт Боронбай.

– Паа ширкин ау, айгайында Айдархандын сүрү туру гой бунуңда.

Байбусурман кырка көз чаптыра келип:

– Анау жотолы карасакалыңдар ким? – деп сураганда.

– Бул Салмаке Тоокенин Ногой деген уулу, – деп суроо ыраатына жараша жооп узатат Боронбай.

– Ойпырым ай, Кызылбөрүк Жалбынын кара бүркүтү алдымызда тур гой, – деп сынчы чочуп кетет. Анын жөнү: Казак Кызылбөрүк Жалбы баатыр кыргыз агайиндерге келгенде, Тооке байбичеси экөө тай союп, баатырды конок кылышкан. Ошондогу батадан бүткөн Ногой баатырга кийин «Томуктай Тоокеден тоодой Ногой баатыр тууларбы» деген сөз калган...

Үч күн өткөндөн кийин отургандардын алдына казак сынчысы жана сөз салган дейт:

– Бугу туускандар, енди кайтканы турмыз. Сендерге айтатын еки ауз сөзим бар. Тауңдар бийик экен, көлүңдер тунук екен. Дастарканыңдар казак далаасындай кенен экен. Нускасы бийик каз дабыстуу карыяларыңдар бар экен. Каман, жолборско капилеттен кол салчу баатырларың бар экен. Түйдөктөп сөйлеп, түймелеп жыйынтык шыгарган сөз билги шешендериң бар экен. Каада күткен касиетти ел екенсиңдер. Енди айтатын сөз – бугу, сарбагыс туускан бир елсиңдер гой, ынтымакта болыңдар. «Өзден шыккан жат жаман». «Өзектеш – өнектеш болуңдар, жакын отырып айылдас, жайлауга көшип бирге конуңдар... Бул айтканым менин сөзүм эмес, Тезек төрөнүн сөзү. Канаттас тууган казак елинин сөзи. Шаганаңар бийик болсун, босагаңдар бекем болсын. Оомийин, аллоу ахбар», – айтып бата кылат.

Тилекматтын зайыбы Кенжеке, Боронбайдын зайыбы Алмакан дагы бир канча нарк билген каз элечек байбичелер күйөө-кызды жолуктурмак болушат. Төрөтайды көргөндө Тезек төрө обдулуп, тура калып, мүдүрүлүп кеткен экен. Айжаркын чырай, ай чапчыган бийлик ээсин алдастатып, сүрдөткөн дешет. Байбусурман Төрөтайды көрүп, «бар мүчөсү келишкен Ысык-Көлдүн шагаласы екен гой» (шагала – акчардак) деп жактырып, ак жаак болуп калганынан шек санаганы айтылат. Кыз узатуу

мезгили жетип, жеңелери Төрөтайдын саамайларын жандырып, эки өрүм менен башына шөкүлө кийгизип, мойнуна сөйкө илгенде олоң кара чачка байланган чач учтугу согончокко чабыла берип, ансайын сымбатын ашырып, суп-сулуу көрсөтүп турган дейт. Кымкап чапанды үстүнө жаап, атлас жоолукту бүркөнчүк кылып, кайын сиңдисине маңдайлаша сыңар тизелеп сырдана жеңелер кошок созот.

1-жеңе:

Ак куусу элең көлүмдүн,
Кызыке, жаркыны элең жеримдин.
Алыска кетип барасың,
Кызыке, аркалап жүгүн элиңдин.

2-жеңе:

Турасың туурдан учканы,
Кызыке, туйгунум элең таптаган.
Эл үчүн туулган кыз болдуң,
Кызыке, эненин сүтүн актаган.

3-жене:

Атадан калган салт экен,
Үйлөнтүп кыз алышмак.
Төрөтай бийкеч болбосо,
Сарбагыш-бугу чабышмак.

4-жеңе:

Даңазаң чыгып чет элге,
Данакер болдуң эки элге.
Тууган кылдың эки элди,
Кызыке, туулбапсың бекерге....

Кошок аяктап, Төрөтайды атказуучу учур да келип жетти. Туура тарткан чүрөктөй жээрде кашка аргымакка бут салып, бутакка конгон кыргыйдай күмүш ээрде отурган Төрөтай сулуунун шаңы ак элечек оронгон Ала-Тоонун шаңына айкаша берип, эки керемет дүйнө бирине-бири жуурулуп, көрүп тургандардын көз жоосун алып барат...

Көйкөлүп жаткан Көл сулуу да түрмөктөлгөн толкун кубалап, жээктен-жээкке урунуп, Төрөтай сулууга кол булгалап, коштошуп жатат. Сымбатына сын жеткис камыш кулак, жибек жал жээрде кашка жаныбар ээсине жаны ачыгансып, тынчы кетет. Бир саамга

тизгин жыйган Төрөтай Көл-Энеге көз чаптырып, карек ирмебей катып турат. Мелт-мелт тамган тамчы жашты илип алып, түрмөк толкун тереңге сүңгүйт... Эмелеки жеңесинин:

Ак куусу элең көлүмдүн,
Айжаркын кызы жеримдин.
Алыска кетип барасың,
Кызыке, аркалап жүгүн элиңдин, –

деген кошок көңүлгө дем берип, элдин кызматы үчүн алтын башты садага чабууга бел байлап, кайратын бойго жыйып, күмүш сап камчыны сылай шилтеп, ойдологон жээрденин оозун кое берген экен....

Тезек төрө менен Төрөтай окуясынан кийин сарбагыш-бугу ичи тынчып, сокур намыска ууккандардын такымынан союл түшүп, эл жакшылык-жаманчылыкка катышып, жайынча жашай баштаган. Тезек төрөнүн Төрөтайдан туулган балдары бир айыл болуп, кыргыздар менен күнү бүгүн таяке-жээн катышта жашап турушат.

Кыстырма: Тезек төрө Төрөтайды «жубан алган, жок кыз алган» деген эки ача сөз бар. Буга жооп катары, эл оозунда төмөндөгүдөй икая бар: Төрөтайдын кайындаган күйөөсү ат тезегин кургатпай апта сайын келип-кетип турчу, бирок калың-каадасы менен узай элек, ал ата төрүндө отурган карадалы кыз деп саналчу. Жеңеси:

– Кагылайын кызыке, казакка кете турган болдуңбу? – деп көздөн жаш кылгыртса.

– Алда айланайын боорукер жеңем ай! Сарбагыш, казак биригип бугуну чапса, бир жоокердин канжыгасына байланып барып, «олжо катын» атыгып, душманга күң катары кирип жашагыча, эл намысы, журт бейкуттугу үчүн казак болсо да баш байлап, каадалуу катын атанганым артык эмеспи – деген экен.

Дагы бир жеңеси бетин чымчып:

– И ботом, кызыке, чачың эки ача болуп калбады беле, аны кантмексиң? – десе:

– Акылдуудан амал качып кутулабы, жеңе? Анын да эбин табаармын, кыз болуп кыңшылаармын, – деп мыйыгынан жылмайган экен.

# КУРМАНЖАНДЫН КӨЗ ЖАШЫ

Атажурт тагдырын моюнга аркалай билген Курманжан даткадай кыргыздын кыраан кыздары гана элдин элдигин, эрдин эрдигин сактап келген. Жарты кылым бийлик туткасын кармап, эчен кыйын кырдаалды баштан кечирген. Курманжан датканын оош-кыйыштуу өмүрү улама-дастандарга айланып, болмуштарда жомоктолуп, кошок болуп созолонуп, арман салып ырдалып, аспап күүлөрүндө жаңырып, эл рухунан орун алган. Курманжан баяны атактуу аалым Молдо Нияздын жазмаларында, Арстанбектин казалдарында, Белек Солтоноевдин тарых саптарында калган. Алымбек датканын улуттук музыканы өзгөчө урматтаган, алардын эржүрөк уулдары элдик өнөргө астейдил карап, таңшыта комуз чертип, татынакай күүлөрдү жараткан.

«Алымбектин тун уулу Абдылдабекин баласы Мырзапаяздан төрөлгөн Нисакан аттуу кыз менин чоң энем. Атам Байтиктин комузчулук өнөрү ошол тайларынан оошкон. Анткени, Алымбектин уулу Мамытбек, бакма уулу Карыбектин Жамшитбеги өз мезгилинин чыгаан күүчүлөрүнөн болгон. Элге белгилүү «Курманжандын көз жашы», «Мамытбектин шаңшыма», «Жамшитбектин жай толгоо» сыяктуу күүлөрдү ошолор жараткан. Комузун колуна алганда атам ушул күүлөрдү чертип, күү баянын бир баштан айтып, кулагыбызды бышыра берчү. Ошондон уламбы, менин репертуарымдын өзөгүн түгөлү менен атам черткен күүлөр түзөт» деп жазат Чырмаш Байтик уулу Кара-Кулжадан.

Курманжан датканын өлбөс-өчпөс элесин комуз күүсүнө салып, аксакал комузчубуз Болуш Мадазимов Датка айымдын 180 жылдык маарекесине «Курманжан датка» күүсүн арнаган. Муңайым күүгө салттык «ботойлордун» ыргактары тандалып, ажал сыйыртмагы алкымдаган уулунун күйүтүнө зил бүрккөн эне жүрөгүнүн арманы душманына сыр бербес аял жолборстун ичтен тепкен изги кайрат деми жаңырып жаткандай.

Күү чыгарууга талаптуу комузчу Шарыйпа Кемелгазиева кыл кайрыгында датка-эненин образын даана ачкан. «Ийне менен кудук казган» изденүүлөрдү акыры ийгилик жылоолойт тура. Менин да чымырканган эмгегимдин акыбети кайтты, беш-алты күү жараттым, анын бирин «Эненин жүрөгү» деп атадым, – дейт Шарыйпа. – Күү мажордук угумга көбүрөөк ыкташып тургандыктанбы, атын белгилүү бир окуяга ылайык конкреттештиргим келди. Дегинкиси ачуу менен ызааны, каар менен каргышты акыл таразасына салмактап, аны муштумдай жүрөгүнө батыра алган Курманжан даткадай айкөл эненин асыл касиетин алып чыксамбы дедим. 1992-жылы опера балет театрында өткөрүлгөн акындар менен комузчулардын кароо сынагында ошол күүмдү ортого салып. «Курманжан датка эненин жүрөгү», деп атадым эле, калыстар тобунан:

– Аты кыска болгону жакшы. «Эненин жүрөгү» десеңиз жетишпейби, – дешти.

– Макул, – деп койупмун. Кийин өкүнүп калдым. Ошол аталышта кетти – дейт, Шарыйпа.

Курманжан беш уул, эки кыз төрөп, аларды эрезеге жеткирип, эл катарына кошкон, «алдын бала баскан, артынан дөөлөт ээрчиген», оту өчпөгөн коломтонун ээси, балпайган ырыстуу байбиче-эне. Улут бүтүндүгүн уруулар биримдигин сактап, алакандай журтун аздырбай, томуктай элин тоздурбай канатка калкалаган журт энеси.

Курманжан датканын көп кырдуу инсандык табиятындагы мына ушул ыйык касиет – эне жүрөгү аспаптык чыгармалардын (күүлөрдүн) жаралышына себепкер болгон. Кокон хандыгындагы так талашуу таймашы өмүрлүк жары Алымбектин башын жутса, Россиянын баскынчы бийлиги түндүгүн түшүрө чаап, балдарын чилче таратты: тун уулу Абдылдабектин бөтөн жерде өмүрү кыйылды; Камчыбеги дарга асылды; Мамытбеги, неберелери сүргүнгө айдалды. Анын катаал да, татаал да узак өмүрүн мүшкүлдүү окуялар коштой жүрдү. Мына, ошол мүшкүлдүү окуялардын туу чокусу боор этинен сызылып чыккан сүйкүмдүү уулу Камчыбектин көз алдында даргага асылышы болду.

1895-жылдын күзүндө Камчыбектин катыны Асел айымдын көчү Бүлөлүнүн чатына жүктөрүн түшүрөт. Таңдын үрүл-бүрүлүндө аттарын көл шалга түшүргөн бакылоочулар (Павло Шыйковскийдин поручиги Коршунов отрядынын солдаттары)

ай-уйга келбей, бешиктеги баланын күлтүгүнө чейин аңтарышып, апырык менен сапырыкта Асел айымдын чач учтугун (анда сандыктын ачкычтары байланган эле) кесип алышты. Шектүү эч нерсе таба алышпаган зөөкүрлөр сандыктагы пулга (акчага) көзү түшүп, аны да жымырышты. Бул жорукка чыдай албаган, Маман палбан тигилердин көзүн тазалап, сөөгүн жашыра салып, көчтү улап кете беришти.

Дайынсыз жоголгон бакылоочуларды издөө башталат. Бирок өлгөндөрдүн дайыны табылбайт. Ошол учурда Баба (Алымбек датканын иниси Осмондун уулу) жана Мамат зөөкүр окуяны тымызын иликтеп билип, оёзго чагым кат жөнөтөт. 50 куралчан солдат келип, чагымчылардын көрсөтүүсү боюнча өлгөндөрдү таап, 21 адам камакка алынат. Булардын үстүнөн сот болуп, Камчыбек менен Маман палбанды өлүм жазасына, Мамытбек, Мырзапаяз, Арстанбекти Сибирге айдоого өкүм чыгарылат.

1897-жылдын 3-марты. Оштун эски базарында быкбырдай кайнаган элдин алдында Камчыбек менен Маман палбан дарга асылмак. Калкамандаган эл... Тунжураган көпчүлүк... Туңгуюкта буулуккан ачуу сезимдер... Көөдөндү ныгырган жүрөк онтоолор... Көз чайыган мөлт-мөлт тамчылар... Секичеден салаңдаган дар сыйыртмагы «ажалың менден, сал башыңды» дегенсип, жазыксыз жаш өмүрлөрдүн өлүмүн күтүп турат. Ажалдан көзүн ала качкандай, дар түбүндө Камчыбек апкаарып... ажал өктөм, ар намыс алсыз, чиркин! Ой-санаа эне жүрөгүн мыжып, шакардай кайнаган намыс сезимин дүүлүктүрүп, бирок ачуу душман, акыл дос» таанымын эш тутуп, сол колдун шаштысын оң колу менен токтотот: Аттигиниң! Башка келген оор да, ойрондуу да жазаны көтөрбөскө чара жок белем?!

– Балам, шейит өлүм башыңда турат, башыңды көтөр! Эр жигит өлүмгө тике карап, күлүп барат. Уулум, шейиттик жигит парзы, биз эми тиги дүйнөдө көрүшөбүз!.. – деп, эки колун жайып, уулуна бата жолдойт эне. Калкылдаган калың эл «О-о мийин!» деп кол жайганда жер дүңгүрөп козголот.

Эненин кайратын эш туткан Камчыбек айланасын сыдыра карап, асманга карек таштайт. Анан желдеттерди теше тиктеп, секичеге көтөрүлөт. Аллага сыйынып, бутунун алдындагы таканчыкты тээп жибергенде, мойнундагы сыйыртмак үзүлүп түшөт. Курманжан датка орус генералына карап: «Күнөө бирөө, жаза да бирөө...» деди эле генерал укмаксанга салып, Камчыбекти кайра

астырат. Адилеттиктен тайыган орус бийликтерине наараазы датка айым: «Кош уулум, энелик ак сүтүмдү кечтим!»... деп, акыркы жолу баласына кайрылып, Боз жоргонун башын бурат. Эч кимди көзүнө илбеген, эч кимди бушайманга салбаган каарман эне муңга батып, мууну бошоп, жалга өбөктөп, көзүнөн жаш сызылып барат. Жаш Бозжоргонун жалын нымдайт. Он ай көтөрүп, омурткасы сөгүлүп, ак сүтүн берип, алпештеп чонойткон алмончоктой уулунан ажыраган эненин арман күйүтү, азуусу курч жырткычтын тырмак алдында калган кайберен сыңары азгантай элинин кыяматтын кыл көпүрөсүндө кылтылдаган аянычтуу тагдыры – мына, ушул кош күйүт Курманжандын жүрөгүн барча-барча тилип, көмүскө жерде көз жашын көлдөтүп барат. Курманжан датканын узак өмүрүндөгү эң аянычтуу ушул учур комуз кылына тандалып алынып, «Эненин жүрөгү» («Курманжандын көз жашы») аталып, акылмандуулуктун, аруулуктун, ар-намыстын ариетин даңазалап чертилет.

Кабылан дүйнө кутумду,
Кайрылбас жакка учурдум.
Камчыбек, балам, туйгунум,
Капаска түшүп тутулдуң.
Жазасы болуп сыйыртмак,
Жаш жаның кыйып кутулдуң.
Калкыма тилеп ынтымак,
Кайгымы ичке жутундум.
Элиме коога кезигип,
Энеңде жүрөк эзилип.
Эр жигит коргоп ар-намыс,
Эңкейбей кеткен өлүмгө,
Эми чыдайм го шорум сезилип.
Ичимден ыйлап турганда,
Ирмебей кирпик курганды.
Иргесем акыл ажалды,
Имерип душман туйбайбы.
Кесири тийип элиме,
Касташкан душман кырбайбы?
Ак көйнөк кийип турганым,
Айттырбай аза кылганым.
Ак сүтүмдү актадың,
Азапты күтүп турганың.
Тумчуктуруп тайгылтып,

Туюкка тагдыр бурганың.
Мойнуңда аркан кыл чылбыр,
Койнума түшкөн жыландай.
Керемет болгон тагдырдан,
Кудурет жетпей, жыла албай...
Калкыма түшкөн түйшүктү
Кайрат менен тартайын.
Коогалаң болуп кетпесин,
Курманга сени чалайын.
Өмүрүң кыска болсо да,
Өзүңчө намыс коргодуң.
Кайыр кош, балам, кайрылгыс...
Кут болсун шейит болгонуң.

*(Курманжан датканын кошогунан)*

Камчыбекти дарга астыруу менен баскынчы бийлик жергиликтүү элдин жүрөк үшүн алып коюуну көздөгөн. Муну датка-айым эң жакшы түшүнгөн. Анын кичинекей эле ишаараты ачууга уугуп, ызаага буулуп турган элеттиктерди бууракандатып көтөрүп жибериши ыктымал эле. Алдыртан кам турган куралдуу солдаттар албууттанган көпчүлүктү мөндүрдөй жааган ок астына алса, Камчыбектин соңунан ондогон, жүздөгөн бейкүнөө пенделер шейит кетмек, бөөдө кыргынга учурамак. Мына, ушул калабадан элин сактап, уулун өлүмгө кыйды. Тагдырдын мындай оор сыноолоруна датка-айымдын тубаса зирек акылы, жигердүү аракети гана туруштук берген.

Жалган айткан кыбаагер,
Жазасын берер Кудаа бар.
Канаты күйсүн кыбаагер,
Калп айтканга Кудаа бар.
Каралаган кыбаагер,
Карөзгөй ага Кудаа бар.

Курманжандын ата-теги, өмүрү туурасында үчүн учкай болсо да маалымат келтирүү ашыктык кылбас. Курманжандын теги – мунгуш. Мунгуштан – Жоош, Төлөйкан, Жагалмай, Коштамга. Коштамгадан тараган – Жапалак уруусу. Курманжандын атасы Мамашбай – Мады тараптагы Жапалак уруусунан. Курманжан 1811-жылдын жай чилдесинде Оштун үстү Жапалак деген жерде Мамашбай (Маматбай деп да айтылып жүрөт) деген мал-

жандуу, ондогон танап жери бар адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Курманжан он жетиге толгондо Жоош уруусундагы бешик-куда Каргабаш бийдин баласына узаткан. Бирок зили асыл, дили таза, акылга дыйкан келин жубайына бой салбай убакытты создуктурбай төркүнүнө баса берген. Бул кадамды «салтты аттаган бейбаш келиндин жосунсуз жоругу» катары бааланганлар да болду.

Ошол учурда Алайлык кыргыздардын билерманы, Кокон хандыгында таасири күч Алымбек датканын «эр чанган ээн баш келинге» (Курманжанга) көзү түшөт. «Насили таза, пашазаада боло турган жан экен» деген ишенимде калыңын бычып, каадасын жасап, аны Алайдын Жошолусуна көчүрүп алган. Бири эрден, бири аялдан ичи чыкпаган эки жубай табышып, турмуштун ачуу-таттуу даамын бирге татып, 34 жыл чогуу өмүр сүрүштү. Бийликтин каргалашуу кармаштарында бирине-бири жөлөк болду. Акыл жөндөмүн, кайрат-күчүн алдыдагы максатты ишке ашырууга арнашты. Курманжан Алымбектен 5 уул, 2 кыз төрөдү. Курманжан датка 1907-жылы 1-февралда 96 жаш курагында о дүйнө салып, 10 жыл мурун шейит кеткен Камчыбегинин кабырынын жанына, Ош шаарындагы Сары-Мазар көрүстөнүнө коюлду. Орус солдаттар күзөттө туруп, кыргыз, кыпчак, казак, кашкарлык сарттар өкүрүк салып, балдары-урпактары жоктоп, калайык калк ариетин кылып, колмо-кол табытын көтөрүп, жолмо-жол акындар арман «кошогун» созуп, сөөктү жашыруу аземи ардакталып өткөрүлдү. Курманжан дүйнө салган убакта андан тараган укум-тукумдары 183 адам болгон.

## Алымбек датка

Алымбек датка көп учурда Курманжан датканын көлөкөсүндө калгансыган жагдайлар бар. Адабий-музыкалык маданиятыбыздын алкагынан алып караганда акын Молдо Нияз Алымбекке канча ырлар арнап, аны кагазда калтырып кетсе, Арстанбектин канаттуу ырларында, таңшык күүлөрүндө ал жумурай журтка тегиз тараган. Алымбек даткага арнаган кошоктор ооздон-оозго өтүп, элдик оозеки чыгармаларды байытып келген.

Кокон хандыгындагы экинин бири Алымбек даткага бийлик кумары гана башкы орунда турган эмес, ал ошондой эле, элдик мураска да этият мамиле жасаган. Барымтага башы байланып, хан сарайында кайтарууда жаткан Буйлаш бий баштаган түндүк

кыргыздардын билермандарын азат кылууда Арстанбек булбулдун өнөрү себеп болгон. Бирок, андагы жооптуу да, кооптуу да опурталдуу «оюндун» оңтоюн келтирүү, өнөрдүн баркына жетүү Алымбектин гана колунан келген. Ыр толкуну ташкындап, күү казаны кайнап, бабалар мурасы байырлаган Алымбек датканын коломтосунда канча күүчү, кыякчы, чоочу, найчы, комузчулар болбогон.

Алымбек датканын атагы Анжыянды солкулдатып, хандык пармана менен жүздөгөн теше жерге ээ болуп, байманасы ашып-ташып турганда Курманжандай асылзаада аялзатына никеси буюрду. Ошол мезгилде Ош шаарынын дал ортосуна Фергана өрөөнүндө теңдеши жок медресе салдырды. Медресенин баш мударистигине Чыгыш өлкөлөрүндөгү белгилүү аалым Хаджи Мухамадды алдырды. Алымбек датканын алдыга койгон максаты өтө зор болгон: Ал кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекеттүүлүгүн түзүүнү жана алдыртан жөө тумандай каптап келе жаткан падышалык баскынчылыкка бөгөөт турууну самаган:

Манас, Бакай кезиндей,
Эр болсок дейм күрдөөлдүү.
Оң-Сол кыргыз биригип,
Бел болсок дейм сүрдөөлдүү...

Бирок бул асыл максаттарын ишке ашыра албады. Кан күсөгөн бийлик кармаштарына алтын башын садага чаап, шейит жолунда жалган дүйнө менен кош айтышып кете берди.

Алымбек 28 жашында Алайдын башкаруучусу, андан соң Анжиянга аким болуп дайындалган. 30 жашында «датка» деген ардактуу наамга татыган. Ал бийлик тепкичинде хан тактысына жете албаса да, баш вазирликке чейин кызмат орунду ээлеп, Кокон хандыгында жогорку мансап даражасындагы экинчи адам катары таанылган. Алымбек Асан уулу 1800-жылы Алайда Каргаша деген кыштакта туулган. Адигине уруусунун Баргы бутагынан. 1816-жылы Кокон шаарынын аксарайында ага каршы уюшкан кутумдар уу берип өлтүрүшкөн.

Бухара эмиринин жана Кокон хандыгынын тушунда эң көрүнүктүү ишмерлерге, кадыр-барктуу адамдарга «датка» наамы ыйгарылган. Борбордук Азия аймактарында зоболосу бийик мындай адамдар ченелүү гана болгон. Алардын арасында кыргыздардан: Жумгалдан Медет датка, Чүйдөн Айдарбек датка,

Таластан Ажыбек датка, Алайдан Алымбек датканын катарында «Алай ханышасы» Курманжан датканын ээлеген орду өзгөчө. Атпай кыргыздын энеси, айкөл Манас төрөсү, аялзатынын асылы кайран энең Каныкейдин калкына карамдуу, элине алымдуу, ынтымакка данакер, тынчтыкка дабакер «каныкейлик» асыл турпатын кыргыз зайыптарынан Курманжан датка гана кайталай алган. Дал ошондуктан, Каныкей менен Курманжандын элеси аруулук менен акылмандыктын, эркиндик менен эгемендүүлүктүн, оту өчпөгөн коломто куту – энеликтин ыйык символу болуп кала бермек. Булардын айкелдери борбор калаабыздын чок ортосунда касиеттүү Ала-Тообуздай шаңкайып турса урпактар үчүн үлгү, улуулар үчүн билги, досторго сүйүнүч, душманга күйүнүч болмок. Курманжан датка менен Алымбек датканын ысымы, өмүрү, ишмердиги, жүрөгү, мээрими – адабий, маданий, илимий тармактагы түбөлүктүү тема. Эл оозунда айтылып келаткан ыр, дастан, кошокторго оюлбас булак, ченемсиз материал.

Билерик шакек күмүштөн,
Билгендер айтат имиштен.
Сөйкөсү алтын күмүштөн,
Сөз кылышат имиштен.
Кара чаар ээрчиген,
Жолборсу болчу эле дейт.
Кайыптан датка-эненин,
Колдоосу болчу эле дейт.
Бешигинде шам чырак,
Күйүп турар эле дейт.
Алдын ала ар ишти,
Билип турар эле дейт.
Кыргыз элге датка-айым,
Акыл болуп турган дейт.
Кыңк этпестен бектери,
Макул болуп турган дейт.
Ыдыратпай урууну,
Бийлеп турган датка-айым.
Ынтымакка эл ичин,
Үндөп турган датка-айым.
Анжыян, Арка, Алайга,
Аты кеткен датка-айым.
Ак падыша Оруска,

Каты кеткен датка-айым.
Кытайдагы кыргыздар,
Кыйын билген датка-айым.
Оогандагы кыргыздар,
Сыйын билген датка-айым
Кыз Курманжан бир киши,
Кызыгын сөздүн баштаса,
Кыңк этпей уккан миң киши.
Аялдан чыккан бир киши,
Акылын уккан миң киши.
Ак элечек ардагы,
Ал – Каныкейдин сиңдиси.

# МУЗООКЕНИН МУҢДУУ КҮҮ

Дүңгүрөгөн дүйүм топто Арстанбектин соңунда келаткан жаңы муундун күр-шар түшкөн толкундары: Солтобай ырчыны (1840), Көкөтөй куудулду (1849), Тыныбек манасчыны (1846), Жеңижок акынды (1834), Молдо Кылыч жазмакерди (1866), Молдо Ыскакты (1844), Жоошбай шайырды (1840), жана башкаларды атасак, улуу муундун өкүлдөрү болуп: Калыгул олуя (1785), Келдибек манасчы (1800), күү чебери Музооке (1799), Балык ырчы (1799), жана башкалар эсептелген. Ал эми Молдо Нияз (1826), Назар (1828), Күрөңкөй (1820), сыяктуу шайырлар болсо, Арстанбек менен курбалдаш жашап өткөн.

«Тең теңи менен» демекчи, алпка алп теңдешсе, акылга акыл жуп келет. Арай көз чарай отуруп, муңдашууга да, сырдашууга да, чымчылашып чырдашууга да артыкча талант, айкөл өнөр керек. Мына, ошол артыкча талант, айкөл өнөр ээлеринин бири Музооке заман муңун жүрөгү менен туйган, турмуштун оор жүгүн кажыбас кайраты менен көтөргөн, кайгы-касиреттен арылуунун жолун көркөм сөз дөөлөттөрүндө, көөнөрбөс кыл кайрыктарында журтка жарыя кыла билген, күү тарыхына өчпөс из калтырган «Музоокенин муңдуу күү», эки кылым өтсө да эл жүрөгүндө уялап келет.

Музооке XVIII-XIX кылымдын тогошуусунда жарык дүйнөгө келген. «Болот калем» романынын автору, Тоголок Молдонун өмүрүн жана чыгармачылыгын иликтеп, адабиятта чагылдырган эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин маалыматында: Музооке 1799-жылы туулуп, 1878-жылы өлгөн. Музоокенин атасы Жаманкара мартабалуу адам болгон, саяктын Ыман, Чоро уруусунан (тарыхта Жанболот баатыр, Тайлак баатырды берген эл).

Музоокенин ырчылык, комузчулук өнөрү, жаш кезинде эле алты дубанга тарап, атагы дүңгүрөп алыска угула баштаган. Эр жетип, ат жалын тартып минип, айыл аралап калган кезде атасы Жаманкара Дербиш деген бардар адамдын Кишике аттуу кызына

куда түштү. Ал кездин салтында эки тарап кан базарга салгандай соодалашып, кыздын калыңы бычылчу. Музооке атасынын көзү тирүүсүндө калыңды оор топондоп өткөрө баштаган. Бирок, Жаманкара баатыр келинин өз колу менен көшөгөгө киргизе албай о дүйнө сапар салды. Аза күтүп, ата карызын өтөө Музоокенин мойнуна түшүп, ашы-жытын бергиче колдо болгон мал-мүлктүн аягына чыгып калган. Жыл айланган маалда кайын журтуна үйлөнүү жөнүндө кабар айттырды. Кайнатасы Дербиш:

– Бычылган калыңды чып-чыргасын калтырбай төлөмөйүнчө кыз берилбейт – деп, кесе жооп кайтарды. Бул кабар узун кулактар аркылуу Солтонун мартабалуу адамдарынын бири Байтик баатырдын агасы Бошкойго жетет. Бошкой «келсин» деп Музоокеге киши жиберет. Музооке Сары-Өзөн Чүйгө келип, Соң-Көл жайлоосун аралап, бир айча колмо-кол ызааттаган элдин сый-урматында болот. «Аркардын мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет» дегендей,

«Аркарды кууса жетпеген,
Аргымак аттын токтугу,
Айдап калың бере албай,
Ашыгына жете албай,
Азаптуу малдын жоктугу –

деп, арман күүлөрдүн, ырлардын канчасын төктү. Музоокенин өнөрүнө ыраазы болгон, эл бийлеген сөөлөттүү-дөөлөттүү манаптар аянбады. Кетеринде Бошкой аксакал Музоокеге суусар тебетей, ичи-сырты менен мырзалардай кийим кийгизип, 3 тогуз (27) жылкы олжо буйласы менен айдатып, эки жигит кошуп берип, Шамшынын белинен ашырып коюшту. Жанында көп жолдошу жок, жылкы айдап бараткан жалгыз бой адамга сарбагыштын кайгуулдары карп-курп жолугат. «Булар уурдап келаткан жылкылар болуш керек, ууруну каракчы урат кылалы» дешип, кара кыяны эңкейип, Сары-Ала-Саздын боюна келгенде качырып сала беришет, Музоокени айбалта менен башка согуп, жылкысын, куржун-кечесин тартып алып, коктудагы бир үйгө жеткиришет. Музоокенин баш сөөгү аман калып, айбалта терисин шылып кеткен экен. Карактагандардын башчысы Ысман деген (бир кабарда Мантай деп айтылат) боорсок жасап жаткан катындарга: «Жылкы тийип келаткан ууру экен. Башындагы жарыгын шиш менен сайып биротоло тындым кылып койгула» деп кете беришет.

Аялдар бир чөйчөккө эки ууч чий боорсок салып келип, өлөсөлүү жаткан «уурунун» башын жөлөмүш этип, «сен сай, мен сай» болуп турганда элдир-селдир эсине келген Музооке көзүн ачып, керегеде илинип турган комузду «алып бергилечи» дегендей ишаарат кылат. Катындардын бири комузду алып, жарадардын колуна карматат. Дагы бирөө «башы жарылган» адамдын аркасына жөлөк коюп, күү тыңдай башташат. Музооке мындуу күү чертип:

Айбалта тийген башымдан корком,
Атала кылган ашыңдан корком.
Чий боорсок сайган шишиңден корком.
Чын калыс кылбас ишиңден корком.
Чогулган кемпир кимиңден корком.
Беркиңден коркпойм, тигинден корком.
Сүйлөй албаган тилимден корком –

деп, булдуруктап ырдай баштайт. Дагы бир вариантта мындайча айтылат:

Көк көз жеңе ай, көзүңдөн корком,
Өөдүр-сөөдүр сөзүңдөн корком,
Талашкан эки бийиңден корком,
Кармаган колдо чийиңден корком...

Байбичелер мундуу күүгө жүрөгү жибип, ырчынын айткан сөзүнө муюп, боору ачып, комузчуну аяп, бири-бирин карап, комуз алып берген зайып элечегинин салакоймосунан айрып, бир чеңгел куу коюп, башты илинип таңып, жаткырып, таңгамаал тамакка тойгузуп, качырып жиберет.

Сенделе баскан Музооке кайнатасы Дербиштикине жетип-жетпей жыгылат. Болгон окуяны эшиткен Дербиш кечиктирбестен солтолорго кабар айттырат. Солтолордун жакшысы Бошкой аксакал Музооке алдырган мал-мүлктү таптырып, ээсине кайтарат. Ошол кайтаргандарды түгөлү менен айдап Дербиштикине келишет. Дербиш даңазалуу той өткөрүп, кызы Кишикени күйөө баласы Музоокеге узатат.

Музоокеге байланыштуу дагы бир окуяны Калык ырчы мындайча эскерген: «Нарындын чоро элинде өзүнчө жүргөн Музооке Кочкордогу чоң аш берилген жерге келет. Сарбагыштын эки көпкөн манабы «ырчыны мен ээрчитем» деп талаш чыгып, талаш чабышка айланат. «Ашка тоскоол кылган сенсиң!» деп

Музооке ырчыны өлөөрчө сабатып, бир жесир кемпирдин үйүнө таштап койгон. Ошондогу Музоокенин ыры:

Кең Кочкорду жердеген,
Сарыбагыш эл деген.
Жанагы мени талашып,
Сабашкандар эр экен.
Ээсиз келип ашка ырдап,
Таяк жешим эп экен.
Токмок жеп барсам айлыма,
Мени эмне дээр экен?
Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Олжо издеп келип Кочкордон,
Өлмөк болдум чокмордон.
Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.
Босогосу Болотбек,
Болуп турган Ныязбек.
Ормон, Субан ал да бек.
Бердикожо, Бердибек,
Ажы, Шатен алты бек.
Ырыскулбек, Кожобек,
Он алты бек, силердин
Киминерден корком мен...»

Эки мезгилдин окуялары негиз болгон бул күү – «Музоокенин муңдуу күү» аталып, дастан-күүлөр тобунда жумурай журтка тарап кеткен жана Арстанбек эскерткендей, «Музооке менен муңдашуу» ушул окуялардын айланасында болгон. Элдин муңзарын, арман күйүтүн күүгө салып, торгойдой таңшып, ат салышып, күч сынашкандыр, кайран булбулдар? «Музоокенин муңдуу күү» суук өлүмдү өксүтүү, алкымдап турган ажалды жаңылтып, өмүргө жол ачкан улуу күч. Бул күч – теңдешсиз талант дараметинде, өлчөөсүз өнөр кудуретинде. Мына, ошол өнөр менен талант ээси Музоокедей акындын дарыядай ташкындаган ыр дүйнөсү, Музоокедей комузчунун жаандай төгүлгөн күү дүйнөсү улуттук музыкалык маданиятыбызда Музооке ысмын өлбөс-өчпөс кылып турат.

# АЙКҮМҮШТҮН ТАКИЛЕТ

Күү баянын алгачкылардан болуп, Кайым Муптак уулу Алымкулдан 1927-жылы «Айкүмүштүн арсар күү» деген атта жазып алып, Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Кийинчерээк В. Виноградовго Коргоол ырчы Токтогулдун музыкалык мурастарына кошуп аткарып берген. Шекербек Шеркулов, Асылбек Эшмамбетов, Алымкул төкмө жана башка комузчулардын чертүүсүндөгү «Айкүмүшкө» арналган күүлөр Кыргыз үналгысынын музыкалык алтын казнасында сакталуу. Ошондой эле, Эркесары Бекбасаров, Байтик Короочиев, Шабий Токтоев, Актан Молдуманов, Өзбек Рысбеков сыяктуу чеберлердин («Айкүмүштүн такилет») кайрыктары да аткаруучулук өзгөчөлүктөргө ээ.

«Илгери кыз келиндер түн күзөтүшүп, короо кайтарышып, селкинчек салышып, шапар тебишип ойногондо алардын арасынан Айкүмүш деген ооз комузчу кыз курбуларына карата:

Айкүмүштүн такилет,
Такилетин ким билет,
Күзөтүп короо кайтардым,
Сак боломун малыма,
Корообузга ким кирет? –

деп, шаңкылдаган ачык үн менен ырдап, анан обонун темир комузда кубулжута каккан экен. Коргоол Досиев комузга үн кошуп, кол ойнотуп черткен:

Ким билет, ким билет, ким билет?
Айкүмүштүн такилет,
Ушул күүнү ким билет?
Кызыл гүл болсоң соолорсуң,
Кыз болсоң, жубан болоорсуң.
Кызык өмүр өткөн соң,
Кылчайып келбей коёрсуң.

Жашыл гүл болсоӊ соолорсуӊ,
Жаш болсоӊ, жубан болоорсуӊ.
Жаштык өмүр кеткен күн,
Жалынса келбей коёрсуӊ.

В. Виноградов «Айкүмүштүн такилет» күүсүнүн тек-жайын өмүр, турмуш маселесине байланышта караган.[57]

Илгери Карабек, Малабек, Жаныбек деген үч бир тууган болот. Алар Алайды жердеп турушат. Үч бир туугандын эӊ кичүүсү Жаныбектин Айкүмүш деген кызын Карабек болуш асырап алган. Айкүмүш ары акылдуу, ары сулуулугуна жараша комузду да жакшы чертип, эл көзүнө таанылa баштаганда атасы Карабек болуш кулагына күмүш бастырып, өрүктөн комуз чаптырып берген.

Айкүмүш бойго жетип, жигиттердин көзүнө чалдыга баштаган куракта Карабек болуш Айкүмүшкө сөйкө салып кайындаган байлардын калыӊын ала берген. Бирок мал бергендердин эч кимиси «келинибизди алабыз» – деп, даап келбейт. Арадан жылдар жыла берип, Айкүмүш карадалы кыз аталат. Ошол арада байдын жылкысына баш-көз болгон Каралтай аттуу жигит таежеси Айкүмүшкө көзү түшүп, сырын сыртка чыгара албай бушайман болуп жүргөн кези.

Бир күнү жылкычылар өргүп отуруп, сөдөн-сөз чыгып Каралтайга: «Ой, сен Карабек болуштун анык жээни болсоӊ, «жээн даркан» деген, Айкүмүш таежеӊ бойго жетип «карадалы» атыгып, атасынын төрүндө отурат, ошого барып сөз айтсаӊ боло» деп кеӊеш беришет. «Айтса, айтпаса төгүнбү?» деген Каралтай түн ката келип, тымызын Айкүмүш жаткан ак өргөөнүн капшытынан шыбырап, кызды ойготот. Айкүмүш кимдин келгенин жүрөгүнөн сезип турса да, сыр билдирбей жапсардагы күмүш кулак комузун колуна алып, күүгө келтирип бурап, тушуна келген адамга айтып турганы:

Айкүмүш:

Дайыныӊды билдирбей,
Кайдан келген немесиӊ?
Датка-атам билсе кокустан,
Ажалыӊ жетпей өлөсүӊ.
Сакчылар кесип башыӊды,
Сайга таштайт денесин.

---

57 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. – Ф., 1961, 176-бет.

Сайдан таап сөөгүңдү,
Сагызган чокуп жебесин?
Кирген бука өңдүнүп,
Тушумду неге челесиң?

Каралтай:

Айкүмүштүн такилет,
Такилетти ким билет?
Каркырадай таеже,
Каратай күүсүн ким билет?
Кабарын угуп сыртыңдан,
Каруумда кайың укурук,
Казыр келдим жылкыдан,
Капшытыңды түрткүлөп,
Козгодум таттуу уйкуңдан,
Арытып этин суутса,
Аргымак чуркайт эңиштеп.
Алтындай болгон таеже,
Алыстан келдим сени издеп.
Каз-өрдөк учат калдактап,
Калкыган дайра көл издеп.
Катуу тер алып суутса,
Карагер чуркайт эңиштеп.
Каркырадай күмүш жан,
Кайрылып келдим сени издеп.

Айкүмүш жээни Каралтайды мурдатан эле сындан өткөрүп жүргөн. Жигиттин шагын сындырбай өзүнүн «Арсар күүсүнүн» коштоосунда –

Айкүмүш:

Айкүмүштүн такилет,
Ай караңгы түн билет.
Атымды кокус сурасаң,
Айтпай койсом ким билет?
Капшытымдан кол салып,
Каралтай жээним сүйлөдүң.
«Жакын жээниң болом» деп
Жана айтылды бир кебиң
Көңүлүң болсо күндүз кел,
Мен, көрөйүн байкап түрүңдү.

Каралтай:

Жакын жээним эмес деп,
Жадыңа пикир албасаң,
Жаш кезден жылкы багамын,
Жарды деп мени чанбасаң,
Айтканга макул десеңиз,
Антташып колуң кармасам.

Айкүмүш:

Алтындан колдо тарагым,
Айда чачым тарадым.
Атам эки жерден мал жептир,
Ар кимден угам кабарын.
Башымда эки күйөө бар,
Мен кимисине барамын?

Каралтай:

Эсиңе алгын таеже,
Эжеңден туулган жакынды.
Кызыл дилде-зер алса,
Каркырадай Айкүмүш,
Анда кара малдай сатылды.

Айкүмүш:

Күмүш кулак комузум,
Күүгө салсам угулду.
Күнүгө чертип отурам.
Күңгүрөнүп бугумду.
Эртең келип көрүнчү
Байкайын сенин сыныңды
Ал-жайына түшүнүп,
Анан айтам чынымды.

Экөө күү чертишип, ыр ырдашып, бирин-бири жактырып калат. Бул кабар эртеси эле айылга желдей тарайт. Карабек болуш да түндөгү болгон окуяны сезип калган. Эртеси Айкүмүштү чакыртып алып:

Кызым, Күмүш, комузга,
Чеберлигиң билинди.
Чертип бер балам, угалы,
Түндөгү черткен күүңдү, — дейт.

Айкүмүш атасы сураган күүнү чертпестен башкасын кайырат. Карабек болуш кызынын комузчулук шыгына ыраазы, бирок дүңүнөн сүр көрсөтүп болгон окуяны жашырбай айтуусун жана түндөгү черткен күүнү кайтарып чертип берүүсүн талап кылат. Ошондо «Айкүмүш, Такилет» деген күүсүн чалып, атасынын эки жерден калың жеген ачкөздүгүн, эр албай карадалы болуп өмүрү өтүп бараткaнын «Айкүмүштүн арман күүсүнө» салып, эми өз бактымды өзүм табайын, жээним Каралтайдын колун кармайын, деп «Арсар күүгө» өтөт:

Атаке, арзыган күүң мына бул,
«Айкүмүштүн такилет».
Ай караңгы түн билет,
Айыбың ачтың кызыңдын,
Айылга келген Каралтай,
Атаке, айтпай койсоң ким билет?
Айкүмүштүн арман күү,
Айыпсыз үйдө камалып,
Ата төрүндө карыган күү,
Жаштыктын көрбөй сайранын,
Жашыл гүл соолуп калган күү.
Алтындан колдо тарагым,
Эки жерден мал жесең,
Эми кимисине барамын?
Өксүгөн ойго табылбайт,
Өзүмдүн сүйгөн адамым.
Капшытымдан кол салды,
Каралтай деген жээниңиз.
Каймана башка киши эмес,
Карындаш урук-сөөгүңүз.
Жеген малды кайтарып,
Атаке, мени жээниңизге бериңиз –

деп, бүтүрөт.

Эл Айкүмүштүн өнөрүнө, айткан сөзүнө ыраазы болуп, бата беришет. Атасы айласы кетип, эки жерден жеген калыңын кайтарып, Каралтайга Айкүмүштү аткарууга аргасыз болот.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Айкумуштун такилет» | 8174 | 2’38 | Эркесары Бекбасаров |
| 2. | «Айкумуштун такилет» | 8847 | 3’34 | Намазбек Уралиев |
| 3. | «Айкумуштун такилет» | 9374 | 3’30 | Асаналы Кыштообаев |
| 4. | «Айкумуштун такилет» | М.60 | 2’09 | Асылбек Эшманбетов |
| 5. | «Айкумуштун такилет» | 708 | 2’50 | Коргоол Досиев |

# КҮҢӨТАЙ

«Ак боз аттын такасы, ай,
Ак ирим көлдүн жакасы, ай.
Айтмайынча жазылбайт,
О, кургур,
Күңөтай кыздын капасы, ай.
Көк боз аттын такасы, ай,
Көк ирим көлдүн жакасы, ай.
Көрмөйүнчө жазылбайт,
О, кургур,
Күңөтай кыздын капасы, ай».

Бул ырды 40-50-жылдарда мектеп партасындагы боз улан, кыз келиндердин шаан-шөкөт үлпөттөрүндө, айылдаштардын жоро-бозо, шеринелеринде, майрамдык жыйын салтанаттарда, талаада эмгектеген жаштардан эңкейген карыларга чейин оозунан түшүрчү эмес. Мынчалык даражада ырдын зоболосун арттырган композитор Абдылас Малдыбаев болгон. Дайынсыз аймактык бул ырга атайылап обон жаратып, аргендей үнү менен шаңшыта ырдап, патефон табагына (грампластинкага) жаздырткан да Абдылас. Мезгилинде жаңы замандын жаңырыгы сымал чагылгандай тарап, ар адамдын жан дүйнөсүнө жагып, эстетикалык табитин ойготуп, эбегейсиз роль ойногон.

«Оо» деп ооз ачпагандар, «ээ» деп эки сап ырды эптей албагандар «Күңөтайды» күймөлбөй ырдап, оюн-зоок «сармердендин» сабагынан, тамаданын тапшырма талабынан кутулуп кетишчү. Айрымдар «Күңөтайды» күйгөн-күүлөр сабында аспаптарда (комуз, темир ооз комузда) аткарып, жарандардын жарпын жазышчу. Улуттук музыкалык маданиятыбыздагы мөлтүр булактай тунук, жылаажын добуштай шыңгыр үндөн бүткөн бул чыгарма келгин музыкалардын алабарман капшабында кала берип, кол уучубуздан жылбышып, туңгуюкка сүңгүп бараткансыйт. Анткен менен, темир ооз комуз кармагандар кезек-кезек эске алып

«Күңөтай» күүсүн аткарып келет. Алардын арасында Жакыбай кызы Нурийла, Усуп кызы, Зина Шайбек кызы жана башкалар «Күңөтай» күүсүн мурастык музыкалар казынасына калтырууга үлгүрүшкөн. Мударис Кусейин Карасай уулу «Күңөтай» деген сөздүн семантикалык маанисин мындайча чечмелейт:

«Тектирдеги куу казык,
Текенин эти жол азык.
Теңтушун таап ойногон,
О кургур, Күңөтай кызда не жазык?!
Ак таяк кыйдым ал үчүн,
Анжиян бардым мал үчүн,
Ал эле малым ким үчүн,
О кургур, бир Күңөтай жар үчүн... деп,

айтылчу ыр обонду ким чыгарганын биле албадым, бирок «Күңөтай» деген сөздүн маанисин иликтесем, монгол тилинде «хунхтай» болуп айтылат экен. «Хунхтай» бизче «сулуу» деген маанини билдирет. («Баштан өткөн «мажаралар» китебинен).

«Күңөтай» деген ысым жарык дүйнөгө көз жарган перзентин акылдуу, сулуу болсо деп, ылым санап, Кусейин ага айткандай, монголчосунан «Хунхтай» кыргызчасынан «Күңөтай» атап коюлары да ыктымал. А балким, Күңөтай кыргыздашып кеткен монгол кызы Хунхтайдын өзүдүр?

Топ-топ учкан таранчы,
Тобун бузбай саначы.
Топ кыздардын ичинде
О кургур, Күңөтай барбы карачы? –

Көлдүн күңөй тарабынан жыйналган элдик оозеки чыгармаларга таянып, С. Закиров: «Күңөтай кочкорлук бир тексиз жердин кызы болуп, сүйгөн жигити кедей-кембагалдан чыккандыктан күң катары «Күңөтайды» арман менен ырдаган имиш...» – деп эскерген. («Эл чыгармачылыгы – эл кенчи»), «Күңөтай» күүсүнүн ырын Кайым Муптак уулу 1922-жылы Таластык Ыбырай Сасык уулу жана Жусупкул Жаналы уулу дегендерден жазып алган, анда:

Акын Сартбай мен элем,
Ак Күңөтай сен элең.
Арбак урган, Күңөтай,
Мен кай жигиттен кем элем?!

Кылыктуу Сартбай мен элем,
Кыз Күңөтай сен элең.
Каран калган Күңөтай,
Мен кай жигиттен кем элем?! –

деген саптар бар.

Сартбай «Манастан» баштап толгон эпос-дастандарды айткан, ашыглык ырларды чегине жеткире ырдаган, комузда күү чыгарган телегейи тегиз өнөр адамы болгон. 14-15 жашында ырчы аталып, 19 жашында Таластын баш аягына акын катары таанылган, өзү Таластык кушчу уруусунун ичинде жетиген Тагайматтан тараган Кенчим уругунан. 1837-жылы туулуп 1917-жылы 80 жаш курагында кайтыш болгон.

Сартбай 19 жашка чыгып, акын аталып калган кезде солтонун манабы Осоке: «кушчудан «куу бала» деген ырчы чыгыптыр, бизге келип ырдап берсин» деп чакыртат. («Куу бала» деп аталып калмагына себеп – кыз оюндарда, жоролордо жеңелерине тамашалуу ыр чыгарат. Жеңелери бозойдун шылдыңына күлүшүп: «Ий, шүмшүк, куу бала» дей бергендиктен, «Куу бала» атыгып кеткен). Таластан кенчимдердин билерманы Бошкой «Ырың али оролуна келе элек. Күүң да машына жете элек, кийин барарсың» деп коёт. Кийинки жылы солтодон дагы чакырык келет. Бул жолу чакырыкты кабыл алып, солтолордун айлына түшөт. Сегиз канат чоң ак өргөөдө толтура эл. Оң капшытындагы керебетте бир киши жатат. Башын бир аял, аягын бир аял ушалап отурат.

– Кош, кайдан келген баласың? – дейт төрдө отурган аксакал адам.

– Талас, кушчудан келдим, атым Сартбай, – дейт жигит ал-жайын кабарлап. Анда керебетте жаткан «ноокас» адам бери карап:

– Ой, былтыр чакыртсам келбей койдуң эле, мейли эми быйыл келипсиң. Байгабылды чакырткыла, – дейт жигиттерине. Көп күттүрбөй Байгабыл келип, айтыш башталат. Күү чертишүү да эрежеден сырткары калбайт. Акыры өнөр таймашы Сартбайдын жеңиши менен аяктайт. Үч-төрт ай Осоке менен бирге жүрүп, эл кыдырып ырдап, кеч күздө үйгө кайтканында санаса 40 жылкы чогулуптур. Калган белек-бечкектери бир атка жүк, коюн-кончу акчага жык, олжолуу келет. Сартбай «Саринжи Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Жаныш Байыш», «Ак Мөөр» дастандарын жогорку чебердикте аткарган.

Булардын ичинде «Күңөтай» ыры да угармандардын купулуна толгон. Аны комузга салып, күүгө да айландырган. Сартбайдын үнү бийик, уккулуктуу келип, тескейден ырдаса күнгөйгө угулчу дешет. Сулайман деген иниси да ырчылыкты кесип кылып, агасы Сартбайдын чыгармаларын Кайым Муптак уулуна айтып берген.

Сартбай боз улан курагында Күңөтай деген сулуу кызга жолугуп, ашыглык оту тутанып, аны менен баш кошсом дегенде ак эткенден так этет. Арбын мал-пул таап келип, калыңынан кутулуп, кыздын башын ачып алмакка Анжыян тарапка жүрүп кетет. Ал жакта жылдай жүрүп, азыноолак олжо менен кайтып келет. Күңөтай кызга кездешмекке айлына барса, той берип кызды кудалашкан жерине узатып жаткан экен. Сартбай кайратын бойго жыйып, түз эле той үстүнө түшөт. Жаштарга арналып, атайылап тигилген ак өргөөдө таң-тамаша, оюн-зоок кызуу. Сартбайдын көздөгөнү да так ушул кыз оюнда ичтеги кусматын айтып калуу. «Жар-жар айтышуу», «Жар көрүшүү»... зоогунан кийин ыр кезеги Сартбайга келет. Комузун күүлөп, адегенде «Ажырашуу» арман күүсүн чертип, соңунан жүрөктү эзген «күйгөн» саптарын кубуйт:

Көк адыр көлчүк суу турат,
Суу үстүндө куу турат.
Көк кептердей кулпуруп,
Көңүлдөшүм Күңөтай
Ким менен дуулап олтурат?
Ак адыр көлчүк суу турат,
Анда, сагызган суулап олтурат.
Сагызгандай кулпуруп,
Санаалашым Күңөтай,
Ким менен дуулап олтурат?
Ак таяк кыйдым сал үчүн,
Анжыян кирдим мал үчүн,
А дагы бир Күңөтай жар үчүн.
Көк таяк кыйдым сал үчүн,
Көйкапка кирдим мал үчүн.
Бир Күңөтай жар үчүн,
Акын Сартбай мен элем,
Ак Күңөтай сен элең,
Антташканым Күңөтай,
Мен кай жигиттен кем элем?
Кылыктуу Сартбай мен элем,

Кыз Күңөтай сен элең,
Кылыкташым Күңөтай,
Мен кай жигиттен кем элем?

Тагдырдын буйругуна моюн сунбаска аргасыз экендигин, андан Күңөтай да качып кутула албастыгын баамдаган акын бекер күнөөлөй бербестен, сүйгөнүнүн келечек турмушуна ак жол каалайт:

Адырдагы куу казык,
Аркардын эти кулазык.
Акылын таап ойносо,
Күңөтай кызда не жазык?
Тектирдеги куу казык,
Текенин эти жол азык.
Теңтушун таап ойносо,
Күңөтай кызда не жазык?

Бул ырды Сартбай акын кийин күүгө да салып чертип жүргөн. Күү биздин күнгө жетпесе да «Күңөтай» ыры Абдылас Малдыбаевдин иштеп чыгуусунда мезгилдин эң мыкты чыгармалары катары ырдалып, өмүрүн өтөп келет.

Булум, булум, булум жар,
Булум жардан туз албай.
Мурдатан сага ишенип,
Күңөтай, бойдок калдым кыз албай.
Ийри, ийри, ийри жар,
Ийри жардан туз албай,
Илгертен сага ишенип,
Күңөтай, бойдок калдым кыз албай.
Ак ирим көлдүн жакасы,
Ак боз аттын такасы.
Айтмайынча жазылбайт,
Күңөтай кыздын капасы.
Көк ирим көлдүн жакасы,
Көк боз аттын такасы,
Көрмөйүнчө жазылбайт,
Күңөтай кыздын капасы.
Сап-сап учкан таранчы
Сабын бузбай саначы.
Сан кыздардын ичинде,

О кургур, Күңөтай барбы карачы?
Топ-топ учкан таранчы,
Тобун бузбай саначы,
Топ кыздардын ичинде,
О, кургур, Күңөтай барбы карачы?
Өрүк бир жедим гүлдөшпөй,
Өкүттө калдым сүйлөшпөй.
Алма бир жедим гүлдөшпөй,
Арманда калдым сүйлөшпөй.
Күлүктүн терин кургатпай,
Күн жүрөсүң Күңөтай,
Күйүт толгон муңумду,
Эми, кимге айтамын, Күңөтай?
Жоргонун терин кургатпай,
Жол жүрөсүң, Күңөтай.
Ичим толгон муңумду,
Эми, кимге айтамын Күңөтай?

Радионун музыкалык «Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Күңөтай» | 5471 | 1'20 | Нусупова Нурулай (темир ооз комуз) |
| 2. | «Күңөтай» | 463 | 2'04 | Шайбекова Зина (темир ооз комуз) |
| 3. | «Күңөтай» | 10033 | 3'48 | Жокобаева (темир ооз комуз) |

# БУРУЛЧАНЫН СЕЛКИНЧЕК

Кыргыз кыздары байыртадан эле кымырынып-кысынбай, жабыгып-жалтанбай, эркиндик таймаштарында өмүр өтөлгөсүн курчутуп, өлбөс ысымдарды жаратып келгендиги белгилүү. Өлбөстүк үчүн башын канжыгага байлаган тобокелчил кармаштарга мусулманчыл мыйзамдар деле тоскоол боло алган эмес. Улама аңызга өтүп, тарых булактарына айланган, жагымдуу обон болуп ырдалып, мукам күү болуп чертилип эл рухунда уялаган өлбөс асыл өмүрлөрдүн бири – Бурулча Осмонбек кызына таандык.

Улуттук музыкалык маданиятыбыздагы классикага айланган «Бурулчанын селкинчек» күүсү алгач темир ооз комузда жаралып, кийин кыяк, чоор, үч кыл комуз аспаптарда кеңири ойнолуп келет. Бурулча калтырган мурастардан күү алптары: Карамолдо, Ыбырай, Мураталы, Токтогул, Чалагыз жана башкалар тарабынан аткарылышы белгилүү өлчөмдө анын даражасын бийиктетпей койгон эмес.

«Бурулчанын селкинчек» жана анын автору тууралуу музыка изилдөөлөрдөн, көркөм чыгармалардан учкай болсо да таанышууга мүмкүндүк бар: музыковеддер В. Виноградовдун, Балбай Алагушевдин, фольклорист Буудайбек Сабыр уулунун эмгектери, жазуучу Эрнис Турсуновдун «Ата журт» романы, комузчу Чалагыз Ыйманкуловдун «Өмүр элестери» аттуу эскерме китеби, журналист Кален Сыдыкованын публицистикалык макаласы ж. б. жазылды.

Бурулча, болжолу, 1840-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Өрүктүдө туулган. 1916-жылы улуу Үркүндө Муз-Арттын белинде 76 жаш курагында каза болгон. Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн түрө кыдырган бул ысымдын төркүнү Көл бугусунун белек уруусуна барып такалып, айтылуу Балбай баатыр менен Бурулча үч төрт ата өткөн тууган болуп чыгат. Балбай баатыр Алматы түрмөсүндө өлүп, сөөгүн алып келип Күрмөнтүгө

койгон мезгилде 27 жаштагы Бурулча агасына кошок кошуп, аза милдетине аянбай кызмат кылгандыгы айтылып жүрөт.

Бурулчанын бабасы Мойт акылман, чечен, сынчылыгы артык «аке» деген ардактуу наамга татыган, «акыл сурасаң Абайылдага, бата сурасаң Мойт акеге бар» деген ылакап сөздө калган касиети артык адам. Осмонбек ит агытып, куш сүйгөн мергенчи, жайчы, оокаты жетик, мал-жандуу өз уруусунун билерманы катары жайлоо которуп, көчүп-конуп оокат өткөрчү. Энеси колунан көөр төгүлгөн уз, ооз комузду мыкты каккан күүчү, кошокчу, ырчылыкка ышкыбоз зайып болгон. Бурулчанын интеллектуалдык маданий көрөңгөсүнө, инсан катары калыптануусуна мына ушул ата өнөрү, эне үлгүсү өзгөчө себепкер. Бурулча кичинесинен «эркекче кийинип, эрке өсүп, ат жакшысын минип, ит агытып, куш салып, ууга аттанып, эр жигит сындуу ата жолунда бой тартса, үйдө сайма сайып, шырдак оюп, чий чырмап, эне көрүп тон бычып, аялдык аруу сезим, асыл наркта эрезеге жетти. Бурулчанын мүнөзүндө зайып затындагы сымбаттуулук-сыпаакерчилик жүрүм-турум менен бир катарда эр жигитке таандык бетке чабар өткүрлүк, кайра тартпас кашкөйлүк сапаттар жарыша-жанаша өрчүгөн.

Мойт акенин кичи аялынан Алымбек, Сасыке. Мойттун көзү өткөндө бийлик Сасыкеге ооштy. 15 жашка чыкканда Бурулчаны саруу элиндеги Үрүстөм дегендин инисине кайындайт. Калың бүтүп, кудалар келинди алмакка келишет. Кош ат менен жигит чаптырып, ууда жүргөн жеринен Бурулчаны алдырышат.

Бурулчанын жолун утурлаган жеңеси атты тизгиндеп:

– Айланайын кызыке, алыстан кайындарың келди, аттан түшкүнүң. Алдагы кийимиңди чечип, ак шайы көйнөгүңдү кийгиниң. Күйөөң менен жолугасың, – деп чебеленет.

– Күйөө балаңар кайсы үйдө? Көрүшсөк болор бекен? – дейт, Бурулча ат үстүндө үзөңгүнү чирене тээп.

– Өңчөй жаштар тиги Сасыке абамдын үйүндө олтурушат.

Жандай чапкан-жигиттер менен күйөө бала отурган үй сыртына келип үн салат. Бурулча:

– Эй, күйөө бала, чык бери, колуктуң менен көрүш!

Эшик алдында дүпүрөгөн топ атчандардан чочуладыбы же сүрдөдүбү, күйөө баланын саламы ооздон түшүп, өктөм буйрукка кантип жооп кайтарарды билбей ымтырап турат. Күйөө сөрөйдүн кебете-кешпирине ичи толбогон жалын жүрөк жаш селки ат мойнун бура тартып, түз эле атасынын алдына келет:

– Атакебай, ашык кетсем кечириңиз. Тең-теңи менен. Мага өзүмө тең жар керек. Көлөкөдө өскөн жоогазындай үлбүрөк эркектанага кантип башымы байламаксыз? Келген кудаларыңызды мейман катары сыйлап, узатып жибериңиз – деп, тоого чыгып кетет. Келинден көңүлү кайт болгон кудалар шаабайы сууп, жолуна түшүшөт. Бул окуя Сарыбай байга, Мураталы бийге жетип, журт жакшылары сөз токтоткондо да Бурулча өз оюнан кайтпайт. Кудалар чыйралып: «Осмонбектин кесирдүү кызын атасынын төрүндө карытабыз» деп, башын ачпай кете берип, арадан үч жыл өтүп кетет. Ал кезде баш ачуу мыйзамы жеңил эмес эле. Колунда жокторго 60 топ, колунда барларга 100 топ айып салынчу. Бул – 100 саан уй, 100 айгырдан токтолгон бээ деген сөз. Күндөрдүн биринде Белек саяк элине таанымал кадимки Балбай баатырга жанашкан «беш берендин» бири Урдөөлөт баатырдын жигити Саламат Караколдон келатып, Осмонбектикине кудайы конок тартты. Эртеси Бурулча жеңеси менен мейманды аткарып жатып:

– Агатай, мына бул жоолукту Урдөөлөт баатырга тапшыргайсыз, – дешти.

– Бул эмне деген жоолук?

– Анда Бурулча кыздын махабаты катылган.

– Катыгүн бийкеч! Ал улгайган киши эмеспи. Эки аялы, бойго жеткен балдары бар.

– Көңүл улгайганды ылгабайт, а көрө аманатты ээсине тапшырыңыз, агатай...

Саламат Бурулчанын аманат белегин Урдөөлөт баатырга тартуулап жатып, болгон сөздү төкпөй чачпай ортого салды.

«Пайгамбар жашын таяп турам, балдарым бой жетти, эми кыз жандаганым чеки болоор...» деп алгач чочуп кетсе да, эл-журт ортого түшүп, кызга барып келүүгө көндүрүшөт баатырды. Ошо кезде Урдөөлөттүн 3 аялы болуп, улуу баласы Калкандан Бурулча үч-төрт жаш кичүү. Урдөөлөт эчен жортуулдарга аттанган, жылкы тийген салгылаштарга катышкан Балбай баштаган атактуу баатырлардын бири, бука моюн буура сан, зор адам экен. Балбай дүйнө салып, орус бийлиги күчүнө кире баштаганда сыр найза сундурууга жоосу жок, жортуулчулук жосунду болуштук бийликке алмаштырып журт башында турган.

Урдөөлөт баатыр көп өтпөй журт билермандарынан кош алып, эки күмүш жамбы, күтүрөгөн мал айдап, Осмонбектин айылына күйөөлөп түшүп калды. Бурулчанын өңү-түсү, сымбаты, акылы

менен айлакерлиги, айрыкча мейман алышы баатырга куп жакты. «Катын жакшы эр жакшы деген акылга бекиген Урдөөлөт баатыр Белектин мыктыларын чакыртып, кыздын башын ачып, колуктунун тоюн өткөрүп, айылына карай жүрүш салды. Журтка жакындап барганда:

– Баатыр, мени кайсы үйгө түшүрөсүз? – деп суроо салат Бурулча.

– Чоң үй, чоң казан деген бар. Чоң байбиче тарапка бурулабыз го? – деп Бурулчага карады эле, эзели жалтанып көрбөгөн кыз баатырга буйрук кылды:

– Жок баатыр, күнүнүн күңү жоо деген. Мени Ормон хандын кыштоосу Кырчынга түшүрөсүз. Үңкүр да болсо өз үйүм болсун, азырынча алачыкка деле баш калкалай турсак болор – деп, сөздү кесип таштады.

Бурулча айткандай эле жүк Кырчын жайлоосундагы Көк-Бел, Чоң-Бел деген жердин ортосуна түшүрүлдү. Зиреги күч жаш келин Урдөөлөттүн эшигин аттаганы сыр-найза, күлүк аттан башка байлыгы жок баатырдын жупуну турмушуна алымсына бербей, жаңыча жашоону эңсеп жаткан эле. Айланчыктап ай өтүп, жыл тогошоор маалында ичтеги купуя сырын сыртка чыгарып, оюн ортого салды.

– Баатыр, куу найза тагдырды чечкен заман артта калып барат. Эл башы – журт атасы сиздей адамдын башкаларга көргөзөөр өрнөгү болбойбу. Сиздин орун-очогуңуз мына бу кара алачык эмес, чатыраган ак өргөөдө. Текестеги туугандарыңыздан боз үйдүн жыгач-ташын алдырыңыз. Көлдүн күңгөй-тескейиндеги усталар менен уздарды чакыртыңыз. Калган иш менин колумда.

Урдөөлөт баатыр келинчегинин жүйөлүү акыл-кеңешинен чыга албады. Он сегиз старчын элге жарлык кетип, көп өтпөй, отуздан ашык үй Бурулчанын өргөөсүнө жамаатташ Таш-Булак суусун бойлой тигилди. Жай ортосунда Текестен 120 баштуу үй жыгачы түштү. Аркан эшип, жип ийрүүчү, сайма түрдөп шырдак оючу, жүн тытып, кийиз басчу кызыл билек балбан келиндер, оймок ооз калем каш, толукшуган кыздар, колунан көөрү төгүлгөн байбичелер үй жабдыгын жасоого шымалана киришкен. Оролгон чийди күрсүлдөтө тепкен боз балдар, тоодон отун алып, эт бышырган жигиттер, уук учтап, түндүк керген уста акелер өз иши менен алек.

Көптүн көңүлүн өзүнө бурган Бурулчага эл ыраазы. Күндүзү бака-шака эмгек башында болсо, кечкисин оюн-күлкү, ыр-күү коштолгон таң-тамашанын кашында. Кош карагайды шылытып, таза аарчытып, алты бакан селкинчек курушуп, өңчөй жаштар бөлүнүп, оюн зоок тамаша салышса, карылары шерине уюштуруп, ыр кесе кыдыртышмай, Шайыр күлкү, шаңдуу обон, шартылдата чертилген комуз күүсү, сыбызгыган ооз комуз добушу Кырчын өрөөнүн шаңга бөлөп, шабиет тээп, ай жарыгында ак чөлмөк ыргыткандар арбын. Жай айланып, боз кыроо чалганда чачыла чачып, той берип, Урдөөлөт баатыр менен ак көрпө жайыл Бурулча 120 баштуу ак өргөөнүн босогосун атташты. Кийинки жылы ушул үйдө Чолпонбай төрөлдү.

Урдөөлөттүн мартабасы ашып, Бурулчанын атагы Ала-Тоонун койнуна сыйбай баратты. Ошондогу селкинчек тээп күйгөн сыр, селки бозой сүйгөн ыр кубулжуп, обон күүгө куюлуп, күү ырга сиңишип, «Бурулчанан селкинчек» — жаралды. Урдөөлөт баатырдын тек-жайы жаатында да сөз кылсак, саяк Каабанын улуу аялынан — Майрык. Майрыктан — Түнкатар, Түнтөй. Кичи аялынан — Шыкмамат. Түнтөйлөр Кетмен-Төбөдө. Түнкатардан — Батыркан. Шыкмаматтан — Урдөөлөт, Садыр, Чиркей. Каабанын кичи аялы күйөөсүнө таарынып төркүнү бугу элине кетип калган себептүү Шыкмамат Ысык-Көлдөгү таякелеринде чоңоёт. Ормондун чабуулунда бир тарап саяктар Ормонго, бир тарабы Балбайга ыктаган. Урдөөлөт кийин Көлдөгү күңгөй-тескей саяктарынын башын кошуп, чек араны ажыраткан. Ошондо Ак-Сайдан Семиз-Белге чейин Тоңдун үстүңкү аймагы Түнтөй саяктарына, Өрүктүдөн Балыкчыга чейинки Көлдүн күңгөй тарабы Шыкмамат саяктарына тийген. Арык тукуму Кененбай Оттук, Кара шаар, Семиз-Белди мекендеп калган.

Чолпонбай он жашка келгенде Урдөөлөт катуу кеселге кабылыш, жарык дүйнөгө кайрылып келбей турган абалда Бурулчаны жанына чакырып алып керээзин айтат:

— Азбы-көппү он жыл бирге жашадык. Мен сага ыраазымын. Жаман айтпай жакшы жок, көзүм жумулуп кетсе, ордумду жоктотпой элге ээлик бол. Чолпонбайың жаш.

— Ээ кокуй, баатыр, эр жеткен балдарың турбайбы. Алжан, Калкан, тиги Солто жат жалаанбы?

– Калкан кырс, мүнөзү орой. Солто дөөлөт көтөрө албас, Торгойдун тилинин эми жок, Жунуш туягынан башканы көрбөйт. Алар эл башкара албас...

– Сөзүңүз жөндүү баатыр, керээзиңизди эли-журтуңузга өз оозуңуз менен айтыңыз, – деген Бурулчанын акылына муюп, Урдөөлөт элин чогултту:

– Сөзүмдү тыңдагыла, калк. Айыгып кетсем айтканым болор, көзүм жумулуп кетсе керээзим деп билгиле: кечээги бейгам турган турмуш жок, заман түрүн өзгөртүүдө. Ак падышадан жакшылык күтпөгүлө. Келгендер жерибизди ээлеп, касиеттүү Көлүбүзгө көз арта баштады. Сарбагыштын чабуулу тынганы менен Ормон, Калыгулдун сөөгү мында жатат. Шабдан чоң оёзго кабырга жакын, көлдү талашса алардын сөзү өтөт. Жыйган-тергенге ээлик болчу намыскөй адам эл башында турушу кажет. Андай адам бизде бар. Эп көрсөңөр Садырды Текестен алдырып, эки тизгин бир чылбырды ошого табыштагыла. Ургаачы дебесеңер намысыңарга жарачу кишинин бири – Бурулча. Ата акылы оошсо, эне өнөрү жугушса Чолпонбайда ыр да болор, силер элебеген сыр да болор. Ушул үчөөнү канатыңарга калкалап алгыла... – деген баатырдын айтканын эли-журту эп көрүп тарашкан.

«Алматыдан оёз келет» дегенди Урдөөлөт төшөктөн укту. «Оёздун тобунда бол, ыгы келсе оёздун көңүлүн таап, оюңдагыны айтып кал» – деп, аттап-тондоп Бурулчаны топко аткарды. Кет сеңирдин боюнан чаң чыгып, тиги белестен чубашкан арабалар көрүндү. Алды-артында сороктоп жандай чапкан солдаттардын коштоосунда колдорун бооруна алып каз-катар тизилген караламан элди жирей келип, арабадан түшкөн оёз журт жакшыларына кол берип учураша баштады. Башында жарашыктуу ак элечек, бутунда намыркен маасы-көлөш, боюнда кара баркыт тышталган жеңил ичик, кырдач мурун, ак маңдай, кара көз, сооруга куюлган олоң чач, эмчеги төш тиреген азият зайыбы да эркектердин ортосунда оёзго кол сунуп турган эле. Оёз мындай окуяны күткөн эмес. Аяк шилтеми тушалып, бир паска буйдала калды.

– Бул киши ким? – деп сурайт тилмечтен.

– Бул Урдөөлөт болуштун зайыбы, ал сыркоо, – деген жооп кайтарылат.

Мындан соң чогулгандардан өкүл шайланып, Караколдо болчу жыйынга карай аттанышат. Оёз өзү түшкөн арабага Бурулчанын отурушун өтүнөт. Артына чаң бүркүп ири алда оездун арабасы

зырылдайт. Соңунан жабыла ээрчип, ат желигинде эзилген журт жакшылары. Ошондо саяк туугандар Белектин билермандарына какшык ыргытышкан дейт:

– Ии берендерим, «Бурулчаны атасынын төрүндө карытып, энесинин этегине эрсиз төрөтөбүз дечү элеңер» эми Бурулчанын көтүн искей бастыра бергиле.

Тамашанын тамырында ачуу чындык бар эле. Бурулча ата төрүндө карыбады. Урдөөлөттөй айдыңдуу баатырдын этегин кармады. Энесинин этегинде төрөбөдү. Ак никелүү эринен Чолпондой уул тапты. «Байтал чаап байге албайт» дечү эргулдарын, эми «байталга» батына албай башын чайкап, басына түшкөнүнө «тобо» келтирип баратышкан эле. Аял затынын улуулугун, эркектер менен тең укуктуулугун Бурулчанын үлгүсүндө даңктоо, даңазалоо максатында кийинки комузчулар черткен күүнүн бири – «Ой селки» же «Бурулчанын ой селки» аталып кеткен. Бул күүнү радионун музыкалык алтын казынасына Карамолдо тапшырган.

Урдөөлөт баатыр каза таап, Бурулчанын сүрөөнү менен анын ордун Садыр басты. Бурулча болсо зоболосу артып, эл билермандарынын сабына кошулду. Бирок Урдөөлөттүн күнү катынынын балдары, теңата туугандык жагынан бир сөөм алыс Садырдын алдын тороп, чачы узун катынга (Бурулчага) бийлик тизгинин карматууну эп көрүшпөдү. Урдөөлөттүн сөөгүн Кырчындан алдырышып, Чоң-Өрүктү менен Кичи-Өрүктүнүн ортосуна, Урдөөлөт найза сайган чекке коюшту. Бурулчаны да Кырчынга калтыргысы келишпеди, көчүрүп алып тынышты. Урдөөлөт баатырдын көзү тирүүсүндө ат тезегин кургатпай каттагандардын аягы сууп, келди-кеттинин азайышы, айрыкча, ырчы-комузчулардын карым-катнашынын кыскарышы Бурулчаны бушайманга салбай койгон жок. Бурулчанын эмки көздөгөн максаты – Чолпонбайды жетилтип, ата жолуна салуу, эне өнөрүнө багыттоо болучу.

Ушул ойго бекиген Бурулча жылкысы миң чамалуу, 500 кою бар Кудаяр элиндеги аңылдак уруусунан Назардын уулу Кытат деген байга турмушка чыгып, күтүрөгөн мал эсебин таап, байын кың дедирбей билип турду. Ары-бери карагыча Чолпонбай 16 жаш куракты аттады. Ошол жылы болуш шайлоо жыйыны өтмөк. 20 жыл болуштук тизгинин колуна бекем туткан, ыгы келсе кайра шайланууга үмүтү күч, аймакка кадыр-баркы бар Жунуштун Кангелдиси жыйындын башында турду. Бурулча Кангелдинин алдына келип:

– Бай мактанса бир жуттук, эр мактанса бир октук. Байлык менен бийлик колдун кири.

Алгыр куштун кырааны,
Сартык салбай жем жебес.
Түбү толбос адамдын,
Өзү тойбой «кел» дебес.

Тойгон жердин тукуму элең. Калыстык кылып нарк сактасаң, иниң Чолпонбайга кезегиңди берерсиң, – деди.

Жөндүү айтылган сөздү эп көрдүбү, же калкка кадыры өткөн Бурулчанын шагын сындыргысы келбедиби, болуштуктун кезмегин жашы жете элек болсо да Чолпонбайга ыйгарып, «кереги тийип калар» деп, эки тай туяк жамбыны Бурулчанын алдына жылдырып, Кангелди адөөлөттүк иш кылды.

Кийин «энемден кечирим сурап, ак батасын алайын» деп Чолпонбай Бурулчанын алдына барганда («энемдин эрсирегениби бу, кайдагы чалга тийип...» деп, катташпай калган): «Олда балам ай-йе, кантейин? Мен Кытатка эрсирегенимен тийбедим, жалгыз уулум сенин керегиңе жараар деп, Кытаттын малына тийбедим беле?» – деп ичтеги сырын чыгарган дешет.

Бурулчадай залкар инсандын ким экендигин, анын музыкалык ышкы отун, адамдык бийик аброюн баамдообузду дагы тереңдетиш үчүн комузчу Чалагыз Ыйманкулов эскерүүсүнөн да кыстыра кетүүгө туура келет: «Мамбет, Акмат аттуу тууганларым менен айтылуу Бурулчанын айылына бармак болдум. Менин самаганым Бурулчанын ооз комузун угуп кумардан кануу. Түш оой Бурулча байбиченикине бардык. Казан асылуу, чоң сары самоор бууланып кайнап турат. Бутунда амеркен маасы, мойну койкойгон, кара сурдун сулуусу, кадимки эркектердей малдаш токунуп отурган төрдөгү байбиче Бурулча экенин билдик. Комузду белимден чечип керегенин башына илип жатканымды көргөн байбиче:

– Комузуңарга жол болсун, кайсы айылдан болосуңар? – деди.

– Олжобай деген элденбиз, комузду тиги отурган Чалагыз балаңыз чертет, өзүбүз «Жарамазан» айтып келатабыз, – деди Мамбет.

Байбиченин отуруп турганы, сүйлөгөн сөзү, күлгөнү аялдарга окшобой, өзүнчө көрүнөт, чай ичилип дасторкон жыйылды. Бул арада байбиче мага бурулуп: «Чалагыз балам, жаман ырчынын ырынан комуздун күүсү жакшы. Кытатбайдын тирүүсүндө Мамбеталы көп келчү. Менин «Кош кайырма» аттуу күүмдү

кыякка тартып, комузда чертип бир топ күн жүрүп, сый көрүп кайтар эле. Комузуңду алып чертип көрчү», – деп калды. Сураган күүлөрдү билишимче чертип жатам. Кез-кезде: «Эх-хээ от алышып кеткен жерлери бар экен, оңдоп аларсың» – деп коёт. Мен бир топ черткенден кийин:

– Чалагыз балам, комузуңду Көбөөнгө берчи, «Селкинчекти» чертсин, – деди. (Көбөөн – Бурулчанын баласы, Кытаттан).

Кеч жаттык. Эртеси жайланышып тургандан кийин Бурулча баарыбызга бирден көйнөк кийгизди. Бурулча байбиче сырбилги киши эмеспи, темир комузду улам карай бергенибизден шек алдыбы, керегенин башындагы комузду алдырды да, оңдонуп отуруп, кадимки жаш келиндерче оң тизесин бүгүп, чыканагын тизесине коюп, кага баштаганда комуздун үнү жарымы ышкырык менен угулуп жатты. Экинчи күүсүн андан да укмуштуу какты. Кез-кезде созолонто ышкырып, комузду оозунан алып, колун өөдө көтөрөт да сөөмөйүн тегеретип туруп кайта кагат. Эки күү кагып комузун токтотту да улутунуп коюп мындай деди:

– Чалагыз балам, «Селкинчек» деген күүмө кошумча ырымды айрым кошоматчы ырчылар менен тантыраган комузчулар бурмалап ырдап жүрүшөт. Анын себеби бар. Кудай кошкон күйөөм Урдөөлөттөн айрылып, бетим жаралуу, башым каралуу жаным ачып отурганда Кендирбай аттуу кайни сөрөй «Бурулча мага тийсе» деп арачы жиберет. Мен аны кагып койгонума ызаланып, ырчыларды жалдап бурмалаткан экен. Урдөөлөттөн кийин Кудайым никемди Кытатка буюрду. Кытаттан алдагы Көбөөндү карманып турам, таанышып алгыла. Өнөрлүү өлбөйт деген. Өмүрүңөр узун болсун, көптү көрөрсүңөр. Эми «Селкинчек» күүмдүн ырын айтып берейин, колуң кат билет жазып ал, – деди.

Кызыл жоолук желпинчек,
Кыздар тепкен селкинчек.
Кыз экенде дооран сүр,
Кылчайып келбейт, келинчек.
Шырдак оюп, боо согуп,
Үйдү кооз тиктирсек.
Кесир жакка жолобой,
«Кел бери» бол келинчек.
Болот беле касиет,
Бой көтөрүп керилсек.
Селкинчекти тебе албай,

Боз балдардан жеңилсек.
Кете электе гүл учуп,
Кел тебели селкинчек.
Жашыл жоолук желпинчек,
Жакшы тепкин селкинчек.
Шайыр мүнөз шамдагай,
Жайдары бол, келинчек.
Жаш өмүрдү гүлдөтүп,
Жаштар тепкен селкинчек.
Сайма сайып, чий чырмап,
Сарамжалга берилсек.
Уят болор эринип,
Элге жаман көрүнсөк.
Аялдарга чоң сыймык,
«Ак көрпө жайыл» дедирсек.
Теңтуштар келсе сый менен
Төрдөн даам жедирсек.
Кете электе жаштык кез,
Кел, тебели селкинчек.
Селкинчекти тебе албайт,
Кээ бир келин эринчээк.[58]

Эл оозунан түшпөгөн «Бурулчанын селкинчек» ырын айрым эси жок ырчылар экиленип, бурмалап жиберишкени бар. Алар тек гана, Бурулчадай асыл адамдын инсандык ариетине, махабат сезимине шек келтиришет. Неси болсо да күү дүйнөсү айкаша таланттарды ара жолго калтырбай, асыл ысымдарын тарых барагына табыштайт тура.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Бурулчанын селкинчек» | 3451 | 2'92 | Курманбек Калботоев |
| 2. | «Бурулчанын селкинчек» | 1733 | 4'05 | Карамолдо Орозов |
| 3. | «Бурулчанын селкинчек» | 3050 | 2'27 | Ыбырай Туманов |
| 4. | «Бурулчанын селкинчек» | 3994 | 2'26 | Абдракман Кыдырбаев |

58 Ч. Иманкулов. Өмүр элестери. – Ф., 1970, 41-44-беттер

# ЧОЛПОНБАЙДЫН ҮЧ-КООСУ

Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз сыяктуу чыгаан комузчулардын репертуарында «Үч-Коо» аттуу жагымдуу күү бар. Радионун алтын казынасында сакталган бул күүнүн чоо-жайын угармандар тели-текши биле бербес. Күүнүн тагдыр башаты ооз комузчу Осмонбек кызы Бурулчанын уулу Чолпонбайдын өмүр чыйырына байланыштуу жаралган. Чолпонбай жолго чыкканда Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кара-Ой, Сары-Ой, Чоң-Сары-Ой деген Үч-Коону дайыма басып өтчү экен. Жол жоргосу чертилип, ылдамдык комузда коңур салмак кайрыктарга алмашып, ар коо өз ыргагында улам бири артта кала берип, түзөңгө чыккан кайрыктар «Үч-Коонун» өзөгүнө жуурулушуп, ал барып «Чолпонбайды Үч-Коо шыңгырамасы» аталып, комузчудан комузчуга өтүп, күү алптары Карамолдо, Ыбырайдын манжаларына илинип, музыкалык маданиятыбызда өлбөс өмүрүн өтөп келет. Кадырман жолоочу Ысык-Көлдүн күңгөйүнө сапар алсаңыз, азыркы Бает кыштагынын кире берип, Үч-Коо-Сууну басып өтөсүз. Ошондо «Чолпонбайдын Үч-Коосун» эсиңизге салып коёрсуз. «Үч-Коо кайрыктарын» радионун казынасынан (н.1726) таап, тыңдаган болсоңуз, андан бетер, чериңиз жазылат, көңүл кушуңуз көкөлөйт, рахат дүйнөсүндө чабак урасыз. Бишкек шаарынын тургуну 83 жаштагы карыя Эсен Балкыбек уулунун айтканы эске түшөт. «1930-жылдары атамды кулакка тартып, Украинага айдалып бардык. Кыргызстандыктарды бир жерге топтоп, өзүнчө айылбыз. Ысык-Көлдөн келгендердин ичинде чоң комузчуну «Чопо» дешип, эл сыйлашчу. Чакырып комуз черттиришчү. Кол ойнотуп, комузду өтө кооз чертчү. Үн кошуп ырдаганын да укканмын. Кийин билдим, бул айтылуу Бурулча эженин уулу Чолпонбай экен. Атам бошонуп, ал жерден киндик кан тамган, конушубузга келдик. Чолпонбайдын кийинки тагдырынан кабарым жок».

Радионун музыкалык «Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Чолпонбайдын Үч-Коосу» | 9458 | 2'48 | Усуп Орозов |
| 2. | «Чолпонбайдын Үч-Коосу» | 3086 | 2'28 | Ыбырай Туманов |
| 3. | «Чолпонбайдын Үч-Коосу» | 1726 | 2'36 | Кармолдо Орозов |

# КАЧКАН КЫЗ

Сан күндөрдү сапырып, ай-жылдарды ала салдырып, кылым кырларын артка жапырган мезгил агымы канча өмүрлөрдү өзү менен ала кетпеди. Аны «өткөн өмүр» атап келебиз. Өткөн өмүрлөр: көр-оокатка, бок-дүйнөгө ыбырсып жүрө берип, эки ооз эскерүүгө татыбай көптүн көлөкөсүндө эндей кеткен «эсил кайран» өмүрлөр?.. Майтарылбас эрк менен чыныгы намысты туу тутуп, келечекти, мелжиген тоодой тоскоолдуктарга турuштук берип, өз өтөөсүнө жеткен, тарых булактарына айланып, көркөм чыгармаларда баян эткен, жылдыздай жанган өлбөс-өчпөс өмүрлөр да бар. Ал жагымдуу обон болуп ырдалып, мукам кайрыктары күүлөргө айланып, эл рухунда уялаган асыл өмүрлөр...Ошондой кымбат өмүрү кылым аралап, санжыра сабактарында сакталган «Каптагайдын качкан кыз» баяны.

Бул баян акын Тоголок Молдодо атайын иштелип чыккан. Абдрасул Токтомушов поэма жараткан. «Качкан кыз» кабары турмуш чындыгынан алыстабай басма бетинде байма-бай эскерилип, аспаптык күүлөргөө салынган. Мындай тарых күүсүндөгү адамды алгачкылардан болуп темир ооз комузга салган Сүйдүм Төлөкова. Бул изги демилгени өлбөстүктүн, түбөлүктүүлүктүн символу катары кабылдоого тийишпиз. Аялдар укугун ченеп, бычып, кемсинтип, бетине чүмбөп жаап, бутуна калып кийгизип, сырт дүйнөдөн обочо кармап, көз каранды абалда кармоо — ал коомдун кедергиси. Алмуздактан кыргыздар аялдар эркиндигин туу туткан коомдо жашаганына «Каптагайдын качкан кыз» жоругу күбө. «Каптагайдын качкан кыз» баянын жазууда даӊазалуу кыргыз кызын өз көздөрү менен көрүп калган 75 жаштагы Шабдандын небере келини (Самудин уулу Абдылдабектин жубайы) Сайна эженин 80 жаштагы (1916-жылы туулган) Ботокан уулу Турпандын айтып берген малыматтарынын мааниси зор.

Көӊүлүм айнып жөнөдүм,
Көлдүн башы Аралдан.

Кудурет ачса багымды,
Кутулсам деймин жамандан.
Тагдырды жазса башыма,
Жакшысын тапсам адамдан.

«Кайып-апа – Качкан кыз» менин кайнатам Самудиндин агасы Мөкүштүн аялы. Бул кишилердин аттарын балпылдап айтканга бизге туура келбейт эле. Жазып калабыз дегендерден улам, оозанбаска айла жок, – деп баштады Сайна эже.

– Буйрукту кайдан деп болот, мен Абдылдабектин эшигин аттаганда эле Кайып апа кызы Жамалканды жиберип чакыртып алды. Ошондо алар Жаңы-Алышта турган, биз Чоң-Кеминдебиз. Баш кошконубузга эки айча эле болгон. Кийин 1957-жылдары биздикине Фрунзеге келип калды. Мурункудай эмес, оорулуу, жүдөп калыптыр. Апамды көргөндө кубанганыбызды айтпа, балдарым да «энекелеп» жанынан чыкпайт. Догдурга көргөздүк. Кетеринде «айран, сүт ичсин» деп балдарды ала кетти.

Совет өкмөтү «Шабдандын» тукумдарын аябай эле куугунтуктады. Мөкүш ата Оролго айдалып, кайта Ош түрмөсүнө келип өлдү. Же эстелик орнотулбай, же белги коюлбай көрүстөнү белгисиз калды. «Поюздан поюзду алмаштырып, түрмөдөн түрмөнү сагалап жүрүп, өмүрүм өтүп кетти» деп күрсүнүп калар эле кайран киши. Кайып-апа эркек мүнөз, өң-келбеттүү, кабелтең, чапжаак, кара сурунан келген, үнү коңур, кайраттуу киши эле. Кандайча болуп Каркырадан качып, Кеминге келгенин жакшы адамдарга гана чанда-чанда кеп салганын кызыгып тыңдап, эсиме сактап калган жайым бар. Анда келин кезим, улуу адамдар менен аралашуу кайда? Тамак-аш дасторконго алаксыганым менен эки кулагым Кайып-апанын качкандагы «жомогунда». Бир курдай Аалы Токомбаев, Бегималы Жамгырчинов агайлар Кайып апанын өз оозунан айткандарын жазып калтырсак дегендерин уккан элем.

Кайып-апа бугунун чоң манабы Боронбай бийдин уулу Өмүрзактын кызы. Ылакапта айтылган «миң жылкылуу Каптагай» багып алыптыр. Күндөрдүн биринде күйөөлөтүп келгенби, же келинин алып кеткени келгенби, кайындаган жери калдайып, Каптагайдын айлына түшүп калышат. Кыз жеңеси менен жыла басып, күүгүм талаш үзүктү түрүп, тешиктен шыкаалап, күйөө сөрөйдү көрөт.

Момун да эмес, эрке эмес,
Чеки туулган кеңкелес.
Үлдүрөп жерди тиктеген,
Кеби жок жана кеп жебес.

Бечеранын кебете-кешпирине кыз көңүлү тойбойт. Жеңесине шыбырайт: «Бул байкуш менин теңим эмес. Торпокко баш кошкуча, тобокел деп, бул жерден качып, өз теңимди издейин».

Караанынан кагылам,
Тобокел! Көргүн багынан.
Куугунчу жолун терс бурам,
Чочуба кеткен жагынан —

деп, жеңеси да бул кеңешке макул болот. Керегеде илинген агасынын ичигин, тебетейин кийип, атасынын шым бешмантын колтукка кысып, мурунтан көз салып жүргөн энеси каттырган түйүнчөктү коюнга катып, олоң чачын устара менен жеңесине кырдырып, көргөндөр көңүл бурбасын деп эркекче кийинип, ай батып, жылдыз чыккан маалда атасынын сырдана күлүгүн минип, көйкөлүп жаткан Көл-энеге багыт алып, ат тизгинин коё берет. Иттер чуулдап калганда үйдөгүлөр кымкуут түшүп, «ууру эле ууру!» дешип арттан чабышат. Сырдана күлүк үстүндөгү кыз бул учурда караан үзүп айылдан узап кеткен.

Чуу түшүп качкан бир кызга,
Жар салып бүткүл кыргызга.
Ат тандап жигит жөнөтүп,
Кат кабар кеткен туш-тушка.

Бул окуя 1913-жылы Шабдан баатырдын ашынан кийин болгон. Таң атып, жарык чачып, күн шашкеге көтөрүлгөндө айыл четинде кой жайган адамга кезигип, бай кийимин куур тон, жаргак шым, жаман малакайга айырбаштап, томояк кейпинде андан ары жол улап, болжолу Күрмөнтү айлынан четтерээктеги орус кыштагында балык жон жабылган жапыз тамга кайрылат. Үй ээси орус абышка-кемпирге кайдан келатканын, өзү кыз экенин билдирет. Куугунчулардын аягы сууганча боорукер чалдыкында жашынып жатып, күлүктү анда калтырып, энеси каттырган түйүнчөктү ачып, күмүш тыйын берип, Балыкчы тарапты бет алат. Тоголок Молдо, Абдрасул акында качкан кыз тактай салган кемеге түшкөнү:

Кемечи жолум тосподу,
Ыраазы болгон окшоду.
Түнката чыккан ал кеме,
Балыкчы келип токтоду, —

деп айтылат.

Сайна эжеде бул учур бүдөмүк, Балыкчыга кербен менен келип түшөт. Курсак ач, чарчап, чаалыккан кыз ашканага кайрылып, тамак алып, эми мына үстөлгө отурарда сырттан тааныш үндөр чыгат. Кылчайып караса, куугунчулар шекилдүү, качкан кыз кабарын сурамжылап жаткандай. Ач курсагына кайыл, тамагын таштап, жылт коюп, «Акбекетке» унаа жалдап жөнөйт.

Акбекетти билет экен. 1912-жылы Шабдан баатырды койгондо атасы Өмүрзак менен Чоң-Кеминге келген, качкан кыз. Ошол жолкуда Кеминдин «Акбекети» эсинде калган окшобойбу. Шабдандын Кемелинин кызы Зуурага (анда Дүр Мамбеталынын келини эле) атасы Шабданга кошок коштурганда Кайып-апа (анда 13-14 жашар кыз) жанында отурган экен. Кайып кыз Кеминге түшпөй, Кочкорго ооп кетет.

Жолунан Чүйдүн жаңылдым,
Кочкорго барып кабылдым.
Шек алган жерден көз буруп,
Качууга дайым камындым, —

деп, ал жерди айланчыктоого аргасыз болот. Чачы кырылган, башында малакай, баякы койчу кейпинде Көбөгөн-ажынын үйүндө байырлап туруп калат.

— Ой, сен кайдан келген баласың, ким деген болосуң? — дечүлөргө:

— Арык тукумунанмын, жетиммин, — деген жообу даяр.

Күндөрдүн биринде, адатынча аксакал-көксакалдар чогулуп, келер-кетер кеп учугун чубап, дөңдө отурушкан. Кымыз куюп, аяк сунган балдардын арасында «арык тукуму бала» эпилдеп, эки кулагы тигилердин кеп сөзүндө. Сөз учугу чубалып, Шабданга кошкон кошокчу ким эле дегенге такалат.

— Ой, акелер, баатыр-атаны Кемелдин кызы Зуура кошподу беле? — деп, байкоостон айтып алып оозун басып калат.

— Ой, бу Арыктын баласы Шабдандын ашына аралашып жүргөндөй айтып жатат го? — дешет отургандар. Кээси шектенип:

– Бу «балада» кеп бар, – деп шек санап, купуя сырларын ичине каткандар да болушту.

«Алыстан конок келет» менен, Көбөгөн ажыныкында мейман камы кызуу жүрүп жатты. «Арык тукуму бала» да от жагып, суу ташып, кемеге башында, келин-кесектердин кашында. Көбөгөн-ажынын чоң ак өргөөсү толо тирелген жүк. Жүктү аземдеп жыюу көрүнгөн аялдын колунан келе бербеген. Жүк урап кетет. Тоодой-таштай адамдын төрүн тепсеп, төшөк жыюуга салт жол бербейт. Эч ким даабайт. Мен жыя коёюнчу, – деп Арык тукуму бала ичкери кирет. Сыдыргыга салгандай жыйылган жүктү таңыркай карашып:

Капырай, кандим болгон аялдар да жүктү мындай жыя албайт», – дешет катын-калачтар. Муну уккан ажы:

Эр бала минтип жыябы?
Кол билги кыздай сыягы...
Эртели-кеч байкай жүр,
Эч качан болбос зыяны. –

деп, Арыктын «баласынын» артынан аңдыгычтарды коёт. Анткени, «Каркырадан качкан кыз» кабары Көбөгөн-ажыга белгилүү эле. Меймандарын узатып коюп, шектүү иштин акырына чыкмакка, азыркысын тымпыйып тынч калууга ой бекиткен ажы, мейман камында жүргөнсүп беймарал. Келүүчү коноктор көлдүктөр, болгондо да каркыралыктар болуп чыкпаспы. Бул жерден эртерээк качып чыкпаса, сыры ачылып каларын ойлоп, ыгын таап, Кочкордон дагы кылт коюп, билген жолуна салып, Балыкчыга келет. Андан азыраак тамак-аш камдап, Боомдун капчыгайы ылдый жөө-жалаң бөрү желишке салып келатканда артынан жете келген адамдын коштоо атына жаш жигиттей жайдак минип, жол сапарын улайт. Бул адам Кароол-Дөбөлүк Кудайберген деген экен.

– Кайда бара жаттың эле? – дейт жайдак атта салпылдаган сапарлашына.

– Чоң-Кеминге барам.

– Оо, анда жакшы экен. Мен да Чоң-Кеминге барамын, сапарлаш болот экенбиз, – деп «жигиттин» сыпаа турпатына көз кырын салган Кудайберген жанаша бастырып далыга таптайт.

Жолоочулар капчыгайдан өтүп, токой чарбасында тактай тилгендерге келишет. Сапарлашын ушул жерге калтырып, Чоң-

Кеминге жүрүп кеткен Кудайберген кепке буйдалбай кайта келип «бозойду» учкаштырып алып жөнөйт. Эртели-кеч чогуу жүрүп, чогуу жаткан жолдошу эркек экендигинен шек санай берет: заара кылса Кудайбергендей талтайып тура калбай, көздөн далдаа кабакка кирип кетет. Анын үстүнө кулагындагы сырга таккан көзөнөктү да байкап калган жигит:

Эркелетип жаткан окшоп ырсактап,
Кудайберген кол жүгүртөт төшүнө...

Акын Абдрасул Токтомушов Качкан кыздын бир нече ысымын түкшүмөлдөп жазганы бар:

Жарыя кылсам ачыгын:
Төл атым менин Жамалкан.
Көрүнбөй көзгө жүрөт деп,
Бир атым менин Кайып кыз,
Аргасыз элден жашыргам.
Бир атым менин Бурулкан
Шурумду берип колуна,
Зөөкүрдү салгам жолуна...
Кочкорго тааныш мына бул
Дагы бир атым – Жумагүл.

Качкан кыздын өз атасы Өмүрзак, Боронбайдын көзү өткөндө (1778-1858) ата жолун жолдой албай орус байларынын кол астында өмүр өтөп, карапайым калк арасында жашаган. Бакма атасы Каптагай «сан жылкылуу Сарыбай, миң жылкылуу Каптагай» деп ылакапта калган. Каптагай бугулардын ичиндеги Белек тукумунун аттуу-баштуу адамдарынан. Жайкысын Көкөтөйдүн ашына тандалган жер соорусу Каркыраны жайлаган.

Качкан кыз Шабдан баатыр өлгөндөн кийин 1913-жылы Каркырадан чыгып, Чоң-Кеминге келип Мөкүшкө 1914-жылы турмушка чыккан. Кайып апа 1962-жылы, болжолу жетимиштерге келип каза болгон.

# КӨК СУЛУУ

Айтышарга теңи жок, айтылуу акын Жеңижок 1860-жылы Таластын Сары-Көбөн деген жеринде кедей үй-бүлөдө туулган. Жеңижоктун төрөлгөндөгү аты Өтө болгон. Бир үлпөттө Нурмолдо ырчы жанында жагалданып, ырдап отурган жаш жигиттин өнөрүнө ыраазылыгын билдирип:

– Атаңдын көрү ээй, жеңдүү кемзели болсо, бул бала жан койчу түрү жок? – деп, шаштысы кеткенин билдирип койгон экен.

Жигит каруусуна чейин кесилген жеңи жок кемзел кийип жүрчү. Ошол үлпөттөн кийин Өтө деген аты унутулуп, Жеңижок атка конгон.

Ата-энесинен жаштайынан ажырап, «ала» оорусу кызыл жүздөн ажыратып, денесине доо кеткенин көргөн айылдын билерманы Ташкара бий:

– Бул жетимдин «ала» дарты башкага да жугушу ыктымал, бир жетимден эл көбөйүп же азайып кетпейт. Алып барып Кара-Буура дарыясына ыргытып жибергиле, – деп буйрук кылат.

Эки жигит дарыянын жээгине алып барып, эки көзү жайнаган жылдыздуу баланы өлтүрүүгө колу барбай, жолоочу соодагерлерге кошуп, Аксыдагы таякелерине качырып жиберет. Соодагерлер Кербен кыштагына келгенде карасуулук Садыр деген киши Өтөнүн өнөрүнө ыраазы болуп, учкаштырып үйүнө алып келет. Садырдын энеси Айыке Таластын кызы экен, Кызарт кыштагынан дарыгер алдырып, өтөнү «ала» оорусунан айыктырып, Өзбек-молдого берип сабатын ачтырат. Дин жагына анча оошо бербей, өтө акындык өнөрдүн артынан сая түшөт. Нурмолдо айткандай, Өтө деген ысымы акырындап өчүп, Жеңижок атыгып аксылыктарга аттын кашкасындай таанылат. Аксы элинде Жеңижок катышпаган жыйындар болбой калат.

Айыл аралап, өнөрү өр таянып жүргөн күндөрдүн биринде Артыкбай дегендин кызы Көксулуу менен таанышып, акырында

ага үйлөнөт. Эки жубай дайыма ээрчишип, бактылуу өмүр сүрөт, бирок «бири кем дүйнө», балалуу болбойт, акар-чакар бапыраган үй-бүлө кура алышпайт. Жеңижок 1918-жылы 58 жаш курагында дүйнөдөн кайтат.

Намангандын бери жагындагы бир кыштакта жолдош-жоролору менен тамаша куруп жатканда Сулайманкул датка жаш жигиттин өнөрүнө өзгөчө баа берип, айылына өзү менен алып кетет.

Эчен жыйындарды көркөм өнөргө кандырып, элден элди кыдырып келатып, Аксынын башындагы Жегене деген айылдан Көксулуу аттуу келиндин үйүнө туш келет.

Боз үй толо меймандарды жаркылдап-жайнап тосуп алып, конок камын көрүп жүргөн Көксулуунун билгилигине, көктөн түшкөн периштедей сулуулук көркүнө суктана Жеңижок ыр нөшөрүн төгүп, комузу койкоңдоп, айткандары көркөм дүйнөгө бөлөп, көргөндөрдүн көз жоосун алып, уккандардын ууз сезимин козгойт.

Жеңижок айылына келгенден кийин кандайдыр ойго батып, түнөрүңкү тартып, өзү менен өзү болуп калганын байкаган Сулайманкул датка сураштыра келип, эки жаштын ортосунда ашыктык от жалбырттай баштаганына көзү жетет. Тилекке каршы, Көксулуу жаңы келген келин, башы байлануу. Кайната, кайнене дегендер төр башында. Калыңы бычылган, никеси кыйылган. Сулайманкул датка: «Жеңижоктун сунушун Көксулуу кабыл алат бекен?» деп, билип келүүгө атайын элчи дайындап, келиндин жооп алууга чабаган чаптырды.

– Жеңижоктой өнөрпоз чанда жаралат. Аны «мен кыргызмын» деген ар бир адам сыйлоого тийиш. Бабалардан келаткан салттан мен деле четте калбашым керек – деп жооп кайтарат Көксулуу.

– Сен ала турган келинге каалашыңча калың берет экен урматтуу датка. Ал калыңга дагы бир Көксулуу сатып албайсыңбы? Дүйнөдө катындан көп неме жок. Катындан катындын эмнеси артык, койнуна кирсең баары эле бирдей. Датканын айтканын кабыл албаска чараң барбы? Көшөрө бербей Көксулууну бер, көрмөксөн болуп аткарып жибер! – дешип, күйөөнү көндүрүшөт.

Жан-жолдошторун алып, Жеңижок Көксулуунун үйүнө барып түшөт. Кудалык жол-жоболорун аткарышат. Акырында күмүштөн ээр токум токулган, көк баркыттан көрпөчө салынган, күмүш жүгөн башында көк жоргого мингизип, Көксулууну айылга алып келишет.

Жеңижок үйлөнүп-жайлангандан кийин Таластагы туугандарына көчүп келет. Бирок, тууганы Ташкара болуш менен дагы келише албай бир жыл өтүп-өтпөй кайрадан үйүн тигилүү бойдон калтырып, Аксыга кете берет. Баялы деген карыя жер бөлүп берип, там салып, бак-шак тигип, Көксулуу экөө түтүн булатып жашап турушат. Таластан бир тууганы Болоттойду, карындашы Каракызды чакыртып алып, Аксыда биротоло турукташып калат.

# НАРКҮЛ КҮҮ

Эл арасында өтө сейрек чертилип, аспаптык күү өнөрүндө белгисиз калып бараткан кайрыктардын бири «Наркүл күү».

«Наркүл» деген күү экен.
Чечендердин алдында
Черте турган күү экен.
Акындардын алдында,
Айта турган күү экен.
Ал күү жайын сурасаң,
«Наркүл» элге сүр экен.

Бул саптар эл оозунда айтыла калып жүрөт. Айтымдын төркүнү зирек күйөрмандарды ойго салбай койбойт. Наркүл деген ким? Анын тек-жайы каякта? Көмүскөдө калып бараткан тарыхтын бул бүктөмүн аңтарсак, Наркүл кыз актаңдай акын Эсенамандын Ырыскүл деген кызынын оошмо аты (псевдоним). Бир учурда теңи жок алп Жеңижок менен айтышкан экен:

Чыныгы атым – Ырыскүл,
Экинчи атым – Чакагүл,
Азыркы атым – Наркүл кыз.
Көпчүлүктүн ичинде,
Көңүл бурчу сүйкүм кыз.
Катуурак кетсем капасыз,
Сиз байкабай жатасыз...

Наркүл кыз (Ырыскүл) кайсы акын менен айтышпасын анын мансабына, бийлигине карабай, жалтаңдабай тике качырып, түз айтканы үчүн «чатак кыз» атыгып кеткен жайы да бар. Айтылуу төкмө Эсенаман агасы каза болгондо анын аялы (жеңеси) Канышка үйлөнөт. Каныштан 4 бала (биз сөз кылып жаткан Ырыскүл, Үмөталы төкмө) төрөлөт. Ырыскүл (Наркүл) 1868-жылы туулуп,

89 жашында (1957-жылы) дүйнө салган. Төкмөлүк өнөрү 17 жашында башталган. Эл акыны Сүйүнбай Эралиев: Ырыскүл менен Жеңижоктун айтышы жөнүндө согушка чейин эле угуп жүргөнүн, кийин күтпөгөн жерден Ырыскүл апага кезиккенин, ал ошондо 80дерге барып калганын эскерет...

Бул тарыхый «Айтышты» Калык 1946-жылы басмага тапшырган. Айтышта теңи жок акын Жеңижокко тиш салууга батынган Ырыскүл комуз өнөрүндө чоң талантка эгедер экендигине «Наркүл күү» күбө.

Ырыскүл айтышта Жеңижокту желпилдетсе, күү чертиште Токтогулду күбүргө такаган. Токтогул Шиберге айдала электе Жеңижок экөө Курманжан датка энеге учурашканы келишет. Үйдө ак саргыл, эркекке ирендеш, чачы аркасына төгүлгөн бир келин кызмат кылып жүрөт. Тамак ичилип, «оомийин» кылынган соң Курманжан датка артына кылчайып:

– Наркүл, комузуңду алып мында кел, – дейт.

Кызмат кылып кымыз сунган келин энесине башын ийип, ашканадан комузун алып чыгат. Курманжандын арка жагына сыңар тизелей отуруп, комузун күүгө келтире толгойт да Токтогул мурун укпаган бир күүнү чертип аспапты апасына карай жылдырат. Датка бул күүнү кайталап чертип берүүсүн өтүнүп, Өтөгө (Жеңижокко) ишаарат кылат. Өтө комузду кош колдоп алып, Токтогулга өткөрөт. Токтогул улам токтой калып, күүнү зорго кайрыйт. Экинчи жолу андан да кайрыктары татаалырак күү чертилип, өнөктөшкө карай сунулат. Токоңдун кетпеген жеринен тер кетип, тапшырманы орундатат. Үчүнчү жолкуда күүнү ыр менен коштоп:

Ырас билдим, жеңеке,
«Наркүл» деген гүл экен.
Чечендердин алдында,
Черте турган күү экен.
Күңгөйлүктүн балдары,
Тескейге келип темселеп,
Эмне кылып жүрү экен?..
Айтышайын дейсиңби,
Бугулардын байталы?
Аны кабыл албасаң,
Азыр эле кайталы, –

деп, чыйрала түшөт.

Наркүл ордунан туруп, ашканага кирип, жалаңдаган курч сарт бычакты алып чыгат да, отурушун жазбай бычактын мизи менен кылдарды тербеп черте баштайт. Тилекке каршы, бычактын мизи кылга жаңылыш тийип, үч кылды бирдей кыркып түшөт. Мелдештен жолу болбой калганын сезген Наркүл ордунан туруп, эңкейип энесине таазим этип, атаандаштырынын алдынан өтүп жүгүнүп, ашканага бет алат.

Курманжан датка келинге кылчайып:

— Кызым, алып чыккын жанагыңды, — дейт.

Наркүл түйүнчөк көтөрүп келип, Курманжан датканын алдына коёт. Датка эңкейип, этияттап түйүнчөктү чечип, үстүңкү чепкенди Өтөнүн ийнине жабат. Экинчи чепкенди Токтогулга кийгизет. Үчүнчү кара чепкен Ажыбекке энчиленет. Белектер тартуулаган соң:

— Өтө балам, кетериңде ырдай кет, — деп суранат Курманжан.

Өтө «Дүнүйө жалганды» далайга төгө отуруп, Алымбек датканын дүйнөдөн өткөндүгүн дүңүнөн козгоп келип, ырын токтотот. Бул аралыкта датка оромолун колуна алып, көз жашын сүртө берип:

Наркүл бери чыгып, могу жигиттерге таазим кыл! — дейт.

Наркүл үч жолу эңкейип меймандарга жүгүнөт… Курманжан датканын өнөрпоздорду меймандап кабыл алышы, элдик өнөргө болгон мамилеси, сыйы, урматы — эл баккан адамдын кылар иши, кызматы! Айтымга караганда, Ырыскул Осмоналы манапка токолдукка чыгып, алты балалуу болгон.

Алымкул төкмө Үмөталы ырчыны эскерип:

Атасы анын Эсекем,
Ырчынын пири дечү экен.
Эжеси булбул Ырыскүл.
Анан, кай жагынан болот кем? —

деп ырдаса, замандашыбыз төкмө акын Ысмайыл Борончиев Алымкулга арнаган кошогунда:

Таластын аяк жагынан,
Таланттуу ырчы абыдан.
Жеңижок менен беттешип,
Жети уруу Солго таанылган.
Ырчы жеңе Ырыскүл,

Алыска даңкы чыкпаган,
Аялга теңдик жогунан.
Арбын иш келбей колунан,
Айланып үйгө ыктаган, – деп ырдаган.

# АТАНЫ КОКУЙ, 80 СОМ!

Таласта Кошкулак деген комузчу колу туткак чыгып, уурулукка азгырылып, тууган-тушкандарына батпай баратты. Дагы бир жолку уурулуктун айынан түрмөгө камалды. Бир айласын таап, түрмөдөн качып чыгып, Ысык-Көлдүн Тоң районундагы кытай уруусунун билерманы Эшимбек деген сураштырып тапты. Из жашырып уурдап минип келген суу төгүлбөс Тору жоргосун ээр токуму менен ээр кашына илген камчысы менен «уругубуз бир, тууган экенбиз, сыйлаша-сырдаша жүрөлү» деп алдына тартты. Эки жыл Эшимбектикинде жүрүп, «айбым ачылбасын» деп, алыскы керей уруусунан Илебай деген болуштукуна орун которду.

Жайкысын шерине, кышкысын жоро-бозо ичип, отуруштардын көркүн чыгарат Кошкулак. Эл ынтымагына кирип, кезеги келгенде жоро-жолдошторун мейманга чакырат. Эл катары куйругу кучак кой союп, арактуы суудай агызат. Тилекке каршы, сатыкка малы жок, сандыкта пулу жок, катышка кеткен чыгымдар үчүн карызы жыйыла берип, акчалай эсептегенде 80 сомду чапчыйт.

Адамдын ийин жандырбаган Илебай-болуш Кошкулактын сунган колун суутпай сураганын бере берип, карыз акча 80 сомго чейин жеткен. 80 сом анда 80 ириктин баасы. Мынча карыздан кантип кутулам деген Кошкулак башын мыкчып, санаасы санга айланып, очок башынан жылбай отуруп калган. Күндөрдүн биринде Узакбай деген теңтушу:

– Кошу досум, кийинки күндө сабырың суз, санаага баткандай сабыркап жүрөсүң. А балким дартка чалдыгып калдың бекен? – деп сурап калды.

– Ээ, Узаке, эмнени айтасың? «80 сом» деген оору пайда болду. Атаны кокуй арман, ал карыздан канткенде кутулам?!.

Ал кандай карыз? Кайдагы 80 сомду айтып жатасың?

– Күнүмдүк тирлик десемби, Илебай болуштан 8 сомдоп ала берген карызым 80 сомго чапчып кетиптир. «Андан кантип кутулам» деген санаанын оорусу...

Жадыраган жай мезгили. Кара-Камандын боюна барып, айылы конду. Күндөрдүн биринде Илебай болуштун короосу толо аттар байланып, мейман тосуп калды. Меймандарга кошуп, Илебай Кошкулакты да чакырткан. Дасторкон жайылып, чай ичилип, кымыз сунулган соң отургандардын бири айтып калды:

– Ээ Кошу, курсакка кымыз батпай кетти. Комузуңду колуңа алып, эски-жаңы күүлөрүңдү ортого сал. Ичибиз бөксөрсүн.

Кошкулак комузун толгоп, элдик күүлөрдөн чертип, угармандардын алкоосун алып жатканда:

– Баракелдэ-ээ өнөрүңө, Кошуке, жакында жаңы күү чыгарыптыр деп уктук эле, ошол күүңдү чертчи, – деп калды Илебай.

Кошкулак шашпай комузун дагы бир буроого келтирип, жаңы күүсүн чертти. Күүдө арман, муң, өкүт, өкүнүч сезимдер кайрыктан кайрыкка өтүп, уккандардын жүрөгүн сыздатып барат. Күү аяктары менен Узакбай:

– Ээ Кошу, күүлөрүңдүн ичинде азыркы черткен жаңы кайрыктарды байкасам, далай сыр катылып жаткандай. Күүңдүн атын атап, андагы сыр түйүндү чечип койсоң кантет? – деп суроо узатты эле:

– Күүмдүн аты «Атаны кокуй, 80 сом», – деген кыскача жооп кайтарды.

– Ии, Кошу баатыр, «80 сом» дегениң түшүнүктүү, аныңды «атаны кокуйлап!» боздоп жатканыңа жол болсун? Адамдар жакынынан айрылганда «кокуйлап!» ыйлачу эле, комузуңдагы кокуйлаган «сексен сомдун» төркүнү каякта? Билсек болор бекен?

– Атаңдын көрү дүнүйө. Жокчулук дегениң курусун. Көр тирликтин айынан ала берип, карызым 80 сомго чаап кетиптир. Кантип кутулардын айласын таппай кабыргам кайышып, капалыкка буугуп турганымда аянычтуу сезимди комузум тең бөлүшүп, арман кайрыктарды ачыкка чыгарып жатпайбы! – деп Кошкулак комузун жүккө жөлөдү. Узакбай Кошкулакты жемелемиш этип, сөз тизгинин Илебай-болушка бурду:

– Оо, Кошуке, сени белсемдүү тың чыкма, чыйрак жигит деп жүрсөм, бошоңдук жагың жетишерлик тура. «80 сом» үчүн

ушунчалык «кокуйлайбы?»... Илебай болуш үчүн бул акча бир токтунун төлүнө татыбас. Илебайдай эл кишиси үчүн 80 сом сенин бир черткен күүңөн айлансын! – деди эле:

– Узаке, айтканыңа түшүндүм. Эл-журт угуп койсун. 80 сомдон кечтим, эки дүйнөдө доом жок. Комузуң мындан ары «кокуйлабай» шаңдуу чертилсин! – деген экен.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Атаны кокуй, 80 сом» | 2907 | 2’14 | Бектур Осмонов |

# АЛТЫБАСАР ТОРГОЙ

Комуз күүлөрүн тактап черткен, баяндарын иликтеп баптап черткен, комузга берилген таасын күүгерлердин бири – кесиби мугалим, азыр ардагер Абдыш Ракым уулу Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы Ак-Чий айылынан атайылап кат жолдоп, анда «Алтыбасар Торгой» күү дарегин билдириптир. «Асаке, бул күүнү кезегинде Ыбырай ата чертчү экен, радио тасмасына жаздырган болду бекен?» деептир. Тилекке каршы, үн тасмага күүлөрүн жаздырып жатканда жаздым калтырганбы, «Алтыбасар Торгой» казынада жок. Бирок Түп районунун Арал айлынан комузчу Бөгөнбай уулу Бектур «Алтыбасар Торгойду» 1973-жылы Композиторлор бирлигинин музыкалык казынасына жаздырып кеткен экен. Бул табылга улуттук рухий дөөлөт катары «Кыргыз күүлөрүнө» кирди.

Кою короолош, ашы жоролош, даны оролош ата-жотосу жакын агайин калк – казактар Сары-Жаз менен Эңилчекти, Санташ менен Каркыраны, Кордой менен Сары-Арканы, Турналуу Көл менен Көйкапты, Нарынкол менен Текести, Мерке менен Таразды бирге жайлашып, төрт түлүгүн айдашып, жылдап эмес кылымдап колтукташып коңшу жашаган көчмөн эл. Ат жалын тартып мингени кыйын чыкма жигиттери такымга союлун кыстарып, жууктан жылкы тиймей адатты «баатырдык» катары кабылдашкан. Жорторман жортуулчулар улам арылай берип, капталда жаткан калмактарга, канатташ казактарга жетип, коңшулардын колтугуна суу бүркүп, айгыр үйүр жылкыларын Айдап кетип турган. Байге бербес күлүктөрүнөн ажыраган – казактар баурдастар Кыдыр аке башында турган кыргыз билермандарына Алтыбасар Торгой аттуу ашкере «тентектердин» үстүнөн арызга отурушту.

Короосу ирегелеш элбиз, ынтымакта тынч жашайлы. Күркүрөгөн күздө Арык, Белек бийлеринин тобу болот. Ага чейин тентектерди табалы, теске салалы – деп, сый-урмат менен казак доочуларды узатып койду Кыдыр аке.

Арадан аз убакыт өтүп-өтпөй уурдалган жылкыларын Сарыке элинен тапкан изкубарлар Кыдыр акеге жана арызга келишти. Акыры, Каркырага казак-кыргыздан топ чакыртып, кара баскан ууруларды бийге салмай болушту. Арык, Белектин билермандары чогулуп жыйын өткөрүп «казактардын тобуна» кайсы мыктыны жиберебиз менен үч күндөн бери баш оорутуп, бир бүтүмгө келе алышпай Кыдыр акени күтүп жатышты. Кыдыр аке келери менен жыйын улантып, «топ бузар», мен мыктымын дегендер кеп-кезегин, акыл-кеңешин ортого салышты. Албан казактардын тобуна Такабайдын Кадырбайын тандагандар болду. Андай жыйынга Салмаке Шүкүрдүн Рыскелдиси жарайт дешти дагы бирөөлөр. Жо-жоок, мындай ишке Бакачы Талканбайдан өтөрү боло койбос... сыяктуу сунуштар биринен сала бири коюлуп, ар кимиси атка минерлерин базарга салчудай баалашты. Оо, бир оокумда байкамаксан болуп, жамбаштап жаткан Кыдыр аке башын көтөрүп, обдулуп мандаш уруна отуруп, жанындагыларга собол узатты:

— Кана, ачык айткылачы, уурулар кимдер деги?

— Ким болмок эле, уурулардын башында Шапактын Алтыбасары, Сарыкенин Торгою, — дешти.

— Колу менен кылганды мойну менен тартат. Албан казактарга Алтыбасар, Торгойдун өздөрүн жөнөткүлө. Айкашкан жоого алдырбагандар акыйлашкан доого алдырмак беле? Артында биз барбыз, абай салып турарбыз, — деди.

— Ап баракелде-е, Кыдыр аке, алты күнү акыйлашып, биз таппаганды алеки заматта ордуна коюп койдуңуз, — деп, жыйын тарады.

Солтобой-ырчы ошол жерде ыр нөшөрүн төктү:

Ак боз ат минсе залкайган,
Арстан шердей заңкайган.
Байсарынын Кыдыры,
Акылга терең шыдыры...

Каранардын Боз-Дөбөсүндө казак-кыргыз тобу өтүп, Алтыбасар Торгойду ортого алышты. Булардын жаактууда жок чечендигин, адамдан чанда чыгар көсөмдүгүн көргөн эки тарап, анчалык оор жаза берүүгө батына албады. Бар болгону, тентектик жоруктарын гана айыптап, казак-кыргыз калкынын ынтымагы бузулбасын деп, сөз чечендигин мал-дүйнөдөн артык баалоо

чечимине келишти. Уурдалган малдын үчтөн экисин кечирип, үчтөн бирин төлөөгө макулдук беришти. Алтыбасарга 60 жылкы, Торгойго 90 жылкы айып коюлду. «Адилеттик», «Ар намыс», «Актык» дегендердин куну артык бааланып, Алтыбасар Торгойго барктуу-нарктуу адамдар бирден-экиден жылкы кошушту.

Арадан анча убакыт өтпөдү, калк кадырманы Кыдыр аке казактар менен сүйлөшүп, эркеталтаң эки чеченди доодон такыр куткарып, кылган аракетин эске алып, салган айыпты өздөрүнө калтырышты. Аны менен токтолуп калбай, Торгойду Түргөн болуштугуна бий шайлатты. Торгой карап турсунбу, Кыдыр аке башында турган Арык атанын аттуу-баштуу билермандарынын башын кошуп мейман алды. Тойго атайын чакырык менен Белек элинин атынан туугандары менен Алтыбасар келип түштү. Көлдүн көкүрөк элиндеги жетиөгүздүк Тилекмат акенин уулу Чыныбай да Кыдыр акенин сунушу менен жыйынга кадырлуу мейман болуп чакырылды.

— Балам, «атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны» деген. Орусиядан окудуң, көзүң ачылды. Эми эли-журтунду арала. Кандай топ болду, кандай сөздөр айтылды. Өз кулагың менен угуп, өз көзүң менен көрүп, окуяны өз баамыңдан өткөр. Өзгөлөр айтса «ала-куласы» калар. Көз менен көргөнгө не жетсин? Качан да болсо калыстыкка таянып, караөзгөйлүктүн ажатына абай салып үйрөн, — деп, Тилекмат акылман нускоосун алдыртан жылдырып, Чыныбайды аттап-тондоп көл башы элин кыдырткан экен. Чыныбай аймакты кыдырып айлына келгенде Тилекмат сурайт:

— Ии, Чыныбайым, сөз сенде, кулак менде?

— Касиеттүү Ысык-Көлдүн көкүрөгүн араладым. Күңгөйүндө күтүрөтүп малын айдаган, гүүлдөп Каркыраны жайлаган Белек деген журт турат экен. Тескейинде сөзгө чебер чечендери, сөөлөтү артык көсөмдөрү, ырга жакын жомокчулары, үч кылга жан киргизген комузчулары бар. Арык деген элдин тукуму турат экен.

— Айта бер, балам.

— Айтсам, казак, кыргызга таанымал Арык атадан Торгой деген, Белек атадан Алтыбасар деген чечендерин көрдүм, ченемсиз өнөрүнө да күбө да болдум — дегенде Тилекмат аке:

— Аттиң ай, алардын чечендигинде чек жок дечи, ал тараптан менин да кабарым бар. Чечендин жүрөгү таза, көсөмдүн көңүлү

таза болсо, жүрүмү кылдат болбосо, кылган ишинде кынтык турса, кайран сөздүн кадыры кетип, акыл «жыртыгынан» агып калчу эле, — деп калды.

— Ата, сөз төркүнүн билсем болор бекен?

— Колу таза, жолу даана көсөмдөрдүн гана айтканы башкаларга эм болор. Тилинен бал тамсын, колу туткак ачкөздүк эч кимди жарытпайт, алардын айтканы жыртык электей куюлуп түшүп кала бермек. Алтыбасар, Торгой ошол сыңары чечендерден, — дегенде Чыныбай:

— Айтканыңызда калет жок, ата. Ар-намысы жеңип, ак жолго түшүп, Алтыбасар, Торгой акыры арктуулар-нарктуулар катарын толуктаптыр. Аны өз көзүм менен көрдүм. Торгой той өткөрдү. Акылман Кыдыр акеге жанаша отургузуп, ардактуу мейман катары мени да кабыл алышты. Жигит-жалаңдары менен дүңгүрөп Алтыбасар да тойго кошулду. Той шааниси акындардын ыры, комузчулардын күүлөрү менен көркүнө чыгып, акырында «Алтыбасар-Торгойдун» айтышына да кезек берилип, эки чечендин өнөрү өзгөчө кызыгууну туудурду — деп, Чыныбай көргөн билгендерин төкпөй-чачпай Тилекматка жеткирди.

Ажына чечен, Чоюке манасчы, Жолбун комузчунун соңунан казак-кыргызга уламыш болуп тарап кеткен Алтыбасар-Торгойдун чечен айтышына да кезек жетти.

— Кана чечендерим, эмки кезек силерде, — деди Кыдыр аке сыпаа кайрылып.

— Арык-атанын жолу улук, ал баарыга дайын. Өз очогумда мейманымдан озунуп, сөз айтышым олдоксондукка жатар. Кеп кезегин Белек атанын урпагы Алтыбасар курбума узатайын, — деди Торгой чечен.

Акырын сүйлөп бек таштап, айтар сөзүн эп баштап, ак батасын аталардын арбагына багыштап, Алтыбасар чечен тээ алыстан — кырк кыздан тараган Кыргыз санжырасын санактай, арыдан Кылжырдын сарбагыш-бугу тарамына такай Белек атанын Салмаке байбичесинен Тогузбайдын Чоң Карачын кенен чонон сөзгө айландыра Жаркын байбичеден туулган тукумдарга, баатыр Балбайга анын эрдигине баам койду. Андан ары, эл билгилеринен Мойт акеге, акылман элчи Тилекмат акеге токтолду да сан жылкылуу Сарыбайдай байларга баам сала, калк жакшыларын катардан калтырбай урпактар үчүн усул болор деген тилекте «эл

эртеңи – биримдик, калк бактысы – ынтымакты» жарыя кылып, кеп кезегин Торгойго жылдырды.

– Бурадарым, Алтыбасар, аркы жагын жакшы айттың, аларды кайталабай, бериде Арык атадан тараган урпактардын бири-айры төштүн алдында жатпаган, ата намысын ыйык сактаган Сарыке балбандын өнөрүнө өзгөчө баам таштайын. Жоотатырдан тараган Байсарынын Кыдырындай олуя чыгар бекен кыргыздан? – деп суроо жылдырды.

– Кыдырды кыргыз эмес, ак падыша сыйлаган. Ал айтып түгөтө алгыс сыймыгыбыз. Деги эле, ак калпагы башына жарашкан кыргыздай эл барбы да, аскасы асман тиреген Ала-Тоодой жер барбы?...

– Канаттуулардын торгой кушка теңелери жок, анда талаш боло койбос. Ал эми асан чакырганда коюлган атың Ырыскелдини жерип, торгой куштан ысым талашканыңа жол болсун? – деген суроо көпчүлүктүн арасынан суурулуп чыкты. Бирок анын жообу да табылды.

– Ырас, азан чакырганда мага Ырыскелди деген ат коюлган экен. Ошол ат менен Алжан-Булак коктусун жайлап турган күндөрдүн биринде боз үйдүн түндүгүнөн учуп кирген торгой куш Ырыскелди бөлөнгөн бешик башына конуп сайрай баштайт. Буга күбө болгон Моңош ата окуяны жакшылыкка жоруп, торгойду жайына коёт. Көп өтпөй торгой куш Ырыскелдинин бешик башына уя салмакка кам урат. Чымчыкты чочутуп учуруп жибербестен, Ырыскелдини башка бешикке бөлөшөт да, түндүктү жаптырбай дайыма ачык коюшат. Түндүккө конуп сайраган торгой куштун жылаажын кооз үнүн уккан наристе кың деп ыйлап койбой, уйкусоо ортосунда магдырап жата берчү. Торгой салган уясында жумурткалап, балапандарын учуруп чыкканга чейин бешикти өз ордунан жылдырышпаган. Ошентип, торгой куш менен бешиктеш өскөн (телчиген) Ырыскелди бара-бара Торгой ысымына ээ болот...

Алтыбасар-Торгой окуясына ортоктош өмүр өтөгөн атактуу күүгер Жолбун чечен күү жаратып, ал айылдаштарга кеңири тарап кеткен. Жолбундун кайрыктарына кайрык кошуп, күү залкары Ыбырай өз репертуарын кеңиткен. Ыбыкемдин аталаш тууганы Карабалта «Алтыбасар Торгойду» аймакка таанытам деп жүргөндө, көз тийип жаш курагында (1944-жылы) жайрап тынды.

# ҮРКҮН КҮҮЛӨР

Адам баласы башына оор күн түшкөндө, кырсыкка кабылганда ичтеги бугун «арман» аркылуу чыгарган. Арман жеке адамга гана эмес, бүтүндөй калайык калкты кучагына алып, тарых барагына да тамга салган. 1916-жылдагы Кыргыз элине кыргын алып келген Үркүндө калайык канча бир боорлорунан ажырап, кан кусту, көз жашы көлдөй акты, зар-муңу Кудайга угулду. Ошол арман тарых барагына кирди, архивдик материалдарда калды, калк жүрөгүндө өчпөс болуп сакталды. Кийинки урпактарга мурас катары эл оозунда, улама-аңыздарда, обон ырларда, күү кайрыктарында жарыяланып, бул каргашалуу кандуу окуянын кесепетин эскертип турат.

Үркүн алааматына аралашып, кызыл кыргынды баштан кечирген акындардын, ырчылардын оозун ким тыймак, аспапчылардын кылын ким кырмак? Бул алаамат эстен кеткис, көңүлдөн чыккыс муң байлап, көөдөнгө сыйбас зил таштап, ый аралаш ыр болуп, күңгүрөнгөн күү болуп, комузда, кыякта чертилип калган. Бул ырлар, күүлөр тополоңу тоз болуп качып бараткканда ырдалган-күүлөнгөн; ажал огунан боо түшүп кырылып жатканда ырдалган-күүлөнгөн; ач бел, куу жондо алсырап калганда ырдалган-күүлөнгөн; аскадан учуп, агыны катуу сууга кеткенде ырдалган-күүлөнгөн; «арзан шаар кайда» деп, тентип-тербегенде ырдалган күүлөнгөн; карангы уйгур тамында корголоп баарын берип жорголоп турганда ырдалган-күүлөнгөн; эркиндик таңы атканда, эл-жерине кайтканда ырдалган-күүлөнгөн; эчен замандар алмашып, мезгил оолашып, эгеменге жеткенде да ырдала бермек, күүлөнө бермек:

Жарак-жабдык жогунан,
Айла кетип шашканбыз.
Алдыраарга көз жетип,
Аргасыздан качканбыз.
Ашуусу жок зоолордон,
Түн боюнча ашканбыз.

Арттан келген солдаттар,
Далайдын канын чачышып,
Кытайды жөө басканбыз –

деп, арып-ачып Кытайга качкандар ырдаса,

Катын болуп биз кеттик,
Кара калмак кечилге.
Үрүмчү, Кулжа, Кумулда,
Манжу менен Мугулда.
Кара шаар, Аксыда,
Какшап калдык Какшаалда –

деп, зар ыйлап, жалдырап чет жерде калган кыз-келиндер боздогон:

Жетим калдың сары улак,
Мен да жүрөм зар ыйлап.
Энебиз жок багуучу,
Көздөн жашым шыркырап.
Бир эмчекти эмчү элек,
Эки жетим биригип.
Эки энеден айрылып,
Эми кантип күн көрдүк? –

деп, жетим улакча маарап, томолой калган жетимдер ыйлашкан.

Кыргыз акындары Үркүндү поэзия тили менен мүнөздөшкөн. Алардын ичинде Абылкасым Жутакеевдин, Алдаш Жээникеевдин, Солтобай Токтоболотовдун, Ысак Шайбековдун, Токтосун Боогачы уулунун: «Кайран эл», «Качак», «Качкын», «Кайткан эл», «Ысык-Көл менен коштошуу» ыр-дастандары эл жүрөгүндө сакталып, ооздон-оозго жатталып, жазма адабияттан өз ордун ээлеген. Киндик кесип кир жууган жеринен ооп, Ысык-Көлүн таштап качкандардын атынан:

Кең Ысык-Көл жерибиз,
Качты элиң тентиреп.
Күнгөй менен Тескейин,
Кайсы бирин эстейин.
Калып барат мелтиреп.
Карап алып кылчактап.
Көздөн жашым буурчактап –

деп, акын Алдаш Молдо Ысык-Көл менен ый аралаш коштошсо,

Тигилүү бойдон үй калды,
Жаннаттай болгон Чүй калды.
Кубаакы деген бел калды,
Кууратан байкуш эл калды.
Эли кетип эңгиреп,
Эки Кемин жер калды.
Сандыктагы мүлк калды,
Жыйылуу бойдон жүк калды,
Сойлотту солдат көп жанды –

деп, дагы бир акын Кең-Чүй-Ата менен Эки-Кеминин кыйбай кылчактап боздогон.

Тополоңу тоз болуп,
Тозуп кетти кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Бозуп кетти кайран эл.
Эртели кеч жүздөрүн,
Көрүшпөдү кайран эл.
Өкүмүнө падышанын
Көнүшпөдү кайран эл.
Таяк алып колуна,
Аттай жүрөт кайран эл.
Почта менен жиберген,
Каттай жүрөт кайран эл.
Жакынына карабай,
Жаттай жүрөт кайран эл.
Муруңкудай тамагын,
Таппай жүрөт кайран эл.
Өзү сүйгөн буюмун,
Арзандатты кайран эл.
Көйрөңдөрүн чачылап,
Дардаңдатты кайран эл.
«Бегим жакшы Бегим» деп,
Жарбаңдатты кайран эл.
Табак тартып колдорун,
Тарбаңдатты кайран эл.
Түрдүү, түрдүү көчөттүү,
Шырдак сатты кайран эл.
Мал базарга барышып,

Шыйрак сатты кайран эл.
«Арзан шыйрак мында» деп,
Ырдап сатты кайран эл.
Актай чийди кызылга,
Чырмап сатты кайран эл.
Кийип турган үстүндө,
Тонун сатты кайран эл.
Эч нерсесин калтырбай,
Сонун сатты кайран эл.
Үйгө жыйган казына,
Пулун сатты кайран эл.
Ичтен чыккан баласы,
Кызын сатты кайран эл.
Антпегенде кантишет?
Акыл эси кайран эл!.. –

деп, качкан элдин абалын, Кытай жериндеги кыяматтын кыл көпүрөсүндө кылтылдап калган кыйын жагдайдын картинасын көз алдыга тартып, кан жөткүргөн «Кайран элдин» кайгысын акын Ысак Шайбеков тең бөлүшкөн. Мындай элдик оозеки чыгармаларга айланган ырлар аз эмес. Аны санактан өткөрүүнү самап жатканыбыз жок, тек, кыргыз элинин көкөйүнө тийген ошол «Каран түн» эскермесин соңку урпактар дилине сүртүп коюу ылаазымын эп көрдүк.

1916-жылдын кызыл кыргыны адабий чыгармаларда да таасын чагылдырылды. Касымалы Баялиновдун «Ажар» аңгемеси, Мукай Элебаевдин «Узак жол» повести, Жусуп Турусбек уулунун «Ажал ордуна» драмасы, Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы басма бетинде жарык көрүп, театр сахналарында коюлуу менен окурмандарды ойго салып, көрөрмандардын көз жашын көлдөттү. Үркүн темасындагы турмуш чындыгын көркөм сүрөттөөдөгү поэтикалык кудурет, айрыкча, «Кандуу жылдар» романында ачык-айкын берилгендиктен, анын автору саясий айыпка жыгылып, чыгармасынын үзүрүнө караганда, азап-тозогун артыкча тарткан.

Баскынчылардын зордугун, баёо элдин башынан өткөргөн кордугун, дегеле «үркүн» чындыгын анын катышуучуларынын ар кимиси өз очогунда өрөпкүп-өксүү менен кеп козгогон. Чоң энем Бурулкан, атам, апам «Үркүн» жомогун жобурай берип, өздөрү да өтүп кетишти. Бирок, ошол «жомок» биздин жүрөгүбүздө кыттай уюп калган. Бейиши болгур чоң энемин ошол «жомогунда»

мончоктой алты баласын ашууда алдырганы, канчасын сууга агызганы, кызай калмакка кыздарын жулдурганы, кээси кеселден кайтпай, байын о дүйнөгө узатканы, 16 жан чоң үй бүлөдөн эки уулу (Кайбылда, Абдылда) менен элге келип кошулганы андан кийинки адам чыгымдары эстен кетеби? Мындай чыгымды ар бир үй-бүлө тарткан. Атам да, абам да комуз чертишчү. Чоң энемин укмуштуу «жомогун» үшкүрүгү күч «үркүн» күүсү коштогону али кулагымда.

Үркүн күүлөрү Кыргызстандын түндүгүнө кеңири тараган. Мезгилинде атактуу комузчулар: Абак, Боккөтөн, Атай Байзак уулу, Мураталы, Кошкулак, Карамолдо, Ыбырай... дээрлик бул темага көп кайрылышкан. Бирок өткөндөгү бийлик тескөөлөрүнөн улам, «үркүн» темасы ачыла албай натыйжада, радионун музыкалык алтын казынасында орду жоктой кала берген. Бактыга жараша, Карамолдонун иниси Усуп Ороз уулунун аткаруусунда бирден-бир «Үркүн» күүсү сакталып калган экен. Кийинки комузчалардан Асек Мусаев гана бул ыйык темага кайрылган саяктанат.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Калмакка кеткен кыздын арманы» | 3288 | 1’30 | Жали Алиев |
| 2. | «Калмакка кеткен кыздын арманы» | 9631 | 3’26 | Асаналы Кыштообаев |
| 3. | «Калмакка кеткен кыздын арманы» | 2509 | 1’37 | Атай Огонбаев |
| 4. | «Үркүн арманы» | 5093 | 2’41 | Акысбек Дүйшеев |
| 5. | «Эл үрккөндөгү арманы күү» | 9478 | 3’06 | Усуп Орозов |

## Канаат хан

Бир беткейлик саясаттын айынан тарых барагынан өчүрүлүп, белгисиз калып кеткен инсандардын бири – Канаат хан. Бирок баары бир бул ысым эл оозуна улама-аңыздарда айтылып келет. Урунган буюмдарын да бейчеки ыргытпай, бекем жерге

катып, эскиртпей эстеликке сактап келгендер бар. Тоталитардык тыюуларга моюн сунбай Токтогул районунан Ормонбай аксакал Канат-хандын сүрөтүн капчыгына бекем катып келген.

«Канаат ажы-хан айтып,
Калкына өкүм жар айтып,
Кегетиден чаң чыкты,
Жер майышкан кол чыкты.
Кең Кочкордон Канаат-хан,
Келатат деген даң чыкты...»

сыяктуу ыр саптары жарым кылым аттап, бизге жетти. Канаат хандын 1916-жылдагы улут боштондугу күрөшүндөгү жетекчилик ролу Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында белгилүү деңгээлде чагылдырылганы көпчүлүккө дайын. Мезгилинде Канаат хан комузда күүгө салынган. Андай күү Мураталы аксакалда бар экен, бизге жетпей калды. Кечээ «Кыргыздар» аттуу китептин III томдугуна ала-букалык акын Нурмолдонун Канаат-ханга багыштаган күү баяны жарыяланыптыр. Өңгөнү билбейм, өзүм ат башындай алтын тапкансып кубандым. Улуу үркүн кыргынын, ага түздөн-түз катыштыгы бар тарыхый инсандардын аракетин Нурмолдо өз түшүнүгүнө жараша баалаган. Акын Нурмолдо омоктуу комузчу экени белгисиз эле. Анын канча күүлөрдү, кайсы күүлөрдү кайыргандыгын Нурмолдого байланыштуу адабий мурастарды жыйнап, жарыкка чыгарган Калмурат Рыскул уулу изилдеп, коомчулукка билдирген.

«1916-жылы Атам Рыскул мардыкерге алынып, 1917-жылы келгенде үкөсү Орозбай манасчы анын «мусулман аскерлеринен» болгондугун кошуп, Нурмолдонун «Март жигиттер-марткерлер» деген жар чакыруусун ырдап, «Калктын каны кутказбайт сени Канаат хан» деген күүсүн чертип, тосуп алган. 1941-жылга чейин аскерге кеткенче Орозбай акем бул ыр-күүлөрдү аткарып жүрүп, кийин Ниязалы комузчуга берген экен. Ал үйрөнүп чертип, Уста-жолдош өлөңчүгө өткөрүптүр. Барабанчы Уста-жолдоштун оң колунун сөөмөйү кыркма чыгып, бүгүлбөй калып, бул татаал күүнү черте албай акем Орозбай манасчыга өткөрөт. Тилеберди, Кушназар, Акматалы, Абдракман деген комузчулар жакынга чейин эле чертип келишти. Жердештерим Тилеберди комузчу, Иримжин аймагындагы Кушназар комузчу бардыгынан жакшы аткарар эле. Кийин 1965-жылы диний сөздөрдүн ордун актай калтырып жазып,

Кушназар комузчуга окуп берсем кыйла кошумчасын киргизди. 1992-жылы калыбына келтирдим. «Канаат хан» күүсүн черткенде анын ыр текстиндеги «тарсылдап», «карсылдап», «Канаат хан», «гөрков» деген сөздөр кадимкидей сүйлөчү...».

Канаат хан ким? Бул жөнүндөгү маалыматтар Белек Солтоноевдун тарыхынан, гезит журналдарда жарыяланган макалалардан, маркум жазуучу Сардарбек Рыскулов айтып берген маектерден алынды. Сарбагыштын Черик уруусунан – Темир. Темирден – Абайылда бий. Анын улуу байбичеси Жаңылдан – Ыбыке, Шеримбек деген эки уул. Ыбыкенин балдары Канаат, Касым, Байдалы. Булар Уфа шарынан окуп келишип, өз мезгилинин билимдүү адамдарынан болгон. Канаат мекеге барып, «ажы» деген наам алып келген. Анан балдарынын билим алышына кам көргөн. Ысак деген баласы Уфадан, Жапар, Садык, Мамбетсадык Бишкектен окуган. Карыпбайы эл бийлеген. Канаат ажы Тала-Булактын сеңирине медресе курдурган. Ал 1914-жылы ачылып, өз уулу Ысак баштаган 9 молдо дарс окуткан. Канаат кедей-кембагалдарга өтө боорукер, кайрымдуу адам болгон.

Бир күнү Канаат баштаган жакшылар жол жүрүп келатып, бөөбүй Качыныкына түшүп калышат. Жаңыртып дасторкон жайууга шарты жок Качынын аялы өздөрүнө даярдаган сүзмө катык таруу көжөдөн тогуз кара аякка куят. «Даамдуу жакшы тамак экен» – деп, Канаат аягын бошото ичет.

Бир маалда «омийин» деп бата тиленет. Көрсө, үй ээси жалгыз музоосун мууздап, бата тилеп жаткан тура. Тамак желип бүткөндөн кийин Канаат Качыкенин баласы үркүнбайга Кочкордун батышындагы байларга кат жаздырып, жылкы, уй, кой кошумчаларынын тизмесин берет. Ошол малдарды жыйып алып, Качыке мал жандуу байларга кошулган экен. Канаат кызын узаткандагы чоң тойго Кетмен-Төбөдөн атактуу Эшманбет ырчы келип жар чакырганда кызматы үчүн ат баштаган тогуз мал тартуулаган.

Сарала-Саз, Ак-Бел деген жерде Абайылда, Темирболот эли чогулду. Молдолордун чечени Алыбай-ажынын сөзүн уккан эл: «Балдарыбызды падышага солдатка бербейбиз, бергенден көрө казатка чыгабыз!..» деп жаалап чыгышты. Алыбай молдо: «Эмесе бир кишини хан көтөрүп шайлап алалы, кимди шайлайсыңар? – деди. Тургандардын бири Канаат ажыны хан көтөрүшкө сунуш кылды эле, элдин баары аны кубаттап кетишти. Канаатка чоң

ак селде чалып, кызыл жибек кымкап кийгизип, чоӊ боз атка миӊгизип, ак боз бээни союшуп, бата кылып тараштык. Андан көп өтпөй усталарды жыйып, көөрүкчү, балкачыларды шайлап, күндөп-түндөп бөрү тил найза, айбалта, кылыч, така, шап бычак жана башка жабдык куралдар жасашты.

Падышалык Россия менен болгон эркиндик айкашында күчтөр теӊ эмес эле. Кыргыз көтөрүлүшчүлөрү жеӊилип, аёосуз басылды. Эл Кытайга үрктү. Эл менен катар Канаат хан да Кытайга багыт алды. Бирок Беделдин (ашуунун) белине жеткенде:

– Кайткыла кайткыла. Кытайга барып деле жыргап кетпейсиӊер. Андан көрө туулуп-өскөн жериӊерде өлүмгө башты байлаганыӊар жөн – деп, журтун кайра кайтарган. Жазалоочу солдаттар Канаат ханды Сөөк деген жерден кармап, Нарынга, андан Бишкекке айдап келип, суракка алганда: «Мен ханмын, ханга гана жооп беришим керек. Болбосо, жарым падыша Туркестан генерал-губернатору Куропаткинге жолуктургула!» дей берген. Канаатты Алматыда уландырып өлтүрүшкөн, сөөгүн Алматыга казактар койгон.

Ал эми Белек Солтоноев: «сөөгүн алып келип, кыргыз жерине койгон» деп жазган. Анда Канаат 1917-жылы 57 жашында өлгөндүгү ажыга 1904-жылы баргандыгы да айтылат. Солтоноевдин тарыхында: «Канаат узун бойлуу, анча семиз эмес, бети агыш, кандураак, ээги узунураак, кой көз, чокчо жээрде сакал адам болгон. Өзү өкүм, сөзү ачык, курч, сүйлөсө чечен, мусулманча окуу-жазууну билген,» – деп сүрөттөлөт.

Канааттын өмүрү, иш-аракети элдин кызыкчылыгына багытталган. Журт башына түн түшкөн «бунт алааматында» боштондук үчүн күрөшкөндөрдүн башында туруп, «хан» деген бийлик милдетин ар намыстуулук менен аткарган. Теӊдешсиз күрөштө жеӊилгенин билип, өз эрки менен колго түшүп берген. Канаат – элдин уулу, кыл өнөрүнүн каарманы катары карт тарыхтын күбөсү болуп кала бермек. «Канаат хан» күүсүн черткендер радионун алтын казынасына кайрылып, актай калган ордун толуктайт деген ойдобуз.

## Өрттөм-Музарт

Үрккөн элдин жолдо көргөн кордугу падышалык солдаттардын жазалоосунан кем болбоду. Ач-жылаӊач эл ак кар, көк муз каптаган ашууларга кептелди. Тайгак кечүү, тар жолго камалды.

Күркүрөп аккан суулардан кечүүгө, күбүрлөрдөн өтүүгө туура келди. Качкындардын жолун бууган мындай жаратылыш тоскоолдуктары кайран элди бала-бакырасынан, урук-туугандарынан, мал-мүлкүнөн ажыратып, ырыскысын кыйып жатты.

Өлүм менен өмүр бой тирешкен трагедиялуу картиналар кытай, кыргыз чек аралыгында, Ак-Өгүз, Айгыр-Жал, Сайкал, Өртөң, Торугарт, Музарт, Бедел ашууларында болуп өткөн. Дал ошондуктан «Музарт» темасы «Үркүн» окуясынын бир бөлүгү катары аспаптык чыгармаларда кеңири чагылдырылган. Дал ошондуктан, комуз кылында «Музарт» аттуу мундуу кайрыктар дирилдеп, «үркүн» үшкүрүгүн айгинелеп, урпактардын дилине сиңирген. «Муз-арт», «Өрттөм-Музарт» аталган күүлөрдү алп комузчу Ыбырай Туманов черткенин эчен курдай эшиткен элем. Өзү чыгардыбы же башкалардыкын аткардыбы, анысы белгисиз, негедир радионун музыкалык казынасына бул күү тапшырылбай калган. Фольклорчу Буудайбек Сабыр уулу Балыкчы шаарында жашаган комузчу Акматалы Моңолдор уулунан жазып алган «Өрттөм-Музарт» күүсү тууралуу кыскача маалымат бар.

– Эмне себептен «Өрттөм-Музарт» деп аталган?

– Бала кезим. Боккөтөн деген комузчу Өрттөм-Музартты башыма түн түшүп турганда черткем, деген эле.

– Башыма түн түшүп деген эмнеси?

– Кайдан билейин, биз кичинебиз. Босогодо олтурабыз. Ошондо үйрөнүп калгам.

Ак-Шыйрак тарапта Өрттөм-Музарт деген ашуу бар, балким ошо болбосун? («Унтулгус кездешүүлөр». 1977, 43-бет).

Түндүк комузчуларына тегиз маалым бул теманы комузчу Абдракман Кыдырбаев радионун музыкалык казынасына тапшырган. «Өрттөм-Музарт» 1916-жылкы Үркүн ааламатынын бир көрүнүшүн чагылдырган чыгарма. Ошол алааматты тарыхчы Белек Солтоноев мындайча баян кылган: «Кыргыздар Музарттын суусуна жакын калганда, кечке маал тамак бышырып жатканда, «казак орус келе жатат» деген кабарды угуп, тамак-ашка карабастан, күн батарда жапырт кечүү жок жерден кечкенде, нечен бала, катын-кыз сууга агып өлгөн...

Эл жапырт Музарт суусуна барганда артынан 500-600 казак-орус жетип, кыргыздарды замбирек менен 2 мертебе аткан. Стамбул түрктөрүнөн Самыйбек башында турган төрт-беш түрк менен биригип, кыргыз жигиттери, казак-орустарды тосуп, тоо

башынан атканда, куугун токтоп калган... Чектен өтө албай кыргыз кайта көчүп, Музартта жатып, же Кытайга же Россияга жете албай камалып, ачкадан, суукан өлгөн. Көлгө качып келгендерди мужуктар өлтүргөн. Итке талатып да өлтүргөн». («Кызыл кыргыз тарыхы», II, 125-бет). Мударис Карасай уулу Кусейиндин эскерүүсүндө да турмуш чындыгы болгон окуя жатат: «Падышанын жазалоочу атирети качкан элди кууп келди. Кызыл-Уч деген жерде шыкалып тургандарды замбирек менен «күр!» дедире атканда эл ызы-чуу түшүп калды. Кимди-ким көрдү. Чектен өткөрбөй жаткан кытай чериктерине моюн бербей качкандар каптап кирип кетти. Ошондо Өрттөм-Музарт деген эки өзөндө элдин кырылганын сураба! Калың эл урма сууга каптап киргенде суу бөгөлүп калды. Агып бараткан бала, кемпир-чал... Атам мага тоодой болгон Тору бээни миңгизип койгон. Энем байкуш төөсү менен бир баласын жетелеп, бешик өңөрүп келаткан. Адашты да калды. Быкпырдай кайнаган элдин ичинен энемди табуу кайда?! Намаздигерге жакындаганда байкуш энем өзү таап келди. Көрсө, чоң атам Калбектин тоодой кара атаны бар эле. Ошого жүктөлгөн бешикти капкайдан көрүп келген экен. Калмактар чектен өткөндө эле качкындарга чабуул койгон. Көз көрүнөө келиндерди жетелеген төөсү менен, жылкыларды үйүрү-тобу менен, айдап кетип жатты. Кыргыздар талоонго түштү. Чек арада шыкалып тургандарды орустар замбирек менен атып атканда 5 түрк пайда болду. Башчысы Самыйбек деген экен. Кыргыздарга болушуп, алыска тие турган автомат-тапанчалары менен орустарды атып, замбиректин үнүн басты». («Ала-Тоо», №5, 91, 100-бет).

Кытайга үрккөндөрдүн бир даары Ысык-Көлдүн түштүк тарабындагы Бедел ашуусунан өтүшкөн. Бул жерде да Музарттагыдай тири укмуш көрүнүш кайталанган. Кыйын кезеңдин бир үзүмүн кийин Кыргыз ССРинин Совнаркому болуп иштеген Баялы Ысаке уулу жазып калтырган. «Бедел ашуусунан түн жамынып өттүк. Бул жалгыз аяк, кууш, чыйыр жол кыламык кар алдында калып, аябай тайгак. Кар алды көк муз. Төмөндө эки-үч аркан араң жете турган тик жар жатат. Кичине эле тайысаң – учуп өлгөнүң. Мен апам менен эжемди ашуунун тигил тарабына калтырып коюп, инимди алып өтүүгө артка кайрылдым. Иним ашуунун орто жеринде көр-жер жүктөгөн өгүздү жетелеп келатыптыр. Биз иним экөөбүз ашуудан өтүп баратып төмөнгө карадык. Бийик жардын ылдый тарабы кыя жолдон улам учуп

түшө берип, үстү-үстүнө үйүлгөн жүктүү төөлөргө, өгүздөргө, адамдарга толуп кеткенин көрдүк. Дагы бир аздан кийин артта келе жаткандар аларды тебелеп өтө башташты.

Бул коркунучтуу түштөгүдөй оор көрүнүш эле: төрт түлүк малдын айкырык-өкүрүгү, адамдардын озондогон, онтогон үндөрү; ызы-чуу аралашып, айлана дүңгүрөп турду. Арттан келаткандар аларды тыңшаар эмес, тебелеп өткөнү өткөн, анткени бир азга кечиксе өздөрү мерт болот. Ашууда алы куруган аялдар жол боюна эмчектеги балдарын аргасыз таштап кеткенин канча жолу көрбөдүк» («Ала-Тоо», №7, 91, 139-бет).

Жүрөк титиреткен мындай кабарларды айта берсек сөз арбый берээр. Ошондой болсо да, «Өрттөм-Музарт» күүсүнө тикелей байланыштуу дагы бир баянды коштой кетели. Белгилүү куудул, комузчу Бөжөй Шадыкан уулунун өмүр таржымалынан бул окуяны 1991-жылы ардагер журналист Мукаш Калый уулу айтып берген: «Бөжөй Шадыкан уулу төгөрөгү топ келген өнөрпоздордон болучу. Залкар комузчу, таасын ырчы, өлгөндү күлдүргөн куудул. Бир кезде Ысык-Көл драмтеатрында актер, филармонияда солист болуп иштеп, пенсияга чыгып, айылга келген. Анда Түп раймаданият бөлүмүнүн башчысы элем. Эл арасында болуп, малчыларды кыдырып, концерт уюштуруп, үгүт иштерин жүргүзчүбүз. Агит бригадабызга дайыма Бөжөкөмдү кошуп алар элек.

1959-жылы чоң концерт даярдап Эңилчек, Кайың, Сары-Жаз сыяктуу чоң жайлоолордо болуп, Көк-Жар Турук, Үч-Туруктун оозу деген жерлерди басып, Кытай менен чектеш Нарынкол өрөөнүнө түштүк. Ушул жерде «Өрттөм-Музарт» деген дарыя бар экен. Биз чоң суу жээгинде ат чалдырмай болдук. Бөжөкөм суунун боюна басып кеткен. Кечиккенинен утурладым. Жарыктык, эки көзүнөн жаш куюлтуп ыйлап алган экен. Чочуп кеттим:

– Бөжөкө, сизге эмне болду?

– Ээ, Мукаш иним, – дейт бурчактаган көз жашын сүртө берип, – өткөн өмүрдөгү каргашалуу бир окуя көз алдыма элестеп, жүрөктөгү жараны эзип салбадыбы!

Бөжөкөм буулуккан демин баса албай, дагы эле башактап ыйлап жатат.

– Ал кандай окуя болду экен? – дедим жанына көчүк басып.

О, бир оокумда Бөжөй аксакал каргылданган үн менен өткөндөгү өксүгүн айта баштады: «1916-жылы эл үрктү. Көптүн

шарданында жүрүп отуруп, биз да үй-бүлөбүз менен мына, ушул Музарт дарыясына жеттик. Артта көчтү такымдаган казак-орустар жетип келбесин дегендей элтең караган адамдар. Бир оокумда тарс-турс аткылап калышты. Орустун огуна учканча сууга агып өлөлү дегенчелик, калкамандаган көпчүлүк дүрдүгүшүп-сүрдүгүшүп, күркүрөп агып жаткан дарыяга боюн урушту. Ошондо атам, энем 12 бир тууганым бүт ушул тили жок жоодон набыт болушкан. Чоң үй-бүлөдөн экөөбүз гана аман калганбыз. Бардыгы тажаал толкундун кучагына кетти. Бирде көрүнө калып, толкун шарына жутулуп, агып баратканы өмүр бою көз алдымда турат. Бейкүнөө кеткен шордуулардын арбагына куран окуп отурдум эле, – деди кайран киши.

Бөжөкөм отуруштарда, концерт берген учурларда «Өрттөм-Музарт» деп муңдуу күү чертип калуучу. Мурун бул күүгө анча маани берүүчү эмесмин. Көрсө, арман кайрыктардын жөн-жайы тереңде жаткан окшобойбу».

Бөжөкөмө «Өрттөм-Музартты» кайрадан черткизип, күңгүрөнгөн күүнүн сыр түйүнүнө күбө болуп, ар кимибиз ой туңгуюгунда тунжурап отурдук. Үч кылдын муң чайып дирилдешине арбалып, Үркүн алааматына аралашып баратканысыдык. Мукаш аксакал аңгемесин ушундайча аяктаган. «О, арман дүйнө! Жан айласынан жабыла үрккөн жазыксыз элдердин канчасы жазалоочулардын кандуу колунан шейит болду? Ач бел, куу жондо канчасын бөрү, кузгундар талады? Ашуудан учуп, агыны катуу сууга кеткендер аруу жууп, ак кепиндеп көмүлбөй, куран окулбай, жаназасы түшпөй ач арбакка айланган маркумдар канча? Сөөгү сөпөт болсо да арбагы тирүү дешет алардын. «Эч болбосо, бир кетмен боз турпакты жамынып жатсам» деп Кудайга зар какшап, «аллоху акбар» айтып кол жайган, ак бата үмүт этип, тириктерди, андан-мындан адам пендесинин көзүнө чалдыга калып, сыр берет дешет, ошол арбактар.

Бир жолу күүгүм талаш чакан отряд менен «Кайчы» деген жерге чатыр тигип, конуп калдык. Бул аймакта мурун болгон эмесмин. Көзүм илинип кетиптир, чочуп ойгондум. Капчыгай өрдөй ызы-чуу түшүп чоң көч келаткансыйт. Жүгүрүп сыртка чыктым. Айлана тымтырс. Мемиреген тынчтык. «Капырай бул эмне деген сыр?» – деп, жакамды карманып келме келтирип, кайта кирип жаттым. Баягы көчтүн дабырты дагы угула баштады.

Анын артынан айлана чуу түшүп: ыйлаган балдар, кокуйлаган үндөр, улуган иттер, мылтыктын тарсылдагы...

Чыдабадым, сыртка дагы умтулдум. Эшикте жымжырт. Ай батууга жазданып калган. Таң заарда туруп, нары-бери бастым. Биз конгон колотто шагыраган адамдардын куураган сөөктөрү чачылып жатат. Чириндиге айланган боз үйдүн жабдыктары, эмеректер чалдыгат. Көрсө, 1916-жылы качкан элдин бир тобу ушул коктуда тукум курут болгон экен. Шейиттер мекен кылган жайга аялдаганыбызды ошондо гана сездим.

Чалгындоо учурунда көп адамдардан санжыра материалдарын жыйнаганым бар. Алардын арасында Үркүндө качкан элдин ашууларда көргөн азабы да жазылып калган. Мусакожо деген карыянын: «Музарт дарыясы өлүктөн буулуп калган» деген коркунучтуу аңызы да эмдигиче эстелик кагазымда сакталуу,— деген эле кесиби геолог, санжырачы Жапар Кенчиев.

## Кайран эл

Ушул күүнү кулагыңа куюп ал.
Ушул күүдө муңдуулардын муңу бар.
Миң жыл бойлоп бирге жашап келаткан
Бүт кыргыздын ыйы менен ыры бар.

Бул күүнү Касымбала эне «Кайран эл» деп чертти. Күү обого мукам термелип, тар жолдо келаткан алсыз ингендин алдында Турпандан башпаана издеп, карысы мөгдөп, жашы ыйлап, белестен-белеске өткүчө арасы суюлуп, ар жерде өлүгү калып жаткан элдиин апаатынан үн салды:

Айгыр ат менен атан төө,
Арык кылды кайран эл.
Өлгөн жерде терисин,
Чарык кылды кайран эл!

– А-а, шум дүйнө!.. А шордуу эл!.. Андай эмес, мындай деп, элге туура жол көрсөтүп, элдин башын кошуп, акыл айтып бөөдө кырылып калуудан сактап калчу бир да колго алар мыктысы болбоптур ошондо. Ар кими өз уруусу менен бийлик талашып, санаасы тарып, ичи чирип бараткан төбөлдөр жалпы элдин тагдырын ойлоого, чамасы келбептир. Нары билими, нары ыркы жок эл башына түйшүк түшкөндө быркырап чачырап кетпедиби.

Кийинки жылы падыша тактан кулаптыр деп угуп калдык. Кайдасың туулган жер деп, аттуусу аттуу, жөөсү жөө, кайра жөнөдү, Алымкул ыраматылык, мына жаныңарда отурган кызым Алыйды мойнуна мингизип, бизди ээрчитип, эл-жерди көздөй келатабыз. Жерге жетип өлсөк дегенде эки көзүбүз төрт.

Карылары баса албай,
Жөтөлөдү кайран эл,
Жаш балдарын мойнуна
Көтөрөдү, кайран эл...

Жолдо элди кара тумоо басты. Бизди сактайм деп, өз жанына карабай, суу ичип, суу кечип, сызга жатып келатып чалым Алымкул Кара-Сай жайлоосуна келгенде кара тумоодон каза болду. Белибиз сынды, атасынын мойнунда келаткан Алыйым жөө калды. Өлгөнүбүз жолдо калып, тирүүбүз жерге жетип, жашай баштадык. Жатакчылар жеңилин жерден, оорун колдон алып, бирөө экөө болуп, тез эле өнүгүп кетти. Кытай жеринде кыяматтын кыл көпүрөсүндө калган элдин кылтылдап турганын акын Ысык Шайбеков ырга салган:

Тополонду тоз болуп,
Тозуп кетти кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Бозуп кетти кайран эл.
Эртели-кеч жүздөрүн,
Көрүшпөдү кайран эл.
Өкүмүнө падышанын,
Көнүшпөдү кайран эл.

Таяк алып колуна,
Аттай жүрөт кайран эл.
Почто менен жиберген,
Каттай жүрөт кайран эл.
Жакынына карабай,
Жаттай жүрөт кайран эл.
Муруңкудай тамагын,
Таппай үрөт кайран эл.
Өзү сүйгөн буюмун
Арзандатты кайран эл.

Көйрөндөрүн чачылап,
Дардаңдатты кайран эл.
«Бегим жакшы бегим» деп.
Жарбаңдатты кайран эл.
Табак тартып колдорун,
Тарбаңдатты кайран эл.
Түрдүү-түрдүү көчөттүү,
Шырдак сатты кайран эл.
Мал базарга барышып,
Шыйрак сатты кайран эл.
«Арзан шыйрак мында» деп,
Ырдап сатты кайран эл.
Актай чийди кызылга,
Чырмап сатты кайран эл.

Кийип турган үстүндө,
Тонун сатты кайран эл.
Эч нерсесин калтырбай,
Сонун сатты кайран эл.
Үйгө жыйган казына,
Булуң сатты кайран эл.
Ичтен чыккан баласы,
Кызын сатты кайран эл.
Антпегенде кантишет?
Акыл эси кайран эл!..

## Качкан эл

Атпай журтка белгилүү атактуу күүгерлер: Орозов Усуп, Турсунбаев Мурсалы черткен күүлөргө шилтеме:

Жарак-жабдык колдо жок,
Жан талашып качканбыз.
Ашуусу бийик зоолордон,
Айла жоктон ашканбыз.
Арттан келген солдаттар,
Ажал бүркүп атканда,
Кытайга карай шашканбыз.
Эсеби жок кырылдык,
Келте, чечек, ачтан – биз.

Азууларын аркайтып,
Аттар өлдү үркүндө.
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Төөлөр өлдү үркүндө.
Чаначы бар мойнунда,
Жөөлөр өлдү үркүндө.
Аксакалы чүштөдөй,
Карылары жолдо өлдү.
Ак элечек байбиче,
Ашуудагы белде өлдү.
Катуу турмуш курусун,
Как ошондой болду окшойт.
Карга кузгун, ит-куштар,
Тарпын талап тойду окшойт.

Кытай-калмакка сатылып кеткен кыздардын арманы кыякчы Жали Алиевдин күүсүнө шилтеме:

Салам айттык зарланып,
Болшойбектер силерге.
Элибизди сагынып,
Зарлап жүрбүз бу жерде.
Ата-энени көрүүгө,
Азар барбы биздерге?
Алыста калган силерди,
Алыбыз жок издерге.
Көбүбүз кеттик таланып,
Катын болуп Кытайга,
Кара калмак кечилге,
Казак, кыргыз боордоштор,
Ала жүр бизди эсиңе!
Үрүмчү, Кулжа, Кумулда,
Манжуу менен Моголдо,
Кара шаар, Аксыдан,
«Болшойбек бизди куткар» деп,
Тилейбиз эрте-кечинде.
Какшап калдык Какшаалда,
Кармалып кеттик калмакка.
Салам айттык сабылып,
Кыргыз менен казакка.

Кытайга болдук кун катын,
Калмакта калды тул катын.
Кабарын алсам арман жок,
Кармалбай жетип бул катым.

## Какшаалдан кат

Катын болуп биз кеттик,
Кара калмак кечилге.
Үрүмчү, Кулжа, Кумулда,
Манжуу менен Мугулда.
Карашаар, Аксыда,
Какшап калдык Какшаалда —

деп, зар ыйлап, жадырап чет жерде кала берген кыз-келиндер тагдырын Зыйна Шайбекова темир ооз комузга салган. Ал кыздардын биринин кабарын акын Абдрасул Токтомушев «Какшаалдан кат» аттуу поэмасында сүрөттөгөн.

«Эл менен кошо атам Токтомуш, Салыйка эже, Бозгунчу жезде Кытайга үркүп барганда каза болушту. Ачкалыктын айынан Бозгунчунун иниси Тынаалы агасынын кызы Бүбүсейитти Какшаалдагы бир байга бир табак арпа унга сатууга аргасыз болот. Бүбүсейит араң 13 жашта эле. Бул жорук энеси Салайканы, чоң энеси Аруукени өмүр бою күйүткө салды, — дейт акын Абдрасул, — 1917-жылкы Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийин качкан кыргыздар өз жерине кайта баштады. Сатылган кыздарын эптеп алып кайтышкандар да болду. Бирок көпчүлүк кыздар эл-жери көздөн учуп, жат жерде жалдырап кала беришти. Алардын ичинде менин эжем Бүбүсейит да бар эмеспи. Өзүм көргөн, аралашкан ошол окуяны кийин жазсам деп бел байладым. Эжем көргөн азапты муң зарды, Бүбүсейитке тагдырлаш кыргыз кыздарынын аянычтуу тагдырын калайыкка билдиргим келди.

«Бир тууган элим тосуп ал,
Көрмөккө жерин болуп зар.
Кат жазып салам жиберет,
Кытайда калган кызыңар»

Көп кечикпей поэма жаралып, 1937-жылы «Кызыл Кыргызстан» гезитинин 21-марттагы санына жарыяланды». Тарыхчы Белек Солтоноевдин айтканына караганда, Карашаар,

Луп, Кашкар, Жаркентке жете чачырап кеткен жана Кулжадагы качкындар падыша тактан түшүп, уруят болгонуна ишенип, азаттык болгонуна көздөрү жетип, жол азыгын камдап, кытай, уйгур, дунганга берген кыздарыныш көбүн уурдап алып, кайта жөнөгөн.

Күндөп-түндөп, жөө-жалаңдап 40-50 түтүн жамааттташып, көбү өлгөндөрүн көмүүгө пурасаты келбестен, оору кишилерин көтөрүп, эгер ага дарманы келбесе, идишке суу куюп, азыраак тамак талканы менен жанына коюп, жар түбүнө же таштан тизип калканч жасап, кете беришкен. Ачкалыкка чыдабай бир бирин карактап, уурдап, өлтүрүп кеткендер да болгон. Кайтып келатканда 3-4 жашар балдар да өз алдынча жөө басышкан, басалбай калгандарын белине аркан байлап жетелеп алышкан. Чоңураак эчки же койго жарым пудга жакын жүк артып алгандар да болгон. Чоң кеминдик Алтай уулу Шыгай деген адам Турпандан Кочкорго ооруу катынын көтөрүп келген. Карыган чал-кемпирлер жүрө албай калганда «биз ичерибизди ичтик, жээрибизди жедик, эми силер аман калсаңар болду, элден калбагыла» — деп, ыраазычылыгын билдирип ээн талаада кала беришкен. Ошондой азап-мээнет менен келаткандарды жарактуу мужуктар, солдаттар бел-белден тосуп туруп кырып салган. 1916-жылдын декабрь айында Каркыра менен Нарынколдун ортосундагы Чоң Капкак деген жерде 20 казак-орус саяктын чиркей уругунан бир далай адамдарды кырып жатканда Жусуп Абдракманов (болочок Кыргыз өкмөтүнүн совнаркому) 5 жаштагы инисин көтөрө качып, арча-карагайга жашынып кутулган... Мужуктардын өлүрүп-талап тоногонуна чыдабай Алматы дубанына, Пишпекке, Олуя-Ата, Таласка, Кетмен-Төбөгө, кайтадан Кашкар Турпанга кайтып кеткендер да болду. Кышкы суукта үстүндө үйрүп салар кийми жок, ичерге тамагы жок көбү кырылды. Жалгыз жарым калгандарын карышкыр жеди. Келте, котур каптап, жол үстүндө тоо арасы ашууларда, жар түбүндө өлүп жаткандардын эсеби жок. Токмок, Бишкекте ачкадан жана оорудан басалбай келаткан качкындарды итине талатып өлтүргөн мужуктар да болду. Кечинде үйүндө түнөтүүгө суранса киргизбей көчөгө кууп таштап, суукта балапандай оозун ачып, өлүп жаткан жаш балдар көп болду. Ачкалыктан адамдар кашкулак, суур, чычкан, эшектин этин жешти.

1917-жылы күзүндө Алматыда Демократиялык республика жарыяланды. 1918-жыли 17-февралда Кеңеш өкмөтү курулганда

гана өлүм токтоду. Эгерде Кеңеш өкмөт болбогондо качкан кыргыз эмес, мында калган кыргыздар да тукум курут болот эле («Кызыл кыргыз тарыхынан»).

## Каргашалуу окуя

Кудай деген да бар экен. Кан жыттанган бийлик омкорулду. Ордуна Өктөбүр төңкөрүшү чыга келди, качкын кыргыздарга колун берди. Качкындар өз жерине кайта баштады. Аттиң дүйнө! Канча сатылган келин-кыздар ата журтуна келбей кытай-калмакка күң болуп кала берди. Качкандар болду, кан сапарда жолу болбой ачкалыктан ажал табышты, канчалары карышкырга жем болду!.. Качкын кыздардын бири Ажардын каргашалуу тагдырын жазуучу Касымалы Баялинов жазганы окурмандарга белгилүү. 16 жаштагы Ажар алгач Сабитахунга сатылып, Сабитахун 60 ашкан Чыр деген карыга соодалап, кызыл кулактык кыла берген. Чырдын 5-6 катынынын үстүнө келген Ажардын күнүлөштөрүнүн кордугу жанга батканда алтын башын коргоп, азап торунан качып чыккан.

Артынан калбай келаткан карышкырлар тороп, Ажар алар менен арбашып, алы куруп, аргасы кеткенде:

Бетеге сүтүм эмизип,
Баланын үнүн укпайм го?..
Байыма барча жамынтып,
Багымды бекем тутпайм го?..
Баарылап кирген бөрүдөн эй,
Бакырсам аман чыкпайм го?..

Кан тамган жерге күл өсөр,
Каралдым көңүл бура кет.
Куу баштан денең дүр этер,
Курган кыз үнүн уга кет.
Кармашып өлгөн Ажардын эй,
Арманын токтоп уга кет!.. –

деп, шордуу кыз эңсеген тилегине жетпеди, эли-журтун көрбөдү, ач белде, ара жолдо карышкырларга жем болду!..

Калмак күйөө сөрөйдөн качып чыгып, ара жолдо ач карышкырларга жем болгон дагы бир кыз жөнүндө жазуучу Эрнис Турсунов «Ата журт» романында баян кылганы бар. Андагы кайгылуу окуяга кененирээк токтололу: «Топ келин менен

кошоктолгон Дарыйка тайшынын өз колуна түштү. Чор колдорго мыкчылып, чоң каш ээрге бөктөрүлүп келген ал аттан ыргытылганда жерге кулап түшүп, сулк жатты, эс-мас абалда таңкы ымыртта гана көзүн ачты. Балтыры, каруусу, саны жанчылып, колдору көтөрүлбөйт. Тили күрмөөгө келбей таңдай так каткан. Алачыктан чыга келген ширидей кара кемпир иттерди жазгап, боортоктогон келинге чалап жуткурду.

Таң сүргүчө черүүлөр жылкыларды жайытка айдап, олжо кыздарды керегеге матап чыгышты. Аларды черүү башчы сыноодон өткөрдү. Алдына жеткирилген Дарыйканы ээгинен көтөрүп, бул «өзүмдүкү» деген белги берип, калгандарын черүүлөр энчилеп, жетелеп, алып кетишти.

Дарыйканын катаал мүнөзүндө качуу же жан кыюу мүндөөсү турган эле. Черүү башынын күлүк аты ар дайым таш коргондо жем жеп, суу ичип, жортуулга белен туруучу.

Белден күчү, каруудан кубаты кайткан черүү башчы «корр» этип уйкуга кетери менен, буттун учу менен жыла басып сыртка чыкты. Асманда ай, айлана жарык. Дарыйка шырп алдырбай таш коргондун эшигин ачып, токулгалуу аттын басмайылын тартып үстүнө минди. Ат дүбүртүнөн ойгонгон күпкөдөгү кара дөбөт арс-арс үргөндө жажун-мажундар козголуп, жайдак аттарына минип, колдоруна куралдарын алып, куугун салып жөнөгүчө Дарыйка кыйла узап кетти.

Качкан да – «Кудай» деп, кууган да – «Кудай» деп, куушуп барат. Тукур күлүктү сыздырып, өмүр тирилерине кайыл Дарыйканын эки буту аттын капталына жабышып, эки өңүрү канат болуп, эки колу тизгинде карышып, капчыгайдан суурулуп чыкты. Артынан сая түшкөн куугунчулар артта кала берип, ай талаада жалгыз баратты.

Таң сүрө, элсиз талаада боруккан ат да жүрүшүн акырындатты. Адам карышкырларынан кутулган Дарыйка эми жырткыч-айбан карышкырларга дуушар болду. Карышкырлар көзүн оттой кызартып, үйүр-үйүрү менен тууградан качырды. Чаалыккан күлүктүн көзү чанагынан чыгып, кан сийип жиберди. Жан оозго келди. Дарыйка өлөрүн эми билди. Алдыңкы дөбөт аттын куйругун бурдап өттү. Асты тик жардын кырына жеткенде атты карышкырларга таштап, жалгыз түп арчага чыга качты. Ач карышкырлар ыркырашып кабышып, атты бири кекиртектеп алып, бири чандырдан тиштеп, дагы бири өпкөгө тумшугун малып,

заматта шалап-шулап жиберишти. Дарыйка болсо, арчанын айры бутагына жабышкан. Көз карыктырган боз чаптагы жалгыз түп арчада Дарыйканын сербейген караанын өмүр-өлүм ортосунда шам сыяктуу үлбүлдөп турду. Дарыйка жыгылбоого аракет кылып тырмышып, этегин айрып жиберип белин бутакка бууду. Чачын сөңгөккө чырмады, жанга аралжы издеди. Өмүр... өмүргө шыпаа болор бир учкун жылт этеби, же жалп этип өчөбү?!. Көр-өлүм улам жакындап, өмүр кылдын учунда зорго илинип турду... Арчадагы аялдын топ этип жерге түшүшүн ач карышкырлар ансайын эңсешип, жабалактап жапырт улуп турушту...»

## Арзымбай молдонун арманы

Тарых изилдөөчү-эксперт, коомдук ишмер Токторбай Бектургановдун кыргыздын 1916-жылдагы көтөрүлүштүн 90 жылдыгына арналган «Ушундай апаат унутулмак беле?» деген макаласы «Кыргыз туусу» гезитине басылыптыр. Макала гезитин эки санында толук бир беттерин камтыган. Окуп чыктым... Ойго баттым... үркүн алааматы үркөрдөй кыргыз элин таруудай чачып үбөлөгөн экен.

Токторбай Бектурганов Токтобүбү эжесинин эскерүүсүн гезитке жарыялаган:

«Капыстан жүктөрүн өгүзгө-төөгө арткандар, жөө-жалаңдар да аз эмес, ызы-чуу аралаш Нарынды өрдөп, келе жаткандарга капчыгай ичи жык толгон. Беш-алты түнөп Беделдин белине жеттик. Ушул белде кадимки Көкөтөй чечендин сөөгү калган экен.

Кытайда «Улуу-Чат» ооданында төрт жыл жергиликтүү кыргыздар менен үйүр алыша туруп калдык. Жыл өтпөй энебизди Улуу-Чат бейитине табыштадык. Үрккөн эл мекенине кайтып жатышты. Төрт жылдан кийин биздин үй-бүлө эл-жерин самап жол карыткандардын катарына кошулду.

1919-жылдын май айы. Эки аптада ташбака жүрүш менен Беделдин белин аттадык. Кар аралаш жааган жамгыр көз ачырбайт, арга түгөнгөндө жүрүштү токтоттук. 12 күн тынбай кар жаап турду. Мал оттой албай тоңуп өлүүдө. Алды-артыбызда жан жок, айлана жым-жырт. Мал-жандан калганы: бир ат, көк эшек... Атам да чикерттеп, күн өткөн сайын алы куруп барат. Айла жок, жолго чыктык. Баарыбыз Нурманбет байкенин көзүн карайбыз.

Жүгүбүз көк эшекке артылган. Мен болсо Бектурганды көтөрөм. Беделдин белине чукулдап келип, кечинде бир зоонун түбүнө түнөмөкпүз. Сөксөөл терип от жагып, гүл азыктан ооз тийимиш эттик. Оорулуу атам Бектурганды жаңы эле жаткырганбыз. Очоктогу от бүлбүлдөп өчүп барат. Ач карышкырлар атыбызды жара тартып, айдап келаткан үч койду жеп кетти.

Атамдын оорусу күчөп барат. Аргасы кеткенде керээзин айтты: «Мен болбой калдым. Тиги Көкөтөйдүн жанына ташка корумдап коюп кете бергиле. Ичээримди ичтим, жээримди жедим. Мага убара болбогула. Нурманбет балам, тукумубуз үзүлбөсүн, тиги эки бөбөгүңдү элиңе кош…».

Нурманбет байкем атасын кыйбады, аркасына көтөрүп, азык-түлүктү колтугуна бөктөрүп, бөбөктөрү – бизди ээрчитип, таш бака жүрүштү улады. Таңга жуук баягы карышкырлар качырып сала бербеспи. Байкем таягы менен башка уруп экөөнү сулатты. Карышкырларды союп, боор этин сууга ээзип атама, бизге ичирди. өзү болсо карышкыр этин чийкилей сугунуп курсак жайын жайлап жатат. Беделдин белине чыкканда, көзүң жамандыкты көрбөсүн, адамдардын сөөгү дөбө-дөбө болуп үйүлүп жатыптыр. Арбактарга бата жолдоп, андан ары жол узарттык. Үркүп баратканда ташка корумдап кеткен Көкөтөй чечендин бейитине да жеттик. Атам Көкөтөйдүн арбагына арнап дагы куран жолдоп, өзүн кармай албай боздоп отурду.

– Балам, мени ашка жүк-башка жүк кылып, аркаңа көтөрүп, араң-зорго келесиң. Сенин көрөйүн деген күнүң алдыда. Мен ага көлөкө болбоюн. Мени Көкөтөй чечендин катарына ташка корумдап коюп жолуңду узарт. Чарчадың, чаалыктың… – деп, Нурманбет уулуна жалдырап жашын сүртүп жатты. Нурманбет байке болсо кайрат жыйып:

– Ата, сени тирүүлөй ташка корумдоого кантип колум барат! – деди да аркасына так көтөрүп, андан ары жолун улады. Беделдин берки өйүзүнө жеткенде эки боз үй көрүндү. Качкындар тажатканбы, бизди үйгө киргизбеди.

Канча жүрдүк ким билсин, кечкурун бир суунун жээгине токтодук. Мага атамды табыштап коюп, байкем бир жакка жөнөп кетти. Чарчаган жаныбыз, баарыбыз уйкуга киргенбиз. Бир маалда аттардын дүбүртү ойготту. Көргөн көзгө ишенбейсиң, байкем бир атты минип, бирин коштоп, бир чанач сүзмөнү үзөңгү боолуктап

келип калды. Түн жамынып тынбай жүрүп отуруп, калың карагай булакка келип, эс учубузду жыйнадык.

Байкем болгон окуяны баяндады. Кечээ келе жатканда тушуккан боз үйгө акырын жыла басып барып, чаначта илинген сүзмөнү алып, мамыда байланган эки аттын бирин минип, бирин жетелеп келген экен.

Атам атка өзү минди. Бектурганды өңөрдү. «Ат адамдын канаты» деген чындык белем, тыңып кетти. 3 күн жол жүрүп Үч-Чаттагы туугандарга келип кошулдук.

Эртесинде туугандар чогулуп түлөө өткөрдүк. Эсептесек Кытайдан чыкканы 72 күн дегенде келген экенбиз. Түлөө ойдогудай өттү. Канча каалоо-тилектер ортого коюлду. Бата кылынып, дасторкон да жыйылды. Жолдогу көргөн азап-тозокту жомок кылып, кеп салып отурган Нурманбет байкем кыйшайган калыбында о дүйнө салып кете бербеспи. Байкемдин башын кучактап, атамдын боздогонун айта албайм. Кайрадан эл чогулуп, өлүк камын көрүп жатышты. Атам болсо, ажал тапкан уулунун кашында кара көзүнөн жаш агызып, кошогун кошуп жатты:

Оо калайык, кулак сал,
Силерге айта турган датым бар:
Кечээ орустан качып биз келдик,
Ооматы артып Кытайга.
Үч жылдай турдук жан багып,
Кытайдын шаары Турпанда.
Оо дүнүйө жалганы,
Ошондо өлсөм эмине?!
Эсилим ай! Эл-журттан алыс Кытайга,
Энеңдин сөөгүн калтырдык.
Элибизге жетсек деп,
Эсепсиз алыс сапарда,
Эчен таңды атырдык.
Ач бөрү менен алышып,
Асманда күндү батырдык.
Ажалын уулун көрбөстөн,
Ал жактан өлсөм эмине?!
Кол-бутту тушап карылык,
Козголо албай калганда.
«Корумдап кет» десем болбодуң,
Коктудан ылдый барганда.

Мойнуңа мени көтөрүп,
Кулунум ай, мойнободуң анда да.
Кордукту сага жүктөбөй,
Ошол коктуда өлсөм эмне?!
Токтобүбү, Бектурган,
Уялаштарың – бөбөгүң.
Бирин катып койнуңа,
Бирин алып мойнуңа,
Алды-артынан жөлөдүң.
Жем кылбадың ит-кушка,
А дагы сенин өнөрүң.
Желкеңден басып жүк болбой,
Же мен шордуу,
Жеримде неге өлбөдүм?!
Эсил кайран кулунум!
Сени эстеген сайын мөгдөдүм.
Бир келүүчү өмүрдүн,
Өтөсүн тартып көрбөдүң.
Татына турмуш кечирип,
Сен, тал-чыбыктай өнбөдүң.
Так түлөөнүн күнүндө,
О дүйнө салып жөнөдүң.
Артыңда калдым арбайып,
Кулунум, алдыңда неге өлбөдүм?!
Алланын жазган буйругу,
Айлам жок ага көнөйүн.
Аз эле калды күтө тур,
Кулунум, артыңдан менин да жөнөөрүм.

Эчкиникиндей жаш калды,
Ээнсиреп баш калды.
Кайрылып элге келгенде,
Каралдымдан айрылып,
Кара көздөн жаш тамды.
Эми айтыла жүрсө болгону,
Алдыңарда шорлогон,
«Арзымбай молдо арманы».

Бул «Арзымбай молдо арманы» Үркүндүн 90 жылдыгын эскерүү максатында Барскоон капчыгайында өткөрүлгөн шейит

кеткендерге куран окуу аземинде жана телеэкран көрсөтүүлөрүндө чертилген.

## Турпандан белек

Бишкек шаарында жашаган Турпан аттуу карыя менен таанышып калдым.

– Ала-Тоо аймагыбыз кенен туруп, сиз төрөлгөндө ат таппай калгансып, Кытайдын Турпан шаарынын атын коюп алышыңыз кандай? – дедим тамашага чалып.

– Оо, ал жагдайдан сөз кылсам, өзүнчө жомок, – деди маектешим олуттуу тартып, ойго батып.

– Айта бериңиз, кулак сизде.

– Мен Нарын жергесиндеги Он-Арча болушундагы, азыркыча аталышы Эчки-Башы айылынын жараны болом. Азыркысын бала-чака менен Бишкек шаарында жашап жатам. Калайык кандай алааматка кабылбасын канаты кайрылар, бирок тарыхтан таза өчүп калбас. 1916-жылдагы Үркүн алааматын кыргыз аттуу улутту самандай сапырды, күлдөй үбөлөп үйлөдү. Бирок, жаңы Үркүнбайлар да көз жарып, укум-тукум уланып келет. Өмүр-өлүм айкашындагы кыйын кезеңде дүйнөгө көз жарып, эл эсебин толуктоо токтолуп калбас. Эгерде Үркүн темасынын учугун улай сүйлөсөм, менин өмүрүм өзүнчө жомок: 1916-жылдагы Үркүн алааматында Кытай багытындагы Улан-Сасык-Сапарбай деген жерде туулуптурмун. Энемдин боюнда бар, улам толгоосу күчөп, ат үстүндө азап чегип барат. Эки сапар аттан кулап түшүп, толгоосу жанары менен жолуна түшөт. Үч жолку толгоо аттан жагы томолотту. Аз убакыт өтпөй «баа» деген баланын бакырыгы угулду. Жанындагы кайниси энеме жардамга келип, баланын киндигин кесип, чала-була денесин сүртүп, көлдөлөңгө орой салып, куржундун бир көзүнө солой, качкындардын артынан жөнөштү. Күн кечтеп, айлананы караңгылык каптаганда гана үй-бүлөнү таап, туугандарга кошулушту. Куржунду ачып караштры эле, бала тирүү, кыбыр-сыбыр. Эне эмчегин салса ээмп жатат. Эртең менен таң ата качкындар сапарын улап, аман калгандар Кытайдын Турпан шаарын туурлап, күнүмдүк жашоосун улашат. Эс-учун жыйнап алган соң балага ат коюу ырымын жасашат. Отургандардын бир даары: «Үркүндө төрөлгөн бала үркүнбай деп аталсын» – дешет. «Өлгөндөн калгандарыбыз Кытайдын Турпан

шаарына баш калкалап отурбайбызбы. Балага Турпан деген ысымды ыроологонубуз эп болор» — деген сунушка кошулуп, асан чакырып ат коюшкан экен. Кудайга тобо, 90 жашка барып калдым. Балдарымдын алдында бактылуу карыямын» — деп сөзүн аяктады Ботокан уулу Турпан аксакал.

Сөз соңунда: Улуу үркүн алааматына 90 жыл. Мындай калаба экинчи кайталанбасын! Улуу үркүндө жарык дүйнөгө келген Турпан аксакалга 90 жыл. Мындай өмүрдү кут кылсын!

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Өрттөм-Музарт» | 3993 | 2’30 | Абдракман Кыдырбаев |
| 2. | «Кыздын арманы» | 2916 | 3’06 | Бектур Осмонов |
| 3. | «Музарт» (композиторлор бирлигине жазылган) | – | – | Бексултан Бердибаев |
| 4. | «Үркүндө качкан кыздын арманы» | – | – | Гүлүй Түкөбаева |
| 5. | «Арзымбай молдонун арманы» | – | – | Асан Кайбылдаев |
| 6. | «Калмака кеткен кыздын арманы» | 3288 | 1’30 | Жали Алиев |
| 7. | «Калмака кеткен кыздын арманы» | 9631 | 3’26 | Асаналы Кыштообаев |
| 8. | «Калмака кеткен кыздын арманы» | 2509 | 1’37 | Атай Огонбаев |
| 9. | «Үркүн арманы» | 5093 | 2'41 | Акысбек Дүйшеев |
| 10. | «Эл үрккөндөгү арман күү» | 9478 | 3'06 | Усуп Орозов |

## Кайгылуу Какей

Бүгүнкү күндүн улгайган карыялары жаш кезибизден Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» драмасы менен тааныш өстүк. Улуу Октябрь революциясынан мурда 16 жашында токолдукка башы байланган өз сүйгөнүнө жете албай зар каккан Какей аттуу

кыздын аянычтуу тагдыры мектепте кулагыбызга кумдай куюлган болсо, театр сахналарынан көзүбүзгө жаш алып чоңойдук.

«Кайгылуу Какей» драмасынын негизги окуясы байлыгы мол Чойбек чал менен гүлкайырдай жаңы ачылып келаткан жаш кыз Какейдин айланасында өтөт. Драманын алгачкы премьерасы 1927-жылы 16-ноябрда Кыргыз музыкалык драма студиясында коюлган. Андан бери алакандай кыргызда айтарлык жаңылыктар менен айкашкан канча замандар өттү.

«Кыргыз туусу» гезитинин 1992-жылкы 19-майындагы санында унут калып бараткан «Кайгылуу Какей» чыгармасына байланыштуу жаңы кабар жарыяланган. Макаланын ээси Эсенжан Тынай уулунун айтымында М.Токобаев жазган драманын баш каарманы Какей кыз эмес, макалада өз мезгилинин булбулу Сартмерген уулу Какей аттуу тарыхый инсан жөнүндө сөз козголгон. Какей 1880-жылы Токтогул районунун Чоң-Чычкан айлына жакын Күркүрөө деген жерде туулган. 1920-жылы 40 жаш курагында дүйнө салган. 1916-жылы Турпанга үркүп барып кайра кайткан качкындардын бири экен.

Макаланын автору Эсенжан карыя менен 2002-жылы 2-февралда жолугуп көзмө-көз баарлашкан элем.

– Мен, – дейт маектешим Эсенжан карыя, – Какейдин жээни болом. Ал комузду коолдоп черткен, кыл кыякты кынабына жеткире тарткан өнөрпоздордон эле. Элдик айтымдагы «Муңдук-Зарлык» дастанын өзүнчө обондо аткаруучу. Санжыра санагын Какей чубасын. Күүнүн башы «Камбаркандан» тартып, өзүнүн «Какейдин ботою», «Мергенчи Карлык», «Жайлоодо» аттуу күүлөрдү келиштире чертчү.

Өткөн жылдарда анын чыгармачылыгы боюнча эл арасынан сураштырганымда Асыран Борбу уулу, Айтмырза Асылбек уулу сыяктуу комузчулар «Кайгылуу Какей», «Карылык» аттуу күүлөрүн чертип жүргөнүнө күбө болдум, кыскасы, Кетмен-Төбөлүктөр аны унутпаптыр. 1991-жылы Чоң-Чычкан, Бала-Чычкандык мекендештер чогулуп, Какейдин чыгармачылыгына байланыштуу талкуу өткөрүшүптүр. Анда туулган айлынын бир көчөсүнө ысмын ыйгаруу, комузун жана урунган буюмдарын, кыягын музейге өткөрүү маселеси сунушталыптыр.

Какей мергенчиликке ынтаалуу адам эле дешет билгендер. Күндөрдүн биринде анын капканына кашабаң түшүп калат. Капкан карышкырдын арткы бутунан чапкан экен. Какей карышкырды

мууздап өлтүрбөстөн, капкандан чыгарып, тумшугунан кабыштыра байлап, тирүүлөй терисин сыйрып, ошол жерге чочойтуп отургузуп коюп кете берет. Карышкыр түнү бою кыбыланы бет алып, кудайга үнү жеткиче улуп чыгат. Азуулуу айбан да болсо анын аянычтуу улушу Какейдин кабыргасын кайыштыргандыр. Эртеси аны мууздап, сөөгүн сүйрөп таштайт. Жырткыч айбан болобу, а деле Кудайдын макулугу го. Убалы аттатпады. Көп өтпөй бул окуянын соңунан кабыргасынан кан түкүрүп, төшөккө кулап, Какей да жарыкчылык дүйнө менен кош айтышты. Канча аракеттер жасалбады, дартка даба болбоду. Өлүм менен өмүр арбашкан акыркы саатарда комузуна кол созуп: кашабаңдын каргышына калганын, жаратылышта ашык эч нерсе болбостугун, Кудайдан буйруксуз кумурсканын буту сынбастыгын, буйрукка каршы чыккандар кутулбас куяга каларын жарыя салып, арманын айтып, өз күнөөсүн моюнга ала кайгысын күү аркылуу кабарлаган экен. Күү кийин «Кайгылуу Какей» аталып, айылдаштарына, атпай журтка тарап кеткен.

Күү алптары аттап кете албаган, анын зарылчылыгын залкарлар тааныган, үйрөнчүктөр үйрүлүп түшкөн, кайрыктары канык «Кайгылуу Какейди» Усуп Ороз уулу, Жөлөгөн Чымырбай уулу, Абдыкадыр Жаналы уулу, Сүйдүм Төлөк кызы сыяктуу аспапчы-аткаруучулар үн тасмага жаздырышып, алтын фондуга тапшырышкан экен.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кайгылуу Какей» | 9470 | 2’34 | Усуп Орозов |
| 2. | «Кайгылуу Какей» | 3577 | 2’35 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 3. | «Кайгылуу Какей» | 3870 | 0’46 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 4. | «Кайгылуу Какей» | 3884 | 1’27 | Экия Мукамбетов |
| 5. | «Кайгылуу Какей» | 7199 | 1’35 | Сүйдүм Төлөкова |

# ЖАҢЫ ЗАМАН КАЙРЫКТАРЫ

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңиши, Лениндин, Коммунисттик партиянын жаңы доорду орнотуудагы ролу, жумушчу табынын жетектөөчүлүк ролу, социалисттик курулуштун ар тармактуу жаңылыктары, турмушта болуп жаткан түмөн түркүн өзгөрүүлөр... акындардын, ырчылардын, аспапчылардын башкы темасы болуп калган. Өмүрү өрнөк карылардын кимиси менен аңгемелешсеңиз да, Октябрь төңкөрүшү менен өз турмушун өзөктөш сезип, өз тагдырын байланыштырып, ал жалпы элге, айрыкча эмгекчилерге эмне бергенин сыймык менен айтышат.

Ырымдын аты – Октябрь
Кылымдын аты – Октябрь.
Күүмдүн аты – Октябрь,
Үнүмдүн аты – Октябрь –

деп, Барпы акындын айткандарын, албетте, көз алдыга тартпай коё албайбыз. Октябрь төңкөрүшүн жерип турган бүгүнкү кырдаалда деле аны жамандап турган жүйөө табыла койбос. Октябрь шарапатын кубаттоодо Осмонкул төкмө көл-дайрадай төгүлүп ырдаган:

Падышаны тактан кулаткан,
Эркиндик берип колуна,
Эмгекчи элди кубанткан,
Кубанычтуу ай келди,
Куткарган кулдук суроктан...

Октябрды кубаттабаган көркөм өнөрдүн өкүлдөрү болгон эмес. Аспапчылар андан бетер. Алардын анабашы Карамолдо, Ыбырай, Чалакыздын чыгармачылык чыйыры Октябрдан уланган.

Таасын комузчулардын бири Асаналы Кыштообаевдин «Кеңеш күүсү» баянына көңүл буралы: «1936-жылы 18-25-октябрда борбор шаарыбыз Фрунзеге Кыргызстандын булуң-бурчтарынан

тандалып, таланттуу ырчылардан, комузчулардан, обончулардан 360 мыкты өнөрпоздору келишти. Жыйын «Эл чыгармачылыгынын бүткүл Кыргызсандык Биринчи Олимпиадасы» деп аталды. Келген өнөрпоздор калыстар тобуна өз өнөрлөрүн тартуулап жатышты. Кезек мага келди.

– Кайсы күүнү чертесиң? – дешти калыстар.

– «Кеңеш күүсүн» – дедим.

Черттим. Чертим да комуз күүсүнө сөз кошумчаладым:

– Эски заманда канча күү ар коктуда калды. Бүгүн болсо, бүт Кыргызсан аймагына ар бир черткен күүбүз таанылып отурат. Бул да болсо, Өктөбүрдүн шарапаты» – деп кеткен экен эле Асаналы аксакал. Октябрь шарапатын акын, манасчы, залкар комузчу Молдобасан Мусулманкулов мындай деп даңазалаган:

Октябрь таңы атканда,
Териме батпай элирдим.
Кызыл тилди сайратып,
Алга карай теминдим.

Бакыт-теңдик ырлары,
Туш-тараптан жаңырды.
Жыргалчылык каптады,
Калаа менен айылды.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Көңүлүм» | 1724 | 3’22 | Карамолдо Орозов |
| 2. | «Өзгөрүш» | 9760 | 3’09 | Ыбырай Туманов |
| 3. | «Өзгөрүш» | 2229 | 3’08 | Мекиш Батаев |
| 4. | «Жаңы заман гүлдөсүн» | 9376 | 4’48 | Асаналы Кыштообаев |
| 5. | «Октябрге» | 1827 | 1’40 | Экия Мукамбетов |
| 6. | «Октябрды даңктаймын» | 2772 | 440 | Токтоналы Шабданбаев |
| 7. | «Октябрдын жеңиши» | 282 | 352 | Асек Жумабаев |
| 8. | «Кедейлер шаттыгы» | 2904 | 300 | Бектур Осмонов |

## Жолбашчыбыз партия

Социализм доорунда чыгармачылыктын бардык тармагы марксисттик-лениндик көз карашты жайылтууга, комунисттик идеологияга багытталган. Ал үчүн, албетте, «Компартия» темасы тандалган. «Партия» – латын тилинде «элдин бир бөлүгү» деген маанини билдирет. Ошол «бир бөлүк» чоң мамлекеттин, зор өлкөнүн бийлик башында туруп, «саясий партия» аталып, калың элдин жашоосун шарттаган, ал мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

Батыштагы эң кичинекей мамлекет Люксембург 5 партияны бел тутуп келсе АКШдай зор держава 3 партияга топук кылган. Алакан отундай Кыргызсанда кезегинде 60 аша партия катталып, алардын арасында кечээки Ленин түптөгөн Коммунисттер партиясы да ордун жоготпой формалдуу болсо да, жашоосун улап келет.

Ал эми совет мамлекетинде «Компартияны» оозанбаган бир сап ыр же бир кайрык күү болгон эмес. «Кайра куруу» капшабы, «эгемендикке» ээленүү өткөндөн өч алып, тарыхта катталган канча маданий мурастарды катардан чыгарып, калк казынасынан ажыратып салды. Канча күүлөр, ырлар, маданий дөөлөттөр ыпыр-сыпырга ыргытылып, калк рухуна доо кетти.

Башкага го башка, ага башты оорутпайлы, аспапчылардын анабашы Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын, Шекербектин, Актандын, Калыктын, Асылбектин буроолору Октябрь ыңкылабынан, Коммунисттик партиянын колдоосунан башталган эле. Тилекке каршы, жаңы заман идеяларын жар салган ошол ыр-күүлөрдүн миңден бири жок.

«Эй, курбум, кезек келди ак сүйлөйлү,  
Көңүлгө баккан ойду так сүйлөйлү.  
Жашырып кереги не болгон ишти,  
Майдалап даамын бузбай чак сүйлөйлү.

Чындыгын айткылачы, кеп ушунда,  
Сенек кез болду беле турмушуңда?  
Нан, сүткө, кумшекерге, майга жетпей,  
Бар беле тартип бузган жумушуңда?

Душман деп, коммунистти тилдеп жатат,  
Камалган инсандарды иргеп жатат.  
Калкына кызмат кылган кеменгерлер-  
Ленинди, Сталинди ким деп жатат.

Ким билет, кайсы жолдо баратабыз?
Ким билет, кандай коом жаратабыз?
Алдыда мунарыктап туман каптайт,
Калкка биз кайсы идея таратабыз?

Бөлүнүп бай-кедейге барабызбы?
Базардан бактыбызды табабызбы?
Теңдик жок, кул ордуна кызмат кылып,
Темтеңдеп тепсендиде калабызбы?

Байлардын мына, бүгүн күнү тууду.
Кедейдин келечектен деми сууду.
Казино, ресторан, кафелерден,
Орун жок, оолукмалар элди кууду.

Акчага кыздар сатты денелерин,
Таалимин тартпай калды энелердин.
Кызыгып, кызыл акча, дүнүйө куул,
Артынан айда, түшкөн эчендериң.

Бирок да жалгыз дарак токой болбойт,
Кыргызды Октябрдай кимдер коргойт?
«Жерим бар, байлыгым бар» деген менен,
Негедир бул турмушка көңүл толбойт...»

*(Бектенкул Байбек уулу)*

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Партияга» | 2273 | 2'17 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Партияга атадым» | 3093 | 2'08 | Асаналы Кыштообаев |
| 3. | «Жолбашчыбыз партия» | 440 | 3'50 | Алымкул Үсөнбаев |
| 4. | «XXII партсъезд» | 2205 | 1'57 | Касымалы Тойгожоев |
| 5. | «Партсъезд» | 1834 | 4'12 | Кеңеш Сулайманов |
| 6. | «Партиянын жолу менен» | 2756 | 3'18 | Болуш Мадазимов |

## Ооган камбаркан

Какшаал, Текес, Турпандан кайткан качкындар өз уруусун сураштыра, уругун териштире ага-туугандарын таап, аларга кошулуп, эл уюткусу коюланып, Көл башындагы бугу элинин сарыке уруусу Жыргалаң, Түргөн дарыяларын бойлой орун алып, өз журтун бекемдеп жаткан. Калайман капшабында Кытайга үркпөй Түргөндүн башында калган 3-4 түтүндүн бири Тумандын үй-бүлөсү болучу. Кытай тараптан агылган качкындардан жан соогалап, бул айылга кайрылбай өткөндөрү чанда болгон.

Ошондой каңгып келаткан мусаапырдын экөө Тумандын үйүндө алакан жайып, кайыр тилеп турушту. Булардын бири эркек, бири жаш келин. Жоготкон жогун тапкандай балпаңдап кубанган байбиче кайырчыларды үйгө кийирди. Үч күн мурун түш көрүп, үйгө ак жоолук кирише киреrine аян берген. Купуя сыр, жүзөгө алып, түштө көргөнү туш келип, ак жоолук алдында турат. Камдап койгон көк улакты мууздатып, келген келинге өпкө чаап, кошуна колоңдорун түлөөгө чакырат. Тиги бечараларга өзүнчө дасторкон жайып, кымыран кайнак сүттү кашыктап ичирип, артынан чалап жуткурат.

— Айран жуурат, сары май, сорпо шилең — оор тамак. Ач өзөккө түшүп кетсе, мерт болуп каласыңар, кагылайындар, — дейт карыптардын көңүлүн сооротуп байбиче.

Жолоочулар өзөгүн аш аралап, көл-шал түшүп, отурган жерине жыгылышкан. Кошуна-колоң келип, кобур сөз кызып калган кезде сырттан отуздар чамасындагы жаш жигит кирди. Отургандар менен учурашып, тигил сулап жаткандарга кол жаңсап:

— Эне, булар кимдер? — деп ишаарат кылды.

— Ии, балам, Кытайдан келаткан качкын бечаралар экен. Ачкалыгы өтүшүп кеткен тура. Азын оолак оокаттанышты эле, эс алышсын. Аты-жөнүн сурабадым, — дейт байбиче.

— Ошол учурда келин үлдүрөп тура келип, тамтыгы чыгып далдалынан кеткен көйнөгүнөн көрүнгөн денесин кымырып-кымтынып, байбиченин аягына сыңар тизеледи. Чай ичилип, бата кылынып, келер-кетер сөздөргө кезек жетти. Үйдө отургандар сырттан кирген жигиттин сөзүнө кулак төшөдү. Арык-Белекке таанымал айтылуу Кыдыр акенин Кытайдан келип Казактын Тоо-Челегинде байырлап турганын ага барып учурашып кайткандыгын айта келип, жигит Алматыда өткөн балшайбектердин чогулушуна

Кыдырдын уулу Акимкан катышып, сөз сүйлөгөнү жөнүндө кеп салды.

– Ак падышаны алмаштырган Ленин деген акылман Кеңеш өкмөтүн түзүптүр, бул өкмөт кедейлерге кененчилик берет экен, качкындарга өз жерин кайтарат экен...– деген кабарды ортого салды.

Уу-дуу кептер бир топко созулуп, жаңы замандын шарапатына демөөр байлашты. Мындай көтөрүңкү көңүлдү комуз коштоду. Төрдө отурган Жолбун карыяга керегеде илинүү турган комузду алып беришти. Комузчу карыя айтылуу Абак, Кайдуу, Кыдырдын күүлөрүнөн кайрып, комузду жигитке узатты. Бул жигит келечектеги күү өнөрүнүн залкары Ыбырай Туманов эле. Эл дымып, үч кылдын дирилдеген добушуна кулак төшөдү. Ыманы ысык байбиченин ыкыласына кирип, ага огобетер шынаарлаган чоочун келин да өлчөөсүз өнөргө арбалгансып, алп жигиттин кыймылына көз кыйыгын кадады. Санаасы санга бөлүнүп, ой чабыты артка карай закымдап барат:

... Кытыйдын Кулжа шаарынын бит базарында «Кайран эл!» деп кан какшап ырдалган карыянын сакалы ылдый куюлган көз жашынан элес келет; ага кошул-ташыл отургандардын оор үшкүрүгү, ыйы-муңу, акыл-эси айраң калайыктын аянычтуу абалы; ата-энесинен, бир туугандарынан түгөл айрылып ай-талаада калгандагы көр турмуш көз алдынан чубурат. 16 жашар кыздын барар жолу туюкка кептелген. Качкындардын капшабында жолбун күчүктөй жортуп, колу урунган коңулга корголоп, өлбөстүн күнүн өткөрүп жаткан турмушу, кур дегенде бир селсаяктын этегене эрмешип, эби келсе эр кылып алсам деп эңсейт. Эркиндик каңшаары ээликтирип, ата-журттун тузу тартылып, акыры капастан качып чыгууга үлгүргөн келин кайткан элге аралашты. Алыс жолдо жалгыз жарым жүрүү коркунучтуу эле. Ууру, бөрү, каракчы каш-кабактын ортосунда. Чоочун көзгө дагы бир эркектананы «эрсинип», экөө эриш-аркак жол карытты. Эш туткан тиги бечара деле эркек аты болбосо, ийне жеген иттей кылжыйып, адам сөлөкөтү араң калган бир жандык. Талаада калган сөөктү кокозого кайнатып, ширесин ууртап, жылкынын жаңы тезегин чылап ичип, тырайып өлүп калбастын амалында кыбырап келе беришкен. Акыры минтип, киндик кесип кир жууган жердин топурагын аттап, ак байбиченин колунан туз даам татып, ак эдил

адамдардын арасында отурганына ишенип-ишенбей, өңүндө көргөн түш сымал дендароо болуп кыял чиркинге жетелеп отурат.

Комузчу жигит жаңы чыгарган күүсүн устаты Жолбундун сынагына койгусу келди. Күү толгоонун өлчөмүнө жеткире шашпай буралып, арман-кубаныч айкалышта мукам кайрыктар канат сермеп, оболоп жатты. Күү да аяктады.

– Оп баракелде! Күүң жарады, – сыякттуу каалоо-кубаттоолор айтылды.

– Ой, Ыбырай иним, күүң жарады. Жай-маанисин түшүндүрчү, – деди Жолбун ага.

– Ак бадыша тагынан тайгылды, анын дөөлөтү Лениндей көсөмгө оошту. Адилет заман орноп, алыстагы Кытайга качкан боордошторубуз минтип ата-журтуна келди. Мына, ушул жакшылыктын жышаанын «Ооган» күүгө салдым, – деди Ыбырай.

Отургандар жаш комузчунун чыгармачылык демөөрүнө ийгилик каалап, төлбашы «Ооган» күүсүн кубатташты. Жаңы өкмөттүн түбөлүгү түз болушун Кудайдан тилеп, дасторконго бата жолдоп үйлөрүнө таркашты... Батага айрыкча байбиченин көңүлү карк: үч күн мурун түш көрүп, үлпүлдөгөн ак жоолук салынган. Ак жоолук – үйгө кирген ырыскы кут. Бул уулумдун үйлөнүшү болбосун? – деп, ичтен жоруп койгон. Үч күн өтүп-өтпөй түшү туш келип, ак жоолук үйүндө отурганына кубанып бакытка балкыган эне. Тиги сырайып уктап жаткан шордуунун карап чочуп кетти. Келин аны «күйөөм» деп тааныштырган. Башы байлануу жубанга кол тийгизүү жарабас, кимдин дити бармак андайга? Бул ой байбиченин жүрөгүн селт эттирди, бирок түшүндөгү аян тегин эместигине ишеним байлап, «күтө турайынчы» деди. Жолбун «меймандарга» орун даярдалып, «жат-жатка» кезек келип жетти. «Эрди-катынга» арналып салынган төшөк негедир ээнсиреп турду. Эки келгин тарткынчыктап, бир төшөккө баш коюдан айбыгып турушканын алдыртан баамдаган кыраакы байбиче келиндин башы бош экендигине чындап көзү жетти да экөөнү эки бөлөк орундарга жаткырып койду.

Качкындарга байбиче айрыкча көз салып, мүнөздөп тамак берип, тыңыдың го дегенден кийин гана эт-ашка аралаштырды. Жигитке бир сыйра кийим кийгизип, жол азыгын камдап берип узатты. Жети күн өткөндөн өзүнө келип, өңүнө чыгып, айжаркын көркүнө келген мейман келин – Бүбүшканды баласы Ыбырайга

нике кыйдырып, үй-бүлөсүнө кошуп алды байбиче. Ыбырай менен Бүбүшкан өмүрүнүн аягына чейин бирге жашап, эки Сайра, Модуйса деген эки кыздуу, Абдрасул деген уулдуу болушкан. Абдрасул Ата Мекендик согуштан кайтпай калды. Жалгыз небереси Мелис 7 жашында дүйнөдөн учуп кетти.

«Ооган күү» баяны: кырылып-жоюлуп, тарыхтан өчүп калуу коркунучунда турган 1916-жылкы дүрбөлөңгө – Үркүн окуясына туш келген. Ал Россия падышачылыгынын колониячыл өкүм зордугунан, Кудай акы, Улуу Өктөбүр төңкөрүшү куткаргандыгын баян кылат. Жылдар жылмышып, кылымдар тогошот. Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы. Бирок, улуттук мурас – комуз күүлөрү түбөлүккө кала бермек. Тек, 1917-жылкы замандын оошу – тарыхтын күбөсү катары урпактан-урпакка «Ооган» кайрыктарында калыбын бузбай чертиле бермек, күүлөнө бермек.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Ооган камбаркан» | 3070 | 2'16 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Ооган» | 9731 | 2'26 | Асаналы Кыштообаев |

## Паровоз

Таасын өнөрпоз, таланттуу комузчу Ыбырай Туман уулу элет жеринен келип, 1934-жылдан шаар турмушуна аралаша баштады. Каракол калаасында алгачкы жолу ачылган радио түйүнүндө иштеп, өмүрүндө профессионалдык кесипке карай кадам шилтеген мезгил да келип жетти. Ушул учурду Кыргызстан мамлекеттик борбордук архивинде көп жылдар илимий кызматкер болуп иштеген Мамбетсейит кызы Зина мындайча эскерет: «1935-жылдын жайында Каракол шаарындагы мугалимдердин кыска мөөнөттүү курсуна окууга келгем. Мен жашаган үй менен мектептин ортолугундагы эки бөлмөлүү жапыз имараттын үстү жөргөмүш желесиндей чырмалган зымдарга толуп туруучу. Таңкалып карап, өтүп кетчүмүн. Күндөрдүн биринде ошол табышмактуу имаратка Ыбырай аба комузун колтугуна кысып кирип бараткан. Артынан

чуркап жетип учураштым. Ал-жайды сурашкандан кийин: «О-о кызым, радиотүйүн деген ушул болот. Азырынча шаар калкын гана тейлейт, бара-бара айыл-кыштактарга тегиз тарап, таң-тамаша кабарларды ушул жерден угузушат. Сени билем, мандалинде жакшы ойнойсуң, ырың да уккулуктуу. Эртең кел, окууңду бүткүчө радиодон концерт берип турасың», – деди. Ошентип, залкар өнөрпоз менен бирге эки ай кызматташ болуп калдым. Курстан лекция бүтөрү менен радиотүйүнгө чуркайм. Мандолинде «Батмажан», «Тарпаңбайдын ыры», «Зарыгам», «Көпүрөнүн шарынан» аттуу ырларды аткарам. Ыбыкем белгилүү күүлөрүн чертет.

Кыргызча концерт болор күнү курсташ кыздар, шаар калкы агылып паркка барып, биз берген ыр-күүлөрдү зым карагайдын учундагы радио-репродуктордон угушат. Ал концерт 30-жылдар үчүн олуттуу жаңылыктардан эле» – дейт Зина эже.

Ыбырайдын турмушундагы дагы бир олуттуу окуя 1936-жылы январь айында болду. Орто Азия жана Казакстан элдеринин искусство ишмерлеринин кеңешмесине катышуу үчүн Кокон шаарына сапар алды. Бул жолкуда ойго келбес окуя – «Кара тулпардын» канатында кайыптай сызып, канча аралыкты басып, каалаган жайына жетип алгандыгында болду. Андагы таасирлер сергек сезимдүү күүгерди чыгармачылыктын чыныгы өрүнө жетелеп, «Паровоз» деген күүнүн жаралышына өбөлгө түздү.

Кокон шаарына жолдомо алган үч жолоочу Каракол шаарынан чыгып, Көл башындагы пристандан кемеге отурушту. Көп күттүрбөдү Көл-эне долуланып, добул уруп, кызык кыялдарын көрсөтө баштады. Калкылдаган кемеде чайкалгандар бири окшуп, кээсинин жүрөгү кысылып, өпкөсү өрөпкүп, жөтөлүп… бир жарым сотке дегенде Балыкчы шарынын босогосуна баш багышты. Анда да кум учуруп, улуп-уңшуп шамалдан жапа тартышты.

Ары чуркашты, бери чуркашты жүргүнчүлөр, акырында үстү чүмкөлүү араба менен кире тарткан дуңганга кез болушту. Боом капчыгайын тепчип, ийрилип аккан Чүй дарыясын бойлой, Бишкекке сапарын улаган сайын Көтмалдынын ызылдак шамалынан ыраактап, Көл үстүндөгү көргөн азап-тозоктор артта калды. Эмки көйгөй эртеден-кечке така-түк дөңгөлөк калдырт-шалдырты. Жүргүнчүлөр Бишкекке келип, «Дыйкандар үйүнөн» орун алып, эртесинде темир жол вокзалына келип, тийиштүү вагондорго жайланышты.

Комузчу Ыбырай терезеден айланага көз чаптырат: кол булгоолор... коштошуулар ... «гүү-ү-ү!.. күү-ү-ү» эткен үндөр. Эки жолку ышкырыктан соң «Кара тулпар» бир силкинип алды. Комузчу селт этти, терезеден карады. Дөңгөлөктөр кыймылга кирди, чиркелген вагондор ордунан козголгонсуйт. Кыймыл жанданып, «Кара тулпар» кадам шилтеди. Барган сайын тулпардын арышы артылып, темир жол рельстеринде «шарак-шурак» дабыштар дааналанып барат. Комузчунун кареги айланага кадалган. Иймейген кош сызык – темир жол. Илгери жүткүнгөн маңдайында жалгыз көз Кара тулпар обого түтүн бүркөт. Чубалжыган коюу түтүн, арткы вагондордун үстүн жайпай, имерилиште ийрилип кала берет.

Жан жолдошу-сырдашы өрүк комузу атактуу өнөрпоздун колунда. «Күүлөнсөм» дегенсийт, «сүйлөсөм» дегенсийт... Аспап ээсинин колу андан бетер кычышып, манжалары тыбырайт. Чоюн тулпардын жоругун-жомогун, кылыгын-кыймылын, кыйкырыгын-ышкырыгын... кыл ыргагына кынайлы» – деген илхам кычап барат...

Комузчу, анын комузу сыр тартып, үн алышып сапарын улап, акыры, «саламын» жолдоп Кокон шаарына да келишет... Кийин өз жерине кайтып келип, саякат-сапар ортого салынган кезде Ыбырай комузун бурап «Кара тулпар» кабарын калайык калкка кабарлаган. Ошондогу Ыбыкемдин «Кара тулпарын» кийин өз көздөрү менен көргөндөр таамай, так чагылдырган бул элеске тамшангандар болгон. Алар өнөрпоздун талантына таазим этип, күнү бүгүн күүчүлдүк шык-жөндөмгө үч бүгүлүп жүгүнүп келишет.

«Паровоз» («Кара тулпар») күүсүнө байланыштуу автордун чыгармачылык өмүрүндөгү дагы бир урунттуу учурду коомдук ишмер искусство иликтөөчү Көпбай Күмүшалиев төмөндөгүчө эскергени бар:

«1936-жыл, сентябрь. Күндөрдүн биринде Кыргызстан Мамлекеттик театрынын директору отурган бөлмөгө кең далылуу бети жайык, сыйда сакал, кара мурунтчан киши кирип келди. Ал отургандардын баары менен кол алышып учурашты.

– Олтуруңуз, аксакал, – деп театрдын ишмерлери андан жай сурай баштады.

– Көл башынан Караколдон келдим, бул отурган жайыңар театрбы? Ушуга киши алат деген соң өтөйүн деп келдим.

– Эмне өнөрүңүз бар, аксакал? – деди театрдын директору Сүйүнтбек Бектурсунов.

– Комуз чертем.
– Комузуңуз барбы?
– Бар, уулум.

Аксакал эскирип калган кара күрөң чепкенинин ичинен белиндеги курга боосунан күрмөп алган, башына күмүш чаптырган кызыл өрүк комузду алып чыкканда, Кыргыз эл аспаптар ансамблин уюштурган композитор-дирижер Петр Федорович Шубин:

– Аспабы жаман көрүнбөйт, аткарганда кандай болор экен? – деп, жанындагыларга жылмая карады.

– Кимдин күүсүн, кайсы күүнү аткарайын деп комузчу сураган да жок. Ал комузун күүгө келтирип:

– «Паровоз». Бул күүнү поездди жаңы көргөндө чыгарган элем, – деп черте баштады.

«Паровоз» күүсү бир жагынан өткөн тарыхтын күбөсү, экинчиден улуттун рухий дөөлөттөрүнүн бири.

Алгачкы темир жол түйүнү Ташкенден Пишпекке 1924-жылы жеткирилген.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Паровоз» | 363а | 3’17 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Паровоз» | 5084 | 2’08 | Акысбек Дүйшеев |
| 3. | «Паровоз» | 2001 | 3’22 | Шабий Токтоев |
| 4. | «Паровоз» | 5084 | 2’08 | Акысбек Дүйшеев |

## Колхоз камбаркан

Тоталитардык зор империя – СССР кулаган соң, бийликтин эки тизгин бир чылбырын чойгондор демократиялык түзүлүштү «ураалап» тосуп алып, менчиктештирүү жолуна түштү. Карапайым журт болсо, өткөндү жерип «өзгөнү» тууралйт менен иши жок, өтүксүз жылаң бут калып, «өтмөлүктүн» өөдө-ылдый ызгаарына кептелип, чыйрыгып, үшүп, түгү бетине чыгып, каатчылыкта калды. Кыргыз калкы топ-топ болуп коомдошуп, көп менен көрчү турмушка көнүп калган. Социализм заманында коомдук

чарбага кирип, колхоздошуу саясатында жашап келген. Улуттук идеологияга жаткан накылдарды аңтарып көрсөк: «арсыз бийлик, арам байлык адамды бузат», «өлө жегенче — бөлө же», «базары жакын байыбайт», «менде болбосун — элде болсун», «жаман адам өз камы үчүн жүгүрөт, жакшылар эл камы үчүн күйүнөт», «бирдик болбой, тирдик жок»... деген элдик макалдардын мааниси коомдук чарбага — колхоздошууга куп келишип турган.

Жаманбы, жакшыбы Октябрь өлкөсү 70 жыл өмүр сүрдү. Октябрь революциясы эзилген элге эркиндик алып келүү менен, чачылган кыргызды жыйнады, катарга кошту. Тоо кийик болуп кеткен элди түзгө түшүрүп, отурукташтырды. Илим-билимге даңгыр жол ачты. «Колхоздошуу» санаты ата-бабалардын канына сиңди, турмушка ашты. Буйрукка айла жок тура, ал өтмүш да өз жолу менен кетти. «Кайра куруу» капшабы калкка капитализм заманын сунуштады. Өтмөлүктүн мындай ваакумунан эпчилдер пайдаланып калды. Алдым-жуттум... ач көздүк... паракорлук психологиясы алдыга озуп чыгып, «экономикалык рынок» элдин эсин эки кылды. Карапайым калк коомдук колхоз-совхоз менчигинен кол жууп, капитализмдин базар экономикасына кире албай, камоодо калды. Кайберен сымак аякка удургуду, быякка сүрдүктү... айласы куруганда шериктешүү чарбасын эңсеп калды.

Эмесе, «колхоз» күүлөрүн колдон чыгарып жибербей, «Алтын казынаны» аңтарып, залкарлардын жаздырып кеткен таберигин обого алып чыгуу зарыл. Кыргыздын адабий-музыкалык майданында бул темага кайрылбаган өнөрпоздорду кездештирүү кыйын. Алардын аманатын аткаруу, адамкерчилик, маркумдардын арбагы ыраазы болмок.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Колхоз камбарканы» | 355(б) | 3'32 | Карамолдо Орозов |
| 2. | «Колхоз куралы» | 1725 | 2'12 | Карамолдо Орозов |
| 3. | «Колхоз куралы» | 9675 | 4'00 | Ыбырай Туманов |
| 4. | «Колхоз кызына» | 433 | 2'17 | Асылбек Эшманбетов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 5. | «Колхоз кер толгоосу» | 2204 | 3’17 | Касымалы Тойгожоев |
| 6. | «Колхоз күүсү» | 9755 | 3’14 | Жусуп Самаков |
| 7. | «Колхоз таңында» | 5291 | 1’30 | Жумалы Сейдалиев |
| 8. | «Колхоз кызына» | 9493 | 3'55 | Бектемир Эгинчиев |
| 9. | «Колхоз термеси» | 3391 | 3’55 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 10. | «Колхоз камбарканы» | 3126 | 2’33 | Болуш Мадазимов |
| 11. | «Колхоз куралы» | 5085 | 4’10 | Акысбек Дүйшеев |

## Жүрөгүм Москва

1939-жылы Москвада өткөрүлгөн Кыргыз искусствосунун биринчи декадасы улуттук маданиятыбыздын тарыхында унутулгус окуя катары алтын тамга менен жазылып калды. Декада сапары кыргыз өнөрпоздору үчүн өмүрдөгү эң урунттуу, бактылуу күндөрдөн.

Жаңы турмуш жарчысы Ыбырай Туманов декаданын соңунан «Жүрөгүм Москва» аттуу күү жараткан. Күүнүн башталышында Кремль куранты жаңырык салып, чакырыкты кабылдап, Чоң Маскөө кабарын чогулган топко жарыялайт. Декада күндөрүндө атпай журтка таанымал өнөрпоздордун (комузчулар, кыякчылар, ырчылар, куудулдар, манасчылар...) өнөрү москвалыктарга тартууланып, Эл комиссарлар Советинин алдындагы искусство башкармалыгы тарабынан жыйынтыгы чыгарылган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен сыйлагандарга орден-медалдарды М. И. Калинин өз колу менен тапшырган. Кубанычы койнуна батпай, сый-урматка балкыган маданий ишмерлер ата мекенине кайтып келип, чыгармачылык демөөр менен иштерин андан ары уланткан.

Бак таалайдын кайнар булак көзүсүң,
Кан жүргүзгөн калк жүрөгү өзүңсүң.
Энебиз да, атабыз да – Москва,
Тилейсиң сен элдин гүлдөп өсүшүн.

Мезгилинде Алымкул төкмө ырга кошкондой, Октябрды даңктадык, Компартияны мактадык, Россияны бир боор агабызга теңедик, Москваны «жүрөк каныбыз» дедик. 1939-жылкы Декаданын катышуучулары да дээрлик жарык дүйнө менен коштошкон. Алардын алтынга алмашкыс адабий-музыкалык мурастарын кор тутпай көздүн карегиндей сакташыбыз парыз.
Москва – байыркы шаар. Шаардын негизделиши 1147-жылдарга таандык. XIV к. Москванын улуу княздыгы негизделген, XV к. Россиянын баш калаасы катары таанылган. 1912-жылы жаңы курулуп жаткан Петербург шаарына борбордук калаа статусу Москвадан көчүрүлгөн. Андан эки кылымдан соң Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишинен кийин 1918-жылы 12-марттан баштап борбор шаар Москва болгон.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жүрөгүм Москва» | М.372 | 3’32 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Москва» | М.604 | 4’10 | Алымкул Үсөнбаев |
| 3. | «Толкун» | 4 | 3’02 | Ыбырай Туманов |
| 4. | «Толкун» | 5090 | 2’17 | Акысбек Дүйшеев |

## 8-март

1941-жылдын 8-марты. Күн тоо башынан аргамжы бою көтөрүлүп калган. Кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндер, элечегин заңкайта оронгон байбичелер, ак сакалын жайкалткан карылар, арасында жаш балдар тигил-бул үйлөрдөн чыгып, айыл ортолугундагы колхоздун короосуна танапташ мектеп имаратына агылууда. Көчө тарапта бирин-серин тигилген чырпыктар болбосо, айыл азыркыдай эмес, бак-шакка жарды. Иретсиз салынган жылаңач боз тамдар. Кырдан караганда бардыгы көз алдыда дайын.

Сурнайлар такылдап, барабан тарсылдап, кызыл туулар кылкылдап көз жоосун алган жаштардын салтанаттуу майрамдык жүрүшү. Айыл ортосунда буркан-шаркан түшүп көбүк бүрккөн

тентек дарыянын жаз алдындагы кириши майрамдык маанайды коштоп, ага жарашык берип жаткандай. Мектептин алдындагы кызыл сукно менен жабылган узун столдо президиум мүчөлөрү. Бет маңдайда улгайган адамдар жерге төшөлгөн ак саман үстүндө жалпак олтурушат, жаштар алардын артында катар, тигиндейде атчандар тизилип турат. Айыл башчысы салтанаттуу чогулушту «ачык» деп жарыялап, куттуктоо сөздү мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Дөнөмбаев Кайбылдага узатты. Аз сүйлөгөн, бирок саз сүйлөгөн, эзели үнүн көтөрбөгөн, кыз жибектей чоюлган кыраттуу адам докладды чоё бербей, 4-5 мүнөттүк сөзүн «жашасын!» чакырыгы менен тамамдады. Майрамдык кубанычка балкыгандар биринен сала бири куттуктоолорун ортого салып жатышты. Бир кезде Эл «дүр» дей түшүп, орундарынан тура калышты. Көрсө, «күү залкары» Ыбырай атчан келип, элдин алдында залкайып туруп калган экен. Шымаланган шайдоот жигиттер ардактуу адамды аттан көтөрүп алышып, дүркүрөгөн кол чабуулар алдында президиумдан орун беришти.

Чогулуш башкарган Касымакун Дордогой уулу көпчүлүккө жарыя кылды:

– Жолдоштор! Чакыртып келтире албаган мүлдө кыргызга таанымал кара күүнүн камбылы, филармониянын артисти, Калинин аксакалдын колунан орден алган залкар комузчу арабызда, – деп эскерте келип, – сөз кезеги Сизде, Ыбырай аба, – деди.

Күрөң тукаба артист кийимине жарашык берип, төшүндө «Ардак белгиси» ордени жаркырап, сүрүнө сүр кошуп, бизге окшогон жаш жеткинчектерге жомок каарманынын элесин тартуулап жаткансыды. Белиндеги комузун алып, күүгө келтирип: «8-март майрамыңар куттуу болсун!..» деп, айта отуруп, өнөрүн ортого салды. Ыбыкең бул жолу композитор Абдылас Малдыбаевдин «Кызыл атчандар» ырын чертип, кыл тербөөнүн кызыгында ушунчалык кооз, уккулуктуу кайрыктарды жаңыртып жатты. Концерт үчүн атайын даярдалган жаштардын өздүк-көркөм чыгармачылык тобу Ыбырай агасынын өнөрүн коштоого алып, «Кызыл атчандарды» хордо аткаруу менен майрамдык салтанатты шаңга бөлөштү.

Кол чабуулар, кубаттоолор алдында күү залкары кара күү жаатына кадам таштап, али жамы журтка жарыялана элек жаңы күүсүнүн тушоосун кести. «Туугандар, силердин майрамдык салтанатыңарга туш келип калыптырмын, менин куттуктоом

болсун, жаңыдан көз жарып жаткан күүмдү «8-март» атадым, чертип берейин» — деди.

8-март — жаркыраган жаз айынын улуу күнү. Бул күнү дүйнөнүн көп өлкөлөрүнөн Даниянын Копенгаген шаарына аялдардын өкүлдөрү келип, өз укуктарын коргоо маселесин ортого коюшкан. Бул иш-чарага Клара Цеткин демилге көтөргөн. Тилектештиктин бул күнү — 8-март, кийин майрам күн катары кабыл алынган. Октябрь революциясынан кийин СССР өлкөсүндө аялдар эркектер менен тең укукта кызмат өтөп, бардык ишке тегиз аралашуу менен 8-март майрамы эң бийик деңгээлде белгиленип келген.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «8-март» | М. 49 | 2'27 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «8-март» | 4401 | 3'15 | Турсун Карымшаков |
| 3. | «8-март» | 5082 | 3'03 | Акысбек Дүйшеев |

## Жеңиш

Адамзат тарыхындагы эң каардуу жана кандуу окуя: 1941-1945-жылдарды камтыган Ата Мекендик согуш. Бул согушта адам жоготуулары 20 миллион. Бул санактын ичинен 13 милион адам уруш талаасында, 4 миллион адам туткунда, 3,5 миллион жарааттан набыт болушкан.

Өткөн ишке өкүнүүдөн пайда жок,
Өзүң менен күлүп-жайнап көрүштүм.
Тарых... мезгил... тагдырыңды унутпайт,
Торколуу ай, Тогузунчу май — Жеңиш күн!
*(Кадырбек Жолдошбеков)*

Кеп кезегин кан майданда алты санынын биринен ажырап келген согуш ардегине өткөрөлү: «Талыкшыган денени сергитип, чыңалган мээни жандыруу үчүн ишемби, жекшемби күндөрү тоо-токойго саякаттоо шаардыктардын адаты. Таңкы үрүл-бүрүлдү жарып, боз адырды бөксөлөй Байтик баатырдын Боз-Бөлтөгүн

көзөмөлдөп, «Волга» келет зымырап. Кыр жонго көтөрүлгөн жолоочу үстөл сымал жалпак ташты шынаарлай тизгин жыят. Тырс ачылган эшиктен сыртка чыккан жолоочу Жер-энеге бой таштап, жорткон желге көкүрөк тосо кере-кере дем алып, кыр жондун кыл чокусунан айланага карек шилтейт. Жаратылыш жаңы эле уйкудан көзүн ачып, жан-жакты жандуу кыймыл аралайт. Акын булбул добуш созуп, таңдын алдын тозсо, чечен торгой черин жазып, таң булбулун коштойт. «Быт-пылдыгы», «кү-күгү» алым сабак айтышып, чыркылдаган чегиртке, чуру-чуу түшкөн чымчыктар, чымын-чиркей «ыз-быздар» алеки заматта жаратылыш симфониясына жан киргизет.

Кыял чабытка кынык алган жолоочу үн тарткыч аппаратынын кулагын бурайт. Дикторун үнү: «Бүгүн бейкут күндөрдүн ак таңы 9-май. Ооруктагы согуш ардагерлерин куттуктап, күү десте сунабыз. Ыбырай Тумановдун «Жеңиш» күүсү. Тоонун тентек желине кошул-ташыл үналгыдан мажордук марш кайрыктары угулат. Күн да күлүп чыкты. «Жеңиш» дегенде Жер-эне ийип турду магдырап.

1945-жылдын күз айы. Күндөрдүн биринде күү залкары Ыбырай Кайбылданын үйүнө келип калды. Аяштар алы-жаны калбай ысык учурашты. Куйругу кучак семиз туу кара койго бата жолдонуп, конокко чакырылган айылдын аттуу-баштуу карылары Ыбыкемдин катарында сакалдуулай орун алышты. Согуш жаратынан, жокчулуктан чайналышкан бечаралар Ыбырайдын комузун көксөп турушкандыгы байкалат.

Ыбыкем комузун колуна алып, айланасына көз чаптырды. Жакын адамдарынан ажыраткан арман дүйнө ар кимисинин ичтеринде буюгуп, анысы жүздөрүнөн туюлуп турду. Ыбыкем да андай жоготуудан куру эмес эле: жалгыз уулу согушка кетип дайынсыз. Небереси болсо наристе кезде о дүйнөгө чымчык болуп учуп кеткен.

Кантмек? Арман-кайгыны, албетте, кайрат жеңмек. Азыркысын болсо дүйнөнү дүңгүрөткөн «Жеңиш» салтанатын Ыбырайдай залкарлар жар сала бермек. «Жеңиш күү!» Кайрыктар тербейт... Угармандар күү кереметине уюп, көңүлдөрү муюп, жакшылыкка жабыттап, кайрык берген кабарга карк...

Андан бери канча айлар ала салды, жылдар жылышты, 2000-жыл өттү, 2010-жыл келди. Бул да өтөт. Жеңиш күнүн (1945-жыл, 9-майда) туулган жергесинде кубаныч менен тоскон карылар

түгөл кайтыш болгон. Бирок, тарыхый бул дата унутулбай улам жаңы муундун көз алдында эскериле бермек.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жеңиш» | М.181 | 3'05 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Жеңген күү» | 7995 | 2'43 | Самсалы Аликеев |
| 3. | «Жеңген күү» | 3192 | 1'53 | Шүкүралы Бектенов |
| 4. | «Жеңген күү» | 3278 | 4'11 | Кулбай Түмөнбаев |
| 5. | «Жеңиш» | 6889 | 2'35 | Өзбек Рысбеков |
| 6. | «Жеңиш» | 1684 | 3'17 | Санарбек Карымшаков |

## Кыргыз көчү

Эфир толкунунда байма-бай уктурулуп, эл аспаптар оркестрин телефильмди, театр сахаларын тейлеген, комузчулардын репертуарын көркүнө чыгарган, жибектей жумшак, булактай мөлтүр, кайрыктары ууз сезимди чулгаган күү periси — «Кыргыз көчү» кимге белгисиз. Бирок, күүнүн жаралыш жагдайын күйөрмандар анча билбесе керек.

Күү автору Асанбек Кыдырназаров менен сыр алышып, ой жарыштырган учурлар аз эмес эле. Ошондой баарлашуулардын биринде «Кыргыз көчү» баяны жагдайлуу сөз учугун чубаганбыз. Алгач Асакемдин өмүр таржымалынан кыскача кабар: Нарын аймагында Баш-Нура, Орто-Нура, Чет-Нура деген жерлер бар. Ошолордун Баш-Нурасында 1930-жылы жарык дүйнөгө келген экенмин. 9 жашымдан комузга сугум түшө баштады. 12-13кө караган кезимде күү өнөрүнө күймөлгөнүмдү сезген атам Кыдырназар атактуу күүгер-акын Актанга табыштады. Актан мени учкаштырып алып кетти. Комуз бууроосун, чертүүнүн жол-жобосун алгач ушул кишиден үйрөндүм. Анча-мынча күүлөрдү кайрууга жарап калган кезимде Нарындан Асаналы Ошур уулу сыяктуу атактуу комузчулардан таалим алып калдым. Кийин Карамолдо, Ыбырай менен жакындан тааныштым. Алгач аздап кайрыктар кайрып, акырындап чоң күүлөргө кол салчу болдум. Ошол күү

перзенттеримдин тунун – «Кыргыз көчү» атадым. Чыгарманын аталышы өзүнчө баян. Эмки кеп кезегин ушул багытка оодаралы: биз үч бир тууган элек: Асанкожо, Эсенкожо, Асанбек. Асанкожо согуш башталганда алгачкылардан болуп аскерге узады. Ошонун алдында кула жоргосуна учкаштырып Чоң-Нарындын өйүзүнө «8-март» колхозуна мени алып барды.

– Тээтиги коо менен короосун курчаган үйгө кирип, ушул катты Самса деген кызга тапшырып кел, – деп жумшады. Мен агамдын айтканындай тапшырманы так аткарып келдим эле, маңдайымдан сылап, далымды таптап:

– Жигит болот деген ушул. Бул кыз келечекте сенин жеңең болот. Катты эми өзүң ташып турасың, – деди.

Агам айткандай, эки жаштын арзуу сезимдерине толгон төрт бүттөм каттар Нарын дарыясынын өйүз-бүйүзүнө өз учурунда каттап турду. «Колуктумду эртең алып келем» деп турганда агама аскерге чакыруу кагазы тапшырылды. Түз эле уруштун кан күйүп турган жерине туш келгенби, кат аягы үзүлүп калган эле. Кычыраган кыш күндөрүнүн биринде почточу байке көптөн күттүргөн катты колубузга карматты. Каттын дагы бири Самса жеңеге арналган экен. Ошол эле замат канкимди тагынып, болочок «жеңеме» зымырадым. Кышкысын Чоң-Нарын суусу тоңуп, көк жылгаяк музга айланып калуучу. Канким Самсага жеткирди. Сагынычтын азабынанбы, катты окуп жатканда эженин көзүнөн тамган жаш кагаз бетин кадимкидей сууга чылап салды. Тилекке каршы, бул кубанычтуу учур ушуну менен биротоло үзүлгөнсүдү. Почточу байкени бир көрүүгө зарбыз. Самса эже бир баладан мени чакыртып жибериптир, колумда катым жок куру бардым. Аны билип турса да суроо салды:

– Кат келдиби байкеңен?

Мен амалсыз баш чайкадым. Кыз солуктап ыйлап жатат, бир кезде:

– Алып кетчи, берекем, мени алып кетчи, – деди.

– Кайда алып кетейин, эже. Байкем үйдө жок эмеспи...

– Мени күйөөгө бергени жатышат. Көз жазгырып кетпесем, байкеңден ажырап калбайынбы. Силердин үйгө барып, баш калкалап турайын. Эң кур дегенде, байкеңдин тебетейин жыттасам, кусам басаңдап калар.

Эркектана эмесминби:

– Кана кеттик, – депмин кызды колдон алып.

Түн жамынып, күрткү жиреп отуруп, биздин короого келдик. Терезесине кийиз чапталган согумдун эттери сакталчу караңгы муздак тамга кирдик. Тиги бурчтагы жыйылган боз үйдүн туурдугун чечип, оронуп жатмак болгондо:

– Кой садагасы, сен үйгө бара бер, ата-энең издеп калышпасын? – деп бетимден өөп, кете берүүмдү суранды.

– Караңгы ээн тамда коркпойсуңбу, эже?..

Кызды аяп, ичтен сыздап, ыйлап жиберүүгө даяр турам.

– Коркпойм садагасы, туурдукка оронуп жатып алам, бара кой, – деп мени жолго салды.

Үйгө кирдим. Жүрөгүмө тамак барбайт. Кирпик какпай таң атырдым. Эрте туруп бөтөлкөгө жарма куюп, тасмалга бир тоголок эт, нан ороп, Самсага киргизип берип, мектепке каңгыдым. Партада отурганым болбосо, мугалимдин сабагы кулак кырынан кетип жатты. Ой-санаам караңгы тамда камалып жаткан болочок жеңемде. Азап-тозокту алтын башына үйүп алып, куу жанын кууратып жаткан «ашыглык» жоругуна акылым жетпейт. Көрсө, чыныгы сүйүү кордук менен коркунучка, өлүм менен өксүккө кайыл, өктөмү күч өжөр нерсе экенин кийин баамдадым.

Мектепте сабакты таштап, Самса жеңеге чуркайм. Саман ташып, алдын жылуулайм. Байкемдин төшөнчү-орунчусун, баш кийимин да жымырып алып келип бергем. Тамак-ашы жетиштүү… Бир аптача окуя ушул ыргакта өтүп жатты. Күндөрдүн биринде: «Минтип жата бергеним жарабас. Менин бул жерде экенимди апама билдир. Болгон окуяны түгөлү менен кабарлап айт, садагасы» – деди Самса эже. Ошол замат чуркап келип, апамдын кулагына айтылгандарды шыбырадым:

– Апа, байкемдин сүйлөшкөн кызын бир жумадан бери муздак тамда багып жатам. Үйгө чакырып алсак кантет?.. – андан ары айта албадым, аптыгып кеттим, ыйлап жибердим. Апам абышкасынын атын тергечү:

– Ай дейм, мабу «жиндиңде» бир кеп бар экен, угуп көрчү, – деп калды.

– Ии, беркелчи, балам, кана айтчы, ал кандай кеп?

Атамдын суроосуна жооп кайтара албай бышактап ыйлап турам. Иштин төркүнүнө түшүнгөн атам бир азга ойлонуп туруп, кагаз-карандашын алдырып, бир нече кишилердин аты-жөнүн тизмелеп:

– Ушуларды чакырып кел, – деп жумшады. Буйрукту орундап үйгө кирсем, Самса келин болуп небак көшөгөдө отуруп калыптыр. Дасторкон толо жаңы бышырылган боорсок, казанда эт кайнап жатат.

Курманбай деген атамдын курдашы бар эле. Үйгө кирип, көшөгөнү көрүп чочуп кетти:

– Ой, Кыдырназар, «Коңшу кут болсун!» дейин десем, балаң аскерде, кийинкилери али балапан жөжөлөр. Эми эмне десем?..

Эки курбунун азил-тамашасына удаа чакырган адамдар да келип, дасторкон тегерегинен орун алышты. Кеп-кеңештерин ортого салышты.

Атам сөз баштады:

– Өзүңөр билесиңер агайындар, Асанкожо уулуңар аскерде, от кечип ок кечип жүрөт. Бу жинди (мени көрсөттү) «жеңесин» ээрчитип келиптир, кандай кылабыз? Кеңешиңерди бергиле.

– Ой Кыдырназар, эшик алдына келген жолбун итке деле сөөк ыргытчу эмес беле кыргыздар. Үйүңө кара башыл адам кирип жатат, келиниң болуп калгысы бардыр, көшөгөсү көгөрсүн, о-омийин, аллоху акбар!.. – деп, бата берип, келгендер тарап кетишти.

Самса жеңе менен Асанкожо абама сыртынан нике кыйылып, Самса жеңе келин болуп жүгүнүп, үйдө отуруп кала берди. 1942-жыл. Кара жолтой «кара кагаз» айылдын аяк-башын аралай чаап, каттамы күчөгөндөн күчөп бараткан кез. Караан калган «кара кагаз» бирөөлөрдү жаш жубайынан ажыратып, жесир калтырып, боордошторду боздотуп, айылдаштарды арманга батырып жатты. Ак кепиндеп, аруу жууп, сөөк жашыруу жок, тээ алыскы арбактарга сыртынан аза күтүүдөн өткөн азап бар бекен жарык дүйнөдө?..

1942-жылы Асанкожо абама адрестелген «кара кагаз» биздин үйгө да келип жетти. Ак никесин акмалап, ашыгын күтүп, ара жолдо баш калкалап жүргөн Самса кыз үчүн «кара кагаздын» келиши чон калаба болду. Ак тилеги таш каап, илгери үмүтү үзүлүп, үшкүрүк-ыйга толду. Эл чогулуп келип, атама уулун угузду. Арзыганына жетпей, ара жолдо калган арсар сүйүүнүн азабы бир тең… Бечара кыз кантсин, бетин олуп ыргытып «келин» каадасын кылды. Өлбөгөн жанга жаз келди. Эл жайлоого көчө баштаган. Атам да мал-салын айдап өр талашты. Жүк жүктөгөн кара нарды жетелеп, кара бээни минип, кара салынып көчтүн алдына түшкөн

Самса жеңе көч козголгондон арман-кошок обонун созду. Самса жеңени жандай мен да келатам. Арзып сүйгөн жигитин ажалга жулдуруп жиберген бечаранын ошондогу кошогу өмүр бою кулагымда калыптыр.

Москвада окуп жүрөм. Жатсам-турсам комузум колумда. Жолбун кайрыктар жортуп, кыл мукамы кыялымды кытыгылап, жан дүйнөмдө күү жаратуу ынтызарлыгы бар. Буроодон буроо издейм. Үстүңкү кылды бошотом, жаңы толгоо. Илип тартам кылдарды сейрек чертип, жумшак илеп, жугумдуу доош… Ага уйкаш алдыңкы кыл да эгиздин түгөйүндөй эп келишип, «жаңы күүгө жарайм, мен даярмын» дегенсийт минордук муңайым угум. Кылдар кыймылга кирет. Бейтааныш, жүрөк тербеген муңайым ыргактар… Тээ алыста эстен чыгып бараткан элестерден шоокум берип, көч коштогон кошокту коштоп жаткансыйт. Эстедим… өкүттө өксүктө жаш жанын кыйнаган капкынчы жылдардагы Самсанын көч үстүндөгү кошогу…

Комузум менен сырдашам: өткөн иш өтөр, бирок, тарыхта тагы кала берер. Кан күйгөн согуштагы каргашалуу кара жолтой «кара кагаздардын» касырет муңу канткенде унут калсын?! Ушул тапта урпактар десине аны ким салмак? Аны кыргыз баласы мен айтпасам, аны кыргыз комузу сен айтпасаң… ким айтат?

«Кыргыз көчүн» 1953-жылы баштап, 1963-жылы 10 жыл иштеп, дүмбүлү жок бышырдым го» деген ишенимде Композиторлор бирлигине келип, үн тасмага жазып алууларын өтүндүм. Композиторлор бирлигин анда ыраматылык Абдылас Малдыбаев башкарчу. Абыкем күүнү угуп көрүп:

– Тиги бөлмөдө Феферман деген кишиге барчы, – деди.

Феферманга кирип, өтүнүч талабымды билдирдим. Күүнү угуп көрүп:

– Это не мелодия, просто-напросто попурий, – дебеспи Феферман.

Он жыл тынбай иштеген эмгегим кокондуктун 5 тыйынына татыбай калганына шагым сынып, күү жаратам деген демөөрүм сууп, илгери үмүтүм үзүлүп ара жолдо калгансыган аянычтуу абалымды азыр айтып бере албасмын.

Күндөрдүн биринде санаалаштарымдын бири кеңеш берди:

– Асаке, бул күүнү радиого жаздыргын, угармандар өздөрү сынасын!

Ошентип, «Кыргыз көчү» эфир толкунунда жаңырды. Тез эле, калайык калктын жылуу кабылдоосуна өтүп, комуз өнөрүндөгү эң угумдуу да, жугумдуу да күүлөрдүн катарынан орун алды. Сөз кезеги келди көрүнөт, айта кетейин. Кийин Композиторлор бирлигинде өткөн бир жыйында ичтеги бугумду төгүп салбадымбы.

– Бу композитор дегениңер өз арбайын гана согот көрүнөт. Же аны уккан эл жок. Элдик ыр-күүлөргө ыкылас кылышпайт. Жаман көрсөңөр жармаңарды бербей койгула. «Улутчул» десеңер өз эркиңер. Кылымдап чертилип келген кыргыздын кара күүсүнө кайдагы еврейди сынчы кылып коюпсуңар. Мына, Феферман дегениңер «Кыргыз көчүн» кылым теңине албай «мелодиялыктан» чыгарып салды, катыгүн!..

Кандан-бектен кайра тартпаган, жойпулукка жолобогон, көшөкөрлүктү көөнүнө илбеген, оюндагысы оозунда, өткүр мүнөз шар жүргөн Асанбек Кыдырназаровдун асыл мүнөзү, албетте, көзү сокур көөдөнү туюк, кара таруу айланбас, ичи тар бийлик адамдарына ийнедей сайылган. Мансабына манчыркаган арампөөш жетекчи сөрөйлөр Асакемди сүйгөн кесибинен ажыратып, чүнчүтүп, басынтып, сыртынан табалап турушкан. Мындай караөзгөй карасанатайлык көптүн бири көр пендеге багытталса, анчалык өкүнбөйт элек. «Кыргыз көчүндөй» улуу чыгарманы жараткан кайталангыс таланттын чыгармачыл дараметине доо кетирип, кыргыздын улуттук рухуна түкүрүп салган текебер тентектердин жоругуна тери кайышарын айтпаска чара жок.

Театр сынчысы Жаныш Кулманбетовдун жан кейитер өкүнүчүн кошумчалай кетели: «Асанбек Кыдырназар уулунун сөөгү өзү иштеп кеткен Кыргыз драма театрынын ирегесинен чыкпай, эли-журттун сүйүктүү уулу менен өнөрпоздор коштошо албай залкар талантка театрдын директору А. Керимбаев, ичкүйдү артист С. Далбаев кас душманча мамиле жасабадыбы, арман күн!.. Таланттын баркына жеткен мезгил да келер. Өнөр ээлерин кудайындай пир туткан келечек муун да өсүп жетилер. Ошондо «Кыргыз көчүн» жараткан таланттын мүрзөсүн «Ала-Арча көрүстөнүнөн» издеп убара бочулар да чыгар. Ошондо алардын наараызылыгы, өкүнүчү, өкүмү замандаштарына, бийлик эгелерине да айтылар… Бир нерсеге канием кылсак болот. Залкар талантын артында калган эмгеги эч качан көөнөрбөйт. Ал эми бул таланттын портретин толуктап, тактап кийинки муундарга калтыруу – ар намыстуу атуулдардын ыйык милдети» («КМ» гезитинен).

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кыргыз көчү» | 3171 | 3'35 | Асанбек Кыдырназаров |
| 2. | «Кыргыз көчү» | 8936 | 3'50 | Акимкан Сыдыков |
| 3. | «Кыргыз көчү» | М.742 | 4'00 | Самара Токтакунова |

## Жаңы марш

Оркестрде ойнолгон «Марш» кайрыктарынын алдында сап-сап тизилип кадам шилтеген параддык жүрүштөр жоокерлер жолдомосу экенин жакшы билебиз. Ошондой эле аспаптык чыгармалардагы салтанат кайрыктар күү тематикасын байытууда белгилүү өлчөмдө роль ойной баштаганына да күбөбүз. Радионун «Алтын казынасына» алынган: «Марш күү», «Парад маршы», «Жаштар маршы», «Дагстан маршы», «Марш»… күүлөргө танапташ байыркынын «Камбаркандары» бүгүн «Марш камбарканга» жаңыланып, тематикалык ачылыштарды алдыга тартып жаткандыгын жаңычылдыктын жышааны катары бааланат. Кеп кезегин Ата мекенди коргой турган жоокерлердин марштык жүрүштөрүнө бурсак. Кытай, кыргыз радиосуна ондогон күүлөрдү, алардын ичинде биз сөз кыла турган «Жаңы марш» аттуу жагымдуу кайрыктарды жаздырып, алдыңкы муундарга аманат мурас калтырып кеткен Асаналы Кыштообаевдин өмүрү-чыгармачылыгы жагдайында учкай баян берели: Асаналы комузчу менен 1979-жылы Ысык-Көл обл. Түп району, Сары-Тологой айылына барып, аңгеме-дүкөн курган учурум болгон. Аксакал чикерттеп төшөктө экен, оорулуу адамды мен да кыйнабадым, «аттиң ай!» деп ичтен сызып кете бердим.

Кийин, 1991-жылы комузчунун уулу Турганжан менен кездешип, кенен-чонон сыр тартышкан элем. Ата кесибин аркалаган комузчулардын бири Турганжан Түп райондук маданият бөлүмүндө эмгектенет. Анын айтымында, Асаналы 1894-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу районунун Шапак айылында туулган. 8 жашында Жети-Өгүздүн Желе-Дөбө айлындагы Рысбек деген чоң

молдого окууга беришет. 3 жыл окуп, арабча кат таанып, куран сүүрөлөрүн жатка үйрөнүп, айлына келет. Жети жашынан комуз үйрөнүүгө ынтызарлыгы артат. 16-17 жашында залкар комузчу Ыбырай менен таанышып, таалим тарбия алган. 1916-жылкы Үркүндө Кыштообайдын үй-бүлөсү Кытай жерине оойт. 1917-жылы төңкөрүштөн кийин кыргыздар мекенине кайтканда Кыштообайдын үй-бүлөсү Кытайда кала берген. Ал жерде Асаналы комузчулук кесипти гана аркалабастан, жыгаччылык, темирчилик өнөрдүн да өтөсүнө чыгып, куш салып, тайган агытып, мергенчиликке шыгы артылат. Иле, Текес, Кашгар областтарын («үч олуяттын») өздүк көркөм чыгармачылык короолорунда активдүү катышуучу катары алдыңкы байгелерге ээ болуп Текес жергесинде залкар комузчу аталып, элге таанылат. Шинжандагы Чыгыш Түркстан республикасынын колбашчысы генерал Ысакбек Мони уулу Асаналынын комузчулугун урматтоо менен нечен баалуу белектерди тартуулаган.

1962-жылы Союзга келе бердик, – дейт маектешим Турганжан, – атамдын өнөрү бул жакта да жогору бааланып, радиого күүлөрүн жаздырып алышкан. Өлөрдөн эки жыл мурун 1978-жылы кинорежиссер Шайымбек Апылов атамды Ошко алпарып, «Кыйыр» деген телефильмге тартып алган. 1988-жылы Кытай Эл Республикасына 3 айга барып келдим. Аякта да баш-аягы 112 күүсү радио тасмасына жазылыптыр. Эми «Жаңы марш» күүсүнүн жаралыш тарыхына өтөйүн: Атам Иле, Текес, Кашкар областтарынын өздүк-көркөм чыгармачыл кароосуна дайыма катышып турчу. 1940-жылы (СССР менен чектеш) Сүмбө чек арасына жакын Текес дарыясынын Балыкты деген жеринде генерал Ысхакбектин дивизиясы жайгашып, 2-3 ай бою жайкы машыгууларды өткөрүшкөн. Бул жерге элдик өнөрпоздордун топтору кезек-кезеги менен келип, жоокерлерге концерт коюп беришчү. Аны салтка айландырып алышкан. Атам бул концерттин катышуучуларынын башында турган. 1947-жылы бир чоң концерте, атамды 5 жолу сахнага чакырышып, өтө кызыгуу менен күүлөрүн угушат. Концерттин соңунда генерал Ысхакбек атамды өзүнүн резиденциясына чакырып, бир канча күн чоогуу болууну өтүнөт.

– Өнөрүңө баракелде, молдоке, – дейт генерал. – Сизге дагы бир милдет жүктөгүм келип туру. Үйүңүзгө кайткыча, жоокерлерге арнап, бир күү чыгара алар бекенсиз?

– Аракет кылып көрөйүн...– атам сунушту кабыл.

Бир айга жакын аскер казармасында атайын бөлүнгөн бөлмөдө жашап, жоокерлердин турмушу менен жакындан таанышат. Көргөндөрүн көңүлүнө түйүп, күн тыным, түн уйкудан кечип, күү чыгаруу түйшүгүн баштан өткөрөт. «Күү жаралып бүттү го» дегенде генералга келип: «Сиздин өтүнүч аткарылды» – дейт.

Күүдөгү аскердик оркестрде ойноло турган «Марш» кайрыктарды жаземдебей баамдаган генерал:

– Жакында заман өзгөрөт, жаңы өкмөт келет. Эзилген Чыгыш Түркстан республикасында эркиндиктин туусу желбирейт. Ошондо жеңишчил жоокерлерибиз ушул «Жаңы марш» музыкасынын коштоосу астында кадам шилтейт. Күү ошол жеңишчил жүрүштөрдүн күбөсү болсун! – деп, кубанычы койнуна батпай салтанаттуу сөз сүйлөйт генерал. Эртеси эле үн күчөткүчтөрдө жер жаңырткан «Жаңы марш» күүсү алдында сапка тизилген миңдеген жоокерлер салтанат менен кароодон өтүшкөн.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жаңы марш» | 2612 | 4’39 | Асаналы Кыштообаев |
| 2. | «Марш» | 9045 | 2’26 | Ыбырай Туманов |
| 3. | «Марш күү» | 2993 | 3’43 | Шекербек Шеркулов |
| 4. | «Парад маршы» | 363 б | 2’50 | Ыбырай Туманов |
| 5. | «Марш күү» | 2364 | 1’15 | Усубалы Казаков |
| 6. | «Марш күү» | М.319 | 130 | Муса Молдоканов |
| 7. | «Түрк маршы» | 8008 | 1’07 | Самсалы Аликеев |
| 8. | «Дагстан маршы» | 3739 | 2’54 | Асанбай Каримов |
| 9. | «Жаштар маршы» | 3133 | 1’54 | Абар Абдраимов |

## Жыргал күн

Чыгармачылыктын чыныгы изине түшүп, кынуусун алууга дилгирленген адистер көр-турмуштун көйгөйүнөн өзүн оолак кармашат. Учу-түбү белгисиз мухит деңизинде калкыган андайлар автордук «мендин» артынан сая түшүп, аалам кезген календер сымал кайыгып кетмейи бар. Ыбырай кайрыгы кооз калбаат күүсүн өзү өмүр өтөп жаткан «Жыргал күнгө» арнаган.

Карамолдонун «Шайыр камбарканын», Бектур Осмоновдун «Салтанат шыңгырамасын», Эркесарынын «Жыргал күүсүн», Үмөт Маамыт уулунун «Кубанган турмушун»... өткөндү идеализациялоо катары карай алабызбы? Бул суроого музыка изилдөөчү Көпбай Күмүшалиевдин жообун ортого тарталы: «Ыбырайдын күүлөрү, анын ичинде «Жыргал күн» концерттик программалар аркылуу күнү бүгүн эфирде кеңири аткарылып жатканы белгилүү. Тумановдун күү чертүүсү Карамолдого, Атайга ж.б. комузчуларга окшобогон өзүнө гана таандык аткаруучулук чебердиги менен бааланган. Ушул жөнүндө анын «Жыргал күн» деген күүсүнүн чертилишине көңүл буралы. Бул күү аркылуу комузчу советтик адамдардын шаттыкка, жыргалга бөлөнгөндүгүн көз алдыга келтирет. Күүнү аткарганда кылды терип чымчып чертет. Күүдө көп үндүү мелодиялар чагылдырылган. Бир мелодиядан экинчи мелодияга өтүүдө угуп отурган кишилердин жүрөгүн элжиреткен элдик назик обондордун мотиви кулакка тартылат. Комузчунун ою терең, мазмуну кең». («Залкар таланттар» 124-бет).

Ырас, комуз өнөрүндө «Ыбырайдын мектеби» деген бар. Анын күүлөрүн кайырууга далалаттангандар жетишерлик. Бирок, «Жыргал күнгө» тиш салуучулар саналуу гана». Музыковед В. Виноградовдон жооп издейли: «...Ооба, ал өзүнүн көңүлүндөгүдөй чыккан ыкмалары менен таң калтырууну жактыра турган. Андай ыкмаларга баарыдан мурда, биз айтып өткөн флажолеттер кирет. Алар да башка комузчуларга караганда Ыбырайда көбүрөөк кезиге турган, ал эми кээ бир күүлөрүндө үстөмдүк кылуучу. Маселен, «Жаш тилектен» бүтүндөй бир бөлүкчөлөр флажолеттерге негизделген.

Бул ыкма «Жыргал күн» күүсүндө андан да эффективдүү, андан да түркүн түрдүү колдонулат. Мында тунук суу тамчыларынан пайда болгон добуш сыяктуу флажолеттик бийик добуш экинчи жана үчүнчү октаваларда (бас болуп чыккан) кичине октава күү менен

салыштырылат. Акырында күү бүтүн бойдон бийик регистирге көтөрүлөт, флажолеттер аркылуу кайталанат, анан капысынан эле мажордук тетрахордун биринен экинчисине өтөт». Виноградовдогу бул ойду Б. В. Феферман мындайча улайт: «...бул күүдө автор флажолеттерди кеңири жана көп жактуу пайдаланып, комуздун диапазонун бир кыйла кеңейткен».

Ыбырайга замандаш жашап, бирге кызмат өтөгөн мезгилдин чыгаан устаздарынын бири Чалагыз Ыйманкулов да «Жыргал күнгө» жылуу мамиле жасап, андагы артыкчылык шыкка суктанганы бар: «Карамолдого катарлаш комузчулардын бири Туманов Ыбырай. Ал өз таланты менен бир канча сонун күүлөрдү чыгарды. Ошолордун арасынан «Жыргал күн» аттуу күүсү эң бир жакшы. Ал күүнү ушул күнгө чейин эч бир комузчулар өздөштүрө алган жок. «Жыргал күндү» автордун өзүнүн аткаруусунда радиодон бергенде гана берилип угуп, моокумуң канат» («Өмүр элестери» китебинен).

Көптөгөн күү сынактарынын жеңүүчүсү, күүгерлик жөндөмгө эгедер Намазбек Уралиевдин да «Жыргал күнгө» жылуу пикири көңүлдө: «Мен Ыбырай-ата менен жакындан таанышып, комуз чертүүдөгү ыкмаларын баамдай албай калганыма өкүнөм. Бул кишинин «Жыргал күн» күүсүн магнит тасмасына жаздырып алып үйрөнүүгө куштарландым. Бирок, буроосун таппай бир эки жылча чайналганымды айтпаңыз. Акыры изденүүнүн үзүрү болду окшойт, комуздагы бул жаңы толгоо жарыкка чыкты. «Жыргал күн» – комуздагы өтө татаал күү, ошол себептүү көрүнгөн комузчулардын ага тиши өтө бербейт» – дейт Намазбек.

1936-жылы Эл чыгармачылыгынын бүткүл Кыргызстандык Биринчи Олимпиадасынын соңунда борбордо алгачкы филармония, театрлар ачылган. Ага элет жеринен келген эл шайырлары топтолуп, мамлекеттик камкордук алдында улуттук музыкалык маданиятты өнүктүрүүгө белсенип кирише башташкан. «Октөбүр», «Ленин», «Компартия», «Мекен», «Эл достугу», «Эмгек» темалары менен бир катарда элдин маданий-материалдык турмуш тирлигиндеги жаңылыктар бейпилчилик жашоонун күбөсү катары бааланып, мурдагы муңайым кайрыктар салтанаттуу кайрыктарга тизилип, «Гүл турмушту», «Жыргал күндү» даңазалоого багытталган.

Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жыргал күн» | М.599 | 3'32 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Жыргал күн» | 3360 | 2'18 | Эркесары Бекбасаров |
| 3. | «Жыргал күн» | 6555 | 3'40 | Эшманбет Молдокулов |
| 4. | «Жыргал күн» | 8850 | 4'32 | Намазбек Уралиев |

**Жүрөк толкуйт**

1958-жылы Москвада кыргыз адабияты жана искусствосунун 2-Декадасы өттү. Кыргыз өнөр чеберлеринин чыгармачылык отчету искусство күйөрмандарынын купулуна толуп, зор ийгиликтерди жаратты. Декаданын алдында Шекербек Шеркулов өзүнүн «Жүрөк толкуйт» аттуу күүсүн жараткан. Бул күүнү эки жыл бою жасап-түзөп иштеп чыгып, күү устаттары Карамолдо, Ыбырайдын сынагынан өткөргөн. Бирок министр аялдын түшүнбөстүгүнөн Декадага барбай калган.

«Атай менден эки жашча улуу эле. Өмүрдө эки жаштын деле анча айырмасы болбойт эмеспи, ыраматылык Атай менен теңтушча өстүк, – дейт эсил Шекең, – илгери Атай деле кол ойнотпой чертчү. «Жаңы заманда» жаңыча техника жаратып, күүнү кол ойното коprojдоп чертишибиз керек, Шекербек, – деп калуучу. Атакең комуз черткенде колу турумтайдай ойноктоп, кылга илинбей, кайрыктар калыбынан жазбай, бир башкача түргө түшүп кетүүчү. Москвага барганда жанына бычакты таштап коюп, жамы угармандарды таң калтырды го өнөрүнө. Мен да «Жүрөк толкуйтту» көрөрмандарга тартуулаганда кол ойнотуу ыкмаларынан кошконум бар...».

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Жүрөк толкуйт» | 513 | 4'00 | Шекербек Шеркулов |
| 2. | «Жүрөк толкуйт» | 5443 | 4'06 | Нурак Абдракманов |
| 3. | «Жүрөк толкуйт» | 5311 | 4'05 | Нышан Жээнтаев |

## Космонавт

Космоско учуу доору Советтер өлкөсүндө 1957-жылы 4-октябрда Жердин жасалма жандоочун учуруудан башталды. Кылымдар кыялда гана жашап келген «жылдыздарга саякат» чындыкка айланып, Ю. Гагарин башкарган корабль Жер алкагын 1961-жылы 12-апрелде 1 саат 48 мүнөт кыдырып чыкты. Биз космос жетишкендигин алыбыздын келишинче даңазалап келебиз. XX-XXI кылым илимий техниканын эң карама-каршылыктуу доорун тартуулап жатканын көз менен көрүп, жонубуз менен сезип жатабыз. Табияттан алган эң кубаттуу энергия адам турмушунда өлчөөсүз өнүгүүлөрдү жаратары шексиз, ошол эле учурда жер планетасында жашоону токтотуп коер кыйраткыч өбөлгөлөрдү түзөөрүн да эске ала жүргөнүбүз абзел. Байыркы индустардын философиясында жерди космос менен байланыштырып турган көпүрө – адам дешкен. Аны ишке ашыруунун куралы акыйкатта. Акыйкаттын негизи деп, атпай кыргыз журту айкөл Манаска ишенишкен.

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй,
Асмандагы Ай, Күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй.
Алды калың кара Жер,
Манаска жердигинен түткөндөй...

Космос – адам – жер бир бүтүндүккө ширелген жалпы күч. Ал күч акыйкаттыктын алкагында Адамзат коомунун бирдигин түзө алса гана космос биздин колубузда болмок. Кыскартып айтканда 1960-жылдардагы космосттук ачылыштардан улам кыргыз музыкасында бул тема айтарлык арыш алган. Эл акыны Сүйүнбай Эралиев:

Байтал сүтүн шимирип,
Баш айланып... чимирик...

Учуп чыктым асманга,
Итим калды бир үрүп... –

деп, ааламга кайрылып жар салган.

Комуз өнөрүндө алп Ыбырай жаңы турмуштун жарчысы катары комуз кылын космоско карай буроого салып, «Космонавт» кабарын коомчулукка сунуштаган.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Космонавт» | 2139 | 3'22 | Ыбырай Туманов |
| 2. | «Космос жазы» | | | Абдрасул Осмонов (Композиторлор бирлигинде жаздырган күү) |

## Кайра куруу

Өнөр даарыган таланттар өлкөдөгү өзгөрүштөргө, коомдогу козголуштарга кайдыгер карап тура алышпайт. Ал жаңылыктардын бири – 1985-1991-жылдардагы өлкөдө жүргөн «Кайра куруу» шарданы. Бул темада 1987-жылы комузчу Эшманбет Молдокулов күү жараткан. Күүнү радионун музыкалык «Алтын казнасына» өткөргөнү барып, анын жаралыш жагдайы жөнүндөгү ойлорун да ортого салган: «Эркиндик! Демократия! Не деген аруу тилек, асыл максаттар!? «Дөөлөт тоголок, бакыт – сыйгалак» дешет. Аны кармап калуу оңойго турбас. «Кайра куруу» шарапаты деле ушул жакшы тилек, ой-максатта жарыя салынган. Көчөттү сайып коюш оңой, аны бага билишиң кажет. Андай шартта көчөт бүрдөйт, гүлдөйт, өсөт, түшүм берет. Коомдук түзүлүштүн алмашуу аралыгындагы «өтмөлүктүн» өтөлгөсү, өксүгү жөнүндө сөз болгондо ошол көчөткө салыштырган мамиле керек. «Өтмөлүктүн» жүгү канчалык оор болсо аны көтөрө билиш тозогу да ошончолук. Ачыгын айтсак, «өтмөлүктүн» өтөлгөсү жетекчилердин иш билгилигине көбүрөөк көз каранды. Эски менен жаңынын ортолугундагы оош-кыйыш, оомал-төкмөл дүйнө чиркинди толгон-токой машакаттар тооруп

алмайы да бар эмеспи. Башчылары жарашса, жоктон бар жаралат, жетесиз жетекчилерге күнүң түшсө колуңдагыны жулдурасың. «Кайра куруу» шарапатын так ушул тараза ташы менен салмакташ абзел. Мына ушул ой бүтүмүн комуз күүсү сунуштайт.

Күүчүлөрдүн дагы бири Нурак Абдракманов: «Күүчүлдүк өнөр жаатында чыгарма жаратуу үчүн өзү жашаган доордун ургаалдуу учурларына көз чаптырып, аны музыка тили менен угармандар дилине сиңире алышыбыз кажет. Мен деле ошол салтты жетекке алып мезгилдин күрөө тамырында удургуган турмуштук өзгөрүүлөрдөн улам, күйөрмандарымдын таламын күүдөн табууга аракеттенип келем. Жаратмандык, албетте, талантка таңсык. Ар кайрыкта айкын ой кылактап турууга тийиш. Ошондой кайрыктардын бирин «Заман жаңырыгы», же «Кайра куруу» атадым» деген.

Бийлик башында отургандар карапайым калк менен камыр-жумур ымалага келише алганда, ийри отуруп, түз кеңешип баарлаша алганда, бир дасторкондон даамды бөлө жешип, ачына айланып, тогуна толгоно алганда, «коррупция» деген кокуюң коломтого ыргытылып, «өтмөлүктүн өксүгү» өпкө боорду мынчалык мыжыга алмак эмес. Андай кырдаалда калайык калк тегиз «базар экономикасын» багынтууга жалпы аттанып, «кайра курууга» жасалган кадамынан жаңылмак эмес.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кайра куруу» | 6553 | 3'20 | Эшманбет Молдоканов |
| 2. | «Жаңы заман гүлдөсүн» | 9376 | 4'48 | Асаналы Кыштообаев |

## Миң жылдык

1996-жылдын күз айы. «Айчүрөк» дүр-дүйнө дүкөнүнүн алдынан комузчу Намазбек Уралиев менен кездешип калдым. Кучак жая көрүшүп, аманчылыкты сураштык. Эл кым-куут... Жай-

баракат отуруп баарлашып, сагынычты таратсак деген максатта шаардын чыгыш тарабындагы «Туңгуч» кичи районунда жашаган кызым Жылдыздын үйүнө келдик. Жайланышып отуруп, комузга да кезек оодардык. Күүчүлөрдүн адаты го: алгач чертмектин сырт келбетине көз чаптырып, андан үч кылды кыңгырата сынактан өткөрмөй. Сынак ордунан чыкса, комуз кулагын буроого алып, керектүү күүгө кезек бермей. Күү устатынын адаты, адегенде кайрыктардын ана башы – «Насыйкатты» сайратып, Карамолдо өнөрүнөн кабар бермей. Жан жыргата Ыбыкемдин «Жаш тилеги» чертилип, соңунан залкарлардан калган мурастарга кезек бермей. Акырында гана өзү жараткан күүлөргө өтмөй.

– 1995-жылы «Манас – 1000» маарекесине катыштым, – деп сөзүн баштады Намазбек, – бул иш-чараны эли-журтубуздун эртеңи үчүн жакшылыктын жышааны десем жарашар. Ынтымак кешигибиздин кеңейишине, пейлибиздин оңолушуна, өлкөбүздө бейпилдик турмуштун орношуна жолдомо болсо деген тилекте ушул күүнү жаратып, аталышы «Миң жылдык» дегенге токтолдум. Арийне, чыгармачыл ынтызарлык коомдогу өзгөрүүлөргө, жаңылыктарга кош көңүл карабастан, ага карата өзүнүн оң же терс мамилесин билдирүүгө байланышат эмеспи. Мен деле маданий бул иш чарага кош көңүл калгым келбеди. Ушул күүм аркылуу ага үн кошсом дедим.

Намазбек кезекти комуз күүсүнө өткөрдү. Жан сергиткен салтанаттуу, сабырдуу кайрыктар, жүрөк тербеген ыргактар… Угарман катары ойго батам. «Манас – 1000» сыяктуу маараке журтубуздун эртеңи үчүн жакшылыктын жышааны. Аспап чеберлеринин алмуздактан келаткан салты – ар кандай жаңылыктарды жакшылыкка багыштап, ага үн кошуу. Билгенге, кылымдарды камтыган кыргыз тарыхын кыргыз комузу ачыкка чыгарып, атпай журтчулукка кабарлай келгендигин кепке алсак, минтип, миң жылдар соңунан «Миң жылдык» аттуу жаңы күү көз жарып жатпайбы. Күүдө эркиндик үчүн жан кыйган эрендердин: Манас атанын, Каныкей эненин, Бакай бабанын, Кыргыл чалдын, кырк чоронун арбактары көз алдыга тартылып, карт тарых тарыйкасы баракталып жатпайбы. «Миң жылдык» маарекеси комуз күүсүндө ушундайча маалымдалды.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Миң жылдык» | 8846 | 4'03 | Намазбек Уралиев |

## Элдик революция

Алты айлап асылган оору менен алышып, 80ди таяп калган кошунам Мырзабек карыя 24-марттагы Элдик революциянын жеңишин теледен угар замат төшөгүнөн ыргып туруп, «сүйүнчүлөп» мага чуркап келиптир. Өнөкөт дартты (инфаркт – жүрөк оорусу) сасык тумоо сагаалап, илең-салаң жүргөн мени да «сүйүнчү» кабары эликтей тургузду. Заматта жакшы санаалаш коңшу-колоңдорго үй ичи толуп кетти. «Ак үй бийлиги алмашты», «Акайчылар качты!..». Тарых санатына сап – бул жаңылыкты карапайым калк ушунчалык эңсеп күтүшкөн дейсиз, «эми эмне болор экен?» дешип, КТР экранынан көзүн албай «кабарга» карк болуп жыргап отурушту.

«Элдик революция» барагы ачылганына апталар ала салып, айлар биринен сала бири алмашып, жыл эсеби 2005 тен 2010 го оошуп, мезгил агымы өтүп барат зымырап… 24-март – элдик революциянын урматына маданият ишмерлери «Эл ичи – өнөр кенчи» аттуу республикалык деңгээлде кароо-сынак өткөрүүгө да үлгүрүштү. Аксы элинен карыя комузчу Асанбек Жуматаев жаңы эле жараткан «Элдик төңкөрүш» аттуу күүсүн калыстар баамына коюп, замана, коом, турмуштагы бул жаңыланууга жакшы тилегин кыл кайрыгында журтчулукка кабарлай тургандыгын билдирди. Муну менен «Элдик революция» күү тарыхынын дагы бир барагын ачып, өнөр өрүшүнө өз изин салгандыгы белгилүү.

24-март 2005-жыл. Таң эрте калкамандаган калайык Ак үйгө карай агылууда. Ак үй тараптан атайын даярдалган ак шапкечендер элдин алдын тосмолоп, аз өтпөй качырып да сала беришти. Асманда таш жаап… акаевчилер – оппозициячылар ортолугу оодарыш-тартыш кармаштарга өтүп, эки жээктеги эрөөл таймашы күч алып барат. Ак шапкечендер артка чегинип, Ак үй аралык темир тосмо да колго алынды. Ак үйгө жол ачылды.

7-кабатка жеткендер революция жеңишин жар салышты. Элдик төңкөрүш даңкталды, өкмөт жетекчилигине Курманбек Бакиев тандалды. Феликс Кулов түрмөдөн чыгарылып, көпчүлүккө аралашты... Мезгил өз ылдамдыгында өтүп жатыры. Алдыда дагы канча турмуш сынагы бар? Азырынча «Революциянын боосу бек болсун» дей туралы. Тарыхтын тангыс күбөсүнө айланган комуз күүлөрүндөгү жаңы табылга – «Революция кайрыктары», а да болсо улуттук музыкабыздын кенч байлыгы.

«Алтын казынада»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Элдик революция» | – | – | Асанбек Жуматаев |

# КИТЕПТИН АВТОРУНА АРНООЛОР

## «КҮҮ БАЯНЫ» ЭМГЕГИҢ

Ырахмат айтам мен сага,
Кайбылдаев Асаным.
Карап турсам өмүрдө,
Жетимиш жашты жашадың.
Кандай деп айтсам эп болор?
Бир – укмуштай ишти жасадың.

Калкын бийлеп башкарган,
Кандар өткөн дүйнөдөн.
Катар – катар тамдарды,
Салган өткөн дүйнөдөн.
Алтын, күмүш, зергерди,
Алган өткөн дүйнөдөн.
Ал эми сенин өнөрүң,
Артыкча байлык эмеспи,
Ага, жете албайт адам миңдеген.

Тарыхын жазып күүлөрдүн,
Тарамдап чечип талдадың.
Канчаларын иликтеп,
Кайсы доордо калганын.

Казыркысын жатырсың,
Таразалап салмагын:
«Камбаркан»кайдан жаралды?
«Сынган бугу», «Насыйкат»…,
Кандайча калкка таралды?
«Паравоз» минип күүчүлөр,
Маскөөгө кантип бара алды?…
Чечмелеп берип жатасың,
Өзүңдү тарыхчы десем жарайбы?

«Кыргыз күүлөрү» эмгегиң,
Экилтик китеп турбайбы.
Ар бирин талдап карасак,
Жүздөгөн күүнүн тарыхы,
Ким жаза алат мындайды.
Үч ичек кылдуу аспапты,
Алла-таала теңирим,
Кыргызча берген турбайбы.

Асаке, улана берсин жазганың,
Урпактар үчүн дастаның.
Жетимиштен арылап,
Желиге өтө баштадың.
Серпип салып сексенди,
Тосо чыгып токсонду,
Бакыт деген шол болот,
Жүз ашуусун ашканың.
Бакты –Таалай турганда,
Эгерим, «наркы» жакка шашпагын.

*Түуганбай Абдиев, Кыргыз эл акыны*

## Үч дербиш

Арабызда жашап жүрөт үч дербиш:
Амантуру, Буудайбеги, Асаны.
Бийлиги жок, байлыгы жок болсо да,
Билинбеген көп иштерди жасады.

Өтүп кеткен комуз күүлөр кабарын,
Мен билбеймин, кайдан издеп табарын.
Жакында эле китеп кылып чыгарды,
Колдоого алып «Комуз күүлөр баянын».

Комуз күүсү – кыргыз элдин тарыхы.
Кол үзүшпөс, жан кыйышпас жакыны.
Үч кыл комуз Ала-Тоолук кыргызды,
Бүт дүйнөгө тааныш кылып жатыры.

«Жүрөк оору» илдетине басынба,
Жүдөө тартып жүк бурчуна жашынба.

Жүзгө чыга комуз күүсүн изилдеп,
Жүрө бергин Тоту жеңе кашында.

*Казакбай Абдышев, Бишкек шаары*

## Аталардын өнөрү

Аралап Аксы аймагын,
Абыдан жакшы иш болду,
Айылга келип калганың.
Аталардын өнөрүн,
Ардактап эске салганың.
Келечекке тарых го,
Күүлөрдү жазып алганың.
Аралап жүрөт ыр-күүлөр,
Ала-Тоо жердин аймагын.
Кайышып туруп эскерем,
Канча залкар күүчүлөр,
Катардан кетип калганын!
Бута кармай мен айтсам:
Бу да болсо мыйзамы –
Бул дүнүйө жалгандын.
Асаке, келип козгодуң,
Аксыда өткөн эчен бир,
Таланттардын арбагын.
Арбак деген чын болсо,
Аябас Сизден жардамын.
Жаныңда жүрөт Чыныбек,
Жакындан берип жардамын.
Ыр жагына келгенде,
Эптээрбиз биз да калганын.

*Ысак Барпиев, Аксы району*

## Алладан насип буйруптур

Туз насип экен бу дагы,
Тушуктум сиздей иниге.
Кызыктуу сөздү баштадык,
Кыргыз күүсү жөнүндө.
Азбы – көппү айтканым,

Алынса болду көңүлгө.
Эчен күүнү эшиттим,
Жашаган ушул өмүрдө.
Аныгын тактай албасак,
Ал сөзүң чыгар төгүнгө.

Алладан насип буйруптур,
Азыр көрдүм шаарыңды.
Чаткалдан келип бул жерге
Көңүлгө алдым баарыңды.
Арабыз алыс – узак жол,
Карыяң, кандаштарын сагынды.
Жолумду Кудай ачыптыр,
Асандай иним табылды.
«Күү баянын» иликтеп,
Жүрүпсүң, билдим аныңды.
Карыяңдын тилеги –
Кудайым, аман койсун жаныңды.
Комузубуз шаңшысын,
Үч кылы бүркүп жалынды.
Күргүштөтүп жаза бер,
Күүлөрдүн кенин каза бер,
Колдоого алам аныңды…
*Салибай уулу Качканак. Чаткал, Айгыр-Жал*

## Окурмандын оюн тапкан

Желдей таркап жетерине ишенем,
«Күү баяндай» кут даарыган эмгегиң.
Окурмандын оюн тапкан чыгарма
Колдон колго өтөрүн мен сеземин
Алды менен ден соолуктун камын көр
Андан кийин ишке бергин кезегин…
*Муканбет Исакунов, Бишкек шаары*

## Узун өмүр тилеймин

Жаныңды үрөп, журттун актап үмүтүн,
Көп өнөргө, Асаке, сен күбөсүң.

Комуз күүсүн бүт боюңа сиңирип,
Комуз жандуу кыял, жорук, мүнөзүң.

Түйшүк менен ар бир күүнүн тарыхын,
Айтсам дейсиң, жазсам дейсиң аныгын.
Карт тарыхтын каткан сыры ачылса,
Калкың үчүн булар кошкон салымың.

Акыл-оюң билимиңе айкашкан,
Ак көңүлсүң, аны баары байкашкан.
Аттиң дүйнө, ак жол толкун сырдашса,
Ак эмгегиң анығында — чоң дастан.

Жок болсо да өкмөт берген атагың,
Жолуң ачык, түйшүкө мол сапарың.
Уулусуң сен — кыргызымдын сыналган,
Узун өмүр, Асан-аба, жашагын.

*Токтогул Имаш уулу. Бишкек шаары*

## Оорубасын Асакем

Күү атасы «Камбарканды» баш кылып,
Көп күүлөрдү көңүлүнө жат кылып.
Асакемдин жазган ушул китебин,
Күйөрмандар окуп жатат жактырып.

Ашып ишке жаш кездеги тилеги,
Болду Асакем комузчунун зиреги.
Чоң иштерди жасап жаткан учурда,
Чочугансып ооруп калды жүрөгү.

Ооруса да жазып келет талыкпай,
Даңазалап кыргызымдын күүлөрүн.
Окурманга өтө тереӊ ойлору,
Улут үчүн — улуу мурас, билемин.

Барктап — даңктап, комузчулук өнөрүн,
Көп талантка көмөк бердиң, жөлөдүң.
Токсон, жүздү маара кылып, Асаке,
Токтобостон сого берсин жүрөгүң.

Асакеме көптөн бери сырдашмын,
Аны менен комуз чертип ырдаштым.

Алп талантты ак дилимден урматтап,
Алыкулча ооруп жатып ыр жаздым.
*Анаш Сооронбаев, Жалалабат обл., Аксы району*

## Бул чоң эмгек

Асаке, жүзгө чыккын аман-эсен,
Болоттой ден соолугуң болсун бекем.
Элиңе бир чоң эмгек тартууладың,
Дагы да болсо берсин нечен-нечен.

Обого алып чыгып «Күү баянын»,
Уладың улуу иштин баш-аягын.
Каухарын бирден терип кум ичинен,
Талыкпай эмгектенип келдиң дайым.

Эмгегиң китеп болуп жарык көрдү,
Кадырлап калкың баалап көңүл бөлдү.
Кыргызга «ата» болуп асыраган,
Бул эмгек элестетет Ысык-Көлдү.

Кыргыздын ырын ырдап, муңун муңдап,
Бул комуз келе жатат кылым улап.
Табийгый ташкындаган шык болбосо,
Чыныгы күү жаралбайт, мындай кылдат.

Тирилтип көздөрү өткөн таланттарды,
Калкыңа тааныштырдың сен аларды.
Кудай бар, арбактары колдоого алса,
Чыгарма жаралмакчы улам жаңы.
*Жапар Кенчиев, Бишкек шаары*

## Тайбуурулдай арышта

Жетимиштен ашып барат, Асакем,
Али дагы кундуздай чач капкара.
Ардагерлер катарына алгым жок,
Аңдаганга али жигит – жаш бала.

Табы келсе, Тайбуурулдай күлүктөр,
Алтымыштагы асыйында арыбас.

Асакең да «мыштарыңды» «пыш» кылып,
Азырынча акыл-күчтөн тайыбас.

Аалам кезген дербиш сымал чарк уруп,
Ар кайрыктын сая түшүп артынан.
Алмустакка төнүп барып, айланып,
Азыркынын айтып жатат салтынан.

Күйөрманы күтө берчү сагынып,
«Кыргыз күүлөрү» үналгыда жаңырып.
Колуна алса комузуна тил бүтөт,
Күү жамгыры манжаларда агылып.

Кыл ыргагын кырып-жышып куралтап,
Кылымдардын мурастарын сурактап.
«Кыргыз күүсүн» тастыктайсың, Асаке,
Кыш койгондой «Күү баянга» кынаптап.

Үч кыл дайны – байыркыда ыраактап,
Ар ыргакта ыкталган сыр кылактап.
Күңүрт кеткен күүгүмдөгү шоокумдар
«Күү баянда» күлө баксын булактап.

*Кинасбек Жумаканов,*
*Аламүдүн району, Байтик айылы*

# ХРОНОЛОГИЯ

| | Тарых күүлөрү | Тарыхый окуялар, баяндар | Тарых инсандары |
|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз-ата | 1. Кыргыз-ата болжолу 8 миң жыл мурун жарык дүйнөгө келген.<br>2. Кыргыздар 4-5 миң жыл мурун эл катары таанылган.<br>3. Б.з.ч. 2 миң жыл илгери аска боорунда "Саймалы-Таш" эстелигин калтырган.<br>4. Б.з.ч. IX-VIIк. Сак, Скиф урууларынан кыргыз улуту негизделген.<br>5. Б.з. VII-VIк. Эне-сай аймагында кыргыз мамлекети түптөлгөн.<br>6. Б.з.ч. II-Iк. "Улуу Жибек Жолу" негизделген. | 1. Алаш хан – б.з.ч. XI к. Түрк дүйнөсүн негиздеген.<br>2. Карахан – б.з.ч. VII к. Сибир аймагын мекендеген.<br>3. Угуз хан – б.з.ч. VII к. Алтын-Тоо, Хуанхе боюнда жашаган.<br>4. Моде Шануй – б.з.ч. 201-ж. хунну урууларын бийлеген. |
| 2. | Улуу көч | Кыргыздар – байыркы эл, алардын жашоо-тирлиги көчмөн тумушта өткөн. Континент аралык, мамлекет аралык, деңиз бойлой, океанды жээктей, улуу тоолорду кыялай "Улуу көчтөр" өткөн. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Күүнүн башы – “Камбаркан” | 1. Б.з.ч. III-IIк. Кыргыздар Индостанга коңшу жашап турган мезгилде Камбар аттуу чебер уста алгачкы музыкалык аспапты – комузду жараткан. Эл башкарган ханы менен бирдикте алгачкы күү жаратып, аны “Камбар-кан” деп аташкан. | 1. Камбар – хан сарайындагы чебер уста.<br>2. Кан – эл башчысы.<br>3. Түрк –ата. б.з.ч. Алтай Сибирди жердеген. |
| 4. | “Манас” күүлөрү | а) “Айкөл Манас кабарчы”. Манастын тек-жайы, кайсы мезгилде жашагандыгы кабарланат.<br>б) «Чоң казат”. Манас Алтайдан Таласка көчүп келип, Кытайга жортуулга аттанышы.<br>в) “Жол талаш”. Чоң казат алдында Алмамбет – Чубактын чатагы.<br>г) “Алмамбеттин жомогу”.  Алмамбет Манаска баштан кечирген окуясын кабарлайт.<br>д) “Каныкейдин арманы”. Манас кайтыш болгондон кийинки кайран энең Каныкейдин баштан өткөргөн азап ~ тозогу баяндалат.<br>ж) “Семетей күүлөр”. Семетей эр жетип өз элине, Таласка келиши. | Маодун – Манастын тарыхый кейипкери.<br>Ли-Гуан – Алмамбеттин кейипкери.<br>Угуз хан – Манастын түпкү бабалары<br>Бакай – Манастын акылман кеңешчиси.<br>Жакып – Манастын атасы.<br>Каныкей – Манастын зайыбы. Карахандын кызы.<br>Кошой – кыргыздын уруу башчыларынан.<br>Көкөтөй – Ташкен тараптагы эң бай, көп жашаган карыя. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | з) “Ак – Инектин белеси”. Айчүрөк менен Семетейдин кездешүүсү, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү. | Көкчө - казак ханы.<br>Кыз Сайкал – нойгут уруусунун баатыр кызы.<br>Коңурбай – калмак (кытай) кол башчысы.<br>Алооке – калмак ханы.<br>Жолой – калмак баатыры. |
| 5. | Туран күү | Б.з.ч. V-VIIк. Илгери Алтай, Сибир жергесинде Туран өлкөсү түптөлгөн. Туран бийлиги кийин сак урууларына оошкон. | 1. Томирис – б.з.ч. 530-ж. Сак урууларынын башчысы.<br>2. Моде Шануй – б.з.ч. 200-ж. Хунн урууларынын башчысы.<br>3. Асан кайгы – б.з.ч. III к. Кыргыздардын ойчул адамы.<br>4. Улукман аке – Асан кайгынын замандашы (Авиценна). |
| 6. | Шүдүңгүт | Б.з. 432-452-ж. Адыл (Атилла) баатыр, батышы Германия – чыгышы Волга боюна чейин гунн хандыгын курган. | Б.з. V-X кылымдардын тарых инсандары:<br>1. Төлгөчү Кара Төлөк – Адыл |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | Жусуп менен Зулайка | Б.з. 552-744-жылдары Түрк кагандыгы, 704-766-ж. Түргөш кагандыгы мезгилиндеги окуя баяндалат. | баатырдын кеңешчиси.<br>2. Эрнак – Адыл (Атилла) жолун жолдогон. |
| 8. | Кыз Дарыйка | 666- 714-ж. Орто Азияда мусулман дини тарай баштаган мезгилде жаралган дастан күү. | 3. Насыр эд Дин алым.<br>4. Азирети Жусуп алей салам.<br>5. Мухаммед пайгамбар – (570-633) |
| 9. | Мендирмен | Б.з. VI-VII к. Түрк кагандыгы мезгилинде белгилүү инсан жөнүндөгү элдик оозеки чыгарманын каарманы. | 6. Азирети Аалы (Али) Шер – 656.<br>7. Истеми каган – б.з. 576 - өлгөн.<br>8. Бумын каган – б.з. 555 - ж. |
| 10. | Култегин | 684-711-ж. Кыргыздарга жортуул жасап, каганы Барсбекти өлтүргөн. | 9. Капаган каган – б.з. 695 - ж.<br>10. Элтерес каган – 630-711 - ж.<br>11. Элтебер хан – 648 - ж. |
| 11. | Барсбек | 711-жыл. Кыргыз каганы Барсбек Култегин Түрк колбашчысынын кол салуусунан шейит кеткен. | 12. Яглакар-хан ата – 744-840 - ж.<br>13. Баянчор – уйгур каганатын негиздеген. 758 - жылдар. |
| 12. | Эки ногой айрылыш | Ногой элинин 2 сапар бөлүнүп кетиши күүгө салынган:<br>а) 843-жыл. Ногой элинин бир тобу Эне-сай кыргыз урууларынан бөлүнүп, Теңир-Тоо тарапка көчүп кеткен.<br>б) XIV-XV кылым. Крым хандыгындагы ногой ордосу “Алтын Ордо” хандыгынан бөлүнүп кеткен. | 14. Аль Фараби (философ) – 870-950 - ж.<br>15. Жанчар-кан (Чаткалдан) – X кылым инсаны.<br>16. Күлбөс-кан – Жанчар кандын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | замандашы. |
| 13. | Улукман акенин арманы. | 980 -1037 - ж. Хорезм шахынын дарыгери Абу-Али-ибн Сина (Улукман аке) ишмердиги күүгө салынган. | 17. Абу - Али ибн Сина (Авиценна) (Улукман аке) – 980 -1037 |
| 14. | Айхан күү Кет бука. | 1. 1155-1227 - ж.Чыңгыз-хан негиздеген Улуу Моңгол мамлекети жана 1207 - ж. моңголдорго баш ийген кыргыздар жөнүндө.<br>2. 1227 - жыл. Чыңгыз-хандын уулу Жуучунун өлгөнүн күү аркылуу угузган Бука (Буга) комузчу окуясы күүгө салынган.<br>1293 - ж. Эне-сайдагы кыргыздардын айрым тобу Манжурияга көчүрүлгөн. | Чыңгыз-хан доору:<br>1155-1227<br>1. Темучин – Чыңгыз-хан.<br>2. Жуучу – Чыңгыз-хандын уулу.<br>2а. Оулен – Чыңгыз-хандын энеси.<br>3. Бөртө - Чыңгыз-хандын аялы.<br>4. Кучлук – найман канзаадасы. 1218 - ж. моңголдор тарабынан өлтүрүлгөн.<br>5. Үгөдөй - Чыңгыз-хандын уулу. Моңголиянын улуу каганы аталган.<br>6. Муңке хан – 1260-1294 - ж. Монголиянын улуу каганы.<br>7. Хубилай – 1260-1294 - ж. |

<table>
<tr><td>15.</td><td>Аксак Темир көрөгөн</td><td>1. 1370-1389 - ж. Аксак Темир Теңир-Тоого жортуул жасаган.<br>2. 1370 - ж. Кыргызстанга, 1380 - ж. Ысык-Көлгө келген.<br>3. 1405 - ж. курман болуп, сөөгү Самаркан шаарына коюлган.</td><td rowspan="4">Моңголиянын улуу каганы.<br><br>Тимурийлер доору:<br>1333 - 1389<br>1. Улугбек – 1424-28 - ж. Самарканга обсерватория курган.<br>2. Шейбани хан – 1507 - ж. бийликке келген.<br>3. Султан Бабур – 1515 - ж. Дели (Индияга) качкан.<br>XV-XVI к. аралыгында:<br>1. Асан-кайгы – 1301-1370 - ж.<br>2. Жаныбек-хан – 1342-1357 - ж.<br>3. Токтогул-ырчы – 1320 - ж.<br>4. Толубай-сынчы – 1320 - ж.<br>5. Акыл-Карачач – 1320 - ж.<br>6. Жээренче-чечен – 1320 - ж.<br>7. Алдар-көсөө – 1320 - ж.<br>8. Жаангир-кожо – 1356 - ж.</td></tr>
<tr><td>16.</td><td>Асан кайгы</td><td>1301-1370 - ж. “Жаратылыш жарчысы” аталып, жамы журтка таанылган. “Сөөгү Ысык-Көлгө коюлган” деп да айтылат.</td></tr>
<tr><td>17.</td><td>Кожожаш мерген</td><td>Байыркы заман. Кожожаш мерген Кайберендин каргышына калган деп айтылат.</td></tr>
<tr><td>18.</td><td>Кедейкан</td><td>1428-30 - жылдар болжолдонот. Бийлик билермандарына таарынып, Хива шаарына качып келет. Амал менен Хиванын хандыгын тартып алат.</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 9. Токтомуш-хан - 1380 - ж.<br>10. Долон-бий – 1350-1400 - ж. |
| 19. | Бекарстан Тайшы<br>Ак Мактым | Ойроттор (калмактардын) мегили: 1399-1758 - ж.<br><br>1. 1635-1758 - ж. бийликке келген калмак тайшылары менен кармаштардан улам “Бекарстан тайшы”күүлөрү жаралган.<br>2. 1460 - жылдары калмактар менен Теңир-Тоодогу кыргыздар ортосунда кармаш күчөгөн.<br>3. 1680 - ж. кыргыздар Анжыян тарапка сүрүлүүгө аргасыз болгон.<br>4. 1756 - ж. Цин империясы калмак бийлигин жеңгенден кийин, кыргыздар өз мекенине кайтып келе баштаган. | Ойрот (жунгарлар) калмактар мезгили<br>1399 – 1758.<br>Калмак Тайшылары:<br>1. Масанша тайшы (1472)<br>2. Алтан-хан (1582)<br>3. Коңтайшы (1635 - 1660)<br>4. Галдан Бошотку (1671 - 1697)<br>5. Цеван Рабдан (1697 - 1727)<br>6. Галдан Церен (1727 - 1745)<br>7. Цеван Доржу (1746 - 1749)<br>8. Лама Доржу (1749 - 1753) |
| 20. | Курманбек баатыр | 1520 - ж. Тагай-бий мезгилиндеги уруу баатыры. | Ойроттор заманындагы кыргыздын белгилүү инсандары:<br>1. Тагай-бий (Мукамбет Кыргыз). 1460 1533 |
| 21. | Жаңыл Мырза | 1650-70 - ж. болжолу. Лоб дарыясынын жердеген нойгут элинин баатыр кызы. | 2. Жаныбек-кан – 1508 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 22. | Үчүкө-Түлкү чабышы | 1650 - ж. болжолу. Үчүкө 24 жашында, Түлкү 20 жашында Жаңыл Мырза колдуу курман болгон. | 3. Ак-кан – 1618 - ж. өлгөн<br>4. Жолой-калмак – 1577-1631 - ж.<br>5. Санчы-сынчы – Талайке таркылдакты сынга толтурган –1635.<br>6. Кан-Турсун – 1628- ж. Эр Эшим колдуу өлгөн.<br>7. Эр Эшим – 1645 - ж. өлгөн.<br>8. Кан Кудаян – 1635 - ж. Анжыяда өлгөн.<br>9. Манап-бий – 1595-1638.<br>10. Кан-тейиш – 1645 - ж. хан көтөрүлгөн.<br>11. Иренак - 1680 - ж. Сибирдеги кыргыз хан.<br>12. Карагул баатыр – 1686 - ж. өлгөн.<br>13. Белек – 1675-1745 - ж. Каркыра, Нарынды жердеген.<br>14. Кубат-бий – 1670-1750 - ж.<br>15. Кулмырза – 1730 - ж. Кубат бийдин уулу. |
| 23. | Шырдакбектин Бозжорго | XVII-XVIII к. ортолугу. Шырдакбектин “Коргону”, “Бозжоргосу”, “Айымы” жөнүндө эл оозунда айтылып келет. | |
| 24. | Жаныш-Байыш | XVI к. болжолу. Ойроттор колго түшүргөн жана орго камалган баатырлар. | |
| 25. | Олжобай менен Кишимжан | 1750 - жылдар болжолдонот. Уруулук ич ара карама каршылыктардан улам эл оозунда калган инсандар. | |
| 26. | Гүлгаакы | 1680 - ж. Мусулман динин кабыл алган калмак Тайшынын кызы. | |
| 27. | Аккочкор-Каңкы | 1725 - ж. чамасы. Кыргыздардын ичара урушунда набыт кеткен. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 28. | Жалайыр жалгыз | 1600-1670 - ж. Калмак-кыргыз кагылыштарынын биринде набыт кеткен. | 16. Бердике берен – 1733 –ж .<br>(Калмак Маркашканы өлтүргөн)<br>17. Жайыл-бий – 1705-1756<br>18. Кошой-бий – 1754 - ж. өлгөн. |
| 29. | Асказандын жебеси | 1650-1700 - ж. Калмак баскынчылыгы мезгилинен кабар берет. | 19. Солтоной-батыр – 1733 - ж. (Курманбек баатырдын уулу Сейитбек, анын уулу). |
| 30. | Карагул ботом | XVI-XVII к. болжолу. Мергенчилик менен өмүр өтөгөн адамдын күтүүсүз кырсыкка жолукканы. | 20. Аблай хан – 1781 - ж. өлгөн.<br>21. Нышаа-баатыр – 1710 - ж. “Жайыл кыргын” окуясына катыштыгы бар. |
| 31. | Карагул баатыр | 1685-95 - ж. болжолу. Галдан Бошокту (калмак тайшысы) учурундагы кагылыштардын биринде курман болгон. | 22. Тобок-алп – XVIII к.<br>23. Шоорук-бий – 1710 - 1722.<br>24. Нарбото-бий – 1738 - ж. өлгөн. |
| 32. | Найман – эне (Жоламан) | 1650-1700 - ж. болжолу. Калмактар урушунда душман колуна түшүп, акыл-эсинен ажыраган жоокер, маңкурттук кесел айынан энесин атып салган. | 25. Балбак-батыр – 1732.<br>26. Бүргө-баатыр – 1756-1821<br>27. Ажыбек-баатыр - 1770<br>28. Баргы-бий – 1780<br>29. Медет-датка – 1768 -1839 |
| 33. | Аксаткын менен Кулмырза | 1750-1785 - ж. Жаштык, махаббат жалынына күйгөн ашыктар. | 30. Атаке-батыр – 1738<br>31. Мусулманкул-аталык – |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 1794 – 1852 |
| 34. | Бургуй | 1750-60 - ж. Жаңыл Мырза колдуу каза болгон азаматтардын бири. | 32. Боорсок-бий – 1783 |
| 35. | Эр Табылды | 1736-38 - жылдар. Калмак баскынчылыгына акыркы ирет чабуул жасаган баатыр. | Кокон хандыгы – аны бийлегендер: (1710 - 1876)<br>1. Шахрук-бий – 1710 - ж. кандыкты негиздеген. |
| 36. | Канышбек | XVII-XVIIIк. Калмактардын колуна туткунга түшкөн кыздардын бири. | 2. Абд Рахым-бий – 1734-<br>3. Абд ал Карим-бий – 1735 -175 |
| 37. | Бекташ | XVI-XVII к. Алайда Атаган дегенди уулу Бекташ душман колдуу кайтыш болгондо сүйгөнү Бегайымдын кошогу. | 4. Эрдене-бий – 1752 - 1770<br>5. Нарбото-бий – 1770 - 1798<br>6. Алим-хан – 1798 - 1809 |
| 38. | Акбарак ботом | 1800 - ж. болжолу. Алай тарапта сууга агып өлгөн күйөө бала тагдыры. | 7. Омор-хан – 1810 - 1822<br>8. Мадалы-хан – 1822 - 1842<br>9. Шералы-хан – 1842 - 1844 |
| 39. | Моңолбай | 1770-1800 - ж. Калмак доорундагы кармаштарда мерт болгондордун бири. | 10. Мурад-хан – 1844<br>11. Кудаяр-хан – 1844 - 1858<br>12. Мала-хан – 1858 - 1862<br>13. Кудаяр-хан – 1862 - 1876 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 40. | Аюуке - Майтык | 1835-38 - ж. уруу чабыштардын биринде мерт болгондордун бири. | (1876 – ж. Кокон хандыгы жоюлган) |
| 41. | Кой бөлөр | Күү эки тарыхый окуяны камтыйт:<br>а) 1526 - жыл. Моңголдор кыргыздардын бир бөлүгүн 100 миң кою менен кошо айдап кеткен.<br>б) 1866 - жыл. Орус баскынчылыгы кыргыздардын малын бөлгөн Арстанбектин айтылуу күүсү. Арстанбек Буйлаш уулу, болжолу 1840-жылы туулуп, 1889-жылы көз жумган. | 1800-1900-2000 - жылдар<br>Кыргыздын белгилүү инсандары:<br>1. Алымбек-датка – 1800-1863<br>2. Балбай-баатыр – 1791-1867<br>3. Жанкарач-бий – 1801-1864<br>4. Байтик-батыр – 1820-1886<br>5. Курманжан-датка – 1811-1907 |
| 42. | Анжыян калкы | 1755-58 - жылдар. Ойрот мамлекети талкаланганда ата-журтуна аттанып жатып, кыргыздар Анжыян калкы менен коштошкону. | 6. Бишкек-баатыр – 1820 - ж. өлгөн<br>7. Ормон-хан – 1830 - ж. хан көтөрүлгөн.<br>8. Акмөөр – 1834 - 1869 |
| 43. | Атаны кокуй 80 сом. | 1860-90 - жылдар. Комуз күүсү аркылуу карыз акчадан кутулгандагы окуя. | 9. Боромбай-хан – 1858 - ж. өлгөн<br>10. Жантай-хан – 1867 - ж. полковник чинин алган. |
| 44. | Алтыбасар – Торгой. | 1850-1910 - ж. Чечендик сөз кадырын калайыкка далилдей алган жарандар. | 11. Ажыбек-датка – 1870 -<br>12. Алымкул-аталык – 1865<br>13. Чыныбай-манап – 1860-1904 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45. | Ормондун “Карөзгөй” | Ормон чыгарган күү. 1845 - ж. Казак султандары кыргыз жерине басып кирген. | 14. Зарыпбек-султан – 1864<br>15. Качыбек-бий – 1856.<br>16. Мамыр-баатыр – 1838.<br>17. Өзбек-бий – 1836 – 1909<br>18. Шабдан-баатыр – 1839-1912<br>19. Тилекмат-элчи – 1862<br>20. Теке-баатыр – 1886<br>21. Кожомкул-балбан – 1888-1955<br>22. Тайлак-баатыр – 1796-1838<br>23. Канат-кан – 1860-1917<br>24. Искак Раззаков - 1910-1974<br>25. Турдакун Усубалиев – 1919<br>26. Төрөбай Кулатов – 1908-1984<br>27. Болот Мамбетов – 1905-1990<br>28. Акматбек Сүйүнбаев – 1920-1993<br>29. Султан Ибраимов – 1927-1980<br>30. Апсамат Масалиев – 1933-2006<br>31. Аскар Акаев – 1944<br>32. Курманбек Бакиев - 1949 |
| 46. | Балбай баатыр Көлү менен коштошкону | 1867 - жылдары. Каралбас туугандары Орус бийлигине кармап беришет. Солдаттардын айдоосунда баратып, Көлү менен ыйлап коштошкон. | |
| 47. | Көксандал | Мураталы комузчунун “Көк сандал” аттуу күлүгүнө күү таржымалы. | |
| 48. | Күл ойрон | XIX к. Чыны аттуу келиндин кошогунун тарыхый таржымалы. | |
| 49. | Көкөй кести | XIX к. Сүйүү махабатынын ишке ашпай калгандагы армандуу окуя. | |
| 50. | Акмөөр | 1834-1869 - ж. хан Жантай менен Акмөөр ортосундагы нике кайып маселеси. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 51. | Сынган бугу | XIX к. Той үстүндө сүйүшүп-табышып баш кошкон эки жаштын аянычтуу тагдыры. | |
| 52. | Керимбай кулунум | XIX к. Орусияга окууга барып, айыккыс дарттан улам о дүйнө салган баласына атасынын кошкон кошогу. | Күү жаратkандар:<br>1. Музооке Жаманкара уулу – 1802-1878; ырчы, күүчү.<br>2. Арстанбек Буйлаш уулу – 1824 - 1878; ырчы, күүчү.<br>3. Күрөңкөй Белек уулу – 1826-1907; комузчу.<br>4. Тойкожо Бучук уулу – 1840-1912; сурнайчы.<br>5. Сартпай Бөлөкбай уулу 1939-1919; ырчы, комузчу.<br>6. Бурулча Осмонбек кызы – 1840-1916; темир ооз комузчу.<br>7. Абак Түркөбай уулу – 1841-1916; комузчу.<br>8. Кыдыр Байсары уулу – 1843-1926; комузчу. |
| 53. | Төөгөчү | 1896 - жылы Төөгөчү деген уулуна көз тийип өлгөндө Кыдыр-аке армандуу күү чертип угузган. | |
| 54. | Жөө Тынай | 1872 – ж. Уруу билермандарынын атаандаштык опурталдуу “оюндарынан” улам жаралган күү. | |
| 55. | Мамырдын күүсү | 1873 – 74 – ж. Кокон бийлиги дарга асар алдында бул опурталдуу оюнду күүгө салган. | |
| 56. | Кашка аргымак | 1870 – 75 – ж. Кудаларынын купуя сырынан улам күлүгүнөн ажыраган Абак ичтеги бугун күүдөн чыгарган. | |
| 57. | Батыркандын аялынын | 1925 – 30 – жылдар. 6 аялдуу Батыркан-манап зайыптарын сынамакка көзү тирүүсүндө кошок коштурган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кошогу. | | 9. Тайтеке Сатыбалды уулу – 1850-1925; кыякчы, комузчу.<br>10. Кудайберген Үркүнчү уулу – 1852-1937; комузчу.<br>11. Боккөтөн Шааке уулу – 1853-1925; комузчу.<br>12. Ниязалы Борош уулу – 1856-1941; ырчы, комузчу.<br>13. Эсенаман Жапак уулу – 1856-1913; ырчы, комузчу.<br>14. Мураталы Күрөңкөй уулу – 1860-1949; кыякчы, чоорчу, комузчу.<br>15. Айдралы Байшүкүр уулу – 1816-1934; кудуул, комузчу.<br>16. Абак Түркөбай уулу – 1841-1916; комузчу.<br>17. Кенжекара Калча уулу – 1859-1929; кыякчы.<br>18. Жунусалы Куттубай уулу – 1861-1932; сурнайчы. |
| 58. | Төрөтай эже | 1856-1857 - ж. Бугу-Сарбагыш уруулар чатагын басуу максатында казак манабы тезек төрөгө башын байлаган Төрөтайдын тагдыры. | |
| 59. | Курманжандын көз жашы | 1897 - жылдын 3-марты. Уулу Камчыбекти көз алдында дарга асыл жаткандагы кайгылуу окуя күүдө баяндалган. | |
| 60. | Музоокенин муңдуу күү | 1799-1878 - ж. Айбалта менен башын жара чаап, ашуунун белинде ажал алкымдап тургандагы абал . | |
| 61. | Ашыра калча | 1800-1850 - ж. Памирлик жылкычы жигиттин ашыктыктан чыгаргандагы күйгөн күүсү. | |
| 62. | Тайлак баатыр | 1796-1838 - ж. Улуттук баатыр баяны. | |
| 63. | Айкүмүштүн такилет | XIX - к. Сүйүшкөн эки жаш ай караңгы түндө ак өргөө капшытынан сыр айтышып турганы күүгө салынган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 64. | Күңөтай | 1837-1917. Сартбай ырчынын сүйгөнү Күңөтайга арнаган махабат ыры. | 19. Жеңижок Көкө уулу – 1860-1918; ырчы, комузчу.<br>20. Серек Элтаев – 1862-1946; комузчу |
| 65. | Бурулчанын селкинчек. | 1840-1916 - жыл. Темир ооз комузда кагылган күү таржымалы. | 21. Майлыбай Бөкө уулу – 1865-1952; куудул, комузчу.<br>22. Курмангазы Азыкбаев – 1962; чоорчу. |
| 66. | Чолпонбайдын “Үч коосу” | 1860 - жылдар. Бурулчанын уулу Чолпонбай табыят сулуулугуна суктанып “Үч коодон” үн салып, комузда күү таңшытканы. | 23. Боогачы Жакыпбек уулу – 1866-1935; ырчы, комузчу.<br>24. Токтогул Сатылганов – 1864-1933; акын, ырчы, комузчу. |
| 67. | Качкан кыз | 1913 - ж. Көл башы Каркырадан качып чыгып, Чоң Кеминге келип, Шабдандын уулу Мөкүшкө турмушка чыккан кыздын баяны күүгө салынган. | 25. Эшмамбет Байсейит уулу – 1867-1926; ырчы, комузчу. |
| 68. | Алтыбасар – Торгой | | 26. Муса Сейилкан уулу – 1873-1953; комузчу.<br>27. Жолой Боогачин уулу – 1888-1934; кыякчы. |
| 69. | Үркүн күүлөр:<br>а) Канат-хан. | 1916-1920 - жылдар.<br>Үркүн алдында көтөрүлгөн элге кол башчы шайланган. | 28. Самсалы Аликеев – 1877-1968; комузчу. |
| | б) Өрттөм | Толкуган Эл Муз арт суусун кечмелигинде кыргынга | 29. Атай Байзак уулу – 1883-1943. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Музарт | учурашы. | комузчу. |
| | в) Кайран эл | Куугун-сүргүн-кыргынды баштан кечирген кайран элдин кайгысы. | 30. Чоңмурун Кыдыр уулу – 1870-1946; куудул, комузчу. |
| | г) Кытай калмакка сатылган кыздардын арманы. | 1916-20 - жылдары бир баштык талканга сатылган кыздар Кытайда кала берген. | 31. Актан Тыныбеков – 1887-1951; ырчы, комузчу. 32. Адамкалый Байбатыров – 1895-1953; кыякчы, темир ооз комузчу, комузчу. |
| | д) Качкан кыз | Кытайдан качып чыккан Дарыйка аттуу кыздын карышкырларга жем болушу. | 33. Карамолдо Орозов – 1883-1960; комузчу. 34. Асаналы Өмүров – 1880-1958. |
| | ж) Какшаалдан кат | 1916 - жылдарда Какшаалда кала берген кыздар эли – журтун эңсеп салам жолдогон кат күүдө баяндалган. | 35. Ыбырай Туманов – 1885-1967; комузчу. 36. Калык Акиев – 1883-1953; ырчы, комузчу. |
| | з) Арзымбай молдонун арманы | 1920 - ж. 80 жаштагы карыя Арзымбай молдо арып ачып, Кытайдан туулуп-өскөн жерине келгендеги азап-тозогу күүдө баяндалат. | 37. Усуп Орозов – 1888-1965; комузчу. 38. Датка Шаакеев – 1889-1979; кыякчы. |
| | и) Үркүн | 1916-2006 - ж. Үркүн алааматында төрөлгөн Турпан карыя | 39. Эркесары Бекбасаров – 1884-1966; комузчу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | белеги. | бүгүн 90 жашта. | 40. Коргоол Досиев – 1890-1964; ырчы, комузчу. |
| | Кайгылуу Какей | | 41. Чалагыз Ыйманкулов – 1889-1964; комузчу. 42. Асанбай Каримов – 1892-1965; |
| 70. | Күүмдүн аты – Октябрь | 1917 - ж. 7 - ноябрь. Улуу Октябрь Социалисттик революциасы жеңген күн күүгө салынган. | чоорчу. 43. Бектур Осмонов – 1896-1976; комузчу. 44. Кулмат Асанбай уулу – 1891-1968. |
| 71. | Жолбашчыбыз партия | 1918 - ж. Революциянын уюштуруучусу Коммунисттик партиянын ишмердиги даңкталат. | 45. Асаналы Кыштообаев – 1894-1966; комузчу. 46. Бөжөй Шадыканов – 1898- |
| 72. | Ooган камбаркан | 1918 - ж. Заман оошту. Кытайга качкан эл өз мекенине келе баштады. Күү залкары Ыбырай заман оошун күүгө салган. | 47. Бектур Осмонов 1898-1973 48. Атай Огомбаев – 1900-1949 49. Саид Бекмуратов – 1901-1966; |
| 73. | Паровоз | 1934 - ж. Ыбырай башында турган өнөрпоздор Кокон шаарына сапар алышты. Алгач поэздди көргөн комузчу поезддин жүрүшүн күүдө чагылдырган. | кыякчы. 50. Шаршен Термечиков – 1896-1942; куудул, комузчу. 51. Муса Баетов – 1902-1949; ырчы, комузчу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 74. | Колхоз камбарканы | 1930 - жылдар. Өлкөдө  жүрүп жаткан айыл чарбасын ирилештирүү - колхоздоштуруу саясатын күү зергерлери кубаттого алышкан. | 52. Асылбек Эшмамбетов – 1915-1967; комузчу.<br>53. Мейилкан Козубекова – 1932-1974.<br>54. Шекербек Шеркулов – 1902-1980. |
| 75. | Жүрөгүм – Москва | 1939 - жыл. Кыргыз искусствосунун I декадасына катышкан өнөрпоздор борбор шаарды көрүп аябай суктанышкан. Күүгерлер  ал кубанычын комуз менен бөлүшкөн. | 55. Токтосун Тыныбеков  - 1927-1982.<br>56. Турсун Карымшаков – 1910-1998.<br>Мыктыбек Үмөталиев – 1930-1998.<br>57. Акимкан Сыдыков – 1932- |
| 76. | Сегизинчи Март | 1910 - ж. Даниянын Копенгаген шаарында “Аялдардын укугун коргоо” иш-чарасы өткөрүлгөн. Бул дата 8-март майрамга айланган. | 58. Болуш Мадазимов – 1927-2001.<br>59. Сексенбай Айманбетов – 1922-1999.<br>60. Сүйдүм Төлөкөва – 1926; ооз комузчу. |
| 77. | Жеңиш | 1941 - ж. 9 - май – Улуу Жеңиш Күнү. Немецтик фашисттер талкаланып, СССР  Улуу держава катары бүт дүйнөгө таанылган. | 61. Кошалы Кыскараев – 1921-1983<br>62. Асан Сейдалиев – 1934.<br>63. Бейшеке Жандаров – 1937-2005. |
| 78. | Жаңы марш. | 1947 - жыл. Шиңжандагы (Кытай республикасы) Чыгыш Түркстан республикасынын колбашчысы генерал Ысакбекке комузчу Асаналы Кыштообаев арнаган комуз күүсү. | 64. Бейшеналы Кулболдиев – 1922-1976.<br>65. Ормонбек Асанов – 1932-1958<br>66. Асанбек Кыдырназаров – 1930- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 79. | Жыргал күн | 1936 - жыл. Эл чыгармачылыгынын I олимпиадасын куттуктоодо Кыргызстан үчүн бул күн "Жыргал күн" катары бааланган. | 1994.<br>67. Чалагыз Исабаев – 1937 – 1991<br>68. Кеңеш Сулайманов – 1935 -1990<br>69. Нурак Абдракманов – 1946 |
| 80. | Жүрөк толкуйт | 1958 - жыл. Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун II Декадасына арналган күү. | 70. Зайнидин Иманалиев – 1947<br>71. Саадабай Шабданов – 1940<br>72. Төлөн Касаболотов – 1945 |
| 81. | Космонавт | 1961 - ж. 12 - апрель. Жер алкагын алгачкы жолу 1 саат 48 мүнөттө айланып учкан Ю. Гагаринди куттуктоо. | 73. Шаршебай Көлбалаев – 1947<br>74. Дастан Сарыгулов – 1947<br>75. Казакбай Абдышев – 1947 |
| 82. | Кайра куруу | 1985-91 - жыл. Өлкөдө жүргүзүлгөн "Кайра куруу" иш чарасы күүдө жарыя салынган. | 76. Асанбек Жуматаев – 1941<br>77. Фархидин Баяков – 1948<br>78. Орузбай Кенчибаев – 1943 |
| 83. | Миң жылдык | 1995 - жылы Кыргызстанда өткөрүлгөн "Манас - 1000" маарекесине арналган күү. | 79. Табылды Актанов – 1949<br>80. Атайбек Бөдөшов – 1951<br>81. Намазбек Уралиев – 1956 |
| 84. | Элдик революция | 2005 - жыл. 24 - март. Элдик революция толкуну колдоого алынып, "Жаңы заман" кайрыктарында жарыя салынган. | 82. Самара Токтакунова – 1945<br>83. Анара Эсенгулова – 1963<br>84. Нурлан Нышанов - 1966 |

## КЫРГЫЗ РАДИОСУНУН МУЗЫКАЛЫК «АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДА» САКТАЛГАН «КҮҮ БАЯНЫ» МУЗЫКАЛЫК БЕРҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ

*Автору: Асан Кайбылда уулу*
*Редактору: Жээнгүл Исакова*
*Үн режиссеру: Талантбек Мамбеталы уулу*

**1992-жылкы радио-уктуруулар:**

1. Кириш сөз.
2. Балбайдын Ысык-Көлү менен коштошкону.
3. Чолпонбайдын Үч коосу.
4. Абактын арманы.
5. Абактын Кашка аргымагы.
6. Кыдыр акенин күүлөрү.
7. Төөгөчү.
8. Керего-Таштын кербези.
9. Айкүмүштүн такилет.

**1993-жылкы радио-уктуруулар:**

10. Бурулчанын селкинчек.
11. Арстанбектин күүлөрү.
12. Үчүкө-Түлкү чабышы.
13. Ак Кочкор каңкы.
14. Шырдакбектин Боз жорго: 1-уктуруу.
15. Шырдакбектин Боз жорго: 2-уктуруу.
16. Сынган бугу.
17. Чоң Ормондун Каразгөй: 1-уктуруу.
18. Чоң Ормондун Каразгөй: 2-уктуруу.
19. Кошок күүлөр.
20. Батыркандын аялынын кошогу.
21. Бекарстан тайчы: 1-уктуруу.
22. Бекарстан тайчы: 2-уктуруу.

**1994-жылкы радио-уктуруулар:**

23. Кожожаш.
24. Эр Табылды жалгызым: 1-уктуруу.
25. Эр Табылды жалгызым: 2-уктуруу.

26. Саринжи-Бөкөй.
27. Гүлгаакы: 1-уктуруу.
28. Гүлгаакы: 2-уктуруу.
29. Кедейкан.
30. Жаныш-Байыш.
31. Жусуп менен Зулайка.
32. Олжобай менен Кишижан.
33. Күлөйрон.
34. Керимбай кулунум.
35. Кыл кайрыгындагы маек (Т. Сыдыкбеков менен).
36. Кыз Дарыйка.

**1995-жылкы радио-уктуруулар:**

37. Арстанбек комузчу: 1-уктуруу.
38. Арстанбек комузчу: 2-уктуруу.
39. Арстанбектин "Тар заман".
40. Күңөтай.
41. Көкөй кести: 1-уктуруу.
42. Көкөй кести: 2-уктуруу.
43. Канышбек.
44. Камбаркан: 1-уктуруу.
45. Камбаркан: 2-уктуруу.
46. Айхан күү (Кетбука): 1-уктуруу.
47. Айхан күү (Кетбука): 2-уктуруу.
48. Аксаткын менен Кулмырза.
49. Асан кайгы.
50. Бекташ.
51. Жалайыр жалгыз.
52. Курманжандын көз жашы: 1-уктуруу.
53. Курманжандын көз жашы: 2-уктуруу.
54. Мендирман.
55. Моңолбай.
56. Музоокенин муңдуу күү.
57. Найман эне.
58. Үркүн күү.
59. Шүдүңгүт.
60. Эки ногой айрылыш.

**1996-жылкы радио-уктуруулар:**

61. Ак бакай.
62. Алымкан.
63. Бийчи кызга.
64. Колхоз куралы.
65. Качкан кыз.
66. Жеңиш.
67. Жүрөгүм Москва.
68. Жыргал күн.
69. Кайра куруу.
70. Кыргыз көчү.
71. Октябрга, партияга арналган күүлөр.
72. Ooган.
73. Өрттөм Музарт.
74. Паравоз.
75. Төрөтай эже.
76. Үкөй.
77. Фрунзе шаарым-Бишкегим.

**1998-жылкы радио-уктуруулар:**

78. Жаңыл Мырза.
79. Айдаралы жөргөлөк.
80. Улукман аке.
81. Жаңы марш.
82. Казак камбарканы.
83. Карылык.
84. Молдо Тойчу.
85. Ош кайрыгы.
86. Асказандын жебеси.
87. Токтогулдун кайрыгы.

**1999-жылкы радио-уктуруулар:**

88. Ак тамак, көк тамак.

**Жылдары белгисиз радио-уктуруулар:**

89. Манас күүлөр.
90. Чоң казат.
91. Каныкейдин арманы.

92. Алманбеттин арманы.
93. Семетей күү.
94. Айчүрөктүн акшумкарды ала качканы.
95. “Жол талаш” (Алманбет-Чубак).
96. Курманбек баатыр.
97. Карагул ботом.
98. Ак мөөр.
99. Култегин.

## КОЛДОНУЛГАН ЖАНА КОШУМЧА АДАБИЯТТАР

*Түзгөндөр: Элмира Көчүмкулова*
*Элмира Дүйшеева*


*Абдиев Тууганбай*. Залкарлар. // *Ала-Тоо*. – 1993. – №1.

*Абдраманов Ш*. Бекарстан Тайчи // *Мурас*. – 1992. – №3-4.

*Абдракманов Нурак*. Улуу баян. – Бишкек: Бийиктик, 2007.

*Абдыракунов Турдубай*. Ак Мактым. – Фрунзе, 1983.

–. Бабалардан калган сөз. – Фрунзе, 1990.

*Абдылашым Ысмайыл уулу*. Байтик баатыр баяны. – Бишкек, 1996.

*Абдыхалил Молдалы уулу*. Байзак баатыр баяны //*Ала-Тоо*. – 1994. – №1.

Абу Али Ибн Сина / Котор. Кумаш Малаев. – Фрунзе, 1985.

*Абдышев Казакбай*. Кылым инсандары. – Бишкек, 2003.

–. Такалуу аттын изи бар, Таластан келген киши бар. – Бишкек, 2000.

*Айтматов Ч*. Рассказы о Маңкурте // *Литературное Обозрение*. – 1984. – №8.

*Айтымбет (Айтымбетов) Орозбек*. Кара кыргыз. I-II китеп. – Бишкек, 1995.

–. Улуу баатыр баяны // *Ала-Тоо*. – 1990. – №5.

–. Катагандар тарыхы // *Ленинчил Жаш*. – 1986. – 13-июнь.

*Акиев К*. Баскан жол. – Фрунзе, 1983.

*Акматалиев А*. Усталар жана уздар. – Фрунзе, 1990.

*Алагушов Б*. Ала-Тоо таңшыйт. – Фрунзе, 1986.

–. Комузчулар өнөрү. – Фрунзе, 1976.

–. Кыргыз музыкасынын чалгынчысы. – Фрунзе, 1969.

–. Кыргыз композиторлору. – Фрунзе, 1964.

–. Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү. – Фрунзе, 1961.

–. Булбулдар. – Бишкек, 1991.

–. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Фрунзе, 1985.

–. Кылымдардын кылдары. – Фрунзе, 1983.

–. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. – Бишкек, 2007.

–. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары. – Фрунзе, 1974.

–. Музыка боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү / Русско-киргизкий словарь музыкальных терминов. – Фрунзе, 1969.

–. Ырдагы өмүрлөр. – Фрунзе, 1988.

*Алдаш Молдо*. Бугу менен Сарыбагыштын урушу. – Бишкек, 1992.

Алманбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү. – Фрунзе, 1977.

*Акселеу Сейдимбек*. Казактың күй өнері. – Астана, 2002.
Актан Тыныбек уулу / Түз. Омор Сооронов. – Бишкек, 1991.
Акындар чыгармачылыгынын тарыхый очерктери. – Фрунзе, 1988.
*Алиев Мар*. Байлыгы кайда баягы // *Кырчын*. 1995. – №1-2.
*Алыкул Осмонов*. Тандалган ырлар жана поэмалар. – Фрунзе, 1954.
*Алыкул Осмонов*. Чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе, 1964.
Алымкул төкмө 100 жашта. – Бишкек, 1994.
*Анвар Байтур*. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-2-китеп. Бишкек, 1992.
*Аттокуров С*. Кыргыз этнографиясы. Окуу куралы. – Бишкек, 1998.
–. Тайлак баатыр. – Бишкек, 1994.
*Б. Алагушев, Т. Медетов*. Карамолдонун күүлөрү. – Фрунзе, 1978.
*Балбай Алагушов, Токтобүбү Койгелдиева, Шайырбүбү Турдумамбетова*. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. – Фрунзе, 1989.
Барс-Бек кыргыздардын каганы / Жооптуу редактор А. Ч. Какеев. – Бишкек, 2003.
Барсбек Кыргыздардын каганы / Түз. Т. Насырдинтегин. – Бишкек, 1993.
*Бартольд В. В*. Кыргыздар. Тарыхый очерк // *Ала-Тоо*. – 1988. – №3.
–. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев / Кыргызча котормочулар жамааты / Кыргызча чыгарылышынын илимий редактору- филилогия илимдеринин кандидаты С. Кайыпов /. – Бишкек, 1997.
*Бегалиева Назгүл*. Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы: Монография. – Бишкек, 1998.
*Бектенов Зияш*. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. – Бишкек, 1992.
*Бектенов К*. Досумдун күлкүсү. – Фрунзе, 1973.
*Бектурганов Токторбай*. Ушундай апаат унутулмак беле? // *Кыргыз Туусу*. – 31-январь-2-февраль // *Кыргыз Туусу*. – 2006. – 3-6-февраль.
*Бернштам А*. Н. Культура древнего Кыргызстана. – Фрунзе, 1942.
–. Историческое прошлое киргизского народа. – Фрунзе, 1942.
–. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер/ Түзгөн, алгы сөзүн жазган жана которгон *Мамбеталиев Сатыбалды*. –Бишкек: Кыргызстан-Сорос Фонду, 2004.
Библия кудайдын ыйык сөзү. – Бишкек, 1998.
*Борончиев Ысмайыл*. Кызыл-Кырман. – Фрунзе, 1970.
Боогачы Ысмайыл / Түз. Мырзалы Ысмайылов. – Фрунзе, 1990.
*Ботобеков Уран*. Ак шайы жоолук Алымкан: Токтогулдун "Алымкан" аттуу ырынын тарыхынан //*Кыргызстан Маданияты*. – 1990. –№32. 9-август.

*Бөкөнбаев Жоомарт.* Токтогулдун өмүрү. – Фрунзе, 1939.
*Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И.* Эне-Сай Кыргыздары: фольклор жана тарых. Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" фонду, 2002.
*Сабыр уулу Б.* Эл шайырлары. Адабий маек. Тестиер жана өспүрүмдөр үчүн. – Фрунзе, 1980.
–. Эл шайырлары. Адабий маек. – Бишкек, 2008.
–. Унутулгус кездешүүлөр. – Фрунзе, 1977.
*Вамбери Г.* Бухара же Мавароннагар тарыхы // *Мурас.* – 1992. – №3-4. Кулжа айы.
*Виноградов В.* Музыка Советской Киргизии. – Москва, 1939.
–. Киргизское народное музыкальное творчество, как источник изучения проблемы происхождения киргизов. – Фрунзе, 1959.
–. Мураталы Куренкеев. – Фрунзе, 1962.
–. Атай Огомбаев. – Москва, 1960.
–. Киргизская народная музыка. – Фрунзе, 1958.
–. 100 киргизских песен и наигрышей. – Москва, 1956.
–. Музыкальное наследие Токтогула / Которгон А. Жунушалиев. – Москва, 1961.
–. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Фрунзе, 1974.
*Даникеев Өскөн.* Көкөй кести. – Фрунзе, 1984.
*Доронбекова Р., Мокрынин В., Плоских В.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Бишкек, 1993.
*Досуев Коргоол.* Коргоол ырчы (ырлар жыйнагы). – Фрунзе, 1963.
–. Коргоол. – Фрунзе, 1981.
*Дүйшеев Ш.* Арабадагы ыр. – Бишкек, 1993.
–. Кайдыгерлик. – Бишкек: Адабият, 1992.
*Жаканов И.* Кер толгоо. – Фрунзе, 1987.
–. Ак-куулар конгон айдың көл. – Алматы, 1988.
*Жаки Таштемир уулу.* Током Сибирден качан качкан? // *Советтик Кыргызстан.* – 1988. – 9-август.
*Жалиев Б.* Болуш Мадазимов: Эскерүү китеби. – Ош, 2003.
*Жантөшев Касымаалы.* Мендирман. – Фрунзе, 1957.
*Жеңижок*: Ырлар, айтыштар / Түз. А. Жусупбеков. – Бишкек, 2006.
Жергеталдык кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы /Түз. А. Токомбаева. – Фрунзе: Илим, 1981.
*Жирмунский В. М.* Огузский героический эпос и Книга Коркута / Жирмунский В. М. *Тюркский героический эпос: Избранные труды.* – Ленинград: Наука, 1974.

*Жумабаев Асек*. Менин жолум. – Фрунзе, 1989.
*Жумагул Сааданбек уулу*. Зарылдыкта жаралган залкар адам // *Кыргызстан Маданияты*. – №25.
*Жумадылов С*. Кыргыз совет адабиятында эл достугу идеясынын чагылдырылышы. – Фрунзе, 1967.
*Жумалиев Насипбек*. Тогуз кайрык Токтогулдукубу? // *Кыргыз Руху*. – 1997.
*Жусуп Баласагын*. Куттуу Билим. – Москва, 1993.
*Жусупбеков Асанбай*. Алтымыш комузчуну эскерүү // *Кыргызстан Маданияты*. – 1987. – №10.
*Жусупов Кеңеш*. Байыркынын издери/Сүр. Т. Курманов. – Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" фонду, 2001.
*Закиров С*. Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1994.
–. Эл чыгармачылыгы – эл кенчи: Адабий сын макалалар. – Бишкек, 1981.
*Затаевич А*. 250 киргизких инструментальных пьес и напевов. – Музгиз, 1934.
*Ибраимов Осмон*. Кызыл кыргын // *Ала-Тоо*. – 1991. – №7.
*Ибраимов К*. Ыбырайым Абдрахманов. – Фрунзе, 1987.
*Иманкулов Чалагыз*. Өмүр элестери. – Фрунзе, 1970.
–. Сайра, комуз: Кыргыз филармониясынын алгачкы артисттери жөнүндө //*Ленинчил Жаш*. – 1966. – 24-апрель. – №51.
Инжил. Ыйык Китеп Коому. Алматы: Казакстан, 2005.
*Исаев Кусеин*. Кыргызстан кылымдар тогошкондо. – Бишкек, 2001.
*Кабус Наама*. Кабустун насыйкаты. – Фрунзе, 1983.
*Каимов Касым*. Атай. – Фрунзе, 1979.
*Кайбылдаев Асан (Асан Кайбылда уулу)*. Күү баяны I. – Бишкек, 2000.
–. Кыргыздын музыкалык аспаптары. – Бишкек, 2003.
–. Комуз жөнүндө ой толгоо // *Кыргызстан Маданияты*. – 1981. – 13-август.
–. Залкар комузчу Ыбырай // *Ленинчил Жаш*. – 1983.
–. Улуттук музыкабыздын сыймыгы // *Мугалимдер Газетасы*. – 1983. – 28-декабрь.
–. Ак таңдай акын, атактуу комузчу // *Мугалимдер Газетасы*. – 1982. – 19-ноябрь.
–. Жан дүйнөнүн кайрыгы // *Ленинчил Жаш*. – 1984. – 13-ноябрь.
–. Үч кылымдын сыры талантта // *Ленинчил Жаш*. – 1987. – 1-февраль.
–. Көркөм мурастар баа жеткис байлыгыбыз // *Кыргызстан Маданияты*. – 1984. – №48. – 29-ноябрь.

–. Чертсең чертчи комузду // *Кыргызстан Маданияты.* – 1987. – 13-август.
–. Боз салкындын боосу бек болсун // *Ленинчил Жаш.* – 1983.
–. Камбаркан (Ош теле конкурсу) // *Ленинчил Жаш.* – 1984. – 23-август. – №102.
–. Боз салкын күүсүнүн оболошу // *Кыргызстан Маданияты.* – 1983. – 4-август.
–. Дин жана саясат // *Кыргызстан Маданияты.* – 1982. – 9-декабрь. – №50.
–. Сезим дүрбөткөн "Ах же Бах" // *Ленинчил Жаш.* – 1987. – 11-июнь. – №83. – (8699).
–. Үч кылдын дирил кагышы // *Слово Кыргызстана.* – 1989. – 28-май.
–. Улуттук Гвардиянын оркестрине // *Эркин-Тоо.* – 1992. – 5-март.
–. Ыбырай Туман уулунун устаты // *Эркин-Тоо.* – 1993. – 5-май. – №36.
–. Комузум кайда мен кайда? // *Фрунзе Шамы.* – 1991. – 14-февраль.
–. Манасчы, дастанчы акын // *Мугалимдер Газетасы.* – 1991. – 15-февраль.
–. Дастан комузчуга ак жол // *Эркин-Тоо.* – 1994. – 4-май.
–. Ак мөөр // *Чүй баяны.* – 1995. – 3-март.
–. Манас күүлөр // *Заман Кыргызстан.* – 1995. – 21-апрель.
–. Манас күүлөр // *Заман Кыргызстан.* – №16.
–. Эл менен сен бийиксиң // *Эркин-Тоо.* – 1995. – №18. – 12-апрель.
–. Камбаркан (Кыргызым кыргыз күүсүн иликтей жүр) // *Аалам.* – 1995. – Чын куран.
–. Манас күүлөр баяны // *Эркин-Тоо.* – 1995. – 19-апрель.
–. Кербездин кербези // *Кербез.* – 1995. – №1. – Май.
–. Күү устаты // *Ысык-Көл правдасы.* – 1988. – 27-июль.
–. Кошок күүлөр // *Кербез.* –1995. – №2.
–. Батыркандын аялынын кошогу // *Кербез.* – 1995. – №3. – июнь-июль.
–. Дастандын даркан дүйнөсү // *Эркин-Тоо.* – 1995. – 5-июль.
–. Күү алпы Арстанбек. I макала // *Жеткинчек.* – 1995. – 9-июнь. – №15.
–. Күү алпы Арстанбек. II макала // *Жеткинчек.* – 1995. – №16. – 23-июнь.
–. Солтон сары // *Жеткинчек.* – 1995. – №16. – 23-июнь.
–. Эсилиме эстелик // *Чүй баяны.* – 2000. – 20-апрель.
–. Күүнүн алпы // *Чүй баяны.* – 1998. – 16-июль.

–. Улуу мурас – улуттун куту I // *Чүй баяны.* – 1998. – 17-23-май.
–. Аткаруучулук чеберчилик жөнүндө II // *Чүй баяны.* – 1998. – 7-13-август.
–. Бурооолор, күүчүлүк III // *Чүй баяны.* – 1998. – 14-20-август.
–. Каныкей күүлөр // *Чүй баяны.* – 1999. – 14-сентябрь.
–. Курманбек // *Чүй баяны.* – 1999. – 16-декабрь.
–. Айтыш артындагы сөз (Табылды менен Майранын айтышы) // *Эркин-Тоо.* 1992. – 4-июль. – №78.
–. "Качкан кыз" күүсүнүн каарманы ким? // *Эркин-Тоо.* – 1998. – 27-март.
–. Чоң Ормондун "Карөзгөй" // *Чүй баяны.* – 1995. – 28-октябрь.
–. Кызыл Туу кыргыз кыздары // *Аалам.* – 1997. – 5-март.
–. Аял – эне, эне – мекен // *Обо.* – 1997. – №25. – 20-июнь.
–. Өмүрү өрнөк эле (Бөжөй Шадыкан уулу жөнүндө)// *Дыйкандар гезити.*
1992. – Август. – №35.
–. Шудүңгүт I // *Заман Кыргызстан.* – 1997. – 8-август.
–. Шудүңгүт II // *Заман Кыргызстан.* – 1997. – 15-август.
–. Шудүңгүт // *Чүй баяны.* – 1999. – 24-30-сентябрь.
–. Калышкан эстелик таш болуп, же күүгө айланган Күлтегин (I-IV бөлүктөр) // *Заман Кыргызстан.* 1995. – 10-17-24-ноябрь, 1-декабрь.
–. Кыдырдын ботою // *Эркин-Тоо.* – 1993. – 25-февраль.
–. Төрөтай сулуу // *Чүй баяны.* – 1999. – 23-29-июль.
–. Манастын кошогу // *Чүй баяны.* – 1999. – 10-16-сентябрь.
–. Жөө Тынай // *Чүй баяны.* – 1999. – №19. – 28-май-3-июнь.
–. Бекмамат берен // *Чүй баяны.* – 2000. – №20. – 19-25-май.
–. Манас күүлөр // *Кыргыз Туусу.* – 2005. – 28-31-октябрь.
–. "Курманбек" – комуз күүсүндө // *Акыйкат.* – 2001. – 26-октябрь–1-ноябрь.
–. Камбаркан (сүйүнчү, жаңы рубрика) // *Кыргыз Туусу.* – 2005. – 27-29-сентябрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" I // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №65. – 4-ноябрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" II // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №73. – 6-декабрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" III // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №75. – 13-декабрь.

–. Күүлөр тебелендиде жатканын көрүп ушунчалык ыйладым // *Кыргыз Караван*. – 2002. – №7. – Апрель.
–. Кыргызчылык кыр ашырабы. – 1997. – №39-45. – 26-сентябрь.
–. Саринжи-Бөкөй // *Кырчын*. –1995. –№5-6. 13-14-беттер.
–. Комуз күүлөрүндө "Манас баяны" // *Кырчын*. – 1998. – №3-4. 10-бет.
–. Канышбек (күүнүн сыры – эл тарыхы) // *Кырчын*. – 1995. – №7-8. 20-21-беттер.
–. Эпостук дастан күүлөр "Кожожаш" // *Кырчын*. – 1995. – №3-4. 16-17-беттер.
–. "Манас күүлөр" // *Кырчын*. – 1994. – №3-4.
–. "Айкөл Манас баяны" // *Эл дүйнөсү*. – 1995. – №1. – Август. 4-7-беттер.
–. Учугун үзүп албайлы // *Ала-Тоо*. – 1989. – №10. 126-123-беттер.
–. Токтогулдун темасында толгонуу // *Ала-Тоо*. – 1991. – №2. 125-133-беттер.
–. Кыл кайрыгындагы өмүр // *Ала-Тоо*. – 1988. – №10. 144-150-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Абак Түркөбай уулу; Абактын тек жайы; Абактын арманы; Абактын кашка аргымагы; Абактын кайрыгы; Айдаралы жөргөлөк; Айнагүл; Айкүмүштүн такилет; Айда ботой; Айтыш; Айдайдын ботою; Акбаланын ботою //*Ала-Тоо*. – 1992. – №1. 134-147-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Абышканын арман күү; Аксаткын менен Кулмырза; Актамак, Көктамак; Акый-акыйнек; Байдын кызы менен жардынын кызы; Күйөө менен колукту; Акындарды жоктоо; Ала-Тоо; Алайдын миң кыял; Алты аялдын кошогу; Алымкан; Алым сабак-ал сабак; Алманбет күүлөр: Алманбеттин жомогу; Алманбеттин арманы; Алманбет менен Чубак ("жол талаш"); Алыска кеткен кыздын арманы; Анжиян калкы; Арстанбек Буйлаш уулу. "Арстанбектин арманы"; Арстанбектин арман кошогу // *Ала-Тоо*. – 1992. – №2-3. 108-120-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Арман күүлөр; Токтогулдун арман күүлөрү; Арман (Токтогулдун күүсү); Арман кербез; Армандуу булбул; Арпанын ала тоосунан; Арсар күү; Асан кайгы; Асан кайгынын жерди сынаганы; Ат кетти; Атчандар шыңгырамасы; Ашыра Калча; Аялдардын сыпаты // *Ала-Тоо*. – 1992. – №4-5. 144-155-беттер.
*Кайыпов С*. Проблемы поэтики эпоса «Эр Төштүк»: Гиперола. Сравнение / Под ред. Проф. Х. Г. Короглы. – Фрунзе: Илим, 1990.
Калык. Жаныш-Байыш. – Фрунзе, 1929.
*Каралаев С*. Эр Төштүк. – Фрунзе, 1969.
*Каралаев С*. Карамолдо. – Фрунзе, 1962.

Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрүндө / Түз. Б. Осмонкулов. – Фрунзе, 1987.
*Карасаев Кусейин.* Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Фрунзе, 1986.
–. Накыл сөздөр. – Фрунзе, 1982.
–. 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө // *Ала-Тоо.* – 1991. – №5.
–. Камус наамадан жооп. – Бишкек, 1992.
–. Камус Наама ("Манас" сөздүгү). – Фрунзе, 1990.
*Касым Тыныстан уулу.* Адабий чыгармалар. – Бишкек, 1991.
*Касымалы Бектен уулу.* Досумдун күлкүсү. – Фрунзе, 1973.
*Касымбеков Т.* Келкел. – Фрунзе, 1990.
–. Сынган кылыч. – Фрунзе, 1990.
–. Тандалган чыгармалар, 1-т. – Фрунзе, 1990.
*Кебекова Б.* Кыргыз эл ырчылары. – Бишкек, 1994.
*Кедейкан.* – Фрунзе, 1970.
*Кененсарин Бөрүбай.* Шабданга кошок//*Ала-Тоо.* – 1991. – №1.
*Кенжебек Алдаяр.* Каардуу күүлөр жана жандуу күүлөр. – Бишкек, 2003.
*Кенчиев Жапар.* Санжыра. 1-китеп. – Бишкек, 1991.
–. Кемпир баатыр баяны. – Бишкек, 2001.
–. Бабалар баяны. – Бишкек, 2002.
–. Шабдан баатыр // *Майдан.* – 1992. – №13. – 20-апрель.
*Кеңеш Жусупов, Эсентур Кылычев.* Аялзатка таазим. – Бишкек, 1996.
Кожожаш. Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе, 1974.
Кожожаш / Түз. Кеңеш Кырбашев. – Бишкек, 1993.
Кошоктор / Түз. Сонор Эгембердиев. – Бишкек, 1993.
*Көчкөнов О.* Кан жол. – Фрунзе, 1991.
*Кудайберген Карымбай уулу.* Эл казынасы: Сатиралык чыгармалар, санжыралар. – Ф., 1981.
*Кулманбетов Жаныш.* Театр дүйнөсүндө. – Фрунзе, 1987.
Курманбек / Жаныш-Байыш. – Фрунзе, 1970.
Курманжан датканы жоктоо / Жыйн. Калмурат Рыскултегин. – // *Мурас.* – 1991. – №3.
*Кумушалиев К.* Алар баштоочулардан болушкан. – Фрунзе, 1979.
–. Залкар таланттар. – Фрунзе, 1973.
–. Кыргыз театрларынын жаралышы. – Фрунзе, 1971.
Кыдыр аке. – Бишкек, 1993.
Кыдыр Аке / Түз. Жамийла Жылкыбаева. – Бишкек: Адабият, 1991.
Кыргыз адабияты. 9-класс. – Бишкек, 1993.
Кыргыздар. 1-том. – Бишкек, 1991.

Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Фрунзе, 1990.
Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-том. – Фрунзе, 1980.
Кыргыз руху – Манас. Адабий изилдөөлөр, табылгалар, эскерүүлөр // *Ала-Тоо*. – 1995. №1.
Кыргыздар I- II / Түз. К. Жусупов. – Бишкек, 1993.
Кыргыздар IV/ Түз. К. Жусупов – Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" Фонду, 1997.
*Маликов Кубанычбек*. Балбай. – Фрунзе, 1940.
*Манап Акылбек уулу*. Бекташ баяны // *Кыргызстан Маданияты*. – 1991. – №38.
Манас: Энциклопедия. 1-2-т. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1995.
Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. IV китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш: II-китеп / С. Мусаевдин жалпы редакциясы менен. – Бишкек, 1995.
Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. II китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986.
Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.
*Матикеев Курманалы*. Манас кошуундарынын жолу // *Кыргызстан Маданияты*. – 1989. – 17-август.
*Можейко И. В.* Ааламдын 7 жана 37 кереметы. – Фрунзе, 1991.
Молдо Кылыч. Казалдар / Түз. Омор Сооронов. – Фрунзе, 1991.
*Мокрынин В.* Барсбек кыргыз каганы. – Бишкек, 1993.
*Молдобасан Мусулманкулов*. Молдобасан. Ырлар, дастандар. – Фрунзе, 1983.
*Мукамбаев Жээнбай*. Эл ичи-өнөр кенчи. – Фрунзе, 1990.
– . Эл ичи-өнөр кенчи / Памир мени эңсетет / Очерктер, илимий-популярдуу публицистикалар. – Фрунзе, 1982.
. Памир күүлөрү // *Ала-Тоо*. – 1987. – №3.
*Нааматбаев Сагын*. Ташбай Айдаров жана айдаровчулар//*Ала-Тоо*. –1982. – №8.
*Найманбаев Мукаш*. Улар уккан адам: Арстанбектин арманы // *Асаба*. – 1994. – 6-октябрь.
Нарын облусу. Энциклопедия. – Бишкек, 1998.
Обондуу ырлар. Кадыр түн / Түз. Бекмурза Рахман уулу Жекембайтегин. – Бишкек, 1994.

Олжобай менен Кишимжан / Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе, 1974.
Орхон-Енисей тексттери. – Фрунзе: КР ССР Илимдер Академиясы, 1982.
*Осмоналиев Качкынбай.* Көчмөндөр кагылышы. – Фрунзе, 1992.
Осмонкул / Түзгөн Б. Осмонкулов. – Фрунзе, 1978.
*Осмонкул.* Менин өмүрүм. – Фрунзе, 1968.
*Осмонов Ө. Ж, Асанканов А. А.* Кыргызстан Тарыхы. – Бишкек, 2008.
*Өмүралиев Ч.* Теңирчилик. – Бишкек, 1994.
*Өмүралиев Ч.* / Баш сөз. жазган жана басмага даярдаган/ Осмонаалы Сыдык уулу. Кыргыз Шабдан тарыхы // *Кыргызстан Маданияты.* – 1990. – 22-ноябрь. №47.
*Радлов В. В.* Образцы народной литературы северных тюркских племен. ч. 5. Наречие дикокаменных киргизов. Предисловие. – Петербург, 1885.
Реми Дор. Ооган памириндеги кыргыздар. – Бишкек, 1993.
*Рысбек уулу Өзүбек.* Бул жарыкта сөз өлбөйт: Жеңижоктун арманы // *Мурас.* – 1992. – №3-4.
*Рыскулов Акбар.* Миллениумду "Миң кыял" менен тоссок // *Кыргыз Туусу.* – 1999. – 10-13-декабрь.
*Рыскулов Сардарбек.* Мүнүшкөрлөр. – Фрунзе, 1986.
Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти, анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы ("Мажму атут-таварих") / Которгон М. Досболов, Омор Сооронов. – Бишкек, 1996.
*Саманчин Тазабек.* Кылыч жазуучу-акын // *Ала-Тоо.* – 1989. – №8.
Саринжи-Бөкөй / Айткан А. Үсөнбаев. – Фрунзе, 1958.
*Сактанов К.* Сталин. – Бишкек, 1997.
–. Арман күү // *Советтик Кыргызстан.* – 1982. – 12-декабрь.
*Саламатов Тимур.* Оболо кыргыз обону // *Ала-Тоо.* – 1990. – №10.
*Сапарбаев К.* Катуу багыт. – Бишкек, 1991.
*Сейдакматов К.* Сартбай акын // *Мурас.* – 1992. – №1.
*Сикалиев А.* Древнетюркские письменные памятники и ногайцы// *Советская тюркология.* –Баку. –1970. – №4.
Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. – Фрунзе, 1987.
Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. II китеп. – Фрунзе, 1989.
*Солтонбеков Бирлик.* Карамолдонун күүлөрү. – Бишкек, 2003.
*Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 1-2-т. – Бишкек, 1993.
– . Аюуке-Майтык // *Ала-Тоо.* – 1989. – №5.

–. Кызыл кыргыз тарыхынан // *Ала -Тоо.* – 1988. – №11.
*Сооронов О.* Жалайыр жалгыз // *Мурас.* – 1992. – №3-4.
–. Жалайыр жалгыз // *Мурас.* – 1991. – №3.
–. Кандын кунуна татыган баатыр // *Ала-Тоо.* – 1991. – №9-10.
*Стамов А.* Жортуул. – Бишкек: Учкун, 1992.
*Стеблева И. В.* Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период. – Москва: Наука, 1976.
*Субаналиев С.* Киргизские музыкальные инструменты. – Фрунзе, 1986.
*Супатай уулу Аман.* Уламадан уккан кеп // *Мурас.* – 1991. – №2.
*Сыдыкова Кален.* Кыргыз Тарыхы. – Бишкек: Бийиктик, 2007.
*Ташбаев Карымшак.* Канатсыз куш сыяктуу: Комузчу Болуш Мадазимов менен маек // *Кыргызстан Маданияты.* – 1987. – 4-июнь. – №23.
Тоголок Молдо. I. – Ф., 1970, 247-бет.
Тоголок Молдо жөнүндө эстеликтер. – Фрунзе, 1960.
Тоголок Молдо. Изилдөөлөр, эскерүүлөр/ Түз. С. Кайыпов. – Бишкек: Адабият, 1991.
Тоголок Молдо. Ырлар. 1-том. – Фрунзе, 1955.
Тоголок Молдо. Чыгармалар. 2-том. – Фрунзе, 1955.
*Токобаев Молдогазы.* Кайгылуу Какей // *Кыргыз-Туусу.* – 1992. – 19-май.
*Токомбаев Аалы.* Кандуу жылдар. – Фрунзе, 1961.
*Токомбаева А.* Каюм Мифтаков. – Фрунзе, 1991.
Токтогулдун замандаштарынын эскермелери / Басмага даярд. М. Сардыбаев. – Фрунзе, 1959.
Токтогулдун замандаштарынын эскермелери / Түз. Сүйөркул Тургунбаев. – Фрунзе, 1990.
*Токтомушев А.* Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1973.
–. Он дастан. – Бишкек, 1991.
–. Боогачы //*Кыргызстан Маданияты.* – 1988. – 9-июнь. – №24.
–. Боогачы//*Кыргызстан Маданияты.* – 1988. – 16-июнь. – №25.
*Төрөкан уулу Эсенкул.* Шабдан баатыр ким болгон? // *Кыргыз Руху.* – 1992. – 5-август.
*Турсуналиев Э.* Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Фрунзе, 1991.
*Турусбеков Ж.* Чыгармалар. – Фрунзе, 1960.
*Турсунов Э.* Ата журт. – Фрунзе, 1990.
–. Балбай. – Бишкек, 2002.
–. Балбай жана анын доору. – Бишкек: Кыргызстан, 1992.
*Тыныбеков Т.* Менин устаттарым. – Фрунзе, 1983.

*Урманбетов Орузбай*. Гүлгаакы. – Фрунзе, 1969.
*Урустанбеков Б. У., Чороев Т. К*. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Фрунзе, 1990.
*Үмөталиев Темиркул*. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе, 1967.
*Үмөталиев Ш*. Турмуш ашуусу. – Фрунзе, 1983.
Үркүн 1916. – Бишкек, 1993.
*Үсөйүн-ажы*. Кыргыз санжырасы/*Кыргыздар. I*. – Бишкек, 1993. 72-122-беттер.
–. Кыргыз элинин диний ишеними жана салт-санаасы жөнүндө/ *Кыргыздар. IV*. – Бишкек: “Кыргызстан-Сорос” Фонду, 1997. 560-569-беттер.
*Үсөнбаев Алымкул*. Аксы багытында: Ырлар жыйнагы. – Фрунзе, 1962.
*Үсөнбаев Замирбек*. Алымкул төкмө 100 жашта. – Бишкек, 1994.
*Фуртичев В. И*. Сүймөнкул Чокморов. – Фрунзе, 1981.
*Худяков Ю*. Енисей кыргыздарынын тарыхы/*Кыргыздар I*/ Түз. К. Жусупов. – Бишкек, 1993. 118-240-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1989. – №1. – 117-141-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1990. – №3. – 88-102-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1990. – №4. – 117-127-беттер.
–. Кыргызы на просторах Азии. – Бишкек: Фонд Сороса Кыргызстан, 1995.
*Чороев Т. К*. Махмуд Ибн Хусейин Аль-Кашгари жана анын “Түркий тилдер сөз жыйнагы”. – Фрунзе, 1990.
*Чоротегин Т. К., Өмүрбеков Т. Н*. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Бишкек, 1997.
*Шабданбаев Токтонаалы*. Мекенимди даңктаймын. – Фрунзе, 1973.
–. Мурас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986.
*Шатманов С*. Элдик күүлөр жөнүндө эң сонун баян // *Эркин Тоо*. – 2002. – 8-март.
–. Менин өмүр баяным. – Бишкек, 2003.
*Ху Чжен Хуа*. Хейлунцзянь провинциясындагы кыргыздар // *Шиңжан кыргыз адабияты*. Үрүмчү. –1981. – №1.
Ыбырай Туманов. Күүлөр / Түз. жана нотага түш. Феферман, В. В. – Фрунзе, 1990.
Ыбырайым Абдракманов. – Фрунзе, 1987.
Ыйык Китеп (Тоорат, Забур, Инжил). – Бишкек, 2004.

*Ысакеев Баялы.* 1916-жыл //Ала-Тоо. –1991. –№7.
–. Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрү. – Фрунзе, 1987.
*Элебаев Мукай.* Узак жол. – Фрунзе, 1971.
Эл ырчылары / Түз. С. Кайыпов. – Фрунзе, 1981.
Элдик салттын наркы. / Жыйн. Калмурат Рыскул тегин // *Мурас.* – 1991. – №4.
Элдик театрдын олимпиадасы // *Кызыл Кыргызстан.* – 1936-жыл. – 22-октябрь.
Элдик театрдын олимпиадасы // *Советская Киргизия.* – 1936-жыл. – 2-ноябрь.
*Эралиев С.* Тандалмалар. Ырлар жана поэмалардын 2 томдугу. – Фрунзе. – 1991.
Эр Табылды. / Айткан А. Тыныбеков. – Фрунзе, 1957.
Эр Табылды. – Фрунзе, 1970.
*Эсенжан Тынай уулу.* Кайгылуу Какей //*Кыргыз Туусу.* – 1992. – 19-май.
*Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. – Бишкек, 1995.
Эшманбет. Чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе, 1988.
*Янковский В. В.* Музыкальная культура советской Киргизии. – Фрунзе, 1982.

# ЫСЫМ, ТЕРМИН ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨРДҮН КӨРСӨТКҮЧҮ

*Түзгөндөр: Элмира Көчүмкулова*
*Элмира Дүйшеева*

## I. АДАМ АТТАРЫ


Аалы Токомбаев: 511, 534, 536.
Абак Түркөбай уулу: 213, 279, 452-459.
Абар Абдраимов: 584.
Абд ал Карим-бий: 610.
Абд Рахым-бий: 610.
Абдаллах: 81.
Абдилла Тешебаев: 173, 174.
Абдракман Кыдырбаев: 64, 88, 93, 507, 539, 556.
Абдрасул Осмонов: 589.
Абдрасул Токтомушев: 413, 510, 515, 547.
Абдыкадыр Жаналиев: 11, 54, 558.
Абдыкалык Чоробаев: 254, 411.
Абдыкерим Мокоев: 64, 220, 383.
Абдылас Малдыбаев: 492, 496, 573, 580.
Абдыш Ракымов (Ракым уулу Абдыш): 430, 435, 526.
Абдышарип Тургунбаев: 208-209, 240, 450.
Аблай хан: 609.
Абрамзон С. М.: 14.
Абылгази: 14.
Абылкасым Жутакеев: 532.
Авиценна (Улукман аке, Абу-Али-Ибн-Сина): 57, 117-120, 227, 294-295, 603, 605.
Адамкалый Байбатыров: 616.
Адыл-ойчул: 107, 109-110.
Ажыбек-баатыр: 609.
Ажыбек-датка (Ажыбек датка): 342, 363, 372, 480, 611.
Азирети Аалы (Али): 78-85, 604.
Азирети Жусуп алей салам: 604.
Айдар аке: 322-323, 325.
Айдарбек датка: 479.
Айдралы Байшүкүр уулу: 614.
Акбала: 46, 121, 361, 363, 368.
Акимкан Сыдыков: 65, 421, 582, 618.
Акматалы Моңолдор уулу: 64, 536, 539.
Акматбек Сүйүнбаев: 612.
Акраман Үмөтов: 329.
Аксак Темир: 606.
Актан Молдуманов: 486.
Актан Тыныбеков (Тыныбек уулу): 33, 213-214, 292, 616.
Акысбек Дүйшеев: 556.
Алаш хан: 601.
Алдаш Жээникеев (Алдаш Молдо Жээнике уулу): 386, 532.
Александр Македонский (Искендер Зулкарнай): 151, 259.
Алим-хан: 610.
Алтан-хан: 607.
Алтымыш Мундузбаев: 173, 225, 299.
Алыкул Осмонов: 247, 411.
Алымбек датка: 94, 338-339, 359-360, 363, 372, 473, 475, 478-481, 521, 611.
Алымкул Үсөнбаев: 221, 375.
Алымкул-аталык: 611.

Алымкул-аталык: 611.

Аль Фараби: 604.

Аман Супатай уулу: 269.
Амантур Абдрасул: 60.
Амантур Баяс: 67.
Анара Эсенгулова; 619.
Анарбай Эрмеков: 173.
Анаш Сооронбаев: 599.
Анвар Байтур: 59-60.
Апсамат Масалиев; 612.
Аристотель: 119.
Арстанбек Буйлаш уулу: 111-121, 145, 213, 235-336, 338-339, 355-357, 359-361, 363-365, 367-371, 373, 380, 386, 453-454, 473, 475, 478-479, 482, 485, 611, 613.
Арык ата: 528-530.
Асан Кайбылдаев (Кайбылда уулу): 1-3, 39, 393, 435, 556.
Асан Сейдалиев: 234, 416, 618.
Асаналы Өмүров: 616.
Асаналы Кыштообаев (Кыштообай уулу): 14, 31, 33, 47, 54-55, 64-65, 148, 173, 213, 235, 245, 275, 286, 291-292, 293, 300, 304, 309, 315, 356, 366, 374, 396-397, 406, 435, 450, 455, 459, 461, 491, 535, 556, 559, 560, 562, 566, 582, 584, 590, 617-618.
Асанбай Каримов: 173, 283, 286, 341, 584, 617.
Асанбай Мамбетов: 173.
Асанбек Жуматаев: 592-593, 619.
Асанбек Кыдырназаров: 173, 386-387, 395, 435, 459, 576, 581-582, 618.
Асанов, Н: 234.
Асек Жумабаев: 560.
Асек Мусаев: 535.
Асел айым: 474, 475.
Аскар Акаев: 612.
Асылбек Дуйшө уулу: 14.
Асылбек уулу Тынышбек: 152.
Асылбек Эшманбетов: 54, 65, 245, 345, 410-411, 416, 421, 435, 491, 570.
Атай Огомбаев (Огонбаев): 341, 421, 535, 556, 617; Атай Байзак уулу: 207, 235, 535, 615.
Атайбек Бөдөшов: 619.
Атаке-батыр: 265, 363, 379, 385, 609.
Атилла (Атыла хан, Адыл баатыр): 89, 90-91, 162, 603-604.
Аясы Кенту (Ли Чан Сан): 60.
Бабажан Токтогулов: 11, 199, 200.
Багыш Сазан уулу: 255, 264,
Байбуура: 403, 405, 452.
Байгабыл: 452, 494.
Байгазы: 63, 417-421, 425, 452, 454.
Байтик Короочиев: 486.
Байтик-батыр: 611.
Бактыбек Чытырбаев: 116, 173.
Балбай Алагушев: 498.
Балбай баатыр: 94, 363, 365, 372, 384-389, 391-393, 395, 408, 418, 446, 498, 500, 611-612.
Балык (Балыкооз) Кумар уулу: 58, 90, 111, 175.
Барамша Абдракманов: 173, 283.
Баргы-бий: 609.
Барпы Сапеков: 65, 225, 234.
Барсбек: 94-96, 100-106, 604.
Бартольд, В. В.: 225, 366-367.
Батырбек Табалдиев: 212.
Баянчор: 604.
Бегималы Жамгырчинов: 511.
Бейшеке Жандаров: 64, 132, 618.
Бейшен Бакыев (Бакы Бейшен уулу): 55, 199, 367, 450.
Бейшеналы Кулболдиев: 65, 618.
Бексултан Бердибаев: 291, 556.
Бектемир Эгинчиев: 571.
Бектур Осмонов: 54-55, 63, 423-424, 525, 556, 560, 617.

Белек Солтоной уулу (Солтоноев): 14, 33, 58, 89, 105, 113, 135, 172, 202-203, 225-226, 254, 258, 260-261, 268, 273, 284, 297, 355-356, 373, 376, 386, 442, 448, 473, 449, 537-539, 547.
Белек: 608.
Бердике берен: 609.
Бермет Ашымбекова: 154, 246.
Бернштам, А: 14, 33, 237.
Беруни: 119.
Билге каган: 95, 102, 105.
Бишкек-баатыр: 611.
Бойла Кутлуг Ярган: 94.
Боккөтөн Шааке уулу: 213, 279, 361, 452, 535, 539, 614.
Болот: 413-416.
Болот Мамбетов: 612.
Болотбек Шерниязов: 3.
Болуш Мадазимов: 170, 173, 199-200, 212, 410, 421, 473, 562, 571, 618.
Болшойбек Абдижалилов: 435.
Боогачы Жакыпбек уулу: 615.
Боорсок-бий: 610.
Боромбай-хан (Боромбай бий): 202, 363, 384, 403, 611.
Ботокан уулу Турпан: 556.
Бөжөй Шадыканов: 617.
Бугра хан: 14.
Бука ырчы: 122-123, 126-127, 129-130.
Бумын каган: 95, 97, 604.
Бурулча Осмонбек кызы: 498, 613.
Буудайбек Сабыр уулу: 1, 156, 161, 184, 213, 248, 272-273, 287, 396, 408, 498, 539.
Бүргө-баатыр: 609.
Ван Хавчун: 59-60.
Виноградов, В.: 62, 104, 121, 235, 255, 268, 291, 376, 408, 417, 436, 486-487, 498 585-586.
Галдан Бошотку: 335, 607.
Галдан Церен: 171, 227, 258, 607.
Гален: 119.
Гаоди: 34.
Герман Вамбери: 80.
Геродот: 7.
Гиппократ: 119.
Гүлүй Түкөбаева: 556.
Дастан Сарыгулов: 3, 344, 619.
Датка Шаакеев (Шааке уулу): 69, 77, 116, 255, 263, 267-268, 271, 283, 291, 293, 309, 315, 461, 616.
Деркенбай: 391-392, 394-395.
Долон-бий: 607.
Доорон Сами уулу: 161.
Дүрбек: 69.
Дыйканбай Боромбаев: 173.
Ж. Таштемиров: 287.
Жаангир-кожо: 606.
Жайыл-бий: 609.
Жакшыбай Жээнтаев: 148, 154, 173, 212, 224, 571.
Жали Алиев (Жали Али уулу): 64, 161, 163, 173, 212, 220, 225, 234, 245, 292, 309, 315, 535, 546, 556.
Жалил Садыков (Садык уулу): 56, 407.
Жамми: 69, 76.
Жамин Акималиев: 3.
Жаналы Корочиев: 64, 346.
Жанкарач-бий: 611.
Жантай: 264, 411-416; Жантай-хан: 363, 412, 414-415, 611.
Жанчар кан: 162, 163, 165-168, 604.
Жаныбек Жакыпбек уулу: 204.
Жаныбек-кан: 135-137, 202, 606-607;
Жаныш Кулманбетов: 581.
Жаңыл Мырза: 94, 254-262.
Жапар Кенчиев: 67, 225, 254, 264, 351, 386, 468, 543, 599.

Жеңижок (Өтө, Көкө уулу): 145, 148, 151, 183-184, 221, 425, 482, 516-521, 615.
Жирмунский, В. М.: 12, 33.
Жокобаева: 497.
Жолбун: 428, 452, 529-530, 564-565.
Жолой Боогачин уулу: 615.
Жолой-калмак: 608.
Жоошбай: 482.
Жөжө: 363.
Жөлөгөн Чымырбаев (Чымырбай уулу): 65, 88, 113, 116, 275, 558.
Жумадыл Дөөлөткелди уулу: 448.
Жума Жамгырчиев: 213.
Жумалы Бекеев: 332.
Жумалы Сейдалиев: 571.
Жумаш Саркөбөнова (Саркөбөн кызы): 11, 340-341.
Жунусалы Кутубаев: 343.
Жусуп Баласагын: 94, 145.
Жусуп пайгамбар: 69.
Жусуп Самаков: 65, 571.
Жусуп Турусбек уулу (Турусбеков): 534.
Жусупкул Жаналы уулу: 493.
Жуучу: 122, 125, 128, 130-132, 136, 202, 605.
Жылчый Курманкожоева: 424, 459.
Жээнбай Мукамбаев (Мукамбай уулу): 1, 170, 247, 287, 299.
Зайнидин Иманалиев: 619.
Замирбек Үсөнбаев: 148.
Зарыпбек-султан: 612.
Затаевич, А.: 62, 104, 184, 255, 291, 270, 376, 408.
Зина Мамбетсейит кызы: 421, 566.
Зина Шайбекова (Шайбек кызы): 154, 283, 493, 497.
Зыяш (Зияш) Бектенов (Бектен уулу): 396-397, 418, 421, 454.
Ибн Сина (Авицена): 57, 118-119, 605.
Илим Кулматов: 173.
Илияз Кулмат уулу: 299.
Илья Жаханов: 125.
Искак Раззаков: 612.
Искендер Зулкарнай (Александр Македонский): 151, 259.
Истеми каган: 95, 106, 604.
Иштван Коңур Мандокинин: 115.
Кадыралы Кайназар уулу: 18.
Кадырбек Жолдошбеков: 574.
Кадыркул Даутов (Даут уулу): 247-248.
Казакбай Абдышев: 596, 619.
Кайдуу: 452, 463, 564.
Кайым Муптак уулу: 69, 111, 155, 183, 201, 213, 255, 268, 279, 299, 356, 375, 386, 392, 411, 415, 432, 486, 493, 495.
Кайып апа: 511, 513, 515.
Кален Сыдыкова: 498.
Калинин, М. И.: 571, 573.
Калмурат Рыскул уулу: 536.
Калыгул олуя: 145, 264, 363, 380-382, 397, 454, 467, 482, 503.
Калык (Акиев): 183-184, 193, 616.
Калча Суранчы уулу: 159.
Камчыбек: 474-477, 614.
Кан Кудаян: 606.
Кана Базаркулов: 64, 173, 283.
Канаат хан (Канат-кан): 535-538, 612.
Капаган каган: 604.
Капал: 452.
Карабек болуш: 487-490.
Карамолдо Орозов: 54, 63-65, 339, 343, 410-421, 507-508, 535, 559-561, 570, 576, 585, 586, 587, 591, 616.
Карыбек Жаңыбай уулу: 183.
Касым кан: 366.
Касым Кайым уулу: 417.
Касым Тыныстанов (Тыныстан уулу): 254, 262.

Касымалы Баялинов: 534, 549.
Касымалы Тойгожоев: 562, 571.
Качканак Салибай уулу: 164, 597.
Качыбек-бий: 612.
Кеңеш Сулайманов: 54, 562, 619.
Кебекбай Масылбаев: 174.
Келдибек: 482.
Кемел Белеков: 78.
Кенесары (Касым уулу): 341-342, 363, 379, 468.
Кенжебек Алдаяр (Кенжебек Садырбеков): 6, 63, 65, 94, 99.
Кенжекара Калча уулу: 614.
Кинасбек Жумаканов: 600.
Кишимжан Кыдыр кызы: 430.
Клара Цеткин: 574.
Кожемяко, П. Н.: 237.
Кожомкул-балбан: 612.
Кожош Мусаев: 8.
Коргоол (Досиев): 486, 491, 617.
Кошалы Кыскараев: 283, 618.
Кошкулак: 523-524.
Кошой-бий: 609.
Көксулуу: 516-518.
Көпбай Күмүшалиев: 356, 371, 468, 568, 585.
Көчкөн Сактанов: 67.
Кубанычбек Маликов: 386.
Кубат бий: 248-249, 258, 346-349, 363, 608.
Кудайберген Үркүнчү уулу: 343, 380, 614.
Кудайырбек: 452.
Кудаяр Матаев (Матай уулу): 64, 173, 248, 253.
Кудаяр-хан: 448, 610.
Кулбай Түмөнбаев (Түмөнбай уулу): 161, 173, 208, 212, 245, 576.
Кулмат Асанбаев (Кулмат Асанбай уулу): 283, 617.
Култегин: 95, 96, 100-106, 604.
Култепер: 104-110.
Курманалы Калботоев: 173, 208, 212, 225, 234, 416.
Курманалы Матикеев: 20, 59.
Курманбек баатыр: 192-193, 195, 199, 258, 467, 607, 609
Курманбек Бакиев: 593, 612.
Курманбек Калботоев: 507.
Курмангазы Азыкбаев: 346, 615.
Курманжан-датка: 94, 363, 365, 473-478, 480, 520, 521, 611.
Куропаткин: 538.
Кусейин Карасаев: 136, 386, 392, 396, 427, 493, 540.
Күрөңкөй Белек уулу: 613.
Кыдыр Байсары уулу: 613.
Кыдыр аке: 335, 425-432, 526-529, 563, 613.
Кызай Жумабекова: 468.
Кыргыз-Ата: 6-8, 13, 101, 258, 601.
Кычанов, Е.: 130.
Лама Доржу: 607.
Ленгардт, А. А.: 161.
Ленин: 145, 559, 561, 564-565.
Ли Гуань: 34.
М.Токобаев: 557.
Мадалы-хан: 610.
Майлыбай Бөкө уулу: 425, 452, 615.
Мала-хан: 160.
Макеш Тургунбаев: 397.
Макеш Турумбай уулу: 397, 406.
Мамажан Зулпуев: 300.
Маман палбан: 475.
Мамат Солтон: 6.
Мамыр Мерген уулу: 448-449.
Мамытбек: 473, 475.
Манап Акылбек уулу: 309.
Маркс: 145.
Масанша тайшы: 607.
Матосмон Салибеков: 325.
Махмуд (Махмут) Кашкарлык,

(Махмуд Кашкари): 94, 240, 259.
Медет-датка: 479, 609.
Мейилкан Козубекова: 54, 618.
Мекиш Батаев: 560.
Мирзарабадда Романовский: 367.
Моде Шануй: 601, 603.
Мойт аке: 397, 468, 499, 529.
Молдо Кылыч: 264, 380, 454, 482.
Молдо Нияз: 363, 473, 478, 482.
Молдо Ыскак: 482.
Мокрынин, В.: 106.
Музооке (Музооке Жаманкара уулу): 121, 279, 381, 452, 482-485, 613-614.
Мукай Элебаев: 534.
Мукамбет кан: 366.
Мукамбет Кыргыз: 94, 607.
Мукамбет пайгамбар: 78, 80, 81, 460.
Муканбет Исакунов: 597.
Мукаш Калый уулу: 541-542.
Муңке хан: 605.
Мурад-хан: 610.
Мурат Калбеков: 173.
Мураталы Күрөңкеев (Күрөңкөй уулу): 69, 156, 213, 268, 272, 279, 363, 368, 436, 411, 417, 425, 450, 453, 482.
Муратбек Рыскул уулу: 413.
Мурзапар Үсөн уулу: 328.
Мурсалы Турсунбаев: 93, 199, 408, 424.
Муса Баетов: 617.
Муса Молдоканов (Молдокан уулу): 93, 174, 245, 340, 584.
Муса Сейилкан уулу: 615.
Мусулманкул-аталык: 609.
Мутан Үсөн уулу: 287, 290.
Мухаммед хан уулу Абылгазы Бахадур хан: 128.
Мухтар Ауэзов: 14.
Мыктыбек Үмөталиев: 618.
Мырзапаяз: 473, 475.
Назар: 482.
Назар Шишбаев (Шишбаш уулу): 93, 340, 386, 482.
Намазбек Уралиев (Ураалы уулу): 64, 120, 141, 117, 491, 586-587, 590, 592, 619.
Нарбото-бий: 609-610.
Наркүл: 519-522.
Насирдин Байтемиров: 151.
Насыр эд Дин алым: 604.
Ниязалы Борош уулу: 184, 208, 213, 268, 279, 372, 375, 383, 425, 452, 536, 614.
Ногойбай: 452.
Нурак Абдракманов: 64, 66-67, 68, 141, 298, 317, 343, 416, 421, 587, 590, 619.
Нурлан Нышанов: 619.
Нуруйла Усупова: 283.
Нурулай Нусупова: 497.
Нусуп бий: 363.
Нух пайгамбар: 7, 67, 128.
Нышаа-баатыр: 609.
Нышан Жээнтаев: 587.
О. Көчкөнов: 348-349.
О. Мамыркан уулу: 386.
Оморбек Нарбеков: 224.
Омор Сооронов: 299-300, 448-449.
Омор Эркетанов: 386, 468.
Ормон хан: 94, 136, 264, 363, 376, 380, 387, 501, 611.
Ормонбек Асанов: 618.
Орозбай Көчкөнов: 336.
Орозбай молдо: 332, 344.
Орозбек Айтымбетов: 6, 9, 24, 58.
Орузбай Кенчибаев: 619.
Орузбай Урманбет уулу (Урманбетов): 183, 225.
Орун Какбаш: 300.
Оулен: 605.
Өгүз-хан: 7, 8.

Өзбек Алымкулов: 132, 421.
Өзбек-бий: 612.
Өзбек Рысбеков: 54, 191, 200, 212, 376, 383, 486, 576.
Өмүрбек Карагулов: 24.
Өскөн Даныкеев (Даникеев): 408.
Петр Федорович Шубин: 569.
Птолемей: 7.
Радлов, В. В.: 14, 33, 95, 247.
Райымберди Саакеев (Раимберди Сакеев): 182, 315.
Рачневский, П.: 127.
Рашид кан: 366.
Реми Дор: 300.
Рерих, Н. К.: 184.
Руслан Жумабаев: 246, 253.
Саадабай Бабакан уулу: 111, 356.
Саадабай Шабданов: 132, 619.
Садык Өмүрбай уулу: 448.
Сагымбай (Орозбаков): 15, 59, 145, 381.
Садыр аке: 426, 431-432.
Садыр Султанов: 173.
Саид Бекмуратов: 69, 77, 172, 255, 315, 617.
Саид ибн Осмон Хатун: 80.
Сайф-ад-дин ибн-дамулла-шах Аббас Аксикент: 14.
Салибай Шатманов: 308.
Сам: 7.
Самара Токтакунова: 64, 65, 212, 582, 619.
Самсалы Аликеев: 64, 283, 343, 345, 374, 576, 584, 615.
Санарбек Карымшаков: 459, 576.
Сапарбек Закиров (Закир уулу): 90, 112, 175, 270, 299, 446, 493.
Сардарбек Рыскулов: 537.
Сарт аке: 381, 397-399, 403, 406, 468-469.
Сартбай: 493-496.
Сартпай Бөлөкбай уулу: 613.
Саякбай (Каралаев): 15-16, 22, 27, 44, 145, 156-158, 159, 418, 420, 428, 453.
Сейилкан: 360-361, 363, 380.
Секалиев, А.: 115.
Сексенбай Айманбетов: 64, 132, 346, 421, 618.
Сократ: 119.
Солтобай Токтоболотов: 532.
Солтоной-батыр: 609.
Сталин: 68, 561.
Стеблева, И.: 97.
Сулайманкул датка: 517.
Султан Бабур: 606.
Султан Ибраимов: 612.
Сүйөркул Тургунбаев: 97.
Сүйдүм Төлөкова: 510, 558, 618.
Сүйүнбай Эралиев: 343-344, 411, 520, 588.
Табылды Актанов (Актан уулу): 103, 619.
Тагай-бий: 263, 297, 463, 607.
Тазабек Саманчин: 355, 446.
Таип Рысматов: 174, 199.
Тайлак баатыр: 94, 316-321, 342, 363, 372, 482, 612, 614.
Тайтеке Сатыбалды уулу: 614.
Ташбүбү Карим кызы: 326.
Таштан Каипов: 173.
Тахир хан: 366.
Теке-баатыр: 612.
Тилекмат (аке): 363, 381, 388-389, 397, 430, 437, 447, 454, 467-470, 528, 529, 612.
Тисенгаузен, В. Г: 122, 130.
Тобок-алп: 609.
Тоголок Молдо: 7, 135, 235-238, 247-248, 252, 254-255, 259-260, 269-270, 276, 366, 381, 396, 482, 510, 512.

Тойкожо Бучук: 613.
Токон Жумашев: 156.
Токтобүбү: 551-552.
Токтогул Сатылганов: 62, 113, 121, 140, 145, 148, 183-184, 201, 204, 207-208, 213, 221, 235, 268, 279, 339, 343, 351-352, 356, 366, 372, 375-376, 383, 408, 425, 452, 486, 498, 520-521, 615.
Токтомуш-хан: 14, 113, 413, 510, 515, 547, 607.
Токтоналы Шабданбаев: 560.
Токторбай Бектурганов: 551.
Токтосун Боогачы уулу: 532.
Токтосун Тыныбеков: 618.
Токчулук: 452.
Толтой Мураталиев (Мурат(а)алы уулу): 275, 309, 315.
Толубай сынчы: 140, 606.
Томсен, В.: 95.
Тонүкөк: 95.
Топчубай Токтосунов: 174.
Төөгөчү: 425, 428, 430-435.
Төлөн Касаболотов: 619.
Төлөн Насирдин тегин: 97.
Төлгөчү Кара Төлөк: 89-92.
Төрөбай Кулатов: 612.
Төрөбек Оторбаев (Оторбай уулу): 8, 14-15.
Турдакун Усубалиев: 612.
Турдубай Абдракун уулу (Абдракунов): 24, 34.
Турсун Карымшаков: 65, 346, 574, 618.
Тууганбай Абдиев: 184, 199, 595.
Түгөлбай Сыдыкбеков: 14, 57, 94, 396, 407.
Угуз-хан: 9, 14-15, 33, 58, 162, 601-602.
Улугбек: 606.
Улукман аке (Авиценна, Абу-Али-Ибн-Сина): 57, 117-120, 227, 294-295, 603, 605.
Урдөөлөт (баатыр): 500-504.
Усубалы Казаков: 424, 435, 584.
Усуп Орозов: 14, 40, 54, 64, 291, 293, 339, 509, 535, 556, 558, 616.
Үгөдөй: 605.
Үмөр Мамытов: 459.
Үмөт Асымбеков: 386.
Үмөт молдо: 329, 332-333.
Үсөйүн-ажы: 7.
Фараби: 118, 119, 604.
Фархидин Баяков: 619.
Фатима: 81, 83.
Феликс Кулов: 593.
Феферман, Б. В.: 580, 586.
Фирдоуси: 69.
Хаджи Мухамад: 479.
Хадича: 78, 81.
Хам: 7.
Хатун падыша: 80.
Ходжа Ахмед Равгузи: 362.
Хорезми: 119.
Худяков, Ю.: 345.
Ху Чжен Хуа: 127.
Хубилай: 605.
Цеван Доржу: 607.
Цеван (Цебан) Рабдан: 258, 333, 607.
Чал Усөнбаев (Үсөнбаев): 173-174, 255.
Чалагыз Иманкулов (Ыйманкулов): 14, 64-65, 78-79, 104, 107, 110, 164, 175, 207, 295, 343, 355, 396, 408, 417, 421, 450, 498, 505-506, 586, 617, 619.
Чалагыз Исабаев: 619.
Чоңмурун Кыдыр уулу: 616.
Чокан Валиханов: 136.
Чоюке: 529

Чоюн Өмүралиев: 8, 468.
Чыңгыз Айтматов: 141, 279.
Чынгыз хан (Темучин): 121-125, 127, 128, 130, 605.
Чыны: 396-400, 402-404, 406.
Чыныбай-манап (Чыныбай Тилекмат уулу): 292, 430, 437, 441-443, 447, 455, 528-529, 611.
Чыңгышбай: 452.
Шаабай Азизов: 396-397.
Шабдан-баатыр: 257, 265, 413, 414, 437-446, 503, 512-513, 515, 612.
Шабий Токтоев: 459, 486, 569.
Шайлообек Дүйшеев: 6.
Шайымбек Апылов: 583.
Шакен Жоробекова: 173, 262.
Шаршебай Көлбалаев: 619.
Шаршен Термечиков: 617.
Шаршенбек Уметаалиев: 90, 113.
Шарыйпа Кемелгазиева: 474.
Шахрук-бий: 610.
Шейбани-хан: 606.
Шекербек Шеркулов: 64, 110, 225, 234, 343, 345, 486, 584, 587, 618.
Шералы-хан: 610.
Шоорук-бий: 609.
Шүкүралы Бектенов: 576.
Шүкүрбек Бейшеналиев: 482.
Шыгай Бектур уулу: 423.
Шыгай-кан: 23.
Ыбырай (Ыбырайым) Абдыракманов: 255.
Ыбырай (Ыбрай) Туманов: 54, 63-65, 172, 245, 278, 283, 293, 315, 345, 355, 374, 421, 424, 429, 435, 450, 507, 509, 539, 560, 562, 564, 566, 569, 570-572, 574-576, 584, 587, 589, 616.
Ыйманкул Мырзаев: 212, 315.
Ындыбай: 452, 459.
Ысак Барпиев: 596.
Ысакбек Мони уулу: 583.
Ысак Шайбеков: 532, 534, 544.
Экия Мукамбетов: 558, 560.
Элтерес каган: 96, 604.
Эрдене-бий: 249, 610.
Эркесары Бекбасаров: 11, 63, 65, 110, 132, 208, 212, 224, 245, 343, 345, 376, 421, 459, 486, 491, 587, 616.
Эркинбаев, А: 293.
Эрназар Жолдошев: 173.
Эрнис Турсунов: 386, 498, 549.
Эрнак: 604.
Эсенаман Жапак уулу: 614.
Эсен Балкыбек уулу: 225, 234, 508.
Эсенбек Акайбаев: 64.
Эсенжан Тынай уулу: 557.
Эсенкан Шүкүров: 468.
Эшмамбет (Байсейит уулу): 615.
Эшманбет Молдокулов: 587, 589.
Юрий Гагарин: 588, 619.
Яглакар-хан: 604.
Ядринцев, Н.: 95.
Яфаз: 7.

## II. ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

Авлетим аскасы: 150; Афлатун: 151.
Айгүл Таш: 326.
Айгыр-Жал: 448, 450, 539, 597.
Айры-Бел жайлоосу: 183.
Ак-Өгүз: 539.
Ак-Суу дарыясы: 112, 257.
Ак-Суу кыштагы: 425, 428.
Ак-Суу району: 526, 582.
Ак-Суу: 265, 311, 405, 432-433.
Аксы: 20, 148, 172, 258, 270, 307, 395, 516-518, 532, 546-547, 592, 596.

Аксы району: 596, 599.
Ак-Талаа: 159, 226, 316, 368.
Ак-Төр жайлоосу: 312.
Ак-Чий: 265, 526.
АКШ: 561.
Алай району: 299.
Алай: 21, 50, 131, 226, 247, 258, 276, 287-288, 297, 359-360, 368, 372, 450-451, 479-480, 487, 610.
Алайкуу: 170, 322-325.
Аламүдүн району: 156, 341, 368, 600.
Ала-Тоо: 4, 11, 15-16, 18-20, 32, 90-91, 123, 138, 140, 154, 332, 359, 363, 471, 480, 502, 530, 555, 596.
Алматы: 335, 359, 363, 385, 387-388, 390-392, 394, 400, 414, 418, 442, 498, 538, 548, 563.
Алтай тоосу: 90, 122.
Алтай: 4, 9-10, 15-16, 18, 20, 23, 35, 58, 59, 67, 138, 162, 185, 602-603.
Англия: 68.
Анжыян: 11, 41, 48, 131, 163, 171-172, 193, 209, 226, 236-239, 257-258, 264, 267, 269, 276, 297, 307, 333, 335, 338, 342, 350-351, 359-360, 368-369, 399, 440, 444, 448-449, 479, 480, 495, 607.
Астрахань: 114.
Ат-Башы (Атбашы): 13, 16, 49, 131, 159, 215, 217, 241, 255, 307, 317, 367-368, 380, 447-448.
Базар-Коргон аймагы: 240, 448-450.
Бакай-Ата району: 329.
Балкан: 90-91, 162.
Барскоон: 215, 218-219; Барскоон капчыгайы: 554.
Баткен аймагы: 193, 238, 247, 326.
Бедел ашуусу: 538-540, 551-552.
Боз-Бешик: 403.
Бөкөнбай айылы: 423.
Букар: 41-42, 44-45, 47, 227, 350.
Букара: 80.
Бүлөлү: 474.
Бээжин (Пекин): 20-22, 24-27, 29, 31-33, 35-37, 50, 186.
Верный: 385, 437.
Волга (Эдил): 58, 90, 112-114, 135, 138, 170, 603.
Гүлчө: 21, 450.
Дархан айылы: 432, 450.
Дания: 574, 618.
Долон: 284, 335.
Жапалак: 477.
Жаркен: 238, 258, 548.
Желе-Дөбө айылы: 582.
Жерге-Тал району: 287.
Жерге-Тал: 164, 170, 290, 299, 301-303.
Жети-Каранын талаасы: 356.
Жети-Суу: 122, 163, 297.
Жети-Өгүз району: 161, 209, 356, 397, 455, 582.
Жийдели: 162, 223.
Жумгал: 172, 215, 225-226, 234, 255, 318, 352, 368, 380, 414, 420, 439, 479.
Жыламыш: 342, 413.
Жыргалаӊ суусу: 226-427, 431, 563.
Ийри-Суу: 356.
Иле: 583.
Индия: 7, 8, 66-67, 92, 155, 184, 606.
Иордания: 7.
Казакстан: 9, 185, 193, 428, 567.
Казан: 114, 115.
Какшаал: 16, 266, 284, 335, 342, 532, 546-547, 563, 616.
Какшаал дарыясы: 256, 265.
Калмак-Ашуу: 218.
Калмак-Кырчын айылы: 192.
Камбылда: 258.

Кангай: 4.
Кан-Жайлак жайлоосу: 22.
Кара-Булак айылы: 273, 326, 442,
Кара-Дарыя: 413.
Каракол шаары: 148, 392, 414, 425, 436, 437, 442, 459, 500, 503, 566-568.
Кара-Кулжа: 156, 299, 376, 449, 451, 473.
Карасаз жайлоосу: 356.
Карашаар: 256-258, 547.
Каратегин: 10.
Каргаша: 479.
Каркыра: 16, 215, 319, 373, 389, 403, 420, 515, 526-528, 548, 608, 615.
Кашкар: 10, 14, 21, 48, 68, 163, 193-194, 209, 215, 236, 239, 256, 258, 267, 276, 317-318, 548, 583.
Кашмир: 7.
Кемин: 236, 265, 309, 368, 413, 420, 483, 455, 511, 513, 515.
Кең-Арал айылы: 329.
Кереге-Таш: 219, 263, 405, 425, 427-432.
Кетмен-Төбө: 49, 172, 225, 307, 335, 351-352, 449, 502, 537, 548, 557.
Кичи Азия: 114.
Кожент: 21, 41, 236, 247.
Кокон: 14, 21, 41, 48, 215, 236, 239, 316, 319, 479, 567-568, 617.
Копенгаген: 574, 618.
Кордой: 526.
Кочкор: 46, 131, 136, 163, 172, 225, 264, 309, 368, 380, 413, 420, 485, 513-514, 515, 536-537, 548.
Кошо-Цайдам: 96.
Кошой-Коргон: 215.
Көгарт суусу: 192.
Көйкап: 16, 495, 526.
Көк-Арт: 183, 237, 319.
Көк-Бел: 248, 501.
Көкө-Нор көлү: 21.
Көтмалды: 16, 234, 264, 400, 436, 567.
Крым: 113, 115, 115.
Кулжа: 365, 395, 428, 532, 546-547, 548, 564.
Куляб: 171, 245.
Куртка: 238, 317-318.
Куча: 21, 311.
Кумул: 14, 532, 546, 547.
Кызарт кыштагы: 516.
Кызыл-Кыя: 49, 139, 373, 403.
Кыз-Коргон: 333.
Кыргыз-Нор көлү: 10.
Кызыл-Ордо: 135.
Кырчын жайлоосу: 501.
Кысар (Гисар, Гиссар): 10, 163, 171, 202, 215, 219, 245, 368, 440.
Кытай: 5, 7, 24-25, 30, 32, 58, 67, 101, 129, 146, 261, 305, 406, 428, 455, 532, 534, 538, 540-541, 544-545, 547, 551, 553, 555, 563, 565, 583, 602, 616-617.
Ланжоу шаары: 21.
Лейлек: 170, 193, 247.
Лобнор: 257, 259, 261.
Люксембург: 561.
Мады: 477.
Манжурия: 605.
Маргалаң: 21, 23, 41, 48, 236, 444.
Масы кыштагы: 300.
Медина: 70, 82-84, 86, 88.
Мексика: 9.
Мерке: 172, 225, 234, 368, 436, 526.
Миңсуу: 155.
Мисир: 70, 74, 76, 92.
Москва: 571-572, 580, 587, 618-619.
Монголия: 90, 95-96, 605.

Музарт (Муз-арт) ашуусу: 16, 498, 539-540; Музарт дарыясы: 539, 541-543.
Мургап: 170, 276.
Наманган: 21, 41, 131, 193, 236, 360, 517.
Нарын дарыясы: 317, 577.
Нарын: 131, 136, 171-172, 217, 235, 238, 287, 307, 317, 356-357, 361, 368, 372-373, 380, 397, 413, 422, 437, 455, 484, 538, 551, 555, 576, 608.
Нарынкол: 526, 541, 548.
Ноокат району: 193, 247-249, 287, 299.
Ооганстан: 7, 318.
Орто Азия: 10, 21, 79-81, 90, 114, 162, 368, 567, 604.
Орхон дарыясы: 96.
Өртөң: 539.
Памир-Алай: 299.
Пекин: 21, 24.
Петербург: 572.
Пишпек: 548, 569.
Россия (Орусия): 7, 114, 359, 364-365, 384-385, 422, 426, 436, 449, 474, 528, 538, 540, 566, 572, 613.
Самаркан(д): 41, 78-80, 82, 84-85, 88, 90, 162, 164, 215, 247, 450, 606.
Санташ: 526.
Сары-Булак айылы: 385-386, 394-395.
Сары-Өзөн-Чүй: 341, 483.
Сары-Арка: 20, 49, 139, 526.
Сары-Жаз: 16, 273, 526, 541.
Сары-Көбөн: 516.
Сары-Мазар: 478.
Сары-Өзөк: 141-143.
Сары-Тологой айылы: 582.
Сары-Үңкүр: 224.
Сауд Аравия: 7.
Сибир(ь): 10, 14, 106, 121, 127, 131, 155, 185, 475, 601-603, 608.
Синин: 21.
Солтон Сары жайлоосу: 356.
Соң-Көл: 217, 225-226, 264, 337, 413-414.
Соң-Көл жайлоосу: 483.
Сумбула-Сай: 264.
Сузак: 192.
Суусамыр: 319, 380.
Синьцзянь провинциясы: 67-68.
Сыр-дарыя: 24, 34, 45, 80, 193, 213.
Тажикстан: 7, 245.
Талдык: 232, 276, 309.
Тал-Чоку: 21, 25, 31-33.
Тамга: 219.
Тараз: 526.
Таш-Кыя: 356.
Текес: 136, 305, 365, 385, 388, 409, 428, 430, 469, 501, 503, 526, 563, 583.
Терген-Корум: 300.
Тер-Жайлак жайлоосу: 352.
Терек-Сай: 312.
Тибет: 7, 8.
Тоң району: 422-423, 463, 468, 523.
Тогуз-Торо: 316, 319, 449.
Торугарт ашуусу: 21, 539.
Тосор: 216.
Турналуу Көл: 526.
Турпан: 14, 16, 21, 60, 258, 510, 543, 548, 553, 555, 557, 563.
Түндүк Америка: 9, 10.
Түп району: 526, 582.
Түркия: 7, 95.
Түштүк Сибирь: 10, 14, 106, 127.
Тянь-Шань: 356, 367.
Украина: 7, 508.
Улуу-Чат: 248, 551.

Уфа: 537
Үч-Арал: 16.
Үч-Турпан (Үч Турпан): 10, 146, 428.
Үч-Чат: 309.
Үрүмчү: 455, 532, 546, 547.
Чыгыш Туркстан: 184.
Шалба(а) айылы: 161, 209, 240, 455.
Фергана: 193, 236, 285, 359, 479.
Хакасия: 4.
Ханабад: 449.
Хейке дарыясы: 21.
Хива: 128, 202, 204, 318, 606.
Хорезм: 119, 122, 335, 559, 605.
Хуанхе дарыясы: 25, 601.
Хуанхе: 25, 601.
Фрунзе: 255, 511, 559.
Фуюй Уэдин: 127.
Чоң-Алай: 23, 221, 287, 299.
Чоң-Бел: 501.
Чоң-Кемин: 265, 413, 511, 513-514, 515, 615.
Чоң-Нарын: 577.
Чоң-Чычкан: 389, 557.
Чычкан: 356.
Шанек-Коргон: 307.
Эне-Сай: 4, 10, 15, 66, 95, 101, 162, 273, 340, 601.
Эңилчек: 526, 541.
Эркечтам (Эркеч-Там): 21, 48.
Эчкиликтин тоосу: 40.
Ээн-сай бели: 209.

## III. ЭТНОНИМДЕР

Адигине: 269, 277, 444, 447, 479.
Аз: 95.
Алай кыргыздары: 478.
Алтайлык кыргыздар: 10.
Анжыяндык кыргыздар: 448-449.
Араб(дар): 67, 79, 80-82, 102.
Арий(лер): 8.
Аркалык кыргыздар 342.
Арык: 215, 405, 502, 513-514, 526-530.
Багыш: 267, 269-270, 284, 335.
Балкар: 193.
Баркы: 306.
Башкыр (Башкырт): 67, 90, 112, 193.
Белек: 385, 430, 198, 501, 504, 515, 526-527.
Берен: 34.
Бугу: 115, 167, 172, 226, 292, 319, 356, 363, 368, 372-373, 378-379, 381-382, 384- 385, 397, 403-406, 408-409, 426, 436-437, 442, 445-447, 453-454, 467-469, 472, 498.
Бурут: 296-297.
Гректер: 67, 101.
Гунн (хун): 33, 58, 89.
Динлин: 58.
Жапалак: 477.
Жедигер: 41, 46-47, 50, 90, 112, 162, 270.
Желдең: 90, 357, 388, 393, 446.
Жерге-Тал кыргыздары: 287.
Жоош: 478.
Замин кыргыздары: 147.
Индеец: 9.
Инди: 4.
Индус(тар): 8, 58, 362, 588.
Кавказ кыпчактары: 193.
Казак кыпчактар: 193.
Казак(тар): 5, 14, 16, 57, 66-7, 90, 115, 121-22, 130, 135-137, 139, 141, 155, 162, 170-71, 193, 219, 226-27, 230, 258, 284, 297, 330, 342, 368, 379, 528, 546.
Казак: 5

Калмак(тар): 4-5, 10, 21, 29, 33, 45, 49, 114, 156-157, 163, 170-172, 176-181, 184, 202, 209, 215-217, 219, 225-228, 232, 236, 238, 241, 243-244, 256, 261, 270, 273-274, 284-285, 295-297, 300-309, 312, 314, 329-335, 343, 347-348, 368, 373, 384- 385, 428, 526, 535, 540, 607.
Калча: 112.
Кан кыпчактар: 193.
Кара калпак: 90.
Каракалпак: 112, 135, 162, 164, 193.
Каратегин кыргыздары: 10, 247.
Карачай: 114, 193.
Карлук: 34, 95.
Кашкарлык сарттар: 478.
Коңурат: 115, 162.
Кутчу: 248.
Кушчу: 172, 248, 368, 413, 494.
Курама: 90, 112, 162.
Кыпчак(тар): 16, 34, 35, 90, 106, 112, 114-115, 146, 162-163, 168, 192-194, 221-223, 237-238, 249, 338, 413, 478.
Кыргыздар: 5-11, 56, 90, 101-102, 105-106, 115, 127, 129-131, 144, 171-172, 215, 226, 238, 273, 279, 330-331, 335, 341, 365-368, 539-540.
Кытай(лар): 4, 24, 28-30, 32, 35, 46, 58, 66, 90, 95-96, 98, 114, 129, 144, 148, 186, 191, 193, 316, 318, 368, 373, 548-549.
Кытайлык кыргыздар (Кытай кыргыздары): 15, 20, 60, 146, 156, 256, 481.
Кыят: 90.
Мажар (венгр): 80, 193.
Манжу: 4, 32, 49, 219, 532, 546-547.
Монгол(дор): 122, 130, 238, 367.
Мунгуш: 477.
Мундуз: 208-209, 248, 388, 393.
Ногой(лор): 47, 90, 111-115, 121-122, 135, 162, 193, 227, 437.
Нойгут: 27-28, 217, 256, 259, 261, 265, 267-268, 440, 603, 607.
Ноёндор: 333-334.
Огуз түрктөрү: 14.
Ойрот(тор): 10, 33-34, 50, 130, 170, 175, 227, 258, 368, 607-608.
Он ок эли: 96.
Орус(тар): 5, 129, 362-365, 367, 373, 385, 387-390, 394-395, 422, 427, 448, 539-540, 542, 548.
Өзбек кыргыздары: 146-147, 170.
Өзбек: 170, 193, 437.
Памир кыргыздары: 287, 302, 304.
Перстер: 67.
Сак(тар): 67, 601, 603.
Салар: 34.
Сарбагыш: 172, 256-257, 267, 276, 284, 333, 335, 363, 368, 372-373, 378, 380-381, 384-385, 397, 408, 412, 420, 436-437, 453-454, 468-469, 472, 483-484, 537, 614.
Сарт(тар): 79, 219, 249, 364, 371, 395.
Сарт кыпчактар: 193.
Саруу: 172, 264, 306, 357, 368, 413, 439, 499.
Сарыке: 527, 563,
Саяк: 172, 249, 295, 297, 317, 319, 321, 335, 350, 368, 372-373, 378, 397, 413-414, 420, 422, 426, 431, 442, 446, 453, 463, 467, 482, 500, 502, 504.
Скиф(тер): 9, 67, 151, 601.
Сол канат: 9, 16, 21.
Солто: 172, 333, 335, 342, 368, 378, 413, 442, 467, 494.
Стамбул түрктөрү: 539.
Тайчык: 90, 112, 128, 162-163.

Татар(лар): 66-67, 97-98, 112-115, 155, 193.
Текес Кыргыздары: 447.
Теңир-Тоолук кыргыздар: 256.
Түрк: 5, 12, 59, 66-67, 79, 90, 92, 94-98, 100-102, 106, 112-115, 121-123, 127, 130, 155, 170, 181, 238, 247.
Түркмөн(дөр): 34, 67, 79, 90, 112, 162, 204, 371.
Тынымсейит: 338, 356, 358, 361, 373.
Уйгур(лар): 34, 79, 95, 106, 129, 162, 175, 219, 330.
Усун(дар): 67.
Черик: 273, 284, 319, 335, 378, 537.
Чик: 95.
Чоро: 317, 413, 482, 484.
Ыман: 317, 482.
Хун(дар), (гундар): 58, 89, 113.
Эне-Сай(лык) (Энесай/Енисей) кыргыздары: 10, 14-15, 33, 59, 106, 131, 155, 273, 340, 345, 601, 604-605.
Эштек(тер): 9, 10, 22, 41, 90, 156.

## IV. ЭПОСТУК ЖАНА ДАСТАНДЫК КААРМАНДАР

Абыке: 41-45.
Адыл хан: 90, 109-110.
Ажар: 549.
Ажыбай: 12, 22, 24, 27, 44, 403-405.
Азим-хан: 205-206.
Азирет-хан: 185.
Айгүл: 326-328.
480, 588, 591, 602.
Айчүрөк: 13, 46-48, 51-54, 258.
Акжол
Ак-кан: 608.
Ак Мактым: 175, 177-182, 607.
Акмөөр: 411.
Ак Эшен: 205, 206.
Акжол: 187, 189-191.
Аккан: 193-194, 197-199.
Акматбек: 323-324.
Аксаткын: 248-253.
Акункан: 47-48.
Акшумкар: 44-45, 47, 51-52, 123-124.
Акылай: 39, 41.
Акыл Карачач: 140, 606.
Аланчахан: 7.
Алдар Көсөө: 140.
Алманбет: 17, 21-22, 24, 27-28, 30-39, 46.
Арууке: 32, 37, 547.
Асан кайгы: 113, 133, 135-140, 145, 603, 606.
Байыш: 185-187, 189-191.
Бакай: 13, 21-24, 26-28, 32, 41, 45-46, 53, 479, 591, 602.
Бакуйчан: 7.
Баяман: 187-191.
Бекарстан: 176-181, 607.
Бирмыскал: 37.
Бөкөй: 209-212.
Гүлгаакы: 160, 225-234.
Гүлжигит: 225-229.
Дарбаз: 187, 189-191.
Дөлөн: 195-196.
Дөнөнбай: 143.
Деркенбай: 391-395.
Жаангир-кожо: 606.
Жакып: 8, 15, 39, 41, 45.
Жамгырчы: 22, 41, 156, 209-211.
Жантай баатыр: 411, 416.
Жаныш: 185-187, 189-190.
Жебрейил: 70, 75, 83, 85.
Желкайып: 186-187, 191.

Желмаян: 45, 92-93, 136.
Жийдекан: 430.
Жолой-калмак: 608.
Жоломан: 142-144.
Жоодарбешим: 159, 160.
Жусуп: 76-77.
Жээренче чечен: 140, 145, 606.
Зарлык: 167-169.
Зулайка: 71-77.
Иренак: 608.
Калматай: 256-257, 260-261, 267-268.
Камбар баба: 57-62.
Кан-Тейиш: 608.
Кан-Турсун: 608.
Канчайым: 166-168.
Канчоро: 46-47, 51.
Каныкей (Санрабига): 13, 22, 26, 32, 36, 38-46, 59, 258, 370, 480-481, 591, 602.
Канышай: 194, 198-199.
Карабөрк: 39.
Кара Төлөк: 89-92, 162, 279.
Карагул баатыр: 283, 285, 608-609.
Карагул ботом: 609.
Карахан: 7, 8, 15, 601.
Кедейкан: 202, 205-206, 606.
Кенесары: 341-342, 363, 379, 468.
Кетбука: 125.
Кишимжан: 221-224.
Кожожаш: 146-154.
Козулан: 326-328.
Койкүрөң: 192, 195-196.
Коркут ата: 60.
Кошой: 13, 16, 21-22, 25, 26, 40, 49, 171.
Коңтайшы: 607.
Коңурбай: 27, 36, 46, 50, 171, 603.
Көбөш: 41-45.
Көкала: 30-31, 186, 226.
Көкөтөй: 20, 25, 156, 515.
Көксулуу: 516-518.
Көкчө: 21, 35-36.
Кубат-бий: 608.
Куланчы: 186-187.
Кулмырза: 248-252.
Кумайык: 45, 266.
Курманбек: 237-238, 258, 467.
Кучлук: 605.
Күйүкхан: 7.
Күлбөс кан: 162-163, 165, 168.
Күлойрон; 399-406.
Күлчоро: 32, 46-47, 51-53.
Күңөтай: 492-497.
Кыдыр аке: 431-432, 526-529, 563, 613.
Кыз Дарыйка: 78, 80-88, 550,-551, 604.
Кыз Сайкал: 257, 603.
Кызай: 322-325.
Кыргылчал: 27, 41.
Кырк чоро: 22, 24-26, 40, 45, 109, 237, 327, 591.
Кыяз: 46.
Мактым сулуу: 163, 176-177, 182.
Малгун дөө: 351.
Манап-бий: 608.
Манас: 6-8, 12-17, 20-22, 24-28, 30-32, 34-36, 37-47, 50, 52, 58-60, 156-157, 257, 316, 398, 467, 479, 602. Айкөл Манас: 27-28, 32, 37, 39, 43, 59, 156, 216, 480, 588, 602.
Маодун: 34, 602.
Масанша тайшы: 607.
Мендирман: 104-110.
Муңдук: 167-169.
Найман-эне: 142-143.
Нарбото ырчы: 348.
Нескара: 27, 32, 46.
Нуркан: 160, 185-188, 191.
Олжобай: 222-224.
Сүт Эмген: 350-351.
Сайкал (Кыз Сайкал): 257, 603.

Санрабига: 39, 40.
Санчы-сынчы: 264, 608.
Сарала: 30, 211, 537.
Саринжи: 208-212.
Сарытаз: 44.
Сейтек: 39, 43, 244.
Серек: 13.
Семетей: 13, 41, 43-53, 284-285, 602.
Сыргак: 13, 21-22, 24, 27, 33-34, 37-38.
Тайбуурул: 36, 46-47, 599.
Таманы: 187.
Тейитбек: 193-194, 199, 237.
Телтору: 176-179, 181, 192, 194-195, 197, 199, 388-390.
Темиркан: 39, 44-45.
Толубай сынчы: 140, 606.
Толтой: 46-48.
Төөгөчү: 430-435.
Төлгөчү Кара Төлөк: 603.
Түлкү (баатыр): 258, 265-267, 412, 439-440.
Түтөк: 7.
Угуз хан: 9, 14-15, 33, 58, 162, 601-602.
(Эр) Үрбү: 16, 23, 41.
Үчүкө: 257-258, 263-268, 335, 439.
Хатун падыша: 80.
Чалкуйрук: 23, 155-156.
Чачыкей: 46, 50-51, 53.
Чубак: 13-14, 21-22, 24, 27-33, 36-38, 42, 46, 602.
Чыйырды: 41, 45.
Чынкожо: 47-48, 50.
Шаатемир: 51.
Шыгай кан: 23.
Шырдакбек: 193, 236-245.
Ырамандын ырчы уулу (Ырчуул): 13, 27, 36.
Эр Төштүк: 156-157, 159.
Эр Табылды: 214-219, 610.
Эр Эшим: 215, 258, 267-268, 608.
Эрке айым: 51, 237, 241, 243-244.
Эсенкан: 16, 21, 27, 35, 468.

## V. АТАЛЫШТАР, ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

Ажо: 101-12, 340, 437.
Айтыш: 446, 453, 494-495, 520, 529.
Акаевчилер: 592.
Ак үй: 171, 360, 592.
Алай ханышасы: 480.
Аламан жапырык: 340-341.
Алтын Ордо хандыгы: 113, 604.
Анжыян көтөрүлүшү: 339.
Анжыяндык кыргыздар: 448.
Араб империясы: 80.
Аргымак: 238.
Аса таяк: 56, 187, 189, 225, 230-231, 233, 372.
Ата-Мекендик согуш: 574.
Ат чабыш: 239, 352, 458.
Ашут: 12.
Ахалтеке: 241, 319.
Аялдар укугу: 510.
Аялдар эркиндиги: 510, 618.
Бакшы: 12, 31, 164, 230, 372, 431.
Билерман: 161, 165, 178, 238, 257, 277, 291, 359, 363, 379, 381, 389, 403-404, 412, 436-437, 446, 468, 478-479, 494, 499-500, 504, 516, 523, 526-528, 606, 613.
Буйлаштын коругу: 356.
Буудан: 238.
Бухара эмири: 318, 479.
Гунн империясы (Гунн мамлекети): 33, 89, 111.
Дао: 7.

Декада: 571, 572, 587, 618-619.
Демократия: 203, 548, 569, 589.
Дербиш: 372, 600.
Дулдул: 238.
Думана: 188, 229-230, 320-321, 372.
Жамак: 446.
Жар чакыруу: 446, 536.
Жиреме чабуул: 340.
Жоктоо: 98, 381, 446, 460.
Жорго: 238.
Жуңгар (Жунгар) мамлекети: 258, 368. Жунгар (Жуңгар)хандыгы: 170-171.
Зенги (Зеңги) баба: 92.
Зикир чалуу: 372.
Ислам дини: 35, 78-81, 227, 356.
Каган: 340.
Кайберен: 279.
Кайгылуу Какей (драма): 556-558.
Кайра куруу: 561, 570, 589-590.
Календер: 372, 445, 585.
Калмак доору: 207, 209, 244, 297.
Калмак Тайшылары: 170, 607.
Калмак-Ойрот мамлекети: 368.
Камбар-ата: 238, 451.
Камбаркан: 56-65.
Кеңеш (Совет) өкмөтү: 5, 511, 548-549, 564.
Кокон хандыгы (бийлиги): 144, 249, 317-318, 338, 341, 359, 363-364, 373, 380, 384-385, 446, 449, 474, 478-479, 610-611.
Коммунисттик партия (Компартия, Коммунисттер партиясы): 559, 561.
Комунисттик идеология: 63, 561.
Композиторлор бирлиги: 93, 156, 173, 299, 340, 376, 386, 432, 526, 556, 580-581, 589. Кордоо: 436-437, 442, 446.
Космос: 8, 588-589.
Кошок (кошок кошуу): 10, 36, 41, 91, 100, 148, 152, 213, 252, 312-314, 396-398, 403-406, 423 446, 460-462, 466, 471-472, 476-478, 480, 499, 580, 613.
Кошок күү: 404, 422, 461.
Кошокчу: 381, 402-406, 423, 460, 513.
Көк бөрү: 42, 46, 217, 353, 382, 399.
Көкөй кести: 407-408.
Көктүрк мамлекети: 95.
Куран-Карим: 69.
Куртка чеби: 319.
Күүчү: 8, 62-63, 121, 140, 338, 359-361, 386, 420, 452-453, 473, 479, 499, 590-591.
Күүчүлүк (өнөр): 94, 294, 360, 426, 568, 590.
Күлүк: 238.
Күрөш: 352.
Кыргыз адабияты жана искусствосунун 2-Декадасы: 587.
Кыргыз диалектологиясы: 1.
Кыргыз Илимдер Академиясы: 221, 357, 393.
Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар бөлүмү/кору/фонду: 169, 207, 183, 359, 371, 386.
Кыргыз искусствосунун биринчи декадасы: 571.
Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын тил, адабият институту: 299.
Кыргыз каганаты: 162. Кыргыз мамлекети: 100-101, 111, 601.
Кыргыз ССРинин Совнаркому: 540.
Кыргызстан мамлекеттик борбордук архиви: 566.
Кытай жазма эстеликтери: 9, 58.

Кытай кыргыздары: 15, 20, 146.
Кытай санжыралары: 13-15.
Кытай Эл Республикасы: 305, 583.
Кыякчы(лар) (кыякчылык) : 4, 69, 111, 113, 161, 213, 248, 255, 268, 272, 275, 279, 292, 363, 479, 546, 571, 614-617.
Кьото (аспап): 60
Манас-1000 маарекеси: 39, 591, 619.
Маңкурт: 141, 143-144.
Махабхарата: 362.
Моңгол доору: 341.
Мужук: 540, 548.
Муз деңиз: 9.
Музыка изилдөөчү (музыковед): 1, 356, 585.
Махабхарата: 362.
Найчы: 479.
Нур-шемил: 13.
ОГПУ чекисттери: 68.
Оң канат: 16, 21.
Ойрот мамлекети: 297, 335, 368, 611.
Ойсул-ата: 92, 231, 370.
Ойчул(дар): 89, 111, 113, 118, 136, 235, 362, 366, 603.
Октябрь революциясы (Октябрь ыңкылабы): 556, 559, 561, 570, 574; Өктөбүр төңкөрүшү: 144, 183, 355, 428, 547, 549, 566; Улуу Октябрь Социалисттик революциясы: 559, 572, 617.
Ормондун куну: 373, 388, 436, 445-446, 468.
Ормон опуза: 342, 376, 378-380, 382.
Орусча-кыргызча сөздүк: 1.
Орхон-Енисей жазмалары: 94.
Отор хандыгы: 79, 163.
Партия: 561.
Россия империясы: 363, 426.
Падышалык Россия: 364, 538.
Россия оторчулук саясаты: 385.
Рим империясы: 89.
Саймалы-Таш эстелиги: 601.
Санат: 446.
Санжырачы: 2, 7, 12, 14-15, 58, 67, 90, 128, 156, 161, 171, 175, 192, 201, 208-209, 215, 225-226, 234, 238, 240, 255-256, 258, 263-264, 269-270, 307, 381, 386, 397, 430, 439-440, 450, 468, 543.
Санжырачылардын I-республикалык конкурсу: 161.
Совет бийлиги: 63, 306.
Совет мамлекети: 561, 588.
Совет (Кеңеш) өкмөтү: 5, 511, 548-549, 564.
Сол канат: 9, 16, 21.
Социализм доору: 454, 561.
Социал-Туран партиясы: 67-68.
Сурэчки (Суречки): 147-154.
СССР (өлкөсү): 145, 569, 574, 583, 618.
СССР Жогорку Советинин Президиуму: 571.
Таритон-ата: 67.
Таш китеп: 94, 100.
Теңир: 6-8, 59, 97-98, 128, 144, 153, 198, 203, 312, 332, 364, 411, 424, 457, 595;
Теңирчилик: 7;
Теңири Манас: 12.
Тоорат: 69.
Төө чечмей: 353.
Туран империясы: 67.
Туран мамлекети: 66-68.
Туран падышалыгы: 66.
Туран партиясы: 68.
Түндүк Америка: 9-10.
Түндүк кыргыздар: 170, 440.
Түрк каганаты: 95, 101-102, 105-106, 259.

Түрк санжырасы: 79, 128, 130, 202.
Түркстан губернатору: 448;
Түркстан мамлекети: 67.
Түргөш кагандыгы: 604.
Түштүк кыргыздар: 170, 326.
Угуз империясы: 111.
Угуз мамлекети: 79, 90, 111, 114-115, 162.
Узан(дар): 12-13, 15, 89.
Улуттук идея (идеология): 5, 366, 570.
Улуттук музыка: 4-5, 57, 62, 473, 485, 492-498, 586, 593.
Улуттук трагедия: 427.
Улутчул(дук): 467, 581.
Улуу Жибек Жолу: 101, 601.
Улуу көч: 10-11.
Улуу кытай сепили: 9, 21.
Үркүн (1916-жыл): 172, 395, 414, 425, 427, 454-455, 458, 498, 510, 531-532, 534-536, 539, 541-543, 548, 551, 554-555, 557, 566, 583.
Цин империясы: 172, 184, 219, 317, 335, 341, 384, 607.
Чатыган: 66.
Чоочу: 479.
Чыгыш Түркстан мамлекети: 175, 583-584.
Чыгыш Түркстан республикасы: 583.
Шүдүңгүт: 92, 93.
Ыбырайдын мектеби: 585.
Цин (Кытай) империясы: 172, 184, 219, 317, 335, 341, 384-385, 607.
Хива кандыгы: 318.
Фольклорчу (фольклорист): 136, 155-156, 159, 248, 255, 268, 287, 356-357, 375, 392, 432, 498, 539.
Эгемендик (эгемендүүлүк): 5, 480, 561.
Элдик революция (24-март): 592.
Эл достугу: 199, 586.
Эл комиссарлар Совети: 571.
Эл чыгармачылыгынын бүткүл Кыргызсандык Биринчи Олимпиадасы: 560, 586.
(Эр) Эңиш: 82, 309, 318, 322, 353, 426.
Эркиндик: 5, 32, 101, 215, 244, 254, 261, 365, 368, 373, 449, 480, 498, 570, 589, 591.
Эр сайыш: 318-319, 348, 351-353.

**Кыргыз күүлөрү**

Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер

*2-китеп*

Редактор: *Э. Турсунов*

Корректор: *Н. Байчекиров*

Компьютерге терген: *Б. Капалова*

Дизайн: *А. Тостокова*

Кагаз форматы 64x92 1/16.

Көлөмү 41,75 б. т. Офсеттик басма.

Нускасы 500.

«V.R.S.Company» ЖЧКсында басылды,

Бишкек ш., Кыргыз Республикасы.

